КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
Ч.АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

# КЛАССИКАЛЫК ИЗИЛДӨӨЛӨР ЖАНА ТЕКСТТЕР

## *(АКТАН ТЫНЫБЕКОВ)*

Академик Абдылдажан Акматалиевдин
жалпы редакциясынын астында

***Араб арибинен көчүрүп, китеп кылып түзгөн***
***жана баш сөзүн, түшүндүрмөлөрүн жазган***
***Омор СООРОНОВ***

Бишкек
«ПРИНТ-ЭКСПРЕСС» – 2018

УДК
ББК
К

Кыргыз Республикасынын 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы (2014-ж. 2-июнь, №119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтомунун (2015-ж. 6-апрель, №151-б.) негизинде жарык көрдү.

Басмага Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынды.

Редколлегия:

| | |
|---|---|
| Акматалиев А. А. | Мусаев С. Ж. |
| Байгазиев С. О. | Садыков Т. |
| Жайнакова А. Ж. | Токтоналиев К. Т. |
| Маразыков Т. | Эркебаев А. Э. |

К **Классикалык изилдөөлөр жана тексттер:** Актан Тыныбеков / Араб арибинен көчүрүп, китеп кылып түзгөн: О.Сооронов. – Бишкек: «Принт-экспресс», 2018. – 528 б.

ISBN

«Классикалык изилдөөлөр жана тексттер» сериясынын бул томуна Актан Тыныбековдун айтуусундагы (жазуусундагы) Улуу эпостон: «Көкөтөйдүн ашы», «Мааникердин окуясы», үчилтиктин «Семетей» бөлүгү жана «Көкөтөй чечен», «Кыргыздын улуттук оюндары», «Тыныбектин тарыхы», «Алыкенин ашы», «Солтонкулдун ашы», «Мурзакулбектин тою» деген жазмалары, дагы «жаңы табылган» «Көкөтөй» деген поэмасы кирди. Бул китеп кыргыз таануудагы өзүнчө таберик болот.

Китеп фольклористика, манастаануу адистиги боюнча эмгектенген окумуштууларга, жогорку окуу жайлардын филология факультеттеринин студенттерине, аспиранттарга жана элдик маданий мурастарга кызыккан жалпы окурмандарга сунуш кылынат.

УДК
ББК

К

ISBN

© КРУИАнын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институту, 2018

© Принт-экспресс, 2018

© Сооронов О., 2018

## КӨП КЫРДУУ ТАЛАНТ.
## ЭЛДИК МУРАСТАРДЫ ЖЫЙНАП, ИЙИНЕ ЖЕТКИРЕ ИШТЕГЕНДЕРДИН ЧЫГААНЫ

Классик төкмөлөрүбүз суюлуп отуруп, акыркысы – Ысмайыл Борончиев о дүйнө кеткенден кийинки бир учурда, акындар айтышы болгон. Ага Тайырбек Сатыбалдиев, Табылды Актановдор баштаган төкмөлүгү али жакшылап көрүнө элек ырчылар катышып, биринчи орунга ак-боз ат сайылган. Ошондо Табылды биринчиликти ачык түрдө Сатыбалдыга ыйгарарын айтканына күбө болуп, чыныгы атанын баласы экен дедим эле. Бул, эми, акындар айтышындагы бир эрдик болчу, мындайды – өзү жеткен сыйлыкты башка бирөөгө ыйгарганды – мындан мурун да, кийин да жолуктура элекмин.

Эмки сөз азыркы Кыргыз Республикасынын Эл артисти Табылды Актановдун атасы, КССРдин Эмгек сиңирген артисти Актан Тыныбеков жөнүндө болот.

Актан Тыныбеков атасы – улуу манасчы Тыныбек Жапы уулучылап бардык ынтаасын «Манас» айтууга койбогону менен (Манасчылык, семетейчилик өнөрүндө да зор салымы болгонун кийин айтабыз) акындык күчү, чукугандай сөз тапкан чечендиги, комузчулук өнөрү, сөз багып, элдик айтымдарды, уламыштарды, этнографиялык маалыматтарды, жомокторду кагазга түшүргөндүгү, түшүргөндө да жазма адабияттын деңгээлине жеткире жазып кеткендиги жагынан кесиптештеринен алда канча жогору турган. Ал калтырып кеткен мурастар ата-бабаларыбыздын салт-санаасын, үрп-адатын, тарыхын, тилин ж.б. жактарын үйрөнүүдө зор казына-үлгү болуп берээринде талаш жок.

Кыргыздын кыйын чыкма чечендеринин бири – Көкөтөйдүн сөздөрүн сырын күбүлтпөй, мазмунун төкпөй-чачпай, боёкторун өчүрбөй кагазга түшүрүп кеткенинин өзү эле чеченди кайра «тирилткенге» тете дешке болот.

Актан Тыныбек уулу 1887-жылы азыркы Нарын областындагы Миң-Булак айыл кеңешине караштуу Терек-Булак деген жерде, атактуу Тыныбек манасчынын үй- бүлөсүндө туулган. Ал өзү жазган өмүр баяны боюнча 13 жашынан тартып комуз үйрөнүп жүрүп, 1905-жылы, 18 жашында, Көтмалдыда (Балыкчыда) Мураталы Күрөңкеев, Калык Акиев, Куйручук Өмүрзак уулу, Карамолдо Орозовдорду көрөт. 1923-жылдан 1933-жылга чейин советтик-чарбалык кызматтарда – райондук, колхоздук деңгээлдеги кызматтарда иштейт. 1933-1935-жылдары Нарын радио түйүнүндө кызмат өтөйт. 1935-жылдын 1-мартынан Кыргыз театрында артист болуп, 1936-1946-жылдар аралыгындагы өмүрүн Кыргыз филармониясында өткөрүп, бардык күчүн ошерге жумшаган. «Кыргыз ССРинин Эмгек сиңирген артисти» наамы менен ардактуу эс алууга чыгып, 1951-жылы 5-ноябрда көз жумган.

Актан Тыныбековдун көзү тирүүсүндө анын айтып-жазып берүүсүндөгү «Эр Табылды» эпосу 1940-жылы басылып чыккан. Ошондон бери кайра-кайра басылып келатат. Башка ырлары, «Үркүн», «Асан, Жамал», «Бакты, Болот» сыяктуу көлөмдүү поэмалары жана элден жыйнап кайра иштеп чыккан кара сөз, поэзия түрүндөгү көптөгөн чыгармалары жарым кылым бою жарык көрбөй келген.

1988-жылдын ноябрь айы. Ошондогу Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгынын лауреаты, акын Асан Жакшылыков Актан Тыныбековдун 100 жылдык юбилейине барып келүүгө үгүттөп калды. Анда Актан Тыныбековду анча-мынча уксам да, жакшы билчи эмесмин. Эмне кылыш керек? КР Улуттук Илимдер академиянын Кол жазмалар фондусуна кирип, эки жума бою анын кол жазмалары менен таанышып көрдүм. Мукай Элебаевдин эл биле элек тагдырын алып чыгууга аптыга аракеттенип, сын макалалары менен сырдашып, күндөлүктөрүн күнү-түнү окуп, өзүмө батпай жүргөнүмдө, Акаңдын (айылдаштары, кесиптештери ушундай аташат экен) юбилейинин шарапаты менен дагы бир кенчке – Актан Тыныбековдун асыл мурастарына туш келип калбадымбы.

Актан Тыныбековдун 100 жылдыгына арналып, 4–5-декабрда өткөн эки күндүк салтанаттагы бизге (Кыргыз ССРинин Эл артисттери: Ашыралы Айталиев, Советбек Жумадылов, Кыргызстан Жазуучулар кеңешинин секретары Асан Жакшылыков, ошондогу журналист,

азыркы Кыргыз Эл жазуучусу Султан Раев, маркум акын Жээнбай Мамбеталиевдерди эстеп атам) көрсөтүлгөн өтө бийик сыйлардан да, Кол жазмалар фондусуна эртерээк жетип, бул улуу адамдын укмуштай сөздөрүн араб арибинен азыркы кыргыз тамгасына көчүрүп, элге тартуулоо мага кызык көрүнүп турду. Академияга келээрим менен бул ишке жан-дилим менен киришип кеттим.

Кудай жалгап, анын ырлары менен поэмаларын филология илимдеринин кандидаты, кыргыз эл оозеки чыгармаларын жыйноочу жана изилдөөчү окумуштуу Жаки Таштемиров азыркы кыргыз арибине көчүрүп, эки томдук кылып даярдап койгон экен, ал азырга чейин жарык көрбөй Кол жазмалар фондусунда жатат. Мен бир сүйлөмү да жарык көрө элек проза түрүндөгү, араб арибиндеги жазма мурастарын колго алып, өтө кызыгуу менен азыркы кыргыз тамгасына көчүрүп чыгып, «Унутулган» уул же урпактар самаган жазмалар» деген баш сөз менен «Актан» аттуу китеп кылып түзүп, чыгардым (Бишкек ш., «Адабият» басмасы, 1991-ж.).

Бул китепке Актан Тыныбек уулунун «Кыргыздын улуттук оюндары», Тыныбектин тарыхы», «Алыкенин ашы», «Солтонкулдун ашы», «Мурзакулбектин тою», «Үркүн ырлары» жана «Көкөтөй чечен» деген жазмалары кирген. Алардын акыркысы («Көкөтөй чечен»): «Көкөтөйдүн балалык кези», «Көкөтөйдүн жол чапканга барганы», «Көкөтөйдүн Байгазыны сөзгө жыкканы», «Көкөтөй Узун ууру менен достошкону», «Көкөтөй Өзбек бай өлгөндө Жапы менен барганы», «Көкөтөйдүн Курман айттагысы», «Көкөтөй байге алганы», «Көкөтөй карындашын узатканы», «Көкөтөй ала көз кабаларды аштан калтырганы», «Көкөтөй Касымбайга жолукканы», «Көкөтөй Маймылды уяткарганы», «Көкөтөй Ысакалыныкына чакырык менен барганы», «Көкөтөй Тыныбек манасчыны куткарганы, же Садыр акени сөзгө жыкканы», «Көкөтөй Бишкек, Каракол дубандарынын баш кошкон тобунда», «Көкөтөйдүн «олуя» менен кармашканы», Көкөтөйдүн Какшаалга барганы», «Көкөтөй Ырыскул болуш өлгөндө өкүрбөй койгону», «Үркүн же Көкөтөйдүн акыркы сөзү» деген бөлүктөрдөн туруп, өзүнчө китеп боло турган көлөмдүү чыгарма. А. Тыныбековдун бул мен түзгөн «Актан» аттуу китеби Кыргыз китеп басып чыгаруу тарыхындагы эң зор тираж болгон 30 миң нуска менен чыгып, ошол 1991-жылы эле таралып кетип, экөөсү кем отуз жылдан

бери жарык көрө элек. Негизи эле улуу Тыныбек манасчынын уулу, төкмө акындык менен профессионал акындыкты айкаштыра колдонгон, элдик оозеки чыгармачылыктагы прозаны да ийине келтире жазган зор талантка эгедер Актандын жазуучулук жүзүн көрсөткөн илимий иш, а түгүл толук кандуу макала да жазыла электиги зор өкүнүч боюнча келатат. Ал турсун Академиянын Кол жазмалар фондусунда жаткан араб, латын, атүгүл кириллицада 80, 90 жыл мурда жазылган ар түрдүү жанрдагы чыгармалары бүгүнгө чейин окурмандардын колуна тийбей келатканына эмне дейбиз???

Кезегинде, Актан Тыныбеков өзү да 1946- жылы апрелде, артисттик командировкада – Таласта жүрүп жазган «Кыргыздын улуттук оюндары» деген тарыхый-этнографиялык кол жазмасынын баш жагына: «1940-жылдан бери Кыргыз жазуучуларына мүчө болуп, колдон келишинче чыгармаларымды берип турамын. Жана Кыргыз илим изилдөө бөлүмүндө да «Көктөй», «Таша Кудаш» деген эки поэма кол жазмаларым 1941-жылдан бери ужутка ашпай жатат (Жарыяланбай же иликтенбей деген мааниде го?). 1941-жылдагы Ата Мекендик согушка арнап жазган кыскача чыгармаларым болсо бирин-сериндеп филармониянын артисттеринин номурларында эл арасында айтылып жүргөндөрү бар. Көпчүлүгү архивдерде калды. Жана ушул убактарда Жазуучулар союзуна, Илим изилдөө бөлүмүнө (Академиянын Тил жана адабият институтун айтып атат) колдон келген эски, жаңы чыгармаларымды берип турамын. Бирок, көрүнөөрлүк эмгекти сиңире элекмин. Анын себеби, чоң эмгек кылууга, биринчиден, билимден кабарым аз, окумушум жок. Экинчиден, командировкада көп жүрөмүн. Үчүнчүдөн, жашым 59да жана ден соолугум начарыраак. Ушул «Кыргыз элинин улуттук оюндарын» жазып берүүдө да кыйла шарттар эсимден чыгып калгандыгы сезилди өзүмө. Кыскача тарыгым ушул» (УИАнын Кол жазмалар фондусу. Инв.№134) – деп, Кыргызстан Жазуучулар союзуна да мүчө экендигин баса белгилеп кеткен. Ошого карабастан Илим изилдөө институту да (ТАИ), Жазуучулар союзу да көңүл бурбай келатканына каңырыгы түтөп, ушул сөздөрдү жазып кеткен экен.

Бул эми Актан 59 жашка чыкканга чейинки, б.а., 1946-жылдан мурдагы жазылган чыгармаларына байланышкан кеп, андан берки алтымыш жыл аралыгында эмне болду? Тил жана адабият

институтунун Фольклор жана акындар поэзиясы секторунун башчысы, Филология илимдеринин кандидаты, маркум Жаки Таштемиров анын жазмаларын бир аз козголоп койгону болбосо, сары кагаздарда саргайган боюнча жата бериптир. Жазуучулар союзу жардамдашмак турсун, Актандын атын эскерип турмак түгүл жазуучулардын катарынан да эбеп-себеби жок эле сызып салышыптыр. «Өлгөндүн үстүнө көмгөн» деген ушул эмеспи. Мындай адилетсиздик кимдин колунан келгенин таба албасак да, Бул Союзуга болгон мүчөлүгүн калыбына келтирүү Жазуучулар союзунун азыркы секретарларынын кечиктирилгис милдети болот. Дегинкиси, Жазуучулар союзу менен Адабият таануу илиминин башкармалыктарынын иштери бир багыттуу. Биринчиси адабияттын (көркөм чыгармалардын) түп нускасын жаратса, экинчиси аны изилдейт эмеспи. Ошондой эле адабият изилдөөчүлөр менен көркөм адабияттын сынчылары деле бир эле жумушту аткарышат. Демек, адабият изилдөөчү менен адабияттын сынчысы эгиз бир тууган болсо, улуу жазуучубуз Мукай Элебаевдин: «Адабиятты сыноо, аны билген кишинин гана колунан келмек. Карапайым кылып айтканда: сынчынын өзү – жазуучу. Анын сынчы болгондогу жалгыз айрымасы – жазуучулуктан сын кесибине көчкөндүгү гана.» («Кызыл Кыргызстан», 28.08.1939-ж.) – деген акылман сөзүн жакшылап түшүнсөк, көркөм чыгарманын сынчылыгына да, аны изилдөөчүсүнө да кайдыгер эле бирөө аспирантураны бүтүрүп, андан аркы степен, даражаларын гана алууну (көтөрүүнү) максаттаган бирөө болуп кала бербестен, түп нусканы жараткандардай эле бул иште күйүп-жанып иштеши керек болот экен. Тилекке каршы андай жан берип иштей тургандар абдан эле азайып баратат. Ошондон улам го, азыркы акын, жазуучулар «Сынчылар жок!» – деп, өздөрүнүн чыгармаларын иликтеп, өзү менен топурап жүргөн жазмакерлердин ичинен бөлүп чыккан киши жок деп, көөдөнүнөн көк түтүн чыгарып арман айтып жүрүшөт да. Менимче, Мукай айткандай, ар бир чыгарманы жараткан киши ал жөнүндө сын жазууга да үйрөнүшү керек, сынчынын иши, акыбети кайтпаган, орусча айтканда, неблагодарный труд, анткени акын, жазуучулар мактагандан башканы жакшы көрүшпөйт.

Актан Тыныбековдун алтымыш-жетимиш жылдап басма көрбөй жаткан жазмаларынын анча-мынчасы гана латын арибинде болбосо,

басымдуу бөлүгү араб арибинде жазылган. Жарык көрбөй жатканына, бир жагынан, ушул арип маселеси жолтоо болушу да мүмкүн. Жарык көрбөсө да төгүлбөй-чачылбай, жоголбой-этпей, жыртылбай-кыркылбай жата берсе мейли дейсиң го, жылдардын бир жылдарында, күндөрдүн бир күндөрүндө сааты чыгып, келечек муундардын бирөөнүн көз кырына илинет деген тилек болот да. Бирок ошончо көп эмгек жумшаган автордун атын атабай, өзү таап билгенсип, өзү жазып-жараткансып, айрым бөлүктөрүн турган-турушу боюнча өз иштерине пайдаланып алган «окумуштууларды» көргөндө күйбөгөн жериң күл болот да. Мындай окуя Актан Тыныбековдун «Көкөтөй чечен», «Кыргыздын улуттук оюндары» деген жазмаларына байланыштуу болуптур. Ал жөнүндө өз каалоомду жана каршы пикиримди жогоруда аталган «Актан» (Б., «Адабият», 1991-ж.) аттуу китептеги «Унутулган» уул же урпактар самаган жазмалар» деген баш сөзүмдө жазгам, ошондуктан кайталап отурган жокмун.

Улантып келаткан «Бет ачарымды»: «Актан Тыныбеков атасы Тыныбекчилеп бардык ынтасын «Манас» айтууга койбогону менен...» деп баштаганымдын себеби – манасчылардын манасчысы саналган Тыныбек бүткүл ынтаасын, өзүнө бүткөн даремет-күчүн – жалпы эле өзү кечирген өмүр-жашоосун «Манас» айтууга арнаганын өзү менен ар дайым бирге жүргөн тууганы жана теңтушу **Корголдойдун** айтуусундагы тексттен шилтемелер келтирсек түшүнүктүү болот: «Чоңбаштан (манасчы) «Манасты» үйрөнүп келип, бир түн, эки түндүк жомокту айылына айтып берип жүрдү. Жатса-турса дагы ырдап жүрө берүүчү болду». «Он сегиз жашында Көл башында Акылбек, Келдибек деген манасчылар бар деп угуп, атайылап ыр («Манас») үйрөнүүгө аракет кылып барып, бир ай, эки ай жүрүп келген. Бирок булар Чоңбашчалык ырчы (манасчы) эмес экен деген.» «Солтобай деген жаңы, кыйын ырчы чыкты деп угуп, анда дагы барып, Солтобай, Арыстанбектер жамакчы ырчылар экен деп, аларга көп туруктабай кайткан.» Эми бул багытта улуу манасчы Тыныбек өзү эмне деген? Бул да Корголдойдун айтуусунда жазылып калган. : «...жаратылышта менин барлык ыңгайым ушул манасчылыкты кесип кылууга ылайыктансам керек. Себеби бул «Манасты» айтмайынча өзүмдүн мүнөзүм жакшы ачылбагансып турат.» Дагы бир даар адамдардын суроолоруна Тыныбек мындай жооптордту берет: «...агайындар, адам баласы чындап ынтаасы менен бир ишке

берилсе, жана ошол ишин көңүлүнө бек сактап жүргөн кезде, алибетте, түшүндө ошол иш көрүнөт. Бирак, көп жерден тажрыйба албай, кайыптан баарын билип кетүү – мундай эски сөздөрдүкү туура болуп чыкпайт. Жана мисал үчүн мындан көп «Курандын» сөзүн жаттап алып кары болдук деп молдолор деле жүрөтко. Алибетте, чындап берилген киши кайсы бир ишти болсо да көңүлгө тууралап жаттап албаса , бирде ашык, бирде кем болуп чыгууга тийиш.» – деп жооп берген. Демек, кээ бир «илимпоздор» жаңылык ачкансып жүргөндөй, асмандан аян келип эле, заматта манасчы болуп чыга калбайт экен, улуу манасчы Тыныбекчесинен канчалаган ийри-муйру жолдорду басып, эң алдын бүткүл ынтаасын берип, калбырдан, анан электен өткөндөн кийин манасчылыкка жакындашат турбабы. Торко электен өткөндөн кийин барып анан Тыныбектей, Сагынбайдай, Тоголок Молдодой, Саякбайдай атанган манасчылыкка жетээри түшүнүлүп турбайбы.

Дагы бир жолу Караколдо, көп манасчылар баш кошкон жерде Балтабай, Кыдыр аке, Сарыбай, Батыркандардай көп кишилердин «Бул «Манаас», «Семетейди» силер кандай кылып үйрөнүп, айтып калдыңар?» Бириңердикинен бириңердики башкачараак болуп чыгат, бул кандай себептен?» – дегендей суроосуна, манасчылардын айрымдары «Манасты түшүмдө көрдүм»-деп, кайсы бирөөлөрү «өңүмдө көрдүм, оозума түкүрүп кетти»-деп, дагы бирөөлөрү: «Манас «Мени айтып жүр!» деп кеткен» – десе, Тыныбек: «Жок, мен андай Манас баатыр менен сүйлөшкөнүм жок, мен кыргыздын эки алдыңкы катардагы манасчысы: **Чоңбаш** менен **Балыктан** жана ошолорго окшогон улама тарыхчы адамдардан көп сурап, жана көп тажрыйба алдым. Бул сөздүн («Манастын» эпизоддорун айтып атат) ар бир окуяларын өзүнчө бөлүк-бөлүк иреттеп, тизмегин түшүнүктүү кылып башкарып алып кана ырдадым (айттым)» – деп, жогоруда айткандарын огобетер бышыктайт.

Тыныбек манасчы, өзү айткандай, бүткүл ынтаасын «Манаска» коюп, аны айтып кана тим болбостон, «окуяларын бөлүк-бөлүк иреттеп,, тизмегин түшүнүктүү кылып башкарып алып», б.а., илимий негизде жаратмандык иш да жүргүзгөндүгүнөн, манасчылыктын реалдуу эрежесин таап, ошону өз ийине жеткире аткаргандыгынан улам улуу манасчылык деңгээлге жетсе, уулу Актандын чыгармачылык жетилген мезгили Совет дооруна туш келип, сабаты ачылып, өз эмгектерин поэзия түрүндө да, проза түрүндө да жаза билгенге,

аны өркүндөткөнгө да жетишкен. Ошондой эле «Манас» үчилтигин Филармониянын артистти катары айтып жүрүп, Биринчи бөлүгүнөн «Көкөтөйдүн ашы», «Мааникердин окуясы» деген эпизоддорун, экинчи бөлүгү болгон «Семетейди»: Букардан биротоло көчүп келгенге кайра жөнөп бараткан жерине чейинкисин араб тамгасында жазып калтырган. «Аттиң!» жери: өз убагында – ошол кыркынчы жылдары, же андан берки элүнчү-алтымышынчы жылдары жарык көргөндө, «Манас» таануу илиминин бир жеринде жүрүп, бул багытта да өз ордун таап, улуу манасчынын уулу кана дедирип тим болбостон, урматтуу манасчылардын катарында аталып, канчалаган муун өкүлдөрү окуп, пластинкага жазылып калса, угуп, рухий дүйнөлөрүн байытышмак эле да. Актандын манасчылык өнөрүн бүгүн билип, жазып калтырган «Семетейин» бир кылымга жакын убакыттан кийин, эми, окуганы жатканыбыз рухий жактан, тарых-таржымалыбызды таанып-билүү жагынан, тил корубузду байытуу жагынан канчалаган көп жоготууга дуушарланганыбызды көрсөтүп турбайбы.

Актандын көркөм сөз мурастарынын ичиндеги көптөгөн кыл чокулардын бири болгон – «Семетей» эпосу жана «Көкөтөйдүн ашы» – көркөмдүгү, айрыкча тили, андагы окуялардын иреттелиши (Тыныбектин сөзү) жагынан өзүнчөлөнүп турат. «Көкөтөйдүн ашы» менен «Мааникердин окуясы» эки башка аталса да, башка варианттардагыдай эле, бир эпизодко киргизип айтылат. Актан билген эпизодун кыскартып, сахнага ылайыкташтырып, артист кезинде эл алдында аткарып жүрүп, ушундай кыска, нускалыкка жетишкен окшойт.

Үчилтиктин экинчи бөлүгү болгон «Семетейде»: Манас өлгөндөн кийин, Абыке, Көбөш Каныкейдин ордосун чапкандан баштап, Каныкей кайненеси Чыйырды менен Семетейди алып, Букарга – атасы Кара канга барганы, Семетей 15 жашка чыкканга чейин Букарда Кара канды атам деп чоңоюп, кийин Каныкей апасы, Манас атасы экенин, жери Талас экенин, өзү кыргыз экенин билип, Таласка келгенине, атасы Манастын мүлкүн (курал, жарагын) алып, кайра биротоло көчүп келүү үчүн Букарга жөнөгөнүнө чейинки окуялар камтылат. Актандын вариантында Семетейдин Коңурбай менен болгон согушу, аны өлтүрүп, атасы Манастын өчүн алган эпизод жазылган эмес. Бирок, Семетей Букарга жөнөөрдө куран окуганы күмбөзгө барганда Манастын элеси тартылып:

«Айланайын Семетей,
Артымда жалгыз туягым,
Айтып турган сөзүмдү
Абыдан уккун чырагым!
Арбагым келди, өзүм жок
Алданын кылган ишине
Ардагым, кандай кыламын!
Аласкабай башкага
Сөзүмө салчы кулагың!
.........................................
Алоокенин Коңурбай
Алдатып салган жерим бар.
Арманым кеткен ичимде,
Ана ошондо кегим бар.
Арбагымда колдоймун,
Атанын уулу дедирип,

Ошо, өчүмдү алар эбиң бар.» (Инв. №183, 446-447-бб.)- деп, тапшырма-насыят катары айткан жери бар. Буга караганда семетейчи үчилтиктин экинчи бөлүгүн мындан ары да улантаары белгилүү болуп турат. Тилекке каршы кандайдыр бир себептер бар го, андан ары жагын жазган эмес.

Эми колубузда турган «Семетейдин» текстинин Актандын вариятына мүнөздүү болгон айрым учурларына кайрыла кетебиз.

Абыке, Көбөш – эки арамдан Семетейди Букарга – төркүнүнө алып качкан Каныкейди жөнөтүп жаткан жерде Бакай:

«Сапарың болсун бей капар, балам,
Саламат болгун ал жайда, балам.
Семетейди жыттайын, балам,
Кубат бир болор мындайда, балам.
Сагынармын жетимди, балам,
Тапшырдым жалгыз Кудайга, балам.
**Кыргыздын тилин буздурбай, балам,**
**Кыла көргүн бир айла, балам!»** (Инв.№182,30-31-бб.) – деп көзүнөн жаш куюлтуп айтканы бар. Буга караганда Каныкейлер бара жаткан жердегилердин тили кыргызча эмес экендиги

белгилүү болуп, Семетей ошол тилге ооп кетпесин дегендей тынчсыздануу билдирилип, букарлыктар, б.а., Каныкейдин төркүнү башка тилдүү экендиги каңкууланып атат (Бул, эми, Букрда фарсы тилдүү эл жашайт деп укканынанбы, Өзбекстандын аймагы деп билгениненби, айтор, Советтик манасчысынын айтканы боюнча ушундай берилген).

Адам баласына баарынан да жаны менен тили кымбат экендиги баса белгиленип, Бакай Семетейди эсен-аман чоңойтуп, кайра алып келүүдө эне тилин да буздурбай сүйлөтүп келүү үчүн «бир айла кыла көр!» деп өтүнүп атат. Бул улуу жазуучубуз Чыңгыз Айтматовдун: «Тил – улуттун паспорту» деген улуу сөзүн тастыктап, көртириликтеги көз тойбогон ач көздүккө, кумар деген азгырыкка алынып кетип, эне тилиңден айрылып калба дегенди айтып атпайбы. Мындай тилге байланышкан терең түшүнүк, түз айтылган сөз башка варианттарда жолукпайт.

Кыргыз элине кеңири тараган **<u>«Чубактын кунундай чубалган</u>»** деген айтым сөз бар эмеспи. Ал кандайча, эмнеден улам айтылып калганын жоромолдоп жонунан түшүнгөнүбүз менен так маанисин чечмелеп айтып бере албайбыз. Актан Тыныбековдун «Семетейинде» бул көзгө сайгандай даана көрүнүп турат. Ал мындайча: Семетей элин, жерин издеп Букардан Таласка келгенде, Бакай сүйүнчүлөгөнү Көбөштүн ордосуна барса,

«Ак ордонун ичинде
Дуулдаган дуу чыгат.
Түндүгүнөн буу чыгат.
Бакылдаган үн чыгат,
Барсылдаган күү чыгат.»

Ошондо Бакай ордонун арка жагынан, оң капшыттын жанынан кулагын салып тыңшай калат»: Алагүү болуп турган Көбөш күпүлдөп, кырк чорого кайрлып, Манастын доорундагы жашоолору менен учурдагысын сурайт. Жородо кызып калган чоролор анда:

«Алтай кетип алыска,
Айла жок бизге калышка,
Жети ай кетип алыска,
Чара жок бизге калышка.
Ат ыргайдай болчу эле,
Бит торогойдой болчу эле.» –

деп, казатка барган күндөрүн эстеп, Манасты жамандап, Көбөштүн хандык доорун көтөрө чалып, жагалданып да жиберишет:

«Эми бизде жыргал көп,
Эркинче басып жүрмөк көп.
Нойгутка алман беребиз,
Андан башка чыр да жок.
Чубакты чоро кылам деп,
Жоо сайдырып алам деп.
Бээжинге казат салам деп,
Берендин баарын кырдырды.
Чубакты анда өлтүртүп,
Нойгутка бизди чыр кылды.
**<u>Чубактын куну түгөнбөй</u>,**
Жылыга алман жыйдырды.
Сайкал бизди коркутуп,
Сандаган малды жылдырды.
Аргын менен ногойго
Акимдик кылып Кыз Сайкал
Азыраак бизди сындырды.»

(Инв. №183, 330-331-бб.).

Жогоруда келтирилген ыр саптарынан Манастын заманында кыргыздарда Манас башкарган ногойлордун бийлиги зор болсо, Көбөшкө келгенде, ал өзүн хан сезгени менен, оюн-зоокко көбүрөөк берилип кетип, алман алып турган нойгуттардын бийлиги үстөм алат. Ал: «Аргын менен ногойго Акимдик кылып Кыз Сайкал Азыраак бизди сындырды» деген саптардан билинип атат. Көбөш акылдуу, адилеттүү башкара албай бараткандыктан Кыз Сайкалга алман төлөп калып, аны чоролор Чубактын куну катары түшүнүп атышпайбы. Ал мындайча: жоокерчилик заманда мамлекеттин же уруулар тобунун же уруунун байлыгы менен бийлигин акылы тунук адамдар, айрыкча баатырлар аныктаган эмеспи. Ошондуктан сырттан баатырлардын келиши зор күч болгон. Мухаммат пайгамбар Ислам динин түптөп атканда Хамза менен Өмардин мусулмандар тарапка өтүшүн Пайгамбар өтө зор баалап, эми ишибиз алга жүрүшөт дегендей оюн айткан. Ал эми кыргыздагы ногойлордун бийлигинин күчөшүнө каңгайлардан Алмамбеттин, нойгуттардан Чубактын келиши зор күч

болгону эпосто кеңири чагылдырылган. Азыр деле футбол командалары атактуу футболчуларды жалдашса, айрым мамлекеттер атактуу окумуштууларды азгырып атышпайбы. Демек, Манас өлгөндөн кийин кыргыздар уруу-урууга бөлүнүп, бири экинчисине кун төлөп же алман (салык) алып калганы эпостун экинчи бөлүгүндө чагылдырылып, «Чубактын кунундай чубалган» деген лакап ошондон калган экен.

Актан Тыныбековдун вариантында аргын менен ногойду биримдешкен уруулар катары караганы да өзүнчө жаңы сөз. Мен мындай биригүүнү башка варианттардан жолуктурган эмесмин. Ал жогоруда «Аргын менен ногойго Акимдик кылып Кыз Сайкал, Азыраак бизди сындырды» деген саптарда чоролордун сөзү катары айтылса, Семетейдин келгенин сүйүнчүлөп барган Бакайды Көбөш башын айра чапканда, Семетейди көрө калган Абыке Көбөш туура иш кылбаганын айтып, жыгылыштуулугун билдирген сөзүн да:

«...Ага кылсаң мен мына.
**Аким болуп сурасаң,**
**Аргын, ногой эл мына**.
Ай көл атаң жердеген
Айтылуу Талас жер мына» – деп бүтүрөт. Жакып кан небереси Семетейге уу бердиргенде, Семетей чоң атасына карап:

«Бар Кудай сактап калбаса,
Өлө жаздым кокустан.
Каныңды төгүп нетейин
Өч алгансып доңуздан.» – деп туруп, чоң энеси Бакдөөлөткө кайрылып:

«Аман болгун чоң эне,
Айланып кайра көргүнчө.
**Аргын, ногой элимди**
Аралай көчүп келгинче» – деген жерде да ногой менен аргын уруулары бир тарап экени кайталанат. Бул ыр саптары 183-инвентардын 330, 387, 426-беттеринде.

Ушул жерде «Манастын» сабактарынан (Осуяттарынан эмес, осуятты (насыятты) бир киши айтат, ал эми президент А.Акаевдин бийлиги учурунда «Манасты» Кыргыз мамлекетинин идеологиясы

кылабыз дегенден уламбы, айтор, 1997-жылы «Манастын жети осуяты» деген мазмундагы китеп да чыгып кеткен, андагы насыятка окшогондор Манас баатырдын осуяттары (насыяттары) эмес, «Манас» эпосунан алынган сабактар дешсе туура болмок. Ал эпостун башкы каарманы Манас айткан насыяттар сыяктуу түшүнүлүп калган. Ал осуяттардын ичинде кыргыз элинин биримдиги жөнүндө да сөз болот. Биримдикти ким сактайт да, ким бузат? Менимче, бийлик менен сөз (ушак) бузат. Биримдикти (ынтымакты) жоготкон – бийликти кармап турган адам менен ушакка айланган сөз экенин башыбыздан өткөрүп аткан, анархияга айланган эгемендик замандагы информациялык согуштун кесепети экенин көрбөдүкпү.

Мисалы, эпостун биринчи бөлүгүндө Манас кулалы таптап куш кылып, курама жыйнап журт кылып атса, экинчи бөлүгү – «Семетейде» Көбөш хан боло калып, ордонун чаңын ызгытып, «Биз ногой менен аргынбыз, силер нойгут, жедигерсиңер» дегенге жол берип, Манас түптөгөн бийликти, жогорудагы мисалда көрүнгөндөй, Сайкалга алдырып ийип, алман (налог) төлөп атпайбы. XX кылымдын аягында араң жеткен Эгемендүү жылдарда болсо сырттан бир эл болуп көрүнгөнүбүз менен, ичкертен урууларды атап, эл дегенге караганда ошол жакка боорубуз тарта түшкөнсүп келаткан жаныбыз, арыктын даанасын (алышын) ачып ийгендей шаркыраган бойдон уруу-уруктун чилдирманин чалып, алакандай жерибизди жети облуска бөлүп, жеке менчик радио, теле каналдарыбыз, гезит, журналдарыбыз улут, мамлекет дегенге караганда уруу, урукка чейин бөлүштүрүп сүйлөмөйгө, жазмайга өтүп, Түндүк-Түштүк деген «жарылууну» жаратып жибере жаздабадыкпы. Ага да депутат болом, президент болом дегендер, «Түндүк картасы, Түштүк картасы», «Ош картасы» деп жазгандар, радио, телевидениеден күкүктөй сайрагандар алып барышты да. «Урууларды иликтеп, тикелеп, тизмелеп алмайынча мамлекетибиз өнүкпөйт, өспөйт» дегендей «теория» чыгарган «акылмандарды» да уга баштабадыкпы. Ошонун кесепетинен алакандай борборубузга жакын жайгашкан же бийлик бутактарынын көп жерин ээлеп алган, же «Эгемендик!», «Революция!» дегенди көбүрөөк кыйкырган урууларыбыз өз колотунан чыккан, ошолорду гана кыйын деп түшүнүшкөн кишилеринин эстеликтерин борборго толтура башташпадыбы. Бул эмнеге апкелет? Бул

орто кылымдын аяк чендеринде Орто Азиядагы мусулмандардын шаарларын басып алып отуруп, Касанды алганда Гурхан-кытайдын 350 миң буту (идол, икона) болгон делет эмеспи (Сайпидин Аксикенти. Тарыхтардын жыйнагы. Бишкек, 2016-ж.,41-бет), ошолорду жайнатып, азыркы шаарларга салыштырмалуу алакандай эле болгон Касан шаарына таш-моло кылып коё берген болсо, Касан эмнеге айланды дейсиз? Ошол сыңары минтип отурсак кичинекей Бишкегибиз эстелик, бьюстарга толуп, бишкектиктерге жашай турган жер да калбай калышы мүмкүн да? Ошондуктан Совет доорундагыдай, атайын комиссиядан өтмөйүнчө (анын мүчөлөрү жерчилдик, уруучулдук менен оорубаган билимдүү, илимдүү адамдардан турса...) андай моло таштарды (эстеликтерди) коё бербеш керек го? Көчөлөрдү адам аттарына топудай кылып алмаштыра бербеш керек го?

Дегинкиси, Актан жазып калтырган «Манас» үчилтигинин «Семетей» бөлүгүнүн ушул кезге чейин изилденмек түгүл биз пайдаланып келаткан тамгага (кириллицага) көчүрүлбөстөн («Көкөтөйдүн ашы» эпизодунан башкасы), көчүрүлгөнү да манастаануучулардын калемине илинбегени Фольклор таануунун бир жагын кемитип тургансыйт. Дагы тактап айтканда улуу Тыныбек манасчынын мектебинен чыккан Сагынбай Орозбакав, Тоголок Молдо, Актан Тыныбеков, Багыш (Байбагыш) Сазанов жана ушул мектепке жакындыгы бар Жаңыбай Кожековдун варианттарын изилдеп чыкмайынча манастаануу илиминин бир тарабы аңгырап тура берет деген жыйынтык айтмакчымын. Туура, Сагымбай Орозбаковдун вариантына кийинки кездерге чейин каршы сөз айткандар болгон менен буга байланышкан чындык чырайына чыгып, бул вариант өз бийиктигине келди, аны үлгү тута баштаганыбыз манастаануу илиминдеги зор жетишкендик болду.

Тоголок Молдонун вариантындагы үчилтик бүт бойдон жарык көрдү. Үч китептен турган Жаңыбай Кожековдун вариантындагы «Семетейдин»эки тому Соноркүл Егембердиеванын латын арибинен көчүрүп түзүүсүндө жарык көрдү, үчүнчүсү да жарык көргөнү турат. Эми Актан Тыныбеков менен Багыш Сазановдун вариантары да жарыкка чыгат. Багыш Сазановдун вариантын филология илимдеринин кандидаты Мураталы Мукасов даярдады. Буларсыз Манастаануу илими толук кандуу болбойт.

* * *

Ал эми **<u>«Көкөтөй өзү ким болгон?»</u>** деген текст (Муну Актан Тыныбеков өзү кийин «Көкөтөй» деп атап, жанрын поэма деген учуру бар. (Автордун 1991-жылы чыккан «Актан» аттуу китебинин 188-бетин караңыз!) Бул текст 1941-жылы жазылганына карабастан, ушул убакка чейин кайда экени белгисиз болуп келген. Жакында (2018-жылдын май айында) Актан Тыныбековго тиешелүү №517 инвентердагы 2 папкадан турган араб арибиндеги тексттердин ичинен таап алып, аябай кубанганымды жашыра албайм. Текстке аталыш берилбестен, түз эле «Ыр менен» деген сөздөн ары ыр уланып кеткендиктен, ошондой эле, 261 саптан турган көлөмүнө карабастан, аттап кете берип, бүгүнгө чейин «А.Тыныбековдун «Көкөтөй» деген поэмасы табылган жок» деп келгениме өзүмдү кечире албай турам. Мунун баары Актан Тыныбековдун кол жазмалары илимий сыпаттамага алынбай, ыраатка келтирилбей, беттелбей папкаларда аралаш-куралаш жатканына, биз сабатыбыз ачылгандан тексттерди кириллицада окуп көнүп калып, араб арибине толук жатыга электигибизге, бул чыбыр-аладай көрүнгөн араб тамгасындагы сөздү көзүбүзгө чагылар замат илип кете албаганыбызга да байланышат.

Аталган текстти автордун кийинки (1946-жылдан) аныктамасы менен атай берели, бул «Көкөтөй» поэмасынын баш жагы улуу манасчы Тыныбектин өмүр баянын уулу Актан «Тыныбектин тарыхы» деп атагандай «Көкөтөйдүн тарыхы» деп койсо деле боло тургандай: Көкөтөйдүн балалык чагы, Сарыбайда койчу, анан Ботоканда жылкычы, анан белгилүү Байгазыда жылкычы болгону, андан кайра келип Ботоканга жылкычы болгону жөнүндө айтып келип, анын сырткы келбетин да айта кетет:

«Букта моюн, аркар көз,
Буура булчуң, кулжа төш.
...........................................
Келте мурун, дөң кабак.
Кеби сонун миң сабак.
Жаян ооз, жазы жаак
Таштүлөк бүркүт өңдөнүп,
Талыбаган кең тамак.

..........................................
Орто бойлуу, кең далы
(От жүрөк кедей балдары)
Өзү өткөргөн доорунда
Өзгөнүн тилин албады...» ж.б. Мен бул саптарды Көкөтөй чечендин фото-сүрөтү жок болсо керек деген божомолдон улам бөлүп көрсөтүп атам. Анткени, Актан Көкөтөйдү кыргздан чыккан жалгыз чечен деп, ал жөнүндө кара сөз менен китеп жазып, поэзия тилине салып поэма жазып кеткенине карабастан, алиге кыргыз коомчулугуна тегиз таанылбай, элибиз Жейренче чечен дегенден башканы билбей (Анын чечендиги жөнүндө да бирин-экин гана оозеки сөз болбосо, Көкөтөй жөнүндө жазылгандай айтарлык фактылар жок), чечендик сөз боюнча илим токуйлу дегендер да факты материалдарга чукак болуп, Жейренче чеченден ары өтө албай, эл ырчыларынын, манасчылардын, тарыхчы-ойчулдардын ж.б. бул өнөргө жакын сөздөрүн мисалга тартуу менен чектелип атышпайбы. Ошондуктан чечендиктин так аныктамасы Кыргыз адабият таануусунда дааналана элек. Ал эми Актан Тыныбековдун «Көкөтөй чечен» деген бир китептик жазмасы мен араб, латын ариптеринен көчүрүп, 1991-жылы чыгарган «Актан» аттуу китептегиден бери жарык көрө элек, ал жөнүндө жөндүү сөз да айтылган жок. Ал эми «Көкөтөй» поэмасын эми сунуштап атабыз. Ошондуктан бул поэмадагы Көкөтөйдүн чечендигине байланышкан айрым саптардын өзүн окусак, айткандан алда канча жакшы болот деген ниетте турам. Чечен сөздүн төркүнүн билип, салмактуусун иргеп, айтылар моментин кетирбей, чагылгандай чартылдап, түз айтышы керек экенин Актандын жазгандарынан көрөбүз. Чечендикте чукугандай сөз табуу менен бирге баатрлык башкы ролдо турат экен. Ага Актандын алдыңыздарга сунулган китеби айкын далилдерди берет. Анда Көкөтөйдүн баатырлыгынан бир-эки сап:

«Байгазы менен марашкан,
Байтерек менен кармашкан.
Батыркан, Маймыл, Садырдан
Эл намысын талашкан.
Солто менен согушкан,
Сарбагыш менен салышкан.

Уруучулдук заманда
Ураандашып калышкан.

Казактан чечен беттешип,
Канчалык сөзгө барышкан.
Баатырлардан кеп салып.
Байыркы нарктан жарышкан.
Баш кошкон калың жыйында
Бардык чечен кагышкан.
Байгелүү болгон Көкөтөй –
Бала кезден даанышман.»

Мына, Көкөтөй чечен кыргыз ичинде гана эмес, казак чечендери менен да беттешүүгө чыгып, байгелүү болгонун көрдүк. Бул айтылгандардын баары А.Тыныбековдун «Көкөтөй чечен» деген 18 бөлүмдөн (темадан) турган даректүү баянында да кошумча-алымчалары менен чагылдырылып, чечендик өнөр, ал өнөрдүн ана башында турган Көкөтөй чечен туурасында да кеңири түшүнүк алса болот. Кыскасы, бул китептеги материалдардын баары кыргыз окурмандары үчүн жаңылык болоорунда жана кумар кандырган көркөм дүйнөгө туш келип, көптөгөн тарыхый адамдар менен таанышып, улуу «Манас» эпосубуздун окуяларын аралап, унутулуп бараткан улуттук оюндарды эске түшүрүп, чечендик өнөрдүн классикалык үлгүсүнө жолугарында талаш жок.

***О.СООРОНОВ,***
***КУУнун ардактуу профессору***

# БИРИНЧИ БӨЛҮК
*( ЭПОС)*

## I. М А Н А С

### КӨКӨТӨЙДҮН АШЫ. МААНИКЕРДИН ОКУЯСЫ.
***(Инв.№181. Сол жакта көрсөтүлгөн – түп нусканын беттери)***

1
Кең Таластын оюнда,
Кең-Колдун жазык боюнда,
Кеңеш сурап Бокмурун
Келиптир Манас зоруна.
Атамдын ашын берсем дейт,
Айкөлүм сенин дооруңда.
Эңкейип тизе бүгүптүр,
Эки колу боорунда.
- Былтыркы өлгөн агаңа
Быйыл аш берсем деймин оюмда.

Жакыптын уулу зор Манас
Оң мурутун бурду эле,
Ойлонуп угуп турду эле.
Сол мурутун бурду эле,
Солтонуң угуп турду эле.
Кан Көкөтөй агабыз
Жакып кан менен курбу эле.
Көңүлдө сөзүн айтууга
Көкжалың сөзүн урду эле:

2.
«Мурда атасы өлбөгөн,
Мындай ишти көрбөгөн.
Башта атасы өлбөгөн,
Аш берерин билбеген.
Каапыр менен мусулман
Калк чогуусун көрбөгөн.
Кагылышкан көп элдин
Арасында жүрбөгөн.

Көкөтөй кандын жетими
Былтыр өлгөн атаңа
Быйыл ашын берем деп,
Байлыгыңа мактанып,
Аш берем деп чактанып,
Азыр кеңеш салганың.

Сенин атаң кан болгон,
Байлыгы журтка даң болгон.
Башка малын коё тур,
Жалаң төөсү сан болгон.

Алтын, күмүш, зарына
Алты сарай там толгон.

3.
Сен азыр берсең ашыңды
Миң кара-боз кой союп,
Жүз кара-боз бээ союп,
Ажыларга ат берип,
Эшендерге төө берип,
Кожолорго кой берип,
Жылаңачка тон берип,
Карып менен мискинге
Алтын, күмүш мол берип,
Мечитке куран окутуп,
Мекеге киши жиберип,
Калпалардан алдырып,
Каражаты жокторду
Кудуска чейин бардырып.
Медийнанин өзүнө
Текиени салдырып.
Сооп ишин кыла кой.
Атаңдын ашын бере кой.
Айтканыңды кыла кой.

4.
Менин айткан кеңешим,
Сен аябасаң малыңды,
Мен айтып берем акылды.
Ажыбай, Бакай, угуп тур.
Айтканым терспи, макулбу?
Калмак менен кытайдын
Калкына кабар беребиз.
Ойдо жаткан орустун
Баарына кабар беребиз.
Ооган, ынды, араптын
Канына кабар беребиз.
Кан Көкөтөй ашы деп,
Уккан келсин бул ашка.
Кармашканын ал ашта
Жыккан келсин бул ашка.
Каймана бизге кекенген
Душман келсин бул ашка.

5.
Калк башкарган жеринде
Каны келсин бул ашка.
Кабар уккан адамдын
Баары келсин бул ашка.
Кармашам деген биз менен
Нары келсин бул ашка.
Өч алышчу душмандын
Өзү келсин бул ашка.
Өөдөсүнгөн баатырдын
Көзү келсин бул ашка.
Баралбаймын дегендин
Сөзү келсин бул ашка.
Он эки кан мусулман
Сандыргалап үй тигип,
Саарына бээ алып,
Союшуна кой алып,
Ашта конок алууга
Сарамжалын бүт алып,
Көчө келсин бул ашка.

6.
Ошондой калың эл келсе,
Каптаган кара сел келсе,
Береги такыядай Ташкенге
Тамаша кантип кыласың?
Алакандай Анжийан
Атты кантип чабасың?
Ар уруу элден келбесе,

Атаңдын ашын көрбөсө,
Абийирди кантип табасың?

Тилимди алсаң, Бокмурун,
Быйыл кочкоруң бычып
ирик кылгын.
Коюндун баарын түзүк
(түрүк) кылгын.
Куржунга жыйып мүлк кылгын.
Айгырың бычып ат кылгын.
Айтканымдын баарысын
Көңүлүңө жат кылгын.
Ала-шалбырт жаз менен,
Келгин келген каз менен,
Мусулмандан он эки,
Каапырдан болсун он эки
Жыйырма төрт канга кат кылгын.

7.
Келирки жыл болгунча,
Мал семирип толгунча,
Арканды кылдан чыйраткын.
Ашка тикчү үйлөрдүн
Жыгачын кызыл сырдаткын.
Урдан сонун жасатып,
Уздарга чийин чырматкын.
Усталарга сынаткын.
Үзүгүн аппак жаптыргын,
Төтөгүн көктөн бастыргын.
Каалганын сыртына
Калайлап күмүш чаптыргын,
Көчүп барган айылды
Көргөндө адам жактырсын.
Он эки канга кат барып,
Окшотуп үйүң жаса деп,
Ошонун баарын таптыргын.

Мал семирген жайында,
Жай чилденин айында,
Суусамыр, Соң-Көл жайлатып,
Субайды бөлүп айдатып,

8.
Суутуп күлүк байлатып,
Ашка керек болчусун
Ар уруу малдан тандатып,
Саарга сүттүү бээ алып,
Жүктөргө күчтүү төө алып,
Конок алчу кишинин
Союшун арбын камдатып,
Каапыр менен мусулман
Калк көрүүгө даңдатып,
Кандын ашын беребиз
Каркыраны чаңдатып.

Калмак менен кыргыздын
Ортосунда чеги ошол.
Сары-Жазы, Каркыра
Аш берүүчү жер ошол.
Азыр ашты берем деп
Айтып турган сен ошол.
Көңүлдөгү оюмду
Көрсөтүп айткан мен ошол.
Акыр заман болгуча,
Адамдын баары өлгүчө,

9.
Кан Көкөтөй ашы деп,
Айта жүрөр кеп ошол.
Жалпы кыргыз элинин
Көкөтөй эле агабыз
Агабыздын ашында
Ак танлак элдин баарысын

Аянбай конок алабыз.
Конок албай койгонду -
(Кыргызга конок болгонду)
Душмандан бетер чабабыз.
Ар бир кандын элине
Аябай алман салабыз.

Орон-Төбө, Чамбыл-Бел
Күлүк берет бул ашка.
Орчун Кокон, Маргалаң,
Ордолуу шаар Анжийан
Күрүч берет бул ашка.
Самаркан, Букар, Наманган
Жемиш берет бул ашка.
Сары-Арка, Алтай казагы
Тегиз келет бул ашка.

10.
Жедигердин Агышы,
Жет-Кайттыктын баарысы
Үргөнчтөгү Акун кан
Үй көчүрөт жамысы.
Калк атасы Кан Кошой –
Катагандын карысы,
Элемандын Төштүгү –
Эрдемсиген анысы,
Үрбү, Көкчө дагысы,
Бакай элдин калысы –
Бар мусулман баш кошсо,
Душманга жетет намысы.

Ар бир кандын элине
Бир жүз бээ, миң койдон
Союшуң менен кел дегин.
Ашка барбай калбасын
Союл чабар эр дегин.
Миң үйгө конок алам дейт,
Таласта Манас эр дегин.
«Калмакты конок кыламын,
Караан болуп бер!» дегин.
Көчпөй жатып алганга,
Көпчүлүктөн качканга
Күрөшөмүн мен дегин.»

11.
Бул кеңешти укканда
Көкөтөйдүн Бокмурун
Ачкүсөндөй бүгүлүп,
Атасынын ашына
Алптын баары үй тигип,
Конок алат дегенде,
Аябай тердеп сүйүнүп.
«Кулдугум бар, баатыр!»-деп,
Тура калып жүгүнүп:
«Мен аябаймын малымды,
Баатыр сен, арбагын актап
канынды
Айтканыңды кыламын.
Калмак тургай кытайын
Бүт чакырсаң чыдадым.
Акыл таап берет деп
Айкөлүм сага мен келип,
Алдыңда кеңеш сурадым.
Арыстаным, мага күч берсең,
Аянып кантип турамын.
Ушул болсун акыл деп,
Баатыр убагында сурагын.»

12.

## АШТЫН ЖАЙЫ

***(Сол жакта көрсөтүлгөн – түп нусканын беттери)***

Манастын айткан маалында –
Мал семирген жайында -
Жай чилденин айында,
Атанга уугун комдотуп,
Ашууну чаап оңдотуп,
Союшка малын айдатып,
Жайлоого эрте жайлашып,
Туш-тушунан эл көчүп,
Болжолдуу кезде тең көчүп,
Барып конуп калды эле.

Кең Кегендин сазында,
Көкөтөй кандын ашында,
Аш башкарып эр Кошой
Келген элдин кашында.
Алптардын баары үй тиккен
Кемегенин башында.

Он эки кандын мусулман
Ортосунда Бокмурун,
Эл башкарган эр Кошой.
Уй түгүндөй көп калмак
Келип жатат ошондой.

13.
Учурашкан киши жок
Окчун жатат Коңурбай.
Кемегеге ээ кылбай,
Эт жеп кетет күнүгө
Нескара менен чоң Жолой.
Булардын камандай арсак тиши бар,
Колунда дөгөө шиши бар.
Келип жаткан калмакта
Нечен түрлүү киши бар.
Он казан этке тойбогон
Ойрон болгон Жолойдун
Оголе шумдук ичи бар.

Кой дээр киши жок болуп,
Күндө келет калмактар,
Экиден-үчтөн топтолуп.
Кеч киргенде кетишет,
Кебежидей ток болуп.
Чыдап турат эр Кошой
Чыр чыгып кетер бекен деп.
Бул кордукту көргөндө
Чымындай жаны чок болуп.

14.
Көкөтөйдүн Бокмурун
Мал көзүнө карабай,
Күндө соёт аябай.
Келип калмак жеп турат
Кынык алган арам ай.
Дөөлөр келет жөөлөшуп,
Көзү, башы чарадай.
Мусулмандын алптары
Көрүп турат күнүгө
Кой деденге жарабай.

Калмактардын Нескара
Адамга, ашка сынчы экен,
Ушак угар тыңчы экен.
Мусулмандын алптарын
Баарын сынап алыптыр.
Манас мында жок экен,
Кошой болсо карыптыр.

Мусулмандын аттарын
Дагы сынап алыптыр.
Көкөтөйдөн Мааникер
Сынга толуп калыптыр.

15.
Каапыр менен мусулман
Калың элдин атынан
Мааникер жалгыз жагыптыр.
Сүйүнчүлөп Нескара
Коңурбайга барыптыр.
«Сүйүнчү төрөм, сүйүнчү!
Бул сөзүмдү туюнчу!
Мусулмандын алптарын
Баарын көрүп сынадым.
Бири да сынга толбоду.
Бири да сендей болбоду.

Бирак Кошой деген бар экен,
Өзү касиеттүү жан экен.
Кайраты кетип жүрөктөн,
Күчү кетип билектен,
Жашап калган чагы экен.
Кара суудa кеме жок,
Андан башка буруттан,
Бурут деген журуттан,
Манасы кыйын болбосо,
Сага каш кайтарар неме жок.

16.
Ушул келген буруттун
Атынын баарын сынадым.
Бир тулпары бар экен
Сизге айтайын деп турамын,
Анык тулпар мал экен.
Көкөтөйдүн Мааникер
Өркөчү бийик, зээри пас,
Өөдөгө салса чарчабас,
Өзүңдөй баатыр минүүгө
Өтө ылайык, марал баш.

Кара үпчүсүн салынып,
Калдай минер мал экен.
Белдемчисин салынып,
Бээжин минер мал экен.
Калмак менен бурутта
Казанат андай ат да жок.
Каалап сурап алууга
Кан Коңур сендей алп да жок.

«Көкөтөйдүн Бокмурун,
Атыңды бер?»-деп айтсаңыз
Жетелеп барып Бээжинге
Эсен канга тартсаңыз,
Күз отого таш алып,
Көрүнөө төрө болсоңуз!»

17.
Бул кабарды укканда
Арага киши жиберип,
Мааникерди имерип,
Калмактан элчи үч келди.
Көкөтөйдүн жалгызы
Кара жанга күч келди.

«Мааникерди берсин!» – дейт.
«Мааникерди бербесе,
Тарткан этин жебейбиз.
Көкөтөй ашы дебейбиз.
Мындан кийин буруттун
Аш, тоюна келбейбиз.

Биз кетебиз тарынып,
Мааникерди бербесе,
Калбасын айлы чабылып.
Маалым болуп кетемин
Баатырлыгым таанылып,
Атасынын ашында
Көкөтөйдүн баласы
Калбасын чырга кабылып.
Алыш-бериш кылууга,
Аралашып жүрүүгө,
Ат сурадык зарылып.»

18.
Деп кабарды укканда
Көкөтөйдүн Бокмурун
Билеги кетип сабынан,
Жүрөгү кетип кабынан,
Беремин деп айталбай,
Же бербеймин деп айталбай,
«Эртеге жооп берем.» – деп,
Элчисин кайра кайтарды.

«Баатыр Кошой абаке,
Баягы Манас иниң канаке?
Күндө сойсом, күндө жок,
Казанда этим калбады.
Эки калмак бир келсе,
Он казан этке тойбоду.
Мусулмандын алптары,
Чогулуп кеңеш кылбасаң
Бул чочко калмак болбоду.

Анысын айтып нетейин,
Андан сонун кызык бар
Абаке, сизге айтып кетейин.
Акылын таап бериңиз
Айтканыңа жетейин!

19.
Калмактардын Коңурбай
Мааникерди сураптыр.
Бербей койсок болорбу ай?
Ачуусу келсе чочконун
Алдынан чыккан оңорбу ай?
Акыл айтып бериңиз
Аксакал Кошой зорум ай!»

Жанакы сөздүн баарысын
Бокмурун айтып өттү эле.
Угуп турган Кошойдун
Оюна кылт деп түштү эле,
«Сен Манаска барып кел,
Барып жообун алып кел.
Кокус Манастан кордук көрбөгүн
Берип коюп Мааникер.»

«Абаке, мен Манаска барбайын,
Барып жообун албайын.
Жаалы катуу канкордун
Каарына калбайын.
Атакемдин ашында,
Арбын элдин кашында,
Азапка башым салбайын.
Абаке өзүң барып кел.
Барып сөзгө канып кел.

20.
«Манас кайда болду экен?
Баруугa жакын жол бекен?
Келатат деп угулат,
Кайсы жерге конду экен?
Кеңешип жооп бергиче
Кекетип атты алгандай
Ошо кечилдин каны зор бекен.»

«Аба, Манастын жайын
мен уктум.
Сары-Иймектин оюна,
Сан карагай боюна
Келип конду деп уктум.
Алдынан тоскон кишиден
Азыр, бүгүн мен уктум.

Сандыргалуу канкоруң
Саанга төрт жүз бээ алып,
Саарына отуз кул алып,
Ак сарайын бүктөтүп,
Алтымыш нарга жүктөтүп,
Ашка көчүп келет дейт
Аземин журтка тиктетип.

Кыздарга кымкап кийгизип,
Кызматын журтка билгизип.
Келинге кете кийгизип,
Керегин элге тийгизип.

21.
Катынга кымкап кийгизип,
Кандыгын элге билгизип.
Азаматтын баарына
Ат жакшысын мингизип.
Токсон нарга дан алып,
Тогуз пилге ок артып,
Союшка миңдеп кой алып,
Мал багуучу бой алып,
Конокко семиз бээ алып,
Коңшуга беш жүз үй алып...

Аны мындай коё тур.
Эр Манастын кырк чоро –
Кырк чоро эмес, кырк жоро
Өзүнчө конок алууга
Алды-алдынан бир короо...

Эң алдыңкы чородо
Эки жүз түтүн эли бар.
Элүү үйлүү конокту
Алайын деген деми бар.
Кызыл-Кыя белди ашып,
Кыйкас келген чени бар.

22.
Эң аяккы чородо
Элүү түтүн киши бар.
Он беш үйлүү конокту
Алам деген күчү бар.
Аргын менен ногойдун
Адамга арка болучу
Азаматтык иши бар.

Коштотуп күлүк мингизип,
Каттатып олпок кийгизип,
Жол тостуруп Манаска
Кошоматым билгизип,
Нечендерди жибердим
Аштын жайын айтууга,
Кабар берип кайтууга,

Эптештирип сөз айткан
Чечендерди жибердим.

Ала-Бел, Өтмөк ашкан дейт,
Суусамыр жайлап жаткан дейт.
Аш убагы болгондо
Кең Кочкорду баскан дейт.
Барскон менен Чычкандан
Маралын далай аткан дейт.

23.
Күлүктүн барын байлатып,
Күндө салкын жайлатып,
Бугу, марал атышып,
Мынтыктын ичин майлатып,
Улак тартып ойношуп,
Илбирске итин жойлотуп,
Өргүү болгон жерине
Өзүнчө элин тойлотуп.

Ашка шашкан киши жок,
Ашың менен иши жок.
Айылын катар көчүрүп,
Ар бир сууда, ар бир топ
Азыр келип конду дейт.
Али күнчө жолдо дейт.
Көкжалың өргүп жаткан
кези окшойт.

Кошой ава өзүң бар,
Коңурбайдын өзүн сал.
Мааникердин жайынан
Манасыңдан жообун ал.
Ашка жакын келеби?
Айкөлүңдүн түрүн чал.»

24.
«Андай болсо кулунум,
Жедигердин эр Агыш
Ошо барсын жаныма.
Айдаркандын Көкчөсү
Ошо барсын жаныма.
Кара жаак эр Үрбү
Кошо барсын жаныма.
Барса барып келейин
Баатыр Манас каныңа.»

Катагандын кан Кошой
Керкулун менен эргитип,
Жанындагы алптарын
Жаш баладай ээрчитип,
Жакыптын уулу Манаска
Жакын келди жетишип.

Сары-Ийметин оюнда,
Сан карагай боюнда,
Каныкейдин Ак ордо
Окчун тигип коюптур.
Кырк чоронун кырк ордо
Кыркасы менен коңуптур.

25.
Кемегени оюптур,
Туу байталды союптур.
Таласта жаткан немедей
Тамашада болуптур.

Жолборс үртүк жаптырып,
Жибек кээжим тактырып,
Жез мамыны кактырып,
Аккуладай бууданды
Аса байлап какыйтып,

Беш тондуу мылтык колго алып,
Эки жигит кайтарып,
Таламандын тал түштө
Кароол кылып чакыйтып...

Жибектен аркан кердирип,
Буудандарды жайлаптыр.
Эки-экиден пар кылып,
Маңдай-тескей байлаптыр.

Отуз таман ордону
Оё чийип салыптыр.
Жыйырмасы бир бөлүк,
Жыйырмасы бир бөлүк
Мөрөй атып калыптыр.

26.
Төрт кишиси жанында,
Төр жагында дөө Манас
Калыс болуп алыптыр.

Аттарын алыс байлашып,
Айтарга сөзүн камдашып,
Камчысын катып койнуна,
Кыстарып белге жайлашып,
Саламга келди бул төртөө
Кан Кошойду баштатып.

«Саламдан салоомалеким
Баатыр Манас жайдарым.
Аман-эсен турабы
Алтын башың? Аймагың?
Алты күн болду келди деп,
Айкөлүм уктук кабарды.
Алыстап конуп алыпсың,
Ашка жакын барбадың?
Алакандай кыргыздан
Арстаным, кабар албадың?
Ат салышкан душманга
Арка кылар балбаным.»

27.
Кошой салам айтканда
Агыш, Көкчө, эр Үрбү
Кошо салам айтты эле,
Оң бөйрөгү болк этип,
Ойрон Манас солк этип,
Сол бөйрөгү болк этип,
Султаның Манас солк этип,
Алагар көзүн алайтып,
Алик алган өңдөнүп:
- Авам Кошой, аманбы?
Агыш, Көкчө, эр Үрбү –
Баарың кошо аманбы?

Эл чогулуп келдиби?
Эт бышырып болдубу?
Калк чогулуп толдубу?
Үй тигилип болдубу?
Ашка арнаган согумун
Бокмурун иниң сойдубу?
Калмак менен кытайдын
Калкы келип бүттүбү?
Кай-кайдагы тууганың
Жалпы конок күттүбү?

28.
Береги катынында калк бузган,
Кыз экенде келиниң
Урум менен ногойго
Үй чаптырып, нарк бузган
Кан баласы Каныкей

Аккула байлап чабам деп,
Ашта байге алам деп,
Каапыр менен мусулман
Калк чогулган жеринде
Манастын аты чыкты деп
Абийирди арбын табам деп,

Талдап, санап чөп берип,
Таразалап жем берип,
Тазалап терин алам деп,
Анан ашка барам деп.
Кырт этерге ташы жок,
Кыпын учкан чаңы жок,
Ушул жерге кондуруп,
Эки терин алды эле.
Эми бир тер калды эле.»-
Деген жообун зор Манас
Эр Кошойго салды эле.

29.
Ошону менен токтолуп,
Мааникердин жайынан
Баштаган киши жок болуп,
Же ойрон Манас солк этпейт.
Кайра сөзүн которуп,

Аш бышымча болгондо,
Айтууга ичи толгондо,
Бирин бири нукушуп,
Айт деп көзүн кысышып.
Чыканак менен түртүшүп,
Өзү баштап айтууга
Манастан бою үркүшүп,
Унчугушпай турду эле...

Баатыр Кошой сөз баштап:
«Баатыр Манас жайдарым,
Өзүң көк жал бөрү элең.
Дин мусулман уулунун
Ырысына бүткөн эр элең.
Башка кыйын иш түшсө
Баана болот дээр элем.

30.
Кечээ калмактан келген
бир сынчы,
Карап жүргөн бир тыңчы
Алптын баарын сынаптыр.
Аттын баарын сынаптыр.

Көкөтөйдүн Мааникер
Сынга толуп калыптыр.
Сүйүнчүлөп ал сынчы
Коңурбайга барыптыр.

Алоокенин Коңурбай
Мааникерди берсин деп,
Көкөтөйдүн Бокмурун
Мурзалыгым билсин деп,
Кучакташып дос болуп,
Куп сыйлашып жүрсүн деп,

«Мааникерди бербесе,
Мени киши ордуна көрбөсө,
Тарткан этин жебеймин,
Көкөтөй ашы дебеймин.
Мындан кийин буруттун
Аш, тоюна келбеймин.» –

31.
Деп Коңурбай айтыптыр.
Көкөтөйдүн Бокмурун

Бербеймин деп айта албай,
Же беремин деп айта албай,
Кеңешин айтып кетүүгө
Өзүңө оозу бата албай,
Авам Кошой бар деди.
Эр Манаска кеңешип,
Жообун алып кел деди.

Жедигердин эр Агыш
Саламдашып келем деп,
Айдаркандын Көкчөсү
Сагындым барып көрөм деп,
Береги Үрбү келди. Мен келдим
Манаска барып сүйлөшүп,
Мааникер жообун берем деп.

Бул кабарды укканда,
Каары катуу канкордун
Сакалы кетти жайылып.
Балта саптай муруту
Типтигинен сайылып.
Көзү кетти алайып,
Мурду кетти барбайып.

32.
Алаканын жайганда
Шадылары арбайып,
Кара санын кармаса,
Кан жошула берди эле,
Кабыландын ачуусу
Бек кошула келди эле,
Алагар көзү актарып,
Алая карап калды эле.
Айтып турган Кошойду
Жаман көрүп салды эле.

«Кокуй, Кошой, не дейсиң?!
Катыгүн, Кошой, бедейсиң
Бул кебиңди ит уксун.
Ит укпаса ким уксун?
Бул кебиңди куш уксун.
Куш укпаса ким уксун?

Ашка келген калмакка
Ат берем деп айтканың,
Акылыңдан шашканың.
Тойго келген кытайга
Тон берем деп айтканың
Тобокелден жазганың.

33.
Бүгүн Мааникерди алганда,
Эртең Чалкуйрукту албайбы.
Чалкуйрукту алганда
Көкаланы албайбы.
Күндө күлүк алууга
Көөсүр калмак дардайып,
Көңүлдөнүп калбайбы.
Көнүгө түшүп олжого
Көптүгүнө салбайбы.

Ашың тарай бергиче
Азапка башың малбайбы.
Атынын баарын алган соң
Атандар жондо жатпайбы.
Алптар аттан айрылса
Алды таштай катпайбы.
Алакандай мусулман
Алды-алдынан качпайбы.
Каапырга урушпай атың
бердиң деп,

Калкыңдын убалына калдың деп,
Акыретке барганда
Азабын Манас тартпайбы.

34.
Атаңдын көрү кырк чоро
Жокеңди атпай, чекеңди ат.
Келе, Аккуланы бери тарт!
Абырдан-шабыр ат токун!

Ат токунсаң бат токун.
Жарактын баарын салынгын,
Жаратканга жалынгын.
Жоо бөрүсү – кырк бөрү,
Ылдамыраак камынгын!
Жазайылды жаткыргын.
Замбиректи арттыргын.»
Деген сөздү укканда
Баатырлар соот кийинип,
Жоо көргөндөй сүйүнүп.
Алмамбет, Чубак, Сыргактын
Шер экени билинип.

Кызыл селде чалынып,
Кырк чилтенге жалынып.
Кыбыланы бет алып,
Эки ирекет намазды
Эми окуп алды эле.
Этине келген Аккула
Ээрин токуй салды эле.

35.
Суу акпаган кең сайдан,
Сурнай тартып жез найдан,
Чыбыраган кең сайдан
Чымылдык тартып жез найдан,
Түпөктүү найза жайылтып,
Түгөл жүрдү кырк жайсаң.

Айчыгы алтын туу алып,
Асаба желек көтөрүп,
Ат коюшуп келатат
Ашты карай жөнөлүп.
«Ат сураган калмактын
Азыр күчүн көрөлүк.
Ашка бейбаш болгондун
Адебин колго берелик.»

Ак боз атын кыналап,
Аа мингизип, кыз алып,
Тогуз ак-боз бээ алып,
Тозгон экен Бокмурун.
Толкуп Манас келет деп,
Корккон экен Бокмурун.

36.
Топтуу киши кошчу алып,
Чыккан экен Бокмурун.
Токтолбой уруш салат деп,
Уккан экен Бокмурун
Токтоло калып зор Манас
Эр Кошойдон сурады.
Топтуу киши ким мунуң?

Анда Кошой кеп айтат:
«Атасы өлгөн жети миң
Айкөлүн тозуп алдынан
Келген тура.» – деп айтат.

Ачуусу келген көкжалың
Алып кет дейт малдарын.
Аманбы сенин мал-жаның?

Азыр барып саламын
Ач көз иттин жаңжалын.
Кыз тартасың жолумдан
Кырсык болуп калбасын.
Карабашыл кишини
Кайдан таап камдадың?
Казатта кылар ишимди
Калмактарга арнадым.

37.
Кемегенин башына
Келе жатат зор Манас.
Ак боз атчан жүз киши
Алдына түшүп алыптыр.
Жыйырмасы оң жакта,
Ортосунда көкжалың
Окчун жүрүп калыптыр.
Ала байрак туу алып,
Алда канча калың кол
Аркасынан барыптыр.

Аккула минип даңкайып,
Арбагы бийик заңкайып,
Асаба колдо калкылдап,
Ак келте жондо жаркылдап,
Кылычы белде кыңгырап,
Айбалта жанда шылкылдап,
Эт башында жүргөн эл
Эси оогондой жымырап...

38.
Жолой менен Нескара
Адатынча келиптир.
Дегелерин колго алып,
Казанда этке кириптир.
Манас келген убакта
Кара тер кысып жүрүптүр.
Бул эминең, Кошой деп.
Мындан кабар билиптир.
Ошентип кемегеден эт жейт деп,
Кошой жооп бериптир.

Буларды Манас көргөндө
Кирпиги жалын от болуп,
Кишиде мындай жок болуп,
Көзү кызыл чок болуп,
Көркоолорду көргөндө
Аялдабай токтолуп,
Кошо келген көп элден
Кой дээр адам жок болуп...

Асый өгүз терисин
Үзүгүнө кердирген.
Кунан өгүз терисин
Шыкатып жатып өрдүргөн.

39.
Алаканы айнектүү,
Бүлдүргөсү баргектүү.
Кере сөөм жерине
Көк коргошун уюткан.
Каары келип чапканда,
Канчаларды куруткан.
Өзүң көргөн Булдурсун
Чапса кулак тундурган.

Жүүртө басып эт жеген,
Кемегеден кетпеген
Калмактын дөөсү Жолойду
Качырып барып эр Манас
Капталга болжоп чапты эле,

Көрө коюп Нескара
Дардалаңдап качты эле...

Аккула менен жөөлөтүп,
Кармап алып булардын
Эки бетин көөлөтүп,
Калкка санат кылам деп,

40.
Нескарага жетти эле.
Май куйрукка чапканда
Шаркыраган кара кан
Балтырдан агып кетти эле.

Баладай качып корголоп,
Балтырдан каны шорголоп,
Көп калмактын ичине
Барып кирди жорголоп.

Тополоң түшүп калмактар
«Тоз-тоз!» болуп качты эле.
Аралай түшүп баатырың
Аккула оозун тартты эле.
Ачуусу менен көкжалың
Сырнайзанын темирин
Жерди көздөй сайды эле.
Карап турган калайык
Айран-азыр калды эле.
Жалгыз калмак өтпө деп,
Тегерете чийди эле.
Корккондордун баарысы
Бүркүрөтө сийди эле.

41.
Сырнайзасын көтөрүп,
Карылыкка илди эле.
Карап турган калайык
Кан экенин билди эле.

Үйдөй Манас бакырып,
«Үрбү, кел!» – деп чакырып,
«Калмакты көздөй бар!» – деди.
«Кан Коңурбай чоңуна
Барып кабар сал.» – деди.

«Түпөктүү найза сунушуп,
Сайышар жерин айтсын де.
Түтөтүп мылтык көз алып,
Атышар жерин айтсын де.
Аа болбосо Коңурбай
Ашка келген сый киши
Абийри менен кайтсын де!..»

Ат сынатып имерип,
Арага элчи жиберип,
Кемегени имерип,
Кечилдерин жиберип,

42.
Кыргызды көзгө илбептир,
Коноктугун билбептир.
Ашка келген калмактар
Абийри менен жүрбөптүр.

Ушу сөздү уксун де.
Урушар болсо чыксын де.
Тезирээк жооп берсин де.
Серпишээр болсо келсин де.
А болбосо Коңурбай
Тарткан этти жесин де.
Тамаша көрүп, атын чаап,
Конок болуп кетсин де.

Калдайып жаткан калмакка
Кайран Үрбү барды эми.
Жанакы сөздүн баарысын
Төкпөй-чачпай салды эми.
Угуп турган Коңурбай
Уят болуп калды эми.

«Макул, баатыр! Макул.» – деп,
«Манастын сөзү акыл.» – деп,

43.
Калмактардын мыктуусун,
Аада билчү шыктуусун,
Кытайлардын мыктуусун
Кысылган ишке ыктуусун,
Такыр жыйнап алды эле,
Арага Үрбү келгенин
Түгөл айтып калды эле.

Эстүүлөрү жобурап,
Эси чыгып кобурап,
Аш үстүндө урушсак
Не болот деп добурап.
Өзүң бил Коңур, турубуз,
Айтканыңа көнөбүз.
Жарагы толук каңкорго
Жалынбасак өлөбүз.
Жакшы-жаман кылсаң да
Баатыр сенден көрөбүз.

Кан Коңурбай кеп айтып,
Оюнда сөзүн эми айтып:
«Айып болуп калыптыр,
Алдына түшсөк» – деп айтып.

44.
«Кабылан Манас канкордун
Ачуусун басып салалы.
Ашына атты чабалы.
Алдына келсе буудандар
Арбын байге алалы.
Ар түрлүү болгон тамаша
Аны да көрүп каналы.
Алтымышча жылкы айдап,
Алдына тартып баралы.

Калмагы чуулап: «Макул!» деп,
Кан Коңур сөзүң акыл деп.
Канкорду тыйып койбосоң
Болбосун заман акыр деп.
Кытайы чуулап: «Макул!» деп,
Кырандын сөзү акыл деп.
Кыжыры келсе Манастын
Кыямат болор азыр деп.
Кечикпей ылдам баралы,
Тартууңду жыйна бачым деп.

45.
Билериктүү сур жорго
Минилбеген кур жорго
Бат чогултуп, тез жыйнап,
Баатырга алып жөнөдү.
Алдына салып бир тобу
Кан Коңурбай төрөнү.

Таш сайынган төрөдөн,
Тартынбаган эренден,
Отуз киши ээрчитип,
Опол тоодой көрүнүп,
Алгара менен заңкайып,
Ойрон болгон Коңурбай

Алдына түшүп бөлүнүп,

Саадагын салып мойнуна,
Жамбысын катып койнуна,
Жолой менен Нескара
Коңурбайдын артында.

Алтымыш жорго ат алып,
Келип калды тартууга.

46.
Айбаты жоону коркуткан,
Адамдан туура келеби
Арыстан Манас баатырга.
Аттан алып түшүрдү
Алтындан түркүк чатырга.

Айбалта, кылыч эгешип,
Коңурбай Манас кеңешип,
Эки киши калмактан,
Эки киши кыргыздан,
Калыс кылып койду эми.
Ашта жаңжал салгандын
Аты, тонун алмакка.
Алтымыш кулач ор казган,
Андайларды салмакка.
Бейбаш болгон кишисин
Бетин көөлөп урмакка,
Берендер кылды убада,
Бир ынтымак турмакка.

47.
Убаданы так кылып,
Кароолчуну сак кылып,
Калмак менен кытайды
Кайтарасың түндө деп.
Эки жүз эрге бактырып,
Кан Коңурбай сөз салат:
«Калкы баштуу экен деп,
Канкоруңду жактырып,

Аш берип жаткан буруттан
Ат жоголсо төлөйсүң.
Байлап берем Манаска
Күнөөлүү болуп жөнөйсүң.
Колуна түшсөң Манастын
Чымын жаның чыркырап,
Сөөгүң калбай быркырап,
Көрбөгөндү көрөсүң.
Калмактарың ууру деп,
Кабылан Манас кеп кылды.
Карап турган калайык
Канкордун сөзүн эп кылды.

48.
Кытайларың айбан деп,
Кыраан Манас кеп кылды.
Кыбырабай жаткын деп,
Кыргыздын беги чек кылды.
Кылычын салып мойнуна
Нескара менен Жолойду
Кыйла журтка бет кылды.
Кытай менен калмактан
Кыркча киши барганбыз,
Кыңк этпеске шерт кылды.» –

Деп Коңурбай угузуп,
Каапырдын баарын топтоду.
Манастын каарын көргөндү
Байкап калган окшоду.
Кароолчусу сак болуп,

Мылтыктарын октоду.
Чийинден бери аттабай
Кытай, калмак калың эл
Кан буугандай токтолду.

49.
Конок болуп алышып,
Мусулмандын баарысы
Бир-бири менен таанышып.
Кучакташып дос болуп,
Аты, тонун алышып,
Кыргыз элден башканы
Конокко алып багышып,
Кирерине бир миң үй,
Соёруна он миң той
Калмак менен кытайга
Конокко айдап барышып,

Ашка манас ээ болуп,
Бокмурун ашка сойгону
Күнүгө жүздөй бээ болуп,
Элдин баарын башкарган
Ак сакал Бакай, кан Кошой.
Аа кошулуп каапырдан
Бороончу менен чоң Жолой
Ушулардай дөө болуп,
Тамашанын маалында
Ат минбей көп эл жөө болуп...

# II. СЕМЕТЕЙ

## СЕМЕТЕЙ ЖЕТИМ КАЛЫП, БУКАРГА БАРЫШЫ

*(Инв.№182. Сол жакта көрсөтүлгөн - түпнусканын беттери)*

Алдадан амир келгенде,
Амалы канча бендеде.
Ак калпак элдин төрөсү
Арыстан Манас баатырың
Аманатын бергенде.
Кудайдан амир келгенде,
Кутулуш барбы бендеде?
Кара кыргыз элинин
Калаалуу темир коргону
Кабылан баатыр эр Манас
Каламдын ишин көргөндө,
Каныкей калган каралуу,
Кандуу бети жаралуу.
Арстандан калган туягы –
Каргадай жетим балалуу.
Эр Манастын энеси
Картайып калган Чыйырды
Жетимиш ашкан чамалуу.
Жетимди медер кылышып,
Жер алдына багышат.
Абыке, Көбөш арамдар

2.
Кастык кылып салат деп,
Жесирлер жүрөт санаалуу.
Буларга Абыке кылган кордукту,
Көбөштөн көргөн зордукту.
Акбай, Мамбет – эки кул
Буларга кылган эмеспи
Адам кылбас жорукту.
Буласын булап алышып,
Бузукту жаман салышып,
Абыкеге тийбейт деп,
Айткан сөзгө кирбейт деп.
Каралуу турган кезинде
Эмчегин жара чабышып,
Төрт түлүктүү малды алган,
Төөдөн бөлүп нарды алган.
Короодон айдап койду алган.
Жумшаган канча бойду алган.
Ак сарай сындуу үйдү алган.
Ашмачы болгон күңдү алган.
Алтын, күмүш, зерди алган.
Айыл-апа – элди алган.
Манастан калган мүлктү алган.
Бардык жыйган үрптү алган.

3.
Каныкейдин колунда
Карманарга не калган?
Кайгыланат жесирлер
Кастык кылып салар деп.

Каргадай жетим баладан
Жетимдин ашын ичсин деп,
Жесирдин тонун кийсин деп,
Айласы такыр кеткенде,
Мурдунун суусу жеткенде,
Арачы салып өзүнөн
Абыкеге тийсин деп,
А болбосо кара бет
Өлүү да эмес, тирүү эмес
Өлөрчө болуп жүрсүн деп.
Ашка, тонго зар болуп,
Өрттөнүп жаны күйсүн деп.
Жакыптын кылган акылы –
Жалпыга болуп маакулу...
Караан болуп келе албайт,
Арка болуп бере албайт.
Коркконунан кулдардан
Каныкейдин жакыны
Ошентип турган кезинде
Ойрону түшүп эсине

4.
Каныкей байкуш ойлонуп,
Каралды кылып жетимди
Кайрат кылып толгонуп,
Качайын деп Букарга
Чыйырдыга кеп салат.
Эне, биз эч Таласка бүлө болбодук,
Айланайын энекем,
Акылың айтчы берекем!?
Кечээ айкөл уулуң өлөрдө,
Азапты куу жан көрөрдө,
Айтып кеткен кеби бар.
Ары-бери ойлонсом,
Ушул айтканынын эби бар.
«Менин көзүм жумулса,
Талас сага жер болбойт.
Абыке, Көбөш арамдар,
Акбай, Мамбет жамандар
Азели сага эл болбойт.
Аталаш иттер кол салса,
Арага түшүп башка элден
Ар ким сага бел болбойт.
Кең-Кол сага жер болбойт.
Кезек кулдар эл болбойт.
Кете бергин Букарга
Кербен башың кем болбойт.

5.
Өзүмдөн калган бой тумар
Омурооңо тагып ал.
Өлгөндөн калган жетимди
Жетимдин ашын ичирбей,
Жетимдин тонун кийгизбей,
Өстүрүп жакшы багып ал.
Менин көзүм жумулса,
Аккелтени таянгын.
Өзүмдөн калган жетимди
Өзгө, жатка кор кылба!
Өстүрөр жагың карагын.
Он бешке жашы толгулча,
Арбагым келип конгунча,
Ашкере баатыр болгунча
Өчтөшкөн жоодон аягын.
Бул Таласты жердебей,
Букарга барып жай алгын.
Он бешке жашы жеткенде
Колуна бергин жарагын.
Акылынан чыкпагын
Аксакал Бакай аваңын.» –
Деп ошондо султаным

Карса-тарса жөнөлүп,
Жаздыктан башын көтөрүп,
Керээзин айтып кетти эле.

6.
Колумдан бекем кармаган,
Өкөөбүздө кешик жок.
Эне, уулуңдун алдына кетип калбаган
Ошондо өлөйүн дедим арымдан
Жанымды кыйбай калгамын.
Береги каргадай жетим барынан
Жалкыны карыш Актинте
Колума нечен алгамын.
Жетимиш ашкан энемди,
Береги жетим калган медерди
Телмиртип кимге таштайм деп,
Жанымды кыйбай калганмын.» –
Деп Каныкей айтканда
Өбөктөп калган Чыйырды
Озоңдоп үндү салды эле,
«Ойронум Манас ботом!» деп,
Эси ооп жатып калды эле.
Орошондой не жүзүндө
Кулунум, сендей кан арстан бар беле?
Айрылды кийген булумум.
Айкөл Манас кулунум.
Алты жыл казат кетсең да
Аркасы элең муунумдун.
Ардагым, сенден айрылып,
Азабын тарттым уулумдун.

7.
Абыке кулга кор болуп,
Арманым айтып турумун.
Арканда калган бала жаш
Арамдар кастык кылат деп,
Айласын таппай курудум.
Жыртылды кийген булумум,
Жыргалдуу Манас кулунум!
Жети жыл казат кетсең да
Кубаты элең муунумдун.
Жыргалым сенден айрылып,
Жыласың тартып курудум.
Жакыптан көрүп кордукту
Жанымды кыйнап турумун.
Кагылайын Каныкей,
Керээзин мага айтпачы
Кешигим Манас уулумун.» –
Деп Чыйырды кулады.
Кара жерди кулачтап
Карыган шордуу сулады.
Муну көрүп Каныкей
Кандуу беттен жаш кетип,
Катуу ыйлап жулкулдап,
Караан кылган энеси
Калчылдап жатып калганда
Камчыдай бели солкулдап,

8.
«Адырда жылкың ала баш
Аргымак атың аралаш,
Айкөлүм, көзүң өткөн соң
Айылдуу элдин баары кас.
Же аргын, ногой билүүгө
Акылын таап берүүгө
Арканда калган бала жаш.
Азабыңды тарттырбай
Арстаным Манас, ала жат!
Тоодогу жылкың ала баш,
Тобурчак атың аралаш.

Туйгунум көркүң өткөн соң
Топтуу элдин баары кас.
Топ ногойду билүүгө,
Кеңешин таап берүүгө,
Томуктай болгон бала жаш.
Тозогуңду тарттырбай
Туйгунум Манас ала жат!»-
Деп ыйлашып шордуулар
Көзүнүн жашы көл болуп,
Мурдунун суусу сел болуп,
Ар жорукту бир ойлоп,
Айланып башы дел болуп.

9.
Алмак-салмак алышып,
Арыстандан калган чунакты
Арка кылып тим болуп,
Ажалына булардын
Айкөлдөн калган бир туяк
Семетей жетим бел болуп.
Кан баласы Каныкей
Кайрат кылып курчанып,
Кандуу бетин нурдалып,
«Камынайын качууга
Капылет жатпай тынч алып.
Каралдымды багайын.
Кара кандын шаарына
Калк эмеспи мен барып
Арымды коюп мен бейбак
Атамкына барайын.
Алмадай болгон жетимди
Адам кылып багайын.
Атасын тарткан эр болсо,
Арбагы бийик шер болсо,
Абыке, Көбөш кулдардан
Анан өчүмдү алайын.
Алабарман жан болсо,
Арманымды айтып калайын.

10.
Кара канга барайын,
Калкына алман салайын.
Каргадай болгон жетимди
Катыктырып багайын.
Канкорду тарткан эр болсо,
Кара кулак шер болсо,
Кан Жакыбын баш кылып,
Калтырбай өчүмдү алайын.
Караламан жан болсо
Кайгымды тартып калайын.
Какшаалдардан өч албай
Кантип тирүү калайын.»
Бул акылды ойлонуп,
Колун сууга салды эми,
Кол дааратын алды эми.
Кан аралаш кара баш
Калтырбай жууп салды эми.
Кан Манастын кабырга
Караңгыда барды эми.
Аламдүүнү бат айтып,
Кулкулдават куранды
Куп келтирип жат айтып,
Куран окуп калды эми.
Жалгыз жанга билгизбей,
Жан кишиге туйгузбай,
Жанжакка кулак салды эми.

11.
Аркасынан боздогон
Ак тайлактай үн келди.
Айдын караңгысында
Адашып жүргөн ким деди.

Айткан сөзүн байкаса,
Абасы Бакай үндөндү.
Атын байкап караса
Көкчолоктой түрү бар.
Күңгүрөнүп боздогон
Көк жал Бакай түрү бар.
«Арыстан Манас жайдарым,
Айтсам чыкпайт арманым.
Алдыңа(н) мурда мен өлбөй,
Аппак сакал болгондо
Артыңда жалгыз калганым.
Атаңдын көрү куу дүйнө
Анык билдим жалганың.
Абыке, Көбөш эки кул
Аябай колду салганын.
Ошолорду аягынан тарта жат
Ааламды бузган балбаным.
Айыл-апа, коңшу жок
Айдай балам Каныкей
Ай талаада калганын...

12.
Зайыппуруш шер элең,
Тирүүдүр сенин арбагың.
Жетим, жесир шордууга
Султаным, жетер бекен
жардамың!
Кырк чилтен жардам болчу эле
Кыраан Манас сардалым.
Калк жайласа коробос,
Караны бийик кери элең.
Кара курттай каапырга
Качырган көк жал бөрү элең.
Кара кыргыз журтуңа
Калаалуу коргон-чеп элең.
Дин мусулман уулуна
Кап тоосундай бел элең.
Каза жетип мен өлсөм
Калкка даңкым жайуучу,
Кагылайын жайдарым,
Камкор Манас сен элең.
Карыганда калып артыңда
Кар болбосмун дээр элем.»-
Деп шонетип кан Бакай
Көк тулпарга өбөктөп,
Караңгыда келиптир.
Кан Манастын кабырын
Кас душмандар көрөт деп,

13.
Ачкүсөндөй бүгүлүп,
Авасын көрүп сүйүнүп,
Алдынан чуркап ат алды
Каныкей туруп жүгүрүп.
«Амансыңбы, ава?» – деп,
Кулдук уруп жүгүнүп...
«Кагылайын кулунум,
Жесир калар сен белең.
Карыганда султандын
Кайгысын тартар мен белем.
Жетимиң аман чоңойсо
Жетерсиң, балам, тилекке.
Жергелеш конуп эл менен
Батасын берип эр Бакай
Аттан түшүп олтуруп,
Акылын бир аз толтуруп,
«Табарикти» бүт окуп,
«Кулкулдоону» бат айтып,
Куп келтирип үч окуп,
Алакан жайып арбакка
Бата кылып болду эле.
Каныкейден сөз сурап,

«Алың кандай?» деп сурап,
Ыйлаганын койду эле.

14.
«О кулунум Каныкей,
Айкөлүңдүн барында
Алтындан болду кийгениң,
Ак ордо болду киргениң.
Күрөөкө болду кийгениң,
Көк чатыр болду киргениң.
Айкөлүң көзү өткөн соң,
Азабын тартып жүдөдүң.
Айылдан кууду жолотпой,
Мен дагы арымдан күйүп
жүрөмүн.
Эми кандай акыл табасың?
Кундакта калган жетимди
Кайда алпарып багасың?
Таласка турсаң кулунум,
Кара ниет иттерден
Бир балаага каласың.
Көпкөн кулдар жыйналса,
«Бизге тий!» деп кыйнаса,
Ажыратып алуучу
Арка болуп берүүчү,
Адам такыр калбады
Амалды кандай кыласың?
Андан көрө кулунум,
Алыска кетсең тынасың.

15.
«Айланайын аваке,
Бүгүн бейшембинин күнү эле,
Жуманын кадыр түнү эле.
Иниңиз жаткан кабырга
Куран окуп кайтмакмын.
Оюмдагы кеңешти
Аваке, сизге айтмакмын.
Эртеңки күн жумада
Ай туякты алмакмын.
Арбагы тирүү баатырга
Арнап бир мал чалмакмын.
Батаңызды берсеңиз
Букарды көздөй бармакмын.
Аваке, сизге эп болсо,
Арыстандан калган жетимди,
Алы кеткен энемди
Алып барып анда бакмакмын.» –
Деп Каныкей айтканда
«Макул, балам, макул» деп,
«Бул кеңешиң акыл» деп,
«Өзүңө Кудай жар болсун,
Жан билбесин такыр» деп.
«Мени да келбейт дебегин
Ушул болсун акыр деп.

16.
Андай болсо кулунум,
Эртеңки күнү жумада
Ай туягың сойдургун,
Ишембинин түнүндө
Илгерилеп жол жүргүн.
Жекшемби күнү болгондо
Жеткен жерге конуп ал.
Дүйшөмбү күнү болгондо
Таластын учу кайрылыш,
Эки жолдун айрылыш
Мени ошондон тосуп ал.
Атчан кетсең кулунум,
Жолсуз жерден жүрө албай
Жол төтөсүн биле албай,

Караңгыда адашсаң,
Кайра жолго кире албай,
Улуу жолго саларсың
Кокус жолдон адашсаң
Убара болуп каларсың.
Кара-Буура, Капкада
Кан Көбөштүн кароол бар.
Карматып салсаң кулунум,
Кастык кылар адам бар.

17.
Качып колго түштү деп,
Калкка уят кылбасын.
Кара ниет арамдар.
Азык алып, үй тигип,
Анда жаткан киши бар.
Андан аман өтүүнү
Ардагым балам, эсиңе ал.
Атчан кетсең кулунум,
Аркандан изиң чалбасын.
Кары кемпир, жаш бала
Качкан менен кутулбай
Каргаша кылып салбасын.
Карматып салсаң кулунум,
Кас душман зыян кылбасын.
Талас кетчү тасма жол,
Кемин кетчү кашка жол.
Казак кетчү кара жол
Каршы-терши ара жол.
Үч айрылыш жол келет,
Аман жетсең ал жерге
Аваңдын сөзү оң келет.
Андан ары кетүүгө
Арбак бизге жар болсо,
Алда Таалам жол берет.

18.
Минериңе ат алып,
Ичериңе аш алып,
Аркандан өзүм жетемин.
Кетесиң менден бата алып.
Жан кишиге көрүнбөй,
Жөө баскандан эринбей,
«Качкан экен Каныкей
Кармап алдык» дедирбей.
Жарагың болсо ала жүр,
Жат киши көрсөң кулунум,
Жерине эсен жибербей...»
Баатыр Бакай муну айтып,
Кача турган түрүңдү
Билгизбе деп кылайтып.
Кулдук уруп Каныкей
Авакесин аткарып,
Кайра тартып басты эле,
Жетимим аман барбы деп.
Жеткиче чуркап шашты эле.
Житирме кылган жеринен
Семетейди ачты эле
Кулдардан мынтип жашырып,
Жер алдына бакчу эле.

19.
Тараза жылдыз батарда,
Таң саргарып атарда,
Дүңгүрөп табыш угулду
Муну уккан соң Каныкей
Кармай жаткан кылычты
Шып этип кындан суурудy.
Шашканынан бейтаалай
Босогого урунду.
Керегенин башынан,
Кесип койгон тешиктен,

Шыкаалап карап калганда
Айдагандай топтошкон
Жылкы көрдү эшиктен.
Ай туяк таппай турганда
Алдакандай жылкы эле.
Бул алдыма келип кезиккен?»
Деп ойлонуп энекең
Эшикке чыга калды эле.
Эки жагын каранып,
Жылкыга көзүн салды эле.
«Камбар боздун үйүрү экен
Айланайын жаныбар
Бул эмине кылып жүрдү экен?

20.
Арбагы тирүү айкөлүм
Айдап мага келгенби?
Айласыз(дан) жараткан
Ашкере тилек бергенби?
Ничке жибек аркандан
Боолук кылып алайын.
Болжоп туруп курган жан
Балтырдай болгон боз бээнин
Мойнуна эптеп салайын.» -
Деп Каныкей камынып,
Ай туяк таппай турганда,
Алдынан малы табылып,
Абыке алган Камбар боз
Арбакка туура кабылып,
Каныкей чалма урганда.
Уя жалдуу чоң боз бээ
Мойнуна аркан чалынып,
Ноктолоп алды Каныкей
Шейит өткөн шерлердин
Арбагына жалынып.
Ал аңгыча болбоду
Ак куржунун салынган,
Ак селдесин оронгон,
Атчан келди көп киши
Санап көрсө кырк киши

21.
«Омиин!» деп кол жайышып,
Кошо келди үч киши
Кырк үч киши кол жайып,
Бата кылып салды эми.
Муну көрүп Каныкей
Айран-азыр калды эми.
Кырк кишини таанныбайт,
Аларга анча наалыбайт.
Кийинки келген үч киши
Көзүнө жылуу учурайт.
Бирин байкап караса,
Тегерете санаса,
Кара динден ак болгон,
Калкынан качып жат болгон,
Бээжинге таштап жыйганын,
Бер деп сурап Кудайдан
Бейишке каалап ыйманын,
Кытайга таштап жыйганын,
Кыяматка Кудайдан
Бере көр деп ыйманын...
Мекеге барып өлсөм деп,
Бейиштин жүзүн көрсөм деп,
Медийна барып өлсөм деп,
Мусулман элин көрсөм деп,

22.
Кыска өмүрлүү жалганда
Кытайдан чыгым болом деп,
Алтын тажы башында,
Жыйырма сегиз жашында,

Асманда мунар боз болгон,
Айкөл Манас баатырга
Качып келип Кытайдан
Акыреттик дос болгон.
Азиз кандын жалгызы
Алмамбеттин түрү бар.
«Айланайын аяш!» деп
Барайын десе Каныкей
Көзүнө жакшы токтолбойт.
Ажыдардай сүрү бар
Деп чуркурап бейтаалай
«Досуңдан калган жесирге
Алакем – аяш, көзүң сал!»
Биринин түрүн караса,
Бул дүйнөдө малы бир,
Акыретте жаны бир,
Акбалта кандын Чубагы
Айкөл Манас баатырга
Акыреттик ынагы
Оолукканын байкаса,
Окшой түшөт бу дагы.

23.
Ошолорду көргөндө
Ойрон болгон Каныкей
Озоңдобой турабы.
Биринин түрүн караса,
Атка жеңил, тайга чак,
Айтылуу баатыр эр Сыргак.
Улак кандан туулган,
Урушта кылыч суурган,
Сансыз душман беттешсе,
Салып өткөн чуулган,
Сайышам деген баатырдын
Заманасын куурган.
Ар жоругун байкасам
Деле айрып алгыс уулдан.
Кагылайын Сыргакты
Карыганда бакканым.
Кабагын серпип карабай
Кадыры менен жакканым.
Кабылан Манас төрөмө
Кайыптан акыл тапканым.
Бери карап койсочу!» -
Деп ойлонуп Каныкей
Улам бирин караса,
Учураш деп санаса,
Жалт-жулт этип көрүнсө
Жаңылып калат адаша.

24.
Кыдырата санаса,
Кырк кишини караса,
Падыша Манас барында
Колдоп жүргөн кырк чилтен,
Кошо жүргөн Бабедин
Белди айлана бергиче
Белдей кызыл тал бүткөн
Периштелүү султанга
Берешен Кудай жар бүткөн
Өйдө айлана бергиче
Үйдөй кызыл тал бүткөн.
Зайыпкуруш баатырга
Үстүртөн Алда жар бүткөн.
Өлөт десе өрчүгөн,
Өзүн Кыдыр эрчиген,
Колдоочусу Кожо Акмат,
Кол бергени Ак эшен
Жөлөөчүсү бир Кудай
Жөн бергени ушундай.
Кайыбынан табылып
Каралуу болуп олтурган

Каныкейге кабылып,
Кайып болуп кетти эле,
Аркасынан жети ажы
Алар да удаа жетти эле.

25.
Ак боз бээни союшуп,
Асылуу казан, жагылуу от
Аш бышырып ичти эле.
Адамга түрлүү көрүнгөн
Алданын иши күчтүү эле.
Эшегин минген дубана
Эшикке келип түштү эле.
Эчтеме калбай боз бээден
Эми бышып бүттү эле.
Эшекке этин бүт артып,
Сорпосун койбой ичти эле.
Асасын минип алдына,
Эшегин салып жолуна.
Боз бээнин терисин
Бүктөй кармап колуна.
«Ак!» деп айтып бакырып,
Алданын атын чакырып,
Айлана берип сеңирди
Ал да кайып болду эле.
Тараза жылдыз батты эле,
Таң агарып атты эле.
Чыйырды менен Каныкей
Намаз окуп жатты эле.
Бата кылып болгон соң

25.
Көргөнүнүн баарысын
Энесине айтты эле.
«Кагылайын кулунум,
Кандай сөздү саласың?
Андай сөздү көп айтсаң
Алы кеткен энеңди
Бөөдө өлтүрүп аласың.
Манасым бойго бүтөрдө
Ак селдечен кырк киши
Бир көрүнгөн көзүмө.
Манасым жерге түшөрдө,
Аралаш жүргөн өзүмө.
Айкөлүң атка мингенде
Абторойду билгенде,
Аркасында жүрчү эле.
Айкырып жоого киргенде,
Кубангансып айтасың.
Колдоп жүрсө Манасты
Каралуу калып куу тумшук
Кайгы(ны) неге тартасың?
Ай туяк өзү келди деп,
Аптыккансып айтасың.
Аралаш жүрсө биз менен
Айкөлүңдөн айрылып,
Азабын неге тартасың.

27.
Алар Манаска бүткөн бак эле,
Жарыктык бар экен го дагы эле.
Кыямат кеткен кыраның
Быйыл кырк тогузда табы эле.
Кудуреттин кылганы ай
Кыл эле мүчөл чагы эле.
Эр ортону элүүгө, балам,
Эми эле кирмек жаңы
эле, ботом.»
Чыйырды айтат мындай кеп,
«Кетели балам, турбай» дейт.
«Бир Семетей бала үчүн
Биз басалык тынбай» дейт.

«Атасынын арбагы
Азыр деле жүргөн турбайбы,
балам.
Айымы сенден жылбай дейт.
Кундактагы жалгызга
Кудурет жардам болот бейм,
балам.
Колдогону кырк чилтен
Кор кылып жоосун соёт бейм,
балам.
Атасынын арбагы
Айныбай келип конот бейм,
балам.
Кундакта жаткан жалгызың
Курагына жеткен бейм, балам.
Баатыр болуп чоңоюп,
Букардан кайра келет бейм,
балам.

28.
Өлгөнүң көрө кулдардан
Өчүңдү алып берет бейм, балам.
Талап алган какшаалдын
Талпагын ташка керет бейм,
балам.
Камбар боз үйүрү келгени, балам,
Кайыптан Кудай бергени, балам.
Кан баласы Каныкей
Кайрылып элин көргөнү, балам.
Бул кабарды укканда,
Кара кан кызы Каныкей
Жүрөгүнө курч байлап,
Билегине күч байлап,
Кеч кирсе сапар жүрөм деп,
Кетер жолун ыңтайлап,
Алмамбеттин Сырбараң
Кундагын оңдоп кыскартып,
Жалкыны карыш Актинте
Жалаң белге кыстарып,
Ок-даарыны мол алып,
Кыбыланы бет алып,
Жүрмөк болду жол тартып.

---

*Каныкей байбиченин жөө басып жөнөшүнө көзү кыйбагандыктан жазылган жок.*

29.
Дүйшөмбү күнү бешимде,
Бешим оогон кезинде,
Дүрбүсүн алып колуна,
Дөбөнүн чыгып жонуна,
Эки көзү энеңдин
Таластын тасма жолунда.

Адырды түптөп кыркындап,
Артынган чанач булкулдап,
Адам көрбөс жай менен
Абакең келет сай менен.
Ат жабдыгы жылтылдап,
Эки семиз ат менен.
Эт бышырып, сүзмө алып,
Гүлазыгын мол алып,
Күрөөкү, жибек тон алып,
Келип калды эр Бакай.
Кереӊ төөсүн чогуу алып.
Кымыздан ичип канышып,
Кыйла сөздөн салышып,
Кызматын көрүп аваңдын
Кызырды жолдон табышып,

Букардын жолун басмакка,
Жетимин алып качмакка,
Амандыгын кагазга
Ар убакта жазмакка

30.
Он беш жылда кайрылып,
Таластан элди тапмакка,
Айкөлдөн калган туягын
Ала качып кулдардан
Алыскы жерге бакмакка
Кеңешин айтып кеп кылып,
Келини менен авасы
Бирине-бири эп кылып,
Кекенген кулдар койбойт деп,
Кек сакташып шек кылып.
Оролуп Талас келүүгө
Он беш жылды чек кылып.
Акылдашып олтуруп,
Аягын сөздүн бек кылып,
Батасын алып Бакайдын
Бастырмак болуп турду эми.
Баатыр Бакай аваңыз
Баркырап сөздү урду эми:
«Он беш жыл кайда, сен кайда,
балам?
Ойрон бир аваң мен кайда,
балам?

Жесир катын, жаш бала, ботом.
Жетишип көрөр күн кана, балам?
Сапарың болсун бей катар, балам.
Саламат болгун ал жайда балам.
Семетейди жыттайын, балам,
Кубат бир болор мындайда,
балам.

31.
Сагынармын жетимди, балам.
Тапшырдым жалгыз Кудайга,
балам.
Кыргыздын тилин буздурбай,
балам,
Кыла көргүн бир айла, балам!»
Ушул сөзгө жарады
«Унутпа!» – деп,- аваңды.
«Бир Кудайга аманат
Баатырдан калган каралды.
Аман-эсен барбы деп,
Ар убак бөлөм санаамды» –
Деп ошентип эр Бакай
Көк тулпар оозун бурду эми.
Көңүлү кетип сай-сайлап,
Көзүнөн жашы куюлуп,
Көпкө тиктеп турду эми.

Чыйырдыны жетелеп,
Чымырканып Каныкей
Чындап жолго кирди эми.
Кол кармашып, коштошуп,
Коктуда үчөө боздошуп,
Ажырашып жөнөштү.
Турбайлык деп токтошуп,
Бирөө көрүп калбасын
Талаада турсак топтошуп,
Мууну кетип калышкан
Байыркы сөздөн козгошуп.

32.
Көк тулпар менен шылкыйып,
Көкжал Бакай келатса,
Жер көрүнбөй караңгы
Таласты туман баскандай,

Кең-Колдун оозу көрүнөт
Кейишке түшүп жаткандай.
Томсоруп ээн калыптыр
Тоо куланып, жар нурап,
Тозоңдун чаңы жапкандай.
Тоо томсоруп көрүнбөй,
Күн тийбей күүгүм киргендей.
Токою башын ыргашат
Доол уруп, мөндүр тийгендей.
Канаттуу куштар чыйп этпей,
Канаты өрткө күйгөндөй.
Суу шылдырап, жыбылжып,
Сууктун бели тозгондой.
Кара нар баштап төө чубап,
Каныкейдин артынан
Качып жерден бозгондой.
Каз, өрдөк тап-топ олтурат
Калкышып көлгө козголбой.
Карчыга куштар олтурат
Калгансып колу бош болбой.
Жан-жаныбар, макулук
Жаткансыйт капа болгондой.

33.
Дөбөлөр турат бозоруп,
Дөңүнө жыйын-топ болбой.
Кан Манастын конушун
Каргалар ээлеп алыптыр,
Катарлап күрөөн эл конбой.
Муну көрүп Бакайдын
Кантип чыдайт көңүлү.
Кайгысын айтып боздобой
Көңүлү кетти бузулуп,
Көзүнүн жашы токтолбой.
Күүлөнүп шамал-жел тийсе
Күмбөзү турат күңгүрөп.
Күйүтүн айтып кошкондой.
Каралды кылган Каныкей,
Каргадай жетим Семетей
Качып кетсе Букарга
Канетет күйүп жок болбой?
Кабылан Манас баатырдын
Калабы орду жоктолбой?
«Кайрылып кайра келбейтко
Кагылайын балдарым
Каргаша кулдар жок болбой.»-
Деп буркурап кан Бакай
Кең-Колду өрдөп кетти эми.
Кейиген менен нетти эми?

34.
Муну мындай таштайлы.
Алыска сапар жөнөгөн,
Алдына бала өңөргөн,
Чыйырдыны коштогон,
Чыйрак бейбак оштонгон,
Чыңырып үнүн угузбай,
Чыйырдыга туйгузбай,
Чымындай жаны өрт болгон
Ар санааны көп ойлоп,
Ичине капа жык толгон.
Ала-Бел, Өтмөк, Шумкар-Таш
Белин эстеп бир койбой,
Адыры чарба, малга жай,
Ай талаасы данга бай
Айтылуу Талас, чоң Кең-Кол
Жерин эстеп бир койбой,
Алтыны аттын башындай,
Күмүшү сайдын ташындай,
Өзөнү токой: тал, терек.
Өрдөшү толгон карагай
Кенин эстеп бир койбой...

35а.
Азаматы айбаттуу,
Карыялары кайраттуу.
Келиндери маңкайган,
Кемпирлери даңкайган.
Ар бир өзөн шыркырап,
Аппак үйлөр даңкайган.
Боз балдары зыңкыйган
Кыз балдары суналып,
Кыргый куштай зыпыйган.
Желектүү найза ыргаган,
Жердеген адам жыргаган.
Жигити шайыр, уулу март
Элин эстеп бир күйүп.
Аттары тулпар жүгүрүп.
Адырда кою түрүлгөн.
Төөлөрү пилдей күч берген,
Уйлары челек сүт берген
Малын эстеп бир күйүп

35.
Ак калпак элдин жоругун,
Ар ишинин порумун,
Оюн, күлкү, тамаша
Обу жок артык сонунун -
Дагы эстеп бир күйүп,
Мурун-соңку көргөндүн
Баарын эстеп бир күйүп.
Караан болгон эр Бакай,
Акырет кеткен зор Манас,
Биттейинде бириккен,
Бармактайда баш кошкон
Жарын эстеп бир күйүп.
Кайын атасы Жакыптын
Чоңдугун эстеп бир күйүп.

36.
Абыке, Көбөш арамдын
Кордугун эстеп бир күйүп.
Акбай, Мамбет кулдардын
Зордугун эстеп бир күйүп.
Айткан сөзү булардын
Чордугун эстеп бир күйүп.
Карыганда Чыйырды
Качканын эстеп бир күйүп.
Кара жолдой адырдан
Басканын эстеп бир күйүп.
Качырып жалгыз жетимди
Шашканын эстеп бир күйүп.
Кабылан баатыр эр Манас
Арстанын эстеп бир күйүп.
Кара чачы жайылуу,
Кандуу бети жыртылуу,

37.
Адам көрбөс азапты
Тартканын эстеп бир күйүп.
Кан казына-мүлктөрүн
Чачканын эстеп бир күйүп.
Күндөп-түндөп бейбагың
Келе жатат жол жүрүп.
Чырым этип уйку албай,
Чыканактап тынч албай,
Букарга жакын келди эле
Он сегиз күн жол жүрүп,
Аз гана эмес, мол жүрүп,
Ашуусу бийик тоо ашып,
Алда нече жол басып.
Агыны катуу суу кечип,
Ат чалдырып, аш ичип,
Аттануучу Каныкей
Арага жатпай бел чечип,

38.
Күндүз жүрөт карабай,
Күн эсебин санабай.
Түндө жүрөт карабай,
Түн эсебин санабай.
Аттары чайлап союлгур
Басууга калды жарабай.
Ээрин алып жайдактап,
Өкөөнү бирге баймактап,
Отко койду чөп үзбөй
Ууртап жутуп суу ичпей,
Туурасы кеткен оюлуп,
Туягы калган жоюлуп.
Күнү-түнү өргүсө
Чөп жебеди тоюнуп.
Кызыл майлап жинигип.
Кындырдай бели чоюлуп.

39.
Суулап жатты аттары
Калуучудай союлуп.
Өргөө болуп келгени
Өзүбек, тажик эл да бар.
Өргүү болуп алууга
Өзүнчө кыштак жер да бар.
«Өзүмдү таанып калбасын
Манаска өчүгүшкөн эр да бар.
Өлгөнүн уккан Манастын
Өч алсам деген белде бар.
Айылга түшө калбайын,
Азапка башты малбайын,
Алман берген сарттардын
Алдоосуна калбайын.
Айран уулап жүргөнсүп,
Аялдык кылып салбайын.

40.
Жол боюнан чыкканды
Жоботуп сөзгө алдайын.
Караңгыда чыкканды
Калтырбай тирүү жалмайын.
Кара канга жеткиче
Кажыбайын, талбайын.» –
Деген ойду ойлогон,
Элдүү жерге конбогон.
Ээндей тартып жол басып,
Эч бир өргүү болбогон.
Ушул жерге келгенде
Эки аты бирдей сойлогон.
Арбакка арнап мууздап,
Аттардын башын кести эми.
Алдына алып Семеңди
Акырек түймө чечти эми.

41.
Бөктөргүч байлап белине
Бөкчөйүп жаткан энесин
Аркасына көтөрүп,
Андан жөнөп кетти эми.
Сыр бараң болуп таягы
Сыпаалык кайда баягы.
Күнү-түнү басканда
Зыркырап ооруйт аягы.
Эки киши көтөрүп,
Эченди баштан өткөрүп,
Улуу жолдо баратат
Ургачынын жаяны.
Кайдан кылды Каныкей
Кайнаган чөлдүн ысыкта
Камыккансып Семетей,
Басып келет Каныкей.
Баркырап ыйлап Семетей

42.
Эмчегин салып оозуна
Эжеңиз келет кенебей.
«Ээ Каныкей кулунум,
Эс алсаңчы токтоп» – деп,
Эмшеңдеп ыйлап Чыйырды
Көзүнүн жашы себелей.
Үч күн, үч түн жол басып,
Түнүнкүсүн мол басып,
Улуу суугa келгенде
Агарып чыкты таң атып.
Колун сууга малышты,
Кол даарaтын алышты.
Бутун сууга малышты,
Бут даарaтын алышты.
Каза болгон намазын
Калтырбай окуп калышты.

43.
Азык ичип эс алып,
Алыска көзүн салышты.
Аркайыңкы боз сеңир
Аны көрүп таанышты.
«Кагылайын Каныкей,
Карыганда сага жүк болдум.
«Токто!» – деп какшап келайтып,
Тоготподуң, шүк болдум.
Эми ушу жерде калайын.
Улук кандын шаарына
Учкашып сага көтөртүп,
Уялбай кантип барайын,
Убара кылып мен сени.
Уруксат бер! Кулунум,
Убалыңа калбайын.
Айнектей жүзүң боз болду.
Алтындай сөөгүң жез болду.

44.
Алды-артыңда жүгүң бар,
Азапка башың кез болду.
Күзгүдөй жүзүң тер болду.
Күмүштөй этиң кир болду.
Күйүтүн тартып төрөңдүн
Көзөлүп жүрөк чер болду.
Күйүтүңдүн үстүнө
Көтөргөнүң мен болду.
Таманың ташка жоор болду.
Татканың ачуу шор болду.
Таалайың артык жан элең
Талаптуу башың кор болду.
Ак сүтүмдөн кечейин,
Ашык сүйлөп нетейин,
Ардактап мени көп бактың
Алдыңа сенин кетейин.
Аяңдап басып жүрө бер
Аркаңдан эптеп жетейин.

45.
Боз сеңир көрүп тааныдың,
Болукшуп жолдо чаалыдың.
Ал кай жердин сеңири?
Боорумдан чыккан жарыгым.» –
Чыйырды мындай дегенде,
Каныкей айтат улуу кеп.
Бейбактын айткан бул сөзү
Кары, жашка жылуу кеп:
«Кадимден бери энеке,
Калк сыйлады улуу деп.
Айкөл уулуң барында
Алтынды жездей кармадым.
Ажыга барсаң көтөрөм
Арыдым деп талбагын.

Күлүстөн уулуң барында
Күмүштү жездей кармадым.

46.
Күнөөдөн башым кутулар
Күчүмдү сизге арнадым.
Келиниң болуп мен жүрдүм
Кеңешиң айтып сен жүрдүң.
Керээзи бар уулуңдун
Кейитпейм, эне, мен бүгүн.
Таласты билип мен жүрдүм,
Таянычым болуп сен жүрдүң.
Тарта албай бутум калсам да
Таштабаймын мен бүгүн.
Арстанды тууган ардагым,
Алтындан калаа чарбагым.
Акыретке унутпайм,
Айкөлүмдүн арбагын.
Баатырды тууган берекем
Баркыңды билер мен экем.

47.
Баанайыбыз Семетей
Бар болсун аман көлөкөң.
Каламын деп айтпачы
Кагылайын нур Мекем!
Мекеге барсаң мен даяр
Берерге күчүм эң даяр.
Ажыга барсаң мен даяр.
Алпарар күчүм эң даяр.
Аламан элдей бакпаймын,
Ашымды сизге сактаймын.
Алты жыл жолго жөө бассам.
Арыдым деп жатпаймын.
Алтынга ороп өлгөнчө
Ак сүтүңдү актаймын.
Ак көйнөгүң кирдетип,
Арбакка ишим зилдетип,
Акыретке барганда
Азабыңды тартпаймын.

48.
Булут баскан боз сеңир
Букардын берки чети ошол.
Атамдын кароол коючу
Ак жекендин бети ошол.
Аянбай күн-түн жол бассак
Айылга жетер кез ошол.
Ак палбан деген киши бар.
Бизге ат берүүчү киши ошол.» –
Деп ошентип Каныкей
Жолго кирди «Алда!» деп.
Эне чарчайт экен деп
Чыйырдысы жонунда.
Семетейи колунда.
Эрмек кылат куу тумшук
Ээн талаа жолунда.
Алаксытат көңүлүн
Алтымыш санаа, миң мүшкүл
Айланып түшөт оюна.
Акыл ойлоп үшкүрүп,
Ар ишти эске түшүрөт.
Кара канга айтарын
Камдап ичтен бүтүрүп.

49.
Калкка айтуучу жообун
Канча түрлүү күтүнүп.
Алысты санап ойлонуп,
Арманын эстеп толгонуп.
Абыке, Көбөш арамдан
Аттанып чыккан кор болуп.

Бакай менен коштошуп,
Басканы алыс жол болуп.
Санаа менен жол басып,
Салкында тынбай мол басып,
Далай жерге келиптир.
Дайра кечип, бел ашып,
Кароолдун берки четине
Жетип келди түн катып.
«Жаталы эне, ушундай
Жайбаракат эс алып.» –
Деп Каныкей токтолуп,
Көргөн киши жок болуп.
Эркелеп жүрүп өскөн жер
Эчен бир дарты козголуп.
Кандын кызы ойноочу
Кашында кырктан кыз болуп.

50.
Уктабай таңды атырып,
Уктап жаткан Чыйырды.
«Туруңуз!» деп чакырып.
Даарат алып булактан,
Даамын берип таттырып.
Намазын окуп бүткөн соң
Далайга ою чачылып:
«Кашкар кетчү кара жол
Кайра басып кетсемби?
Азирети Аппактын
Кабырына жетсемби?
Ооган кетчү орто жол
Муну менен кетсемби?
Опол тоодо Акун кан
Үргөнч бойлоп жетсемби?
Мекенин жолун бассамбы?
Медина кирип барсамбы?
Түрк баласын таянып,
Түптүү болуп алсамбы?
Кара кыргыз, калың түрк
Бир атадан дечү эле
Акырет кеткен айкөлүм
Аныгын айтып берчү эле.

51.
Төркүнүнө каралап,
Төмөнкү адам келчи эле.»-
Деп ойлонуп Каныкей
Басарына жол таппай,
Барарына жер таппай,
Букарга кирип барышы
Көңүлүнө түк жакпай,
«Соодагер өскөн эл эле
Соктуга кирип барбайын.
Соо кезимдей жүрө албай
Сопол болуп калбайын.
Шаарда өскөн эл эле
Кадимкимдей жүрө албай,
Копол болуп калбайын.
Бара электе ойлоюн.
Барксыз жесир болбоюн.
Жете электе ойлоюн,
Жесирлик атка конбоюн.
Жай таба албай келди деп,
Жаман атты болбоюн.

52.
Бирак айкөл төрөм айтты эле
Төркүнүңө баргын деп.
Арбак сыйлап баркtаса,
Арка кылып калгын деп.
Айтканын сыйлап төрөмдүн
Абыдан байкап көрөйүн.
Арбагына чет болбой

Акыретке барганда
Айкөлүм сындуу төрөмдүн...» –
Деп ойлонуп Каныкей
Төмөндөп бир аз басты эми.
Беш айрылыш чоң жолдун
Белгилүү түйүнүн тапты эми.
Медийна кетчүү ичичке жол
Болжоп бура тартты эми.
Ничке жолду төтөлөп,
Чыйырдыны жетелеп,
Буртулдаган ак топо
Чаңы асманга көкөлөп,
Кунан чабым барганда,
Кароолдон узап калганда,

53.
Күн чачырап калды эле.
Учу бийик тоолорго
Кароолго чыккан Акбалбан
Карга учурбас сак балбан
Дүрбүсүн алып колуна,
Түркүн-түркүн жолуна,
Көзгө дүрбү алды эле,
Көшөөрүй карап калды эле.
Ничке жолдун жээгинен
Абдан тиктеп байкастап,
Далайга көзүн салды эле.
«Качкан-бозгон төөбү деп,
Карайлаган жөөбү деп,
Эшек минген жанбы деп,
Ээн жүргөн малбы деп,
Киши болсо тамтаңдап,
Эмине үчүн барды деп.
Ак элечек, көк жолук
Адамга окшош көрүнүп,
Ээрчишип баратат
Ажырашпай бөлүнүп.

54.
Алда кандай жан болду,
Ажап кызык чаң болду.
Барбасамбы, барсамбы?»-
Деп ойлонуп, көп тиктеп,
Балбандын башы маң болду.
«Не да болсо барайын,
Андан кабар алайын.
Адашып жүргөн жан болсо,
Анык жолго салайын.
Амалдап жүргөн жоо болсо,
Алмадай башын чабайын.» –
Деп ошондо Акбалбан
Адилет сымак так балбан
Ээрдеп атын токунуп,
Чаң ичинен көрүнгөн
Эки жандан чочунуп.
Кылычын белге байланып,
Кыйгактуу темир найза алып,
Соотун кийип ичинен,
Чок самсаалап бүчүдөн,
Атка минип дардайып,
Арбагы бийик барбайып,
Камчыланып чу койду
Ак кажырдай далдайып.

55.
Чаң артынан жетти эле,
Чапкан бойдон өттү эле.
Келе жаткан жөөлөрдүн
Жандай салып Акбалбан
Эки бута кетти эле.
Каныкей байкап караса,

Ким экен деп санаса,
Кара кандын балбаны
Каныкей таанып калганы.
Бетинде торун бүркөнүп,
Бейбактын түрү бүркөлүп.
Таанырсың кулум шашпай деп,
Тарынгансып жинденип,
Алтын жака күрмөчөн
Ачуусу келип бир нечен,
Бала каздай байпайып,
Карчыгадай кайкайып,
Накери бутта чойкоюп,
Нар тайлактай койкоюп,
Кишисиңби дебестен,
Ким экенин билдирбей,
Токтоло калып кидирбей.
Балбанды көзгө илбестен

56.
Акырын таштап жай басып,
Аземдүү бейбак келатат.
Кайра тартып Акбалбан
Карап турду так балбан.
Канга ылайык бир зайып
Кабылганга таң калган.
«Кебетеси, келбети,
Сөлөкөтү, сөөлөтү
Бекер жүргөн бул эмес,
Кандан башы куру эмес.
Ызат кылып барайын
Атты тушай салайын.
Камчы, кылыч, найзамдын
Барын таштап бул жерге
Сылык сүйлөп, сыр сурап,
Сөзүн угуп канайын.» –
Деп ойлонуп Акбалбан
Аттан түшө калды эми.
Айтканындай жай басып,
Алдынан тосо барды эми.
Ак куудай кийими үлпүлдөп,
Аста басып бүлкүлдөп,
Жубардай өңү жымылдап,
Жосуну башка кыймылдап.

57.
Алтын таяк таянып,
Аста басып аянып,
Жакут таштан көз айнек
Жалтылдата каранып,
Аркасында байбиче
Аземи бар бир нече.
Куу терисин орогон,
Кутманым деп жорогон.
Бетине торгун жабылган,
Берешен Кудай кур койбой,
Бейбакка мерсет табылган.
Бешиги жок кундакчан
Баласы бар колунда.
Балбан турат жолунда,
Эмине дээрин биле албай,
Эндирей түшүп жүрө албай,
Жайын сурап булардын
Жакшылап угуп тил албай,
Бооруна колун алды эле.
«Амансызбы эже?» – деп,
Балбан сурап калды эле.

58.
Борумдуу өскөн кара бет
Болор-болбос бүлк этип,
Болбой жолго салды эле,
Жандай салып Акбалбан

Жакыныраак барды эле.
Жаркыраган бейбакка
Жана көзүн салды эле.
Бешенеси белгилүү,
Бери чыккан сулуудай
Бетинде тырмак изи бар.
Берен кыргыз уруудай.
Ары-бери ойлонуп,
Акбалбан калды сөз салып:
«Азыраак токтоп турсаңыз
Алтындай эже, эс алып!?
Кай шаардан келесиз,
Кайсы жакка барасыз?
Кандын айымы окшойсуз,
Кандай жөө басасыз?» –
Деп Акбалбан сурады.
Сурабай карап турабы?
«Токтой турчу эже!» – деп,
Тозуп алдын муунады.

59.
Каныкей туруп кеп айтат.
Как ушундай деп айтат.
Кайда бара жатканын
Калтырбастан эми айтат:
«Барар жерим Майстан.
Турар жерим Чилисиен.
Байым өлгөн. Жесирмин.
Падыша эле күлүстөн.
Сооп үчүн жөө бастым
Сурасаң балбан бир иштен.
Анда балбан түшүнүп,
Айтууга азыр күтүнүп,
«Айланайын эжеке,
Сөзүмү ук!» – деп бүтүрүп.
«Кара кандын эркеси –
Каныкей эжем экенсиз.
Кабылан Манас жездемдин
Айымы эжем экенсиз.
Айылыңыз турса бул жерде,
Алыстап кайда кетесиз.
Бетиңизде пардадан
Бейлебей калдым, эжеке.
Бул күнөмү кечерсиң!

60.
Атка минип алыңыз.
Айыл жакка барыңыз.
Аман-эсен жатышат
Атаңыз – Кара каныңыз.
Шаар жакка барыңыз,
Шашпай өргүп алыңыз!
Керек болсо берели
Малыбыз тургай жаныбыз.»-
Деп Акбалбан айтканда,
«Барбаймын балбан, элиңе,
Жолобоймун чениңе.
Каралуу катын тамтаңдап,
Калк кыдырган эмине?
Сооп издеп кетпесе,
Турбайбы ар ким жерине.
Угузбагын, Акбалбан
Кайның менен бегиңе!» -
Деп Каныкей жөнөдү.
Айтканына көнбөдү.
Сыр алдырбай балбанга
Сылай сүйлөп көндүрдү.
«Токто!» деп кайра айталбай,
Тоскоол кылып жаталбай
«Кош эжеке!» эми деп,
Каныкейге бата албай.

61.
Атына чурап минди эми,
Кара кан көздөй жүрдү эми.
Алеки саат болгунча
Кең Букарга кирди эми.
Корбашыга ат берип,
Аялдабай бат берип,
Кара кандын ордого
Катуулап басып барды эми.
Эшиктеги сакчылар
Эмине шаштың балбан деп,
Ээрчий басып жүрдү эми.
Таажысын кийип башына,
Тактасын минип алдына,
Кара кан сындуу улугуң
Олтурат эле жайланып,
Увазири кашында.
Салам айтып, кол берип,
Басып барды Акбалбан
Демиккенсип энтигип.
Шашып барды Акбалбан
Каным, сизге арызым бар,
Айта турган карызым бар.
«Ничке жолун чаңдатып,
Көргөн жанды таңдатып

62.
Эрке балаң Каныкей
Эркек бала колунда,
Энеси окшойт жонунда
Майстанга барам дейт.
Сооп үчүн жөө баскан
Өзүм жесир адам дейт.
Каның менен бегиңе
Айтып койсоң көрдүм деп
Алмадай башың алам деп,
Күлүстөнүм өлгөн дейт.
Күйүткө башым көнгөн дейт.
Ат мин десем болбоду.
Адамбы деп койбоду.
Жүрүң десем болбоду.
Жансыңбы деп койбоду.
Айтайын деп каныма
Акбалбаның ойлоду.
Атка минип чаптым мен
Ашыгып катуу шаштым мен.
Алыска узап кетет деп,
Алдыңызга айттым мен.» –
Деп Акбалбан айтканда
Жаш төгүлүп көзүнөн,

63.
Тана түшүп эсинен.
Сакалы кетти сербейип,
Муруту кетип эрбейип.
Тула бою солкулдап,
Турбай ыйлап болкулдап,
Тагынан кулап кетчүдөй
Тамталаңдап калчылдап,
Сүйлөй албай алаңдап.
«Сүйөрүм кайран балам!» деп.
«Сен ошентип жүргөнүң
Жазууда болгон калам» деп.
«Козубек!» деп бакырып,
Казынын баарын чакырып.
Алтын жабдык ат токуп,
Алты киши чаптырып,
Алдын тозуп Козубек
Алдыга кетип шашылып.
Анын арка жагынан
Актулпар минип ойнотуп,
Ак селделүү кожо деп,

Арбын элди топтотуп,
Аргымак минген кекейтип,
Алтымыш жигит окшошуп,

64.
Кара кан келет бастырып,
Сакалы ылдый жаш кылып.
Жоолугун алып колуна
Баатыр Манас шерди эстеп,
Маанайын төмөн пас кылып,
Кабылан Манас өлгөндө
Каныкей кабар берди эле.
Карала кагаз кат алып,
Кабарга киши келди эле.
Барып топо салбадым,
Балама уят менде эле.
Ошону ойго алган го,
Кайраты катуу бала эле.
Канга ылайык жан эле.
Каныкейим таарынып,
Ничке жолго салган го.» –
Деп ойлонуп Кара кан
Казы менен кожо алып,
Калың элди кошо алып,
Козубекке келбесе,
Тозоюн өзүм бир барып.
Он эки кыздын кенжеси,
Ойрон Манас теңдеши.
Балакатка жеткенден
Даараты жок жүрчү эмес,
Кудайдын сүйгөн пендеси.

65.
Кыз кезинен куу тумшук
Урум менен ногойдун
Ортосунда эркеси.
Баатырлык ишин көп иштеп,
Манаска кызмат деп иштеп,
Бардык элге жакты эле.
Ак элечек аялдан
Артыла конгон бакты эле.
Эмгеги кайтып баламдын
Эркек бала тапты эле.
Бактыны чокон бергени,
Өзара түшпөй эмгеги,
Баласы төрөлө электе
Манасымдын өлгөнү.» –
Деп келатса Кара кан
Алдынан келет бир адам.
Анын нары жагында
Топтошуп турат бир топ жан.
Алдыңкы киши келди эле,
Канга кабар берди эле.
«Козубекке болбоду,
Эжем кеткели жатат» - деди эле.
Жакын барып Кара кан
Жалп деп аттан түштү эле.
Канды атынан түшүргөн
Каныкей кандай күчтүү эле?!

66.
Мойнуна камчы салыптыр,
Козубек баштап бир тобу
Байа эле тосуп барыптыр.
Алда канча сөз айтып,
Токтото албай калыптыр.
Букарыңа барбайм деп.
Бейбактан жооп алыптыр.
Аңгыча барып Кара кан
Арасын ачып көп адам.
Көзүнүн жашын көл кылып,
Мурдунун суусун сел кылып,

Кара кан келди арадан
Айып өтсө атадан
Айбыгат экен баладан.
Тизелери бүгүлүп,
Келиндерче жүгүнүп,
Келип калды Кара кан
Кара кан келип калганга
Козубек турду сүйүнүп.
Эл жарылып, жол берип,
Эмшиңдеп ыйлап кара кан
Чыйырдыга кол берип.
Кеп айтарга алы жок.
Кейигенден мууну эрип.

67.
Бурулуп андан жанды эле,
Каныкейге барды эле,
Бакырып ыйлап эчкирип,
Колун сунуп калды эле,
Кара көзгө жаш албай,
Кайраттуу бейбак ушундай
Кадимкидей кол берди
Кайдигер элдин кызындай.
«Айланайын Каныкей,
Кенже балам сен элең
Керектүү атаң мен элем.
Акыркы балам сен элең,
Алдейлеп баккан мен элем.
Дүйнөдөн көзүм жумулса,
Түп тутар балам сен элең.
Ажалым жетип мен өлсөм,
Атымды журтка чыгарып,
Ашымды берер сен элең.
Айкөл Манас өлүптүр,
Аманатын бериптир.
Алда Таала Кудайдын
Амирине көнүптүр.
Жесир калмак кимде жок
Жетим болбос пенде жок

68.
Атасы өлбөс адам жок,
Энеси өлбөс элде жок.
Опасыз ушул жалганда
Оодарылбас дүйнө жок.
Талас калса, эл калса,
Даңктуу Манас эр калса,
Майстан кирип кетем деп
Бараткаңың кандайча?
Жолуңда турсам жолукпай
Жол тартканың кандайча?
Актулпар тартуу, мен тартуу,
Айтылуу Букар эл тартуу.
Майстан кирип сен барсаң,
Башка адамча мен калсам.
Медийна кирип сен барсаң,
Медерим көрбөй мен калсам.
Конолкоңо жарабай,
Кулунум кетсең карабай,
Куруган экен кан атаң.» –
Деп Кара кан айтканда,
Каныкейден сөз чыгып,
Сүйлөмөк болуп унчугуп:
«Кара кан атам сен болсоң,
Каныкей балаң мен болсом,
Медийна кетпей кантейин,
Балдарыңдан кем болсом.

69.
Каралуу жүрүп жөө басып,
Канга барып мен консом.
Калкыма атым ким болот?

Кайгылуу болуп турганда
Караан болуп койбосоң.
Букардын каны атам деп
Муңумду айтып жазам деп,
Кабарга киши жибердим,
Бул ишиме келбедиң.
Отуз төрткө чыкканча
Алдейлеп бала сүйбөдүм,
Ардыгымдан күйгөмүн.
Эрчитип бала сүйбөдүм,
Эрмегим жок жүргөмүн.
Отуз эки жашымда
Ойрон күйөөң барында
Ободон Алда жар болуп,
Олуя Кызыр бар болуп,
Оюмда жүргөн капамды
Кудурет берди береги
Колумда турган сакамды.
Сүйүнчүлөп келгин деп,
Сүйүнгөнүм белгилеп,
Зарыкканда кызыңа
Сакадай перзент берди деп,

70.
Анда да кабар бергемин.
Жети нан алып жентектеп,
Жээним ушул перзент деп,
Эне-атамдан кабар жок,
Кубанычка барып келсек деп,
Айып болсо бул сөзүм
Айтыңызчы тентек деп.
Кубанды менин балам деп,
Куп жайланды санаам деп,
Жакшылыкка келбедиң.
Алакан  ачып, кол байлап,
Ак батаңды бербедиң.
Кыраан Манас өлгөндө,
Кырсыкты кызың көргөндө,
Көңүл айтып келбедиң.
Кулкулдабат сүрөсүн
Куран окуп бербедиң.
Жамандык менен жакшылык
Барынан кабар берсем да
Бала ордуна көрбөдүң.
Сүйүнчүлүү адамга
Сүйөнчү келсе шат болот.
Кайгысы бар адамга
Илиги келмек нарк болот.

71.
Кыйышпас жерге баруруга
Кыйланчу минген ат болот.
Жалгыздык түшсө адамга
Жаралуу жүрөк дарт болот.
Жетим менен жесирдин
Жергеден башы пас болот.
Абийирдүүнү көрө албай,
Арсыз акмак кас болот.
Кабарлашып туруучу
Кара-ала кагаз кат болот.
Капарына албаса,
Катышта кандай барк болот?
Айланышып турбаса,
Ата, бала жат болот.
Урумдун каны кан атам
Ойлонуп баарын санасам,
Санактан калган балаңдын
Сапар жүрүп баратам.
Капа болбой атаке,
Калыстык менен карасаң!
Белимди байлап баратам,
Беш ислам аппак диниме.

Манаска куран түшүртөм
Мекеде азиз пириме.

72.
Жетим, жесир барабыз
Жетер жерим Медийна.
Бейжайлык кылып кетти деп.
Берекем, атам кейибе!
Урматтуу кызы Каныкей
Ушул сөздү айтканда
Олуязада Кара кан
Ордунан туруп кеп айтып,
«Кожонун уулу Козубек,
Бери келгин деп айтып,
Канзада өскөн Каныкей
Катасы жок кеп айтты.
Манаска куран түшүртүп,
Медийна барам деп айтты.
Айылыңда канча молдо бар
Ардагымды колуңа ал.
Аттандырып бүлөңдү
Азыр өзүң көздү сал.
Баламдын айткан тарынычы
Барысы бизге уят иш.
Башчысы тургай кең Букар
Шаарыбызга уят иш.

73.
Моюнубузга алалы
Бул сөздү кантип таналы.
Букарга алып кирели
Боорумдан чыккан баланы.
Талаага кечке турчу эмес
Тарынычты укпай койчу эмес.
Тарткыла бери атымды
Шаарга кирбей болчу эмес.
Койнума каткан жетимди
Колумдан кантип аласың?
Кагылайын кулунум,
Калкыңды кантип чанасың.
Эркек туяк менде жок.
Эмине азап саласың.
Каныкей кетсе бурулбай
Кара кан өлдү десеңчи.
Капа кылбай элиңди
Калк тилегин берсеңчи.
Кандыгымды сен алып,
Каралдымды мен багып,
Балам, кабагың ачып жүрсөңчү!»
Каракан мындай дегенде
Кожонун уулу Козубек
Чыйырдыны көтөрүп,

74.
Чындап атка мингизип,
Чылбырды берип коштотуп,
Акбалбанды жүргүзүп.
Каныкей карып бөлөсүн
Кармап колдон жетелеп,
«Калктын шагын сындырбай
Туруңуз бери эже!» деп,
Карабуурул жоргону
Туура тартып энтелеп,
Үзөңгүгө бут салып,
Колтуктан жөлөп аткарып,
Шаарды көздөй жөнөдү
Калктын баары шаттанып.
Кара кандын ордого
Каныкейди алып барып.
Бөлөмдү алып келдим деп,
Козубек калды мактанып.
Үй көтөрүп, тай союп,

Үстүнө кошуп бээ союп,
Букарлыктын баарысы
Урмат кылып той союп
Үч күн удаа той берди
Эч малы жок кедейлер
Базардан сатып кой союп

75.
Жаш төрөлгөн баласын,
Жалпы Букар калаасын,
Жүзгө чыккан карысын,
Ургачы, эркек баарысын
Жан калтырбай чогултуп,
Жар чакыртып угузуп,
Кара кан айтып мындай кеп:
«Калкым, тегиз уккун деп,
Каралап келген Каныкей
Жардыгын бекем туткун деп,
Бул жардыкты бузганың
Өзүңдүн башың жуттуң деп,
Жардыгын айтып бермекке
Жазы журттун баарысы
Жарданып турду көрмөккө.
Кара кан менен Каныкей,
Козубектин колунда
Каргадай жетим Семетей,
Серсеге чыгып бул төртөө
Сөз баштады ченебей.
Уруулуу Букар шаарым деп,
Ургачы, эркек келдиңер
Урмат кылып баламды
Журтум, тойду бердиңер.

76.
Ушул айткан сөзүмдү
Укпай калдым дебеңер.
Кыргыз элдин төрөсү
Кыраан Манас бир өзү
Калкым, баарың билесиң
Кара кандын күйөөсү.
Алданын ишин көрүптүр
Аманатын бериптир.
Кудайдын ишин көрүптүр
Көк жал Манас өлүптүр.
Жесир калып Каныкей
Журтум, сага келиптир .
Кан атам деп маа келди.
Калкым бар деп саа келди.
Төрө атам деп маа келди.
Төркүнүм деп саа келди.
Башына кайгы түшпөсө
Басат беле бул жерди.
Анча-мынча сөз болсо,
Жыйбайт белем силерди.
Эркек балам жогунан
Эрмегин кыйып маа берди.
Торолуп адам болгончо
Токунуп атын мингенче

77.
Буту басып, тил чыгып,
Букардын жайын билгенче,
Кыраанды тарткан эр болуп
Кылычын белге илгенче,
Он беш жашка толгончо
Орошон баатыр болгончо,
Балтыр эти толгончо
Баатырлык арбак конгончо
Каныкей багат эрмектеп,
Андан кийин баламды
Калкка жайлуу жан болот,
Касиети бар болот.

Кара кандын ордуна
Кан көтөрүп коёрсуң.
Калкын баккан нар болот.
Акылы жок жан болсо,
Алабарман маң болсо,
Жүргөн жерин жүдөткөн,
Журттун көөнүн кирдеткен,
Жүргөнү бузук чаң болсо,
Журтум, өзүң билерсиң.
Арбак сыйлай жүрөрсүң.
Элиң кыргыз дегениң
Эртелеп башың жегениң.
Калкың кыргыз дегениң
Кара башың жегениң.

78.
Кан уулу деп сүйсөң да,
Кас болушуп жүрсөң да,
Калкынан кабар бербегин
Атакең Манас дегениң,
Жериң Талас дегениң,
Айылың чаап аламын,
Азапка башын саламын.
Тууганын чаап аламын,
Тозокко башын саламын.
Ургаачыдан сөз чыкса,
Урдурамын кердирип,
Уят кылып саламын
Төркүнүнө бердирип.
Кементайды кийгизип,
Чачын кыркып ийгизип,
Кандыгымды билгизип.
Бетин көөлөп тилгизип
Төркүнүнүн колуна
Бердиремин жеткизип.
Эркек айтса бул сөздү
Малын талап аламын.
Казынага саламын.
Ор түбүнөн жай берип,
Ошол жерге багамын.

79.
Казыларым азыр бол
Калк оозунан чыкпаска.
Элим, шертти кылып бер
Семетей элин укпаска.
Миң башылар азыр бол
Жөөт оозун албаска
Жүз башылар азыр бол.
Жалгыз кишиге айтпаска
Элүү башың азыр бол.
Эжеңер азап тартпаска.
Он башыдан сөз чыкса,
Онуңу бирдей талатам.
Оозун тыйып жүрбөсө,
Элимден айдап таратам.
Кандай дейсиң калайык,
Силерге кайсы ылайык?
Жаадыңарда сөз болсо,
Жашырбай айткын кылайып.
Кан буйругун укканда
Калк убада берди эми.
Казы, мупту, миң башы
Катары менен келди эми.

80.
Кызыңдан алган балаңа
Кылапат айтсак оңбойлу.
Калкыбыздан сөз чыкса
Калкалап катып койбойлу.
Каралап келген Каныкей

Капа кылсак оңбойлу.
Кара кан эле атаң деп,
Кайрыкер элдей болбойлу.
Миң башынын бирине
Милдетин салып коюңуз.
Төрт түлүктүү мал берип,
Төөгө жүктөп зар берип,
Ушатарга пул берип,
Урунарга кул берип,
Букара бөлүп эл берип,
Ак өргө тигип үй берип,
Ашмачы кылып күң берип,
Кудагый менен эжеме
Кыргыздын күткөн мүлкүнөн
Куру эмес баарын бүт берип,
Кожо, молдо чогултуп,
Жездеме куран окутуп,
Керегинин баарысын
Кеми жок кылып туруyга
Кербенчиге түшүнтүп,

81.
Эжем эрки менен жүрөргө
Энчилейли ушинтип.
Казылар менен миң башы
Канча мыктуу жүз башы
Калың эл бүтүн чуркурап,
Как ушундай болсун деп,
Кайыптан акыл табышты.
Кара кандын жээни эле
Канга увазир эр эле.
Каныкй менен Козубек
Карын бөлө дээр эле.
Козубекке караштуу
Бир миң түтүн бар эле.
Букара болгон илгертен
Кожодон калган эл эле.
Кожобектин Козубек
Ошол элге бек эле.
Ак үйлүүгө эжеңди
Урумдун эли дайындап,
Ургачынын төрөсү
Уз Каныкей эжеңди
Урматтап күтүп алгын деп
Козубекке тапшырып,
Ушул элге берди эле.

82.
Кайран эжең Каныкей
Жесирлиги билинбей
Жергелүү элдин бириндей.
Жалгыздыгы билинбей,
Чамалуу элдин бириндей,
Эшигинен ат кетпей,
Энеңизден барк кетпей,
Керектүүсүн берүүчү
Кербен башы сарт кетпей.
Казанынан аш кетпей,
Калдайган жыйын калк кетпей,
Падыша Манас барындай,
Байкушуңдан даңк кетпей.
Өзүнчө күрөөн эл болуп,
Өзөнгө жамаат бир конуп,
Кыргызынча үй тигип,
Кылыгы менен эл билип.
Жайкысын жайлоо жайлашып,
Кышкысын шаар кышташып.
Ак мечитти салдырып,
Ажылардан алдырып,
Мал семизин сойдуруп,
Манаска куран окутуп.

Мечитке элин чогултуп,
Бейшембилик өткөрүп.

83.
Кемегени каздырып,
Даш казанды астырып.
Букардын бир жак четинде
Атагын элден арттырып.
Манастан үлгү алган күң
Мактап журту жактырып.
Кермеге күлүк байлатып,
Кербенге малын айдатып,
Келген-кеткен мейманга
Керилген казы чайнатып.
Дасторконун жыйбастан
Даярлап ашын жайнатып.
Жетимин багып отуруп,
Жер-жемишин төктүрүп.
Сарпайы бычып тон кылып,
Сарамжалын мол кылып.
Булгары жаргак шым кылып,
Букарлыктын барынан
Бар шайманын тың кылып,
Козубектин жамаатын
Көргөн элге сын кылып.
Манастан калган чунагы
Бир жашында билинди.
Эки жашка чыкканда
Эл көзүнө илинди.

84.
Үч жашына жеткенде
Үйгө турбай ойноду.
Төрткө жашы чыкканда
Түрү Манас баатырдын
Кыялындай болжолу.
Ойноп жүргөн балдардан
Көңүлүнө жакпаса,
Айткан тилин албаса,
Майып кылбай койбоду.
Бешке жашы жеткенде
Мейманга тамак бер деди.
Алтысында Семетей
Айылдакы балдарды
Чоромсуң бери кел деди.
Бей баштыгын койсун деп,
Мектепке кармап берди эми.
Кармап берип молдого,
Кат окутуп кожого,
Байлап берип молдого,
Дарс окутуп кожого...
Жетисинде желикти,

85.
Атасындай оолугуп,
Аң уулашка ээликти.
Адамды көрбөй чымынча
Ашта, тойдо демитти.
Сегизинде Семетей
Сергек болду абыдан.
Жоо жарагын үйрөндү.
Жолун билип жаңыдан
Теңдешер бала жок болду.
Кең Букардын шаарынан
Бала тургай чоң коркот,
Чунагыңдын каарынан.
Тогузга жашы жеткенде
Күйгөн кызыл чок болду.
Калың Букар шаарынан
Айра айтар киши жок болду.
Кайда жүрсө Семеңдин
Кашында жыйын, топ болду.

Айтканын кылат оюнча.
Айлада жок шок болду.
Он жашында ойноду.
Ок жыландай сойлоду.
Кармашарга жан чыкпай
Катылган аман болбоду.

86.
Болбой ичти бозону.
Боздотуп уруп кожону,
Шариат сурап шаштырды,
Шаардан чыккан молдону.
Алып ичти аракты...
Топтошуп жүргөн балдарды
Токмоктоп уруп таратты.
Кара көңүл суздугу
Жазбай тартты Манасты.
Атка минсе болкоюп,
Атасындай жарашты.
Элде көлүк көрүнсө
Ээ кылбастан талашты.
Буулукмалуу чунагың
Букардын элин жадатты.

87.
Календерди камады.
Дубананы көргөндө
Карсылдатып сабады.
Манастын уулу Семетей
Букарда өстү, чоңойду.
Батадан бүткөн чунагың
Барган сайын торолуп,
Он жашында көрүндү
Опол тоодой зор болуп.
Каныкей келген эмеспи
Каралуу кезде кор болуп.
Кара аламан жан болсо
Калбайт беле шордолуп.
Жаман катын төркүн деп
Жай ала албайт жоо болуп.

88.
Кундакта келсе чунагың
Маалына жетип болгончо,
Тамтаңдап буту басканча,
Булбул тили чыкканча,
Куу терисин тон кылды.
Жүрөгү өткүр болсун деп,
Жолборстун берип жүрөгүн
Кулунуна тойдурду.
Көрөгөн болсун көзү деп,
Кузгундун көзүн куйдурду.
Билеги күчтүү болсун деп,
Пил чучугун көп берди.
Кара кулак шер айтып,
Суусунга канын ичирди.

89.
Эти ырбабас болсун деп,
Коргошун түбүн жедирди.
Эки жашка толгондо
Ээрдеп кунан мингизди.
Козубекке коштотуп,
Эл ичине жүргүздү.
Үч уруу тилден окутуп,
Көңүлүнө токтотуп,
Сопу жыйнап той берди.
Сүннөтүнө отуртуп,

Калмак, кытай, урумдун.
Кара кыргыз уруунун
Тили менен диндерин
Адат, нуска, үрптөрүн

90.
Баарын айтып берүүчү.
Түпкү ата тектери
Семетей төрткө чыкканда
Алеңгир жаа жасатып,
Алгыр кыргый таптатып,
Алты-жети балага
Аргымактан мингизип,
Жиберүүчү атказып.
Коён атсаң алып кел,
Куржунуңа салып кел.
Кекилик алса кыргыйың
Кишиге бербей катып кел.
Кушбегини чакырып,
Коном десе шашып кел.»

91.
Деп Каныкей айтканда
Атасын тарткан чунагың
Коёнду катып келгенде
Коңшуга уят эмеспи
Кекилик катып келгенде,
Кедей-жакыр дебеспи.
Куш бегини чакырсам
Конок бар деп шашылсм
Канга жигит атанып,
Кол куушуруп мен турсам
Кошоматка такалып,
Кудай урган жери ушул.
Барган сайын эжекем
Бакыл болгон сен ушул.
Пас кишидей иш кылып,
Жакыр болгон мен ушул.

92.
Аң кишинин эрмеги,
Алганын элге бермеги,
Азаматтын иши деп.
Бастыра берип кеткени
Кагылсам болот Кудайга.» –
Деп Каныкей күлчү эле.
Эсен-аман эр жетсе,
Атасындай болот деп,
Кереминде билчү эле.
Беш жашында уулунун
Бек болорун сынаган.
Бек зааданын балдары
Берениң өзү жыйнаган.
Кежирлиги кармаса
Келтек менен кыйнаган.

93.
Тентектиги чунактын
Кең Букарга сыйбаган.
Мунусун көрүп Каныкей
Канды уста алдырган.
Канжар, кылыч соктуруп,
Каруу-жарак шай кылган.
Кара мынтык чак этме
Кароолун күмүш салдырган.
Карк алтындан буулатып,
Караган көздү талдырган.
Жарактарын илдирди.
Кармап берип молдого
Кат окутуп билдирди.
Алтысында уулуна
Аруу кийим кийгизди.

94.
Акбалбанга тапшырып,
Аны менен жүргүздү.
Кара тоонун башына
Алып барат Акбалбан.
Эчки менпен текени
Атып берет Семетей.
Көк бөөрү кылып эриксе,
Тартып берет Семетей.
Адыр-адыр жерлерге
Алып келет Акбалбан.
Аркар, кулжа кабарын
Салып келет Акбалбан.
Атып берип Семетей
Боо түшүрөт катмардан.
Караңгыда корксун деп,
Качып берет Акбалбан.
Тоготподу чунагың
Тоо кыдырган жактардан.

95.
Жоодон качар бекен деп,
Жүрөгүн сынайт Акбалбан.
Бүтүн кулжа эңдирип,
Билегин сынайт Акбалбан.
Атка чыйрак бекен деп,
Чаптырып көрөт Акбалбан.
Арбын кошун жатат деп,
Шаштырып көрөт Акбалбан.
Курсагында жактырып,
Сынына абдан толтуруп,
Жоодон качпайт экен деп,
Акыл ойлоп олтуруп,
Козубекке Акбалбан
Маани-жайын түшүнтүп,
«Эсен жүрсө бу жетим
Эр болорун ушинтип,

96.
Ар бир жерден сынадым.
Аман болсун чунагың.
Ай караңгы түн болсо,
Ат айлангыс күн болсо,
Боконо-жүрөк болк этпейт.
Бой-денеси солк этпейт.
Баралына келгенде
Бараңдын эли былк этпейт.

Кыргын эмес, кылымда
Ойрот мындан тырп этпейт.
Айланайын Козубек,
Алгын өзүң колуңа.
Атасындай эр болот.
Кара кулак шер болот.
Кадимки жашка келгенде,
Кантип Букар жер болот?

97.
Кара кандын көп эли
Кантип буга эл болот?
Олуттуу жашка толгондо
Кандай пенде тең болот?
Ойноо бала чагында
Кармаганда кан чыкты.
Каарланса балдарга
Кайратынан жан чыкты.
Керүүдөгү кийикти
Кетирип ийди тамтыгын.
Аркар, кулжа, бөрүнү
Андан бетер жарсытты.
Кара кулак шерлерди

Качырып сала бергенде
Жара чабат жазганбай
Жазы маңдай-чокуга.

98.
Ойноп жүргөн көп балдар
Кантип чыдайт отуна.
Айланайын Козубек,
Алыс жерге алып бар.
Айылга жакын тургузба,
Айнытып көөнүн бургузба.
Теңтуш өскөн балдарды
Тепкилетип ургузба.
Тирүү жүрүп чоңойсо
Тутка болот кыргызга.
Токтоло элек баланы
Калаага жакын кыштатпа.
Чогуу ойногон балдарды
Мээсин жара муштатпа.
Бейбаш кылып өстүрбө.
Же болбосо кеткин де.
Кең Таласка жеткин де.
Бу чунактын жоругун
Айта көрбө эч кимге!»

99.
Жети жашка толгондо,
Жээликмелүү болгондо,
Тайакеси Акбалбан
Калп айтпаган так балбан
Каныкейге кеңешип,
Семетейдин жоругун
Калтырбай айтып беришип,
Козубекке тапшырган.
Малчыларга баргын деп,
Жылкычы менен койчуга
Улук кылып салгын деп.

Эр Семетей чунактын
Оң көзүндөй бөлөсү
Кожонун уулу Козубек
Миң түтүн элдин төрөсү
Акылга дыйкан уул эле.
Атагы чыккан бул өзү
Семетейди ээрчитип,
Койчуларга барды эми.
Козгоп сөздү салды эми.
Кандын уулу келди деп,
Кудай бизге берди деп

100.
Эригип жаткан койчулар
Улук кылып алды эми.
Адырды жердеп тынч жаткан,
Абалтан бери кой баккан,
Алты жүздөй түтүнгө
Айкөлдүн уулу чунагың
Улук болуп калды эми.
Козубек менен Семетей
Койчуларга чоң болду.
Бул өкөөнүн келгени
Кочкорлорго шор болду.
Койчулардын балдарын
Тандап кочкор мингин деп,
Тартышабыз көк бөрү
Улуктугум билгин деп.
Бирден кочкор мингизип,
Жерден улак эңгизип,
Көк бөрүнү тарттырды.
Бул ишин койчу жактырды.
Ириктен шерне жегин деп,
Ар бир топко тапшырды.

101.
Төрт ай жатып койчуда
Козубек менен Семетей
Коштошуп андан бастырды.

Уйчуларга барды эми.
Уйчулардын баарысы
Уккан экен кабарын,
Урматтап тосуп алды эми.
Урумдуктун жээни деп,
Угузбастан чунакка
Күбүрөшүп калда эми.
Уйчулардын турганы
Өзөндүн бою жол экен.
Учу-кыйры билингис
Кара дайра көл экен.
Кыштоо кылган токойду
Эки миң түтүн бар экен.
Кандын жалгыз уулу деп,
Кастарлайбыз муну деп

102.
Кунажындан союшту
Улук болуп тургун деп,
Төрө кылып коюшту.
Эригип жаткан уйчулар
Ою менен болушту.
Өгүз, бука тандашып,
Көк бөрү тартчу уйчулар
Көлүк бука камдашты.
Уйчуларга Семетей
Улуктугун арттырып,
Эки бөлүп уйчуну
Торпоктон улак тарттырып,
Өгүздөрүн таптатып,
Байге сайып чаптырып,
Беш ай мында жатты эле.
Уйчулар менен коштошуп,
Эки бөлө кайтты эле.
Эриккенин жазам деп
Кожонун уулу Козубек
Бул акылды тапты эле.

103.
Оторлоп жылкы чыгыптыр,
Кандын уулу келет деп,
Кабарын булар угуптур.
Камынышып жылкычы
Катар конуп туруптур.
Үй көтөрүп тай союп,
Шернелешип бээ союп,
Кымызын ичип көбүртүп,
Тобурчак айгыр суутуп,
Тобу сайн элиртип,
Уйчу менен койчудан
Шайдооттугун көрүнтүп,
Турган экен жылкычы
Барабыз жылкыга дегенде,
Манастан калган чунактын
Такыр келбейт уйкусу.
Карын бөлө Козубек
Кабар айтып ийиптир,
Жылкычы бизди тоссун деп.

104.
Аттан тандап күлүктү
Артынып алып кымызды,
Эки күлүк жетелеп,
Ээрчишип энтелеп,
Жылкычы башы Сарыбай
Келип калды жолунан.

Кандын уулу минсин деп,
Кандын уулу минсе деп,
Алдынан каршы чыгышты.
Семетей менен Козубек
Кымыз ичип канышып,
Көлүктү минип жарышып,
Конок болуп жатышты.
Жылкычыга барышып,
Улуу, кичүү, кары, жаш
Учурашып таанышып,
Тогуз жашта чунакты
Болуктугун көргөндө,
Аман болсун жетим деп,
Айран-азыр калышты.

105.
Сексен отоо жылкычы
Кысырдын тайын сойдуруп,
Кымызын жыйып, той кылып,
Кементайын салышып,
Канзаадабыз келди деп,
Колмо-колдоп көтөрүп,
Төрө кылып алышып,
Улак тартып, той берип,
Ат, кунанын чабышып,
Айкөлдүн уулу чунактын
Айтканына көнүшүп,
Аң ууласа эригип,
Ат жакшысын беришип.
Кымыздан арак тартышып,
Кызыкка батып жатышып,
Кышын алты ай жылкычы
Эриксе ордо атышып.
Өмүр өттү көрбөгөн
Көп кызыкка батышып.

106.
Алашалбырт жаз менен
Келгин келген каз менен
Көктөмгө малын айдашып,
Көчүп калды жылкычы.
Кыштоосунан көчүптүр,
Койчу менен уйчусу.
Көңтөрө келди көктөмгө
Малчылардын баарысы.
Ыразы болду чунакка
Жашы менен карысы.
Бул Семетей баланы
Шаарлык тентек дечү экен.
Сырын билбей тим эле
Сыртынан бокту жечи экен.
Как Кара кан көзү экен,
Кайрат-күчү, эрдиги.
Балалыгы болбосо,
Как эле жездем өзү экен.
Токтолуп адам болгондо
Тоо кыргыздын дөөсү экен.

107.
Шарыяттан баштаса,
Молдолугу дагы бар.
Шаарда жүрсө буулуккан
Бул жоругу дагы бар.
Аң ууласа көзгө аткан
Мергендиги дагы бар.
Ачуусу келсе киши урган
Эркелиги дагы бар.
Кармаганын кыйраткан
Балбандыгы дагы бар.
Туткактанып кетүүчү
Токтоно элек чагы бар.
Козубек менен Семетей

Келди Букар Шаарына.
Бир жарым жыл Козубек
Ала жүргөн жанына.
Көчөдө жүрсө Семетей
Кайра келет каарына.
Тентек деген ат конду
Кең Букардын шаарында.

108.
Онго жашы толгондо,
Ойнор кези болгондо,
Билегине күч толуп,
Жүрөгүнө курч толуп,
Тынч жүрө албай токтолуп,
Тыямын деген кишиге
Тим эле сүйкөнүшөт октолуп.
Букардын эли жалтанды
Каршы айтары жок болуп.

Атасы Манас баатырдай
Айтканынан кайтпаган.
Анча-мынча бектердин
Алдында салам айтпаган.
Кожо, молдо коркушуп,
Кой дегенге батпаган.
Бирге жүргөн молдосу
«Берендин уулу Семетей

109
Бендеде жок» – деп мактаган.
Оолукканда чунагың
Урунар киши таппаган.
Учураган кожону
Убара кылган ошону.
Каяша берген кожону
Карсылдаткан ошону.
Болбой ичкен бозону,
Боздотуп урган кожону.
Казыны көрсө качырган.
Каары келип чачылган.
Бекти көрсө тим эле
Бетин жара чаптырган.
Байлардын малын карматкан,
Дубанага талаткан.
Кырк жигит алып жанына
Кыя өтпөгөн арактан.

110
Кыялданып кез-кезде
Кыздуу үйгө таң аткан.
Кырсык кылган адамды
Камчылатып сабаткан.
Календерге ат берген
Канча да болсо бат берген.
Калың Букар элинен
Ким болгон буга чак келген?
Каршына киши жүрө албай
Кайра тартып жалт берген.
Каарына чыдабай
Калаадагы көп эшен
Кара канга арыз берген.
Эшен, кожо чогулуп,
Кара канга барышкан.
Эңкейип таазим кылышып,
Арызын айтып калышкан.

111.
«Каным, Семетей сенин жетимиң
Жетимдин көрдүк кесирин.
Бизге бир балаа болду жабышкан
Менменсинген далайдын

Бетинен канын агызган.
Чыдап келдик далайга
Чымырканып намыздан.
Көчөдө жүргөн зөөкүрлөр
Көк жалдын уулу чунактын
Көтүнөн ээрчип алышкан.
Көпчүлүк элиң уялдык,
Сизге арызданып барыштан.
Эми чыдай албай биз келдик
Чымындай жанды калкалап.
Жайына койсоң жээниңди
Жалпы кырат талкалап.

112.
Каным, же жетимиң турсун
Букарда,
Же жергең турсун Букарда.
Же жугармек турсун Букарда.
Же журтуң турсун Букарда.
Же кан кускур турсун Букарда.
Же калың урум көп тажик
Калкың турсун Букарда.
Каным, бул жетимиңди тыйып ал.
Жетимиңди тыйбасаң,
Нечендин башы кыйылар.
Көчөгө өттү кордугу
Көпчүлүк кокус жыйылар.
Көчөгө басып жүрө албай,
Качып келген кыргызга
Канетип Букар сыйынар?

113.
Эки тургай онду урат,
Элине коё берсеңчи,
Баланы тургай чоңду урат.
Кыргызына берсеңчи!» –
Деп эшендер айтканда.
«Кудай алсын баарыңды, журтум,
Каада билбес карыңды, журтум.
Кундакта келген чагында,
журтум,
Айтпадым беле баарыңа,
журтум.
Аял, эркек – жаамыңа, журтум.
Эр өлтүрсө кун берем, журтум.
Нар өлтүрсө пул берем, журтум.
Эки жыл эптеп чыдап тур,
журтум!
Эжеңдин башын сылап тур,
журтум.
Артык сөзгө барбагын, журтум,
Азгина эмес, көп сыйла, журтум.
Акырет кеткен шер жездең,
журтум
Арыстан Манас арбагын,
журтум.» –
Деп Кара кан жооп айткан.
Эшендерди тараткан.

114.
Ошо кезде Каныкей
Бир Семетей чунагын
Жиберерге жер таппай,
Кошоруна эл таппай..:
«Бул чунайган жетимди
Букарга койсом тим турбайт.
Буруккан чунак кимди урбайт?
Акыл айтсам тил албайт,
Адеп менен жүрө албайт.
Буурукмасын баламдын
Же Букардын эли биле албайт.

Эми кандай кылам?» – деп,
Эчендин башын жарыптыр,
Эбин кандай табам деп,
Кастык кылса бир думан
Кандай болот заман деп.
Токунуп атым минейин
Токтоно элек жетимди
Кара канга берейин.
Эки жыл эптеп баккын деп,
Элге жаман көрсөтпөй,
Эми акылын тапкын деп.

115.
Кара канга барды эле,
Семетейдин жоругун
Куп кеңешип алды эле.
«Колума берсең алайын.
Тартуу кылып келдим деп,
Алдыңа сенин барайын.
Баламды колго алам деп,
Баары элге кабар салайын.» –
Деп Кара кан айтты эле.
Билинбей келип Каныкей
Ордосуна жатты эле.
Тогуз кара нар айдап,
Окшоштуруп экиден
Он эки атты пар айдап,
Соёруна бээ алып,
Сонундан тандап пул алып,
Жумшарына кул алып,
Кара кан сындуу атасы
Каныкейдин алдына
Тартуу кылып барды эле.
Элдин баары чын бүтүп,
Айран-азыр калды эле.

116.
Семетейди чакырып,
Себелеп жашы чачылып,
«Айланайын Семетей,
Атаң келип калыптыр.
Асырап сени бакканым
Жалган эмес, аныктыр.
Картайып калган атакең
Каралдымды берсең деп.
Көзүм барда кан кылып,
Калкымды жыйып той кылып,
Алдымдагы тактымды
Семетейге берсем деп.
Өкүмүн журтка кылганын
Өлө электе көрсөм деп.
Кандыгымды ким алат
Карааным Семем болбосо,
Каза жетип өлсөм дейт.
Макул көдүм анысын
Кандай болот барышың?
Карган атаң мээси жок
Кара кан көзү жумулса,
Капкалуу Букар шаарынын
Сенден башка ээси жок.»

117.
Каныкей муну айткан соң
Ойлоп-ойлоп олтуруп,
Чунагың акыл толтуруп,
«Башыма баркек тагыпсың,
Бала кылып багыпсың.
Жаш кызыл эт кезимде
Жарыктык эже алыпсың.
Канга бала болом деп,
Каныкей таштап кеткеним.
Калкка уят эмеспи.

Каралуу сендей эжемди
Капа кылбай неткеним.
Караган кызыл этимде
Каржалып мени баккансың.
Кагылайын эжеке,
Кантип сени таштайын?
Кан болбосом коюпмун,
Калктан каргыш албаймбы,
Эжемди таштап кайгыртып,
Эр жетип ата тапканым.» –
Деп Семетей айтканда
«Кагылайын жарыгым,

118.
Сенден башка иним жок,
Сенсиз менин күнүм жок.
Кайда жүрсөң жалгызым,
Кайгырбаймын көөнүм ток.
Кара канга бир баргын
Кайрылып мага көз салгын.
Бир күн анда турсаң да,
Беш күн мында болорсуң.
Барбай койсок бул бойдон
Уят кылып коёрсуң.
Тартууга мынча мал алып,
Даңдатып калың эл алып,
Атаң келип калган соң.
Ыраазы кылгын бир барып.» –
Деп Каныкей айтканда
Кары канда Семетей
Караан болуп жүрсүн деп,
Кара кандын уулу деп,
Калайык журт билсин деп.
Башым аман турганда
Балалык доор сүрсүн деп.

119.
Таягын алып колуна,
Курун салып мойнуна,
Кара кан келип калды эле.
Каныкей туруп сөз баштап,
Катындык кылып көз жаштап:
«Сенин атаң кан ажы
Медийне менен Мекенин
Беги болуп турганда
Каапыр менен мусулман
Чеги болуп турганда,
Кабыргадан кагынып,
Кан жездең ажы өлгөндө,
Каныкей эжең тул калып,
Кайгыга башы көнгөндө,
Атаң Кара канды таянып,
Каралуу эжең келгенде.
Ак жолтой болуп калгамын.
Жаңыдан сени туулган
Өз колума алгамын.

120.
Кармаганы чок эле,
Кара кан сенин атаңда
Эркек бала жок эле.
Ырым болор бекен деп,
Тогуз үйгө түнөтүп,
Токсон үйдү кыдырып,
Жентегин өзүм бергемин
Атаң бир эркектен туяк
калса деп,
Жан кишиге көрсөтпөй,
Койнума катып келгемин.
Эми эрезе жетип эр болдуң,
Эр уулу менен тең болдуң.
Мен да атаңдын баласы,

Сен да атаңдын баласы.
Бейбаштык кылып киши урсаң,
Сенин балаң тентек деп,
Мага келет карачы.
Жесир эжең мен болсом,
Кимге болом арачы?
Атаңдыкына барып жүр.
Мага да көзүң салып жүр!

121.
Сыртымдан кубат берип жүр.
Сагынсаң мында келип жүр.
Мендей жесир эжеңдин
Ал-абалын көрүп жүр.
Каныкей мындай дегенде
Жаңы эле ондо жаш бала,
Токтоно элек мас бала
Кыңырылып чунагың,
Барайын эже макул деп,
Эжеке, сөзүң акыл деп,
Калың элден бата алып,
Кандын уулу аталып,
«Капа болбо эже!» – деп,
Каныкейдин үйүнөн
Семетей чыкты аттанып.

«Онго жашың толду эми,
Олуттуу кезиң болду эми.
Капкалуу калаа кең Букар
Шаар өзүңкү болду эми.
Казына толгон сары алтын
Зар өзүңкү болду эми.

122.
Калкыңды сурап кан болгун,
«Мен!» өзүңкү болду эми.
Калкым Урум көп тажик
Эл өзүңкү болду эми.
Алты бирдей айымым
Эне өзүңкү болду эми.
Азар түмөн кең Букар
Жер өзүңкү болду эми.
Каныкей байкуш эжекең
Мекеде болот конушу.
Жаш кезинде баш кошкон
Кан ажы жездең болучу.
Атасы өлсө баласы
Тагына келип конуучу.
Ак тулпар минсең ат мына,
Атаңдан калар так мына.
Ак туйгун салсаң куш мына.
Адилет болсоң иш мына.
Алты капка шаарымда
Алсаң бир сулуу кыз мына.

123.
Аламан өспөй бак күтсөң
Акылын тапсаң эл мына.
Кара кандын уулу деп,
Кадырлуу болор туш мына.» –
Деп Кара кан сөз айтып,
Жетимге насаат көп айтып,
Жиндиликти ташта деп,
Жик билгизбей төп айтып.
Актулпар берип аябай,
А көзүнө карабай,
Туйгун салса аябай,
Куш көзүнө карабай.
Баланын көөнүн өстүрдү
Бөлөк-бөтөн санабай.
Акылын айтып чоң кылды,
Аземин журтка мол кылды.

Казыдан үлгү алдырып,
Молдо, кожо, эшенден
Шарият сөзгө кандырып,
Буурукмасын койдуруп,

124.
Бу сөздү угуп Семетей
Боорукер болду жетимге.
Тон берчү болду жесирге.
Тентектиги жоголуп,
Молдонун сөзү эсинде.
Катыла берсем жосунсуз
Калбайын деп кесирге
Каныкейге учурайт
Кадырын сурап кезинде.
Кан заада арбак конду эми
Кадимки түрү болду эми.
Улууну көрсө урматтап,
Карыны көрсө ызаттап,
Каарлуу жинин койду эми.

Он бирден жашы өткөндө
Кан заадалык жарашып,
Калк ыраазы болду эми.
Улуу талап чунакка
Ушундай акыл толду эми.
Адашып келген жетимге
Арбак келип, бак конду.

125.
Атасындай сурданып,
Адамдын зору болкоюп,
Айкөл Манас түрлөнүп,
Ааламды бузар алп болду.
Улуу менен кичүүгө
Убадасы так болду.
Оң далысы кең болду.
Ойротту бузар эр болду.

Он экиге чыкканда
Ойрон Манас баатырдын
Ордун басар шер болду.
Карааны журттан бөтөнчө
Кабылан жолборс көкжалдын
Как өзүнө тең болду.
Айтканы журтка эп болду.
Атасын тартып бек болду.
Аламан сөздү сүйлөбөй
Айбатын көргөн тек болду.
Алыскы элдин баатыры
Атагын угуп чунактын
Аларда коркуу шек болду.

126.
Атасын жазбай тартат деп,
Ар жерде жыйын кеп болду.
Үч уруу тилде сүйлөдү,
Уяттуу ишке жүрбөдү.
Алыстан келген кербендер
Айбатын көрүп сүрдөндү.
Кара кандын алдында
Урум менен тажиктин
Каадасын айтып бүтүрөт.
Каныкейдин жанында
Кара кыргыз түркүнүн
Тарыхын сурап түшүнөт.
Так он эки жашында
Таалайлуу Семең баатырга
Ар ким келип кеп айтып
Жайылманын сазында
Жаңы келгин келиптир
Куш салуучу кези экен.

Өрдөк, чүрөк, казына
Бар илбээсин келиптир.
Кара-Суунун чатына

127.
Каркыра, турна, куусу бар,
Канаттуу нечен кушу бар,
Келгин келсе кетпеген
Чөөт кара суусу бар.
Бозунда тоодак жайылат
Алат бекен кушуңар?»
Деген сөздү укканда
Ак туйгунун таптатып,
Арнап кууга сактаган,
Токту койдун томук эт
Тоютуна бердирип.
Кыл табына келтирип,
Арык койдун ашык эт
Тарткычына тарттырып.
Табына туура келтирип,
Ак тулпар минип болкоюп,
Ак туйгун алып койкоюп,
Кол канжыга тэекке
Добулбасын байланып,
Жоо көргөндөй шайланып,

128
Алашалбырт жаз менен
Келгин келген каз менен
Бу кардын шаарын аралап,
Кыраан туйгун колго алып,
Кыялданып нар менен,
Кыз-келинди саралап,
Көчөгө буудан туйлатып,
Көргөндүн көзүн талытып,
Көңүлүн жаман кыйнатып,
Ойкуштата бастырып,
Тепсетчүдөй наз кылып,
Жылаажыны шалдырттап,
Колунда туйгун талпынып,
Каныкей кылган суусар бөрк
Как чекеде кыйшайып,
Кандын уулу берeним
Боруму башка сүрлөнүп,
Бозум шумкар өңдөнүп,
Букарлыктын элинен
Башкача болуп түрлөнүп.
Ойноктогон тулпары

129.
Семетейди көргөндө
Карылар карап таңданып,
Кандын уулу чунак деп,
Катын, кыз тиктеп жарданып.
Дүкөнчүнүн барысы
Көчөгө чыга калышып.
Эки колун куушуруп,
Эр мүчөлүү көкжалга
Эңкейип салам беришип,
Кең Букардын көчөсү
Жол бошотуп бүлүнүп.
Кечээки өткөн Манастын
Келбетиндей көрүнүп.
Келин, кыздын барысы
Ээрчий карап керилип,
Кебетелүү чунакка
Көңүлү калды берилип.
«Менин күйөөм болсочу
Түгөнгөн чунак!» дедирип.
Шаардан чыгып алды эми.
Жайылманын сазына
Жайбаракат барды эми.

Шыкырап жаткан илбесин
Шилтеп туруп калды эми.

130.
Балапан өрдөк, бала каз
Барпыратып илдирип,
Канжыгасын Семетей
Каз, өрдөккө билдирип.
Тоодагын алып томпойтуп,
Кууларын алып койкойтуп.
Каркырасын тартайтып,
Каздарын алып байпайтып.
Кандын уулу байланып,
Кумардан чыгып жайланып.
Күн батарда чунагың
Кайра келди айланып.
Таңыркашып калышты
Калың Букар жарданып.
Ай жарыгы куш салып,
Алдаканча кушту алып
Туйгун салып эрмектеп,
Жатайын деп тынч алып,
Кара канга Семетей
Келгиндин калың келгенин
Айтып берди кеп салып.
Эки күнү жатам дейт
Ат өргүтүп эс алып.

131.
«Кагылайын Семетей,
Жайылма барсаң бара бер.
Келгинге туйгун сала бер.
Өрдөк, чүрөк, каздарын
Өзүң билип ала бер.
Кара кан аман турганда
Кызыгыңа кана бер.
Анан менин бир сөзүм
Атайлап сурайм мага бер!
Күн батышка барбагын
Гүл эшендин гүл токой
Ошого барба ардагым!
Анда кыргоол көп болот
Кыргоолго туйгун салбагын,
Кыргоолго туйгун салам деп,
Бир балаага калбагын.
Андан жолборс өксүбөйт
Ажыдаар жүрөт ар дайым.»-
Деп ошентип айтканда
Барбаймын (деп) сөз айтпай,
Башка сөздөн деги айтпай,
Бул айтканы кандай деп,
Үн чыгарбай кылайтпай

132.
«Мен көрбөгөн жер экен
Бул бир сонун кеп экен.
Сөз сурасам билем да
Жообун кандай дээр экен?
Анык барчу жер тура
Адам жүрбөс ээн экен.»
Деп ойлонуп Семетей
Гүл эшендин токойго
Күнүн барып келеби?
Ээн жаткан жер болсо,
Кийик, кушу болбойбу?
Уу кылганга кандай жер?
Андай ээн жер болсо,
Аңын атпай коёбу?»-
Деп сурады Семетей.
Ал токойдун маанисин
Көп сурады Семетей.
Толук айтып бериң деп,

Бек сурады Семетей.
Кара кан туруп кеп айтты:
«Аны сураба, балам» деп айтты.
«Аюу , жолборс, ажыдаар
Аны ээлейт» деп айтты.

133.
Оп тартканда ажыдаар
Короолуу элди сорот дейт.
Аркан бою жылан бар
Атты, адамды оройт дейт.
Аралабай четинен
Жайылган болсо миң жылкы
Аржыны өлүп коройт дейт.
Аны сурап нетесиң
Адам барыш болбойт дейт.
Кыргоолу менен курусун
Кызыкпагын балам дейт.
Кунан чабым барганда
Куланып кетет адам дейт.
Дубакөй жылан көп болот
Ал токой өтө жаман дейт.
Буйгаттан чалып өлтүрөт,
Ноктолуу азуу каман дейт.
Аа барган тирүү келе албайт,
Айылын көрбөйт адам дейт.
Муну уккан соң Семетей
Муруюп үйдөн чыкты эми.
Гүл токойдун маанисин
Кара кандан укту эми.

134.
Баранды таза майлады,
Канжарды бүлөп кайрады.
Кутуга даары көп салып,
Бат атарды жайлады.
Окчонтойду белендеп,
Милтени узун камдады.
Уу кылуучу немедей
Ушунун баарын жамдады.
Өзү алуучу жарактан
Жалгызы үйдө калбады.
Мис бакпаган токойго
Бир барууну ойлоду.
Уктабай жатып таң атты.
Ал күнү тулпар таң ашты.
Эрте туруп окуду
Төрт ирекет багымдат
Эрте таңкы намазды.
Балакатка жеттик деп,
Парз кылышкан молдолор.
Ар адамга беш убак
Карыз кылышкан кожолор.
Китеп ачып, көп карап,
Семетей намаз оку деп,
Тапшырышкан ошолор.

135.
Ошон үчүн Семетей
Башына селде чалынган.
Мойнуна тумар тагынган.
Теспе тартып үйрөнүп,
Тентектиги басылган.
Гүл эшендин токойго
Барайын деп камынган.
Азуулууну укканда
Арына келип чамынган.
Эрте аттанып жөнөдү
Ээн жерди  сагынып.
Күн батышка бет алып,
Улуу сууну четке алып,
Жайылманын сазынан

Жандай салып өттү эле,
Жазы талаа ак шорго
Жакын барып жетти эле.
Жапсардын алды өзөндү
Чабырдын алды түн түшүп,
Жазы токой кез келди.
Тереги шамдай шуулдап,
Кайың, талы аралаш
Канаттуу куштар чурулдап,
Мындай сонун токой жок
Каңырыт чыгып дуулдап.

135.
Чычырканак түнт түшүп,
Чытырман болуп дүпүйүп.
Каршы-терши жыгылып,
Сулап жаткан жыгач көп.
Түбү менен соройуп,
Кулап жаткан жыгач көп.
Аны көрүп Семетей
Кашат менен бастырып,
Камчыланып кез-кезде
Ак тулпарды шаштырып,
«Бул токойду аралап,
Арасын жакшы көрөйүн.
Гүл токою болбосо
Урумдун жерин жердетип,
Конуш кылып берейин.
Жолборсу болсо атайын,
Журтумдун жолун ачайын.
Жолобой жүрүп токойго
Коркуп кантип качайын.
Ажыдаар болсо чабайын,
Каманын кармап алайын.
Адамга кастык кылчусун
Азуусун койбой чагайын.

137.
Түп көтөрө чалайын,
Түк жер койбой карайын.
Кара кулак шер бар дейт
Камынтпай кармап алайын.
Кара канга ноктолоп,
«Каным, тартуу мына» деп,
Тамашалап барайын.
Шаардын чети-токойдун
Шаңынан коркуп жолобой
Кантип көрбөй калайын.»-
Деп ошондо Семетей
Кыдыра төмөн бастырса
Кырс эткен жандар көрүнбөйт.
Кесинди болгон тал жатат,
Кечип өткөн суу жатат.
Такалуудай көрүнгөн
Аттын изи көрүнөт.
Таманы жазы чокойчон
Сарттын изи көрүнөт.
Жалпак таман тегерек
Төөнүн изи көрүнөт.
Жылаңайлак чокойчон
Жоонун изи көрүнөт.
Бул эмес го Гүлтокой

138.
Ушул болсо Гүл токой
Арасында эл бар го?
Айыл конор жер бар го?» –
Деп ойлонуп чунагың
Бура тартып кашатка
Аянтты көздөй барууга
Аралап жүрүп токойдун
Айылапа табууга,

Гүл токой жайын суроого,
Кара кан сөзүн сыноого,
Токойго кире берерде,
Томпоюнку сеңирде
Топ-топ чыккан дүпкүрдө,
Тоодак сындуу бир нерсе
Дүпкүргө башын каткансып,
Көрүнбөй коруп жаткансып,
Кыргоол өңдүү кылт этип,
Куйруктун учу жылт этип,
Өтө бермек болгондо
Табыш чыгып шырп этип,
Көрүнгөнсүп калды эми.
Бура тартып Семетей
Колундагы туйгунду
Оңтойлоп алып барды эми.

139.
Тепсетип кетмек болгондо
Дүпкүрдөн кыргоол пар деди.
Шилтеп ийип туйгунду
Көзөмөлдөп караса,
Кыргоол го деп санаса,
Куйругу кулач ийилген,
Кумарлуу жигит сүйүнгөн,
Канаты аппак күмүштөй
Канаты кас-мус бүркүттөй,
Саңоору сары алтындай
Баратат күнгө жаркылдп,
Кызылы күндүн нурундай
Кыргоолдо болбойт ушундай
Көз уялтып жаркылдап.
Көтөрүлүп калкылдап.
Көшөрө кууп Ак туйгун
Канатын сабап камчылап,
Көп токойду бет алып,
Көмөрүлдү закымдап
Тулпарды минген турабы,
Туйгунун албай турабы?
Жан куткарбас Актуйгун
Жетпей Кудай урабы.
Кокту кара суулар
Семетей минген Актулпар
Коёндой ыргып чурады.

140.
Чоң токойго барганда,
Туйгунга көзүн салганда,
Жүрөктө кара үй турат.
Жулүндөй түтүн буркурап.
Жан жагына караса,
Үйүлгөн көмүр үйдөй бар.
Короодой жерде жайнаган
Кызарган чокту көрүп ал.
Чоктун четин караса,
Куур тону этинде,
Жаргак шымы көтүндө.
Учу кулач темирдей,
Сабы кара көмүрдөй,
Чөйчөктөй болгон көзү бар,
Мурду тоонун сеңирдей.
Калың Букар элинен
Бу кайда жүргөн көрүнбөй,
Турган экен бир адам.
Манастын уулу чунагың
Улам-улам жалт карап,
Тааный албай болду таң.
Сакал, кашы үрпөйгөн.
Таноолору көө болуп,
Тамтайыңкы күйпөйгөн.

141.
Малакайы башында,
Жайган чоктун кашында,
Ушул кезде өлчөсө.
Отуз беште жашында.
Муну көрүп Семетей
Бура тартып келди эми.
Маңдайында кишиге
Баатырдын уулу чунагың
Бар деп салам берди эми.
Баш көтөрбөй бул адам
Көмүрүн жыйнай берди эми.
Жакын келип Семетей
Дагы салам айтты эле
Чоң көсөөсүн таянып,
Чочубастан бул киши
Карап турду жай алып.
«Эки саам айтканга
Эмине алик албайсың?
Ээн жерде айбандай
Адамсыңбы кандайсың?
Канатын сабап калдырттап,
Коңгуроосу шалдырттап,
Актуйгун келди көрдүңбү?
Алдында кууган кыргоол бар
Андай неме билдиңби?»-

142.
Деп Семетей айтты эле
Алая карап балдырап,
Атаңдын көрү жетим деп,
Акырын айтып балдырап,
«Эмине дейсиң чоңсунуп
Ээн жерде айбан?» деп.
Өзүңдөй башка корсунуп
Кушуңду көздөп тургудай,
Кулуң барбы бул жерде?
Кыргоолуң көздөп тургудай
Кыргызың барбы бул жерде?
Саламыңды укпадым,
Сага алик албадым.
Чаап кетсең үй мына.
Алдыңа салып айдасаң
Калың токой мал мына.» –
Деп Сарытаз айтканда.
Жаман сөздү укпаган,
Кандан мизи кайтпаган,
Жалгыз таздан тил угуп,
Жаалы келип Семетей
Жалындап ичи буулугуп,

143.
Имере кармап камчысын
Ирмеп ийе жаздады.
Канжарлап кардын жарууга
Кайран бала аз калды.
Каны качып кубарып,
Каары келип сурданып,
«Көмүр өчүрүп көө болуп,
Көп токойго ээ болуп,
Жалгыз жүрүп эр болуп,
Жалтанбаган шер болуп,
Салам айтсам жооп жок.
Эч нерседен кооп жок.
Куш сурасам жооп жок,
Курган таз сенде кооп жок.
Аттан түшүп барармын,
Азапты сага салармын.
Алмадай башың кесермин
Канжарлап кардың тешермин.
Жетим деген немине?
Түбүңө сенин жетермин.

Бир Кудайдан коркпосом.
Карга менен кузгунга
Жем кылып таштап кетермин.» –
Деп ушинтип айтты эле

144.
«Кандын уулу деп койсо,
Калдаңдайсың жөнү жок.
Кардымды жарып салгыдай
Кара кыргыз элиң жок.
Кыргыздан урум кем эмес
Кырып ийер сен эмес.
Кыргыздын эли мен эмес,
Кол кайтарсаң тайыңа
Кор болоруң шек эмес.
Сенин атаң эр Манас
Телегейге тең эле.
Темтейген мендей адамга
Тегиң ким сенин дээр эле.
Карып менен мискинге
Казына жыйган кен эле.
Дин мусулман элине
Калаалуу коргон чеп эле.
Кунун алсаң атаңдын
Калмактардын Коңурбай
Азыр өлбөй эле турат тирүү эле.
Атаңдын акы барсынып,
Бул мени ачуулантат тим эле.» –

145.
Деп Сарытаз айтканда
Акырын аттан түштү эле.
Актулпар байлап терекке
Аралап кирип чиликке
Болжоп барып туйгунду
Боосунан алып кондурду.
Сарытаздын жанына
Шашпай барып олтурду.
«Бери кел Тазым, бери кел.
Бейлетер болсоң эми кел.
Бачым кел Тазым, бачым кел.
Бардык сөзүңдү айтып бер!?
Манас деген эмине?
Маашыр болдум кебиңе.
Коңурбай деген эмине?
Кушубак алдым кебиңе.

146.
Айтпай калган экемин
Азыр сурап, аныктап,
Жетейин сенин тегиңе.
Кыргыз деген эл бар деп
Угуучу элем ар кимден.
Кыран киши окшойсуң
Кыйланы уктум мен сенден.
Көзү, башың көө болгон,
Көп токойго ээ болгон,
Жаныма келип олтурчу
Жалгыз бир өзүң дөө болгон.
Куш көрдүңбң тазым деп,
Кууп келген мен айттм.
Кулакка суук көп сөздү
Кужурланып сен айттың.
Мен тайкең болом деп,
Куу сөзүңдү неге айттың?
Курсагында сөз болсо
Төкпөй-чачпай эми айткын!»-
Деп Семетей айтканда

147.
Сарытаздын көзүнөн
Салаа-салаа жаш кетти.

Самап жүргөн медерин
Сагынгандан ал кетти.
Санаадагы көп муңун
Сабак кылып айтууга
Сарытаздан дарт кетти.
Көзүнөн жашы көл болуп,
Мурдунун суусу сел болуп,
Эки колун арбайтып,
Эриндерин калбайтып,
Эчкирип ыйлап Сарытаз
Эми басты бер жакка.
Таноолорун барбайтып,
Тизелери бүгүлүп,
Келиндерче жүгүнүп,
Медер кылган Семетей
Бет болгонго сүйүнүп.
Эки колдоп Семетей
Оң тизесин кучактап,
Жаш чыбыктай солкулдап,
Жаман ыйлап бышактап.

148.
А дээрине ал калбай,
Айтаарына үн калбай,
Сүйлөрүнө тил калбай,
Семетей турат бул таздын
Не айтарын биле албай.
Кагылайын каралдым,
Караныңды мен көрүп,
Коргошун болуп барамын.
Кандай күнү жолуктум
Каралдым сени көргөндө
Айламды таппай оолуктум.
Улуулук кылып сөз айттым
Урматым Семем, кечип кой,
Олуту жок иш кылсам!
Мына башым кесип кой.
Семетейим көрсөм деп,
Арзымды айтып өлсөм деп,
Он эки жылы мен күттүм
Шай колдогон арыстаным,
Шашпай аттан сен түштүң
Эми өлсөм да арман жок.
Эркелеп сага тийиштим.» –
Деп Сарытаз өпкөлөп,

149.
Сөз айта албай турганда.
Айкөлдүн уулу Семетей
Айран-азыр калды эми.
Абыдан сөзгө кануугa
Ачык сөзүн салды эми.
«Мен тайакең болом деп,
Кусуруңду көп айттың.
Талас менен Манас деп,
Дайыны жок сөздү неге айттың?
Оюңдагы кебиңди
Олтуруп бери эми айткын.
Маа тайаке болгундай
Байкап калдым кебиңден
Менин атам Кара кан
Жездеңби, сенин эминең?
Тайакем болсоң так сүйлө
Тааныштырчы элиңен.
Өзүңдүн жайың ким болот?
Тайаке деген пир болот.
Жалган-жазык сүйлөсөң
Жаныңа жабыр иш болот.

150.
Билгениңдин баарын айт,
Жаңкы сөздүн дайнын айт.

Төгүндөн жалгыз сүйлөбөй,
Төкпөй-чачпай арзыңды айт.
Көңүлүңдө барын айт.
Өлөмүн десең жалган айт.
Алыстатып аптыкпай
Абал мурда жайыңды айт.
Билесиңби сен мени?
Билгим келди мен сени.
Жанакы айткан сөзүңө
Жүрөгүм катуу дегдеди.»
Семетейдин бул сөзүн
Угуп турду Сарытаз.
Жээнинин сөзү бүткөнчө
Туруп турду Сарытаз.
Анык сырын айтууга
Кайраттанып көңүлүн
Буруп турду Сарытаз.
Жалган айтпай чын айтам
Угуп тургун жетим дейт.
Кара кан сенин тайатаң
Медерим жетим сенин дейт.

151.
Энем башка атам бир
Кара кан менен менин дейт.
Өз жайымы сурасаң
Кара кандын иниси.
Атабыз бирге болгон соң
Иниси эмей кимиси?
Ал байбиче катындан
Курусун катын күнүсү.
Шаатемир кан, Кара кан
Менин атым Өмүркан.
Мен токолдон болупмун
Бир атадан тараган.
Күнүлүк кылып ал экөө
Унаа бербей жөө кылды.
Энчиң ушул сенин деп,
Көп токойго ээ кылды.
Ал дартымдын үстүнө
Кудайым куртту кас кылды.
Башымды түксүз таз кылып,
Жалгызчылык, жокчулук
Маанайымды пас кылды.
Каламда кетип калганбы
Таалайымды аз кылды.

152.
Букарда кандык устага
Көмүр берип тургун деп,
Тайатаң мага тапшырды.
Бир айда сексен нар келет,
Сексени тең маа келет.
Көмүр жүктөп өзүмдөн
Акыма бир жүз нан берет.
Союш деп жалгыз кой берет.
Союш койду Сарытаз
Төөчүгө союп той берет.
Шаарга мени бардырбайт.
Керегимди алдырбайт.
Эч болбосо тайатаң
Жерге эгин салдырбайт.
Жайы-кышы Өмүркан
Токойдо жатып жалдырайт.
Элден кууп салганга
Эзилип сөөгүм шалдырайт.
Төөчүлөрдөн кеп уктум,
Каныкей келди деп уктум.
Кайран жездем өлүптүр.
Каралуу калып Каныкей
Кайгыга башы көнүптүр.

Семетейин көтөрүп
Каралап качып келиптир.

153.
Тилегин берип кудурет
Жалгыз сени бериптир.
Келин жаштан өткөнү
Керээз кылып жездемден
Сени жалгыз көрүптүр.
Анын баарын уккамын,
Учурашып келсем деп,
Бул токойдон чыккамын.
Букарга кирип барганда
Сакчылары көрүптүр,
Сарытаз мында жүрөт деп,
Канга кабар бериптир.
Эки желдет, бир жасоол
Атайы мага келиптир.
Мойнумдан байлап сабады
Беш күнү орго камады.
Кайра келдим токойго
Тагаңдын барбы амалы.
Тууганың болсо душманың,
Ичиңде болор бушманың.
Көрөйүн деп көрө албай
Кабарыңды уккамын.
Он экиге толот деп,
Быйыл жашың чыкканын
Санап жүрдүм унутпай,
Көрөмбү деп куштадым.

154.
Өксүтпөй берем ай сайын
Букарда кандык устанын.
Менин кебим сурасаң
Ушул болот укканың.
Сенин жайың айтайын
Жериң Кең-Кол, кең Талас.
Атакең айкөл эр Манас.
Аргын, ногой айлың бар,
Алыс жерде дайның бар.
Кара кыргыз элиң бар,
Кан Бакай деген бегиң бар.
Чоң атаң Жакып дагы бар.
Сан жетпеген малы бар.
Атаң айкөл жездемдин
Жоросунун баары бар.
Абыке, Көбөш агаң бар.
Арыстан Кошой аваң бар.
Элиңде болсоң чунагым,
Ээ болучу чамаң бар.
Алыстан угам кабарың
Анын баарын билүүгө
Менин кандай чамам бар?
Ушулар оюм айтсам деп,
Он эки жылдан бер жакка
Ойлоп жүргөн санаам бар.

155.
Бирак менин укканым –
Атаң Манас өлгөнүн
Абыке, Көбөш иниси
Энеңдин малын бөлгөндө...
Алар менен кас болуп,
Качып келди деп уктум.
Атаңдан калган сан дүйнө
Чачып келди деп уктум.
Унаа минбей жөө жүрүп,
Басып келди деп уктум.
Ар убак келген төөчүдөн
Анык сөздү мен уктум.» –
Деп кучактап Сарытаз

Жашын тыйбай бышактап,
Карыганда Сарытаз
Катуу айтты ушактап.
«Өмүрүмчө кыргоолду
Алып жейм» – дейт,- тузактап,»
Ушул сөздү Сарытаз
Семетейге салды эми.
Колуңду тага бергин деп,
Көкжалың колдон алды эми.
Которуп сурап кайталап,
Сөзгө мыктап канды эми.

156.
«Пирим болсоң тайаке,
Билемин сөзүң тактыгын.
Ушул сөзүң чын болсо,
Сага келген бактынын
Эмгиче мени таппаган
Таалайыңдын аздыгы.
Жалган болсо бул сөзүң,
Жээниң менден улуусуң,
Өмүрүңдө көрбөгөн
Кордукту менден көрөсүң.
Ушу сөзүң чын болсо,
Уга турган сын болсо,
Өзүң айткан кыргызга
Кан көтөрүп албасам,
Кең-Кол, Талас жериме
Кетерде ала барбасам,
Той берип токсон сойбосом,
Кыргызга сени кан кылып,
Сары кан атак койбосом,
Семетей атым кашайсын.
Жалганы чыкса сөзүңдөн,
Чалгырты чыкса көзүңдөн,
Көөлөтөм эки бетиңди.
Кескилетем этиңди.

157.
Чукутамын көзүңдү.
Жалган дебе сөзүңдү.
Келе бери колуңду,
Кеп ушундай болсунбу?»
«Мына колум, мына!» – деп,-
Тагаңдын сөзүн сына!» деп,
«Туура чыкса айтканым
Жездемдин уулу – жетимим,
Убадаң эки кылба!» – деп,
Сарытаз колун бергенде
Айтканымдан кайтпаймын.
Ажал туура турса да,
Атымдын башын тартпаймын.
Алданын үйү убада
Азыр өлүп калбасам,
Ак сөзүмдү катпаймын.»
Деп Семетей жети миң
Колдон кыса бек кармап,
«Кош тайаке!» деп кармап,
Арбайып өөдө турду эле,
Антыны бекем кылды эле.
Арманы ичтен арылып,
Сарытаз карап турду эле.
Ак тулпар минип алдына,
Ак туйгун алып колуна

158.
Айкөлдүн уулу чунагың
Кайра түштү жолуна.
Жолдо нече алдырган
Кыргоолун Тазга берди эми.
Кыран бала чунагың

Кыйланы ойлоп келди эми.
Каныкейге тарынып,
Капага башын чөмдү эми.
Кара кан сенин атаң деп,
Калп эле айтып жүргөн деп,
Катуу жаман көрдү эми.
Көзүнүн жашы көл болуп,
Көргөн тазы бул болуп,
Мурдунун суусу сел болуп,
Бул Таздын сөзү бел болуп,
«Жетим калган турбаймбы
Жергеден  башым кем болуп.
Жерге кирсин Каныкей
Жетемди айтып бербептир.
Букарлык мага эл болуп
Атаң Манас эр дейт го.
Ааламды бузган шер дейт го.
Ар кимден алдап сурасам
Аныгын айтып бербейт го.

159.
Каныкейге барайын,
Катуу кысым салайын.
Айтса дагы айтпаса
Кыргызды издеп табайын.
Тазымдын сөзүн чын билбей
Чыдап кантип калайын.
Он экиде табымда,
Оозго кирер чагымда
Мингеним тулпар болду деп,
Колума шумкар конду деп,
Кара канды бел кылып,
Букарлыкты эл кылып,
Канткенде калам унутуп,
Кыргызды сартка тең кылып.» –
Деп ойлонуп чунагың
Кара жолго салды эми.
Караган менен Каныкей
Ортосунда Боз-Дөбө
Как ошого барды эми.
Жатканы кандын дөбөсү
Жар болчу Кудай бир өзү.
Жашын суудай агызып,
Жакасы ылдый тамызып,
Жайдары Манас баатырдын
Жашында калган төрөсү

160.
Тулпарды таанып келиптир
Козубек сындуу бөлөсү.
Алдыңкы кашы карк алтын
Арткы кашы чылк күмүш
Эки каптал эн темир
Эптеп кылган Акканкы
Семетей башка коюптур.
Ак тердик салып алдына
Абыдан ыза болуптур.
Өпкөсү көпкөн чунагың
Өксүп ыйлап соолуптур.
Актулпардын чылбырын
Мойнуна түрүп салыптыр.
Ак туйгундун боосунан
Алдына басып алыптыр.
Алда кандай иш болгон
Аябай чарчап калыптыр.
Атынан түшүп Козубек
Башынан жөлөп «Тур!» деди.
«Айланайын Семетей,
Айтчы кандай сыр?» деди.
Алың кетип калыптыр
Айылга барбай жатканың
Ара жерде бул деди.

161.
Семетей башын көтөрүп:
«Сөз сураба Козубек,
Сөөлөттөнүп жатамын.
Кеп сураба Козубек,
Көңүлүң менден калбасын,
Көп сураба Козубек!
Кара кандын тулпарын,
Кастарлап берген шумкарын
Алып барып бер өзүнө,
Аймактуу элдин ээсине.
Качырып ийип калбайын
Туйгунунун кээсине.
Бүгүн мында жатамын
Бу кезде катуу капамын.
Ар сөз болсо Козубек
Эртең сага айтамын.
Бүгүн мени сурасаң
Өлүү эмес, мен тирүүмүн.
Өлгөн кулдун биримин.
Соо эмесмин, кеселмин.
Кеселдин түйүнүн чечермин
Чече албасам бул дартты
Көзү ачык өлүп кетермин.
Көп эмесмин жалгызмын,
Көз ача элек байкушмун.

162.
Мындай сөздү укканда
Актулпарды жетелеп,
Актуйгун алып бөпөлөр,
Кара кандын өрдөгү
Катуу келди энтелеп.
Эмине шаштың дегенге
Жооп бербейт Козубек.
Актуйгунду тууруна
Алып келип кондурду.
Актулпарды ордуна
Муракырга тапшырды.
Кирип барып ордого
Эки көзүн жаш кылды.
«Айланайын тайата,
Актулпар берди минбейм деп,
Актуйгун берди салбайм деп.
Дөбөдө жатат Семетей
Айылга басып барбайм деп.
Ачуум ичтен чыкканча
Адамдын тилин албайм деп.
Эки көзүн жаш кылып,
Ээн жатып ыйлаптыр.
Капасы ичте көп окшойт
Кара жанын кыйнаптыр.» -

163.
Деп Козубек айтканда
«Каныкейге бар» деди.
«Ылдам кабар сал» деди.
«Айымдардан жиберсем
Ачылып сөзүн айтпайт го.
Өзүм барсам бу такка
Өз билгенин баштайт го?»
Кара кан мындай дегенде,
Козубек кетти турбастан,
Аялдап токтоо кылбастан.
Семетейдин жатканын
Айтып барды бир баштан.
Күйүп жаны от болуп,
Өрттөнүп ичи чок болуп,
Өлгөндө көргөн чунакка
Кантип чыдайт токтолуп.
Семетейге баруугa,
Капасын ачып салууга,

Кайрылар адам жок болуп.
Атаңа наалат дүнүйө
Кара оозуңа кан толуп,
Кандай киши айтты экен.
Кара көңүл чунакты
Капа кылып салды экен?

164.
Ала-Тоодо кең Талас
Жерин угуп калган го.
Ак калпак кыргыз көп ногой
Элин угуп калган го.
Кас санаган бирөөнүн
Кебин угуп калган го.
Барсам тилим албайт го,
Сөзгө кулак салбайт го.
Өзүм жалгыз барганда
Өжөрлүгү кармайт го.
Ары-бери толгонуп,
Ар түрлүү акыл ойлонуп,
Атасын тарткан чунакка
Айтар сөзүн таба албай,
Айланып башы маң болуп:
«Боз жорго минип чапсамбы?
Башым десе чунакка
Боорумду алып каксамбы?
Кан алдына барсамбы?
Казы, мупту, бектердин
Кыз, келинин чогултуп,
Муну ортого салсамбы?
Капасын көрбөй жалгыздын
Кардымды жарып салсамбы?

165.
Кара канга барды эми.
Карыларды чогултуп,
Каныкей кеңеш салды эми.
Карамүртөз чунактын
Капасын жазар киши жок,
Капасына калды эми.
Кандын кызы Үрүлкан,
Бектин кызы бир канча,
Мелтиреген сулуудан
Семетейге жиберди.
Бели кындай, бети айдай
Белгилүү сулуу Кишимжан
Кыздын баары кыпыйып,
Кыргый куштай зыпыйып,
Шыбырашып сүйлөшүп,
Шыңкылдашып күлүшүп,
Семетей жаткан дөбөгө
Катарлашып жүрүшүп:
«Кандын уулу канзаада
Кандай жатат талаада...
Ак каңкы жаздап башына,
Же адам албай кашына,

166.
Ак тердик салып алдына,
Же аш ичпестен кардына,
Жүргүлөчү баралы,
Мурзадан кабар алалы.
Уктап калса ойготуп,
Аз тамаша кылалы.»
Алыстан табыш салышып,
Ала тамак бой мончок
Акырекке тагышып.
Алтынга боюн шыбанып,
Аяңдап басып суналып.
Аларды көргөн адамдын
Аманат жаны кубанып.
Парчаны кийип суналып,

Бадана кийип буралып,
Күлүп ойноп сулуулар
Күймөнсө жыпар жыттанып.
Накери бутта чойкоюп,
Өрдөктөй мойну койкоюп,
Башайы кийип шоодурап,
Маралдай көзү жоодурап,
Кере карыш кундуз бөрк
Оң чекеде кыйшайып.

167.
Кереметтүү сулуулар
Кериле басып суйсалып,
Акырын таштап, бек басып,
Ар кимиси сулуунун
Аласкатып кеп салып.
Шылдың айтып Үрүлкан
Шылдыңдап күлүп Бурулган:
«Ээрди башка коюпсуз,
Эмине капа болупсуз?
Алдыга тердик жаздапсыз,
Айылды чанып таштапсыз.
Жалгыз жатып дөбөгө
Жаңы борум баштапсыз.
Теңтушу жок кишидей
Тердик салып жатыпсыз.
Теригип калган иш болсо,
Тегеренип кетейин,
Теңтушуң бизге айтыңыз!
Курбусу жок кишидей
Кур талаага жатыпсыз.
Курманың болуп кетейин,
Курдашың бизге айтыңыз.
Кагылайын канзаада,
Капаңызды сурайбыз,
Канымдар үчүн жазыңыз!

168.
Жүрүңүз бакка баралы.
Селкинчек тээп эрмектеп,
Серпилип оюн салалы.
Уят да болсо биз үчүн,
Урматтайбыз сиз үчүн.
Капа болбой жүрүңүз
Кабагың ачып күлүңүз!
Кара жан керек болсо да
Канзаада сизге берели.
Кайгылуу турат түрүңүз,
Арак сунсак ичиңиз!
Айыбыбыз болсо кечиңиз!
Алтообуз келип турабыз
Айтканыңа жетиңиз.
Анча-мунча капаны
Алдыңа кетип калайын,
Ачылып түйүнүн чечиңиз!
Баралы үйгө жүрүңүз
Баркыңызды билиңиз .
Башыбыз сизге садага
Бизди да көзгө илиңиз!»
Кыздар мындай айтканда
Семетей чунак мындай дейт:

169.
Капа болбо, эжелер,
Кулакка түшпөйт кебиңер.
Айып көрбө, эжелер,
Акылга түшпөйт кебиңер.
Алда канча сөз айтып,
Аласкатсак депсиңер.
Бүгүн ичим күйгөн кез
Өлүм сыны кирген кез.
Боорум ооруп чыдабай,
Боздоп жаткан убагым.

Кабыргамдан кагынып,
Кайгы тартып турамын.
Канча жакшы көрсөң да
Каалабайт сөздү кулагым.
Көп отурбай жангыла,
Көчөңөргө баргыла.
Күнүм бүтүп мен өлсөм
Көрүмө топо салгыла.
Көрүшөрбүз болбосо
Көңүлдө дартым жазылса,
Селкинчек тээп серпилип,
Ойной турган убак жок.

170.
Жаман-жакшы сөз угуп,
Сезе турган кулак жок.
Алдымда турган агам жок.
Акылым табар адам жок.
Артымда турган иним жок,
Арзымды айтар кишим жок.
Ойноп күлөр күнүм жок.
Оюнду сүйөр түрүм жок.
Тарагыла эжелер
Талкак айтар тилим жок,
Талабыма жетпесем
Табыш чыгар үнүм жок.
Мындай сөздү укканда
Кыздардын өңү бузулуп,
Кызылы кетип кубарып,
Кың этпей үнү кысылып,
Кайралап айтар кеп калбай,
Олтурганын эп таппай,
Бирин бири карашып,
Кетүчүдөй тарашып,
Чыканак менен түртүшүп,
Чыдабай бою үркүшүп,

171.
Коркуп калган окшоду.
Козголгондо мүргүшүп,
Жабыла өөдө турушту.
Жаман сөздү угушту.
Кайра басып кетишти,
Каныкейге жетишти.
Жанакы сөздүн баарысын
Калтырбай айтып беришти.
Айласын таппай Каныкей
Арыптап сөзгө сала албай,
Ата-тегин айтканды
Айттырып билип ала албай,
«Кан сурагын кылдырып,
Калың элди жыйдырып,
Жалгандыкка чыгарып,
Жазасын берип тындырып...
Муну кылсам болобу,
Мында ишенбей коёбу?
Жакынымды билбейт деп,
Жалган эмес, чын дейт деп,
Жалынсам койбой соёбу?
Не да болсо барайын
Капасын билип алайын.

172.
Бир Семетей чунак ко
Медер кылган паанайым.
Жалгызым жатса талаада
Жашынып кантип калайын.
Алда Таала кудурет
Башыма бүтүр берген таалайым
Арак, шербет, бал алып,
Казы кертип, жал алып,
Ээрчитип жанына
Козубекти дагы алып,

Чайналып мынтип жүргөнү
Жаркытып кийип торкону
Эр мүчөлүү кара бет
Ээн жаткан балага
Эне экенин билгизбей,
Эркелетип койголу.
Айтарына сөз камдап,
Айлалуу сөздөн көп камдап.
Капасын эптеп жазсам деп,
Кайыптан акыл тапсам деп.
Атасын тарткан көөсүргө
Алдап бир сөз айтсам деп,

173.
Кара каска Каныкей
Кабагын ачып баркылдап,
Капасы жок кишидей
Каткырып күлүп шаңкылдап,
Жоргосун жолго жылжытып,
Жоруктуу бейбак зыңкыйып.
Боз-Дөбөнүн түбүнө
Жетип келди шартылдап.
Каныкейди көргөндө
Каары келип чунагың
Жолборстой көзү жалындап.
Толкуну суудай шарпылдап.
Жоо көргөндөй тикчийип
Аюдай түгү үксүйүп,
Айбаты сүрлүү кан кускур
Ачуусу келип чыкчыйып,
Оозунуп кебин баштарда,
Оолжуган бейбакты
Жаман көрүп таштарда,
Муңдуу болгон кара бет
Муңканып үндү салды эми.

174.
Муну көрүп Семетей
Муңун байкап калды эми.
«Айланайын жарыгым,
Айтчы сөздүн жарыгын.
Азарланып жатат деп,
Азыр угуп шашылдым.
Алдыңа келди чырагым
Арман эжең карыбың.
Тап дегениң табайын,
Жүрөгүм сууруп чабайын.
Капаңды жазбай медерим
Кантип тирүү калайын.
Бас дегендей басайын
Бар капаңды басайын.
Ардагым сөзүн уксам деп,
Алдыңа келдим атайын.
Ачууңду көрүп жүргүчө
Аяк гөргө жатайын.
Капаңды айтчы угайын.
Каалаган ойдон чыгайын.
Керек болсо канымды
Кашыктап алып куяйын.»

175.
«Кой Каныкей, сөзүңдү.
Кордук кылдың өзүмдү.
Жай мааниңди түз айтпай
Жашырасың өзүңдү.
Оюп салса убал жок
Ойрон катын көзүңдү.
Оозуңа келген сөздү айтып,
Оодурупсуң эсимди.
Алакан жайган атам ким?
Ардактап сүйөр апам ким?
Киндик кескен жерим ким?

Кичинемден чоңойгон
Киши кылар элим ким?
Ушул азыр чыныңды айт.
Урааным ким? Теңим ким?
Угузчу менин журтум ким?
Эркелетер эжем ким?
Эмгек тартып төрөгөн,
Эмчегин берип бөлөгөн,
Мени тууган энем ким?
Таякем ким? Тайым ким?
Таап бер урук-дайным ким?

176.
Кечикпестен бат айткын.
Келжиребей так айткын!
Кабыргамдан кагынып,
Казыр өлүп кетемин.
Каныңды ичип мен сенин
Каапыр өлүп кетемин.
Кара канга уул болуп,
Каңгыраган кул болуп,
Кайдыгер элде жүргөнчө
Каныңды ичпей нетемин!»
Арбайып тура калды эле
Айт чыныңды шордуу деп.
Ач билектен алды эле.
Сынбай сөөгү кычырап,
Зыркырап билек бычырап,
Он экиде чунакты
Колумдан чыгып кетет деп,
Ойлонуп ыйлап буркурап,
Бөдөнөдөй көзүнөн
Мөндүрдөй жашы шыркырап.
Каарланып кармаса
Калгыдай колу быркырап.

177.
Аласкатып сүйлөсө
Ажалы азыр жеткидей.
Абалдан мурда чунагың
Азыр канын төккүдөй.
Өжөрлөнсө Семетей
Өзүнчө басып кеткидей.
Өкүм эрдин тукуму
Өлтүрбөсө неткидей.
Жаалын көрүп Каныкей
Жалынып сөзүн сала албай,
Жашын төгүп шолоктойт,
Жайкап жообун таба албай.
«Жүргүн үйгө баралы,
Узун сөздөн салалы.
Айланайын Семетей,
Эмине кепти сен уктуң?
Эпсиз тилди мен уктум.
Кандай сөздү сен уктуң?
Капаңды бүгүн мен уктум.
Кайда барып, кай жерден
Кандай жанга жолуктуң?
Каралдым жалгыз сен болсоң
Каарланып оолуктуң.

178.
Жүргүн үйгө кетели
Талаада туруп нетели.
Сурап турган кебиңдин
Аныктап түйүнүн чечели.
Букарлык бузук эл болот
Бузуп бирөө сөз айтса
Чындыгына жетели.
Келе бери Козубек
Аш тамактан алып кел.

Арагың болсо куюп кел.
Каралды кылган бөлөңө
Кош колдоп аяк сунуп кел.
Өз билгенин бербеген
Өжөр эрдин тукуму.
Оюнда ишин бербеген
Ойронуңдун кулуну».
«Сыйлап турам мен сени
Сынбасын деп кадырың.
Сыйың  менен чыныңды айт
Зыркыратпай тамырым.
Кичинемден чоң кылдың
Киштени курап тон кылдың

179.
Эмчегиңди эмиздиң,
Элден бөтөн асырп.
Ар уруу тамак жегиздиң.
Онго жашым жеткенде
Ойдогумду жайладың.
Он бирге жашым жеткенде
Төркүнүңө кул кылып,
Алдап мени айдадың.
Чыныңды айтып батыраак
Чындап көөнүм жайлагын.
Тамагыңды ичпеймин
Такыр күнөөң кечпеймин.
Сунсаң да аяк албаймын.
Бул сөзүмдөн танбаймын.
Дөөрүтөйүн деп турсаң
Төгүп азыр каныңды
Дөбөнү кызыл кандаймын.
Ээси жок курган үйүңө
Эзелде басып барбаймын.
Уятың болсо ойлончу,
Убалым болсо толгончу,
Убара болуп бул жерде
Бөөдө өлүм болбочу.

180.
Ушакты такыр укпадым.
Куш салып жүрүп мен барып
Жайылманын сазында
Кара-Сууга уктадым.
Уктап жатып түш көрдүм
Укмуштуу кыйын иш көрдүм.
Ак карлуу тоосу заңкайган
Асманга жетип даңкайган,
Ошол сенин жериң дейт.
Төрт түлүк малы жайнаган,
Тулпарын таптап байлаган,
Ошол сенин элиң дейт.
Кыргыз элдин кырааны
Мусулмандын чынары,
Зайыппуруш эр Манас
Ошол сенин атаң дейт.
Ошол жерди сен тапсаң
Чыгар эле капаң дейт.
Жоготот сени ушалап
Жоболоңдуу атаң дейт.
Жообун бергин сөзүмдүн.
Жоруусун айткын түшүмдүн.

181.
Жолборсту итке кошоктоп,
Жол(у) болобу кишинин?
Жобурабай жооп бер
Жолумду ачкын өзүмдүн.
Жолто кылба ишиме
Жолум болор кезимде.
Элиңди таштап ээлигип
Эр таба албай жээлигип,

Элсиз кылып башымды
Эмине келдиң демигип?
Көрүнгөн элди атаң деп,
Жүргөнүң кандай кемитип?
Калкыңды таштап ээлигип,
Каралуу жүрүп жээлигип,
Кара кандын шаарына
Кайдан келдиң демигип?
Тайатамды атаң деп
Таалайымды кемитип,
Тамтаңдатып коёсуң
Тенти(ген) кулсуң дедирип.
Ээлигип келген сен кандай?
Эли жок жүргөн мен кандай?
Каралуу качкан сен кандай?
Калкы жок жүргөн мен кандай?

182.
Он экиде чагымда,
Оозго кирер табымда,
Ордолуу элге кан болуп,
Олтурбайт белем тагымда.
Айтасыңбы сырыңды?
Арбытамын чырымды.
Арсыз тентип жүргүчө
Ападан кечмек кыйынбы?
Эми айтсаңчы чыныңды
Элим деп карап олтурган
Букарга маалим чырымды.
Элсиз тентип жүргүчө
Энеден кечмек кыйынбы?
Арбак урат кишини
«Айылымды көрсөм!» дебесе.
Айтпай койдуң сырыңды.
Азыр өлүм кыламын
Акыңдан кечпе эмесе»
Ушу(ну) айтып чунагың
Көзүнөн жалын шыркырап,
Оозунан түтүн буркурап.
Көрүп турган адамдын
Кеткиси келет дыркырап.
Жети(м) ыза болгонго
Жеңеңдин сөөгү зыркырап.

183.
Айтпай койсом чунакка
Бөөдө өлүм болом го.
Бөдөнөдөй тырпырап,
Баламсың менин жалгыз деп,
Баарын айтып бермекке
Семетейди Каныкей
Басып калды чыркырп.
Айкөлдөн калган белегим,
Найзадан калган желегим.
Акырет кеткен султандан
Алып калган медерим.
Калкалап сени бакпасам
Кара чачым жайылуу,
Кандуу бетим жыртылуу,
Кайдан Букар келемин.
Аптыгып калсам Каныкей
Айтпады сырын дебегин.
Азыраак тамак ооз тий
Айланайын эрмегим.
Аттанып үйгө баралы
Айкөл Манас атаңды
Абыдан айтып беремин.
Элиңдин жайын айтуучу
Армандуу болгон кара бет
Мен эжең эмес энеңмин.

184.
Атаң Манас дегенде
Ак бетине кан жүрүп,
Айбаты катуу чунактын
Ачуусу кетип сүйүнүп.
Алып кел бери тамак деп,
Баары ачылып бек күлүп.
Ачуумду кечкин эне деп,
Аяк сунуп бүгүлүп.
Колуна алып аякты
Козубек жүрөт жүгүрүп.
Аяк сунуп ичишти
Айтылып кеткен сөздөрдүн
Айыбы болсо кечишти.
Арбакка куран окушуп,
Аттанып жүрүп кетишти.
Акбоз бээни алдырып,
Арбагы тирүү Манаска
Атап туруп чалдырып,
Эл чакырып, эт берип,
Энеге бала кез берип.
Эл таркатып олтуруп,
Эртеги сөздөн салышып,
Эже-бөбөк дечү эле
Эне, бала табышып.

185.
Чыйырды менен Каныкей
Чындап сөзүн баштады.
Чырагына тоюшуп,
Жай сүйлөдү шашпады.
Ата-тегин жашырган,
Арамдардан качырган
Алдап-соолап жүрүүчү
Амалкөйүн таштады.
«Айланайын кулунум.
Атаң Манас эр эле.
Жан баратып пендесин
Жараткан Алда кудурет
Жакында бербейт деги эле.
Алакандай мусулман
Айкөл төрөм дээр эле.
Аягын коргоп душманга
Айныбай кирген шер эле.
Каныкей энең мен эле.
Каргадай жетим сен элең.
Кас душманым көп болуп,
Кара кандын шаарына
Качырып баксам дээр элем.
Шатемир кан, Кара кан
Ошолордун жээни элең.

186.
Он бешке жашың толгончо,
Торолуп адам болгончо,
Атакеңдин арбагы
Айныбай келип конгончо,
Элди унутуп салсак деп,
Он бешке жашың жеткенде
Тандап туруп бирөөнү
Тай эжеңден алсак деп.
Келин алып, бул алып
Кызматкерге кул алып.
Анан Талас барсак деп,
Он бештен жашың өткөнчө,
Оюбузга жеткенче
Оозу жаман бурууннун
Тили тийип кетер деп,
Көзү жаман бирөөнүн
Көзү тийип кетер деп,
Манастын уулу деп айтып.
Мактаныш бизге бекер деп,

Кара санап бир душман
Түбүбүзгө жетер деп,
Кара кандын уулу деп
Карыганда айымы
Эркек бала тууду деп.

187.
Тоюңа токсон бээ сойгон.
Короодон айдап кой сойгон.
Түтүнүнө букарлык
Түк киши калбай той сойгон.
Урум менен Коконго
Уруулуу нечен эл келип,
Ого эле сонун той болгон.
Он жашына жеткиче
Каныкейим багат деп,
Ондон жашы өткөндө
Кара кан өзү багат деп,
Ырым кылып бакты деп,
Ыраакы жууку көрөргө
Ушундай болгон жакшы деп,
Бата берип тарашкан.
Беш-алтыңда кулунум,
Эки-үч бала өлтүрдүң.
Эл үчүн ашыр жашырды.
Жети-сегиз жашыңда
Кербендин төөсүн жаргансың.
Талатып ийип булдарын
Айткан сөзгө тил албай
Тентек болуп калгансың

188.
Кара канга, кулунум,
Он эки нар-үч бала
Доосу түшүп мойнуна
Кун тарттырып салгансың.
Ошол иштин пайдасы
Энеңдин кылган айласы.
Менин балам деп койсом
Кербендер талап кетпейби.
Баласы өлгөн кишилер
Башыңа зыян этпейби.
Семетейи кор болсо,
Кара бет энең – жесириң,
Карыган байкуш кемпирге
Эртелеп ажал жетпейби.
Мен айтайын, сен уккун
Кара кан сенин тайатаң.
Кылган ишин эми уккун.
Кара ниет жан болсо,
Кадырым өтпөс ал болсо.
Карабай басып кетпейби
Тайатаңа барып жүр.
Батасын күндө алып жүр.
Касиеттүү жан эле
Насаатына канып жүр.

189.
Кайрыбай сөзүн угуп жүр.
Тур десе бир күн туруп жүр.
Башыңа кара санабайт
Олуя заада киши эле
Кыл дегенин кылып жүр.
Тайежендин барысын
Тандап бирин сынап жүр.
Келин кылып алайын
Кеп салышып чындап жүр.
Кетебиз он беш жашыңда
Кеменгер уулум чыдап жүр.»
«Макул-макул, байбиче,
Кеңешербиз бир нече.
Эл ичинде нелер жок.

Элине барбай тентиреп
Эмине жүрөт дебесе...
Тайатамдын тулпарын
Сурап бер эне, эмесе.
Мен аттанып барайын,
Кыргызды издеп табайын.
Тайатам атын бербесе
Эртеликтеп камынып,
Тулпар таап алайын.
Бир ат үчүн токтолбой
Жөө да болсом энеке,
Журтумду барып бир көрбөй
Кантип чыдап калайын.

190.
Туулган жерим көрөйүн,
Турбай эрте жөнөйүн.
Тууганы жок жүргүчө
Туубай туна чөгөйүн.
Тумшугу жок курган жан
Бу көрөкчө өлөйүн.
Тулпарын берсин тайатам
Кокустан атын жоготсом
Короолуу кыргыз кул берип,
Токсон төөгө зар берип,
Атынын баасын төлөйүн.
Ак тулпарын алып кел.
Башка жылкы минбеймин
Береби жокпу тулпарын
Кандын оюн чалып кел.
Мындан башка кебим жок
Кудайым бар көөнүм ток.
Убадасы бар деген,
Жалгызга Кудай жар болмок.
Жазбагандыр жараткан
Жалгыз атка зар болмок.

191.
Калк үчүн эрге парыз го
Каңгырап башы кар болмок.
Элинде болот зор болмок,
Эзелден болот шордолмок.
Элсиз элким жүргөндө
Эрендин башы кор болмок.
Жарым айда келемин
Жараткан Алда жар болуп,
Жардам берсе арбактар
Жалгызыңа жолду оңдоп.
Жалган айтат дебегин
Жолдун өлчөп болжолун
Берерсиң эне, күн болжоп.»

«Токтобосун билген соң
Томуроон сөздөн кирген соң.
Тобокелден көрөйүн,
Томсортуп салбай чунакты
Тулпарды алып берейин.
Бербей койсо тулпарын
Сен атамсың дебейин.
Ардактап баккан чунактын
Ачуусуна калбайын.
Зарыгып көргөн жалгыздын
Өлгөнүмчө дүйнөдөн
Эч бир көөнүн салбайын.

192.
Адам болуп калган го
Аяганым жалган го.
Атасынын арбагы
Жалгызына жардам го.
Эли-журтун ойлонтуп,
Эсине Кудай салган го.»

Кара канга барды эми
Кабыландын жалгызы
Семеңдин сөзүн салды эми.
Актулпарды бериңиз,
Азыр болсун кебиңиз.
Алыска барып келем дейт,
Ардагым жалгыз жээниңиз.
Бересизби тулпарды,
Же бербейсизби тулпарды?
Азыр болсун жообуңуз.
Ат жоголуп кетет деп.
Эч болбосун кообуңуз.»
Каныкейдин бул сөзүн
Кара кан ойлоп турду эле.
Кан Манастын арбагы
Кандын оюн бурду эле.

193.
Пейили сүйүп жалгызды
Мындай сөздү урду эле:
«Ой Каныкей кулунум,
Эли жоктой баламдын
Элким кантип жиберем.
Жакып, Көбөш – душманга
Жалгыз кантип жиберем.
Букардан чыккан балбандан
Бир миң балбан берейин
Бузук Жакып, Көбөшкө
Бир жиберип көрөйүн.
Ак асаба туу алсын,
Арбын кошун эл алсын.
Абыке, Көбөш каапырга
Алышар болсо кол алсын.
Актулпар кантип аяйын
Арыстан Манас кыраандын
Арбагын сыйлап калайын.
Айкөлдөн калган жетимдин
Арбагын журтка жаяйын.
Жок кылып салат атты деп,
Жок ишти кантип санайын.
Бүгүн барып кеңешкин,
Эртең өзүм барайын.

194.
Арбак атап бир малды
Ай туякка чалайын.
Актулпар атты алып кет
Атаңдын айткан кеңешин
Акылыңа салып кет.
Аспап, жарак берели
Атаңдын сөзү болбойт чек.»

Тулпарды алды коштотуп,
Семетейге Каныкей
Кара кандын кеңешин
Калтырбай айтты окшотуп.
Тайатаң берди акылды
Бул кеңеш сага макулбу?
Тиксин деп алтын чатырды
Сураганын аябай
Сыйлайм дейт Манас баатырды.
Тайатаң эртең келем дейт,
Каалаганын берем дейт.
Жээним үчүн дапдаяр
Баарысы менде белен дейт.
Абыке, Көбөш душман бар
Жасоосун алсын кенен дейт.
Кандай дейсиң, кулунум?
Бул акылым терең дейт.

Актулпарын бергенге
Ыраазы болду өзүнө.

Кошуун алып кет деген
Тайатам айткан сөзүнө.
Эртең жолго чыгамын
Кошуунду эмне кыламын.
Бирөөнүн аты терлүү ат
Ат доосуна калбаймын.
Бирөөнүн тону кирчил тон
Тон доосуна калбаймын.
Миң балбан тургай бир киши
Жолдош кылып албаймын.
Эртең сапар жүрөм» – деп
Уктабастан жатты эле.»

Чымчыктын баары чурулдап,
Даракттын башы шуудурап.
Таңкы сыргак жел болуп,
Чөптүн башы кыбырап,
Тараза жылдыз батты эле,
Таң саргарып атты эле.
Багымдат намаз окунуп,
Этеликтеп Семетей
Актулпарды токунуп,

196.
«Ишемби жалгыз а жалгыз,
Сенин атаң жарыктык
Султан Манас да жалгыз,
Ишемби сапар кылчы эле,
Качан болсо айкөлүм
Аттанып жолго жүрчү эле.» –
Деп Каныкей турганда
Ай туякка бээ алып,
Ак сарбашыл кой алып,
Ар уруудан жемиштен
Азык-түлүк мол алып,
Алыска кийип барсын деп,
Ак күрөөкү тон алып,
Ала-Тоо кыргыз элине
Семетей эртең жөнөйт деп,
Батасын берип коштошуп.
Кимдер барып көрөт деп,
Көчөгө кабар салдырып.
Көп элге кабар кылдырып,
Таң намазын бүтүрүп,
Даңдап элин чакырып,
Кара кан сындуу кан келди.
Казы, мупту да келди.

197.
Калың Букар шаарынан
Катын, бала калбастан
Канча түрлүү жан келди.
Кемпирлер келди бүкчөңдөп,
Келиндер келди тыкчыңдап.
Кыз да келди кыйкыйып,
Кыргый куштай зымпыйып.
Ак сакал кары чал келди,
Айтылуу Букар шаарынан
Алда канча жан келди.
Абышкалар кайгырат:
«Чоң атасы кас эле,
Агалары курусун,
Манастан калган дүйнөнү
Жулуп алган мас эле.
Кан Манастын жетими
Кабыргасы ката элек,
Каргадай чунак жаш эле.»

Кемпирлер ыйлап кейишет:
«Медер кылган жалгызын
Алыскы жерге жиберсе

Чыйырдысы чөгөт го.
Батыраак кайра келбесе,

198.
Кан баласы - энеси
Кайгырып жүрүп өлөт го.
Жылкычы, койчу, уйчулар
Манастын уулу экен деп,
Баласын жалгыз кетирип,
Эжебиз өтө бекем ээ?
Семетей артык бала эле
Мен да кошо кетсем ээ.
Бир Кудайга амант
Эсен барып келсин ээ.»

Боз балдар капа болушат
Канга күнөө коюшат:
«Семетейди жиберип,
Кыргыздан дүйнө табам деп,
Тоо тулпарын алам деп,
Кара кан жаман киши экен
Кашына койсо болбойбу,
Карганда көргөн балам деп.

Катындар кейип жатышат:
«Каныкей байкуш кантет?» – деп.
«Кара боор бала эле
Калкын тапса келбейт» – деп,

Келиндер кейип жатышат:
«Келбети артык бала эле

199.
Кетирип жалгыз баласын
Каныбыз кандай жан эле?
Көчөдө жүргөн балдардын
Көркөмү ушунда бар эле.
Атказып ийбей чунакты
Айныса боло дагы эле.
Кең Букарга кайрылып,
Келсе жаштын шаңы эле.
Бойго жетип түгөнгүр
Болкойду эле жаңы эле.
Келин, кызды саралап,
Ойноп, күлөр чагы эле.
Кол кармашкан кишиге
Кызыгы кымбат баа эле.
Жерибизде тынч турса,
Жаштардын сүйөр жаны эле.
Биздин бала деп жүрсөк
Чунайган түгөт баланын
Журту кайда бар эле?»

Кыздардын баары кыбырап,
Бир-бирине шыбырап,
Айылыбыз бирге консо деп,
Аташкан күйөөм болсо деп,

200.
Калкыбыз бирге консо деп,
Кадыр Алда буюруп,
Кадимки күйөөм болсо деп.
Эч болбосо эки жыл
Букардан кетпей койсо деп.

Билген элдин баарысы
Баш эле деп бир кейип,
Жакып күйсө, Абыке
Кас эле деп бир кейип.
Эр Манастан бир тукум
Калса эле деп бир күйүп.

Билбегендин баарысы
Кара кандын чырагы,
Карыганда көргөн чунагы,
Адамда жок алп болчуу
Бала эле деп бир кейип.
Мундан башка эркеги
Бар беле деп бир кейип.
Баласын жумшап кыргызга
Кара кан мындай кара боор
Жан беле деп бир кейип.
Журттун баары тунжурап,
Капа болуп турганда,
Таякеси Сарытаз
Келип калды энтелеп.

201.
Сарытазды көргөндө
Семетей барып кол берди.
Жетелеп кайра басканда
Жарыла түшүп жол берди.
Каныкейди чакырып,
Кара канга тапшырып,
«Мен келгенче таята,
Токоюңа жибербе!
Толуп жаткан кулуң бар
Таякелер, силерде.

Каныкей эне, угуп кой,
Мен келгенче тагамды
Караан кылып туруп кой.
Аш-тамагың аяба
Тагамдан арам санаба.
Чындап мени сыйласаң
Энеңер көөнү көрүнөт.
Күндөштүккө караба!»-
Деп Семетей айтканда
Макул, макул, макул деп.
Таз дагы бизге жакын деп,
Таанышып алган турбайбы
Тазда далай акыл деп.
Убада кылып салышты.
Тазды колго алышты.

202.
Кара кан туруп кеп айтат:
«Кагылайын Семетей,
Кебимди укчу деп айтат.
Эли жоктой кулунум,
Элким кантип кетесиң?
Ээн жолдор көп болот
Эригип калар бекенсиң.
Калкы жоктой кулунум,
Кантип жалгыз кетесиң?
Каршы-терши жолдор көп
Каңгырап калар бекенсиң?
Эч болбосо кулунум,
Эки киши жолдош ал.
Эрмектешип жол жүрүп,
Элиң кыргыз айылын
Эсен барып таап ал.
Карылык кылып мен айттым,
Кагылайын кулунум,
Кандай дейсиң? Сен айткын!»-
Деп кара кан айтканда,
Жылмайып бала күлдү эле.
Эмине жооп айтат деп
Жалпы журт карап турду эле.

203.
Манастын уулу чунагың
Мындай сөздү урду эле:
«Батаңды бергин таята,

Барамын деп алыска
Балаңыз талап кылабы?
Басар жолдон жадаса,
Кыргыздын жолун билүүчү
Кырааның ким Букарда?
Кыйланса кубат берүүчү
Тынарың ким Букарда?
Жолдун табын көп билген,
Жортуул барып көп жүргөн,
Көсөмүң ким Букарда?
Көмөкөйү жарылган
Чечениң ким Букарда?
Ак карлуу тоодон ашуучу
Чыйрагың ким Букарда?
Чымырканып жоо сайып,
Чыгарың ким Букарда?
Ала байрак туу алган,
Ар тараптан олжо алган
Атасы башка душмандан
Алдыдан туура жоо келер.

204.
Алпарган менин жолдошум
Анда колго түшүрсөм
Мен балаңа зор келер.
Ишендим жалгыз Алдага
Камындым жалгыз бармакка.
Белимди байлап жол жүрөм
Берен Манас колдо деп,
Бек жалынып арбакка.
Айбалта илем бармакка,
Атамдай сыймык алмакка.
Арыстан баатыр колдо деп,
Акырет кеткен уулуңду
Арнадым башым арбакка.
Манаска жолдош кырк чоро
Кырк чоро эмес кырк жоро.
Аяш атам Алмамбет,
Арытан Чубак, эр Сыргак
Арбагыңда колдо деп,
Баарынын атын чакырам
Балапан жетим жолдо деп.
Кырк чилтени Манастын
Кыйшыгым болсо оңдо деп.

205.
Кыраанынан айрылган
Кымбаттуу энем калды эле.
Кыйноого түшкөн шордуу деп,
Кымындай жалгыз медерин
Кызыр Илияз колдо деп...»

Семетей мындай дегенде
Кайың ыйлап, тал ыйлап,
Калың журттун баары ыйлап.
Дудук ыйлап, кер ыйлап,
Турган бүтүн эл ыйлап.
Тулпардан калса бир туяк
Тукум экен деп ыйлап.
Ыйлагандын баарысы
Өз кайгысын жеп ыйлап.

Бадал ыйлап чөп ыйлап,
Бардык турган көп ыйлап.
Балбан ыйлап төрө ыйлап,
Баатырсынган лөк ыйлап.
Казы, мупту, бек ыйлап,
Кайгысыз пенде болобу
Кайраттуу нечен бек ыйлап.
Кадыр Алда кудурет
Каргадай болгон чунакка
Кубат берсин деп ыйлап.

206.
Жоолугун алып колуна,
Каралды жалгыз чунакка
Бата берип көп элден
Салайын деп жолуна,
Кандын кызы Каныкей
Оң көзүнөн жаш чыгып,
Олкулдап ыйлап алды эле.
Сол көзүнөн кан чыгып,
Солкулдап ыйлап алды эле.
«Маңдайымда паанайым,
Алда Таала кудурет
Башыма бүтүп берген таалайым,
Аттанбай бир аз тура тур!
Арызымды айтам уга тур!
Жол эсебин алгамын,
Жолду катка салгамын.
Күн эсебин алгамын,
Күндү катка салгамын.
Жол көрө элек медерим,
Айтпай кантип каламын.
Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас
Align Жериңдин жайын айтайын.

207.
Кыргалдуу кыргыз көп токой
Элиңдин жайын айтайын.
Алты атаңдан келаткан
Салтыңдын жайын айтайын.
Ала-Тоону жердеген,
Алышып душман жеңбеген
Калкыңдын жайын айтайын.
Аркан салса бойлобос
Тереңдин жайын айтайын.
Арыстаны өлүп тентиген
Энеңдин жайын айтайын.
Жесирлердин ичинде
Бушмандын жайын айтайын.
Жетимине кол салган
Душмандын жайын айтайын.
Атаңдан калган сан дүйнө
Малдын жайын айтайын.
Өз тукумун кордогон,
Барына бирдей болбогон,
Чалдын жайын айтайын.
Эл ичинде нелер бар
Перинин жайын айтайын.

208.
Элди эскирткен аксакал
Карынын жайын айтайын.
Ушул кезде ким экен
Чоңдун жайын айтайын.
Дүнүйөгө ээ кылбас
Зордун жайын айтайын.
Маңдайдагы кайнаган
Шордуунун жайын айтайын.
Алды-алдынан адашкан
Кордун жайын айтайын.
Айтканымдын баарысын
Акылыңа жаттачы!
Арбагыңды сынайын
Актулпарга аттанчы.
Армандуу мендей энеңдин
Айтканын эске сактачы.
Өөдө тарт да, ылдый тарт
Өзүңдү сынап берейин.
Ары тарт да, бери тарт
Атыңды сынап берейин.

209.
Алты капка эл уксун

Ачыгын айтып көрөйүн.
Сенин элиң – кыргыздын
Адыры толгон кою көп.
Аш бергенден тою көп,
Кара малдан жылкы көп.
Казына жыйган мүлкү көп.
Отор малдан жылкы көп,
Оюну менен күлкү көп.
Ор коёндон түлкү көп.
Сом темирден курчу көп.
Чыр-чатактан тынчы көп.
Жүз жанбаган баатыр көп.
Баатырды тапкан катын көп.
Жөн буюмдан алтын көп.
Жаштарынын кийгени
Сулуусу кундуз, суусар бөрк.
Кары куйрук чайнаган,
Катыны тайлак байлаган,
Кемпири куйрук чайнаган,
Келини тайлак байлаган,

210
Элинде жарды жок болот.
Миңдетип коюн айдаган
Элиңдин жайы ушундай.
Тоосунда аппак кары бар,
Токоюнда чары бар.
Тоо, түзүнүн чөбүндө
Толуп жаткан даары бар.
Араласаң Ала-оо
Ар сонундун баары бар.
Бугу, марал, элиги
Булар жүрөр чилиги.
Аркар, кулжа топтошуп,
Аскада теке, эчкиси
Ар бир төрдө үксүйүп,
Аюусунун семизи.
Алтын, күмүш кени бар
Ар сонундун тегизи.
Кулан, бөкөн, жейрени,
Түлкү, мадыл, сүлөөсүн
Аң ууласаң белени.
Илбирс, жолборс, каманы
Издеген аңын алганы.

211.
Чөөт, кара суулары
Бөлүнүп учат куулары.
Кумунда оттоп улары,
Көргөндүн чыгат кумары.
Узун сайы, сазы бар,
Өрдөк, чүрөк, казы бар.
Токоюн кыргоол жердеген,
Тоодагы түздө төлдөгөн,
Аттай кара балыгы
Ар өзөндү өрдөгөн.
Зоосунда кыран шаңшыган
Суулары сайда ташыган.
Булбулунун үнүнө
Муңдуу адам жашыган.
Кекилиги сайрашат
Керүүдө борчук ташынан.
Алтын, күмүш көп болот
Адырынын ташынан.
Күлүгүнүн үнүнө
Күйүттүү адам жашыган.
Күмүшү арбын ташынан.
Жайлоосу салкын калкка жай
Кыштоосу талаа данга бай.

212.
Адамга керек болуучу

Ар нерсеси шайма-шай.
Ала-Тоону кыргызга
Арнап берген бир Кудай.
Жериңдин жайы ушундай.
Кокту, төрү гүлдөгөн
Кооздугун карасаң
Кол менен сайган саймадай.
Атаң Манас барында,
Айкөлдүн тирүү чагында,
Кулун, тайы белгисиз
Баары жорго кыргыздын.
Кулу, бийин билгисиз
Баары мырза кыргыздын.
Келеңгер чачбак, кең соору
Келини сулуу кыргыздын.
Кызыл эндик ак-куба
Кызы сулуу кыргыздын.
Оттой көзү жайнаган,
Ээрдин кесе чайнаган
Жигити чыйрак кыргыздын.

213.
Сенин элиң кыргызда
Эндей жыйган парча көп,
Казынасы канча көп.
Үй башына жумшаган
Олжолоп келген калча көп.
Атаң Манас өлгөндө
Абыке, Көбөш эки арам
Атаңдан калган сан дүйнө
Камчыга ченеп бөлгөндө,
Айдай болгон Каныкей
Ар жорукка көнгөндө.
Таластын суусун жээктеп,
Жалгызым сени тээктеп,
Качып келдим береки
Таятаңы сөөк деп.
Кең-Колдун суусун жакалап,
Жалгызым сени калкалап,
Бөжүп келдим береки
Кара канды аркалап.
Абыке, Көбөш арамдар,
Акбай, Мамбет жамандар
Айылымды чапкан талкалап.
Кундактагы Семетей
Кубатымды көтөрүп,

214.
Көрбөгөн жолду төтөлөп,
Чоң энең байкуш Чекемди
Оң колунан жетелеп.
Таман этим мөлтүрөп,
Талаага конуп, жөө басып,
Таластан качып тентиреп.
Согончогум мөлтүрөп,
Жолго конуп тентиреп.
Күлүктүн белин аша албай,
Күйүттүү энең Каныкей
Күймөнүп ыйлап баса албай,
Жоргонун белин аша албай
Жоруктуу энең бейтаалай
Жобонуп ыйлап баса албай,
Адырын түздөй басканда
Аркамдан куугун келет деп,
Арманым айтып жатканда,
Кудурүн түздөй басканда,
Куугунчу келип калат деп,
Күйүттү энең тартканда,
Эки чанач сүт алып,
Керегимди бүт алып,
Эки семиз ат алып,

Жол болжолун билсин деп
Алакандай кат алып,

215.
Ак сакал Бакай аваңдын
Союп берген боругу
Көңүлдөн калбайт жоругу.

Атаң Манас өлгөндө.
Азабын куу жан көргөндө
Абыке, Көбөш эки арам
Таластан алды сартымды.
Чалклаган арамдан
Эсен жүрүп чоңойсоң
Алармын дедим дартымды.
Кең-Колдон алды көчүмдү.
Келберсиген арамдар
Эсен жүрүп чоңойсоң
Алармын дедим өчүмдү.
Кең Таласка сен барсаң
Кудайдан башка паанаң жок.
Бакайдан башка караң жок.
Ак болотум капшырдым,
Алдага жаның тапшырдым.
Көк болотум капшырдым,
Кудайга башың тапшырдым.
Ак болотуң катарсың,
Аман-эсен сен барсаң
Ак сакал аваң Бакайга
Апаңдан салам айтарсың.

216.
Көк болотуң аларсың,
Көкжал Бакай аваңа
Оң колунан бек кармап,
Менден салам айтарсың.
Аттанып чыктың чоң сапар
Сапарың болсун бейкапар.
Айтканымдын барысын
Ардагым уулум эсиңе ал.
Букар менен Таластын
Ортосу кыйла жол болот.
Арада аккан дайрасы
Адам өткүс көл болот.
Андан ары өткөндө
Адыр-адыр бурулат.
Адырдан аркар куюлат.
Адырдын чөбү суюлат.
Аркарын адам таанығыс
Азаптуу мендей наалыгыс.
Будур-будур суюлат,
Будурдан бугу куюлат.
Будурдан бугу куюлса
Будурдун чөбү суюлат.

217.
Бугусун адам таанығыс,
Муңканган адам наалыгыс.
Андан ары барганда
Адырмак сары бел болот.
Адашып кеткен адамдын
Айланып башы дел болот.
Букар, Талас ортосу
Жакшы жүрсө тулпарга
Алты күндүк жол болот.
Тулпар эмес жылкыга
Ай жарымдык жер болот.
Таласка жакын барганда:
Талас барчу тасма жол,
Кемин кетчү кашка жол,
Түн тарапка кетүчү

Казак жакка кайрылган
Канча түрлүү башка жол...
Кең Ташкенден өткөндө,
Түркстандын жолунан
Туура кечип кеткенде,
Оң жагыңдан жол келсе,
Ошону көздөй тартып жүр.
Алдыңдан адам жолукса
Таластын жолу кайсы деп,
Дайынын сурап айтып жүр.

218.
Оң жаккы жолго киргенде,
Ошондон ары жүргөндө,
Адыр-адыр жер келет.
Адырлардын арасы
Анча-мунча бел келет.
Айдай талаа кез келет.
Ак карлуу тоонун түн жагы
Айкын сары талаанын
Ак тоо жаккы түш жагы,
Кыркасынан керилген
Кыңырактай кырчанын
Кыбла жаккы уч жагы,
Ошол турган кырчанын
Аягы капка коо болот.
Баш жагы кетет керилип,
Эчкилик деген тоо болот.
Капканын оң жак тушунда
Кара-Буура, Чаткалдыр,
Касиеттүү Таласта
Кайкалап элиң жаткандыр.
Ошол жерди жер кылып,
Ойрон атаң тапкандыр.
Эчкилиден өткөндө
Жоргонун бели көрүнөт.

219.
Жомогун айтсам Таластын,
Жоругун айтсам Манастын,
Көңүлүм миңге бөлүнөт.
Качканымды ойлосом,
Кабыргам калбай сөгүлөт.
Андан ары барганда
Ак-Чий деген жери бар.
Ана ошого барарсың.
Айтканымды сен уксаң
Абдан сөзгө канарсың.
Атаңдан калган конуштун
Ак-Токоюн табарсың.
Кең Ак-Чийге барганда
Маңдай жагың марасаң,
Баткалашың карасаң
Кең-Колдун суусу шаркырап,
Кыраан атаң сарайы
Кыпкызыл болуп жаркырап,
Өйүзүңдө көрүнөр.
Өдө-төмөн ойлосоң
Өзүңдүн көөнүң бөлүнөр.
Алдам өзү билбесе,
Айтканым жалган болбосо,
Жалган айтып салбасам,
Жараткан өзү билбесе,

220.
Кереметим кетпесе,
Кебимди Кудай эптесе,
Кең Ак-Чийдин түзүндө,
Чоң-Коруктун ичинде,
Айры эместир, нарчалар
Санатын билбейм канча бар?
Жаткан топтуу төө болор.
Төөлөргө Бакай ээ болор.

Ошол төөнүн ичинде
Короздой мойнун кайкайткан,
Өркөчүн жамшык шалпайткан,
Оозун ачып качырса
Ороктой тишин аркайткан.
Ок-дары жүктөп койгондо
Кокустан шашып чү койсо.
Октой кетет дечү эле.
Таң! Билбеймин калп айтсам,
Атаңдан калган Кара нар
Кыбыланы каранып
Кындырдай ичи жаралып,
Төрт аягын чамынып,
Топтуу төөдөн бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Качырчуудай камынып,
Он эки жылдан бери жакка

221.
Жалгызым аман келсе деп,
Тургандыр сени сагынып.
«Чөк, жаныбар Кара нар!»-
Деп койгунуң таанылып
Чөгө калар бүк этип.
Маңдайынан сылагын
Түшө калып «топ» этип.
Жытыңды алып жаныбар
Оозунан көбүк «бурк» этип,
Улутунуп алуучу.
Ичинен кайгы, муң кетип
Как ошону көргөндө
Менин айткан бул сөзүм
Эсиңе түшөр кылт этип.
Ошол жерге барганда
Ак-Токойдун терекке
Атыңды байлап сала көр!
Таластын тунук Кара-Суу
Дааратыңды ала көр!
Эки ирекет нафилди
Эринбей окуп бүтүрүп,
«Табарикти» башынан
Атаңа куран түшүрүп,
Арбагы зор атаңа
Алакан жайып, бата окуп,

222.
Атка минип кулунум,
Алды-артыңды жайлап ал.
Ак-Чийде жаткан төөлөрдү
Алдыңа салып айдап ал.
Төөнү айдасаң кулунум,
Ошол иште пайда бар.
Алдыңа салып мал айдап,
Акырындап жай айдап,
Атыңы суудан ичиргин.
Төөлөрдү айдап кечиргин.
Эки жагың карап жүр
Энемдин айткан сөзү деп,
Эрмек кылып санап жүр.
Бешим маалы болгондо
Кең-Колдун кысык оозунан
Жакшы байкап карасаң
Келе жатар бир адам.
Алдындакы мингенин
Бээ экен деп ойлобо.
Үстүндөгү кишисин
Жөө экен деп ойлобо.
Топтотуп айдап келаткан
Төөнү көрүп алганда,
Алдына салып мал айдап,
Өз малындай жай айдап,

223.
Келе жаткан бир адам
Сени көрүп алганда,
Жоо экен деп ойлонуп,
Бура тартып толгонуп,
Ташка жыккан ыргайдан
Экини жулуп алуучу.
Бирин кысып такымга
Бирин колго алуучу.
Өпөңдөтө желдирип.
Сени көздөй чабуучу.
Бура тарта бергенде
Чаткаякта казасы
Калпактай  болуп көрүнсө,
Алдындагы Көкчолок
Ат экенин билерсиң.
Малакайы башында
Курсагы жерге чийилген
Көк тулпары алдында.
Төө жүнүнөн боз күпү
Кийип алган жонунда,
Түбү чокмор кара ыргай
Көкжалыңдын колунда.
Ак сакалы чүчтөдөй,
Устуканы мистедей,
Келе жаткан Бакайдын
Эр экенин билесиң.

224.
Жакын кирип келгенде
Актулпардан түшөрсүң.
Колуңду алып бооруңа,
Саадагың салып мойнуңа,
А дедирбей салам айт.
«Ава, жаттыңбы, – дегин, –
саламат?»
Ушул сөзүм кулунум,
Бир өзүңө аманат.
Өз жайыңды сураса,
Түп атаңды түрүп айт.
Түк калтырбай баарын айт.
Он эки жылдан бер жакка
Андай сөздү укпаган.
Жатса, турса жарыктык
Жадынан өзүң чыкпаган.
Сагынып калган авакең
Көзүнөн жашын агызып,
Бооруна алып бек кысып,
Боздоп туруп алганда
Чабалдык кылып туйлабай,
Балалык кылып ыйлабай,
Карып калган аваңдын
Кара жанын кыйнабай,
Колун кыса бек кармап,
Менден салам деп кармап,

225.
Тиги картайып калган энекең,
Атаңды тууган берекем,
Кагылайын нур мекен,
Ак байбиче чоң энең
Мындан салам айтып кой.
Өпкөлөп ыйлап солуктап,
Өөп, жыттап болуктап,
Сагынганы жазылбай
Чарчап өзү басылып,
Кур дегенде кулунум,
Атын кармап солуктап,
Аваңды жөлөп колтуктап,
Андан жөнөп каларсың.
Алдыңдан чыгар бир карып
Аа көзүңдү саларсың.

Шурудай көзү кызарган,
Тумшугу бир кез узарган,
Даакысы каткан жонуна
Денеге татпай ичине
 Ончоңдогон куу тайган
Алдыңдан чыгар кез болуп.
Союлдай болгон куйругун
Булгалай тартып арбаңдап,
Үзөңгүңө жабышып,
Буттарыңдан жалмалар.

226.
Сүйлөйүн десе тили жок,
Ишарат кылып эркелеп,
Алы калбай асылып,
Айласын таппай темселеп,
Он эки жылдан бери жакка
Өзүңдү күтүп жүргөндүр.
Семетейим келсе деп.
Кутурган итпи деп ойлоп
Камчы чаап ийбегин.
Жолбун итпи деп ойлоп,
Жоругун билбей жүрбөгүн.
Аттан түшүп кулунум,
Эркелетип калагөр.
Мойнунда алтын каргы бар
Анысын көрүп алагөр.
Айлаң келсе ошондо
Жаңы кандуу эт берип,
Бир тойгузуп сала көр.
Сагынып калган итиңден
Соопту антип  таба көр.
Андан ары барганда
Атакеңдин дөбөсү,
Олтурчу эле жарыктык
Мусулмандын төрөсү.
Кара кыргыз элине
Камкор эле бир өзү.

227.
Ал дөбөнүн алдында
Ак сарайдай күмбөзү
Кырк тогузда жашында
Акырет сапар жөнөгөн.
Атпай элдин төрөсү
Жаралган жарык дүйнөгө
Жалгыз келген бир өзү.»-
Деп Каныкей ошондо
Арбын ыйлап болоктоп,
Жаш күчүктөй солуктап,
Тууган элдин баарысы
Туйгун катын эжем деп,
Тула бою солкулдап,
Кулак салып турду эле.
Жашын сүртүп бейбагың
Кайра сөздөн урду эле
Энесинин мыктуусун,
Эң бир зейрек ыктуусун,
Семетей байкап билди эле.
Ошол сарай жанында
Мунарлаган мунар бар,
Кырка кызыл чынар бар.
Кырк чоронун кырк айым
Айдай болгон беттерин
Атама айкөл өлгөндө
Беш тырмактап жулган жер.

228.
Кырка кызыл чынарлар
Беттердин каны тамган жер.
Айланасы төрт кучак
Асмандаган ак чынар.

Атакеңди жуган жер.
Эки дүйнө бир келсе
Атаңдай барбы кайран эр.
Жалгыз бутак боорунда
Жанаша чынар жанында.
Кара бет энең тырманган
Эки беттен аккан кан
Эгиз чынар болуптур.
Жалгыз бутак көк чынар
Энең шордуу турган жер.
Анын быяк жагында
Башында баргек чогу бар,
Басалек тарткан көк чынар
Ак байбиче чоң энең
Кырынан кетип жыгылып,
Кудайга үнү угулуп,
Эси оогондон алсырап,
Этинен сөөгү шалдырап,
Эртелеп өлүп калбай деп,
Эр Манастан ажырап,
Не кыларын биле албай,
Олтуруп калган жалдырап,
Чоң энең байкуш турган жер.

229.
Анын жогор жагында,
Аралаш кайың, талында,
Кашатчанын үстүндө,
Тумшукчанын түзүндө
Жалгыз чыккан ак чынар
Семетейим төрөлүп,
Курсагымдан түшкөндө,
Киндик канын бууган жер.
Кудайым тилек берген жер.
Зарыгып жүрүп көргөн жер.
Кыркың жаңы чыгарда
Кыямат кеткен султаным
Кыя карап күлүңдөп,
«Көрөйүнчү уулуң!» – деп,
Маңдайыңдан өпкөн жер.
Моюнуңдан бир жыттап,
Бурулуп кетти кайран эр.
Атаң Манас өлгөндө
Каныбыз тамган жерлерге
Кызыл чынар орногон.
Жашыбыз тамган жерлерге
Жанаша булак суу болгон.
Жанжаныбар үн баспай
Жарым айча чуу болгон.
Ааламга жарык ай өлгөн.
Асманда тийген күн өлгөн.

230.
Азабын тартып энекең
Алда канча күн көргөн.
Ала качып өзүңдү
Букарды көздөй жөнөлгөн.
Адашып элден каңгырап,
Он эки жыл тентиреп,
Бул кордукту ким көргөн?
Дагы шүкүр Кудайга
Бактыма өзүң төрөлгөн.
Энең өңдүү ургачы
Эч болбоду пендеден.
Атакеңдин сарайга
Аттан түшүп барарсың.
Кең-Колдун кара суусуна
Жаңыртып даарат аларсың.
Сарайына сен кирсең
Айран-азыр каларсың.
Айтканымдын баарысын

Ал сарайдан табарсың.
Кылыч турат илилүү,
Кыран атаң баатырдын
Кылганынын баарысы
Сарайында чийилүү.
Саадагы турат илилүү
Сандыргалуу төрөмдүн

231.
Санатынын баарысы
Сарайында чийилүү.
Кылычы турат асылуу,
Кызматынын баарысы
Күмбөзүндө жазылуу.
Саадагы турат асылуу,
Санатынын баарысы
Күмбөзүндө жазылуу.
Кырк чоросу жанында
Кыран атаң султандын
Сүрөтү турат тартылуу.
Аң уулаган кезинде
Аккелтеси ийнинде
Атаң менен бир жүргөн
Алптардын баары кийинде.
Акшумкары колунда
Атаң менен бир жүргөн
Алптардын баары соңунда.
Куу тайганын жандатып,
Кубаласа кулжаны
Кум ылдый каччу чаңдатып.
Зайыпкуруш атаңды
Сарайына тарткамын.
Көргөн панда таңдантып,
Муну тарттым сарайга.
Кан Коңурбай дөө менен

232.
Качырып найза сунганын,
Калмак менен кытайды
Кайран атаң кырганын,
Муну тарттым сүрөткө.
Аккула тулпар чапканын,
Көкөтөй кандын ашында
Коңурбай менен беттешип,
Каапыр менен мусулман
Калк чогулган жеринде
Коң төрөнү атакең
Кол учуна келтирбей,
Көмөлөтө сайганын
Муну да тарттым сарайга.
Айкөл атаң өлгөндө
Ак бетиме так салып,
Айнектей көзгө жаш алып,
Кырк чоронун кырк айым
Кыдырата олтуруп,
Этегин жашка толтуруп,
Кан акпаган бет калбай,
Жаш акпаган көз калбай,
Айласы кетип көп жесир
Армандан башка сөз айтпай,
Алмамбеттин Арууке
Арманын айткан бала үчүн.

233.
Андан башка жесирлер
Чубак, Сыргак, Мажиктей
Аташып алган жары үчүн
Ажыбай, Серек, эр Камбар –
Ошолордой баатырлар
Бээжиндеги урушта
Шейит болгон зары үчүн
Аягында боздошкон

Атаң Манас кан үчүн
Ардыгыма чыдабай
Өлөйүн деп өлө албай,
Өксүп, өксүп тургамын
Өзүң Чунак бар үчүн.
Муну тарттым сүрөткө.
Аккула туура тарттырып,
Жолборс үртүк жаптырып,
Аземин малдан арттырып,
Мылтык берип колуна
Кароол коюп бир киши
Тегерете бастырып,
Муну тарттым сүрөткө.
Атаңа кызмат көп кылып,
Аягы жесир, тул калып,
Арманым көп жүрөктө

234.
Атаң айкөл өлгөндө,
Азасын бейбак көргөндө.
Анжияндын алдынан,
Намангандын үстүнөн
Коёналы балага
Күлботону чалдырдым.
Тогуз жүздөй нар менен
Топосун жүктөп алдырдым.
Алты миң эркеч майына
Кыш бышырып бек салдым.
Алты кылым өткөнчө.
Адамдын баары өлгөнчө
Атакеңдин сарайын
Турар бекен деп салдым.
Жети миң эркеч майына
Кыш бышырып бек салдым.
Жети кылым өткөнчө,
Жандын баары өлгөнчө
Жетик атаң сарайын
Турар бекен деп салдым.
Тогуз миң эркеч жүндөрүн
Төбөсүнө жууруттум.
Кызыл арыстан Эсенди
Усталыкка тургуздум.

235.
Атакеңдин сарайга
Бир улагы чыккан жок
Биздин кара кыргыздын.
Кербендин нарын алгамын,
Кирекечин салгамын.
Кирпичтерин куйганга
Маргалаңдан алдырдым
Паашалык отуз палбанын.
Бакайдан барып угарсың
Балам, баятан берки сөзүмдүн
Чын экенин, жалганын.
Атакеңдин сарайга
Салам айтып кирерсиң.
Мен энекең бейбактын
Сарамжалын билерсиң.
Куран окуп, кол жайып,
Андан жөнөп кетерсиң.
Жанындакы авакең
Кан Бакайдын айылына
Кан-Жайлоого жетерсиң.
Кең-Колдун башы Жети-Төр,
Кан Бакайдын Кара-Үңкүр
Катар басып өтөрсүң.
Өргүү болуп тынч алып,

236.
Чоң атаң Жакып куу чалга,
Абыке, Көбөш кулдарга

Анан кийин барарсың.
Салам айтсаң чак болгун.
Тамак ичсең сак болгун.
Не да болсо кулунум,
Башыңа сыймык, бак консун!
Кырк чилтен пирим жар болсун!
Кызыр Илияз колдосун.
Атакеңдин ак жолборс
Азыр сенде бар болсун.
Көк жал бөрү көрөгөн
Көтүңдөн калбай жойлосун.
Көңүлү кара душманың
Көлөкөңдөн сойлосун.
Алышам деген душманды
Атакеңдин арбагы
Агери тирүү койбосун.
Ар дайым сага жол болсун.
Ары тартып бастырсаң
Атың толду сыныма.
Өөдө тартып бастырсаң
Өзүң толдуң сыныма.
Аз аманат айтайын
Аялдачы мунума!»

237.
Каныкей муну айтканда
Жол жүрөм деп ээлигип,
Жоболоңдуу бейбактын
Жомогун угуп жээлигип,
Арбагы даңктуу Манастын
Сүрүн угуп бир эңсеп,
Айтылуу кең Таластын
Түрүн угуп бир эңсеп.
Ак сакал Бакай көк жалдай
Авасын угуп бир эңсеп.
Абыке, Көбөш кулдардын
Анык бекен иши деп,
Жесирин кууп тентиткен
Кандай курган киши деп,
Агасын угуп билсем деп.
Атакеси Манастын
Күмбөзүн угуп бир эңсеп.
Алптардын тартылган
Сүрөтүн угуп бир эстеп,
Ашыгып турат Семетей.
Алыска сапар жүрсөм деп,
«Токтотчу эне, сөзүңдү!
Тоскоол кылдың жолума.
Тососуң муунап өзүмдү.
Тол канатым минемин,
Тобокел жолго киремин.

238.
Нелер болуп, нелер жок
Таалайымдан көрөмүн.»
Семетей мындай дегенде...
«Кагылайын каралдым,
Ишемби жалгыз, а жалгыз,
Атаң Манас да жалгыз.
Ишемби атка минүчү,
Бет алып сапар жүрүчү.
Атанын жолун эр жигит
Ар качан мурас кылучу.
Кылычың колго илип кет.
Кызматымды билип кет.
Бүгүнчө мында туруп кет.
Мүлкүңдү айтам угуп кет.
Атаңдан калган сегиз мүлк
Телегейи тегиз мүлк.
Абыкенин колунда
Арыз, акыңдын баарысы
Арамдардын мойнунда.

Аман барсаң Таласка,
Кайра келсең Букарга,
Сегиз мүлктү таштаба.
Энеңе балаа баштаба.

239.
Биринчи мүлкүң айтайын,
Блиндирип кайтайын.
Анжияндын оюнда,
Кара-Дайра боюнда
Кулундуу тору бээси бар.
Кужулдаган жөөсү бар.
Арабасы калдырап,
Айтса сөзү балдырап,
Он төрт орус жүрүптүр.
Ошолордон жер чаттап,
Жер чендеген орусту
Айтайын сонун жорукту.
Изин арабанын
Сенин атаң айкөл шер
Артынан кууп барыптыр.
Жер ченеген орустан
Көрүнөө тартып алыптыр.
Оозу орус оруму,
Түбү кытай кырымы,
Сыртын көкжал өгөгөн.
Ичин көк коргошун бөгөгөн.
Кундагын терең ойдурган,
Кароолун алтын койдурган,
Атаң Манас сундурса
Атып үнүн үзбөгөн.
Беттешкен жоого атканда
Огу жерге түшпөгөн.

240.
Козгобой атса Койчагыр,
Олтуруп атса Очогор,
Жатып атса замбирек
Ичин датка алдырбас.
Ирмесе жанды куткарбас.
Куру дүрмөт атканда
Кулак тунуп чуулаган.
Капчыгайлуу жер болсо,
Кабыша түшүп эки тоо
Касаба тоолор кулаган.
Бир жумага атпаса
Чыртылдабай турбаган.
Атаңдан калган Аккелте
Алуучу болсоң мүлк ошо.
Асынып жүрсө Аккелте,
Ак далынын айнеги
Атышып ойноп жүргөнгө
Аманат жандын эрмеги.
Көр Көбөштүн колунда
Көп акындын баарысы
Арамдардын мойнунда.
Аман барсаң Кең-Колго,
Кайра келсең Букарга

241.
Аккелтени таштаба,
Энеңе балаа баштаба, балам!

Экинчи мүлкүң айтайын,
Эсиңе салып кайтайын.
Кече Ортоктун кайкы белинен,
Нойгуттун туура четинен
Кайып кан кызы Сайкалдын
Жылкысын тийип эрмекке,
Сайкалды сынап көрмөккө,
Жылкычысын бош койгон
Сайкалга кабар бермекке.

Атаң Манас эригип,
Арыстан сындуу жээлигип.
Алыска барбай казатка
Айкөлүм жүргөн зеригип.
Кырк чоросун ээрчитип,
Аң уулайм деп демигип.
Аюу, жолборс атышып,
Тамашага батышып,
Илбирске тайган агытып,
Илбесин койбой алышып.
Ээн жерден дүрбүнү
Эки жакка салышып,
Азган-тозгон барбы деп,
Аттын изин чалышып,

242.
Май-Адырга барыптыр,
Учу-кыйры билингис
Сан жетпеген көп жылкы
Жолунан чыгып калыптыр.
Сайкалды күтүп токтошуп,
Жылкыны жайып откозуп,
Келе жаткан кезинде
Карагай найза майышып,
Жете келип Манаска
Кайыптын кызы Кыз Сайкал
Качпай туруп сайышып,
Ыргайдын кайкы белинде
Долоно найза майышып,
Долу Сайкал Манаска
Токтоо берип сайышып,
Сынап турган Манастын
Сырын билбей калышып,
Кыз Сайкалдын элинен
Асаба туулуу кол келип,
Азгана эмес мол келип,
Кылычты кындан суурушуп,
Кыя тартып турушуп,
Кызыгышып урушуп,
Чоюнбашты алышып,
Чокуга болжоп салышып.

243.
Туу түбүнө турушуп,
Туу такандап урушуп.
Кол түбүндө турушуп,
Кол такандап урушуп.
Карагай найза кайрышып,
Кан Манаска беттешип,
Канчык Сайкал сайышып.
Эки күнү, бир түнү
Эл топтолуп таңдашып,
Эжекең Сайкал Манаска
Эрегишип кармашып.
Ардыга түшүп зор Манас
Сыргак, Чубак бери кел деп,
Калыс болуп бергин деп.
Канына болсун ыраазы
Кайра чыгар бери деп.
Каары келе түшкөндө
Кантер экен деп койсо.
Канчык мени сайам дейт.
Жыгып койсом Сайкалды
Нике кыйып алам деп.
Жыгылып калсам Сайкалдан
Атымды тартуу кылам дейт.

244.
Ачуусу келе түшкөндө
Чубак келип кеп айтып,
Шуркуя Сайкал деп айтып.
«Кабылан Манас баатырга

Качырып найза сунганың
Бул эмине кылганың?
Бул ишиңди ылгагын.
Төрө Манас баатырга
Дөгүрсүп найза сунганың
Бул эмине кылганың?
Атайлап Манас саа келсе,
Ажалың жетпей калабы?
Сенин жылкың алгыдай
Сырттан Манас балабы?
Ойногонду билбейсиң,
Обуңду таап жүрбөйсүң.
Тамашаны билбейсиң,
Такыр көзгө илбейсиң.
Сөзгө келбей сен канчык
Султан Манас ким дейсиң?
Саадагың салгын мойнуңа,
Колуңду алып бооруңа
Атыңды тартып сабылып,
Айкөлгө барып жалынып,

245.
Азыр келгин камынып.
Аа болбосоң кара бет
Ачуусу келип жүрбөсүн
Ак жолборстой чамынып.
Арам өлүп калбагын
Ажалга өзүң кабылып.
Талас алыс жер эмес,
Манас оңой эр эмес.
Баатыр менен беттешип,
Сайкалыңа эп эмес.» –
Деп ушинтип эр Чубак
Катуу айтып Сайкалды
Сайкалдын мизин кайтарды.
Анда Сайкал сөз айтат:
«Акбалтанын Чубагы,
Ачуусу чукул чунагы,
Сенин сөзүң эп бекен?
Манасың өкөөң бир келип,
Жылкы алганың кеп бекен?
Сайкалдан Чубак эр бекен,
Эркектен аял кем бекен?
Саярда колум калтаарып,
Тиктесем көзүм жалтанып,

246.
Мусулмандын шери деп,
Маңдайга бүткөн эри деп,
Арбагы баштан кетет деп,
Касиеттүү канкорду
Жазгай сайсам нетет деп,
Аяп сайып жүргөмүн.
Өзүнөн сура баатырдын
Өлчөп мени билгенин.
Оройлук кылып эр Чубак
Обу жоктон тилдедиң.»-
Деп ошентип Кыз Сайкал
Аттан түшүп бүгүлүп,
Айкөл Манас баатырдын
Алдына келип ийилип,
Короодон малым алганда
Колум тийсе айкөлүм,
Өрүштө жылкым алганда
Өзүңүз беттей калганда.
Аялдык кылды дейт го деп
Алдыңдан мен да качырдым.

247.
Арбагың бийик баатыр-шер,
Ал күнөөмдү кечиргин!
Керек болсо мал мына,

Кесер болсоң баш мына.
Өзүңдүн журтуң эр нойгут
Чабар болсоң эл мына.
Эрмектешип сайыштык
Өлтүрөр болсоң мен мына.»-
Деген сөздү укканда,
Каалгадай кашка тиш,
Калайыктан башка тиш,
Кашкайып чыгып алды эле.
Кабылан Манас төрөңүз
Карс-карс күлүп калды эле.
«Кантер экен деп көрүп,
Кайратыңды сынадым.
Ыраазы болуп Сайкал жан,
Көңүлдөгү оюмдан
Бир сөз айткалы турамын.
Эрдигиң анык чын экен
Эп болсо сени аламын.

248.
Нике кыйып, кутпа окуп,
Таласка алып барамын.»
Манас айтып мындай кеп,
Анда Сайкал мындай дейт:
«Эгем Таала Кудайга
Ак өтөмүн деп жүрөм.
Эрге тийбей дүйнөдөн
Так өтөмүн деп жүрөм.
Эл кайтарып, жоо сайып
Күн өтөйүн деп жүрөм.
Эгерим нике байлатпай
Тим өтөйүн деп жүрөм.» –
Деген жообун айтканда.
«Андай болсо Сайкал жан,
Асманда мунар боз болом.
Акыретте көрүшчү
Ант оозанып дос болом.
«Келе бери колду!» – деп...
Баарынын көөнү кош болду.
Манас, Сайкал дос болду.
Чыпалагын алышып,
Ант оозанып калышып,
Акыреттик дос болду.
Башка сөзү токтолду.

249.
«Айкөл Манас султаным,
Куттуу малды айдадың.
Куру нокто кайтпагын
Санатына карасаң
Санап туруп миңди алгын.
Сабагына карасаң
Тандап туруп бирди алгын.»
Ушуну айтып Кыз Сайкал
Тогуз күнү кондуруп,
Күндүгүнө бээ союп,
Түштүгүнө тай союп,
Конок алып турду эле.
«Санап миңди алгандай
Сайышар жооң мен белем.
Жылкы бөлүп бергидей
Жыгылган душман сен белең.
Өзүң кармап бирди бер.
Өркөчү жок пилди бер.
Туура кармап бирди бер
Турасы жок тулпар бер.»-
Деп ошентип сөз айтып,
Күлгөн экен арыстаның.

250.
Анда Сайкал кубанып,
Ашкере жүрөк чыңалып,

Кумга туулуп, чөлгө өскөн,
Кулан менен бирге өскөн,
Карга туулуп, музга өскөн,
Кайып менен бирге өскөн.
Атасын адам билбеген,
Даaратсыз адам минбеген
Желкайыптын баласы,
Телмаралдын чын өзү.
Тумары бар мойнунда,
Даакысы бар жонунда
Жибектен нокто каттырып,
Тубардан жабуу жаптырып,
Качкан аркар буттанган,
Кабыландай сырттанган.
Моюну бар короздой,
Туягы көпкөк болоттой,
Чаткаягы колоттой,
Чакмак эти чарадай,
Оюн эти баладай.
Ботодой көзү жайнаган,
Мойнуна тумар байлаган,

251.
Кызыл-буурул бир тайды
Алып келди Манаска.
Жанакысынын баарысын
Жана айтып дайындап,
«Тай да болсо алып кет.
Ноктоңузга чалып кет.
Тартуум ушул, баатыр» – деп,
Тулпар болор акыр деп.
Күлазык деп чай берип,
Күйгүл-буурул тай берип
Акыреттик достошуп,
Атаң Манас коштошуп,
Кайыптын кызы Сайкалдан
Каалап алган Тайбуурул
Атаң алып келгенде
Жалчыга жайдак мингизбей,
Кулдарга укурук салдырбай,
Быштысына келгенде
Жейрен кууса куткарбас,
Жетик буудан болду эле.
Аркар кууса куткарбас
Анык буудан болду эле.

252.
Атаң өзү ат коюп,
Тайбуурул атка конду эле.
Тотудай куйрук чубаган,
Түндүк бою жар келсе,
Токтолбостон чураган.
Тулпарлыгын билгенде
Койдой алтын зар берип,
Кокондун каны сураган.
Буладай куйрук чубаган,
Булуттай чаңы бураган.
Бута бою жар келсе
Буйдалбастан чураган.
Буудандыгын билгенде
Буттап алтын зар берип,
Букардын каны сураган.
Бука моюн, буура сан
Буурул ат жайын сурасаң.
Алты ай минсе арыбас,
Алыска жүрсө чаалыбас,
Алтымыш асый болгончо
Азуусун сүйкөп карыбас,
Жети ай минсе арыбас,
Жеркен барса чаалыбас

253.
Жетимиш асый болгончо
(Окулбайт) басып карыбас.
Жеткилең күлүк буурул ат
Тайкы жалдуу, марал баш
Даңдылуу күлүк Буурул ат
Алуучу болсоң жылкы ошол.
Казанат күлүк мүлк ошол.
Аман барсаң Кең-Колго,
Кайра келсең Букарга
Тайбуурулду таштаба.
Энеңе балаа баштаба!

Үчүнчү мүлкүң айтайын:
Буласын карыш бурдурган,
Булуттан өгөп септирген,
Токмок менен урдурган
Жарабас жерин сөккөмүн
Болотун арбын төккөмүн.
Ичи жибек, тышы бөз,
Чын бадана торгой көз,
Жакасы алтын, жеңи жез
Ак күрөөкү торгой көз

254.
Он эки топчу кадаган
Койчагыр огу жадаган,
Бараңдын огу батпаган,
Каранын огу өтпөгөн,
Кылыч чапса кеспеген
Найза сайса тешпеген,
Мылтык атса ок өтпөс.
Табылгы жакса чок өтпөс
Атаңдан калган Аколпок,
Семетей, сага чак олпок
Көр Көбөштүн колунда.
Көп акыңдын баарысы
Эки кулдун мойнунда.
Алуучу болсоң мүлк ошол.
Аман барсаң Кең-Колго,
Кайра келсең Букарга
Аколпокту таштаба!
Энеңе балаа баштаба!

255.
Төртүнчү мүлкүң айтайын:
Көөнүңө салып кайтаын.
Арпанын башы Жайыктан,
Ак жумуртка туюктан
Асырап чайкап куш кылган,
Алда Таала кудурет
Эрмек кылып жүрсүн деп,
Атаң эр Манаска туш кылган
Көзү кара, көк шалбут
Көнөктөй жемге тойбогон.
Көрүнгөндү койбогон
Текөөрү темир, болоттон
Тепкени тирүү болбогон.
Айланып чыкса асманга
Алдынан жандар өтпөгөн.
Арнап берген атаңа
Алда Таала жараткан
Алганын көрүп турганда,
Адамдан кумар тараган.
Атаңдан калган Акшумкар
Алуучу болсоң мүлк ошол.
Абыкенин колунда.
Арыз, акыңдын баарысы
Арамдардын мойнунда.
Аман барсаң Кең-Колго,
Кайра келсең Букарга

Акшумкарды таштаба!
Энеңе балаа баштаба!

256а.
Бешинчи мүлкүң айтайын:
Көмүрүнө чыдабай
Көңкү токой жоюлган.
Көөрүгүнө чыдабай,
Көк букалар союлган.
Сугатына чыдабай
Суу бшат(ы) соолуган.
Төрт алакан ашаган
Төкөр уста Бөлөкбай
Төрт ай жатып жасаган.
Урулу уста чыгарган,
Уу албарска сугарган.
Караңгыда суурса
Кызыл өрттөй кызарган,
Аркан бою узарган.
Шилтегенде баш кескен,
Ирмегенде баш кеткен
Атаңдан калган Наркескен
Шиберге койсо өрт кеткен.
Шилтеген пенде мүрт кеткен,
Сабына алтын саптаган,
Сары алтындан кыялдап,
Кынына алтын каптаган.
Чындап канга тойбосо
Кынына кайра батпаган.
Муну көрүп турганда
Алптардын баары мактаган.

256.
Алыскы жоого жорогон,
Муну жасап турганда
Атакеңдин казына
Арбыныраак корогон.
Атаңдан калган Жойболот
Алчу болсоң мүлк ошол.
Абыкенин колунда.
Арыз, акыңдын баарысы
Арамдардын мойнунда.
Аман барсаң Кең-Колго,
Кайра келсең Букарга
Жойболотту таштаба!
Энеңе балаа баштаба!

Алтынчы мүлкүң айтайын:
Сары сөөккө саптаган,
Тарамыш менен чаптаган.
Жекенден кылган жез найза,
Темир-болот кез найза,
Тутам жерин нылдаган
Колдон тайма болот деп
Коло менен чырмаган.

257а.
Темирин албарс сугарып,
Сары жез менен чырмаган.
Чийген жери ырбаган.
Жалын чыгып учунан
Баатыр атаң сундурса
Бетине адам турбаган.
Чындап сайса ийилген,
Соот бузар бөрү тил
Тийген жери чийилген,
Темирди сайса тешүүчү,
Чындап атаң сайганда
Теңирсиген дөөлөрдү
Тебетей сайган немедей
Тегеретип кетүүчү.
Олпокту сайса оруучу.

Тийгени ойрон болуучу.
Атаңдан калган Сырнайза
Алучу болсоң мүлк ошол.
Аман барсаң Кең-Колго,
Кайра келсең Букарга
Сырнайзаны таштаба!
Энеңе балаа баштаба!

257.
Жетинчи мүлкүн айтайын:
КеңТаластын башынан,
Бакайдын Кызыл-Ташынан,
Үч-Кошойдун кырынан,
Үстүңкү Кызыл-Кумунан
Көкжал Бакай, Эр Манас
Эриккенден бастырып,
Эрмектешип каткырып,
Кумдан кулжа атууга,
Кубанчына батууга,
Көөкөргө кымыз байлатып,
Крүнөө бийик чокуга
Көкжалдар чыгып жайланып,
Кулжага дүрбү салыптыр.
Кумда жаткан сур күчүк
Көкжалың көрүп калыптыр.
Көрөлүчү муну деп,
Сур күчүккө барыптыр.
Көк бөрү тууган экен деп
Көсөм Бакай тааныптыр.

258а.
Кадекке ороп Кан Бакай
Койнуна катып салыптыр.
Эки бирдей кулжанын
Шыбагалуу күчүктөн
Терисине оротуп,
Андан неме койбойт деп,
Асканы койбой жойлойт деп,
Абаң Бакай жоруптур.
Үч-Кошойдун көлмөдө
Үйүнө алып келиптир.
Тулуп кылып бешөбүн
Түтүнүнө кой союп,
Кубаныч кылып айкөлүм
Кумайык деп ат коюп,
Казанбага бастырып,
Ырым кылып эр Бакай
Үч түнөтүп жаткырып,
Алып келип маа берген
Багасың деп тапшырып.
Эрке катын Накылай
«Күчүктү жакшы бакпайт» деп

258.
Бул катының Накылай
Төшөккө жорго, жанга тынч
Күчүктүн ыгын таппайт деп.
Атакемдин төрүндө
Жете элек чачым өрүмгө,
Өзүм бала секелек,
Өрүмгө чачым жете элек.
Жаш Кумайык күчүктү
Сыртымдан көрүп жактырып.
Көсөм аваң эр Бакай
Мактап койдум балам деп,
Мага берген күчүктү,
Багасың деп тапшырып.
Упчу менен сүт берип,
Оозум менен май берип,
Ак ордонун төрүнө,
Коломтонун жээгине
Он кез оро казгамын.

Астына аюу төшөтүп,
Үч ай туура баккамын.
Кунан байтал сойдуруп,
Күрүч, казыга тойдуруп,

259а.
Кебезге ороп май берип,
Кертип бышык жал берип,
Пактага ороп май берип,
Байтал союп жал берип,
Үстүн кундуз оротуп,
Үч ай багып торолтуп,
Жакшы багып турганда
Отуз келин, отуз кыз
Ортосунда Каныкей
Селкинчекти салганда,
Серпилип ойноп калганда,
Оронун оозун бастырган
Койдой кара таш эле
Ородон ыргып чыгууга
Кумайык күчүк маш эле.
Койдой ташты тепкилеп,
Колу менен кулатып,
Кокус чыгып алыптыр.
Ордонун ичин шимшилеп,
От жанына барыптыр.

259.
Сөксөөлдүн чогуна
Куйругун чаап алыптыр.
Чокко күйүп куйругу
Сарала болуп калыптыр.
Ары-бери карадым,
Тарак менен тарадым
Ак самындап жуугамын
Сараласын кетирип,
Ар кандай айла кылгамын.
Кетирбесе экен деп
Үч айдан берки бакканды
Билер-билбес куйрукта
Кыска жүндүү так калды.
Ал аңгыча болбоду
Жолдошко тогуз чоро алып,
Күйөөлөп отуз жорго алып,
Баатыр Манас барбайып,
Келип калды дардайып.
«Кумайык кайда? Көрөм» деп
Кандай бактың Каныкей
Кадырыңды билем деп.

260а.
Билегим кетип сабынан,
Жүрөгүм кетип кабынан,
Кумайыкты алдырдым.
Каарынан коркуп тургамын
Кабылан Манас баатырдын.
Карап алып күчүктү
Кабылан атаң унчукту:
«Күчүк бак деп мен берсем
Күйкүл кылып сен берсең,
Күчүк бак деп мен берсем,
Курмушу кылып сен берсең,
Кандай кылган жумушуң
Кара бет сенин бул ишиң.
Мен берсем сага тапшырып,
Сен куйругун отко чаптырып,
Аттанамын кетемин.
Кара бет сага күйөөлөп,
Кастарлап сени нетемин.» –
Деп ачуусу келгенде
«Боорума колум алгамын.
Аткаргыча өлөм деп,

Не да болсо баатырдан
Буйруганын көрөм деп.

260.
Жалынсам башым коёр деп,
Жаш секелек кыз болсом,
Жаалын өтүп ийер деп,
Жанына жетип баргамын.
Жүз үйрүп мени карабай,
Жаш экен деп санабай
Колумдан кармап имерди.
Колостой болгон бут менен
Колтукка тээп жиберди.
Эки түгөй кабыргам
Катар сынды өзүмдүн.
Намызымдан чыдадым.
Жашым тыйп көзүмдөн
Кумайыктын дартынан
Жатпай кетип койнума,
Алты ай салбар таштаган.
Ошондой жорук баштаган.
Ал Кумайык күчүккө
Жолборстун үртүк жапкамын,
Алтындан каргы таккамын.
Булгарыдан жасатып,
Бутуна чарык тарткамын.
Кошомат кылып атаңа
Араңдан жүрүп жаккамын.
Жолборстон кайра тартпаган,
Арыстанды жарып таштаган.
Көрүнгөндөн кайтпаган,
Атаңдан калган Кумайык –
Алсаң сага ылайык.
Каргысынан чала кел,
Кумайыкты ала кел.
Алар болсоң мүлк ошол.
Адамга эрмек ит ошол.

261а.
Атаңдын сегизинчи мүлкү эле
Кенен ооз кең дүрбү.
Кере кулач чоң дүрбү.
Он эки бурап жандырган,
Оозуна жакут салдырган,
Алыс жерге салганда
Адамдын мээрин кандырган.
Ичине алтын чойдурган,
Бураманын түбүнө
Муштумдай жакут койдурган.
Алыскы жолду көрүүчү
Айчылык жерге салганда
Ат чабым алып келүүчү.
Сабына көхар чаптаткан,
Күзгү салчу жерине
Сары алтындан каптаткан.
Боолугун жибек тактырган,
Борумун көргөн жактырган.
Бураса кулач чоюлган,
Имерсе карыш жыйылган,

261.
Боолугу алтын сабы бар,
Бой тумар чалыш кабы бар,
Бетинде бермет шуру бар,
Дүрбүнүн жайын угуп ал.
Кокустан көзү жоголсо
Беш жүз тайдын куну бар.
Көбөш кулдун колунда
Көрсөң дүрбү ушу бар.
Алуучу болсоң мүлк ошол.
Аман барсаң Кең-Колго,

Кайра келсең Букарга
Чоң дүрбүнү таштаба!
Энеңе балаа баштаба!»

Муну айтып Каныкей
Кичинекей көк куржун
Килитин ачып оозунан,
Кийимдин алып ичинен
Семетейим кийсин деп,
Эне экеним билсин деп,
Ичин буулум ичтеген,
Тышын макмал тыштаган,

262а.
Кайруусу карыш суусар бөрк
Алып берди кийгин деп.
Кагылайын кулунум,
Сага арнап жүрдүм деп,
Кең Кашкардын ар жагы,
Кебез-Тоонун бер жагы,
Чоң Ополдун тоосунан,
Чокусу асман тиреген
Жалама кызыл зоосунан,
Эки тишти багылдыр
Мергендерге аттырган.
Жайы-кышы малмага
Беш челек...жаткырган.
Болот өгөп ширеткен,
Алтымыштай балбанга
Акы берип ийлеткен,
.Келиндер бычып, кыз тиккен,
Кемпирлер бычып, уз тиккен.
Үч ай тынбай иштеген,
Алмамбеттин Арууке
Абдан  шашпай тиштеген.

262.
Кашка тиши жоюлуп,
Кара көзү коюлуп,
Катып калган буластап,
Кара жерди кулачтап.
Кармаса колду тешсин деп,
Кол жылбышып кетсин деп.
Болотту майда өгөтүп,
Болжолдо жок төктүргөн.
Багалеги баймалуу
Кашатка чейин саймалуу.
Кармап тартса Кандагай
Аргамжыдай чоюлган.
Коё берсе Кандагай
Шили болуп жыйылат.
Айкөлүмдүн шымы эле
Арнап жүрдүм кийсин деп,
Бу кызматым билсин деп.
Индиянын жеринен,
Ысык кумдуу чөлүнөн

263а.
Эл баспаган арадан,
Ээн жаткан талаадан
Ээрчитип жүрүп Сыргакты
Самарканда турганда
Султан атаң таап алган.
Баатырдан калган боз кисе
Манас менен дос кисе
Бат атар мылтык куту бар
Бары алтын кош кисе.
Басмасы бар мүйүздөн
Бары чеге күмүштөн.
Байкап  көргөн карылар
Эминенин мүйүзү

Басманы билбей жүрүшкөн.
Ажыдар мүйүз экен деп,
Абаң Бакай билгизген.
Ал кисени курчанса
Алдында болот кырк киши,
Аркасында он киши.
Жамбашынан ээрчиген
Жалдуу бөрү, ак жолборс
Алда канча көп киши.

263.
Ак эшен муну болжогон:
«Зайыпкуруш эр Манас
Башкада мындай болбогон..
Алдыңдакы кырк киши
Абалкы досуң кырк чилтен.

Зайыпкуруш болбосо
Сага окшоп алптан ким жүргөн.
Артыңдагы он киши
Биринчиси Кожо Акмат,
Экинчиси Ак эшен.
Үчүнчүсү эр Үрфүм.
Калган жетөө Бабедин –
Алды-артыңда бир жүргөн.
Айкөл сенин пирлериң
Жандап жүргөн жылаңач
Ээси Кызыр кисенин.
Деп Ак эшен жоруган.
Атаңдан калган Бозкисе
Алып белге чалганда,
Калың эл карап калганда,
Манастай болуп көрүндү.
Чыйырды менен Каныкей
Көзүнүн жашы төглдү.

264а.
Болоттон кылган туулга,
Болжолдо жок чарайна
Булардын жайын угузду.
Порумдуу бейбак далайы
Бул айтылган буюмдар
Жоо көргөндө кийесиң.
Башыңа кийип туулга,
Төшүңө коюп чарайна
Жоого мыктап киресиң.
Найза, кылыч, чокморго
Тосо берип жүрөсүң.
Бул жарактын кадырын
Керек күнү сыйлайсың.
Ак куржунга салып кет.
Асыласын чырыгым
Атаңдан калган нерселер
Арнап жүрдүм алып кет.
Как ыргайга саптаган
Кандык уста таптаган,
Бурама темир бурдаган.
Башынан чыкма болот деп
Кой боорундай болоттон
Кош эбелек урдурган.

264.
Тиреше түшүп чапканда
Тийгендин жанын тындырган.
Уй майына сугарган
Уу албарс менен чыңалган.
Туулга чапса жарылган,
Турпактай мээси чачылган.
Мөрү мыкта тийгенде
Бүркүлүп сөөгү чанчылган.
Жалкыны карыш Айбалта
Атңдан калган мүлк ошол.

Канжыгага иле кет.
Кара бет энең Каныкей
Эне экен деп биле кет.
Атаң Манас өлгөндө,
Ар жорукка көнгөндө.
Абыке, Көбөш арамдар
Атаңдан калган дүнүйөнү
Аламан коюп бөлгөндө
Ушулардын баарысын
Эптеп алып каткамын.
Жалгызга керек болот деп,
Арнап сага сактадым.

265а.
Береги тай атаңдын болоту
Ийиниңе боосун илип кет.
Бул дагы тай атаңдын олпогу
Үстүңө салып кийип кет.
Актулпарын минип кет.
Калың Букар - Урумдун
Тайың экенин билип кет.
Өзүң жалгыз жөнөдүң
Ээндетип жүрүп кет.
Ээнде деген себебим
Атаң Манас баатырдын
Алы жеткен ааламга
Ат изин салган эмеспи.
Батыш, Чыгыш кадамга
Алман алып далайдан
Анжиян, Кокон, Маргалаң
Аким болгон далайга.
Ошолордун кообу бар
Айкөлдөн калган баламда.
Анык билсе өзүңдү

Өчү бар ичте аларда.

265.
Абдан атың чыга элек
Жакшы менен жаманга
Атагың шаңдуу боло элек.
Баркыңды билер адамдар
Баатыр деп сени уга элек.
Манастын жалгыз уулу деп,
Басайын азыр муну деп,
Басташсам деген бир душман
Каалабасын залалга.
Кай бир адам жүргөндүр
Манастан туяк калса деп.
Кай бир адам жүргөндүр
Байыркы өчүм алсам деп.
Ошон үчүн кулунум,
Балтыр этиң толо элек,
Балбан чагың боло элек.
Жүрөк майың толо элек,
Жүткүнөр кезиң боло элек.
Он бешке жашың жете элек,
Оозуңдан сүтүң кете элек.
Кечээ дүнүйөмдү чачканда,
Букарды көздөй качканда,
Улуу жолго кирбедим,
Элдүү жер менен жүрбөдүм.
Ой, тоо менен көп жүрүп,
Ат аябай бек жүрүп,
Зоругуп өлгөн мингеним.

266а.
Жардам болсун бараткан
Жаман көрбө чолпонум!
Жаадымда сөздү сүйлөдүм.»
Каныкей мындай айткан соң
Токсондон ашкан жашы бар.
Ак куудай аппак чачы бар

Таягын алып бөжүрөп,
Кыймылдап өзү күбүрөп.
Жубардай болгон жүзүнөн
Жуулуп жашы төгүлөт.
Аттанат уулуң деген соң
Арманын айтат көрүнөт.
«Маңдайда жарык чырагым,
Жашымда баргек тумарым,
Арыстан Манас уулумдан
Аманат калган туягым.
Найзадан калган желегим,
Айкөлдөн калган белегим.
Азыраак угуп кетегөр
Ак калпак кыргыз эли жок.
Армандуу курган энеңдин

266.
Өбөктөгөн энеңди
Өлбөй турар дебегин.
Кубатым, өйдө болбосоң
Куса болуп өлөрмүн.
Эсиңе алып жүрө көр,
Колуң менен кулунум,
Энеңди өзүң көмөрсүң,
Көп турбай ылдам кайта көр, балам!
Барсаң аман Таласка
Менден Бакайга салам айта көр, балам!
Өлөмүн дебей не дейин
Алкымыңдан бир жыттап,
Айнегим сени өбөйүн.
Сүйлөөгө алым келбеди
Сага мен өмүрүмдү берейин.»-
Деп Чыйырды айтканда

267а.
Манастын уулу Семетей
Басып келди муну айтып.
Кабагын түйүп чунагың
Камсыгып жүзүн муңайтып.
«Айланайын энекем,
Ак байбиче берекем,
Муунумду бошотуп,
Муңуңду айтпа нур Мекем.
Алты күндө барармын,
Алты күндө келермин.
Аман барып, соо келсем,
Апаке, жүзүң көрөрмүн.
Талаптандым Таласка
Токтотпо эми жөнөйүн!»
Бетин тозо берди эле
Карып калган жарыктык
Чыйырды жүзүн көрдү эле.
Куур-куур кур жыттап,
Кучактап алып бек жыттап,
Шуур-шуур шур жыттап,
Шуркурата бек жыттап:

267.
«Жарыгым жалгыз аттандың
Жат душмандан сактангын.
Жаратканга аманат
Элким жолго аттандың.
Ээн жерде сактангын.
Эгеме өзүң аманат
Бир Кудайга тапшырдым.
«Балам, барып кел, – деп, –
саламат.»

Чыйырдынын колунан
Семетей өптү бүгүлүп.

Мойнуна бото салынып,
Көзүнөн жашы төгүлүп,
Семетейин караса
Кайран баатыр Манастын
Бир өзүндөй көрүнүп.
Курган энең Каныкей
Кыялы миңге бөлүнүп.
Эр Семетей чунагың
Алакан жайып кол сунуп,
Азыр бата сурады.
Карап турган калың журт
Бата бербей турабы.

268а.
Ак селдечен кожолор,
Алда канча молдолор,
Муптулары, казысы,
Турган элдин баарысы -
Кемпир менен абышка
Келип турган карысы,
Көчө толуп жыкылдап,
Келген элдин жамысы,
Уул жигит, кыз келип,
Уруулуу элдин баарысы
«Омиин!» деп караган
Ошол элдин каны ушу.
«Саламат барып, соо кел!» – деп,
«Сагындырбай бат кел!» – деп,
«Эсен барып, соо кел!» – деп,
«Элиңди көрүп, бат кел!» – деп,
Көбү бата берди эле.
Чөйчөктөй көздүү Сары таз
Жакын басып келди эле.
«Жол болсун, жээн, жол болсун!
Жолуңду Кыдыр оңдосун!
Айтышканда сөз кана?
Алышканда кол кана?

268.
Атаң Манас болдубу?
Арбак сага кондубу?
Каныкей сенин энеңби?
Калкың бата бергенби?
Кыргыз сенин элиңби?
Талас сенин жериңби?
Айкөлдүн уулу сен болсоң
Унутпагын кебиңди.
Мен да сенин тайакең
Учурашпай, коштошпой
Унутуп калды дедиңби?»

Сарытазды көргөндө
«Тайаке бери бас!» – деди.
«Каныкейдин үйүнө
Мен келгенче жат.» – деди.
«Энеке, мени сыйласаң
Тайакемди бак!» – деди.
«Үзөңгүгө бут салдым,
Аттана турган чак.» – деди.
Кол кармашып коштошуп,
Калың Букар топтошуп,

269а.
Сапар барчу баланы
Турбайлык деп токтотуп,
Актулпарды жетелеп,
Козубек туура тартты эми.
Кол кармашып эл менен
Семетей атка басты эми.
Тепе темир үзөңгү
Теппей ыргып минди эми.

Таласты көздөй бет алып,
Семетей жолго кирди эми.
Аркасынан карашып,
Кыз, келиндер жарданып,
Кыраандын уулу жетимге
Калың эл калды таңданып.
Боз жорго минип чайкалып,
Болумдуу бейпай кайкайып.
Каныкей жүрдү артынан
Семетейге берүүгө
Колунда катты алпарып.
Узатып коюп келем деп,
Бетинен өөп жалбарып.

269.
Манастын уулу көкжалың
Актулпар минип оолугуп.
Кыргыз элим кайда экен
Кыраның келет дооругуп.
Жоргону жолго салыптыр,
Жооруктуу бейпай Каныкей
Алыска кеткен уулунун
Артынан жетип барыптыр.
Каныкейди көргөндө
Тулпардын оозун бурду эле,
Туура тартып турду эле.
«Кагылайын кулунум,
Кол кармашып кайтууга
Калган сөздү айтууга,
Коштошуп кайра кетүүгө,
Арнап жазган катым бар.
Аркандан келип берүүгө
Өмүрүмдүн кубанчы
Өзүңдүн жүзүң көрүүгө.
Артыңдан чаптым каралдым,
Жолду катка салгамын.
Жол эсебин алгамын.

270а.
Күндү катка салгамын,
Күн эсебин алгамын.
Жанакы айткан сөзүмдүн
Дагы жаздым калганын.
Актулпар оңдоп токуп жүр,
Ошол катты бир убак
Колуңа алып окуп жүр.
Айтканымдай болуп жүр.
Кон деген жерге конуп жүр.
Агыны терең суу келсе,
Кечүүсүн жаздым бул катка.
Ашуусу бийик тоо келсе,
Отоосун жаздым бул катка.
Жооптомо аят бар
Боосунан илгин мойнуңа.
Түнөп өтөр жерлердин
Болжолун алгын оюңа.
Жараткн өзү бар болсо,
Жаныңда Кызыр бар болсун.
Бетиңден өөп калайын
Атаң Манас баатырдын
Берен уулум жол болсун.
Арбагы азыр колдосун.

270.
Эне-бала төштөшүп,
Эки жакка бөлүндү.
Көкжалдын уулу эр неме
Көк аскар тоодой көрүндү.
Актулпар минип койкоюп,
Арбагы бийик чунактын.
Ар мүчөсү тептегиз

Атасындай болкоюп.
Күнү багы бешимде.
Бешим оогон кезинде,
Кара-Тоону четке алып,
Күнчыгышты бетке алып,
Каныкейдин айтканын
Канкордун уулу эске алып,
Бой тумары мойнунда,
Жооптомо койнунда,
Жолго кирди Семетей
Каныкейдин тапшырган
Жоболоңдуу сөздөрү
Чыкпай барат оюнда.

271а.
Кээ бир жерде дыргытып,
Кээ бир жерде зыргытып,
Табына келген буудандын
Туягын жерге мылгытып,
Кээ бир жерде бастырып,
Кээ бир жерде шаштырып,
Балалыгы курусун
Алдынан чыккан жейренди
Алдастатып качырып,
Актулпар менен жөөлөтүп,
Бутун жанча бастырып.
Жолдон чыгып аң уулап,
Анысын коюп дагы уулап.
Кайра жолго түшүчү.
Алдындагы адырдан
Эңкейиштеп кадулап,
Өзүнөн өзү оолугуп,
Бара түшүп оолугуп.
Оюн салып бир-бирден
Ою менен дооругуп.

271.
Ойлоп келет чунагың
Жортуп жүргөн жан болуп.
Жолумдан чыкса экен деп,
Каршы алдымдан жолугуп.
«Кокустан адам жолукса,
Жолдош кылып алайын,
Тилге мыктап канайын.
Айткан тилим албаса,
Айтканымдай болбосо,
Азапка башын малайын.
Алдыма салып жөөлөтүп,
Эрмек кылып барайын.»-
Деп ойлонуп баратат.
Күндүз жүрүп аябай,
Күн эсебин карабай,
Түндө жүрүп аябай.
Түн эсебин карабай.
Кай бир жерге келгенде
Ат чалдырып олтуруп,
Тазкардын чөпкө толтуруп.
Кай бир жерге келгенде

272а.
Чыканактай салучу,
Чырым этип алучу.
Кайра жөнөп калучу.
Ашуусу бийик тоо ашып,
Агыны катуу суу кечти.
Ойноп жолдо көп жүрүп,
Үч күн, үч түн жол басты.
Каныкей жазган катты алып,
Карап коюп баратат.
Канча түрлүү санааны
Санап кетип баратат.
Капа болуп кээ жерде

Чунак кетип бараткат.
«Кайран атам Манасты
Көрбөй калдым» деп ойлоп,
Ыйлап кетип баратат.
Кайра ойлонуп эс учун
Жыйнап кетип баратат.
Каргадай жалгыз өзүнчө
Дуулап кетип баратат.

272.
Эриксе кулан, бөкөндү
Уулап кетип баратат.
Катты көрүп жол тоомун
Сурап кетип баратат.
Катты карап байкаса
Түркстандан өтүптүр.
Чымкент менен Чаңгеттин
Чөйрөсүнө жетиптир.
Түндөкү кечкен жолунда
Чирчиктин оозун кечиптир.
Күн шашке болгондо
Чакымакка жетиптир.
Энемдин жазган бул каты
Эң эле кыйын акыл деп,
Бара турган Таласым
Калган экен жакын деп,
Жол болжолун көрсөткөн
Кан баласы Каныкей
Кандай кыйын катын деп.
Айтканындай жүргөнүм
Макул болор акыр деп.

273а.
Жер болжолун караса,
Жер өлчөмү оң келди.
Бел өлчөмүн караса,
Белес-белес тоо келди.
Берилеп жүрүп келгенде
Эки айрылыш жол келди.
Периштелүү чунакка
Берешен Кудай жол берди.
Бура тартып дөбөгө,
Барар жолун көрөргө
Аттан түшө калды эми.
Манастан калган чоң дүрбү
Семетей көзгө алды эми.
Эки жагын каранып,
Эр Семең дүрбү салды эми.
Жакалап кеткен жазы жол
Кеминге кетчү жол экен.
Бөксөлөй кеткен ичке жол
Элиме жетчү жол экен.
Сөөмөй менен сайгандай,
Көрсөтүп катка жазгандай,

273.
Бейтаалай энем Каныкей
Пендеден эси чоң экен.
Бейбакты таап жар кылган
Берен атам эр экен.
Кандай адам болду экен?
Акылсыз болсо Каныкей
Аткарып ийсе тим эле,
Букар менен Таласка
Мурун барып көрбөсө,
Адашпай турган жол бекен.
Эми бөксө жолго кирейин,
Тоону түптөп жүрөйүн.
Мындан аркы айтканын
Дагы байкап билейин.
Алкым менен салайын,
Алды жагым карайын.

Ала-Бел, Өтмөк дечү эле
Күн чыгыштан табайын.
Андан бери кең Талас
Күңгөй жактан куюлган
Кең-колдун суусу бар бекен,
Көрөйүн атам сарайын.

274а.
Азык ичип чактанып,
Актулпарга аттанып,
Арыстан уулу Семетей
Акшумкардай таптанып.
«Кундакта кетсем бул жерден,
Курган энем Каныкей
Качып кетсе бул элден,
Туюк деген ушу деп,
Элиме барсам мактанып?»-
Деген ойго бир келип,
Жетим калсам жашымда,
Жесирди кууса башында,
Жектээр бекен мени деп.
Муну ойлонуп бүркөлүп,
Уйгу-туйгу ой менен
Чунактын көөнү бүркөлүп,
Каныкей менен Чыйырды
Кантип жатат экен деп.
Абыке, Көбөш агалар
Кандай болду ээ кыялы?
Кубанып калар бекен деп

274.
Актулпарды зыргытып,
Катуулай түшүп бекемдеп.
Атакемдин сарайын
Абыдан көрүп таанысам,
Бат эле учуп жетем деп.
Аны-муну көп ойлоп,
Арзыганым бекер деп.
Адырды түптөп «чу» коюп,
Актулпар тердеп суу болуп,
Талбай келет жаныбар
Таноосу жеңдей буулуп.
Шиштей кара чокуга
Салып чыгып мараса,
Атчан туруп Семетей
Дүрбү салып караса,
Каныкейдин катында,
Кең Таластын башында,
Ала-Бел, Өтмөк көрүнөт.
Үч-Кошойдун бери үстүндө,
Бакайдын Кызыл-Ташында

275а.
Андан бери караса,
Желкенин сары талаасы.
Жердин барын болжолдойт
Жетик баатыр Манастын
Жетим калган баласы.
Жесир катын Каныкей
Жеткире жазган турбайбы,
Кереттигин карачы.
Андан бери караса,
Сороюп турган Шумкар-Таш
Сокудай болуп көрүнүп,
Жер соорусу Таластын
Өндүрүнөн сөгүлүп,
Күңгөйүн ылдый караса.
Кең-Колдун суусу кашкайып,
Таласка куюп бөлүнүп.
Атасынын сарайын
Алыстан көрүп жетимдин
Абыдан жашы төгүлүп.

Аш бышымга олтурду,
Акылы көлгө чөмүлүп.

275.
Курган энем Каныкей
Кордукту чындап көргөн го.
Абыке, Көбөш агабыз
Ак сакал Жакып атабыз
Чын эле малын бөлгөн го.
Атам Манас өлгөндө
Алабыз деп жесирин
Арамдар акыл тапкан го.
Аа көнбөсө кургурдун
Эмчегин жара чапкан го.
Бул кордукту көргөндө
Букарды көздөй качкан го.
Кундакта мени алпарып,
Курган энем баккан го.
Же болбосо Каныкей
Аксымдык кылып кеп айтып,
Арам кулдар деп айтып,
Катындык кылып кеп айтып,
Катылба мага деп айтып,
Ачуусуна тийген го.
Иниси болсо Манастын
Ардыгып ичи күйгөн го.
Төркүнүнө баргалы
Тим эле качып жүргөн го.
Кара канга бергели
Каалап мени сүргөн го.

276а.
Тийсе тийип албайбы,
Агадан калган жесири.
Не да болсо булардын
Маа тийиптир кесири.
Шаарлуу жерде көп жүрүп,
Шартын билбей калдым го.
Ак калпак кыргыз элимдин
Салтын билбей калдым го.
Кандай болуп учурат
Наркын билбей калдым го.
Кимиси душман, кимиси эл
Калкын билбей калдым го.
Кара кыргыз көп элдин
Баркын билбей калдым го.
Ала топу көп кийип,
Алым-берим тил билип,
Адеп кылып сүйлөйм деп,
Акундар менен көп жүрүп,
Кыз, келинин чүмбөттөп,
Кылмышын билсе өлтүрүп,
Ак селдечен молдо көп,
Айыл сайын кожо көп,
Эт, кымыздан чайы көп,
Эшек, качыр малы көп,
Эндей булдан шайы көп,
Элде жүрүп чоңойдум.

276.
Талаасынан багы көп,
Багынан жемиш шагы көп.
Катар-катар салынган
Калаа кургн шаары көп.
Айры төөдөн нары көп,
Алтын, күмүш зары көп.
Адыр сайын төөсү көп,
Ат мингенден жөөсү көп.
Ала чапан эли көп,
Аба жүрбөс чөлү көп -
Жерде жүрүп чоңойдум.
Абасы салкын жел экен

Атамдын Талас жери экен.
Жайлоосуна кеткенби
Азыр Талас ээн экен.
Букарлыкча сөз айтсам
Булардын эли түшүнбөй,
Бул бала сартбы дээр бекен?
Кыргызынча сүйлөйүн,
Кыялын байкап билейин.
Кызматы туура көрүнсө
Кыш киргенче жүрөйүн.
Кең-Колго мурда барайын
Кереметтүү Каныкей
Кебин каттан карайын.

277а.
Бар дечү эле Бакай чал
Ошол абышкасын табайын.
Ойдогу сөздү көп сурап,
Ошондон сөзгө канайын.
Олтура бербей бул жерге,
Оюмду чачпай бул элге,
Бастырайын жөнөйүн.
Маңдайга жазган буйрукту
Не да болсо көрөйүн.
Деп камчысын алып колуна,
Кең-Кол эмей кандай деп,
Келе жатат Семетей
Кең Таластын жолунда.
Атанын сонун жер да бул
Токою суунун боюнда.
Өндүрдү бойлой салды эми.
Өйүздөгү кызарган
Атасынын сарайы.
Алыстан көрүп алды эми.
Кечке жакын бешимде
Кең Ак-Чийге барды эми.
Кыбыланы караган,
Кындырдай ичи жараган,
Төрт аяктап тик турган,
Төөдөн жалгыз бөлүнүп,
Оттобостон шүк турган,
Эки көзгө жаш алган,
Ээрди түшүп шалпайган,

277.
Он эки жылдан бер жакка
Ээсин санап картайган,
Тоноп алган немедей
Чымчым жүн жок тартайган.
Жамшык өркөч Каранар
Жолунда турат арбайган.
Семетей жакын келгенде
Бук деп чөгө калды эле,
Буга көзүн салды эле.
Каныкейдин бир сөзү
Эсине түшө калды эле.
Кайран энем Каныкей
Ак жоолуктун кыраны.
Ак-Чийден муну көрөрдө
Айтканы далай болду эле,
Аны билип турганы.
Керемети чын экен
Деп ойлонуп чунагы,
Каранардын маңдайын
Колу менен сылады.
Кылканы саяң жүнү жок
Сүйлөрүнө тили жок.
Жыттагылап буркурап,
Боздоочудай букулдап,
Боортоктоп жылыштайт
Баштагыдан чукулдап.

278а.
Муну көрүп Семетей
Маңдайын сылап үшкүрүп,
Ээгине колун тийгизип,
Күңгүрөнүп күбүрөп,
Ээси экенин билгизип,
Аты жакка басты эле.
Аттанууга шашты эле.
Тура калды Каранар
Баятан турбай тим эле.
Букулдап чөгүп жатты эле.
Кандын кызы бейбагың
Кантип билип айтты эле.
Төөгө кошуп бул нарды
Семетей жолго басты эле.
Артынан ээрчип Каранар
Аа кошулуп башкалар,
Алтымышча нарча го
Ээрчип келе жатты эле.
Аны көрүп Семетей
Тулпарды бура тартты эле.
Таластын суусун кечирип,
Токойдон айдап өткөрүп,
Кашат жакка чыгарып,
Кайран бала чунайып
Алтымышча мал айдап,
Алдына салып жай айдап,

278.
Кең-Колдун оозу – кысыктан,
Керилген кара тумшуктан,
Кечке жакын болгондо
Келаткансып бир адам
Курсагы жерге тийгендей,
Көгүш таргыл аты бар.
Курмушу ороп койгондой,
Куусаңыраак тону бар.
Көкүрөгү агарат
Көйнөк сындуу көрүнүп,
Токтой калып бул киши
Төшкө чыгып жөнөгөн.
Ташка чыккан ыргайдан
Жулуп-жулкуп алды эле.
Серепчилеп оң колун
Бери карай салды эле.
Бир жумур баш ыргайды
Такымына кыстарып,
Бир чокмор баш ыргайды
Булгап-булгап колго алып,
Семетейди бет алып...

## СЕМЕТЕЙ БУКАРДАН ТАЛАСКА КЕЛИП, МАНАСТАН КАЛГАН МҮЛКТӨРДҮ АЛЫП ЖАТКАН ЖЕРИ

***(Инв.№183. Сол жакта көрсөтүлгөн – түп нусканын беттери).***

279.
Баатыр Бакай күүлөнүп,
Өз алдынча сүйлөнүп,
Төө айдаган кишиге
Жетип уруш салчудай
Каары келип түрлөнүп:
«Качан өлөм деп жүрсөм
Кабылган ажал ушу го.
Карыш алдымдан жолугуп,
Табылган ажал ушу го.
Карысынып катылып,
Кармаша турган киши го.
Өрүштөн малым айдашкан
Кудайдын кылган иши го.
Тал түштө малым бергиче
Талкалашып көрөйүн.
Тарттырып тирүү калганча
Так ушундан өлөйүн.
Байыркы күчүм бар болсо
Байлап алып өзүңдү,
Кашайта чаап көзүңдү,
Жазаңды колго берейин.»-
Деп ушинтип эр Бакай
Көкчолок менен чү койду.
Этек, жеңи дыркырайт
Түкүрүп алып колуна
Үйрүп койсо чочмору
Жорунун канатындай зыркырайт.

280.
Келе жаткан кишини
Семетей карап калды эле.
Ат оозун жыйбай келаткан
Адамга көзүн салды эле.
Көкчолок менен дыргытып,
Артынан чаңын бургутуп,
Жоо көргөндөй чачылып,
Семетейди бет алып,
Салышчудай качырып,
Колунда ыргай чочморду
Зуулдата имерип,
Атын күүлөп ансайын
Такымга тартып жиберип,
Жакын кирип келди эми.
Бакы эмес кандай деп,
Бала чунак белгилеп,
Эки колу боорунда,
Эр Бакайдын доорунда,
Саадагын салып мойнуна,
Каныкей айткан бир сөздү
Эстей калып оюна.
Салам айтып шаңк этип,
Бала ителги өңдөнүп,
Бала чунак барк этип,
Маңдайында Бакайдын
Балбылдап көзү жарк этип,

281.
Адеп менен, сый менен
Алдынан салам бергенде.
Акылман тууган эр Бакай
Атынын түрүн караса,
Алыскы жолдон келгендей.
Кынжыйып ичи жараптыр
Онжоңдогон чоң боз ат
Тулпар го деп санаптыр.
Баланын түрүн карабай,
Ким экен деп санаса:
Кеңдигин көрсөң Таластай,
Келбетин көрсөң Манастай.
Букта моюн, кең далы,
Кабагы бийик, өңү саз,
Кең көкүрөк, жайык төш.
Ээрди шалпык, ээги узун
Эртеги кеткен султаны
Эр Манаска мүнөздөш.
Жалайык ооз, жар кабак
Жазы маңдай, кара сур.
Келте мурун, кең таноо
Келбети сонун жаш бала.
Кулагы жазы калкайып,
Келишимдүү залкайып,
Кабагы бийик, бүркүт көз.
Карчыгадай шумкар төш

282.
Айдай боз ат мингени,
Алтын жака, торгой көз
Ак күрөөкө кийгени.
Оң далысы кең экен,
Баралына келгенде
Ойротту бузар эр экен.
Сол далысы кең экен,
Мүчөлүнөн өткөндө
Солоонду бузар шер экен.
Жолборстой көзү жайнаган,
Жоон топ төөнү айдаган,
Кабагы бийик, өңү саз
Каптап койгон ээрдей.
Караганы баланын
Каз моюн эле эр Манас.
Алик алып эр Бакай
Баладан турду кеп сурап,
«Дайныңды айт, балам?» –
деп сурап.
Кайдан келген качкынсың?
Кан уулундай басмырсың.
Кай шаардан келесиң?
Кай тарапка барасың?

283.
Жайытта малды айдаган
Кандай бейбаш баласың?
Түп атаңды түрүп айт.
Түп жайыңды билип айт.
Өз атаңдын өзүн айт.
Как караган көзүн айт.
Түп атаң түптүү жан болсо,
Түбүн айтып не пайда.
Наркы атаң тектүү жан болсо,
Такыр айтып не пайда.
Качкынсыңбы, жоосуңбу?
Кайгуулда жүргөн эрсиңби?
Карасыңбы, кансыңбы,
Качып жүргөн жансыңбы?
Кыргызсыңбы, сартсыңбы?
Кыз издеген мартсыңбы?
Казаксыңбы, элсиңби?
Кармаша турган шерсиңби?

Эмине төөнү айдайсың,
Ээси жок мал бар дейсиңби?
Адамсыңбы, пер(и)синби,
Адашып мында келдиңби?
Аксакал кары экен деп,
Же мени ала коём дейсиңби?» -

284.
Деп ошентип айтканда,
Көкжалдын уулу чунаксың
Кечикпестен кеп айтып,
«Аваке макул» деп айтып:
«Түп атабыз Бөйөн кан.
Бөйөн кандан Чаян кан.
Чаян кандан Кара кан.
Кара кандан тараган
Кан Жакыптын баласы -
Кара кыргыз көп элдин
Кабылан баатыр Манасы.
Эр Манастын ботосу –
Жетим калып жетилген,
Он эки жылы тентиген,
Энемдин аты Каныкей
Өзүмдүн атым Семетей.
Түп жайымды сурайсыз
Ава, мен түпсүз жүргөн
немедей.» –
Деп Семетей айтканда:
Аа дээрине ал калбай,
Алсырай түшүп эр Бакай.
Ээ дээрине эс калбай,
Эрте айтканы кеч калбай.
Атынан кулап түштү эми.

285.
Эчкирип ыйлап эр Бакай
Эртеги эске келди эми:
«Найзадан калган белегим,
Баатырдан калган желегим.
Тулпардан калган туягым,
Туйгундан калган чунагым.
Кеткенден калган керээзим,
Айкөлдөн калган медерим.
Кагылайын кулунум,
Берчи колуң кармайын!
Бетиңди тосчу өбөйүн.
Алкымыңдан бир жыттап,
Анан кийин өлөйүн.
Кан баласы Каныкей
Энең аман жатабы?
Кара кан Урум, кең Букар
Элиң аман жатабы?
Кожонун уулу Козубек
Бөлөң аман жатабы?
Урум, тажик, кең букар
Көбүң аман жатабы?
Картайып калган Чыйырды
Байкуш аман жатабы?
Улуу, кичик Урумдун
Жалпысы аман жатабы?

286.
Атынан алып түштү эми.
Чымын жандан кечти эми.
Сагынып калган жетимин
Шоор,шоор, шор жыттап,
Шоркурата бек жыттап,
Болукшуп ыйлап эр Бакай
Бооруна басып кучактап,
Кумардан Бакай чыкты эми.
Каныкейдин саламын
Кайта-кайта укту эми.

Аш бышымча турушуп,
Абыдан сөздөн урушуп,
Сүт бышымча турушуп,
Сүйлөшүп сөздөн урушуп,
«Айланайын каралдым,
Айыл жакка баралы.
Аксарбашыл чалалы.
Он эки жылдан бер жакка
Ашыктай жалгыз келсе деп,
Аман, эсен жүрсө деп,
Авакең жүргөн санаалуу.
Караан кылып Каныкей
Каралдым сени калкалап,
Качып кеткен каралуу.

287.
Тилекти Кудай берген соң,
Медерим аман келген соң.
Жүргүнүң!» деп эр Бакай
Обдулуп өөдө болду эле.
Оң тартып атын мингизип,
Ордунан Семең турду эле.
Абакесин аткарып,
Алардын көөнү шаттанып,
Бастырып жөнөп калды эле.
Келе жаткан жолунда,
Даакысы каткан жонунда,
Кынжыйып ичи жабышкан,
Ачкалыктан кабышкан,
Көөдөнү жерге салынган,
Көсөө куйрук куу тайган
Шурудай көзүн кызартып,
Тумшугун бир кез узартып,
Колу кыска, буту узун
Конжоңдогон бир тайган
Тилин салып жалактап,
Кулагы даакы салактап,
Кутургандай алактап,
Куюлуп көздөн жаш кетип,
Куу тайгандан эс кетип,

288.
Союлдай куйрук булгалап,
Ат үстүндө баланын
Этек, бутун жалмалап.
Үзөңгүгө асылып,
Чылбырына чалынып,
Үн чыгарып, кыңылдап,
Тили болсо бул тайган
Тим эле сүйлөгүдөй жалынып.
Ары-бери жүгүрүп,
Арбалаңдап сүйүнүп.
Айлана чуркап Семеңди
Айласы кетип жулунуп.
Мына ошентип турганда.
Байдын уулу эр Бакай
Баштап сөзүн мамындай:
Байыркы дарты козголуп,
Бастыра албай турду эле.
Туура тартып токтолуп,
«Кагылайын Семетей,
Береги эркелеп жаткан куурагыр
Көк жору тууган ит эле.
Ит да болсо сагынган,
Өзүңдү күтүп зарылган
Кудуреттин иши эле.

289.
Жолборско салып алдырган,
Жолдоштун мээрин кандырган.
Сенин атаң арстан, шер
Жоругу башка киши эле.

Үч-Кошойдун башынан
Бакайдын Кызыл-Ташынан,
Кум-Белдин кыраң жонунан,
Мөңгүнүн кызыл кумунан
Кулжага дүрбү салганбыз.
Акырет кеткен айкөлүм
Кол башындай сур күчүк
Өкөбүз таап алганбыз.
Тоюна тогуз сойгонбуз.
Топтуу элди чогултуп,
Атын чын Кумайык койгонбуз.
Кабылан атаң өкөбүз
Кара-Кырдан тапканбыз.
Казанбактын алдына
Канча күнү бакканбыз.
Каныкей жакшы багат деп,
Кыз кезинде энеңдин
Букарга ала чапканбыз.
Ошондо Бакай өлбөдү.
О дүйнөнү көрбөдү.

290.
Кыраан атаң бар болуп,
Орошон элди чогултуп,
Өз колу менен көмбөдү.
Айкөлүм туруп башымда
Ашымды журтка бербеди.
Бул арманым мындан күч.
Эркелетип шордууну
Эр Семетей аттан түш.
Мунун табын билген кишиге
Кан казына баркы бар.
Ышкылуу болмок эр жигит
Илгертен элдин наркы бар.
Чыпалактай кара алтын
Атакең өзү тактырган
Моюнунда каргы бар.
Түшө калып кулунум,
Эркелетип коё көр!
Семетейим келди деп,
Жаны калбай элжиреп,
Сени таанып атат жаныбар.» –
Деп авасы айтканда
Актулпардан арбайып,
Атасындай дардайып.
Аттан түшүп Семетей
Каргыдан алып тайганды
Карап турду барбайып.

291.
Манастын колу тийди ээ деп,
Маңдайынан көп сылап,
Атамдын колу тийди ээ деп,
Ар мүчөсүн кармалап...
Мойнунда алтын каргыны
Борумдуусун аңкарып,
Итин мынча барктаган
Атасына таң калып,
Көзүнөн жашын сызылтып,
Көңүлүн санаа бузултуп,
Көкүрөгүн ысытып,
«Атамдан калган мен жетим,
Арыстандан калган сен жетим.
Азыр көрдүм сени» деп,
Аркалап келдиң мени деп.
Эми көрдүм сени деп.
Ээсинип келдиң мени деп.
Энекем курган Каныкей
Таштаба деп тайганды
Тапшырган бар го кеби деп,
Аттанууга санаса,
Ары-бери караса,

Топтуу байтал чубуруп,
Оюн салып келатат,
Сууну көздөй бурулуп.

292.
«Аваке, көрүп байкачы.
Адырдан түштү куюлуп,
Айгыры баштап чубуруп.
Келген окшойт жаныбар
Бири куу тайганга буюруп.
Бир байталга он байтал
Үйүрү менен төлөйүн.
Кимдин малы болсо да
Айтканына көнөйүн.
Мусапыр болгон тайганга
Бирин атып берейин.»
Семетей мындай дегенде
«Кагылайын медерим,
Каралдым сенсиң белегим.
Тобу менен керек кыл
Токтолбостон беремин.
Күнүгө мында келбеген
Бүгүн келип калыптыр,
Куу тайгандын насиби
Көрчү кудай себебин.»
Авасы мындай деген соң
Алеңгир жаа, сыр жебе
Кыя тартып калды эле,
Моюндун ичке түбүнө
Кыйык атып салды эле.

293.
Каргысынан жетелеп,
Тайганды алып барды эле.
Казысын байлап Бакайга
Түктүү сандан жарды эле.
Жылуу канга тайгандын
Тумшугунан малды эле.
Андан ары бастырып,
Кызыл кырчын тал көрдү.
Кыдырата тиккендей
Кырка чынар бар көрдү.
Кырк чоронун кырк жесир
Кырка турган жер көрдү.
Кырка булак мөлтүрөп,
Агып жаткан суу көрдү.
Бакайдан сурап буларды
Калтырбастан тең көрдү.
Манасты жууган жери деп,
Баш-аягы бут атым
Балапан, арча бүр көрдү.
Барысы көктөп жашарган
Башайыдай түр көрдү.
Арчалардын арасы
Агала, жашыл гүл көрдү.
Ак ордонун орду дейт.
Аралап чунак чын көрдү.

294.
Ал жерден бир аз өттү эми,
Атасынын сарайга
Авасы Бакай ээрчитип,
Аялдабай жетти эми.
Атынан түшүп, байлашып,
Азгина көңүл жайлашып,
Сырткы кийимин чечишип,
Сырттан шердин сарайга
Обочороок түшүшүп,
Булакка басып барышып,
Булар даарат алышып,
Күмбөздүн келди бетине,
Күн батыш жакка четине.

Ак сакалын жаш кылып,
Арыстанын эске жат кылып,
Жанында турган жетимди
Жанына Бакай чакырып:
«Айланайын кулунум,
Береги дөбө дүмпүйгөн,
Чырмоок басып күпүйгөн,
Атаңдан калган мал ушул.
Азыркы жаткан алы ушул.

295.
Чырмоок чөптүн алдында
Чыкпай жаткан жан ушул.
Мунун жайын айтайын.
Мурункумду ойлонсом
Муунум бошойт ансайын.
Атаң Манас барында,
Айкөлүм тирүү чагында,
Алыска сапар жүргөндө.
Алооке канды өлтүрүп,
Кумурскадай кытайды
Кумулду карай сүргөндө.
Алтындан чатыр бүктөтүп,
Ок, даарысын жүктөтүп,
Жазайылын тарттырып,
Жарактын баарын арттырып,
Алып жүргөн бар буура.
Желден күлүк мал эле.
Желмайандын өзү эле.
Алты ай тынбай жол жүргөн.
Аккула менен тең жүргөн
Жыл бою тынбай жол жүргөн.
Кошундан калбай тең жүргөн

296.
Жалама зоодон чү койсо
Жантайып тизе бүкпөгөн.
Жактырып атаң ушуну
Жарагын дайым жүктөгөн.
Ак карлуу тоодон чү койсо
Айбыгып тизе бүкпөгөн.
Аккуладан кем көрбөй
Атаң Манас кабылан
Азыгын ушуга жүктөгөн.
Чапса да буйла чойбогон
Чарчагансып койбогон.
Караңгыда жол жүрсө,
Карбаластап мол жүрсө,
Кайыптан бетер жандаган.
Карпалышкан урушта
Канча күн жүрсө талбаган.
Жарыша кетсе кырк чоро
Алды мнен тең жүргөн.
Алкы нардын жүгүндөй
Арткан жүктү көтөргөн
Дайрадан кечсе батпаган, (жатпаган)
Кайык эле бар буура.
Ташка салса тайгылбас
Кайып эле бар буура.

297.
Атаң Манас өлгөндө,
Алтымыш ажы, кырк кожо
Ак кепиндеп көмгөндө,
Артында Бакай, Каныкей
Ар жорукка көнгөндө,
Сөөгүн жүктөп атаңдын
Ушу турган сарайга
Аманат алып келгенде.
Бук деп чөгүп бар буура
Бутун өөдө кылбады.

Эки көздөн жаш агып,
Эгерде өөдө турбады.
Чөп чалып наар албады.
Чөккөн жерден турбады.
Ошондон бери авакең
Жайкысын берем жалбырак.
Жарыктыгым бар буура
Жатат көзү жалдырап.
Кышкысына беремин
Камыран жасап алапты.
Мууздабай жүрөмүн
Өзүңдөн кылып талапты.
Түшүмдө көрдүм бир түнү
Атаң айкөл Манасты.
Бар бууранны Семетей
Мага атап берет деп
Он эки жылы караттты.

298.
Зайыпкуруш атаңды
Алда Таала кудурет
Ушундай кереметтүү жаратты.
Ушуну айтып кан Бакай
Үшкүрүп барып олтурду.
Этегин жашка толтурду.
Андай болсо ава деп,
Шымаланып билекти
Арбагыңда колдо деп,
Семетей тилеп тилекти
Басып жакын барды эми.
Дөбө болуп дүмпүйгөн
Төөгө көзүн салды эми.
Үстүндөгү чырмогун
Бүтүн сыйрып алды эми.
Чөп алдында арбайган,
Чөккөн бойдон каржайган,
Жандарга айран калды эми.
Кирпиги араң кыбырап,
Кишидей оозу шыбырап,
Кызыл ташты жазданып,
Кыбыланы баштанып,
Мойнун созуп чалкайып,
Капталынан жантайып,

299.
Буту, колун чойгонсуп,
Муундары кырсылдап,
Суналгансып тартайып,
Бөйрөгү араң бүлк этип,
Мөлт деп жашы жылт этип,
Мурдунан төөнүн бурт этип,
Оозун ачып шылк этип,
Жатып калды бар буура.
Айкөл атам Манастын
Арбагына чалдым деп,
Акыреттик мал болуп,
Арыстаныңа баргын деп.
«Кулаузини» куп окуп,
«Кулфулдабат» сүрөнү
Үч кайтара жуп окуп,
Алакан жайып, кол созуп,
«Омийин!» деп авасы
Бата кылып болтуруп.
Алача моюн ак бычак
Бекем кармап сабынан,
Сууруп алып кабынан,
«Кудайга арнайм башыңды,
Манаска арнайм сообуңду,
«Алдооакбар!» – деди эми.
Бар бууранны мууздап.
Семетей башын кести эми.

300.
Башты алып барып чынардын...
Авасына айтты эми.
Колун жууп чунагың
Коржоңдоп бери басты эми.
«Кагылайын медерим,
Кагылбай сага не дейин.
Шаарда жүрүп чоңоюп,
Шариат билип торолуп,
Ичкериде жүрүп чоңоюп,
Илимдүү болуп оңолуп.
Куран окуп, кат билип,
Куп келтирип жат билип.
Аят окуп, кат билип,
Арбын, туура жат билип,
Ажылуу жерде көп жүрүп,
Аалым болуп калыпсың.
Кожолуу жерде көп жүрүп,
Казы болуп алыпсың.
Ыраазымын Кудайга!
Ыракмат энең бейбакка!
Миң ыраазы боломун
Пири тирүү арбакка.

301.
Арбагы тирүү айкөлдүн
Сарайына баралы.
Сандыргалуу султандын
Салтанатын көрөлү.
«Табарикти» бүт айтып,
Куран окуп берели.
Куран окуп берсин деп,
Кыямат кеткен баатырдан
Куру койбой энеңди
Кулунум сени төрөдү.»
Айтып турган авасы -
Аксакал Бакай бабасы,
Күмбөзгө небак кирүүгө
Шашып турган баятан
Манастын жалгыз баласы.

Ээрчий басып Бакайды
Аста басып бүгүлүп,
Эки колу боорунда
Салам айтып ийилип,
Чөкө түшүп чөкчөйүп,
Карт кишидей бүкчүйүп,
«Аузуну» бат айтып,
«Алхамдууну» жат айтып,
«Алыпилам» сүрөөнү
Андан кийин баштады.

302.
«Табарик» улуу сүрөнү
Таамай окуп шашпады.
Дарс окуган Семетей
Атасынын келбетин
Анык көрүп алган соң,
Окуп жаткан аяттан
Жаңылып кете жаздады.
Кара көздөн жаш агып,
Кан аралаш кошо агып,
Толтогор нурлуу бетинен
Топчудай  кызыл жошо агып,
Кыраатын узун созо албай
Кыска тартып бүтүрүп.
Отуз пара курандын
Он эсесин түшүрүп.
Опсуз молдо чунагың
Окуп көзү сүзүлүп.
Алакан жайып калды эми.
Арбакка бата кылды эми.

Аны көрүп Бакайдын
Ак сакалы жаш болуп,
Арбын ыйлап бек солуп.
Атадан калган туяктын
Ар кызматын ойлонуп,

303
Алып чыгып кетсем деп,
Аркасын карап толгонуп.
Баланын түрүн караса
Айкөл Манас атасын
Анык таанып алыптыр.
Жанындагы кырк чоро
Атын окуп калыптыр.
Ар бирине жазылган
Катын окуп алыптыр.
Ошонун баарын түшүнүп,
Жетим калган чунагың
Озоңдоп үндү салыптыр.
Каралуу калган Каныкей
Энесин көрүп буркурап,
Катарлаш турган көп жесир
Жеңесин көрүп буркурап,
Чоң энеси Чыйырды
Зарын көрүп буркурап,
Манаска жолдош болгондун
Барын көрүп буркурап.
Үн салып бала чыдабай
Сайсөөгү зыркырап,
Оң жагына жыгылып,
Ойронум атам деп ыйлап.
Сол жагына жыгылып,
Солтонум атам деп ыйлап.

304.
Ортосунда кыргыздын
Чолпонум атам деп ыйлап.
Алышса жоонун бөрүсү,
Ак калпак элдин төрөсү.
Адашкан эрдин паанасы,
Атпай элдин Манасы.
Буюккан эрдин паанасы,
Мусулман элдин даанасы.
Айланайын атакем!
Алтын ээр токутуп,
Ала жорго мингизип,
Ашка ээрчитип жүрбөдүң.
Айкөл атам, барыңда
Агайын жайын билбедим.
Анан кийин өлбөдүң.
Армандуу калган жетимиң
Анан ыйлап калбадым.
Күмүштөн ээр токутуп,
Көк ала жорго мингизип,
Көчтө ээрчитип жүрбөдүң.
Көрөсөн атам, барыңда
Көпчүлүк жайын билбедим.
Анан кийин өлбөдүң.
Көзүмдү ачпай жетимиң
Көрбөй ыйлап калганым,
Көп экен го арманым.
Көк жал кайран атам деп,
Анан ыйлап калбадым.

305.
Кара кандын шаарына
Каңгырап тентип барганым.
Карыганча кетеби
Карааның менин арманым.
Темир кандын шаарына
Тентип кирип барганым.
Теги менден кетеби

Телмирип жетим калганым.
Аркаларга ага жок,
Армандуу менде бага жок.
Эңкейерге ини жок,
Эмгектүү менде мүрү жок.
Атамды көргөн элде жок,
Армандуу мендей пенде жок.
Кадырым билген калкта жок.
Калкы жок эрде барк да жок.» –
Деп Семетей уңулдап,
Кой деп коёр чама жок.
Бакай кошо күңүлдөп,
Булар ыйлап жатканда
Күмбөздөн доош күңгүрөп...
Үнү үнгө кошулуп,
Калган экен дүңгүрөп.
Жардам болгон арбагы
Жалган, чынын ким билет?

306.
Күмбөзгө кулак салышты.
Бакай менен Семетей
Муну тыңшап калышты.
Ботосу өлгөн төөнүн
Боздоосундай угулду.
Ботосуна эр Манас
Жоктоосундай угулду.
Боорумдан чыккан жалгыз деп,
Колдосундай угулду.
Боздогон Бакай бир жүргөн
Жолдошундай угулду.
Арбак башын көтөрүп,
Оодарылып жаткансып,
Жалгызына баш Манас
Жалынып кайрат айткансып,
Бул добушту укканда
Бирин бири карашып,
Жакаларын кармашып,
Жана куран окушуп,
Арбактарга арнашып,
Кубангандан Семетей
Куп сүйүнөт эр Бакай.
Манастан бата алгансып,
Барысын көрдү сүрөттүн
Бала шумкар армансыз

307.
Ошондо Бакай чыйралып,
Эс-акылы жыйналып,
Керээли-кечке көп ыйлап,
Калган экен кыйналып.
Арбакка куран окудук,
Абыдан ээн ыйладык.
Алданын кылган ишине
Айланы кандай кылалы.
Баштагы өлбөс бар болсо
Байгамбарлар канаке?
Эртеги өлбөс бар болсо,
Эне-атабыз канаке?
Султандар өлбөс бар болсо,
Сулайман тирүү канаке?
Илгерки өлбөс бар болсо,
Искендер тирүү канаке?
Белиңди бекем буунгун,
Бети-колуң жуунгун.
Периштелүү баатырдан
Береним эми суунгун.

308.
Саадагың белге буунгун,
Жүзүңдү таза жуунгун.
Санжыргалуу султанды

Санабай эми суунгун.
Туугандан чыккан душман бар,
Туйгунум, бизде бушман бар.
Атадан чыккан душман бар,
Ардагым, бизде бушман бар.
Кейибейли кеткенге,
Кек алалы кулунум,
Кезектүү убак жеткенде.
Өкүнбөйлү өткөнгө,
Өчүбүздү алалы
Өкөбүз башты кошкондо.
Жашык болсоң көп ыйлап,
Жамандар таба кылбайбы.
Кайрат кылып а көрө
Касты, досту сындайлы.
Арчыл болсоң кулунум,
Арамдар таба кылбайбы.
Андан көрө бел байлап,
Ак, караны сындайлы.
Айланайын медерим,
Алла Таала турбайбы.
Ат өргүтүп бел чечкин
Айылга барбай тынбайлы.

309.
Абасы мындай деген соң,
Арыстандын уулу чунагың:
«Аваке, сөзүң акыл сөз,
Абыдан жакшы макул сөз.
Белимди бекем буубасам,
Бээжинден жылкы куубасам,
Бети кара кытайдан
Беренин тандап дөөсүнөн
Бешти өлтүрүп суубасам.
Кылычты белге буубасам,
Кытайдан жылкы куубасам.
Кызы талак кытайдан
Кыранын тандап дөөсүнөн
Кыркты өлтүрүп суубасам.
Азыр бетим жуунам,
Ажалга себеп Коңурбай
Анын канын төкпөсөм,
Атамдан кантип суунам.
Эми бетим жуунам,
Эне талак Коңурбай
Эрегишкен калмактын
Элинде башын кеспесем,
Эшектей кардын эшпесем,
Эки ооз куран окупмун,
Эртеги кеткен атамдан
Эртелеп кантип суунам.

310.
Атамдын төрүн көргөндө,
Ыйламагым парз болор.
Арбакка куран мен окуп,
Сыйламагым парз болор.
Атамдын канын албасам,
Атайлап сапар барбасам,
Моюнума карыз болор.
Аны мындай таштайын.
Агаң душман деп айттың
Алардын сөзүн баштайын.
Алдага ката сөз айтып,
Акылымдан шашпайын.
Абыке, Көбөш агалар,
Айтылуу Жакып бабалар
Акылга дыйкан эр болсо,
Аркасы тиер шер болсо,
Алдынан туура баспайын.
Арамзада жан болсо,
Алалыгы бар болсо,

Алтоо тургай жүз болсун,
Андан ары миң болсун,
Алда Таалам жар болсо,
Арбак тирүү бар болсо,
Азыр барын жанчтайын.

311.
Акыр заман болгончо
Айта жүрөр жомокту
Азыр өзүм баштайын.
Ушунетип Семетей
Байлалуу турган тулпардын
Ооздугун чыгарып,
Кара суудан сугарып,
Суусунун бир аз кандырып,
Кара кыяк шиберден
Кайсатып отко чалдырып,
Абасы Бакай карыны
Колтуктан жөлөп аткарып,
Өзү кошо аттанып,
Кең-Колдун суусун бойлошуп,
Кеп түйүнүн козгошуп,
Бакай кандын айлына
Бара жатат бастырып.
«Баабедин маалы өтпөсүн,
Садага маалы кетпесин,
Бачым бастыр уулум!» – деп,
Бакай келет шаштырып.
Бардык сөздүн барысын
Бакайга бала тапшырып,
«Үйрөтүп жүр аваке,
Үлгүңдү мага маш кылып!»

312.
Кең-Колдун өрдөп башына,
Бакайдын Үңкүр-Ташына,
Барып калды бул өкөө
Жети-Төрдүн чатына.
Тоонун башын каранып,
Токтолбой Бакай бакырды.
Топтуу койду кайтарган
Байтайлакты чакырды.
Байтайлак көрүп буларды
Акылы баштан чачылды.
Жоо алган го төөнү деп,
Чаап алуу го көөнү деп.
Үркөрдөй үч жүз кою бар.
Кайра кырдан ашырды.
Аны көрүп Бакай кан
Андан бетер шашылды.
Көтөнү түшкөн аюдай
Көрүнөө жерден чакырды.
«О Байтайлак эле Байтайлак,
Ак эркечти айдай кел!
Көк кочкорду калтырбай
Мүйүзүнөн байлай кел.
Коюң менен корум бол!
Кочкорду алып, ылдам кел!
Кошуп алып эркечти
Коюңду таштап, турбай кел!»-

313.
Деп чакырат Бакай кан.
«Кач!» деген экен атам деп,
Нары качат Байтайлак.
Малакайын колго алып,
Бакай булгап чакырат.
Баса түшүп Байтайлак
Коюн нары ашырат.
Кеч кирип кетмек болду деп.
«Кел!» деп Бакай чакырат.
Буларды көрүп Семетей

Боору эзилип каткырат.
Бакай чындап бакырып,
«Бат келгин!» – деп айкырат.
Үнүмдү укпай койду деп,
Уулуна Бакай тарынат.
Бакайдын катуу үнүнөн
Тоо жаңырып кабышып,
Жалама зоолор жаңырат.
Баары кошулуп чаңырып,
Тоонун ичи чуу болду.
Толуп жаткан дуу болду.
Токтоп турду Байтайлак
Тердеп бою суу болду.

314.
Кулагын мыктап салды эми.
«Семетей келди» дегенин
Аныктап угуп алды эми.
Койду көздөй жүгүрүп,
Арбалаңдап калды эми.
Тойгон койду кубалап,
Токтолбостон кууп айдап,
Кой этектеп келгенде
Ак эркечти кармады.
Көк кочкорду мүйүздөн
Кармап күчкө салганы.
Өкөөн бирдей сүйрөдү
Байтайлак сындуу балбаны.
Сакалдан алып эркечти,
Мүйүздөн сүйрөп кочкорду
Азыр алып келди эми.
Арзып жүргөн Семеңди
Анык жүзүн көрдү эми.
«Ата, муну карма!» деп,
«Ардагым Семе, арба!» деп.
Алпарып сени чоңойткон
«Апам аман барбы?» деп.
Колун жайып кучактап,
Коңгурап ыйлап бышактап.
Кыяматтык боорум деп,
Камчыдай жаш бурчактап,

315.
Байтайлак менен Семетей
Кучакташып көрүшүп,
Сагынышып калгандай
Бет, оозунан өбүшүп,
Учурашып турду эле.
Бакай анда кеп айтат,
Балдарым уккун деп айтат:
«Манас жалгыз мен жалгыз,
Байтайлак менен Семетей
Бул өкөөң да тең жалгыз.
Он экиде Семетей.
Он үчкө чыкты Байтайлак.
Кыяматтык жолдош бол,
Кысылган күнгө бел байлап.
Береги Ай мүйүздүү Ак эркеч
Он эки жылы кар басты.
Кулжа мүйүз көк кочкор
Он бирге жашы жармашты.
Жалгызым аман келсе деп.
Ак эркечти арнадым.
Ыйык кылып көк козу
Кочкор кылып салгамын.
Он эки жылдан бер жакка
Жүнүн кыркып албадым.

316.
Ача туяк, Ай мүйүз
Ак эркечти чалалы.
Түлөө кылып кочкорду

Айылга берип салалы.
Сары улакты алып кел
Садаганы кагалы.
Кескилетип торпокту
Эр Баабедин жолуна
Эл ырымын кылалы.
Алып баралы айылга
Айкөлдөн калган баланы.»-
Деди Бакай авасы.
Байтайлак анын баласы.
Манастын уулу Семетей
Ак тулпар менен шаңданып,
Айылдагы кары, жаш
Алдын тозуп жарданып,
Айрып алгыс экен деп
Атасындай залкайып.
Баары келип кол берип,
Балага бата мол берип,
Бакай үйгө түшүрдү.
Эшик ачып, жол берип.

317.
Кан Бакайдын айылы
Алтымыш түтүн эл келди.
Катын, бала, кары, жаш
Калктын баары тең келди.
Кундакта кеткен Семетей
Кайрылып келип эл көрдү.
Кудурет өзүң сакта деп,
Куюктурбай пендеңи.
Агаин сени көрдүм деп,
Айыл-апа, жергемди.
Сары улакты кактырды.
Садаганы чаптырды.
Жанагынын баарысын
Байдын уулу кан Бакай
Айтканындай так кылды.
Манастын уулу жетимге
Бар кызматын ак кылды.
Конок кылып тай союп,
Кондуруп үйгө жаткырды.
Ат өргүтүп ал күнү
Абыдан уйку кандырды.

318.
Эки түнөп Семетей
Эл кабарын сурады.
Эңсеп келген тууганга
Учурашпай турабы.
«Чоң атама - Жакыпка
Чоочуркабай барайын.
Абыке, Көбөш агама
Байтайлакты кошуп бер
Амандашып алайын.
Бакай ава, маакулбу?
Бастырып элди чалайын.»
Семетей мындай дегенде
«Айланайын кулунум,
Эрдигиң бар да, эсиң жок.
Эчтеме менен ишиң жок.
Энеңдин сөзүн эстечи!
Эртелеп барар кезиң жок.
Кан Жакып сени көрө албайт,
Кастарлап тосуп ала албайт.
Абыке сени көрө албайт,
Ардактап тосуп ала албай.

319.
Көбөш сени көрө албайт,
Көңүлүн сага бере албайт.
Колунан келсе эки кул
Козу союп коноктоп,

Тууганым келди дей албайт.
Атаңдан калган сан буурул
Арамдардын колунда.
Аа кошулуп сегиз мүлк
Эки кулдун тобунда.
Кокуй энең Накылай
Көр Көбөштүн койнунда.
Арыз, акыңдын баарысы
Агаларың мойнунда.
Аман жүрсөң кулунум,
Авакең болор оюңда.
Ат өргүтүп жата тур
Акылын өзүм табамын.
Ашыгышта не пайда
Өзүм бүгүн барайын.
Сүйүнчүлөп калайын.
Сүйүнчү менен күйүнчүн
Сөзүнөн байкап чалайын.

320.
Чын сүйүнгөн эл болсо,
Өзүңө ичи кең болсо,
Абыке, Көбөш агаңа
Агайын керек эл болсо,
Аттанып өзү жабышат.
Арзып келген иним деп.
Аваңкынан табышат.
Айтып келем сөзүмдү
Байтайлакты ээрчитип,
Кошуп берем өзүңдү.
Санаалары тар болсо.
Арамдыгы бар болсо.
Жеке бийлеп элиңди
Желигип жаткан жан болсо,
Кеңешип акыл табабыз.
Камынып алып барабыз.»
Деп ошентип кан Бакай
Карылык кылып келатты.
Как ушундай деп айтты.
Анда туруп Семетей
Курчтук кылып кубарып,
Куутумшук бала чыйралып,
«Койчу аваке, кегиңди.
Коркутайын дедиңби?

321.
Чоркок айттың кебиңди,
Чочутайын дедиңби?
Сүйүнчүлөп баргындай,
Сүйүнчү жыйнап алгыдай
Сүт эмди бала мен эмес.
Сурамчы кедей сен белең?
Арага киши салгыдай
Атасы душман мен белем.
Арачым ава сен белең?
Чоң атам көзү турганда,
Чочунуштан не пайда.
Аталаш агам турганда
Айбыгыштан не пайда?
Букардан эл деп мен келсем,
Бул жерден коркуп сенделсем.
Туубай туна катпаймбы,
Тынч эле үйдө жатпаймбы.
Байтайлакты кошпосоң
Барбай коркуп каламбы?
Бар кылса да, жок кылса
Бир Алда билет адамды.
Тобокел деп аттандым.
Токтолуп мында жатпаймын.
Күйөөдөн бетер жашынып,
Күлүстөн башым катпаймын.

322.
Алда деп үйдөн аттандым.
Ат өргүтүп жатпаймын.
Айылчы катын өңдөнбөй
Алтын башым катпаймын.
Жоолашар болсо жоолаймын,
Атамдын малын доолаймын.
Урушса уруш саламын
Ургачыча таяк жеп,
Уялып кантип каламын.
Сыйлашса мен да сыйлаймын,
Улуунун тилин кыйбаймын.
Жакып кан менин чоң атам
Жатта өскөндүк кылбаймын.
Алал-арам экенин
Аралап жүрүп сындаймын.» –
Деп Семетей оолугуп,
Аттануугa доорyгуп,
Баралы бүгүн дегенде
Бакайды сыйлап соолугуп.
Ат токунуп камданып,
Ар жарагын байланып,
Авам кошо барат деп.
Ал сөзүнө байланып

323.
Көптөн бери бара элек,
Көрүп кабар ала элек.
Көкчолокту токутуп,
Көкжал Бакай шайланып,
Муна ошентип эр Бакай
Дегдеп турган баланы
Жибербейин жалгыз деп,
Жалгыз барса болбос деп,
Ниети жаман эки кул
Ары-бери сөз айтса
Балалык кылбай койбос деп.
Өзү кошо аттанып,
Өкөөнүн көөнү шаттанып,
Өчөгүшкөн кулдардан
Өткөрө Бакай сактанып.
Кең-Кол ылдый бастырып,
Кеп салып көөнүн шат кылып,
Кең пейилдүү чунакка
Кеп үйрөтүп жат кылып.
Таласты бойлоп жол басып,
Далайдан берки сөздү айтып.
Талаша албайт мүлктөрдү
Таап берем алтын деп айтып.
Көрүнө көзүм кысамын
Көркоого койбо кылайтып.

324
Тайбуурулуң жолукса,
Таалайлуу балам, минип ал.
Аколпогуң көрүнсө,
Аялдабай кийип ал.
Жойболот көзгө чалдыкса,
Жоопсуз белге илип ал.
Айтканымдын баарысын
Арыстан уулум билип ал.
Атаңдан калган мүлк ошол.
Авакеңдин тилин ал.»-
Деп ошентип эр Бакай
Жолду ката жобурап,
Жомок кылып кобурап.
Бек сыйынып Кудайга.
«Медет бер!» деп арбакка.
Беренден калган перзентти
Пейили бузук кулдарга
Беттештирип бармакка.
Багын ачып баламдын

Падыша Кудай чын сакта!
Барк билбеген кулдардан
Басындырып аксатпа!
Шай колдогон эр Манас.
Жалгызыңды колдой көр!
Жаш жүрөгүн жазгантпа!

325.
Мунажат кылып Кудайга,
Муңун айтып арбакка,
Ичинен тилек бек тилеп,
Илгери муун жетимдин
Иши оңолсун деп тилеп.
Иттерден акын алса деп,
Илгертен жүргөн көп тилеп.
Чычкандын суусун кечти эле,
Шумкар-Таштан өттү эле.
Алдындагы эр Бакай
Өпөңдөтө желди эле.
Өзүң көргөн Үч-Кошой
Өкөө жакын келди эле.
Үч-Кошойдун Көлмөдө
Ээндеп жаткан көп буурул
Жылкынын четин көрдү эле.
Токтой калып эр Бакай
Азыраак кеңеш салды эми.
Кулак түрүп Семетей
Авасын карап калды эми.
«Кагылайын кулунум,
Калдайып жаткан көп буурул
Кан Манастын малы ошол.
Абыке, Көбөш агаңдын
Көлмөгө конот айылы ошол.

326.
Эл жайлоого чыгарда
Эзелден берки дайыны ошол.
Аяңдап бир аз кала тур!
Асмай тартым тура тур!
Шашкалаңдап барайын,
Сүйүнчү сурап калайын.
Туйгун барып түшпөстөн
Туугандык кабар салайын.
Көрө электе көзүңдү,
Уга электе сөзүңдү
Көбөштү сынап алайын.
Көрүмдүгүн бергин деп,
Ээрчитип кайра чабайын.
Аттан түшпөй келейин.
Артык сөздү дебейин.
Абыке менен Көбөштүн
Адалдыгын ченейин.»
Бакай мындай дегенде,
Бала макул деди эми.
Көк тулпар менен Бакай чал
Күпүлдөтө желди эми.
Көбөш кандын ордого
Көсөм Бакай келди эми.
Кан Көбөштүн ак ордо
Окчун тигип алыптыр.

327.
Эки-экиден пар кылып,
Кырк чоронун кырк буудан
Кыл аркандан кермеге
Кырка байлап салыптыр.
Ак ордонун ичинде
Дуулдаган дуу чыгат.
Түндүгүнөн буу чыгат.
Бакылдаган үн чыгат.
Барсылдаган күү чыгат.
Арак ичкен жыт чыгат.

Аксым сүйлөп сөз чыгат.
Аттан түшүп кирүүгө
Алда кандай кылат деп,
Абакеңден эс чыгат.
«Азыраак байкап турайын,
Айткан сөзүн угайын.
Абыдан булар мас болсо,
Жакыпка алып барайын.
Сүйлөгөн сөзү түз болсо,
Сүйүнчүлөп калайын.» -
Деп ойлонуп кан Бакай
Акырындап, асталап,
Аңдыгандай бастырып,
Табыш чыкпайт атынан
Такшалдырган маш кылып.

328.
Ордонун арка жагынан,
Оң капшыттын жанынан,
Кулагын салып калды эми.
Ошондо Көбөш күпүлдөп,
Оолугуп жаткан чагы эми:
«Ой, кырк чоро, кырк чоро,
Кырк чоро эмес, кырк жоро.
Ашык айтпай чыныңды айт!
Ашкере бышык сырыңды айт!
Коркпой, үркпөй чыныңды айт!
Кошомат кылбай сырыңды айт.
Байыры Манас барында,
Чалкып турган чагыңда,
Тулпар минип жоо сайдың.
Туу көтөрүп эр сайдың.
Жортуп барып мал алдың,
Жоодон талап бул алдың.
Жыл маалына тентидиң,
Жамалбады кемтигиң.
Анда жыргал бар беле?
Ордого жоро чогулткан,
Конок кылып олтурткан
Канда жыргал бар беле?
Жайы-кышы жоолашкан,
Жат элден акы доолашкан
Жанда жыргал бар беле?

329.
Атың семиз, өзүң тынч,
Айта турган сөзүң тынч,
Жайыт малың өрүштө,
Жаш, карысы өзүнчө.
Жайыттын малы короодо.
Жаш, карысы бүлүнүп,
Шерне менен жородо.
Өөдөсүнгөн киши жок,
Өзүнчө бийлик чородо.
Эмки кандай жыргал бар,
Байыркы менен эмкиден
Баркын туура сынаңар?» –
Деп ошентип Көбөш кан
Көпчүлүктөн сурады.
Көөкөрлөп арак ичкен эл
Көрүнөө айтпай турабы?
Туш-туш жактан бакырып,
«Көбөш кан!» деп чакырып,
Ээ-жаа бербей кеп айтып,
«Эмки жыргал.» – деп айтып,
Эртеги кеткен эр Манас
«Эрк берчү эмес такыр» деп,
Олтурган элдин көбү айтып.
Жортомун деп жарыктык
Жаткырчу эмес кылайтып.

330.
Алты ай кетип алыска,
Айла жок бизде калышка,
Жети ай кетип алыска,
Чара жок бизде калышка,
Ат ыргайдай болчу эле,
Бит торгойдой болчу эле.
Жоо сайып, олжо алсак да
Жамачы качан болчу эле.
Жайы-кышы жарыктык
Жайланып качан койчу эле?
Эми бизде жыргал көп,
Эркинче басып жүрмөк көп.
Нойгутка алман беребиз,
Андан башка чыр да жок.
Чубакты чоро кылам деп,
Жоо сайдырып алам деп,
Бээжинге казат салам деп,
Берендин баарын кырдырды.
Чубакты анда өлтүртүп,
Нойгутка бизди чыр кылды.
Чубактын куну түгөнбөй,
Жылыга алман жыйдырды.
Сайкал бизди коркутуп,
Сандаган малды жылдырды.

331.
Аргын менен ногойго
Акимдик кылып Кыз Сайкал
Азыраак бизди сындырды.
Андан башка чоңдукту,
Абыке, Көбөш каныбыз,
Адамдан бизге ким кылды?» –
Деп айтышып какылдап,
Жарыша сүйлөп бакылдап,
«Ырас-ырас ушу» деп,
Баарысы турду макулдап.
Ырамандын ырчы уулу
Ычкыры бапик кырк муун.
Ушу эле жерде бар эле
Үзүктөй калпак эр Шууту.
Сакалы куудай ак эле,
Ажыбай анда бар эле.
Ырчы уул менен Шуутудан
Алда канча кары эле.
Сүйлөйүн деп обдулду
Ажыбай кары дагы эле.

332.
Чыканак менен нукулап,
Астыртан сандан чымчылап,
Кыжыры келип кычырап,
Кың этпе деп чымчылап.
Кызып калган Ырчыуул
Карагай комуз алды эми.
Карсылдата чалды эми.
Кан Манастын жоругун
Кошуп айтып калды эми:
«Атаңдын көрү кырк чоро
Ай көл Манас барында
Кыркың болдуң кырк короо.
Ар бир суудa жатчы элең
Кыз, жигитиң бир жоро.
Атагың элге кетти эле,
Ар бириңдин айылың
Алты жүздөн болгондо,
Алай, Ак-Сай кетчи эле.
Адырга малың толгондо.

333.
Ат чаап үлүш берчү элең,
Жайлоого жапырт конгондо.

Жамбыдан жүктөп алчу элең,
Жан кур калбай олжоңу.
Айта турган кеп болдуң
Акырет кеткен Манастын
Арбагына чет болдуң.
Тузун актап Манастын
Турасын айтпай, не болдуң?
Жалгыз келген чорону
Топтуу кылды эр Манас.
Жармач келген чорону
Оттуу кылды эр Манас.
Жарды келген чорону
Малдуу кылды эр Манас.
Жакыр келген чорону
Алдуу кылды эр Манас.
Качып келген чорону
Калктуу кылды эр Манас.

334.
Тентип келген чорону
Барктуу кылды эр Манас.
Бойдок келген чорону
Баштуу кылды эр Манас.
Ачка келген чорону
Аштуу кылды эр Манас.
Жайдак келген чорону
Уйлуу кылды эр Манас.
Карыларын кыргыздын
Сыйлуу кылды эр Манас.
Жигиттердин баарысын
Баатыр кылды эр Манас.
Жүккө жыйган сандыгын
Алтын кылды эр Манас.
Мээлегенин көзгө атар
Мерген кылды эр Манас.
Бет алганын сулаткан
Шерден жыйды эр Манас.
Алмамбет, Чубак, Ырчыуулду
Эрден жыйды эр Манас.

335.
Аргымак берди минсин деп,
Ак ордо берди кирсин деп.
Сулууну берди алсын деп,
Кыраанды берди салсын деп.
Аракты озуп алдырды
Суусунуңар кансын деп.
Бууданды берди чапсын деп,
Бараңды берди атсын деп.
Кармашкан жоону жоготту
Калкым тынчып жатсын деп.
Наркескен берди кылычтан,
Найзаны берди куручтан.
Айкөл Манас барында
Алым алган бар беле
Ак калпактуу кыргыздан?
Калмактан олжо алчу элең,
Кара көз сулуу бир кыздан.
Кабылан Манас кыраандын
Арбагы урат силерди
Камкорлугун унутсаң.

336.
Абыке, Көбөш инисин
Калкалачу эле уруштан.
Качкан жоону куудурду
Каптаган жерин чуу кылды.
Олжого кыргыз мас болду.
Орустан алсаң аш болду.
Кыргыздын баары эр болду.
Кытай, калмак жем болду.
Кыраан Манас барында

Кылымга жан тең болду.
Кытайдан качып Алмамбет
Кыргызга келип эл болду.
Анжиан, Кокон, Маргалаң
Алман берип турчу эле.
Аттансаң жоону колоткон
Андагы кимдин күчү эле?
Абыке, Көбөш кандарым,
Аман көзүң ошо эле.
Агаң Манас султандай
Аялдан туубас киши эле.

337.
Барын айтып нетейин.
Баатыр Манас ноёндун
Баркын айтып кетейин.
Жомогун айтсам талысың,
Жоругун айтсам карысың.
Жоголуп кеткен баатырды
Бир ооз сөзүн айтайын.
Жолборстугун тааныйсың
Кеээ Ыргайдын кайкы белинде,
Көп нойгуттун элинде,
Тамашалап көрөм деп,
Тал түштө жылкы бөлөм деп,
Кайыптын кызы Сайкалдын
Жылкысын тийип турганда.
Балбансыган Кыз Сайкал
Баатырга найза сунганда.
Айып болгон Кыз Сайкал
Башым тартуу деп коюп,
Акыреттик Манаска
Зайып болгон Кыз Сайкал.

338.
Минген атың ток беле?
Ажыбай менен Шууту кул,
Өкөөүдүн көзүң жок беле?
Тартуга буурул тай берди.
Гүлазык деп чай берди.
Кыяматтык жар бол деп,
Кыз Сайкал сурап турганда
Кыраан Манас чай берди.
Кыз Сайкалдын алганы
Эр Чубактын куну эмес.
Кыжыры келсе Кыз Сайкал
Кылар иши бул эмес.
Каныкей качып кетти деп,
Каргадай жетим нетти деп,
Манастан калган жетимди
Бар экен деп турбайбы.
Тирүү келсе Семетей
Өзү келип Кыз Сайкал
Тим эле аким кылбайбы.
Эжемдин уулу келсин деп,
Бизди эркелетип турбайбы.

339.
Багынбай көрчү Сайкалга
Башыңды азыр жулбайбы.
Семетейди күтпөсө
Тайбуурул тартып албайбы.
Талкалап чаап элиңди
Таласка бүлүк салбайбы.»
Деген сөздү айтканда,
Көбөш карап калды эле.
Ырчыуулга көзүн салды эле.
Ырас айтат авам деп,
Абыке макул алды эле.
Ырчыуулдун айтканын
Көбөш жаман көрдү эле.
Уруп, тилдеп ийеалбай

Уятынан турду эле.
Жабалактап чыдабай,
Эшикке чыгып ордодон
Бакайды көрдү үңкүйгөн.
Боз күбөсү көлкөйгөн.
Түндүк бакан колго алып,
Тумакка чапты дөмпөйгөн.

340.
Көбөш чыгып кеткенде
«Күп» дей түштү бир табыш.
«Чунак! Как баш!» дегендей
«Дүп» дей түштү бир табыш.
Абыке билип чуркады
«Аксым Көбөш чапты ээ?» деп,
«Ачуусу келип турду эле,
Ажалды бир жан тапты ээ?» деп.
«Ким болсо да куурагыр
Кудайга датын айтты ээ?» деп.
Чыга калып караса,
Бакай жатат жыгылып.
Башынан канын агызып...
Көбөш нары кетиптир,
Кол салбаптыр кайрылып.
Абыке келип караса,
Аппак сакал Бакайдын
Башы калган айрылып.
Кудай урган Көбөш деп,
Абыке калды кайгырып.

341.
«Сабыры жок ит Көбөш,
Салмаксын го жай кылып.
Күндө мында келбеген,
Келгениңди көрбөгөн.
Жылда мында келбеген,
Жыргалыңды көрбөгөн.
Бакайдын бүгүн келгени
Бу келиши соо эмес.
Бакай оңой жоо эмес.
Бу келиши тим эмес
Бир кубаныч болбосо,
Бизге келер күн эмес.» –
Деп Абыке жемелеп,
Дүрбөлөңдөп калды эми.
Үйдө олтурган чоролор
Эшикке кулак салды эми.
Абыке барып сабылды,
«Авакелеп!» жалынды.
«Баш айрылса, бөрк жабат,
Кол сынганда жең калат.

342.
Ак сакалын сыйлабай
Акылы чоркок ит чабат.
Мурафы сиздей карыны
Издеген менен ким табат.
Башыңды көтөр, аваке,
Бар беле үйдө данакер?
Мен тартумун, Бакай кан,
Медер кылган авам сен.» –
Деп Абыке айтканда.
«Абыке балам, сүйүнчү!
Душманга болсун күйүнчү!
Томуктай жалгыз келиптир.
Тон, өтүгүң кийинчи!
Манастан калган чунагың,
Баатырдан калган тырмагын
Сүйүнчүлөп келгемин.
Түшөйүн деп тургамын.
Токтой калып мен уктум
Ырчыуулдун ырларын.

Билбей калдым Көбөштүн
Көргөндү мындай кыларын.

343.
Эшиктен доош салууга
Элден ыйбаа кылгамын.
Бакай мындай айтканда
«Бабедин!» деп бат айтып,
Ай туякка ат айтып,
«Айланайын, авакем,
Асылзаада нур Мекен.
Тилегиң Кудай бериптир,
Жетимиң аман келиптир.
Айкөлүңдүн жалгызы
Айылын аман көрүптүр.
Сүйүнчүңө ат берем,
Сүйрү өркөчтүү төө берем.
Крооңо салып кой берем
Комутуңа бой берем.» –
Деп ошентип Абыке
Карбаластап камынып,
Кабыландын жалгызы
Каргадай иним келтирип
Бир көрсөм деп салыптыр.»

344.
Этек, жеңи элбиреп,
Эс-акылы делбиреп,
Чыны менен сүйүнүп,
Шашып-бушуп кийинип,
«Кагылайын аваке,
Эси жок Көбөш мас болуп,
Кокус чаап ийиптир.
Кополдук кылып иниңиз
Ачууңузга тийиптир.
Билбей чаап салыптыр,
Кусуруңа калыптыр.
Алдыңызга жыгамын,
Аны айыптуу кыламын.
Семетейге көрсөтпөй
Аваке, бүгүн чыдагын.
Калкына жаңы келиптир,
Капа болуп калбасын,
Каралдыбыз чунагың.
Башынын канын жууду эми,
Данакер салып бууду эми.

345.
Тууганстынып кеп айтып,
«Туурабы, аке!» деп айтып,
Күнөөлүү болуп калдык деп,
Күйүп-бышып көп айтып.
Кош колдоп кымыз сунду эми.
Кошомат сөздөн урду эми.
Кан Бакайды аткарып,
Катын, бала, кары, жаш
Каз-катарлап турду эми.
Кырк чоронун баарысы,
Кыялы бузук карысы,
Кыйгач кетип калыптыр
Үчөнөн башка жамысы.
Ырамандын Ырчыуулу
Ычкыры папик кырк муун
Ушул чапты аттанып.
Үзүктөй калпак Шууту кул
Бул калыптыр шаттанып.
Карып калган Ажыбай
Ал калыптыр бул жерде
Айкөлдөн калган мүлктөрдү
Абыке, Көбөш – эки кул
Кокус, катабы деп сактанып.

346.
Булардан башка чоролор
Манасың менен иши жок.
Семетейин көрсөк деп,
Анын баркын билер киши жок.
Абыкенин жоросу,
Көбөш кандын чоросу
Казактан качып келген бар,
Нойгуттан ооп жүргөн бар.
Шыгай кандын элинен
Чыйбыл, Кочкор, Түгөл бар.
Көбөш канга чогулуп,
Жоро болуп кирген бар.
Бакайдын башы айрылды.
Аны көрүп баятан
Абыкеси кайгырды.
Сүйүнчү келген кишини
Башынан канын агызып,
Көбөш кан бекер жаңылды.

347.
«Бакайы даттап барабы
Манастын уулу Семетей
Ачуусу чукул балабы?
Атасын тарткан эр болуп,
Азыр уруш салабы?
Же арачачы боло албай,
Же Абыке, Көбөш бектердин
Аймагы болуп кире албай,
Бөөдө чырга калбайлы.
Дөө Манастын уулунан
Майып болуп албайлы.
Көбөшү калды корголоп,
Абыке калды Бакайга
Тууганбыз деп жорголоп.
Карыганда Бакайдын
Башы айрылып Көбөштөн
Каны кетти шорголоп.
Турбайлычы бул жерге
Кеткенибиз оң болот.

348.
Уруш чыкса кокустан
Өз башыбыз кор болот.
Бир атанын балдары
Мейли кимиси өлүп сомдолот.» –
Деп сүйлөшүп чоролор
Кермеден атын чечиптир.
Кеңешин мындай дешиптир.
Семетейдин сүрүнөн
Коркуп качып кетиптир.
Манасты көргөн чоролор
Баланы тозуп калыптыр.
Ажыбай менен Шууту кул
Айылды багып сыртынан
Аларды байкап алыптытыр.
Ырамандын Ырчыуулу
Кан Бакайдын артынан
Чапкан бойдон барыптыр.
Семетей чунак Бакайды
Көп кечигип калды деп,
Кыйла сөзгө салыптыр.

349.
«Сүйүнчү сурап кетесиң,
Ава, сурамчы болгон экенсиң.
Тең барбай чаап кетесиң,
Ава,тилемчи болгон экенсиң.
Талаага жалгыз таштайсың,
Дайыны жок ишти баштайсың.
Тууганыңа барганда
Жолдошум бар деп шашпайсың.

Мынтип жүрсөң аваке,
Бир балаага баштайсың.
Кайындап жүргөн күйөө жок,
Мени капыс жерге таштайсың.
Мени бала экен деп ойлойсуң.
Барба десем болбойсуң.
Кылган ишиң бул болсо.
Өзүң мактап жаткан Манаска
Кантип жолдош болгонсуң?
Башбактатып бул жерге
Мени баладан бетер ойнойсуң.»

350.
Семетей мындай дегенде,
Байдын уулу эр Бакай
Башындагы малакай
Бачым жулкуп алды эле,
Данакер салган жарыкты
Балага сунуп калды эле.
Кашкайган айрык жарыкты
Семетей тиктеп үрпөйүп,
Кабагын чытып бүркөлүп,
Жарыкка көзүн салды эле.
Анаңгыча Ырчыуулу
Чапкан бойдон барды эле.
«Кагылайын каралдым,
Канымдан калган Сары алтын,
Көк түйүнчөк ичинде
Көңүлүм ачар канатым.
Жонумдагы ичигим,
Жолборстон калган күчүгүм.
Тулпардан калган туягым,
Туйгундан калган тынарым.

351.
Текөөрү болот кырааным,
Тепкенин ойрон кылаарым.
Манастан калган тырмагым,
Барктуу алтын чынарым.
Баабедин, Кызыр кол жайган
Батадан бүткөн чынарым.
Кара кыргыз элине
Караңгыда чырагым.
Кең-Кол, Талас жерине
Кебелбес бийик мунарым.
Кеткеним келип калыптыр,
Жазылагөр кумарым.
Кучактап туруп өбөйүн
Курбатыңды көрөйүн.
Кусалуу болгон авакең
Курман болуп өлөйүн.»
Ушуну айтып Ырчыуул
Атынан кулап түштү эле,
Бүчүлүктү үздү эле.
«Ырчыуул аваң ушул.» - деп,
Бакай сөзүн бүттү эле.

352.
Кучакташып көрүшүп,
Кусалуу дартын бөлүшүп,
«Каныкей аман барбы?» – деп,
Кайра сөздөн келишип.
Ырчыуул, Бакай аттанып
Кичи пейил эр неме
Аваларын аткарып,
Жанакы сөздүн башынан
Кайра түшүп эр Бакай
Дагы кирди даттанып.
Семетей анда кеп айтып,
«Коё тур ава!» деп айтып.
Айрылган башты көргөндө,
Ардыкканын эми айтып.

Кайрат берди Бакайга
Катар жүрүп келайтып.
«Агасын урса иниси
Акылсыздын белгиси.
Карысын урса иниси
Каадасыздын белгиси.

353.
Кезек эки, Кудай бир,
Кечирип кой, аваке!
Кесири болсо өзүнө
Эскерип кой аваке.
Арак ичип алгандыр,
Же абайлабай калгандыр.
Айылына киши жолотпос,
Же абийри жок адамдыр.
Абышканы көп урса
Же ааламды жыкчу балбандыр.
Жаман-жуман кишиче
Жараңды мага сунганың,
Аны кайдан билейин,
Айтканыңа карасам
Ал да өзүңдүн тууганың.
Өкөбүз бирге барууга
Өзүң мени муунадың.
Сын-сыпатын көрө элек
Сыйбайт го өкүм кылганым.

354.
Ким мекиян, ким короз
Аваке, өзүң сындагын.
Көрүшө элек эл менен
Көп сүйлөп душман кылбагын.
Күнөөң бардыр, аваке
Көрөрбүз сенин кылганың.
Эшиктен тыңшап угупсуң
Бул кишинин ырларын.
Айып болуп калгандыр
Аттан түшпөй турганың.»-
Деп ошентип Семетей
Актулпар менен даңкайып,
Атасы Манас өңдөнүп,
Арбагы сүрлүү заңкайып,
Бозум шумкар төштөнүп,
Болук чунак балкайып,
Айылга жакын келди эми.
Адамдын баары көрдү эми.
Алдыга чуркап Накылай
Аякка куйган суусу бар.
Айлантып баштан төктү эми.

355.
Абыке чуркап балкаңдап,
Көбөшү кошо талпаңдап.
Абышка, кемпир ыйлашып,
Алардын башы калтаңдап.
Жеткени жеңден алышып,
Жетимди көрүп жабышып.
Көзүнөн бурчак жаш кетип,
Көңтөрүлө барышып.
Чылбырлап аттан түшүрүп,
Күтүрөп аттан алышып,
Шооруктун кызы Накылай
Маралдай көзү жоодурап,
Башайы көйнөк шоодурап,
Баласын өөп кучактап,
«Барбы энекең?» деп сурап.
Кайта-кайта жалынып,
Каныкейди көп сурап.
Абыке жашын арта албай,
Ашыгып сөзүн айта албай,

356.
Бакайды чаап койдум деп,
Кан Көбөш жакшы бата албай.
Чыны менен ыйлашып,
Чымындай жанын кыйнашып,
Букардан келген жетимди
Булар турду сыйлашып.
Тууган деген ушу деп,
Тура албады чыдашып.
Сары улакты алдырып,
Садаганы чаптырып.
Адептүү өскөн экен деп,
Адамдын баары жактырып.
Абыкеде ал калбай,
Абыдан кызмат ак кылып.
«Аман келдиң каралдым,
Аламын деп бак кылып.
Алыс кетип калганда
Артыңдан тилеп турганмын,
Алдага жаның тапшырып.
Башында акмактык кылып кой-
гонбуз
Апаңа бир аз так кылып.

357.
Энесинип Накылай
Элбир-делбир сүйүнүп,
Эшикке туруп калды деп,
Эшик ачып кийирип,
Көбөш кошо барбаңдап,
Туугансынып дардаңдап.
Алты канат Акордо
Адам калбай кирди эле.
Алып келчи аркыт деп,
Арак куюп сунду эле.
Аксакал Бакай авасы
Албай карап турду эле.
Накылайдын колунан
Аякты семең алды эле.
Албай турган Бакайга
Семетей сунуп калды эле.
«Жоголгон жогуң табылды,
Жолуңдан чыгып кабылды.
Жутуп жибер аваке,
Журтуң сизге зарылды.

358.
Тентип жүргөн мен келдим,
Он эки жылы Букарда.
Телчиге албай сенделдим
Тегибиз бирге болгон соң,
Көрөйүн деп келгемин.
Буюгуп жүргөн мен келдим,
Муңумду угар тууган жок.
Муунум кирбей сенделдим.
Улууну сыйлап бата алып,
Турайын деп келгемин.
Аяк алып колума
Сунайын деп келгемин.»-
Деп Семетей айтканда.
Ыраазы болуп өзүнө,
Маашыр болуп сөзүнө,
Аякты Бакай алды эле.
Аракты ичип канды эле.
Жалынып жарпы жазылып,
Абыке сөздөн салды эле:
«Кагылайын Семетей,
Кара жаным садага.
Садага дебей не дейин
Карааным сендей балага.

359.
Жакшы жанда жалуу жок,
Жамандарда каруу жок.
Жалгызым аман келипсиң
Жаратканга көөнүм ток.
Ушинтип өтөт турбайбы
Ушаланган дүйнө бок.
Кечээ арыстан атаң өлгөндө,
Алда Таала Кудайдын
Аманатын бергенде,
Ээси кеткен мал жаман.
Энеси өлгөн кыз жаман.
Атасы өлгөн уул жаман.
Эри өлгөндө тул жаман.
Башчысы өлгөн журт жаман.
Байы өлгөндө кул жаман.
Эми Манас өлдү деп,
Бизге кезек келди деп,
Малына колду салганбыз.
Байкабастык кылганбыз.
Булуна колду салганбыз,
Билимсиздик кылганбыз.

360.
Жесирлер калды алсак деп,
Жетишкенсип калсак деп,
Арачы салып калганбыз
Ашы-жытын бербестен
Акылсыздык кылганбыз.
Билгенин айтса Каныкей
Билектен кармап урганбыз.
Бейжайлык кылып жатат деп,
Душман көрүп турганбыз.
Ал убакта Каныкей
Акылын жакшы айткан жок.
Арамдар мага теңби деп,
Аксымдык сөзүн тарткан жок.
Аталаш тууган экен деп,
Же ачуусунан кайткан жок.
Кулдарга башым ийбейм деп,
Кутурган итке тийбейм деп,
Арам сийдик кулдарга
Тиймек турсун сийбейм деп,
Аксакал барса күүлөндү.
Акаарат айтып сүйлөндү.

361.
Туугансытып койбоду,
Айкөлүнүн барындай
Кулдантсам деп ойлоду.
Жаман сөздү уккан соң
Жан ачынып катылдык.
Жат душмандай асылдык.
Жоошутабыз деп туруп,
Эр кыялдуу бейбакка
Баатырдан калган өзүңдү
Букарга ала качырдык.
Кабылан атаң өткөн соң,
Каныкей качып кеткен соң,
Таластын Айы баткандай,
Тал түштө туман жапкандай,
Кыраан атаң жок болуп,
Кыргызды кытай чапкандай,
Кең-Колдун күнү баткандай,
Кеч кирип туман жапкандай,
Берен атаң жок болуп,
Бейпайды кыргыз тарткандай.
Көргүм келбей Кең-Колду,
Көргөнгө уят болдук деп

362.
Көкжалдан калган туякты

Көрбөй калыш кордук деп,
Жеңесине чандырган
Жетимин бакпай качырган,
Кетиптир бизден каталык
Кесип алсаң баш мына.
Кечиргин иним, айталык
Арытбадым тулпарың,
Аманат турат шумкарың.
Багып турам малыңды,
Сактап турам өлкөңдү.
Кандай кылсаң, каралдым,
Көздөп алгын журтуңду.
Жайылып жаткан мал мына.
Чалкайып турган үй мына.
Кесер болсоң баш мына.
Келер болсоң калк мына.
Алар болсоң жан мына.
Төгөр болсоң кан мына.
Аман келдиң. каралдым,
Ага кылсаң биз мына.

363.
Ушу олтурган Бакай кан
Карылык сөзүн айтпады.
Каныкейди жактады.
Аталаш эле булар деп,
Же арадан акыл таппады.
Авамдын көзү мынакей,
Он эки жылдын бери жакка
Айылга бүгүн каттады.» –
Деп ушинтип Абыке
Алыстан келген жетимге
Арыз, абалын айтканы.
Ушул сөздү айткан соң
Манастын уулу Семетей
Түгөнөт десе түтөгөн,
Түбүнөн бери күчөгөн.
Улут десе өрчүгөн.
Өзүн Кыдыр ээрчиген.
Кара койдон ирик тууган,
Кан чеңгел койдон түрк тууган.
Жумурткадан ак тууган,
Бир атадан так тууган.

364.
Боору кара, сырты көк
Бозум шумкар үндөнүп,
Кабагы бийик, кара сур
Кабыландын тукуму.
Качырган жолборс түрлөнүп,
Көөкөрдөгү аракты
Көңтөрө жутуп шимирип,
Сабада саамал кымызды
Санап туруп бүт ичип,
Суусуну канып нымыгып,
Абыкенин сөзүнө
Азгана көөнү сыныгып,
Жер тиктеген Көбөштү
Жеп ийчүдөй кызыгып.
«Ал айтканың макул сөз.
Абыке, тур!» – дейт,- сөз угуп:
«Эри өлгн катын ээликчү,
Эси жогу жээликчү.
Эптүү болсо кайниси
Эбин таап жеңенин
Эт-беделин ээритчү.
Жесир жакшы болгондо
Жерин таштап качабы?
Ини жакшы болгондо
Аганын малын чачабы?

365.
Кайни-жеңе кас болуп,
Жетим калган чунактын
Абийрин журтка ачабы?
Букарга мени тентиткен
Бул себепти кимге айтам?
Кыргызды сартка кул кылган
Кылмыштууну өзүң тап.
Кыйырыма жаңы келайтам
Аза жанса Каныкей
Азыр алып беремин.
Арыз уккудай жайым жок,
Аралап элди көрөмүн.
Чоң атам Жакып кан кайда?
Көп турбай анда жөнөймүн.
Аколпок кайда? Кийемин.
Айтканыңа киремин.
Тайбуурул кайда? Минемин.
Тилиңден чыкпай жүрөмүн.
Жооң болсо жоолаймын.
Дооң кимде? Доолаймын.
Малыңа салсаң багамын.
Бар акылың табамын.
Кылычың бергин чабамын.
Кызматым менен жагамын.

366.
Абыке, Көбөш, силердей
Аганы кайдан табамын.
Иниси кызмат кылуучу,
Силердей султан аганын.
Жок-житигин таап берем,
Жоголгон мендей баланын.» –
Деп Семетей айтканда
Ак сакалын жайкаган,
Ал ойдун ичин байкаган,
Ак ниеттүү эр Бакай
Жүккө көзүн салыптыр,
Жүккө жыйган Аколпок
Этеги чыгып калыптыр.
Муну Бакай тааныптыр,
Керегенин башынан
Абалак саптуу Жойболот
Сабы чыгып калыптыр.
Аны Бакай тааныптыр.
Сыйпалап көзүн чукулап,
Жанындагы чунакты
Чыканак менен нукулап,
Көзүн шилтеп эр Бакай
Көрмөксөн болуп алыптыр.

367.
Семетей мындай дегенде,
Абыке тердеп жүдөгөн.
«Ашыктай жетим деп жүрсөм,
Ак сакалдуу карыдай
Нарктуу сөздөн сүйлөгөн.»
Деп ойлонуп турганда.
Көөсүр курган Көбөш кан
Кошомат айтып салды деп
Абыкени сүйбөгөн.
Бакайды байкап Семетей
Кыдырата караса,
Бакай канды абайлап,
Эмине деп санаса,
Этеги чыккан олпокту
Ээгин сыйпап көрсөтөт.
Сабы чыккан кылычты
Сакалын сыйпап көрсөтөт.
Тура калып Семетей
Аколпок сууруп алды эми.
Аны ийнине салды эми.

Керегенин башынан
Жойболотту алды эми.
Кынай белге чалды эми.

368.
Көрүп турган Көбөш кан
Көңүл улап сөз айтып:
«Кутту болсун, иним!» – деп,
Күлүмүш болуп калды эми.
Атаң кийген Аколпок
Ардагым сага чак Олпок.
Анык таптың өзүн деп,
Сүртүп койсо мем көзүң деп.
Атаңдын колу кармаган
Жойболот таптың өзүң деп.
Аа да сүрүшкөн көзүң деп.
Аманат турган мүлктөрүң
Азр тапты ээсин деп.
Алакан жайып, кол сунуп,
Ийгиликтүү болсун деп.
Атакеңдин арбагы
Айланып сага консун деп.
Абыке, Бакай кол жайып,
Адамдын баары мол жайып.
Ак батасын берди эми.
Аколпок кийсе чак келди.
Айдалысы бап келди.
Өзүнө бою тең келди.
Туурасы бир аз кең келди.

369.
Аны көрүп кан Бакай
Арбак өзүң жар бол деп,
Абыдан бою демденди.
Айкөлдүн уулу чунагың
Аколпокту курчанып,
Айдай бети нур чалып,
Кылычты кынай байланып,
Кыргый куштай шайланып.
Кыдырата турган эл
Кыраанды карап таңданып.
Акыл ойлоп толтуруп,
Тизе бүгүп олтуруп.
Эр Семетей кеп айтып,
Эки акем уккун деп айтып
Эр эркелеп жатамын
Жаман көрүп койбоңор
Ээн баш өскөн экен деп
Мага капа болбоңор.
Алтын баштын барында
Аколпок берем тиктирип.
Акболот берем соктуруп

370.
Манастан калган сегиз мүлк
Абыке, Көбөш саа белек.
Эскирип калган буюмуң
Эми болсун маа белек.
Аманат сактап турупсуз
Жетимим аман келер деп.
Тайбуурул кайра минейин,
Кандагай кайра кийейин.
Агаларым барыңда
Алчактап ойноп жүрөйүн.
Бозкисе белге чалайын,
Акшумкар колго салайын.
Букарлыкка мактанып,
Тууганы бардай барайын.
Аккелте берчи атайын.
Атагың элге чачайын.
Сырнайза берчи колума
Карылыка асайын.

Жол кайтарып, жер жайлап,
Жооңду көрсөм жанчайын.
Жоготпой сактап берди деп,
Өзгө, жатка айтайын.
Айкөлдүн уулу түрлөнүп,
Жарыктыгым- чоң атам
Бүгүн Жакыпка конуп жатайын.»

371.
Деп Семетей айтканда,
Абыке туруп күлүңдөп,
«Ардагым Семем иним» деп,
Тайбуурулуң өрүштө
Билбеймин бүгүн келишсе.
Келгениңди билиндир
Мал да болсо жарыктык
Бар эле анда перишге.
Жаныбарым Буурулум
Жарым айча келчү эмес.
Жылкы ичинде жүрчү эмес.
Быйылкы жылы жаныбар
Жети күндө, он күндө
Желеге ойноп көп келет,
Бээлердин баарын кыдырып
Баштакыдай көп эмес.
Атаң баатыр өлгөндө
Алдына салып он төрт ат
Айгырча айдап кубалап,
Төргө чыгып кетчү эле.
Кийик менен аралаш
Мөңгүлөрдө жүрчү эле.
Кумга кирип кетчү эле,
Кулан менен жүрчү эле.

372.
Жайынкысын болгондо,
Жалын чыңдап эт албайт.
Төрт аяктын даакысы
Шыйрагынан кете албайт.
Кышынкысын болгондо
Чучук ала семирет.
Жылкыга такыр жолобой
Кайып болуп элирет.
Аралашып кишиге
Асканы көздөй жээлигет.
Он эки жылдан бер жакка
Адам тердик сала элек.
Ок менен атып албаса
Окчун кетет айдатпай.
Жанына киши бара элек.» –
Деп Абыке айткыча
Жылкычы баш Карагул
Кирип келди мына бул.
Баш жагында желенин
Жатат деди Тайбуурул.
Бүгүн жылкыга келди дейт.
Тайдан бетер жаныбар
Бээнин баарын эмди дейт.

373.
Карагулдан кеп угуп,
Как ушундай деп угуп.
Ордодогу калың эл
Ордунан турду дүркүрөп.
Манастын уулу Семетей
Баштап чыкты күркүрөп.
Даңдылуу тулпар Буурулду
Көрсөм деген бир тилек.
Ажыбай , Бакай, Ырчыуул
Абыке, Көбөш, Шууту кул
Семетейдин артынан
Кошо басты Карагул.

Ой-тоонун жүзүн бербестен,
Жайылып жатат тумандап,
Ойрондон калган көп буурул.
Желенин башын караса,
Он төрт күлүк ат менен
Окчун жатат жаныбар,
Орошон күлүк Тайбуурул.
Кыбыланы баштанып,
Койдой дүмүр жазданып.
Төрт аягын суналтып,
Тал жибектей куйругун
Жая таштап чубалтып.

374.
Короздой мойну сунулуп,
Айнектей көзү жумулуп,
Чарадай туяк барпайып,
Таноосу жеңдей дардайып.
Катыңкы саргыч даакысы
Кабыргасы каржайып.
Көкүлү жибек үлпүлдөп,
Көшүлүп уктап жатыптыр.
Көөдөндө тамыр түрсүлдөп,
Муну көрүп Семетей,
Манасты көргөн немедей,
Токтото албай жүрөгүн
Түрүнгөнсүп билегин,
Наалдуу өтүк накери
Акырын таштап, бек басып,
Нардай болгон Буурулду
Кармайынчы деп басып.
Жакын келип калганда
Табышты угуп солк этип,
Таноосун тартып  күрс этип.
Өрдөктөй мойну койкоюп,
Ормоё түшүп кошкуруп...

375.
Куйругун арстай көтөрүп,
Кулагын жездей чөгөрүп,
Тээп ийчү немедей,
Тулпар Буурул жөнөлүп,
Кылчайып тура калды эле.
Кармайын деп камынган,
Казанат аты табылган,
Канкордун уулу чунагың
Кабарын угуп сагынган,
Качып берген Буурулга
Каары келип калды эле.
Алаңгир жаа, сыр жебе
Ашыгып колго алды эле.
Атып салам итти деп,
Оңтойлоду жааны эми.
Көрө коюп кан Бакай
Аюудай ачуу акырып,
«Айланайын Семетей,
Токтой тур!» деп бакырып,
Жаасын кармап чунактын
Жалбарып сүйлөп ашыгып,

376.
«Сабыр кылгын кулунум,
«Так!» деп катуу унчуккун.
Он эки жылы кармалбай,
Оюу менен жүргөн ат.
Ушу бүгүн өзүңдүн
Келериңди билген ат.
Өргүмүш болуп жатпайбы,
Үстүнө чыкпай адамзат.
Колуңду сунуп унчугуп,
Каралдым Семем эми бас.
Санына камчы тийбеген,

Атаңдан башка минбеген,
Периштелүү мал эле
Бейдаарат киши жанына
Беш аркан бою жүрбөгөн» –
Деп авасы айтканда.
«Так!» жаныбар, Буурул» деп,
Так ошондо тургун деп,
Анык кайып мал болсоң,
Атамдан калган сен болсоң,
Мойнуңду бери бургун деп.

377.
Атасындай арбайып,
Аколпок менен дардайып,
Арыстандан калган жетимиң
Арылап басты залкайып.
Жаныбарым Тайбуурул
Манастын үнүн уккандай
Балбылдап көзү коюлуп,
Окуранып сунганда
Мойну кулач чоюлуп,
«Улутунуп» калды эми.
Ээсин таанып, бой уруп,
Манастын уулу Семетей
Маңдайынан сылады.
Көрүп турган далай эл
Көзүнөн жашы кулады.
Көк жалдан калган чунагы
Кармаса Буурул бууданды
Ажыбай, Бакай, Ырчыуул
Арбагы тирүү баатырдын
Абыке, Көбөш тууганы
Акылай. Шууту, Карагул
Ат ээсине келгенге
Алар да кошо ыйлады.

378.
Нөкөрү түйгөн ак нокто,
Тайбуурулга чак нокто,
Карагул алып жүгүрүп,
Ачкүсөндөй бүгүлүп.
Аттын ээси келди деп,
Ак сакал Бакай сүйүнүп.
«Атың куттуу болсун!» деп,
Абыке кошо жулунуп.
Тоодой Буурул ат кармап,
Токунууга ыкчамдап,
Жардай Буурул ат кармап,
Жал, куйругун куп сылап,
«Сары жүнү түшпөптүр
Бул эмнеси?» деп сылап.
Жанына кынай жетелеп,
Жалгыздыгын ойлонуп,
Жашооруп чунак муңайып,
Жашыганы кете элек.
Капасын элге билгизбей,
Кабагы жарык энтелеп.
Калган мүлкүн алууга
Кайрадан үйгө жетелек.

379.
Тайбуурулга салды эми.
Алып келип Буурулду
Абыдан суугa жуудурду.
Арбакка атап дуба окуп,
«Колдой көр,- деп,- уулуңду!»
Алдыңкы кашы карк алтын,
Арткы кашы чылк күмүш,
Эки каптал эн темир
Эптеп кылгын Акканкы,
Тайбуурулга чак Каңкы,
Актулпардан алды эми.

Ак тердик алып которуп,
Тайбуурулга салды эми.
Акканкы токуп салган соң,
Periштелүү Буурулга
Бек жарашып калды эми.
Куюшканы куйма алтын
Куп жарашып калды эми.
Анангыча болбоду,
Аяңдабай Семетей
Аттанчудай болжолу.
Аны көрүп Көбөш кан
Накылайды чакырып,
«Байкадыңбы, байбиче?
Сагынган балаң Семетей
Келди десем конголу

380.
Аттанчудай көрүндү.
Конбой кетсе аттанып,
Сыйлабайт го көөнүңдү?
Колум тийди Бакайга
Кантебиз ушул өөнүмдү? –
Деп кеңешин салганда.
Шооруктун кызы Накылай
Манасты көргөн бейбагың
Ачуу келип сурданып,
Көбөшкө айтты мамындай:
«Көбөш-Көбөш!» деп койсо,
Көбөсүң мурдуң барбайып.
Көрдүңбү көркүн чунактын
Көк жалды тарткан залкайып.
Көөнүн жайлап ийбесең
Азыр өлбө дардайып.
Энесине чунактын
Эби жок кордук кылгансың.
Эрксизден мени алгансың.
Эмчегине так салып,
Жара чаап салгансың.
Кара боор өскөн чунакты
Ордого киргиз жалынып,
Мойнуңа куруң салынып.
Тайдын этин тарталы,
Ак сандык оозун ачалы.
Алдына дилде чачайын.

381.
Авама деп сүйүнчүң
Айгыр үйүрү бээ берип,
Ачуусун эптеп басалы.
Антип алдын албасак,
Кара кан кызы бейбактын
Тапшырган иши бар чыгар,
Ачуусу келер ансайын.»
Накылай мындай дегенде,
«Байбиче сөзүң акыл.» – деп,-
Ошондой болсун макул» – деп.
Кайра басып камынып,
Семетейге жалынып,
Коомайсыган Көбөшкө
Кокустан акыл табылып.
Бакайдын барды алдына
Мойнуна курун салынып.
«Айланайын аваке,
Дабаансың, белден ашыргын!
Дайрасың, көлдөн кечиргин!
Иниси жолдон жаңылса,
Агасы жөлөк болучу.
Жаңылбай Алда бир өзү
Күнөөнү кечип коючу.
Өзүңдөй кары ак сакал
Бузулганды септөөчү
Жарылганды эптөөчү.

382.
Жаздым өткөн бир ишти
Жат кишилер кектечү.
Аракка кызып алыпмын,
Акиңизге калыпмын.
Бозого кызып алыпмын,
Кул экеним чын окшойт,
Кусуруңа калыпмын.»
Деп ошентип Көбөш кан
Бакайга айтып турганда,
Ырчыуул менен Ажыбай,
Шуутугул менен Жаңыбай
Иниңиз айтат дурус деп,
Өтүптүр кокус бир иш деп.
Түбү тууган болгон соң.
Кечип коёр жумуш деп.
Баарысы сүйлөп калды эле.
Беш аксакал бир басып,
Семетейге барды эле.
Калк атасы кан Бакай
Каада билген эр Бакай:
«Кагылайын Семем,- дейт.-
Түлөөңө агаң тай союп,
Бышыптыр эти белен.- дейт.-
Шоорук кан кызы Накылай
Бул дагы сенин энең.- дейт.-

383.
Ордого жүрү, кирели,
Олтуруп тамак ичели.
Ойдогу ишти бүтүрүп,
Анан жүрүп кетели.» –
Деп ошентип кан Бакай
Элди ордого баштады.
Аттанууга шашпады.
Эшик ачып жүгүрүп,
Сүйүнгөндөн Көбөштүн
Буту үзүлө жаздады.
Дасторкон салып, суу куюп,
Тамак ичип олтурду.
Көбөш кантер экен деп,
Көк жалдын уулу чунагың
Көңүлгө акыл толтурду.
Шооруктун кызы Накылай
Сарамжалын шай кылып,
Аш-тамагын бай кылып,
Чоң бурчунда ак сандык
Аны көздөй кайрылып,
Чыгдандын оозун ачты эми.
Табактап келип дилдеден
Дасторкондон жыйнатып,
Семетей менен Бакайдын
Алдына төгүп чачты эми.

384.
Ак куудай мойну жарк этип,
Алтындаган чоң чачпак
Аркасында шарк этип,
Ак сандыкка барды эми.
Ак кадекке орогон,
Айкөлүң жоого жорогон,
Кандагай менен боз кисе
Катмары менен алды эми.
Жаш күчүктөй болуктап,
Жаман ыйлап солуктап,
«Баатырдан калган медерим,
Баркымды билер беренім,
Малыбыз тургай башымды
Паанайым сага беремин.
Береги атаңдан калган белегин
Кара жаным саа курман.
Каралды алтын терегим.

Өлгөнүмчө Накылай
Өгөйлүк кылат дебегин!»-
Деп ошентип Накылай
Кандагай менен Боз кисе
Катылуу жүргөн бир нече
Семетейге берди эми.

285а.
Кандагайды кармалап,
Кары Бакай авакең,
Ажыбай. Ырчыуул, Шууту кул
Боз кисени тырмалап,
Акырет кеткен айкөлдүн
Ар жоругун ойлонуп,
Көздөрүнө сүртүшүп,
Көрүп жүргөн карылар
Бирин бири түртүшүп,
Анда Ырчыуул кеп баштап,
«Семетей балам!» деп баштап:

«Атакеңден калган Кандагай
Кең Кашкардын алдында
Кебез-Тоонун үстүндө,
Чоң Ополдун боорунда,
Эки тишти багылдыр
Мергендерге аттырган.
Жайы, кышы малмага
Жез челекке жаткырган.
Болот өгөп ширеткен,
Алтымыштай балбанга
Сенин энең Каныкей
Акы берип ийлеткен.

385.
Келиндер бычып, кыз тиккен.
Кемпирлер бычып, уз тиккен.
Багалегин баймалап,
Кашатка чейин саймалап,
Ичин макмал ичтеген.
Алмамбеттин Арууке
Үч ай жатып тиштеген.
Отко салса буу өтпөс,
Мылтык атса ок өтпөс,
Каныкей кылган Кандагай
Атаңдан калган шым ушул.
Айткан сөздүн чыны ушул.
Кандагай алып кийип кой.
Кичи энекең Накылай
Арнап катып жүрүптүр,
Кадырын эске түйүп кой.
Атаңдан калган Боз кисе,
Кутусу менен кош кисе,
Алып белге чалып кой!
Арнап жүргөн Көбөш кан
Атабыз бирге экен деп,
Арыстаным эске алып кой!»
Ырчыуул мындай дегенде,
Абыке сөздү козгоду,
Аны киши тозбоду:

386.
Кагылайын Семетей,
Касиеттүү атаңдын
Калкына келдиң элим деп,
Кара кан багып өстүрдү.
Букардан келдиң атайын
Журтум бар кыргыз менин деп.
Айта турган кеп болсо,
Ардагым сага эп болсо,
Атаң менен аталаш
Абыке, Көбөш жек болсо,
Ат өргүтүп жатып кет!

Айталык ичтен сөз болсо.
Атаңдан калган Аккелте
Аманатың алып кет.
Аябаймын башымды
Агаңа көзүң салып кет.
Атаңдан калган Сырнайза
Кайда экенин билип кет.
Кан казына мүлк эле
Карылыкка илип кет.
Акшумкар багып турамын
Кондуруп кет колуңа.
Кара башым курмандык
Каралдым сенин жолуңа

387.
Туучунак берем минип кет.
Туугандыгым билип кет.
Алтын жака торгой көз
Ак чопкут берем кийип кет.
Абыке менин агам деп,
Ардагым Семем ийип кет.
Жылкыңды жыйнап санап кет.
Журтуңду жыйнап таанып кет.
Катабыз болсо кечип кет!
Кабагың жазып күлүп кет.
Качан көчүп келесиң?
Калкыңа сырың чечип кет.
Керек болсо мал мына.
Кесер болсоң баш мына.
Кыяр болсоң жан мына.
Төгөр болсоң кан мына.
Ага кылсаң мен мына.
Аким болуп сурасаң
Аргын, ногой эл мына.
Айкөл атаң жердеген
Айтылуу Талас жер мына.
Алыска барып чоңоюп,
Айлына аман көрүшкөн
Ардагым жалгыз сен мына.

388.
Аксакал Бакай авакем
Сүйүнчүлөп келди эле,
Айгыр, үйүр бээ алсын.
Айры өркөчтүү төө алсын.
Төөгө жүктөп бул алсын.
Балалуу калча кул алсын.» –
Деп Абыке айтканда,
Бакай баштап сөз айтып,
Бардык элге көз айтып.
«Башы болсо адамга
Мал табылбай калабы.
Баркы болсо адамга
Эл табылбай калабы.
Манастын уулу Семетей
Атайы келсе Букардан
Анча-мунча баалайбы?
Абыке сенин сөзүңдү
Семетей таштап салабы.
Ынтымагы бар болсо,
Иниси сыйлап аганы.

389.
Бүгүн мында конобуз,
Оюң менен болобуз.
Азыр атка минебиз,
Азыраак жолго жүрөбүз.
Айлына барып Жакыптын
Амандыгын билебиз.
Учурашып карыга
Ушунда кайра келебиз.
Коно жатып коштошпой,

Кетип калат дебеңиз.» –
Деп ошентип эр Бакай
Ушул сөздү айтканда.
«Авамдын кеби туура.» – деп,
Тайбуурул минип көрмөккө,
Жакып канга учурап,
Абыкеге конокко
Кечинде кайра келмекке,
Айкөлдүн уулу Семетей
Аттанып калды эрмекке.
Актулпарды коштотуп,
Азыр минип Буурулду
Алчаңдатып, оштонтуп,

390.
Аттанып алып, жер сурап,
Авасынан кеп сурап.
Агарып турган кырка тоо
Кайсы тоолор деп сурап.
Желкенин сары талаада
Жетимиң келет бастырып.
Желден бүткөн чоң Буурул
Жетине албай жаныбар
Шайбырлай  басып наз кылып,
Ээси Манас мингендей.
Эртеги өткөн күндөрү
Эсине эми киргендей.
Эргий-эргий басканы
Эреркелеп жүргөндөй.
Жардай болгон Буурулга
Жаңы минген Семетей
Ак булутту аралап,
Асман менен жүргөндөй.
Алдынан чыкса сан душман
Аралап жоону сүргөндөй.

391.
Ойноктото бастырып,
Орошон күлүк Буурулду
Оюу менен шаштырып,
Жалынан сылап жалынып,
Жардай болгон Буурулга
Жалгыздын көөнү алынып.
Жакып кандын алдына
Жакын кирип келди эле,
Жанындагы эр Бакай
Сүйүнчүгө барам деп,
Жүрмөк болду камынып.
Анда Семең кеп айтып,
«Аваке койчу сөзүңдү!
Чогуу эле барам» деп айтып.
«Көбөштөн башың жарылды
Кой десем болбой келайтып,» –
Деп ушинтип атты эле.
Анда Бакай каткырып,
Айткан сөзүн жактырып,
«Айланайын Семетей,
Азырак ойноп жүрө тур,
Ары-бери бастырып.

392.
Алдыңдагы Буурулду
Азыр түшпөй мине тур.
Аваң кайра келгенче
Ардагым ойноп жүрө тур.
Кайыптан бүткөн Буурулду
Кандай жылкы экенин
Каралдым, байкап биле тур!
Как башка өзүм барайын
«Сүйүнчү! Балаң келди» деп,
Камынтпай кабар салайын.
Кандай кыял-ою бар

Азыр барып чалайын.
Оттой турсун Актулпар
Отко коё салайын.» –
Деп ошондо эр Бакай
Көкчолок менен өпөңдөп,
Көк жалды таштап сөпөңдөп,
Кум-Белдин суусун чет алып,
Курбуга салып бөктөрлөп.
Чоң ак үйгө көз салып...

393.
Жакып кандын Ак өргө
Окчун тигип салыптыр.
Байтал бээнин баарысын
Жакып бөлүп алыптыр.
Эки келин, эки кыз
Бээ саагалы барыптыр.
Бакай авам экен деп,
Булар көрүп калыптыр.
Бура тартып эр Бакай
Желеге жакын барыптыр.
«Амансыңбы, ава?» деп,
Байматтын кызы Маасылкан.
Агыбайдын Асылкан
Алдынан салам кылды эле.
Бооруна колун алышып,
Көнүк алган келиндер
Кулдук уруп турду эле.
«Семетей келди, балдарым,
Сүйүнчүлөп келдим.» – деп,
Бакай сөздү салды эле.
Айланайын Кудай деп,
Алы-жаны калбастан
Эки келин, эки кыз
Сүйүнүшүп калды эле.

394.
Көнөгүн жерге коюшуп,
Көөнүнчө курсант болушуп,
Баатырдын жалгыз баласы,
Көзүнүн карек карасы,
Букарга качып кетти деп,
Айтчу эле элдин арасы.
Төркүнү экен Кара кан
Семетейдин авасы.
Ошол баатырдан калган
бала экен.
Аман-эсен бар экен.
Султандан калган жалгызга
Кудай арбак жар экен.»-
Деп айтышып кыз, келин
Үйлөрүнө барышып,
Жалпы чуркап жарышып.
Кабылган элге кабарлап,
Сүйүнчүлөп калышып.
Айылдын баарын дүрбөтүп,
Желеге кайра барышып.
Аңгыча болбой эр Бакай
Ак ордого барды эле.
Орнотулуу жез мамы
Көк тулпарды чалды эле.

395.
Сүйүнчүлөп Жакыпты
Семетейден кабар салды эле.
Токсон үчтө Кан Жакып
Чөккөн экен тим жатып.
Алдына аюу салыптыр.
Жаннат ичик жамынып,
Өөдө болду төшөктөн
«А, Кудайлап!» жалынып.
Коён томук колго алып,

Көз кычыгын чукулап.
«Өөдө чык Бакай баатыр.» – деп,
Өксөп ыйлап букулдап.
«Кайда калды балам?» – деп,
Карбаластап чыңкылдап.
«Айланайын Бакайым,
Алып келгин баламды.
Чогуу келбей сен менен
Кайда калды каралды?
Жогумду таап Бакайым
Толкуттуң белем адамды.

396.
Арыстаным көзү өткөн соң.
Алы-күчүм жоголуп,
Өткөрдүм далай заманды.
Көп олтурбай Бакайым
Ылдам кайра чаба көр!
Чөгүп калган Жакыптан
Балама кабар сала көр!
Кайра келип олтуруп,
Каалаганча малымдан
Канча алсаң да ала көр.
Акжолтой Бакай береним,
Береним дебей не дейин.
Канча алсаң да малымдан
Кан Бакай сага беремин.
Көзүмдүн тирүү кезинде
Көлөкөмдү көрөйүн.
Беренимдин жалгызын
Бетинен өөп, бир көрүп,
Арманы жок өлөйүн.» –
Деп ошентип Жакып кан

397.
Бакайды кайра шаштырды.
Куп болот Жакып каным» – деп,
Бакай кайра бастырды.
Бастырып Бакай кеткен соң
Жакыпты шайтан азгырды.
Сүйүнүп турган байбиче –
Бакдөөлөттү чакырды.
Жалгызым келип калды деп,
Жалындап турган байбиче
Эмчектин сүтү диркиреп,
Агып кеткен бир нече.
Кайра-кайра бакырды.
Кара баскан немече
Бакдөөлөттү сойгудай
Батыраак кирип келбесе.
Бакдөөлөт үйгө кирди эми,
Доңуз кан жайын билди эми.
«Эмине дейсиң, каным?» деп,
Аласкатып күлдү эми.
«Атаңдын көрү чунак күң,
Айтканымды бил деди.

398.
Эмине мынча сүйүндүң
Эси жок ит деп тилдеди.
Жалгызым аман  келет деп,
Жан-алың калбай жүрөсүң
Эси жок айбан чунак күң
Эминени билесиң?
Каралдым аман келет деп,
Калтаңдайсың жүрөсүң.
Канкорду тарткан немедир
Кайсы акылды билесиң?
Бейпил жаткан элимди
Бейбаш келсе соо койбойт.
Абыке, Көбөш балдарың
Ал жетим келсе соо болбойт.

Жайкын жаткан элимди
Жалгыз келсе соо койбойт.
Жатындан чыккан балдарың
Жаянды тарткан жетимден
Жалтанып жүрүп оң болбойт.
Канкордун уулу келген соң
Калкына Көбөш чоң болбойт.

399.
Катын кезде калк бузган,
Кыз кезинде кара бет
Урум менен ногойго
Үй чаптырып нарк бузган.
Каныкей долу келбейби,
Абыке, Көбөш уулуңдун
Азабын колго бербейби.
Журтуңду жетим албайбы,
Карыганда Жакыпты
Журт көчүк кылып салбайбы.
Элиңди жалгыз албайбы,
Эңкейгенде Жакыпты
Элге шылдың кылбайбы.
Энесин тарткан анткордур,
Атасын тарткан канкордур,
Айласын эптеп табалы.
Ай баткандай кылалы.
Мандалактай тамырын
Байкатпай туруп жулалы.
Күн баткандай кылалы.
Күйүтүн тартып жүргүчө
Көктөйүндө жетимди
Күлгүн жашын кыялы.

400.
Күүлөнүп жүргөн Бакай кул
Күүсүнө кайра келтирбей
Күнүлүгүн жоготуп,
Күл чыгаргыч кылалы.
Букарда калсын келе албай
Бузук бейбак Каныкей.
Баралына келбестен
Балапан өлсүн Семетей.
Бакай кул калсын темселеп,
Банары өчкөн немедей.
Абыкемди чанган күң,
Атасына барган күң,
Айлымдын четин көрбөсүн.
Атасын тарткан куу жетим
Ата деп мага келбесин.
Калгамын небак түңүлүп,
Калкымды көрбөй жөндөлсүн.
Бир чыныга уу куйгун,
Бир аякка суу куйгун.
Суу куюлган аякты
Бакай кулга бат сунгун.
УУ куюлган чыныны
Жетим кулга деп сунгун.

401.
Кайтпай кара даарыдан,
Калмактын албарс уусунан.
Кылт этпес кызыл даарыдан,
Кытайдын кырма уусунан,
Сыр аякка сыйпап кой.
Сырттандын уулу жетимди
Сыр алдырбай уйпап кой.
Бул ишиңден шек алса,
Ичип канга тойбойт го?
Менден тукум койбойт го?» –
Деп Жакып кан айтканда
Кабыргасы сөгүлүп,
Көзүнөн жашы төгүлүп,

Нары карап ыйлады.
Жакыптын сөзүн сыйлады.
Жаны калбай Бакдөөлөт
Жалгызга өөнө кыйбады.
Эки колу калтырап,
Далайга ууну куйбады.
Куйбаганын билген соң,
Доңуз кан катуу кыйнады
Сөгүп, тилдеп, бакырып.

402.
Бакдөөлөт анда буркурап,
Баланы кыйбай чыркырап,
«Кантип берем ууну» деп,
Каргадай болгон жетимге
Кайгырып сөөгү зыркырап,
Бир аякка суу чайкап,
Бир аякка уу чайкап,
Кара жаны тутанып,
Кан Жакыпка сөз айтып,
Капалыктан күчөнүп
«Манастан кордук көргөндөй
Баласын кыйдың өлүмгө.
Мына эмесе куу какбаш
Балапанга кас кылдың.
Барал таппа көрүңдө
Каныкейге өчөшүп,
Каргадай болгон жетимди
Кааладыңбы өлүмгө.
Карарып жалын от чыксын
Камандай өкүр көрүңдө!

403.
Бул эмине деген иш,
Бузугуң бар го сөөгүңдө?»-
Деп ошентип Бакдөөлөт
Бир аякка уу чайкап,
Бир аякка суу чайкап.
Көзүнөн жашы мөндүрлөп,
«Көрбөсөм экен деги эле
Семетейди» деп ойлоп,
Көңүлү түрлүү бөлүнөт.

Ошо кезде эр Бакай
Көк тулпар менен бастырып,
Кетип калган кези эле.
Бакдөөлөт үйгө киргенче
Кум-Белден бурган Туура-Арык
Өтүп калган кези эле.
Семетейди бет алып,
Желип калган кези эле.
Кайра тартып ордого
Келип калган кези эле.
Мен кеткенде доңуз кан
Эмине дээр экен деп,
Тыңшап турган өзү эле.

404.
Жаныбарым Көктулпар
Асталап басып кыпылдап,
Байпакчан баскан кишидей
Табыш чыкпай лыпылдап.
Маш болуп калган жаныбар
Мышыктай басып шыпылдап.
Ак ордонун артына
Кыналып туруп калган кез.
Кыраакы Бакай канетсин
Кайра тартып барган кез.
Жакыптын кебин бүт угуп,
Жалгызга жоосун түшүнүп,
Арбак мага жар болсо,
Соёрмун деп күтүнүп.

Кайра тартып кылт этип,
Каның Бакай жылт этип,
Табыш чыкпайт Бакайдан
Чөптүн башы шырп этип,
Кайра жөнөп калды эми.

405.
Авасы Бакай кеткенде,
Арыстандын уулу чунагың
Бир жерге тынчып тура албай,
Токтолуп сабыр кыла албай,
Тайбуурул сынын билүүгө,
Акырын, ылдам жүрүүгө
Желкенин Сары-Талаага
Жетимиң жүргөн ойнотуп.
Кокту жерде чү койгон,
Ок жыландай сойлотуп,
Өргүү салып чу койсо,
Өрчүп чуркайт Тайбуурул.
Эңкейишке салганда
Эликтей колу бүгүлөт.
Октос берип чү койсо,
Ок жетпестей жүгүрөт.
Омоктуу мындай тулпарды
Өмүрүндө минбеген.
Оолугуп Семең сүйүнөт.
Аркан баю аң келсе
Арыстан бетер түйүлөт.

406.
Омогу тоодой жаныбар
Отуз күн тынбай жол жүрсө
Ноюбастай алы бар.
Чү койгондо шамдагай
Шамал жетпес жагы бар.
Буурулга көөнү жайланып,
Авам качан келет деп,
Турган эле камданып.
Даарат алып жаңыртып,
Бешим намаз окуду.
Периштелүү Буурулду
Берениң оңдоп токуду.
Басмайылын узартып,
Бап келтрип тартты эле.
Марал сындуу Буурулга
Баатырдын уулу чунагың
Маашыр болуп турду эле.
Куюшканын узартып,
Куп келтирип тартты эле.
Кайыптан бүткөн Буурулга
Кубангансып турду эле.

407.
Көктулпар менен көлпөңдөп,
Көк жал Бакай өпөңдөп,
Жабыр менен жабыттап,
Жан жагын карап чабыттап,
Жакын келип калды эле.
Тайбуурулга аттантып,
Айкөлдүн уулу чунагың
Абыдан көөнү шаттанып.
Алтын каптуу Жойболот
Ачык сырттан байланып,
Абасын тозуп утурлап,
«Айтчы ава?» – деп сөз сурап.
«Чоң атама бардыңбы?
Сүйүнчү мыктап алдыңбы?
Айыл сайын олжо алып,
Ава, абыдан байып калдыңбы?» –
Деп Семетей айтканда,
«Айланайын Семетей,

Атаңды тарткан көөсүрсүң.
Айтканыма көнөрсүң.

408.
Айтканыма көнбөсөң
Абалдан мурда өлөрсүң.
Арак берсе ичерсиң
Атам Жакып деп барып,
Аңдабай отко түшөрсүң.
Доңуз кан сага ата эмес,
Бакайдын сөзүката эмес,
Абыке, Көбөш ага эмес.
Бакай сага жат эмес.
Сүйүнчү десем ыйлады.
Сүйлөй албай калыптыр.
Төшөккө жатып бүк түшүп,
Сүрөт доңуз болуптур.
Калп эле ыйлап шолоктоп,
Каманча тиши сороктоп,
Кара ниет доңуз кан
«Бат келсин балам.» – деп айтып,
«Бат баргын Бакай! Бат бар!»-деп,
Шашымыш болуп көп айтып,
Жалгызым келсин көрөм деп,
Жалынып жатып өбөм деп,
Айдай көзүн бир көрүп,
Армансыз болуп өлөм деп

409.
Шаштырып мени аткарды.
Чыны менен сүйүнүп,
Чоң энең курган Бакдөөлөт
Мөндүрдөй көзүн жаштады.
Кулунумду көрсөм деп,
Кошо келе жаздады.
Шек алдырбай бастырдым.
Доңузду мен да жазгырдым.
Узай түшүп айылдан
Жыбыт менен кайрылдым.
Акордону бетке алып,
Аста секин бастырдым.
Үй артынан тыңшадым
Үнүн угуп сүйлөгөн,
Үмүтүм үзүп доңуздан
Үрөйүм учту, турбадым.
Бир аякка суу куйду,
Бир аякка уу куйду.
Көрөрсүң азыр кулунум,
Көркоо Жакып жуукурду.
Айтканыма көн бүгүн
Арак тургай бал берсин
Атаңдан мурда ичпегин.

410.
Деген сөздү укканда
«Койчу аваке жалганды.
Көрөбүз Алда салганды.
Ушу кебиң чын болсо,
Өзү кылар арманды.
Аны-муну көп айтып,
Алжытпачы балаңды!
Учурар замат уу берсе
Кудайга койдум аларды.»-
Деп Семетей чунагың
Айылга жакын келди эле,
Ак элечек жарданган
Ак сакалдуу каргандан,
Келин, жигит, балдардан
Көп кишини көрдү эле.
Элдин алды жагында
Колдорунан таяткан,

Колтугунан жөлөткөн,
Ак сакалын жаш кылган,
Алы калбай солуктап,
«Ардагым» деп наз кылган.

411.
Ак боз бээни карматып,
Арбактарга арнатып,
Кескилетчү торпокту
Келе жаткан жетимдин
Түлөөсүнө камданып,
Мойнуна курун салынган.
Боздогон төөдөй сабылган.
Садагага сары улак
Белендетип камынган.
Эл алдында туруптур
Бакдөөлөт менен Жакып кан.
Айкөлдүн уулу чунагың
Атынан түшүп жүгүрүп,
Алдына келип бүгүлүп,
«Амансыңбы, ата?» – деп,
Ак байбиче апа деп.
Колун кармап ийилип,
Молдолугу билинип,
«Күүлүүсүзбү, ата?» – деп,
Дубакөйүм апа деп,
Тизе бүгүп жүгүнүп,
Учурашып турду эле.

412.
Башы, көзү калтылдап,
Бүткөн бою калчылдап,
Этек, жеңи дирилдеп.
Эмчектен сүтү зирилдеп,
Эси чыгып Жакыптан
Каш, кирпиги бириндеп.
Кагылайын уулум деп,
Этегине эрмешип,
Жакасына жармашып,
Семетейге жалынып,
Шерменде кылба Кудай деп,
Шеги бардай сабылып,
Бакдөөлөт ыйлап турду эле.
Колунан кармап баланын
Коё бербей эмшеңдеп,
Кулунум сени көрдүм деп.
Курулай ыйлап кемшиңдеп...
«Ай туякты чалгыла
Кескилетип торпокту
Бөлүп-бөлүп алгыла.

413.
Сары улакты чапкыла.
Садаганы каккыла.»-
Деп Жакып кан айтканда
Катын, бала жарданган
Карап туруп таңданган.
Учурашып жетимге
Мал союга камданган.
Ак боз бээни тушашып.
Ары-бери ушатып,
Кескилешип торпокту
Аны кошо жуушатып.
Сары улакты чабышып,
Садаганы кагышып,
Бакай, Жакып, Бакдөөлөт
Ордо жакка басышып,
Жигиттер эшик ачышып,
Үйгө кирип олтуруп,
Камдап койгон аякка
Суусун куюп толтуруп,
Арбак урган Жакып кан

Алая карап кекенип,
Алып суусун сундуруп.

414.
«Аңкап келген балама
Арактан суусун берейин.
Атасын тарткан эр болсо
Ардагымдын кайратын
Азыр байкап көрөйүн.
Букарлыкты тартпаса
Батамды эми берейин.
Бакайыма аяк сун
Байыркыдай арак сун.
Манасым келди тирилип.
Байбичем менден сөз уккун.
Ардагым аман келгенде
Аянып кантип калайын.
Медерим аман көрүндү
Малымды кантип аяйын.»-
Деп Жакып кан айтканда
Чоң энеси Бакдөөлөт
Мууну кетип тамтаңдап,
Аркыттагы аракты
Алып келип калтаңдап.

415.
Суу чайкаган аякка
Аркыттан арак куйду эми.
Алып келип Бакайга
Абал мурда сунду эми.
Уу чайкаган аякка
Аркыттан арак куя албай,
Айласы кетип Бакдөөлөт
Же аякты башка бура албай,
Көз айрыбайт Жакып кан
Көркоодон коркуп байбиче
Аякты суугa жууй албай,
Көк жалдан калган жетимге
Көөкөрдөн куюп суна албай,
Чолпондой болгон чунакты
Журт ажалга кыя албай,
Айласы кетип турду эле.
Атаңдын көрү кызалак
Алыс кетип карыптыр.
Аякка тамак куя албай,
Айбан болуп калыптыр.

416.
Чөлдөп келген балама
Чөөлүктүрбөй бербейсиң.
Көөкөрдүн оозун тырмалап,
Көпкө чейин тердейсиң.
Олтуруп калды Бакайым
Өкөөнү бирдей тең көрүп,
Чогуу алып келбейсиң.
Жаш балдарга куйдурбай,
Келиндерге сундурбай,
Сагынып калган балама
Өз колум менен берем деп,
Калтырбай жутуп ийгенин
Каралдымкын көрөм деп.
Бат эле берчи чунак күң
Же  баятан койбой белендеп.» –
Деп Жакып кан айтканда,
Ууга куйган аракты
Утуру келип суна албай,
Бакдөөлөт байкуш элеңдеп,
Жакыпты көздөй сунду эми.
Ашыгып турган доңуз кан
Алая карап турду эми.

417.
Анжиандын сыр кесе
Аягы бар эр Бакай,
Сыр кеседе куюлган
Арагы бар эр Бакай,
Жанындагы чунакты
Тизеге нукуп шек берип,
Чоң атаңа сунгун деп,
Көзүн шилтеп кеп берип,
Арагын ичпей чакыйып,
Семетейге сак болуп,
Көз айрыбай какыйып,
Карап турган кезинде,
Адептүү өскөн чунагың
Ордунан бутун жылдырып,
Обдулуп өөдө умтулуп,
Жакыпка жакын аякты
Ала койду кол сунуп.
Эки колдоп эңкейип,
Эптүү басып белсенип,
«Айланайын атаке,
Ак сакалың турганда
Адепсиз ишке түшпөймүн.

418.
Арак тургай бал болсун
Атамдан мурда ичпеймин.
Акыңа калып жарыктык,
Азапка башым түртпөймүн.
Кан атам өзүң турганда
Каткаксып өлүп кетпеймин.
Кусуруңа жолугуп,
Кууралга башым түртпөймүн.
Ооз тийип бериңиз,
Олуям атам келиңиз!
Оруска элчи жиберип,
Сынагың келсе атаке,
Ошондо байкап көрүңүз.
Ууртап коюп бериңиз!
Урматым атам келиңиз,
Урумга элчи жиберип,
Сынагың келсе атаке,
Уулуңду байкап көрүңүз.
Атасы турса бала ичкен
Абалтан элде бар беле?
Аламан уул туудуруп.
Айкөлүң бекер жан беле?

419.
Карысы турса жаш ичип,
Каадасы элдин бар беле?
Кара аламан уул тууп,
Каныкей бекер жан беле?
Каада, нуска үйрөтпөс
Кара кан наадан кан беле?»-
Деп Семетей ийилип,
Дааналыгы блинип,
Жакыпка сунуп аракты
Жанакы шектүү аякты.
Семетей ичпей койгонго
Мурутунда былк этип,
Мурафы Бакай шылк этип,
«Мына, Жакып каным» – деп,
Мурда жутуп кылт этип,
Бакай ичип калды эми.
Бат куй деген доңуз кан
Баланы карап калбайып,
Башка сөздөн салды эми.
«Кагылайын каралдым,
Кайыптан балам жаралдың.
Кайран Манас өлгөндө
Капалыктан аракты

Каргыш алып оозума
Такыр ичпей калгамын.

420.
Атаң Манас айкөлүм
Ак калпак элдин каны эле.
Атаңдын көзү өткөн соң,
Арак тургай бозону
Ичпей койгон даам эле.
Антымдан мени жандырба
Акыретке жакын калганда!
Азапка башым салдырба!
Тобомдон мени жандырба!
Толук молдо болупсуң
Кыямат жакын калганда.
Тозокко башым малдырба!
Атаң Манас өлгөлү
Оозума алсам оңбоюн.
Кудайдын кулу болжоюн.
Он эки жылдан бери жакка
Бир ууртасам оңбоюн.
Пайгамбар жүзүн көрөйүн
Алжып калган кезимде
Арак берип мас кылба!
Айланайын кулунум,
Атаңа бекер кас кылба.

421.
Конок келсе ичсин деп,
Кубаныч кылып кетсин деп,
Жаш балдар келсе ичсин деп,
Жан кубантып кетсин деп,
Белендеп үйгө койдурам.
Мени сыйлап келгенге
Бергим келип куйдурам.
Каргыш тийген аракты
Карган атаң не кылам?
Көп зар кылбай ичип кой!
Көрдүм эми жүзүңдү.
Көр оозунда атаңды
Көп кыйнабай жутуп кой!
Өмүрүмдү берейин
Өзүң мени күтүп кой!»-
Деп доңуз кан айтканда.
«Атамдан мурда ичкендей
Ашка зарыл дейсинби?
Өмүр сурап алгыдай
Жашка зарыл дейсиңби?
Арак ичип булганып,
Маска зарыл дейсиңби?

422.
Өлгөн Манас тирилди,
Өлгүчө сыйлайм пиримди.
Өжөрлөнүп болбойсуң
Өгөйлүгүң билинди.
Кечке сунсам кержейип,
Келтиресиң жинимди.
Кан Манасың тирилди,
Карыганча сыйлайм пиримди.
Канча сунсам калжактап,
Кас экениң билинди.
Кары сендей болобу?
Калп айтасың уялбай,
Какшатасың тилиңди.
Тукумум деп ойлосоң,
Турбай алып ичип кой!
Ичпесең куям оозуңа
Азыр муну жутуп кой.
Аталыгың чын болсо,
Аякты алып ичип кой!
Арам болсо тамагың

Куудулдугуң билинди,
Кусуруң болсо жутуп кой.»

423.
Ошону айтып Семетей
Атасындай сурданып,
Ачуусу келип кырданып,
Жакыпка жакын барды эми.
Жаактагы сакалын
Жакасы менен алды эми.
Эңкейип жакын барды эми,
Ээктеги сакалын
Эми кармап алды эми.
Ичпесең да аракка
Ээрдиңди мал деди.
Башын чайкап доңуз кан
Балага уят болду эми.
Чайкалып арак чачырап,
Муруту менен сакалы
Мултуюп жыдып калды эми.
Муну көрүп Бакайдын
Табасы ичтен канды эми.
Ээгинде сакал түшкөн соң,
Элдин баары дүркүрөп,
Эшикти көздөй жанды эми.

424.
Маашыр алып Бакдөөлөт
Балага көзүн салды эми.
Уунун жыты буркурап,
Олтурган адам дыркырап,
Ушак кылды көргөн эл
Үйүнө барып чуркурап.
Кайра басты Семетей
Кан Жакыптан түңүлүп.
Чачыраган аракка
Чалдын түгү күбүлүп.
Ит аякка куйганда
Көнөчөк баштуу көк дөбөт
Кирип келди жүгүрүп.
Ит ичкирдин арагын
Ичпейинчи бекер деп,
Ит аякка куйду эле
Ити кантер экен деп,
Жыттап алып көк дөбөт
Жыгылып калды торок деп.
Башын кайра тарта албай,
Куйругу калды сорок деп.

425.
Баракелде чоң ата,
Башыңа кылдың чоң жапаа.
Балаңа кылган кастыгың
Бак-таалайың аздыгың.
Сени атам деп келген мен
Семетей чунак жаштыгым.
Айбалта илдим бармакка
Атам Жакып сен болсоң
Азыр койдум арбакка.
Уу бергиче суу берип,
Кетирбедиң доңуз кан.
Убадама өзүмдүн
Жеткирбедиң доңуз кан.
Мазар кылып аларда
Барк билбедиң доңуз кан.
Балаңа чылап уу берип,
Нарк билбедиң доңуз кан.
Бар Кудай сактап калбаса
Өлө жаздым кокустан.
Каныңды төгүп нетейин
Өч алгансып доңуздан.

426.
«Аман болгун чоң эне
Айланып кайра көргүнчө.
Аргын, ногой элимди
Аралай көчүп келгинче.
Кыргыздын элин аралап,
Кыдырып жүрүп көрсөмчү.
Кыянаттуу доңуз кан
Кыялыңды көрсөтпөй
Мен келе электе өлсөңчү.
«Асыл атам кана?» деп,
Ашыңды өзүм берсемчи.
Жүрү Бакай аваке,
Кең-Колго азыр кетелик.
Кектүү  элди аралап,
Кечке жүрүп нетелик.
Аттан Бакай аваке,
Айлыңызга жетелик.
Абыке, Көбөш кулдардан
Аккелте алып кетелик.
Айбан сындуу тууганды
Аралап жүрүп нетелик.»

427.
Деп Семетей айтканда
Доңуз калды култуюп.
Сакал, мурут бүт жыдып,
Олтуруп калды мултуюп.
Алдаймын деп чунакты
Ак-боз бээси союлду.
Айыл-апа, коңшусу
Ал күнү этке тоюнду.
Жакып кан аты жоголуп,
Доңуз кан атка коюлду.
Буурулду чечип мамыдан,
Бурулгус болуп абыдан,
Ак ниетин билген соң,
Акыл сурап Семетей
Авасы Бакай карыдан,
Аттанып жүрүп калды эми.
Таластын Жакып канынан
Авасы Бакай кеп айтып,
Айланайын Семетей,
Айтканым уккун деп айтып.
Абыке кулда акыл бар
Агарышам деп ойлойт.

428.
Арам кыял Көбөш кул
Акыры сага эл болбойт.
Конбой жөнөп кетели,
Копол иттер соо койбойт.
Атасы муну кылган соң,
Арамдар сага бел болбойт.
Абыкеге барып кет.
Аманат мүлкүң алып кет.
Аккелтени асынып,
Акшумкар жолдо салып кет.
Айткан сөзүн угуп кет.
Аялдап бир аз туруп кет.
Айлыбыз бирге консун деп,
Ант, аманатка жыгып кет.
«Конбоду дебе, ава!» деп,
Сөзүңдү айтып жайлап кет.
Коңшу болуп келем деп,
Кол кармашып, коштошуп,
Убадага байлап кет.
Жакыптын кылган жоругун
Жаадыңа албай ойноп кет.

429.
Жамандык калсын өзүндө,

Жакшылык ишти ойлоп кет.
Жаштык кылып кеп айтсаң,
Жаалың келип бек айтсаң,
Элиңди кыйнап жүрбөсүн,
Эки кул айдап сүрбөсүн.
Ээн калып бул Талас
Эрегишкен душманың
Эси жок деп күлбөсүн.
Элпек сүйлөп кете бер
Эч ким сырың билбесин.
Букарга аман сен барсаң
Көп турбастан көчүп кел.
Атаңдан калган калың журт
Айыл конуп сөзүң бер.
Айланаңа эл толсун.
Адырыңа мал толсун.
Айкөл атаң Манастын
Арбагы келип саа консун.
Душманың келип эл болсун.
Тууганың тегиз эр болсун.

430.
Айлыңа элиң чогулсун.
Арбагың журтка угулсун.
Акылы болсо кулдардын
Алдыңа келип жыгылсын.
Жакшысы болсо тууганды́н
Аш аксакал кылып кой.
Адашканын жыйып кой,
Акылсызын тыйып кой.
Ошондо алыскы душман колдочу
Алман берип багынып,
Асылын сага жороочу.
Кекенген душман келүүчү,
Келип салам берүүчү.
Алман берип багынып,
Атаң сындуу көрүүчү.
Жамандык кылган душманың
Жабыгып жүрүп өлүүчү.
Атасынын сөзүнө
Алал бала көнүүчү.
Авакең бармын кулунум,
Акылың таап берүүчү.

431.
Сенин атаң эр Манас
Кечпей сууну толкуткан.
Кездешпей жоону коркуткан.
Сүйлөбөй элин мокоткон.
Сүрүнөн жоону жоготкон.
Чакырбай журтун келтирген.
Чалышпай жоону өлтүргөн.
Жагынбай элин сагынткан.
Чабышпай жоону багынткан.
Көз карашы түз болуп,
Көңкү журтту сүйүнткөн.
Чытып койсо кабагын
Чыйраксынган немелер
Чыдай албай бүлүнгөн.
Салмагы Каптын тоосундай,
Тереңдиги сындачуу
Тербелбес көлдүн суусундай.
Солк этпеген шер эле
Сонундугу ушундай
Пендеден артык жаратып
Дин мусулман элине
Берген экен бир Кудай.

432.
Ошол атаңды тартып кулунум,
Жүк көтөрөр лөк болгун.
Улуу менен кичүүгө

Убадага бек болгун.
Эрегишкен душманга
Эңкейгисиз көк болгун.
Аваңдын айткан бул сөзүн
Айтканың туура деп койгун.»
Деген сөздү эр Бакай
Семетейге айтты эле.
Абыдан угуп чунагың
Ачуусунан кайтты эле.
Алкымдын бөксө жол менен
Абыкенин айлына
Семетей, Бакай тартты эле.
Коногуна бээ союп,
Кошумчалап кой союп,
Кол куушуруп, жол тозуп,
Абыке карап турду эле.
Акылман аваң эр Бакай
Атынын оозун бурду эле.

433.
Он эки келин, он жигит
Атын алып байлашып,
Эшик ачып киргизип,
Алдына орун жайлашып.
Албан түрлүү даам ичип,
Дасторконун жайнатып,
Мейман кылып турду эле.
Абыке, Көбөш, Семетей
Аңгеме-дүкөн курду эле.
Аралаш айыл конмокко,
Абыдан тууган болмокко,
Биригип айыл конмокко,
Бир туугандай болмокко:
Коюбуз болсун короолош,
Ашыбыз болсун жоролош.
Жоону бирге жоолайлы,
Доону бирге доолайлы.
Каталык өтсө кечмекке,
Капалыкты жеңмекке,
Убаданы бек кылды,
Айтышкан сөзгө жетмекке.

434.
Арамы жок ак сүйлөп,
Айтышкан антын так сүйлөп,
Таласка келип үй тигип,
Семетей такка минсин деп.
Абыке, Көбөш, кан Бакай
Аксакал болуп жүрсүн деп.
Калемшарип кармашып,
Ак буудай нанын чайнашып,
Кексиз тууган болмокко,
Кең-Колго чогуу конмокко,
Кол алышып коюшуп.
Бир табактан даам ичишип,
Бир кирликти жоюшуп.
Таң агарып атканча,
Тараза жылдыз батканча,
Сөз салышып сырлашып,
Ырчыуулду ырдатып,
Аял, эркек, кары, жаш
Адамдын баарын курдатып,
Тамашада блушуп.
Эртең менен болгондо
Багымдат намаз окуду.
Периштелүү Буурулду
Белендеп оңдоп токуду.
Аттанууга камданып,
Семетей, Бакай отурду.

435.
Көбөш кандын айлынан

Көкала үйүрүн айдатып,
Абыкенин айылынан
Туучунакты карматып.
Алтын жака суп чепкен,
Ак эшен берген куп чепкен,
Авакем Бакай кийсин деп.
Көкала үйүрүн байлатып,
Көлдөтүп кымыз ичсин деп,
Карыганда Бакайды
Кастарланып жүрсүн деп,
Манастан калган Аккелте
Бараңдан чыккан чак Келте,
Баласына мүлк калган,
Падышага бап Келте.
Кутуга даары толтуруп,
Куп сүйлөшүп олтуруп,
Боолугу созмо кара алтын
Чагарагы карк алтын...
Томогосу топ алтын
Төбөсүндө чогу алтын
Көнөктөй болгон Акшумкар
Көтөрүп келди Абыке.

436.
Абыкеде бар эле
Алтынай аттуу байбиче.
Туурасы мүйүз чаптырган,
Казыгын жезден кактырган.
Мүйүзүнө кыялдап,
Кызыл алтын жаптырган.
Акшумкардын тууру бар
Алтынай алып келди эми.
Абайлап журтум угуп ал
Семетей, Бакай, Ырчыуул,
Жылкыны айдап Шууту кул
Манастын уулу Семетей
Аккелте асып ийнине,
Акшумкар алып колуна
«Абыке, Көбөш агалар,
Аман тур!» – деп чогууга
Аттанып жөнөп калышты,
Кең-Колду көздөй жолуна.
«Атамдан калган сегиз мүлк,
Телегейи тегиз мүлк
Өз колума алдым» деп,
Каныкейдин айтканын
Калтырбай алып бардым деп.

437.
Жолду ката кеп салып,
«Токтой тур, ава!» деп салып,
Жоруну көрсө сулатты
Жолборстун уулу бетке алып.
Токтолбостон кеп салып,
«Тура тур, ава!» деп салып,
Тоодакты көрсө сулатты
Туйгундун уулу бетке алып,
Акшумкарын байкаса,
Чала түлөк болуптур.
Абыке жакшы бага албай,
Ала төш кылып коюптур.
Чалгындарын караса,
Түлөгү катпай жетилип,
Куйруктарын караса,
Теңеле элек кетилип,
Бакайга берип кондуруп,
Колундакы шумкарды.
Төш таянса чунагың
Топтуу аркар кезигип,
Тайбуурул менен чү коюп,
«Тарс!» дедире бир коюп,

Окчо кармап Келтени
Опсуз мерген чунайып.

438.
Ак аркарды сулатып,
Алдыңкы кырды ашканча
Алтыны чогуу бир атып,
Түшө калып Семетей
Аккелтесин кандады.
Аркарларды мууздап,
Абыдан чоңун тандады.
Тайбуурулга бөктөрүп,
Адистигин чунактын
Авасы турду көз көрүп.
Жакасын кармап эр Бакай
Жалынып турду Кудайга:
«Жалгызым адам болуптур,
Манасым өлбөй калыптыр.
Жетимим адам болуптур,
Жесир да болсо Каныкей
Жергеге башын кошуптур.
Атканын таштап кетпесин,
Аркардын баарын жүктөйүн.
Туучунакка арттырып,
Айылга ала кетейин.»-
Деп авакең бастырып,
Алты бирдей аркарды
Туучунакка арттырып.

439.
Ырчыуул менен Шууту кул
Манасты тарткан ноён деп,
Баланы калды жактырып.
Кең-Колдун келди оозуна
Кечке жуук бешимде.
Куран окуп Манаска
Бир акыл түшүп эсине:
«Ак сакалдуу агалар,
Атамды көргөн бабалар,
Айтайын бир сөз силерге
Аны ойлонуп караңар.
Бир киши үйгө чабалык
Үй көчүрүп алалык.
Арбакка арнап бээ союп,
Ай туякты чалалык.
Арбагы тирүү атамдын
Сарайында турайын.
Эки түнөп, үч өргүп,
Куран-катмы кылайын.
Бат кел деген сөзү бар
Санаркатпай энемди
Букарга жетип тынайын.» –

440.
Деп Семетей айтканда
Байдын уулу эр Бакай,
Маани билген кан Бакай:
«Ырас айтат Семетей
Өзүм барып эми эле
Үй көчүрүп келем деп.
Жолду карап тургандыр
Каныкей байкуш элеңдеп.
Байтайлакты кошомун
Аты, тонун белендеп.»-
Деп авакең сөз айтып,
Чу коюп жөнөп калды эми.
Кең-Колдун башы – Үңкүрдө
Айлына чыгып барды эми.
Өзүнүн айлын көчүрүп,
Бээни байлап салды эми.
Көкаланын үйүрүнөн
Кармап алып бээ союп,

Кысырдан тандап тай союп.
Мүрзөсүн тайып Манастын
Кудайы кылып мал союп.

441.
Эл чакырып, эт берип,
Эшенди көрсө чакырып,
Ээрин токуп ат берип,
Конок жыйнап той берип.
Кожону көрсө чакырып,
Назир кылып кой берип.
Жетим, жесир карыпка
Арнаганын мол берип.
Жылаңачка тон берип,
Дубананы чогултуп,
Чарк уруугa жол берип.
Башына селде чалынып,
Баштагы өткөн Манастын
Арбагына жалынып.
Букарга эртең жүрмөккө
Буурулду суутуп камынып.
Жуманын улук күнүндө,
Ишембинин түнүндө
Даярланып Семетей
Даарат алып күүгүмдө,
Уктап алсын бүгүн деп,
Эртең кетер күнүм деп.
Атама куран окуюн
Өткөрүп жума түнүн деп.

442.
Окчун тиккен чатырда
Олтурат эле Семетей.
Катмы-куран түшүрүп,
Кабылан Манас баатырга.
Каңырыт чыгат эшиктен
Таң атарга жакында.
Алипилам сүрөнүн
Аягына чыкты эми.
Эшиктеги табышты
Аныктап Семең укту эми.
Кулагын салып каңыртка
Куранын жаап бүктөдү.
«Манастын уулу бар болсоң
Батыраак бери чык!» деди.
Эчтеме жок оюнда,
Даараты бар боюнда.
Эр Семетей чунагың
Токтоно албай ордуна
Алда деп өөдө турду эле,
Эшикке көзүн бурду эле,
Катар турган көп элге
Семетей салам кылды эле.
Кол куушуруп эр неме
Элди карап турду эле.

443.
Алик алып кырк киши,
Ак сур атчан бир киши
Адамдын зору дардайып,
Ала-Тоодой барбайып,
Сакалы саадак кабындай.
Имерип койгон муруту
Чоң балтанын сабындай.
Чоңдугу төөнүн нарындай,
Толкуну көлдүн шарындай.
Көзү көлдүн ордундай.
Көрүнгөндү соргундай.
Адамдан башка арбактуу
Ааламга түркүк болгундай.
Жазы маңдай, жар кабак
Жалын кирпик, көзү чок

Келте мурун, кең таноо
Келбеттүү мындай адам жок.
Коңгуранып сүйлөсө
Козголуп шамал жүргөнсүйт.
Эпкинине калтырап
Асмандаган чынарлар
Эңкейип башын ийгенсийт.
Күлүмсүрөп сүйлөсө
Көрүп турган адамга
Күндүн нуру тийгенсийт

444.
Оң муруту былк этип,
Оңго көзүн салды эми.
Сол муруту былк этип,
Солго көзүн салды эми.
Оң, солунда тургандар
Аттан түшө калды эми.
Тегеректеп Семеңди
Ортосуна алды эми.
Анын арка жагынан
Керене алтын тон кийген,
Кер кулун сындуу ат минген.
Узун бойлуу, кең далы,
Ууздай аппак сакалдуу,
Уучуна адам толбостой.
Улуу-Тоону чапчыса
Упуратпай койбостой.
Ууртаса бир көлдү
Ууртуна толбостой.
Бир адам келди бул элге
Аны-муну дегинче,
Ачып көздү жумганча,
Катар-катар топтошкон,
Кайсы экени билинбей
Калк чогулду окшошкон.

445.
Анын арты жагынан
Кызыл-тазыл кийинген,
Кындырдай бели ийилген.
Кыздан келди кыркчасы
Ак селдесин чалынган,
Асасын алып жайылган,
Алардан келди канчасы.
Оозун ачып чамынган,
Октой берип камынган,
Беттей алгыс адамзат
Оозунан чыккан жалындан.
Кара-чаар жолборстон
Катар келди мынчасы.
Сойлогон жери жирелген,
Куйругун уруп имерген.
Оозунан түтүн буркурап,
Көзүнөн жалын шыркырап,
Ажыдаар – ак жылан
Адамдын баарын курчады.
Анын арты жагынан
Азууларын аркайтып,
Таманын жерге балтайтып,
Кынжыйып ичи жараган
Көөдөнүн жерге залкайтып,

446.
Кылычтай куйрук жалтылдап,
Жогдору кучак калтылдап,
Оозуна шаар чак келгис,
Оттой көзү жалтылдап,
Кара кулак шер келди.
Асмандын бети тутулуп,
Булуттун түрү бузулуп,
Сегиз сай мөндүр шыбыргак
Карлуу бороон тең келди.

Муну көрүп Семетей
Башы айланып маң болуп,
Баарын карап таң болуп,
Ак-сур атчан кишиге
Айтууга сөз зар болуп,
Айран болуп турду эми.
Алданын кылган ишине
Жакын барды Семетей.
Жакшылык үмүт кылганда
Жардам сурап кичине
Ай көл атам болор деп,
Акылды ойлоп ичине.
Анангыча болбоду
Арыстаның моюн толгоду:
«Айланайын Семетей,
Артымда жалгыз туягым,
Айтып турган сөзүмдү
Абыдан уккун чырагым.
Арбагым келди, өзүм жок,
Алданын кылган ишине,
Ардагым кандай кыламын.

447.
Аласкабай башкага
Сөзүмө салчы кулагың!
Аман-эсен жүрөбү
Армандуу энең Каныкей
Акыреттик ынагым?
Арбагымды козгодуң
Алалдан бүткөн чунагым,
Айта турган сөзүм бар
Арбак да болсом перзентим,
Айтууга сага эбим бар.
Тирүүмдөй сени ээрчитип,
Тирилеп жоого маш кылып,
Колума багып телчитип,
Чоңойтпой калган кемим бар.
Батадан бүткөн бала элең
Бактылуу болор жериң бар.
Аман жүрсөң кулунум,
Аманат айтып коёюн,
Алоокенин Коңурбай
Алдатып салган жерим бар.
Арманым кеткен ичимде
Ана ошондо кегим бар.
Арбагымда колдоймун
Атанын уулу дедирип,
Ошол өчүңдү алар эбиң бар.

448.
Эмдиги сөзүмдү айтайын:
Ай туяк деп мал сойдуң.
Арбакка атап маа сойдуң.
Арбагым сага ыраазы
Айланайын мурафы!
Атын атап баарынын
Кырк чорого мал сойдуң,
Кыраан Кошой аваңа
Куран окуп да сойдуң.
Эр Чубакка арнадың,
Эч кимди куру салбадың.
Алмамбетке арнадың.
Атын атап Сыргактын,
Сооп берген малдарың,
Козгоду жардам берүүгө
Шейиттердин арбагын.
Ошонун баары өзүмдүн
Ойротту бузган балбаным.
Баарысы келди мынакей
Арбагында жар болот.
Алышам деген душманың
Акыры сенден кар болот.

Кайра барсаң кулунум,
Көк жал атаң баш болуп,
Көргөнүңдүн баарысы
Артыңдан калбай бар болот.
Көрө албаган душманың
Көлөкөңдөн зар болот.

449.
Булардын жайын айтайын:
Казаттан өлгөн шейиттер,
Кан атаң менен бир жүргөн
Кыяматтык шериктер.
Кан Алмамбет, Чубакты,
Кагылайын Сыргакты
Балам, кандай бир айтсам келишер.
Андан кийин көргөнүң
Катагандын кан Кошой,
Касиеттүү эр Кошой.
Көкөтөйдүн ашында,
Көп жыйындын кашында,
Манаска туяк бергин деп,
Айкожомо жалынып,
Дин мусулман чуркурап,
Мойнуна бото салынып.
Алакан жайып, кол сунуп,
Кошой бата бергенде.
Каапыр менен мусулман
Кошо бата берди эле.
Семетейим көрөм деп,
Жетим калган балама
Ар качан жардам берем деп.
Керене алтын тон кийген,
Кер кулун сындуу ат минген.
Кошой абаң болучу,
Жазбай куран окуп жүр.
Ак эшенге кол берген,
Алдам сүйүп жол берген.
Аваң Кошой баатырдын
Арбагы келип конуптур.

450.
Андан кийин көргөнүң
Алты айлык улуу Бээжинге
Аттанып кошо баргандар,
Атасы душман кечилге.
Аянбай кызмат кылгандар.
Ажалы жетип анда өлгөн
Анык шейит курмандар.
Андан кийин көргөнүң
Амири менен Алданын
Атаңа жолдош болгондор.
Тогузга жашым толгондо,
Тоюм кабыл болгондо,
Кайып эрен кырк чилтен
Казатта жардам көп берип,
Калбай бирге жүргөндөр.
Жарымы жигит, жарымы кыз
Жарандардын өзү ошол.
Жалгызга жолдош болмокко
Жалпы келген кези ошол.
Андан кийин көргөнүң
Казатта жолум ачкандар -
Кара чаар арыстандар.
Аты Кызыр дубана
Атаңдын жөлөк пирлери.
Кысылганда колдочу
Кыяматтык шерлери.
Арбагымды таштабай
Азыр да бирге жүргөнү.

451.
Андан кийин көргөнүң:
Кара-чаар кабылан,
Кара кулак арыстан,
Көсөө куйрук, көк даңгыт
Ажыдаар ак жылан –
Баарысы менин жолдошум.
Чачтуу Кызыр дубана,
Жылаңач кызыр жаш бала -
Кыяматта колдошум.
Ашуусу бийик тоолордо
Асырап сактап ашырган,
Агыны катуу сууларда
Жылоодон алып кечирген,
Жашымда жүргөн шерлерим.
Кол тапшыртып баарысы
Кулунум, сага беремин.
Кайда болсоң жолдошуң
Каралдам жалгыз Семетей,
Казатта кайгы жебегин.
Атын айтып чакырсаң,
Анык билгин келээрин.
Менден калган перзентим,
Пир колдобойт дебегин.

452.
Кайыптын баары эсинде
Каныкей бейбак энеңин.
Арбагымдан салам айт
Ак никелеп, кутпа окуп,
Алдым эле башында
Алданын көрдүк себебин.
Ак сүтүн берген Чыйырды
Акысынан кечти эле.
Атаңды туурган кезинде
Жакыптын батпай койнуна
Жат болушуп кетти эле.
Жалгыз болуп калуума
Ошондой иштер өттү эле.
Чыйырды чанып койду деп,
Жакыптын ичи кектүү эле.

Аны мындай таштайын,
Азыркы сөздөн баштайын.
Атаңдын каары келгенде
Асмандан булут үзүлүп,
Күндүн көзү тутулуп,
Булут ойноп шуулдап,
Муздак шамал куулдап,
Аркы-терки ургулап,
Алты сай мөндүр шыбыргак
Аралаш жүрүп калчы эле.
Ана ошондо атакең
Айгышкан жоосун алуучу.

453.
Казатта атаң кыйкырып,
Качырып кирсе айкырып,
Кандуу майдан урушта
Каарланып чакырып,
Кайып эрен кырк чилтен
Кайыптарын чакырып,
Канга боёп жер бетин
Кас душманды жапырып,
Тобун жазып душмандын
Тополоң кылып сапырып,
Кан төгүлүп сел агып,
Кандуу кыргын болгондо,
Күн тутулуп, түн болуп,
Турпак учуп, чаң болуп,
Тулпар минген эрлердин
Тула бою кан болуп,

Тополоң учуп, тоз кайнап,
Толкун жүрүп сай-сайлап,
Баабединдер бар болуп,
Манаска чилтен жар болуп,
Жолборстун оозу ачылып,
Жоону көздөй качырып,
Оп тартуучу ажыдаар
Оозунан жалын чачылып,
Кара кулак шер келип,
Кабылан атаң демденип,

454.
Көсө куйрук, көк даңгыт
Көк жал бөрү тең келип,
Душманды атаң кыйратчу.
Туш-туштан кайып дем берип.
Ошолордун баарысын
Өз колуңа тапшырдым.
Касиеттүү пирлерге
Казаттын жолун ачтырдым.
Каус, кыяз, чилтенди
Кошунуңа баш кылгын.
«Баабедин!» – деп бакыргын,
«Манастап!» ураан чакыргын.
Аз-көбүнө карабай
Айкырып жоону качыргын.
«Азирет Аали Шер!» деп жүр
Адашсаң «Жардам бер!» деп жүр.
Мединада Айкожом,
Мекедеги Канкожом,
Дин мусулман уулуна
Медет берер ал кожом
Атын атап айтып жүр!
Жаштык кылбай кулунум,
Жатсаң-турсаң кыл шүгүр.
Арыстаны өзүң болосуң
Ак калпактуу элиңдин

455.
Бир да бирин унутпа,
Медерим менин кебимдин!» –
Деп ушундай тапшырып,
Аттанышып эрендер
Жөнөөчүдөй бастырып.
Семетей турду бул сөздү
Көңүлүнө жат кылып.
Анаңгыча болбоду.
Айсарала ат минип,
Алтын айчык тон кийип,
Ай кулагы калкандай,
Алагар көзү чолпондой.
Эки бетин карасаң
Эки даңгыт тойгондой.
Эки ийинине тим эле
Эки азамат конгондой.
Кең көкүрөк, жайык төш,
Келишимдүү ширин сөз.
Кыл муруту сеңирдей,
Кызыл-тору киши экен
Жакындап бери бастырды.
«Тааныдыңбы бизди?» деп,
Семетейди шаштырды.
Анда Семең элөөрүп,
Арбагын көрүп делөөрүп,
«Алакем эмей кандай?» деп,

456.
Өпкөсү батпай демигип,
Өзүнөн өзү жээлигип,
Шай колдогон чунагың
Шаңданып сөзгө семирип,

Калкына даңкы угулган,
Казат үчүн туулган,
Кырк дарбаза Бээжинде
Кытайга салган чуулган.
Карадан аппак туулган,
Капкасы болот Бээжинде
Каканга салган чуулган,
Бээжинди таштап качкан эр.
Бейиштен эшик ачкан эр.
Береним Алмам кеменгер.
Медет берсин эрендер.
Асманда мунар боз болгон,
Арнап келип Манаска
Акыреттик дос болгон.
Аяш атам Алакем,
Кантип сизди билбейин.
Арбагыңа арынап,
Куран окуп жүрөйүн
Жадыңызга ала кет.
Жалгызга бата береке!» –
Деп ошентип Семетей
Бияк жагын караса,
Ким экен деп санаса,
Көкала сындуу ат минген,
Көк күрөөкү тон кийген
Кабагы бийик, кара сур
Калкына болжойт мындай түр.
Барчын бүркүт көздөнүп,
Бала жолборс төштөнүп,

457.
Сакалы саяң, жаагы узун,
Сандыргасы эң сонун.
«Тааныйсыңбы бизди?» деп,
Семеңден сурап калды эле,
Бастырып жакын барды эле.
Манастын уулу берениң
Буга көзүн салды эле.
Сапарга барса ак жолтой,
Сайышкан жоого сан колдой,
Аттанып чыкса ак жолтой,
Атышкан жоого сан колдой,
Ашы бирге жоролош,
Малы бирге короолош.
Казаты бирге катарлаш,
Жаны бирге сапарлаш,
Адамдан жакын ынагы,
Аяш атам окшойсуз
Акбалта кандын Чубагы.
Таанbай кантип калайын
Айкөлүңдүн чунагы.
Жадыңызга илип кет,
Жаш экеним көрүп кет.
Батаңызды берип кет!

458.
Анын арка жагынан
Казатка темир тон кийген,
Кактелки сындуу ат минген.
Билеги жоон, таш жүрөк,
Пил мүчөлүү бадирек.
Туурасы жоон, бою пас,
Тулку бою кара таш,
Орноткон терек чынардай,
Ойроттун көөнү тынардай.
Муздай темир курчанган,
Айдай бетин нур чалган.
Кырдач мурун, бүркүт көз,
Букта моюн, жалпак төш.
Сайылып сакал чыга элек,
Жыйырма жаштан өткөн кез.
Кызыл-чийкил жаш жигит

Кыраандыгы октон тез.
Анык баатыр түрү бар,
Ак жолборстой сүрү бар.
Коңгуроодой шыңгырап,
Кушубактуу үнү бар.
Тике карап бастырып,
Тааныйсыңбы мени деп,
Семетейди шаштырып,
Жигит сурап калды эле.
Айкөлдүн уулу берениң
Ага көзүн салды эле.

459.
Кабылан Манас баатырдын
Канатынын мүрүсү,
Кан Манастын иниси
Улак кандын эр Сыргак.
Иниси эмей кимиси?
Казатта чалгын чалчусу,
Калмакка түйшүк салчусу.
Кысыктын жолун чалчусу,
Кытайга түйшүк салчусу.
Кара калпак кырааны,
Кан Манастын Сыргагы.
Канча түмөн жоо болсо,
Кажыбаган чыйрагы.
Аталаш трууган, каны бир,
Акыретте жаны бир.
Аттанып чыкса жолу бир,
Акылы менен ою бир.
Оң көзүнүн кареги.
Өпкөсүнүн жүрөгү
Найза кармап, топ бузган
Намыс үчүн окко учкан.
Отузга жашы бара элек
Ойнунун шогу кана элек
Орошон Сыргак авамды
Тааный албай каламбы?

460.
Кечээ мен Таласка келгенде,
Бери карай жүрөрдө,
Кандын кызы энекем,
Кагылайын нур-Мекен,
Касиеттүү Каныкей
Атамдан калган берекем.
Түлө кылып мал союп,
Түп көтөрө эл жыйып,
Ай туякка мал союп,
Аймагы менен эл жыйып,
Кең Букарды чакырып,
Кеңешин мага жат кылып,
Аргын, ногой, көп кыргыз
Элдин жайын айтканда,
Айтылуу Кең-Кол, кең Талас
Жердин жайын айтканда,
Арбагы тирүү зор Манас
Шердин жайын айтканда.
Алмамбет, Чубак, кан Бакай
Эрдин жайын айтканда,
Кагылайын уул деп
Баатыр Сыргак аваке,
Сенин жайың айтканда,

461.
Атамдан калган сегиз мүлк
Анын жайын айтканда,
Азар түмөн көп буурул
Малдын жайын айтканда,
Алтын, күмүш кен чыккан
Тоонун жайын айтканда,
Абыке, Көбөш, Жакып кан

Жоонун жайын айтканда,
Акырет кеткен нурум деп,
Арыстанынан айтканда,
Таласты таштап Букарга
Качканынан айтканда.
Эмчегин жара эки кул
Чапканынан айтканда,
Чоң энемди жетелеп,
Көрбөгөн жолду төтөлөп,
Кучагына көтөрүп,
Басканынан айтканда,
Жаш жанымды кейиткен,
Жандын баарын эриткен
Белгисин айткан болучу.
Бээжинде өлгөн шейиттен

462.
Кара жаным кейиткен,
Калктын баарын эриткен,
Кандуу жашын төгүлтүп,
Кабарын айтып билгизип,
Калтырбай өзөн туйгузуп,
Канча сабак сөз айткан
Казатта өлгөн шейиттен.
Ошол айткан сөздөрү
Көңүлүмдө, эсимде.
Көрктөп баарын тааныткан
Көрүнөө турат көзүмдө.
Арбакка малдар союлган,
Арнап куран окулган.
Айтканынын баарысы
Акылыма токулган.
Аман келер бекен деп,
Абыке, Көбөш, Жакыптай
Душманымдан чочунган.
Айланайын арбактар,
Анык тирүү экениң
Азыр көрүп олтурам.

463.
Баатыр Сыргак аваке,
Батаңды бергин жетимге!
Жети пирге кол берген
Жетик Манас атакем.
Алты пирге кол берген
Алдам сүйүп жол берген,
Алмамбет, Чубак өз акем.
Кысылган жерде жардам бол,
Кыраан Сыргак авакем!» –
Деп Семетей солкулдап,
Денеси эрип болкулдап,
Алакан жайып, кол сунуп,
Азыр ыйлап турганда
Арбактын баары буркурап,
«Омиин!» деп чуркурап.
Алаканын жайышып,
Арыстан Манас баш болуп,
Арбактын баары кайышып,
Артында туяк бар болсо.
Атап куран түшүрүп,
«Атакелеп!» ушинтип
Тукум калат турбайбы.

464.
Абалкы өткөн эрлерден
Укум калат турбайбы.
Баарыбызга бала элең,
Батадан бүткөн жан элең.
Жүзгө чыкпай өлбө деп,
Эч жамандык көрбө деп,
Жардам болсун жамы арбак
Дин мусулман пенде деп.

Душманыңдан өчүңдү ал
Намысың жоого бербе деп.
Бата берди «чуу» этип,
Аваз чыгып «дуу» этип.
Шай колдогон Семетей
Шаттуу болду мун этип.

Анаңгыча болбоду
Таңдын жели дирилдеп,
Тарап жылдыз бириндеп,
Тараза жылдыз баткалы,
Таң саргайып аткалы,
Чымчыктын үнү чыйп этип,
Чөптүн башы былк этип,
Агарып таңдын шоокуму
Азан маалы болордо

465
Арбактын берген батасы –
«Алдоо акбар!» Үндү угуп,
Уктабаган эр Бакай
Семетейим кетет деп,
Шер кылып качан келет деп.
Турду санаа ойлонуп.
Жаңы эле көзү илинген
Чочуп кетти ойгонуп.
Козголду даарат алгалы.
Колун суугa салгалы.
Эшикке чыга калды эми.
Булакка басып баргалы
Көрүндү чатыр жанынан
Көк жалынын арбагы.
«Келгенби айкөл төрөм» деп,
Кебин айтып Кудайлап,
Кереметтүү эр Бакай
Кепичин таштап, жыңайлак
Чатырды көздөй чуркады.
Жыгылып, туруп келайтат.

466.
Ала-Тоодой Манастын
Айткан үнү угулуп,
Ансайын Бакай ашыгып,
Алда нече жыгылып.
Байркы өткөн Манастын
Өзүн көргөн немедей,
Бараанын көрүп жүгүрдү,
Көзүн көргөн немедей.
Он эки жылдан бер жакка
Ойронун көрбөй зар болгон,
Ордун жоктоп айкөлдүн
Оголе кыйын кар болгон.
Кагылайын султаным,
Караанынды мен көрдүм.
Карып болгон Бакайды
Кабылан төрөм сен көргүн.
«Токтой тур, Манас, токтой тур!
Толуктап жүзүң көрөйүн.
Токтолбостон артыңдан
Мен дагы бирге жөнөйүн.
Айланайын Алмамбет,
Аваңды койбой ала кет!
Бараанынды тааныдым,
Бакайга көзүң сала кет.

467.
Баатыр Чубак берeним,
Жайдары Сыргак, Серегим,
Барайын токтой тургула
Бакайды таштап кетпегин!.» –
Деп ошентип эр Бакай
Келе жатат энтеңдеп.

Оозу тынбай жарыктык
Жыгыла жаздап темтеңдеп,
«Айланайын айкөлүм,
Зайып куруш эр элең.
«Ала кет!» – деп,- жетелеп.
Кайыптан келген арбактар
Карап турду Бакайды.
Казатта бирге жүрүшкөн,
Калтырбай көңүл сүйүшкөн.
Кармашкан жоону сүрүшкөн,
Кан Бакайды таштайбы?
Марданы болгон чоң Кула ат
Жайдарың оозун бурду эми.
Абасы Бакай карыга
Айкөлүңдүн арбагы
Аялдап бир аз турду эми.
Кош айтышып кеткели
Коңгурап сөзүн урду эми.

468.
Ошондо коңгуранып үн чыгып,
Күкүктөй муңдуу тил чыгып,
Күйүгүп калган Бакай кан
Тыңшап калды тим туруп:
«Кыргызга кызмат ак кылган
Кызырлуу Бакай сен элең.
Казат үчүн жан кыйган
Кыраанын Манас мен элем.
Жарыкчылык дүйнөдө
Таштабасмын дээр элем.
Арбагым турат өзүм жок,
Ала кетер күчүм жок.
Тирүүдө көңүл чоң экен,
Өлгөндө дене кор экен.
Жардамы тийбей жакынга
Жан кетээрдин шору экен.
Ээн калса жер карып,
Элинен кетсе эр карып.
Жан кеткен соң тен карып.
Жан курбудан ажырап,
Жалгыз калган жалдырап,
Жарыктык Бакай сен карып.
Жалынганың укканда
Жашыды сөөгүм быркырап,
Жаны жок арбак мен карып.

469.
Жараткандан эрик болсо,
Жаныма алып кетпеймби.
Жайдарым сени алып барып,
Миң өлүктөн бир шейит
Аала болот деген бар.
Миң өлүктөн бир тирик
Паана болот деген бар.
Бир Семетей туякка
Мурафы Бакай көзүң сал.
Алдага кылып кулчулук
Акыретти эсиңе ал.
Айлаң келсе Бакай кан,
Ажы болуп Мекеге бар.
Азат кыл жанды тозоктон,
Акыркы сөзүм эсиңе ал!» –
Деген аваз угулуп,
Кайып болду көрүнбөй.
Жанакы калдайган караан
кубулуп,
Чатырынын алдында
Семетей турат какайган.
«Абаке, качан келдиң?» – деп,
Сөз сурады Бакайдан.
«Айланайын жетимим,
Арбакты көрүп эзилдим.

Атагың болот атаңдай,
Ардагым, балам, өзүңдүн.

470.
Арбакка куран окуйлу
Айкөлдү көрүп чечилдим.»-
Деп авасы айтканда
Арбактарга ат айтып,
А дедирбей бат айтып,
Анык молдо Семетей
Аяттын баарын жат айтып,
Чөкө түшүп олтуруп,
Куран окуп болду эле.
Бата кылып, кол сунуп,
Кара сууга барышып,
Кайта даарат алышып,
Каранар баштап бир топ мал
Арбактарга чалышып,
Календерге ат берип,
Дубанага кой берип,
Айкөлдүн уулу берениң
Алыскы жолго жүрөм деп,
Ажыраш аяк той берип,
Нафил намаз окуду,
Нардай болгон Буурулду
Сапарга арнап токуду.
Бакайдын уулу Байтайлак
Кактелкини токунуп,
Камдап алган Байтайлак
Жүрмөк болуп кошулуп,

471.
Семетей менен кетем деп,
Башта эле айткан өзүнө.
Бата берди калайык
Бакай баштап олтуруп.
Актулпарды үртүктөп,
Азык-түлүк жүк жүктөп,
Эки баатыр, үч тулпар
Эртелеп жолго салмакка,
Кең Букардын шаарына
Кечикпей кайра бармакка,
Каныкей айткан болжолду.
Камынып Семең ошондо
Кара кандын Актулпар
Жетелешип коштоорго.
Манастын уулу Семетей
Аколпок кийип сыртынан,
Акболот алып курчунан,
Аттанмак болуп камынды
Ак калпак кыргыз журтунан.
Тайбуурул минип алдына,
Акшумкар алып колуна,
Кумайыкты ээрчитип,
Аккелте асып жонуна
Кең-Колдон чыкты аттанып,
Кең Букардын жолуна.

472.
Басып келип эр Бакай
Дөбөгө чыгып олтуруп,
Бара жаткан балдарды
Байкап сынга толтурду.
Байтайлак деп бакырып,
Семетей деп чакырып,
Маңдайын сылап Буурулдун,
Колунан кармап турду эми.
Бараткан эки уулуна
Аманатты көп айтып,
Чыйырды менен Каныкей
Салам айткын деп айтып.
Кечикпей көчүп келгин деп,

Семетейге бек айтып.
Кагылайын балдар, деп,
Кара канга салам деп.
Үч айдан калсаң, балдарым,
Үстүңөргө барам деп.
Каныкейге кат берип,
Калкыңда бол деп бат келип.
Үч айдан калбай келем деп,
Семетей кетти ант берип.
Алда Таалам жар болсун!
Атакеңдин арбагы
Ар качан сенде бар болсун.
«Алло акбар!», балдарым,
Асылган душман кар болсун!» –
Деп узатты эр Бакай
Атаң Манас колдосун!

Кыжырланган чунактар
Кыйрамдуу жерде жарышып.
Буругуп калган буудандар
Оозу менен алышып,
Бугуну көрсө тиштетип,
Боо кумары канышып.
Чаң көрүнсө сүйүнүп,
Чалышар баатыр болсо деп.
Аң көрүнсө сүйүнүп,
Азык кылп атып жеп.
Куланды кууп уй кылып,
Кабылган аңды буй кылып,
Жейренди улак тартышып,
Жеткен жерге жатышып,
Эки баатыр барат(ат),
Эң кызыкка батышып.

473.
Ошондо кыбыла көздөй бет алып,
Кызуулай жолго  салышып,

**Актан Тыныбеков «Семетей»**
**1946-жыл.**

Фондунун мөөрү басылган жерде: *«Актан Тыныбеков. «Семетей» Семетей Букардан Таласка келип, Манастан калган мүлктөрүн алып жаткан жери. 1946.»* деген азыркы тамгадагы жазуу бар.

# <u>ТҮШҮНДҮРМӨЛӨР</u>

## <u>1 М А Н А С</u>

## КӨКӨТӨЙДҮН АШЫ. МААНИКЕРДИН ОКУЯСЫ

***(<u>Инв.№181</u>. Араб арибинде)***

### АДАМ АТТАРЫ

*(**Инв.№181.** Солдо көрсөтүлгөн түп нусканын беттери боюнча)*

А
Ажыбай – 4
Агыш – 10, 24, 26, 27, 31
Акун хан – 10
Алмамбет – 4

Б
Бокмурун – 1, 6, 11, 12, 14, 16, 18, 27, 30, 31, 35
Бакай – 4, 10, 49.
Борончу - 49

Ж
Жакып кан,
Жолой, 38, 39, 45, 48, 49.

К
Көкөтөй – 1, 2, 3, 9, 11, 12, 14, 16, 17, 18, 30
Кошой – 10, 12, 13, 15, 19, 23, 24, 26, 27, 28, 29, 32, 35, 36, 38, 49
Көкчө - 10, 24, 27, 31
Коңурбай – 13, 14, 15, 16, 19, 23, 30, 31, 41, 42, 43, 44, 45, 46, 47, 48
Каныкей – 24, 28

М
Манас – 1, 10, 15, 18, 19, 20, 21, 22, 23, 24, 27, 28, 29, 31, 33, 35, 37, 38, 39, 41, 44, 46, 47, 49

Н
Нескара – 13, 14, 15, 38, 39, 40, 45, 48

С
Сыргак - 33

Т
Төштүк – 10

Ү
Үрбү – 10, 24, 27, 31, 41, 42, 43

Ч
Чубак – 34

Э
Элеман – 10
Эсен кан – 16.

## ЖЕР, СУУ ЖАНА ШААРЛАРДЫН АТТАРЫ

***(Инв.№181. Солдо көрсөтүлгөн түп нусканын беттери боюнча)***

А
Анжийан – 6, 9
Алтай – 9
Ала-Бел – 22

Б
Букар – 9
Бээжин - 16
Барскон – 22

Ж
Жедигер

К
Кең-Кол – 1
Каркыра – 8
Кокон – 9
Кеген – 12
Кызыл-Кыя – 21
Кочкор - 22

М
Мекке – 3
Медийна – 3
Маргалаң – 9

Н
Наманган – 9

О
Оро-Төбө («Орон-Төбө» деп жазылган)

Ө
Өтмөк - 22

С
Суусамыр – 7
Соң-Көл – 7
Сары-Жазы – 8
Самаркан – 9
Сары-Арка – 9
Сары-Иймек – 20, 24
Сан-Карагай – 24

Т
Талас – 1, 10

Ташкен - 6

Y
Yргөнч – 10

Ч
Чамбыл-Бел – 9
Чычкан – 22

## 2. С Е М Е Т Е Й

## СЕМЕТЕЙ ЖЕТИМ КАЛЫП, БУКАРГА БАРЫШЫ

**(Инв. №182. *Араб арибинде)***

## АДАМ АТТАРЫ

***(Инв.№182. Солдо көрсөтүлгөн түп нусканын беттери боюнча)***

А
Абыке – 1, 2, 3, 4, 7, 9, 11, 20, 36, 49, 154, 155, 193, 194, 213, 236, 264, 274а, 275
Акбай – 2, 4
Азиз кан – 22
Алманбет – 22, 28,
Акбалта – 22, 245
Ак эшен – 24
Акпалбан – 48, 53, 57, 58, 60, 62, 74, 94, 95, 99
Азирети Аппак кожо – 50
Алмамбет – 232, 262а
Арууке – 232, 262а
Ажыбай – 233

Ак эшен – 263, 264а
Кожо Акмат (Ясави) – 264а

Б
Бакай – 12, 13, 18, 29,
31, 32, 33, 35, 49, 215, 220, 235, 257, 258а, 258, 263а, 266, 274, 277а
Бабедин – 24, 154, 264а
Букар (Букарлык) – 61, 158
Бөлөкбай (Төкөр уста) – 256а

Д
Дубана - 25

Ж
Жакып – 3, 36, 154, 193, 236, 275

К
Каныкей – 1, 3, 4, 6, 7, 11, 13, 14, 15, 18, 19, 20, 21, 22, 23, 24, 25, 28, 31, 32, 33, 37, 41, 43, 45, 48, 49, 52, 55, 59, 62, 64, 65, 68, 72, 74, 75, 76, 77, 81, 92, 93, 99, 114, 115, 116, 118, 119, 121, 124, 128, 152, 158, 159, 163, 165, 171, 173, 183, 185, 192, 193, 194, 196, 213, 227, 237, 261, 264, 267, 268, 269а, 269, 270, 273, 274а, 274, 275а, 275, 276а, 277.
Көбөш – 1, 2, 4, 9, 11, 36, 49, 154, 155, 194, 213, 236, 240, 254, 261, 264, 274а
Каракан – 9, 60, 62, 64, 65, 66, 72, 73, 75, 77, 115, 118, 119, 133, 151, 159, 162, 163, 185, 186, 192, 200, 275
Кожо Акмат (Ясавий) – 24
Кызыр – 29, 270а
Козубек (Кожонун уулу, Каныкейдин бөлөсү) - 63, 65, 66, 72, 73, 75, 81, 95, 96, 98, 99, 101, 103, 104, 107, 160, 161, 162, 163, 269а
Кызыр (Кыдыр) – 69, 264а
Коңурбай – 145
Кошой – 154
Кишимжан – 165
Көбөш – 193, 275
Коңурбай – 231, 232

Көкөтөй – 232
Камбар – 233
Кайып кан - 241

М

Манас – 1, 6, 7, 8, 10, 11, 12, 24, 26, 27, 33, 35, 36, 64, 65, 68, 69, 71, 76, 78, 82, 83, 86, 87, 103, 113, 129, 144, 145, 145, 154, 155, 158, 159, 180, 185, 192, 213, 228, 229, 233, 237, 238, 241, 242, 243, 244, 246, 247, 248, 249, 251, 255, 257, 259, 260а, 263, 264а, 264, 265а, 266а, 267а, 268, 269, 270а, 273а, 275а, 275
Мамбет – 2, 4
Мажик – 233

Н

Накылай - 258

Ө

Өмүркан – 151, 152

С

Семетей – 1, 9, 18, 27, 30, 33, 40, 75, 85, 87, 94, 99, 101, 103, 104, 107, 111, 114, 116, 117, 118, 121, 129, 130, 132, 133, 134, 137, 138, 139, 141, 146, 147, 150, 152, 157, 160, 162, 163, 172, 174, 177, 183, 194, 195, 213, 254, 261, 267а, 267, 269а, 270, 273а, 274а, 274, 278а.
Сыргак – 23
Сарыбай – 104
Сары Таз – 142, 145, 147, 148, 150, 152, 153, 155, 157, 200, 168
Сары кан (мурдагы Сары Таз) – 155
Сыргак – 233, 243
Серек – 233
Сайкал (Кыз Сайкал) – 241, 242, 243, 244, 245, 246, 247, 248, 249, 250, 251,

Т

Таз (Сары Таз) - 158

Ү
Үрүлкан – 165
Үрфүм – 264а

Ч
Чыйырды – 1, 6, 7, 25, 27, 31, 42, 45, 66, 7 , 185, 266, 267а, 267
Чубак – 22, 233, 243, 244, 245, 246, 274а

Ш
Шатемир кан – 151

Э
Эсен (уста) - 234

## ЖЕР, СУУ ЖАНА ШААРЛАРДЫН АТТАРЫ

***(Инв.№182.** Солдо көрсөтүлгөн түп нусканын беттери боюнча)*

А
Ала-Тоо – 164, 207, 210, 212
Ак-Чий – 219, 220, 277а, 277
Ак-Токой – 219, 221
Анжиян – 238, 265а
Ала-Бел –33, 273, 274
Арпа – 255

Б
Букар - 3, 4, 15, 29, 3337, 68, 72, 74, 77, 83, 85, 86, 93, 107, 108, 110, 112, 114, 121, 122, 128, 129,
130, 140, 152, 153, 154, 159182, 183, 293, 197, 200, 203, 216, 217, 238, 240, 252, 255, 256.257а, 261, 265а, 265, 268, 273, 276а
Бакайдын Кызыл-Ташы – 257
Боз-Дөбө - 159, 173

Г
Гүл-Токой – 133, 136, 137
Гүл-Эшендин-Токою - 135

Ж
Жорго (бел) – 218
Жети-Төр – 235
Жайык – 255
Желке – 275а
Жайылманын-Сазы – 129, 135, 180
Жазы-Токой - 135

К
Кең-Кол – 4, 33, 155, 206, 213, 215, 219, 222, 230, 235, 240, 255, 256, 257а, 261, 273, 276а, 277а, 278,
Күлүктүн бели - 214
Кемин – 217
Кара-Буура -218, 221, 16
Кан-Жайлоо – 23Кара-Үңкүр – 235
Кара-Дарыя – 239
Кокон – 252, 265а
Кызыл-Кум – 257,
Кашкар – 262а
Кебез-Тоо – 262а
Кара-Тоо – 270
Кыл-Таш – 274, 275а
Кысык – 278
Кап тоосу – 12
Кара-Суу – 180, 126

М
Май-Адыр – 242
Маргалаң – 265а
Мадийна – 52, 68, 72, 119
Майстан – 59, 68
Мекке – 119

Н
Ничке - 20

О
Орток – 241

Ө
Өтмөк – 33, 273, 274

Т
Талас – 4, 14, 16, 17, 30, 32, 33, 78, 98, 154, 155, 164, 206, 213, 214, 215, 216, 217, 218, 221, 237, 238,
245, .248, 257, 266, 267а, 268.269а, 273, 274, 275а, 276а, 277а
Талас суусу – 278а
Ташкен – 217

У
Урум – 265а

Ү
Үч-Кошой – 257, 274

Ч
Чаткал – 217
Чилстан – 59
Чоң-Токой - 140

Ш
Шумкар-Таш – 33, 275а

Ы
Ыргайты - 242

Э
Эчкилик – 218

**<u>Инв №183</u>** ***(Араб арибинде)***

## АДАМ АТТАРЫ

*(Инв.№183. Солдо көрсөтүлгөн түп нусканын беттери боюнча)*

А

Абыке – 320, 325, 326, 331, 336, 339, 342, 343, 347, 348, 355, 356, 358, 363, 364, 366, 377

367, 370, 371, 372, 373, 378, 387, 388, 398, 399, 4о8, 426, 427, 432, 433, 435, 436, 437,

461, 462

Ажыбай – 331, 338, 343, 345, 348, 373, 377, 382, 385 Алмамбет – 334, 336, 385, 448, 449, 456, 463, 460

Арууке – 385

Асылкан (Агыбайдын Асылкан) - 393

Алтынай – 436

Айкожо – 449

Б

Бакай – 279, 280, 281, 282, 284, 285, 286, 287, 288, 289, 293, 294, 297, 298, 301, 302 305, 306, 307, 311, 312, 313, 316, 317, 320, 323, 323, 324, 326, 340, 342, 343, 345, 346, 347,

348, 351, 352, 356, 358, 363, 366, 367, 369, 375, 377, 378, 380, 381, 383, 385, 388, 389, 391, 392, 393.394, 395, 396, 397;00, 403, 404, 405, 407, 408, 413, 415, 416, 417, 419, 426, 427, 350

432, 435, 436, 438, 460, 465, 466, 467, 468, 469, 470, 472

Бөйөн кан - 284

Байтайлак (Бакайдын уулу) – 312, 313, , 314, 315, 440, 470, 472.

Бабедин – 351

Баймат – 393

Бакдөөлөт (Жакыптын экинчи аялы) – 397, , 402, 403, 411, 412, 413, 414, 415, 416, 423, 413, 414, 415

Ж
Жакып (Жакып кан) –284, 365, 370, 373, 389, 393, 395, 396, 399, 397, 401, 408, 411, 412, 413, 414, 419, 423, 425, 427, 461, 462, 416
Жаңыбай - 382

И
Искендер (Зулкарнайн) – 307

К
Каныкей – 284, 285, 286, 297, 303, 338, 360, 363, 365, 385, 399, 400, 419, 438, 440, 447, 460,
471, 472,
Кожо – 285
Козубек – 285
Коңурбай – 309
Көбөш (Көбөш кан)– 318, 319, 325, 326, 328, 329, 320, 331, 336, 338, 339, 340, 342,
343, 344, 346, 347, 348, 355, 356, 364, 366, 367, 368, 370, 373, 377, 379, 381, 382, 383,
398, 399, 408, 426, 428, 423, 435, 461, 462
Кыз Сайкал – 331, 337, 339
Кочкор – 346
Кызыр (Кыдыр) – 351, 363, 450, 451
Карагул – 372, 373, 377
Кара кан – 394, 419, 471, 472, 284
Кошой – 448, 449

М
Манас – 281, 282, 284, 291, 293, 296, 297, 299, 303, 304, 306, 324, 328, 331, 332, , 335, 336, 337,
346, 347, 348, 349, 351, 354359, 370, 373, 374, 377, 390, 419, 420, 422, 429, 431, 439, 441
442, 443, 446, 449, 454, 456, 457, 459, 460, 463, 466, 472
Масылкан - 393

Н
Накылай (Акылай-377) - 318, 319, 355, 357, 379, 380, 381, 383, 384, 385

С
Семетей – 280, 284, 287, 290, 292, 297, 299, 305, 306, 311, 313, 314, 315, 317, 320, 322, 325, 330, 339, 344, 346, 347, 348, 350, 354, 357, 358, 363, 367, 369, 371, 373, 374, 375№?:, 377, 381, 383, 386, 387, 388, 389, 390, 391, 393, 394, 400, 407, 410, 412, 417, 419, 423, 427, 432, 433, 434, 436, 438, 440, 442, 444, 446, 449, 451, 455, 457, 459, 463, 464, 465, 470, 471, 472
Сулайман (пайгамбар) – 307
Сыргак – 448, 449, 463, 467
Серек - 467

Т
Түгөл - 346

Ч
Чыйырды – 285, 303, 452, 472
Чубак – 330, 338
Чаян кан – 284
Чубак – 334, 448, 449, 457, 460, 463467
Чыйбыл - 346

Ш
Шууту (Шууту кул) – 331, 338, 343, 345, 348, 373, 377, 382, 385, 436, 439
Шоорук – 355, 383

Ы
Ырамандын Ырчыуулу – 331, 334.339.343, 345, 348, 351, 352, 373, 377, 382, 385,
436, 439

## ЖЕР, СУУ ЖАНА ШААРЛАРДЫН АТТАРЫ

*(Инв.№183. Солдо көрсөтүлгөн түп нусканын беттери боюнча)*

А
Алай – 332
Ак-Сай – 332
Анжиян – 336
Алкымдын бөксө жолу – 432
Ала-Тоо – 466

Б
Бээжин – 309, 449, 456
Букар – 285, 321, 358, 360, 365, 370, 388, 429, 439, 441, 430, 461, 471, 285, 289
Бакайдын Кызыл-Ташы - 289

Ж
Жети-Төр – 312
Желке - 405

К
Кең-Кол – 311, 312, 323, 351, 361, 426, 434, 439, 440, 460, 471,
Көлмө - 325
Кокон – 336
Кашкар – 385
Кебез-Тоо – 385
Кум-Белдин суусу – 392
Кум-Бел – 403, 289
Кызыл-Кум – 289
Кара-Кыр

М
Маргалаң – 336

О
Опол – 385

С
Сары-Талаа - 405

Т
Талас – 281, 323, 339, 351, 361, 387, 427, 429, 434, 460
Туура-Арык – 403, 461

У
Урум – 285

Ү
Үч-Кошой – 289, 325
Үңкүр-Таш – 312
Үңкүр - 440

Ш
Шумкар-Таш – 325

Ы
Ыргайты – 337

## *ЭКИНЧИ БӨЛҮК*
*(Даректүү баяндар)*

## III. КӨКӨТӨЙ ЧЕЧЕН

### 1. КӨКӨТӨЙДҮН БАЛАЛЫК КЕЗИ

Көкөтөй Нарындын Миң-Булак деген жеринде 1849-жылы туулган. Тынымсейит элинин жаманак уругунан болгон. Атасы Өмүрбектин 54 жашындагы көргөн үчүнчү уулу Көкөтөй болгон. Өмүрбектин ата-бабасынан бери кедей болуп келгендиктен, алдуу-малдуу кишилердин көзүн карап, тең туугандан кем болуп, бай, манапка жем болуп, малы аз, маанайы пас өскөн киши болучу.

Көкөтөй балтыр бешик кезинде эле маалына жеткен бир жашар баладай болук бала болду. Маалына жетип, буту баскандан эле үйгө көп байыр алып отуралбай, козу, улактарды айдап эле талаада жүрүүчү. Үч-төрт жашка чыккан кезинде эртең мененки кеткен бойдон кечинде араң үйүнө келет. «Тамактын бар кезинде канча берсем деле ичип алып, тамак тартыш кезде кардым ачты деп тамак сурап ыйлабайт, ушундай эле бир акмак бала болду» – деп энеси кеп салып да калуучу.

Өмүрбек жоош киши эмеспи, байбичесинин кебин улап «ырас эле, байбиче, башка балдарым «ачка болдум, үшүп кеттим» – деп эле үйдөн чыкпай олтуруучу, асылганы эле челектеги жарма болчу, бул Көкөтөйүм алардай эмес, тү деген түкүрүк жерге түшпөгөн кыштын кыраан чилдесинде дагы карды кечип, жаман чокоюнун кончунан кар кирсе да болбой, кабыктуу шилбиден ат кылып минип алып, шилбинин кабыктарын сүйрөтүп «атым» деп жал, куйругу деп ошого кубанып тамак эсине келбей эле төшүн какжайтып, жыртык тондон

курсагын чандайтып эле басып жүрөт, садага болоюн» – деп Өмүрбек борс-борс күлүп коюучу эле. «Көзүн алайтып, ээрдин калбайткан алдыңа кетейин, жаман жеңи менен мурдун жанып коюп эле эшейип, жакасын селпейтип, тампайып эле жүрө берет» деп энеси Көкөтөйдүн кейпин элестеп жалынчу. Көкөтөйдү Бердикожо дагы жактырып, мактап калчу эле. Көкөтөй үйүнө барып калган учурда «Ой, көкбөрүм оой, бул Көктөтөй эмес эле көкбөрү болот. Көрбөйсүңбү, атаңдын көрү, маңдайы жарык келип, кабак барчын бүркүттүн кабагындай болуп, мурун атырайып турбайбы. Тээ-тетиги тарсайган чоң курсакта кеп бар. Кийин чоңойгондо ошо күч болот» – деп койчу. Бердикожонун аялы дагы туурадан чыгып, «Адам, ырас эле, карабайсыңбы, балтайып дегеле басмырт. Ушу бала тойгон күчүктөй болуп, уурту салаңдап байдын эле баласындай, адам! Башка коңшуларыбыздын балдары шүмүрөңдөп эле турат. Бул тегеле бопурайып ыйлабайт экен» – деп жарышып сүйлөп калучу. Бирок бул Көкөтөйдүн бир жашынан алты жашына чейинки сындары болучу.

Айткандай эле, кийин, чоңоюп, эр жеткенде Көкөтөй дээрлик азамат болду. Ак жүздүү тарткан кашка баш барчын бүркүт кабактуу, бала жолборс жүрөктүү, орто бойлуу, кең далы, келте мурун, дөң кабак, жаян ооз, жазы жаак, жазы маңдай, жар кабак баарың шумкар үндөнүп, коңур үндүү кең тамак, буура булчуң, кула төш, бука моюн, аркар көз, кеби ширин, шекер сөз, кыргыз, казактын тарыхын сүйлөгөн, баатырлардын баарысын сүйлөгөн, манаптардын кимдигин сүйлөгөн, бакырлардын теңдигин сүйлөгөн, байлардын сүткорлугун сүйлөгөн, кожо, молдонун анткорлугун сүйлөгөн, жасоолдордун жалакорлугун сүйлөгөн, акырында кыргыз баласынан кызыл тилдүүдө жок чечен болду.

Көкөтөйдүн алты жашынан кийинки сындарын дагы угабыз.

Өмүрбектин жашы алтымышка чыгып, балдары Султан, Текатардын кайрылышы жок болуп, кедейликтин жабырына моюн сунуп, байлардын көзүн карап күн өткөрүп турган. Улуу баласы Султан жаш кезинен эле өтүкчү болуп, кайда чакырса ошо жакка кетип, «булгаары бузуп өтүк ултармак элем» – деп, ою келген жакка бастыра берүүчү. Султандын максаты – көбүнчө, «эт жеп, чай ичип гана бекер тамак табылса» деп ойлочу. Кээ бир жерлерде «өтүк ултарамын» деп кептөөр

деген бир балта саптай жыгач менен туланды аябай жатып өтүккө толтура салып: «Мына, өтүгүңдү карачы, кепке салып койдум деп, нечен бир келин-кыз, мырза балдарды кубандырып өтүктү улам-улам кармалап: – мына, карачы, өтүгүңдү? Жакшы эле ултарыпмынбы?» – деп суктандырып койчу.

– Бул эми кичине тоборсуй түшкөндө апкытын жана мына бул баштарын коолдоп кыял салып, сындырык менен чийип беремин. Төтөн жакын жерде уста болсо, күмүш төңкөрчөгө жасатып туруп өзүм кагып берсем, атаңдын көрүй ай, кандай жакшы болоор эле, – деп улам-улам өтүктү алаканы менен сылап коюп, өтүккө чандайта тулаң салган бойдон кургатууга боз үйдүн үстүнө жайып коюп, – кой эми, кармалабагыла, кеби бузулуп калат, – деп таңыркап көргүсү келип турган келин-кыз, бала-чакаларды өтүккө суктандырып: – баарыңарга ушундай өтүк ултарып берем, – деп жүрө берүүчү. Тулаң менен кептеген өтүктүн кайсы бирлери ээсинин бутуна туура келип да калучу.

Султандын өтүкчүлүгүнөн дагы өзүнүн өңү-түсү жакшы. Анан өтүк ултарып олтурганда кыңылдап ырдап олтурса, «үнүнүн сонундугу, ай» дешип, айыл-ападагы кыз-келиндердин айтканын угат турбайбы Ошол өнөрлөрүнө маашыр болуп эле Султан ар кайда жүрө берчү.

Өмүрбектин ортончу уулу Текатар бала кезинен эле ким жумшаса кете берип, акысыз, пулсуз эле ар кимдин малын багып, отунун алып, селсаяк болуп өсүп калган. Акы алганда дагы бир жылдыгына бир кой берип койсо эле ыраазы болуп калучу.

Өмүрбек бул Султан менен Текатардан көп жакшылык үмүт кылбай калды. Анын себеби ата-энебиз бар эле деп Султан, Текатардын Өмүрбекке кайрылышы жок эле. Аларды балам бар деп деле ойлобойт. Кез-кезде гана: «Баягы менин кудай ургандарымды көрдүңөрбү?» деп, айыл-ападагы бала-чакадан сурап кабарын алып, кайда экенин эл оозунан угуп коюп жүрө берүүчү. Бирок, Өмүрбек Көкөтөйдөн деле көп жыргап кетем деп ойлобойт.

– Бул кудай урган деле агаларын тартып, чоңоё түшкөндө ою келген жакка басып кетет го. Азыр боорун көтөрүп чоңоё албай жүрбөйбү. Кичине эле тамак таап ичкидей болуп каруунa кирсе, бу дагы кете берет го, ээ байбиче? – деп Өмүрбек аялына кеп салып калат.

– Койчу, абышка, баарысы эле кантип кетип калсын. Көкөтөйүм боюна багымдуу киши болот. Эки жакка музоо айдап басканда термечик терип, же болбосо кургак тезектен этегине тере келет. Ал тургай айыл-ападан бирөө тамак-аш берсе өзү жебей мага алып келип берет. Бая күнү деле көрбөдүңбү, балдар казган кемирчектен алып келип сага берип жатпайт беле, «ата, бычагың менен аарчып же» деп. Көкөтөйүм өлбөсө бизди багат. Өзү теңдүү балдарды ыйлатып да коет» – деп, энеси Көкөтөйгө көп сындарды берип, Өмүрбекке мактап салды.

Өмүрбек өтө жоош киши эмеспи: – Таң капыр, эң эле чаңдуу аяк болобу дейм, өзүнөн чоң балдар менен деле койгулаша кетет. Кээде музоону да сабап жиберет» – дейт.

Аңгыча болбой эле бир сабоону минип алып, бир тал шыраалжынды камчыланып Көкөтөй келип калат. Өмүрбек:

– Ой, кайда бардың, кардың ачтыбы? – дейт.

– Жок, атаке, мен айыл кыдырып чуркап жүрбөйүмбү. Керээли-кечке үйгө жөлөнүп алып тегеретени тегиз карап олтурган сенин кардың ачкандыр. Мен мана минтип эле чаап барып тамак таап ичип келемин, – деп сабоону шыраалжын менен бир чаап алып жүгүргөн бойдон Сарыбайдыкына барды. Сарыбайдын байбичеси Көкөтөйдү жакшы көрүүчү.

– Ии, чоң курсак, эмине келдиң? – деди.

– Тамак ичейин деп келдим – деп, Көкөтөй мурдун жеңи менен жанып коюп карап турат.

– Үйүңөрдө тамак жокпу? – деп жүктүн бурчунда кырынан жаткан Сарыбай корс этип койду.

– Койчу, баланын шагын сындырып сүйлөбөй жүрчү? Сенин ушундайыңдан эле экөөбүз баласы жок жүрөбүз, – деп Көкөтөйгө тамак бергени Сарыбайдын байбичеси ашкана жакка басты.

Көкөтөй тамак колуна тийгиче эки жакты карап туруп, байбиче жарты нанды берери менен Сарыбайды карап: – Биздикинде тамак болсо Султан, Текатар байкелерим үйдө жүрбөйт беле? – деп эшикти карай бет алып жүгүрүп кетти.

– Ой, катын, ушуну көп үйүр кылбай жүрчү. Ушул анык капырдын бири болот, эмитеден эле сөзү чучукка жетет, – деди.

– Койчу, «бешиктеги баланын бек болорун ким билет» дегендей, аман жүрүп эле карган ата-энесин бакса болду, – деп байбичеси Сарыбайды жактырбагансып сүйлөп калды.

Көкөтөй жарты нанды алып Өмүрбекке барып:

– Мына, атаке, тамак алып келдим, – деди.

– Байбиче, бул уулуң бизди багат го? Таштан катуу Сарыбайдын үйүнөн нан алып келип берип жатпайбы? – деп үйдө олтурган байбичесине эшиктен туруп Өмүрбек кеп салат.

– Оо, ал байдын катыны Көкөтөйдү жакшы көрөт. Көкөтөй анын кол арасына жарап жүрбөйбү, – деп байбичеси жооп берди.

Бул учурда Көкөтөй алты жашта болучу. Сарыбайдын козусун кармап, коюн саадырып, кол арага кирип калган. Өмүрбектин үч-төрт жылкысы, эки-үч ую бар эле. Өзүнүн өтө жоoштугунан эле Султан менен Текатарды өз колу менен тарбиялап, боюна үйүр кыла албай обочолотуп жиберген.

Көкөтөй он жашка чыккандан кийин эле Өмүрбек ого бетер картайып, жоошуй баштады. Көкөтөй алты жашынан он жашына чейин Сарыбайдын козусун кайтарып, коюн кармап берип жүрүп Өмүрбекке жайкы сааанды ичирип, Сарыбайдан он-он беш койдун сүтүн алып берип жүрүүчү.

Көкөтөйдү он бир жашынан тартып Сарыбай койчу кылып алган. Бирок, жайкысын өгүз минип кой кайтарса, кышкысын тай туяк минип, көп койдун ал учу, бул учуна чыгып жүрүп, тоолуу-таштуу жерлерде этектүү көп койго ээ боло албай жүрүп, жазга маал кирпигинен тартса жыгылгандай арык болуп калуучу эле. Ошондо дагы Сарыбай Көкөтөйдүн акысына эки кой кармап бергени жок, Жайкысын саан берген сүтүнө чегерип.

Ошол акыбалда жүрсө да Көкөтөй Сарыбайдыкына келген конок, меймандын айткан сөзүн байкап, тирмийип карап туруучу. Эгерде Сарыбайдыкына не бир масел, макал айткан, көптү көргөн, элдин, жердин, же бир баатырлардын атын айтып, нарктуу сөз салган кишилүр келип калса, Көкөтөй ал кишинин атын багып, ошол кишиге жакындашып үйүр болуп, баякы сөздөрүн кайта-кайта уккусу келип, «атаңдын көрү ээй!» деп кушубактар эле.

Бир күндөрү Сарыбайдыкына үч киши келип конуп калды. Өзүнүн баласы жок Сарыбайдын байбичеси Көкөтөйдү бала ордуна кармап жүргөн. Көкөтөйдү чакырып алып: – Ээ, Көкөтөй, Сакең болсо үйдө жок, бул коноктор келип калды. «Конок тандап конот, ууру басынтып уурдайт» дегендей, булар бизди бай деп келип калды го? Буларга бир

козу-корподой неме союп конок кылалыбы же болбосо «бай үйдө жок» деп эле жооп айтып, чай-чама менен жаткырып коёлубу? деди.

– Ээй, байбиче, «бай билгенди кул билет, айтайын десе эрки жок» дегендей, мен билсем, бир ирикти союп салсак, конокко да, бизге да болор эле. Согум убагы жакын болуп калбадыбы. Ушунча мал менен конок куру жатканда эң эле уят иш го? – деп Көкөтөй жооп берди.

– Макул эмесе – деп, байбиче бир чоң кой союп, конокторду жакшылап кондуруп узатты.

Эки күндөн кийин Сарыбай келип, «мен жокто ээн баштык кылып конокко кой соёсуң!» – деп, байбичеси менен Көкөтөйдү катуу уруп салды. Көкөтөй үйүнө барса, атасы Өмүрбек:

– Ээ, балам, жокчулугу да курусунчу! Үйгө эле жүрчү, балам? Кемпир экөөбүздү багам деп жашыңдан чемирчегиң кайрылып курудуң го? Кала берсе катыны сойгон кой үчүн сени уруп турганын көрчү! – деп таягы менен коломтосун сайгылап ыйлап олтурат атасы.

– Ой, аке ай, «төөнү сел алса, эчкини асмандан көр» дегендей, ушунча малы менен байдын байбичеси таяк жегенден кийин, коноктун аркасы менен энем экөөңөргө эптеп сорпо ууртаткан мага чала эмеспи? «Урган киши ой менен, урдурган киши кыр менен» деген кеп бар эмеспи. «Өз балаң, Сарыбайым, урсаң мейли» деп тура бер, аке. Анын жайын өзүм табам, жашынын жаны кыйналбай, карысынын карды тоёбу? – деп Көкөтөй кайра басып Сарыбайдыкына барды.

Сарыбай ачуусу менен кетип, ары-бери бастырып малдарынын тыяк быягына чыгып, үйүнө келсе байбичеси таяк жеп алып думбаланып жатып алыптыр. Көкөтөй болсо кадимкисиндей жаркылдап, кабагым-кашым дебестен ташкороону септеп, баккан малынын жаткан жерин оңдоп түзөтүп жатат.

Сарыбай атын байлап коюп басып келип: – Ой, балам, эмине кылып жатасың? – деди.

– Эмине кылайын, корум болгон эле койдун короосун ондоп жатамын го! Кол менен конокко сойгон кой үчүн эки киши таяк жедик, кокустан карышкыр жеп кетсе өлтүрүп салабы деп короону бекитип жатамын, – деп Көкөтөй Сарыбайга жооп берди.

Таш тиштегендей болуп эмне айтарын билбей, карды ачып келген Сарыбай байбичесине бата албай, «тамак бер?» деп айта албай кайпаңдап туруп Өмүрбектин үйүнө кирди.

– Кел, кел Сарыбайым, ботом келээриң менен эле бүлө-караңды кууруп-сууруп келдиң, немине зыян чыгыптыр? – деп Өмүрбек Сарыбайдан суроо кылгандай кыйытып өттү.

– Ээй, Өмүрбек, «мал ачуу – жан ачуу» дегендей, конокко козу-корпо сойбой чоң кой соёсуң деп катын-баланы какыс-кукус кылып койдум, – деп Сарыбай жүүртө басып олтурду.

– Ээ, Сарыбайым, болуптур, байбиче, тамак ашың бар беле? – деди Өмүрбек.

Аңгыча болбой Көкөтөй Сарыбайдын өзүнөн алган жалгыз кара койду жетелеп кирип келди.

– Ээ, аке, бата кылып коюңуз? – деп Көкөтөй колун көтөрдү. Сарыбай чочугансып жалт карай салып: – Ой-ой, жинди бала, бул неминең. Бул неминең? – деди.

– Бул кой эле, Саке. Тирүү кишинин үйүнө конок келгилик кылсын, «Жалгыз таруу ботко болобу?» дегендей, согум убагы жакын болуп калбадыбы, оолда акбар! – деп өзү гана бир колу менен жаагын сыйпап коюп, койду көтөрүп уруп курч кестиги менен мууздап жиберди.

Сарыбай Өмүрбекти бир карап, буту буулбаган койдун тыбыраганын бир карап тамшанып олтуруп калды.

Өмүрбектин байбичеси бир аякка жарма куюп алып, белине тарткан терисин деңкейтип өбөктөй басып келип: – Мейли-мейли, айланаайын, өзүңөрдөн алган жалгыз кой эмеспи, балам батаңды алайын деп союп жаткандыр, балдар аман болсо мал табылар, – деп аякты Сарыбайга сунду.

Сарыбай кара балаа ичкендей болуп, сыңар тизелей коюп, карды ачып калган неме жарманы жутуп жиберди.

Ары-бери караганча Көкөтөй койду союп жиберип, эки челек сууну ала чуркап келип эт салып коюп, малынын четине чыгып койду короого салып, Сарыбайдын байбичесин чакырып келип бай, байбичесине эт берип экөөн эл кылып коюп, калыбынча койду жайып кете берди. Эл согум сойгон кезде куру коё албай кызылдай уятынан Сарыбай Өмүрбекке бир ирик согум берип «Көкөтөйдүн көөнүн жайладым го?» – дегендей болуп калды.

Муну менен деле Көкөтөйдүн дарты ичинен чыгып кеткен жок. Бирок, Сарыбайга билгизбей кадимкисиндей малын жакшы багып, байынын көңүлүнө жагып эле жүрөт Көкөтөй.

Бир күндөрдө жазга маал болуп, согумду көп сойгон элдин эти калбаса, Сарыбайдын эти калган эмес. Кечкурун эле ит үргөнүнөн Көкөтөй эшикке чыга калып караса, чоң-чоң ат минген кара кийимчен эки киши келатат. Сарыбайдын жүрөгү токтоно албай: – Ал ким экен? – деди.

– Таң, ким экенин, аты-тону шаңдуу эле эки киши келатат, айтор теги караандуу кишилер көрүнөт, – деди.

– Кокуй, байбиче, сен чыгып, үйдүн ээси жок деп тээ жогорку айылдарга кетире көр, – деп, Сарыбай жаман шашып калгандай болду. Көкөтөй кайра үйгө кирип:

– Саке, конок жакын келип калды, – деди.

– Мени жок дегиле, мени жок дегиле! Кайда жашына турсам ыя? Жашына турсам болот эле, эми кайда жашынам? – деп Сарыбай калтаңдап калды.

– Кайда жашынат эле, унчукпай эле олтура бер. – Сарыбайдын аялы эшикке чыгып кетти. Көкөтөй эки жакты карап туруп: – Кокуй, Саке, бери келиңиз, мына бу чоң каптын эле ичине ороп коёмун – деп, далпайган жыртык чоң карала каптын оозун ачты.

Өтө шашылып калган Сарыбай тонун ыргытып жиберип, шымдакчан бойдон карала каптын ичине кирип бүрүшүп жатып калды. «Дагы ойлонуп, айнып каптан чыгып кетеби? деп Көкөтөй каптын оозун улак жиби менен чытырата бууп салып эшикке чыкты.

– Үйдүн ээси жок эле, мына бул эле жерде айыл бар, – деп Сарыбайдын байбичеси жооп айтып какшанып турат. Чоң карагер ат минген, кара чепкенчен, түлкү тебетейчен семиз сары чийкил кишинин төш жагынан ак комуздун башы чыгып көрүнүп турат.

– Ой, байбиче, үйдүн ээси сен өңдөнгөн кутмандуу байбиче болот. Байың үйдө жок болсо да чайың бардыр. Ак ордодой үй турса, ак чардактай мал жатса, айылды кайдан издеймин? Мен Буйлаштын уулу Арстанбек деген киши боломун. Алдымда турган ак үйдөн адашып кайда кономун? – деп Арстанбек тишин кашкайтып, күлө багып сүйлөп турат. Арстанбектин акындыгын ар ким кеп салганда Көкөтөй угуп жүрчү. «Мен Арстанбек деген киши боломун» деген сөз кулагына жабыша түшүп, эй, байбиче, Арстанбек акем болсо, анык эле кызыр келген го?» деп, байбичесинин арка жагына туруп алып Көкөтөй коноктордy «түшкүлө» дегендей кылып күлүңдөп, көзүн ымдап турат.

Көкөтөйдүн көзүн ымдап жатканын көрө коюп, кабагы жарык койчуга:

Карагай комуз чалайын,
Калдайган калың көп койдон
Кайда кетип калайын?
Кажаңдаба, байбиче,
Намаз окуп алайын!

– деп Арстанбек жолдошу менен аттан ооп түшүп калды. Көкөтөй өтө ылдамдык менен коноктордун аттарын алып байлаштырып койду.

– Кана, байбиче, үй жакка кирип шам окуп алалык? – деп меймандар үйдү карай бет алышканда байбйченин айласы кетип, эшик ачып, үйгө киргизип шырдак-кийиз салып калды.

Арстанбек үйгө кирип чечинип, комузун керегеге илип коюп олтуруп:

– Байбиче, мен намаз окуучу эмес элем, байыңар кокустан үйдө эле олтуруп албасын деп кана кирдим эле, же бай чыкдандын ичинде олтурабы? Жазга маалкы арыкчылыкта коноктун сүрү жаман болот эмеспи, – деди.

– Жогуңуз, Арстанбек аке, биздин бай андай коноктон жашынуучу киши эмес, – деп Көкөтөй күлүңдөп от калап жатат.

Сарыбайдын аялы мукактанып сөз айта албай, кайсаңдамыш болуп, билгизбей Сарыбайды издегенсип жүрөт. Сарыбай болсо кантер айласын таппай, «Кап, Көкөтөй, кудай бардыр, мени анык шерменде кылмак болду ээ?» деп былк этпей каптын ичинде жатат. Сарыбайдын уятынан дагы «тумчугуп өлөт беймин? Эми жөтөлүп жибербегей элем?» деп, каптын жыртыгынан демин чыгарып, астараак дем алып жатты.

Көкөтөй кементайын чечип каптын үстүнө таштап коюп, отту чоң калап салып:

– Байбиче, сен отту тамыза бер, мен эшиктен тезек алып келейин деп, ирегеде жаткан буулуу капты сүйрөп алып эшикти көздөй жөнөдү.

Кабы кургур жер босогого кептелип алып жакында эшикке чыкпайт. Сарыбай ансайын «буту-колум көрүнүп калабы?» деп төрт аягын бөйдүн аягындай бүйрүп, түйүнчөктөй болуп бүрүшүп жатат.

Көкөтөй Сарыбайдын эти ооруганына карабастан бар күчүнө салып катуу тартып, жер босогодон ашыра булкуп таштады. Күч менен серпилип барып тоң жерге тийген салмактуу кап жыртыгынан жарылып кетти. Таш аралаш, тоң жерге тийген Сарыбайдын чыканагы сынып кете жаздап, томуюп чыга түштү. Көкөтөй Сарыбайга шыбырап: «Каптын оозун чечейинби, Саке, же жата турасызбы? – деди. Чеч, түгөнгүр, өлүп кетмек болдум!» деп, Сарыбай жалдырайт. Көкөтөй каптын оозун чечип, Сарыбайды күкүмгө аралаш төгүп салып, капка тезек салып алып үйгө алып кирип, от каламыш болуп олтура берди.

Сарыбай үйүнөн ыраак барып чечинип, күбүнүп-кагынып алып, малынын четинде жүргөн киши болуп койду короого салып, эшиктен каңырт салып борс-борс жөтөлгөн болуп коюп үйгө кирип, коноктор-го учурашып олтурду.

Арстанбек мыкыйында күлүп, өзүнүн барыш-келиш жөн-жайын айтып, ким экендигин тааныткандан кийин, Сарыбай байбичесин эшикке чакырып чыгып: – Ботом, байбиче, бул кишинин айткан сөздөрү эң эле укмуштуу го? Бир мал союп бербесек соо кылуучу киши эмес көрүнөт – деп бир коюн алып келип союп, коноктоп олтурду.

Арстанбек Көкөтөйдүн кол аягына жукпай шамдагай мал союп, кызмат кылып жатканын көрүп, ыраазы болуп:

– Ээ, иним, сен кимдин баласысың? – деп сурады.

– Мен Өмүрбектин баласымын, мына бу Сарыбайдын койчусумун деп, Көкөтөй өзүнүн жөн-жайын толуктап айтып берди.

Анда Арстанбек комузун колуна алып:

– Оо, иним, Өмүрбек экен өз атаң,
Сарыбай экен эмки атаң.
Өлбөсөң адам болорсуң,
Сени байкап турам баятан.
Ээ, иним, байыңдын аты Сарыбай,
Сен калыпсың байга жарыбай.
Болотту ороп куурга,
Мунун кудай бардыр малына ай! –

деп, комузун кошо чертип, кооз үнүн заңылдата кошуп, Сарыбайды күлкүсү менен алаксытып сөөмөт сөздөрүнөн айтып берип олтуруп конуп жатты.

Арстанбектин айткан сөздөрүнөн, ар түрдүү макал, ырларынан Көкөтөй үйрөнүп калды.

## 2. КӨКӨТӨЙДҮН ЖОЛ ЧАПКАНГА БАРГАНЫ

Көкөтөй кечинде койду жайып келип айылдын төш жагындагы керүүгө жайып салып, өгүзгө кыйшая минип, айылдагы чогулушуп турган элди карап тура берди.

Айылдын төмөнкү четиндеги топтошуп турган элдин арасынан чолок жээрде байталчан, кызыл чепкенчен чапкан бойдон келип:

– Жүрү, Көкөтөй, бол, ылдам бастыр! – деп, шаштырган бойдон кубалап алып, топтошуп турган элге алып келди. Ал турган топ кишинин арасында бакылдап ыстарчындын үнү чыгат:

– Кана, Сарыбай бай, койчуңду алып келбейсиңби? Жол чапканга жарагыдай немеби же оору-сыркоолуу бир келесоо немеби?

– Мына, айланайын, көрсөң? Ушул кантип жол чапканга жарабасын. Бастырчы ой, Көкөтөй, – деп Сарыбай өгүзчөн турган Көкөтөйдү элдин арасына чакырып алып:

– Ата-а, айланайын, ыстарчын мырзам ай, ушул кантип жол чапканга жарабасын?

Оору-сыркоосу бар немеби дейсиң, карачы, он беш-он алтыга чыккан чоң эле азамат, оору турмак эчтекеси жок. Бир ичкенде эки-үч аяк айранды удаа ичет, – деди.

– Ой, койчу, бар, кийим-кече, азык-түлүгүңдү алып даярлан, азыр айдап кетем. Түн боюнча алып барып стражниктин колуна берем, – деди.

Көкөтөй үйүнө барып бир табак талканын байланып Сарыбайдын кара өгүзүн минип байдын ирээтине жол чапканы камданып турат.

Старчын жогорку айылга барып даярлаткан козунун этин жеп, аттанып келип чогулуп турган ончакты жолчуну айдап келип элүү башы Кененсарыга тапшырып, өзү ошол айылга конуп калды. Кененсары түн боюнча айдап келип: «Биздин ыстарчыдан он киши алып келдим» – деп таш болуш Түмөнбайдын колуна берип кайтты. Эртең менен караса, Оттук капчыгайынын түзүндөгү карагай-бадалдарын кыйратып көп эл жол чаап жүрөт.

Жыгач күрөктөр менен топурак күрөп, кумду, ташты этегине салып ташып төгүп жаткан элдерди көрөсүң. Таш көтөрүп, топурак ташып жүрүп Көкөтөйдүн жаман тонунан эчтеме калбады.

Бир ай жол чаап сүрөгү бүткөн эл кетип жатышат. Бир ай турмак кырк күн чаап жүрсө да Көкөтөйдүн сүрөгү бүтпөдү.

– Өзүм менен чогуу келген элдин баары кетти, мени кандай кетирбейсиң? – деп барса, таш болуш Түмөнбай менен болуштун жигити өзүн уруп, өгүзүн жыгып алып:

– Сенин айлыңдан киши кемип жатат! – деп, Көкөтөйдү кайрадан бир ай жол чабууга буйрушту.

Жол чаап жүрүп кийимдин баарынан ажырап, арыктаганынан жыгылгандай болуп стражникке күндө арызга барса таш болуш төшкө коюп-коюп барып жолго салып коёт. Арызын эч ким укпаганда «ооруп калдым» деп шылтоолоп барбай калса, жаткан жеринен уруп айдап кетет.

Айласы кеткенде «качып кетейин» деп бир түнү бадалды аралап жашынып баратса жол чапкандардын бири көрүп калып айтып коюптур, Таш болуш кармап алып аябай токмоктоп, алып барып кишен салып койду.

Эки ай эриксизден жол чаап, же азык-түлүк берген киши жок, же кожоюну Сарыбайдан кабар жок.

Кара өгүздү болсо жыгып алгандан кийин эле сатып жиберишкен.

«Үйгө барсам өгүз кана деп Сарыбай урса, мында жүрсөм кардым ач, кийим-кечем жок болсо, кандай кылам? – деп Көкөтөй эң бир кайгылуу болуп жүрөт. Бирок, жалгыз эле Көкөтөй эмес, ага окшогондор толуп жүрөт. Бир күнү болуштун жигити айылдан союш, кымыз алып келмек болуп «жаныма бир бала жүрсүн» деп жатканда таш болуш Түмөнбай Көкөтөйдү кошуп берди.

Жолдо келатып: – Ой, айланайын аке, мени бошотуп жиберип, ирээти келген элден албайсызбы? Картаң атам, энем бар эле, менден башка балдары болсо дагы ар кайда малай болуп кетишкен. Менден башка багар кишиси жок өзүм дагы эки айдан бери жол чаап жүрүп арыктыгымдан жыгылмак болгонумду көрүп турасыз, – деп ыйлап жиберди.

– Бастыр калжырабай, сага убал барбы! Байдын ирээтине келген кишилер жол бүтмөйүнчө бошонбойт! – деп ачууланып коюп алдыга

түшүп жүрүп олтурду. Көкөтөй аксак карагер бышты менен тердиги илгери кетип, ээри кийин кетип, четин чыбыктын ичке башынан кармап алып карагерди чыргалата камчыланып келе жатат.

– Ой, сенделген неме, сен кандай немесиң, жете бастырбайсыңбы?!– дейт шайбырлай баскан кара буурул ат менен эки этегин коё берип, кызыл, кыюулуу ак калпакты кыйшайта кийип. – Ой, жаман кудай урган, атка дагы бастыра албаган неме экенсиң, бастыр! Мындай илкип жүрсөң айылга качан жетебиз? Бастыр, мен айдап алайын – деп, кара буурул ат менен өмгөктөтүп, жаман карагер быштыны сооруга бир салып айдап алып, Кичи-Кара-Кужурдун суусун тепчий кечип келатат.

Көкөтөй: – Оо – ой айланайын аке, ылоодо жүрүп көрүнгөн киши бир минип, төрт аягынан жаяптап калган карагер бышты менен байдын коюн кайтарып жүрүп басма ылоодо эки ай эриксиз ачка жол чаап, өгүзүнөн ажырап, таш болуштун таягына ий болгон менден эмне ылдамдык сурайсыз? – деп улутунуп коёт.

– Ой, атаңдын оозуначайын, бабыраган бир кудай урган неме көрүнөт! Жол чапсаң байдын малын алып башы боолуу малай болгонундан байдын ирээтине келип жол чаап жүргөндүрсүң, же менин кайыныма жумуш кылып берип жатасыңбы?! Карагер бышты экөөңдүн шоруң арылганча качан, камчыланып бастыр! – деп болуштун жигити кылчайып карады.

– Ата-а, айланайын, акебай, карабайсызбы, минтип эле өзү баспай келатпайбы! – деп карагер быштынын оозун кагып, олчойгон боз кийиз өтүгү менен күрс-күрс теминип коюп Көкөтөй: – кичине ат чалдырып албайлыбы аке, – деди.

– Макул эмесе, бул аттын ооздугун чыгарып тушап кой, – деп, түшө калып тышкы чапанын чечип коюп кемселинин топчуларын чыгарып, көкүрөгүн желпип-желпип коюп болуштун жигити суунун боюн көздөй басып кашатты эңкейип кетти.

Көкөтөй жаман тонду чечип карагер быштыга бөктөрүп, көк чыт чапанды сыртынан кийип, кара буурул атка минип алып эки жакты караса, болуштун жигити суунун боюнда бети-колун жуунуп олтурат. Көкөтөй үнүн катуу салып:

– Оо-ой, кутурган дөбөт! – деп нары карап олтурган жигитти чакырып калды. Суунун күүсү менен каңыртты укканда эки жагын

каранып, болуштун жигити кара буурул атты минип кашатта турган Көкөтөйдү көрүп ордунан тура калып ылдамдай басып калды.

– Ой, кутурган дөбөт, былк этпей ошондой тур! Берилеп бассаң таш менен төшүңдү жара коёмун! – деп Көкөтөй колундагы аяктай кара ташты көрсөтүп колун сунду.

Жигит шашып кетип: – Ой, айланайын, эмне дейсиң? – деп тура калды.

– Кош дейм, мен кеттим! Элге-журтка салам айтып кой! – деди.

– Ой, садагаң кетейин, баатыр, андай кылба! Бүгүн барган жерден өзүңдү бошотуп, үйүңө кетиремин, бери кел, баатыр, бери кел. Ошол чапанды кийсең кийип ал, – деди.

– Сен чапан бергенди коюп, айлап туруп айткан арзыма оң жооп берсең мен ушундай кыламбы? Кош эми, көргөн-укканыңды элге айта бар. Мен эки айдан бери кара суу ичип, катуу таяк жеп жол чаап жүрүп өлгөнүм жок. Бир күнкү жөө калгандан сен эч нерсе болбойсуң. Карагер бышты – кара өгүздүн төлөөсү. Кара буурул ат – карсылдатып сабаган камчыңдын айыбы. Өлбөсөк дагы көрүшөрбүз, кош эми! – деп, чукул коштогон карагер быштыны сооруга бир салып, күмүш үзөңгүгө чокойдун тумшугун илип коюп, буурул аттын очураңдаган жоргосуна салып, Көкөтөй Долонду көздөй камчы уруп, жолго түшүп жүрүп кетти.

Болуштун жигити кашатка чыгып, эки жагын каранып туруп Көкөтөйдүн карааны үзүлгөндө колун аркасына алып, суу бойлогон чоң жол менен балпая басып жөнөдү.

Көкөтөй Долондун белин ашып алып, күндөп-түндөп жүрүп олтуруп Кочкорго барып карагер быштыны сатып кепич, маасы, көйнөк-кече алып кийинип, Тоңдогу энесине барып бир жыл жүрүп кайра келсе, атасы Өмүрбектин эч дайны жок. Сурамжылап жүрүп бышыктап дайнын укса Көкөтөй ала качып кеткен эки аттын төлөөсүнө бий-болуштар бирин-эки малын талап алып, өзүн тентитип жиберишкен. Иликтеп жүрүп Көкөтөй атасы Өмүрбекти Ботокан деген манаптын айлынан тапты.

Көкөтөй эки айча үйүндө жүргөндөн кийин Ботокан Көкөтөйдү жылкыга салып, он эки айлык акысына бир тай бермек болуп Өмүрбек менен макулдашты. Көкөтөй: «Кой ата, кишиге жылкычы болуп башымды байлап берип бир тай алганча Көлгө көчүп барып, Тоң деген

жер камыр гана жер экен, эгин айдап оокат кылалы» десе, Атасы Өмүрбек: «Оо-ой, балам, «Кайда барсаң эле Мамай-Өмүрдүн көрү» дегендей, кайда барсак эле бай-манап жок эмес. Андан көрө ушул, Ботокандын малын багып, кызматын кылып жан сактайлы» деп болбой койгондо, Көкөтөй он сегиз жашында Ботоканга жылкычы болуп туруп калат.

## 3. КӨКӨТӨЙДҮН БАЙГАЗЫНЫ СӨЗГӨ ЖЫККАНЫ

Кечкурун эле: «Салоомалейкум! О, балдарым, аман-эсен жатасыңарбы? Мал-жаныңар эсен турабы, балдарым?» – деп, баса албай калган, арык, кара-сур кунандын чылбырын жолум үйдүн кырчоосуна илип коюп, ак улактын терисинен улап алган эски көпчүгүнүн үстүндөгү жамаачылуу кара-ала куржунду алып, көк-ала сакал Тооке жолум үйгө кирди. Катуу үшкүрүп боз тери тумагын алып жерге коюп, маңдайын сыйпап, терин шыпырып, саба жакты жал-жал карап тамшанып, жылкычыларды кыдырата тиктеп олтурду.

Жолум үйдүн улага жагында отурган Аалыбай: – Ээ, абышка, сен саба, андан калса көнөк, аяк, табактын баарын карап, анан кыдырата жылкычыларды тиктеп калдың, кайдан келаткан, кайда бараткан абышкасың? Көргөн-билгениңден кеп сала олтурбайсыңбы? – деди.

– Ээ, айланайын балам, мен мобул эле Төлөктөгү айылданмын. Береги Чаарташ жактагы малчы айылдар жакка бараттым эле. Жокчулугу курусун оокат үчүн ачык таш кыдыртып сатып, тери-терсек алып, антип-минтип жан сактоочу элем, балам. Бүгүн келаткан жолумдан бир кызыл чок чыгып «Кунаның керек» деп ээрчитип алып салпылдатып кечке алып жүрүп, жаман кунан баспай калганда таштап кетти. Эки киши экен, балам. Ошондон жылкынын чети көрүнгөнүн эле барып жатып кетейин деп, жаман кунанды жетелеп алып сонункарды жиреп олтуруп аран жеттим, балам. Же бир жакын арада айыл-апа көрүнбөдү. Дагы үшкүрүп койду.

– Кызыл кулак абышкасың го? Арак самының барбы? Куржунуңда эмнең бар? – деп дагы сурады Аалыбай.

Жолум үйдүн төр жагынан башын көтөрүп, чүмкөнгөн кементайын кайра серпип жиберип: – Оо, атаңдын көрүнө чейин, ит! Арак

самынды коё туруп мурда берки таңдай кургап келген кары кишиге кымыз куюп жуткуруп, кичине эс алдырып, анан самынданып жуунбайсыңбы? Карынын кадырын, жокчулуктун жоболоңун билбеген акмак! Балаң барбы? Малың канча? Өзүнүн ал-абалын сурабай араң келген кары кишиден а дей электе арак самын сурайсың. «Бакырлык башынан өтпөгөн кардык тарткандын кадырын билбейт» деген ушул. Тур калжырабай авама кымыз куй! – деп уйкудан жаңы ойгонгон Көкөтөй тонун жамынып эшикке чыкты.

– Ырас айтат балам, таңдайым кургап, карыган киши терең карды малтап жөө келип ымжан эле жаным араң жеттим, айланайын, балдарым. Тооке суу болгон тондун этеги менен терин аарчып, сакал, мурутунун бирин-серин музун сыдырып олтурду. Аалыбай тура калып удаасы менен эки аяк кымыз берип каткаксыган Тоокенин суусунун кандырып салды.

Көкөтөй кайра жолум үйгө кирип, кымыздан ичип алып: – Ой балдар, эттен жакшы салып мынабу кишини тойгузуп, жылуулап жаткырып, жакшылап түнөткүлө, – деп сыртынан курчанып, жылкы кайтаруучудай өңдөндү.

– Ой, айланайын балам, эшиктеги жаман кунанды ала барып жылкың менен бага келип бересиңби? – Тооке эшикке чыгып, улак көпчүктү кунандын соорусуна жапкан болуп, жетелешип туруп калды.

Эртең менен саалуучу бээлерден бөлүп айдап келип кулундарга ширге салдырып Көкөтөй Тоокенин кунанын тойгузуп аман-эсен алып келип берди.

– Ээ, Тоокебай, үшүбөй, тоңбой, кардың тоюп, жакшы жаттыңбы? Ии, канча балаң, канча малың бар? Кымыздан шашпай ичип, күн жылыганда кет, – деп Көкөтөй Тоокенин ал-абалын сурап олтурду. Тооке көзүнөн чолок жашын чыгарып улутунуп коюп:

– Жакшы эле жаттым, айланайын, менин как өзүңдөй болгон уулум бар эле... баарыжок колунан келип, эми адам болуп келатканда өлүп калып шорум катып калбадыбы, балам. Эми андан кийин бирэки жаман неме көрдүм эле алар жаш болуп, өзүмдөн башка чырпык башын сындырар бүлөөм жок. Эптеп ошол жаман балдарды багып турчу элем, айланайын. Жалгыз кунан маминтип кырчаңгы болуп баратат жана өзү да арыктап жалгыз жилик неме баспай калды. Соопчулук эмеспи, балам, бир күч-мүч берип турсаң болор бекен, Байгазы

баатырдын жылкычысы экенсиң. Бул балдарым айтып отурду ушул коштун билерманы эле сен дейт, айланайын оорутпай, жорутпай бир ай, жарым ай минип берки кунанды тоюнтуп алып кайра берсем бир кунан, тайдай мингич болор бекен, – деди.

Көкөтөй Тоокенин каңырыгы түтөп турганына боор ооруп: – Ээ, Тоокебай, мен ошол сен өңдөнгөн жармач карыларды багам деп ар кайсы байга жылкычы болуп жүрөмүн. Андай эле өтө зарыл болсоң бир күч берейин, атамдай киши экенсиң жазга чейин минип жумушуңду бүтүрүп алып биз Нарынга көчөрдө кошуп бер, – деп чөйчөгү барчалык кер быштыны кармап берди. Тооке жалынып, жалбарып кербыштыны минип сур кунанды кыйкайтып жетелеп алып, батасын берип жөнөп кетти. Жылкычылар «атаа, Көкөтөй баатыр башка эле бир дүмбүл бышты айгырдан бербей ошол Байгазы жакшы көргөн быштысын бердиң эми абышка жакшы мингей эле» – дешип чурулдашты.

– Ээ, балдар, Байгазы быштысын жакшы көрсө мен Тоокени жакшы көрдүм, ачык сатып бир нерсе таап алып балдарын баксын» – деп олтуруп: – Ээ, балдар, Арыстанбектен укканмын: «жашынан кимдер карыбайт жабыкпай тулпар арыбайт» деген – деп кырынан жатты. Жылкычылар «ии, ии, Көкө, дагы айтсаң» – дешти. – Эмесе:

Аргымакты арык деп
Жолго таштап кетпеңер.
Азаматты карып деп
Журтка таштап көчпөңөр.
Аргымак арык жал күтөр,
Азамат карып мал күтөр» – деп карыялар айтып жүрбөйбү. Бул малдын азабын биз көрүп, асылын байлар көрүп жатпайбы, – деп бир кыйла меселдерин айтып берди. – Алда айланайын Көкө ай, не бир жакшы кептериң бар ээ, – деп жылкычылар мактап калышты. Бир ай чамасы болгон кезде жылкыны чаар таш, кум белге салып жатып Көкөтөй Төлөктөгү айылдарга барды. Айылга конуп калып эртеси аттанайын деп жатса баякы Тооке Кербыштыны өлтүрүп алып эмне деп жооп айтарын билбей суркунанды жетелеп алып Көкөтөй отурган айылга келди.

– Ой, айланайын балам, мени кудай уруп салды, Кербыштыны өлтүрүп алдым. Ордуна берейин деп суркунанды тоюнтуп койдум эле

балам, муну алып барып ордун бастырып кой. Үч эчким бар эле тандап туруп бирин алпарып союп ал, айланайын, – деп жалдырап, – бир эчки, бир кунан менен эле кутулсам болду, – деп жалынып турат.

– Ээ аксакал, кунаныңды минип алып оокатыңды кыла бер. Эчкиңди балдарыңа тукум кылып бер, сенин ээриңди жерге таштап, кунаныңды алып кетпеймин. Мен Байгазыга барганда бир жооп айтып кутулармын. Агер кутула албай калсам, ошондо келип кунаныңды алдырып беремин, коркпой жата бер, Тоокебай, – деп Көкөтөй аттанып кетти.

– Ата айланайын балам ай, алып кетсең болот эле, Байгазы малга кароо киши деп уктум эле. Өзүң кыйналып калбагай элең, – деп Тооке Көкөтөйгө кайгырып калды. Бул учурда эки ай өтүп малчылардын баары Нарынды көздөй бет алып көчмөк болуп турат. Шол көчүрүп кеткени келген кишилердин кайсы бирлери: «Ээ, Көкөтөй, Байгазы баатырдын бир күлүк болот деп жүргөн быштысын кишиге берип өлтүрүп коюпсуң. Ошол быштысына жаман капаланып олтурганын көрдүк: «Көкөтөй кул бир келерсиң, саа кылбасам» деп сүйлөнүп жатканын уктук деп кеп салышат.

– Ээ, баатырлар, Байгазынын бир быштысы турмак эрдин кунунан деле кутулат турбайбы «алалынан зыян тап, акыры пайда көрөрсүң» дегендей мен уктап калып ууруга алдырып, бөрүгө жедиргеним жок, бир бечаранын ажатын ачам деп берип койдум эле, бир мал зыян тартсам эчтеме болбосмун» – деп жооп берет Көкөтөй. Бул учурда малчылардын баары жаздоо жерлерин көздөй көчүп калышты. Элдин аркасынан булар да жылкысын айдап көчүп барып Жалпыздынын адырына конду.

Ал жерге үч-төрт өргүш алып, бир семиз тайды коштоп эки чанач кымызды артынып, эки жылкычыны ээрчитип алып Байгазыга учурашып келемин деп Көкөтөй жөнөп калды. Айылдын бери четине жакын барганда эки жылкычы Байгазынын коңшуларынын үйлөрүн көздөй кетчүдөй болду.

– Ой, силер кайда барасыңар, чогуу барып түшпөйлүбү? – деп Көкөтөй жолдошторунан сурайт.

– Биз мына бу эле үйлөр жакка барабыз «ачуулунун алдынан чыкпа» дегендей, кыялы жаман киши эле баатырдыкына өзүң эле бар Көкө», – дешет.

– Ой, атаңдын көрү, иттер, жаңы казан датын жалашып жайытта бирге болуп жүргөн жолдош эмес белек, Байгазы мени урса арачалабайсыңарбы, жолуң болгурлар, кокустан сый көрүп калсам силер да сый көрбөйсүңөрбү, – деп жолдошторуна таарынгансып катуулап бастырып барып Байгазынын үйүнө түшүп, тай менен атын мамыга байлап салып, кымызын алып Байгазынын үйүнө кирип барып табыштуу үнү менен салам айтып калды. Көкөтөйдү көрө салып Байгазы чокту жанчып эрмектеп отурган колундагы кычкачын таштап жиберип, сакалын тырмалап, өңү-түсүн бузуп төр жакты карап алып: – Атаңдын оозунчайын томояк ал көкбулак кагазынан келген чечекти Бытпылдык деген жерде туулган Керче деген айгырдын тукумунан эле атаңдын оозунчайын тентиген бугу, эселде оңолбогон бир томаякка берип, Керчалышты өлтүртөт дейт бул ит. «Кердирип салчы, Сайкал байбиче, кызыталакты, кердирип сал» – деп жүктүн алдында отурган Сайкалга колун сунуп, «көзүмө көрүнбөй эшикке чык де, жинди атаңдын көрүн урайынды, дагы уялбай «салам алеким» деп коет» – деп тескери карап отурат.

– Ээ баатыр, эзелден берки жарыбаган Тоокеге эси жогунан жылкы баккан мен бир тайыңыздын күчүн берип өлтүрүп койдум «бир мал бөрүгө, бир мал төрөгө» деген экен, баатыр, башым аман болсо нечен Кербышты таап берермин. Элдин жылкычылары онду бөрүгө жедирип, бешти ууруга алдырып келди. Мен болсом өз элдин бир кедейи ыйлап келгенинен, жармачтыгын көрүп, жан сактасын деп берип коюп бир тайыңа зыян кылдым. «Жеген иттин бетине кара, эрге чарык табылар» деген экен, баатыр, – деп оттун төмөн жагына Көкөтөй сыңар тизелеп отуруп калды. Ансайын сакалын тырмалап «атаңды көрүнө чайын «кедейиң ыйлап келгенинен берип койдум» – дейт, мындай неме меселчи болот экен. Унчукпа деди байбиче, уяты жок итти ал Кербыштың үчүн мындай кулдун кара башын аламбы, я» – деп Сайкалды карады, Көкөтөй тоңдун этегин тизесинен басып, кымырына олтуруп.

– Эй, баатыр, бир жылкы үчүн мени алганыңызга капа болбоймун. Бир тай үчүн 12 ай үчүн өзүм деле башымды байлатып жүрбөймүнбү. Бирак мага ачууңуз келип жатып эле сакалыңызды жулуп салмак болдуңуз.

– Неме дейт? Неме дейт, атаңдын көрү куу этек кул? Менин жылкым элдин жылкысындай майда-чуйда жылкы бекен ыя, же иттин

кусундусундай сарала жылкы бекен? Менин жылкым кара-кызыл турна көк төрт сан кыртыш тобурчак чалыш жылкы го ээ... Сайкалжан, бул кулду эшикке алып чыгып кердирип салчы, божурабай «Ит кутурса ээсин кабат» дегендей, мунун айтып турганын көрчү, – деп Байгазы адатынча көчүгү менен тегеренип кереге жакты карап сүйлөп жатат.

Көкөтөй ачуусу келе түшүп: – Ой, баатыр, бир тайдын өлгөнүнө керели-кечке көчүгүң менен тегеренип жатып шымыңды тытып салдың. Эки жылкыңды бөрүгө жедирип келсем го сакал, мурутуңа кошуп каш, кирпигиңди такыр жулуп салмак экенсиң. Мынча кайгыраарыңды билсем нары бастырып тынымсейиттен төрт-беш жылкы сурай келип жылкыңдын туңгын арбытып койсом болмок экен. Өз айлыңдагы томояк Тоодеге бир тайыңдын күчүн берсем уурудан бетер керип сал дейсиң. Казак, кыргыз, бугу, саяк жыл сайын беш жүз атынын күчүн минип, бергени берип, бербегени азоо атыңарды үйрөтүп алгамын деп жалаа кылып аттарын карыгыча минген бугунун Солтонкул деген байынын кандай жаны бек неме? Сакал, мурутуңду маа өчөшүп тырмалай бербе, баатыр сенин жылкың көк булак казагынан келсе мен барып Үрүмчү Кара шаарынан алдырган Солтонкулдун кулжа моюн, кыз көз, теке жоомарт айгырларынын тукумунан алып келип берип кутулайын, баатыр» – деди.

Байгазы кайра тегеренип Көкөтөй жакты карап: – Ой, атаңдын көрү жинди бугу менин жылкымдан эле ошол Солтонкулдун жылкысы мыкты бекен? – деди.

– Ата баатыр ай, Солтонкулдун жылкысы чобур болсо, жалпы сарбагыш кадыр салып жатып Ак сурду суратып алып отуз асый болгончо Адылыңа мингизип карыганда сөөгүн артып койдуң. Төрөкелдиң бугунун колуна түшүп буту сынып байлоодо жатканда Балбай баатыр Аккызылды мингизип узаткан экен, чобур болсо ашка, тойго чапкан сайын чыгып, «Төрөкелди баатыр ай, Аккызыл келе жатыр ай» дедирип сурнайдын күүсүнө тарттырып жүрөт беле, – деди.

Байгазы мулуң этип күлүп: – Оо, атаңдын көрү жинди кул, каптайдагы сөздү билет, аны кайдан уктуң эле, куу аяк кул? «Байбиче, бу жиндиге жанагы мен ичкенден берчи» – деп сакалын жаагынан бери сылап, «атаңдын этин жеген жинди» деп оозун күбүрөтүп, Көкөтөйдүн сөзүнө жыгылгансып калды. Сайкал маашыр алып «Чунак

Көкөтөйдүн кеби ай!» – деп жүктүн бурчундагы керегенин башында илинүү турган жез ооз кара көөкөрдү алып келип, илеби жука кырма кара аякка көөкөрдү эңкейткенде аптыга түшүп көк карга болгон арак шар дей түшүп, аяктын капортосуна жакындай түштү. «Кап, куюлуп кетти!» – дегенсип, Сайкал «Чактап эле ич, Көкөтөй» деп аякты сунары менен ала коюп Көкөтөй тартып жиберип, Сайкал кайра басып жөнөй бергиче «Бар болсо дагы бир аз берип коюңуз?» деп Байгазыга угуза сүйлөп калды.

– Ий, кудай урган Көкөтөй көп ичип койдуң, бул тим эле арак эмес эле үсүп алган арак эле. Эми ичсең өлүп калбайсыңбы, – деп бербечүдөй болуп нарылап бараткандa чыдай албай Көкөтөй: – Ата, байбиче ай, киши ажалдан өлбөйбү, тамактан да өлөт беле, бар болсо бере түшсөңүз болот эле, – деди. Байгазы алая карап: – Ээ, Сайкалжан ай, алда сенин колуңдун кызганычы ай! Бар болсо бере берсеңчи. Оттуу чиркин болуп жатабы, өлмөктөн житип кетпейт. «Тамакты бир тууш ичет, бир кууш ичет» деген экен, бул туушуна ичип жаткандыр, бер Сайкалжан, бер нары, – деди. Сайкал чебердеп куюп, азыраак арак берди, аны дагы жутуп жиберип, бир аз отургандан кийин Көкөтөй мандайынын терин шыпырып өзүнөн өзү сүйлөгүсү келип «ушул кызуу менен Кербыштыны бир жаңсыл кылып кетсем болот го» деген ойду кылып, Байгазыга тийишмек үчүн «Ээ, баатыр, малыңызды качан көрөсүз, кайсы жерге барабыз» – деди. Байгазы Сайкалды карап: – Ой, Сайкалжан, мунун чаначына эт-мет болсо салып берип узатпасаң, ичегиси ысып калды, эми капкайдагы сөздү сурап жатып адамды мээ кылып жиберет, узат, – деди. Сайкал: – Көкөтөй, чаначыңды бошотуп алып келчи, эт салып берейин. Малыңа эрте кет, Баатыр малына барсын дейт го.

– Ой, байбиче үйдөн аттангыча маа энчилеп «Малыңа бар» деп коюп малдан келээрим менен» «керип сал» деп отурса баатырга Тоокенин жалгыз сур кунанын алып келип берип, атам менен энемди багып алганым жакшы го» деп эшикке чыгып үйдүн жанына туруп алып катуу үнүн салып кыйкырды: «Жылкычылар эле, жылкычылар, жүргүлө, баатыр «жылкыны түн катырып айдап Кажыртыны өрдөтүп, Шаты менен чыгарып, кайра Соң-Көлгө алып барып баккыла» – деп жатат. Бат жүргүлө, жылкыга барып эрте айдайлык» – деп бакашака түшүп кыйкырып жатат.

Байгазы: – Ой, Сайкал, эшиктегиң мас болчу бейм, бери чакырчы, мен качан Соң-Көлгө алып кеткиле дедим. Бул мага тийишип жок жердеги калпты айтып жатабы, чакыр, – деди. Сайкал: – Ээ, Көкөтөй, бери келчи! Ээ жинди, кудай алкагыр, көрүнөө эле калп айтып кыйкыра бересиңби? Мас болуп калдың белем да, бери келчи, – деди. Көкөтөй: – Ээ, байбиче, алты ай жылкы багып, ак кар, көк музда жүрүп айылдын четин бүгүн көрүп отурсам кайсы жылуу сөз угуп жыргаганыма мас болом? Сарбагыш туугандардын жардысына жакшылык кылам деп жакшысынан тил укканыма уугуп жатпаймынбы, – деп үйгө кирди. Байгазы:

– Ой, Сайкал байбиче, бул жинди мас болгон жок, маа кекээрлеп калпты айтып жатпайбы. Сөзүн көрбөйсүңбү, чучукка жетип турбайбы, – деди. Көкөтөй:

– Жогуңуз баатыр, жогор жагың тынымсейит борукчу болсо, төмөн жагың чоро саяк болсо, маңдай жагың моңолдор, черик болсо, ар кай жерден жылкы алышып, эр өлтүрүп жатса, жылкыны кайда багабыз? Малыңызды качан барып көрөсүз? – десем жооп бербей эле «узат байбиче, узат байбиче» дейсиз бир быштысын өлтүрүп койсом керели кечке көчүгү менен жылып тегеренип жатты, кокустан бирэки жылкысын ууру алса жылаңач оонап жатып убара кылабы деп ууру-бөрү барбагандай бек жерге алпарып багайын деп кыйкырдым, – деди.

Байгазы мулжуңдап күлүп: – Оо, атаңдын этин жеген чиркин, Кербыштыдан кутулуп кетейин деп менин жиниме тийгени бакыргансың го, болуптур, болуптур доолабайын, малыңа бар. Мындан ары Кербыштыны сенден доолабаймын – деди. Ой, баатыр ай! Жылкыңдан бир тайыңды зыян кылбай багып келсем, арыкчылыкта бир эли казы чыккандай тай жетелеп келсем, жайкы кымыздын көрөңгөсүн кыш узабай ала шалбыртта эки чанач кымыз алып келсем «Кандай, Көкөтөй, малы-жаның аман келдиңерби?» – деп кымыздан ичип, эшиктеги тайды союп, жаңы казы, картасын жеп, малыңдын ырахатын көрүп алып, анаан бир оокумда жылкыга бастырып барып, малың кандай багылып келгенин көрүп, «баягы Кербышты жок да, Көкөтөй?» - деп мени уялтып бастыра бербей төрүңдү карап сүйлөп, байбичеңди маа тилмеч кылып, керегеңди карап сүйлөп «керип сал» деп коркутуп, баатыр тургай балапан кылаар иш эмес, баатыр. Кербыштыңды

дооласаң жылкыңды аман багып берейин десем дагы бир бай быштысын берер, – деп камчысын алып Көкөтөй эшикке чыкты. Байгазы аркасынан чыгып мамыдагы семиз тайды көрүп «бали-бали Көкөтөйүм!» – деп Көкөтөйдү «жүрү үйгө» деп алып кирди.

– Көкөтөй жан, сени эркелетип жатамын. Малды баккан киши эле билүүчү, – деп ички чапанын чечип берип Байгазы, – Мени «мындай, андай деди» деп кишиге айтпа. Мен сага аял алып берип, энчи берейин деп жүйбөйүмбү, бул сөздү оозундан чыгарба? Мен дубанды коркутчу элем, мени сен коркуттуң. Сөзүңө жыгылдым, уулум, – деди. Сайкал чаначына сүр эттен толтура салып берип: «Көкөтөйүм баатырдын өз балдарындай эле көрүнөт» деп мактап салды. Көкөтөй «Мен дагы сизге эркелеп дөөрүп жатпаймынбы, кечирип коюңуз, баатыр?» – деп аттанып кетти.

## 4. КӨКӨТӨЙ УЗУН УУРУ МЕНЕН ДОСТОШКОНУ

Көкөтөй күлүк Карагер атты минип, семиз күрөң бээни коштоп, чаканыраак кызыл чаначка аз бөксө ууз кымызды байланып, Чоң-Жаргылчактын күн чыгыш жаккы кашатынан кыяга кирди. Көктөмдөкү семиз аттын кыялы кандай? Жазгы ууз кымызга кызымтал болуп жолдун өөдө-ылдыйлыгына карабастан токтогон күрөң бээге сылай камчы чаап, Карагер аттын желе баскан ылдам жүрүшү менен эндей тондун этегин делпилдетип Жаргылчактын кечмелигинен бат эле өйүзгү кашатка чыккандай болду. Жолдун үстү жагында жамбашы каркайган, мойну кулач болгон, ичи октой жараган упчулук сары тердик, куш баш ээр, кара көрпөчөнү баштанчалап тарткан күрөң аттын чылбырын, узунураак учунан кармай жүүртө басып, камчы сапты таянып олтурган эки ийини барчын бүркүттүн мүрүсүндөй болгоң канжа мурун, чап жаак, сары жигит күткөн кишидей болуп Көкөтөйдү карап комдонгон илбирстей болуп: – Ой Мурза, бери тарта кет, – деп жалооруган үнү менен чакырып калды. Көкөтөй бура тартып, бастырып келип:

– Салоомалейкум. Ээ баатыр, жол болсун? – деди. – Аа баатыр алай болсун. Өзүңө да жол болсун, канжыгаңдагы кымызды баатыр...

» – деди. Көкөтөй атынан түшүп: – Кымыз эле бул баатыр, кымыз эле болсо...

– Айып көрбөсөң, чече кел, баатыр? – деп жүүртө баскан жигит малдаш токунуп отурду. Көкөтөй чаначты чечип келип чайкап-чайкап:

– Мына баатыр, талаа жери эмеспи аяк жок эптеп эле огожо кармап, чанач менен иче тургансың. Шашпай олтуруп ичишиңче ич, – деп чаначты колуна берди.

Баягы жигит чаначтын оозун кайрып, оң тизесин көтөрүлтө түшүп, чыканакты тизеге таяп алып ооздуктура жутуп, катуу үшкүрүп бир аз демикенин басып, кайрадан чаначты көтөрүп, кыйла жутуп, чаначтын түбүн жерге коюп, оозун кармаган колу менен тизесин таянып, сол колу менен маңдайына сылап, тер чыга түшкөндөй болуп: – Ырахмат баатыр, Алла ыраазы болсун, ырахмат, – деди. Көкөтөй: – Ээ баатыр, сага да ырахмат. Ич шашпай ич, – деди. – Ичтим баатыр, эки күндөн бери тамак иче элек элем, катуу жутуп жиберип аптыгып, тоюп калдым, – деп чаначты Көкөтөйгө берип, жоолугун алып, терин сүртүп олтурду. Көкөтөй кымыздан бир аз жутуп: – Ээ баатыр, эс алып туруп кымыздан иче түш. Кичине отуруп жай сурашалык. Мен болсо Нарындык тынымсейит боломун. Азыр үйүмө баратам. Береги Көлдүн көкүрөгү жакка бардым эле, жолдо айыл жогунан бир аз кымыз байланып алып таңдан мурун эле чыктым эле, катуулап жүрүп келдим. Бүгүн Кажынын белине жетип конот элем. Эми өзүң жөн-жайыңды айта отур баатыр. Атың алыс жерден келаткандай көрүнөт, каржалгансып калган экен, – деди.

– Баатыр, мен болсом Жумгалдын аяк жагы – Кабак деген жерден келатам. Мурат уулу деген айыл элек, өзүм болсом көп жаман эмес элем, баатыр. Кудайдын буйругу экен шайтан болуп эки кишини бирдей өлтүрүп коюп, колум каңдуу болуп калып, элимден качып чыктым эле. Бой тарткан жалгыз карындашым бар эле «Мени таштап кетесиңби, абаке?» – дегенинен башка бирөөнүн колуна кор кылбайын деп алакелип кургак Илепистин айлында кайыны бар эле «аманатыңды ал» деп берип келдим. Ал жерге баш калкалап тура албай нары чети казакка чейин кетпесем бугу, сарбагыш, саяктын арасына бата албайм го деп кетип баратам, баатыр. Мына бул ат болсо биздин төмөнкү Кетмен-төбө, Таластарда бир канча байгеден чыккан белгилүү

ат эле, күндөп-түндөп келатып ноюгансып калды. Эми, баатыр, сен дагы бир азамат көрүнөсүң, төштөшүп дос бололук. Карагер атты мага бер, баатыр. Өлүп калсам ыраазы бол жана куран окуп кой. Агер тирүү болсом өзүм таап аламын. Атыңды айтып кой, унутпай айтып жүрөйүн. Бул жакшылыгыңды мен билбесем кудай - арбак билер, – деп ишинин өтө зарылдыгын айтып, көзү чачырап турду.

– Ээ, баатыр, өзүң эки бирдей эр өлтүрүп качып келатсаң, сени менен мурун соңку көрүшпөсөм, же аты-жөнүңдү билбесем. Дагы кандай сөзүң бар, апкаарыбай дагы сүйлөчү, баатыр, – деди Көкөтөй.

– Башка деле сөзүм жок, кучакташып жана дос болушуп койсок колкоң мендей болсун, баатыр. Карагер атты мага берип күрөң атты ала кет. Өлбөй кайра келсем Жумгалдын кайсы жеринен «Узун ууруну билесиңби» – десең бешиктеги баласы да айтып бере алат, баатыр, – деди.

– Ээ, Узун ууру баатыр, мен сенден колко үмүт кылып отурган жерим жок. Атың Узун ууру болсо, эки кишини бирдей өлтүрүп качып жүрсөң, сенден мен эмес шайтан дагы үмүт кылбас. Бирак сен дагы азамат көрүнөсүң «акыр заман аттан айрылган жерде» – деген экен. Ушул сырларыңдын баарын айтып турганыңдан, кайран жигит кор болбосун деп Карагер атты берейин деп турамын. Өлбөсөк көрүшөбүз. Өлгөнүбүздү угушсак куран окушуп коюшарбыз. Уругум тынымсейит, атым Көкөтөй, мына керек болсо баатыр, – деп тура калып Карагер аттын ээрин алып, күрөң бээге токуп, – баатыр ат берип, ат алган асбагалак дейт, атыңды коштоп кет, – деп Карагер атты туура тартты.

– Ой садагаң кетейин Көкөтөй досум, бул ат мага ат болобу? Карагер ат бир караны көрсөтөр. Сага ат берип ат алдым десем оңомбу, эптеп тоюндуруп алсаң коштошо кетер. Бул күрөң атты ала кет досум, – деп карагер атты токунуп, – келе баатыр, колуңду, – деп Узун ууру терин шыпырып бери басты. Көкөтөй чаначты жерден ала коюп: – Ме досум, байлан, талаа жеринде илген идиш жакшы болот, эми досум, карылардын сөзү бар эмеспи: «Ачта жеген куйкаңды токто унутпа, токто жеген куйкаңды текти унутпа» деген, кайда барсаң жолуң болсун, – деп кол алышып атганып экөө эки жакка жүрүп кетишти.

Тосордун Акчийине келип от жерге аттарын тушап, таң сүргөндө атганып жүрүп баратат эле, күн чачырап келаткан маалда Көлдүн

боюна жакын кумдуу дөбөчөлөрдун арасындагы камыштан эки атчан киши чыгып алдын тосо желип келишип: – Ой, токтой тур!» – – дешти. Көкөтөй байкап караса бирөөнүн белинде жез чоюнбаштын башы көрүнөт. Көкөтөй тартып тура калып: – Ээ, мурзалар улуктун укуругу узун деген ушул. Бери бастыргыла. Ким болосуңар? Кайдан келатасыңар? Келгиле мында кичине сүйлөшө туралы, – деп атынан түштү. Баягы эки киши токтоло калып: – Кайдан келатасың баатыр, кайда баратасың? – деп шыбыраша түштү. Караколдон келатам, кайда баараарымды билбеймин. Билүүчү кишилер аркада келатат. Келип түшө тургула, бир аз жай сурашып олтуралы, – деп Көкөтөй арка жагын каранып коюп отурат.

Баягы камыштан дагы бир жөө киши чыгып, шыпылдай басып келатат эле, эки атчан киши шыбыраша түшүп:

– Баатыр, биздин жумушубуз бар эле, – деп кайра тартып аттарына шапа-шупа камчы басып, калың камыштын чети менен чу койгон бойдон качып калышты. Алар бир кыйла узап кеткен кезде аттанып алган Көкөтөй чапкан бойдон кашатка чыгып, тебетейин колуна алып:

«Жүргүлө эле, жүргүлө!» деп катуу-катуу кыйкырып коюп баякыларды караса кылчайгысыз болуп качкан бойдон баратышат.

Баягы жөө киши эки жагын каранып, атчан жолдоштору качып кеткенин көрүп, өзүнүн кайда барарын билбей, көлдүн боюндагы дөбөгө чыгып, көлдүн бою жакка кеткендей болду.

Көкөтөй камыштын арасына келип байкастаса, калың камыштын арасында чаначтын колунан жуурат жана бир-эки тон жатат. Буларды алып баягы жөө кишинин изин кууп барса көлдүн жээгиндеги чоң түп дарактын жанына жатып алыптыр. Аны таап алып, тонду астына салып, күрөң атка мингизип алып, коштогон бойдон жүрүп кетти. Жолдо келатып Көкөтөй кез-кезде баладан сөз сурап коет:

– Сырыңды калтырбай айт, Соң-Көлдөгү бир айылга таштап кетемин. Агер сырыңды толук айтпай мындай-андай деп жиниме тийсең, коконду жулуп алып көлгө салып жиберемин, – деп коркутуп коёт. Жаш бала Кекөтөйдүн бул опузасынан корккон бойдон: –

– Ээй, айланайын аке, мен эч нерсени билбеген бала элем, биздин Желдеңден чыккан уурулар каракчы болуп атанган кишилер эле. Атын унутуп калдым, эстеп айтып беремин. Ошол атаңдын көрүлөр эле мени ээрчитип алышып келген. Менин үйүм Тамганын эле алды

жагында жатакчылар менен эле. Ушул жууратты биздин айылдагы бир он чакты кой сааган кишиникинен алышкан, – деп баланын эси чыгып сырын айтып келатат.

Кыдырма жардын алдынан чаң чыгып, улам берилегенсип келатат эле Көкөтөй менен бала көлдүн боюна түшүп, аттарын чалдырып, бир аз отургандан кийин эки атты коштотуп үч киши менен Чыныбайдын жигити – Гүлжигит келип калды. Көкөтөй ордунан тура калып, салам айтып, атын алып, түшүрдү. Бирак Гүлжигитти тааныбайт. Гүлжигит атынан түшүп: – Ээ, баатыр, кайдан келатасың? Өзүң ким болосуң? деп жай сурай баштады.

– Нарындык тынымсейит боломун. Жогорку Жуукудан келатамын, – деп Көкөтөй жооп берди.

– Ой, наркы чаначты чече келгиле. Куржунду ала кел, – деп Гүлжигит жолдошторуна айтып, кымыз ичип, эт жеп олтурушуп:

– Ээ, мурзам, сен төмөн баратыпсың, аттардын бирин минип кетемин. Мына бул ат чарчагансып калды. Силер мине берип жолдогу жатакчынын айлына жата турсаңар, береги бала ылоочу болуп баратат, ат табылган жерден кайтарармын, – деди Көкөтөй .

– Сиз ким деген киши болосуз? – деп сурап калды.

– Мен Гүлжигит деген боломун, уктуң беле, Чыныбай баатырдын Гүлжигит деген жигити бар деп? – деди.

– Ээ, уктум эле, баатыр, уктум эле. Мына, «абийирдүү эрдин алдынан ажалдуу кийик кез болсун» деген ушул, баатыр. Аттын бир күндүк тери үчүн үч киши берсем аласызбы, баатыр, – деп Көкөтөй Гүлжигитти карады.

– Ээ, ал бир күндүк аттын тери үчүн бериле турган кандай үч киши? – деп Гүлжигит кайра сурады.

– Ээ, Гүлжигит баатыр, «кудай берсе, кулжасы тура берет» деген экен. Анын бириндей эр Чыныбайдын жигити айтылуу Гүлжигит сен болсоң алдыңдан Көкөтөй үч каракчынын бирин колго түшүрүп, минтип, алып келатса, кылмыштуу кылыгын оңдоп, тентекти теске салып жүргөн Гүлжигит баатыр сен болсоң, сенин алдыңа туш болуп турганымды карачы, – деп Көкөтөй күлдү.

– Ээ, бул баланын сөзүн айтчы, тууганым? – дейт Гүлжигит.

– Ээй, Гүлжигит баатыр, мунун сөзүнүн баарын айтып отурамбы, ушул баланын өзүнөн сурап, сөзүн уга бериңиз. Эки атчан жолдошун

айла кылып кубалап жиберип, бул баланы жашынып калган жеринен таап алып келатам. Булардын ким экенин, кандай кишилер экенин баладан сурай бериңиз, – деди Гүлжигит.

– Ой, бала сен өзүңдү айтчы, өзүң кайсыл элденсиң? Ал качып кеткен жолдошторуң ким эле? Бул кишинин немине деп олтурганын байкап олтурасыңбы? Коркпой чыныңды айт!– деп баланын сөзүн сурады. Бала ыйлап жиберип:

– Аке, биз үч ууру элек, эки киши атчан эле, мен жөө элем. Ал эки атчан бул кишини карактап алабыз деп алдын торой чаап калышты. Жакындап барганда эле жалт коюп кайра тартып, качып калышты, мен бул кишиден жашынып көлдүн жээгиндеки дарактын түбүндө корголоп калсам, бул киши таап алып, ээрчитип келатат, – деди. Гүлжигит:

– Ээ, кайсы элсиң? – деди.

Бала: – Желдеңбиз, – деди.

– Оо, кайран Желдеңим, бали-бали, желдеңдин кайсы айлынансың? Ал жаныңдагылар кимдер эле? – деди. Бала:

– Мамыр байдын айылынан элек, ал качып кеткен эки киши дагы өзүбүздүн эле элден болучу, аке. Аттарын унутуп турам, таанып эле жүргөн кишилер болучу, – деди. Гүлжигит:

– Ээ, тууганым, сен дагы бир эрсиң го, үч кишинин экөөн кууп жиберип, бирөөнү байлап алып келатасың. Кана эми бул баланы эмне кылайын деп турасың? – деп Көкөтөйдөн сурады. Көкөтөй:

– Эмине кылайын баатыр? «Каракчы байлап келатам» – деп бул баланы бел ашырып Нарынга алып кетет белем. Бул жердеки Желдең турмак калың бугу чеңгелинен чыкпайт. Үч ууруну мен берип жатам, мага немине берээриңди өзүң бил баатыр. Нарынга байлап бараткан баланды сатып келдим десең Желдеңдин жол тосоор уурусу тургай жакшыларын уят кылбайсыңарбы, баатыр. Нары чети андай жолоочуну тынч өткөрбөгөн уурулар далай барып набактыга салып таштабайсыңбы баатыр, – деди Гүлжигит.

– Эр экенсиң, тууганым, эр экенсиң. Сен дагы жолу болгон жолоочунун бири экенсиң – деп тура калып сыртынан кийген жаңы көк чыт чапанын чечип берип, беш сом акчасын берип «мен сенин азаматчылыгыңа бердим, болбосо сени кайра алпарып ошол уурулар менен беттештирип анан коё берет элем, бар эми, бар эми азаматым» – деди.

Көкөтөй тура калып:

– Рахмат Гүлжигит баатыр, мен дагы «иттин этин бөрүнүн тишинен аяйт белем» – деп топтуу ууруну сизге берип жатпаймынбы, – деп чапанды кийип алып «кайыр кош, аман болуңуз!» – деп аттанып жүрүп кетти. Көкөтөй бул сапар дагы азын-көбүн олжолуу болуп барып үйүнө түштү.

Андан төрт жыл өткөндөн кийин Көкөтөй Карабодур Кыргоо деген жерде сырт кыштап олтуруп, эгин алып келүү үчүн Жумгалга барчумун деп семизинен жараган кызыл сары тору бээни минип барып, тамыр-тааныштарынан эгин алып жүрүп Мурзабектикине барып конду. Мейманканага толгон көп коноктун ичинде кайсы бирлери сөз кылышып отурушат: «Атаңдын көрү ай, жандуу азаматка тегеле айла жок экен да, баягы Узун ууру кайра келгенден бери Мурат уулунун бириндеп тарап кеткендерин жыйнап алып кадимкисиндей бир нече айыл болуп мал күтүп, баш кошуп Мурат уулу баштагысынан дагы эми мыкты айыл болуп калыптыр», – деп сүйлөшөт. Көкөтөй чала-була эсине түшүп «узун ууру баякы мага Жаргылчакта учурап, Карагер атымды алган жигит болбосун» деп:

- Ээ, аксакалдар, ал узун ууру дегенди кыйла мактадыңар, ал айыл конуп, мал күтпөгүдөй кандай эл эле? Кайдан келип дейсиңер, ал алыс жерге барган киши беле? – деп коноктордон сурады.

– Ээ, тууганым, ал узун ууру деген кыйла башында мыкты киши болуп, бул Кабакты бийлеп туруучу. Жакшы көргөн кичи токолу менен таарыныша кетип, ал аялы «мен кетемин» деп манчыркаса, төркүнүнө киши жиберип аялынын агасын чакырып алып «карындашың менен жараштырып кет» десе, «өзүң жарашып албайсыңбы» деп жаман-жакшы айтышып калган окшойт, кичи зайыбын агасы менен өлтүрүп салып качып кеткен. Ошол эки кишинин куну үчүн бүтүн Мурат уулунун малын талап алып, тентитип жиберген. Үч жылдан кийин узун ууру келип тентип кеткен тууганадарын Кетмен-Төбө, Талас жана Чүй жактагы элин жыйнап алып, бул кезде кадимкисиндей болуп малданып, алданып калганын айтып жатабыз. Сен аны кандай сурап калдың, тууганым? – деп Көкөтөйдөн кайра сурап калышты.

– Ээ, аксакалдар, «өлүү башка чөп үйүлөт, тирүү башка мал үйүлөт» дегендей ал мал, пул күтө албаган кандай киши эле деп тим

сурадым. Бирок ошол азаматты көрүп келсемби деп дагы ойлоймун, – деп Көкөтөй жооп берди.

– Ээ, тууганым, бир кезинде сен дагы катышып жүргөн эргулдансың го? – деп коноктордун арасынан бир аксакал киши сүйлөп калды.

– Э, аксакал, мен катышсам ачкасында аш берип, жөөсүндө ат берип катышкандырмын. Сен катышсаң ошондой элдин арасынан чыккан эрдин куну, эриштин айбы болсо бир айылдын аксакалы элем деп кагылыштан бир кара коштоп келчү ноендун бирисиң го, – деди. Отурган кишилер:

– Ырас эле, тууганым, ушул киши ошол Мурат уулунун тентиткендердин бири болчу, тааныгандай айттың баатыр, – дешип, күлүп калышты.

Аксакал ызалана түшүп:

– Тууганым, сен кайсы эл болосуң? – деди.

– Мен тынымсейит деген эл болом, түпкү уругубуз бугу деген эл болот, – деди.

– Ата балам ай, бугу деген эл жоош, коңур эл болуучу эле, сен өтө терс аяк көрүнөсүң. Сен бул Жумгалга эмине жумуштап келдиң эле? – деди.

– Ээ, аксакал, сенин коңурлугуң көрүнүп отурбайбы, бир шайтандуу ууру катынын өлтүрдү эле деп бир уруу элди тентитип жиберипсиң, бул сакал далайдын чыгына малынган сакал го, мен Жумгалга сөөк-тамырдан эгин алайын деп келдим, – деди. Аксакал киши ачуусу келгендей болуп:

– Кудайа тобо, «далайдын чыгына малынган го» деп бул кедейдин айтып отурганын көрчү астафырылдаа, – деп злди тегерете карап эки колун кармалап олтурду. Көкөтөй күлүп:

– Кудай калыс эле бир ээрде конуп отурганда жаныңдагы кишиге ачууң келип, «астофурылдайсың» кокустаи караңгы түн кыстап калып үйүңө барып калсам байлап салмак экенсиң го, – деп карс-карс күлүп калды. Аңгыча Мурзабек меймандардын үстүнө келип:

– Эй, Көкөтөй, бул мейманга баягы сонун сөздөрүңөн айтып берип, эрмек болуп жатасыңбы? – деди. Көкөтөй күлүп.

– Ээ, Мурзабек баатыр, көңүлүңө албагын, мен далай манапты көрдүм, анын чанда бирөө сөздүн баркына жетип байкабаса, кээ бир манаптын кыялы кабанаак иттин кыялындай болот экен, – деди. Мурзабек:

– Ээ, Көкө, ал ким экен? – деди.

– Ал ким болсун деги ушул олтурган коноктордун ичинде манап барбы? – депКөкөтөй Мурзабекти карады. Мурзабек эки жагын каранып: – Жок, жок, мында чоң мансаптан деле жок го. Мына бул эле аксакал манап чалыш киши эле, – деп күлдү. Отургандардын баары катуу күлүп калышты. Баягы аксакал киши катуу ыза болуп калгандай олтуруп калды. Көкөтөй эски сөзгө кирип, сөзмөрлүгүн билгизип, аксакалдын көөнүн жайлап, баатырлардан кеп баштап берип элди кыйла кубандырып салды.

Эртеси Көкөтөй аттанып алып узун ууруну көрүп келейин деп жүрүп келатты. Түлөөкө баатыр башынын үйүнө келип түшүп калды. Салам айтып үйгө кирип барса, Түлөөкө баатыр куурдак жеп отуруптур.

– Алеки салам, Кел уулум, кел. Уулумдун колуна суу куйгулачы, – деп Түлөөкө төмөн жагынан орун берди да.– Ал уулум, куурдактан ал: – деди. Көкөтөй үч колунун учу менен бир-экини алып ооз тийди.

– Ал балам, ал. Кайда баратасың? – Ал эттен, – деди Түлөөкө. Ачка болуп келаткан Көкөтөй азыраак калган куурдакты чогулта түшүп такыр сугунуп жиберди эле, Түлөөкө карап алып:

– О уу, анык эле көзөлүм экенсиң ээ? – деп табагын карап калды да: – Көзөлүмө тамак бергиле, карды да ачып келген көзөлүм турбайбы, – деди. Көкөтөй табакта калган бирин-серин куурдакты такыр жеп, колун сүртүп отурду. Түлөөкө:

– Узун ууру неминең эле, көзөлүм? – деди.

– Узун ууру досум эле, ат жалынан дос болдук эле. Эми учурашайын деп баратам, – деди Көкөтөй.

– Кайсы эл болосуң? Узун ууру менен далай катышкан көзөлүм экенсиң го? – деп Түлөөкө сурады.

– Мурда катышым жок эле, баатыр. «Эки бирдей эр өлтүрүп, элим деп талаан көрүп качып келатамын» – деп качып бараткандa учурашып калдым эле, – деп Көкөтөй жооп берди.

– Эмесе, Узун баштагысынан дагы кыйын болгон Мурат уулу деген эки ыстарчын элдин мыктысы, эки катын алып, жигит-жалаң күтүп, ушул кезде багалеги батпай турган кези. Айылы анабу эле Кууганды деген жерде болот, – деп Түлөөкө Узундун жайын жакшылап айтып узатты.

Көкөтөй бараткан эки жолоочуга кошулуп кетип баратат. Бир убакта эки жолоочу Узун уурунун айлына баруучу жолду көрсөтүп берип, өзүлөрү башка жол менен жүрүп кетишти. Көкөтөй Кууганды менен кетип баратса отун алган эки жигит учурады.

– Ээ баатырлар, Узун уурунун айылын билесиңерби?

– Билебиз. Биз ошол Узундун малайлары болобуз Узун өзү үйүндө. Айылы болсо тээ-тиги көрүнгөн сеңирдин учунда калың айылдын четиндеги чоң ак үй Узундун үйү, – деп аса-мусанын куусунан таңып көтөрүп баратышат.

Көкөтөй барып чет жаккы ак үйдүн жанындагы узун мамыга атын байлап, тонун тышынан курчанган бойдон, тебетейин баса кийген бойдон салам айтып кирип барса, жасалгалуу ак үйдүн капшыт жагында, кара көлдөлөңдүн үстүндө кийик эчкинин терисинен жаңы жасаган ак тонду желбегей жамынып, малакай тебетейдин аркасын баса кийип, чаканыраак өрүк комузду колуна алып күлүңдөгөн калың чоктун жээгинде Узун ууру отурат. Керилте жайган жүктүн бурчундагы күмүш ала бакандын жанында кебез ийрип отурган кара көз келин Көкөтөйдү карап коюп ийигин чимирилтип отура берди. Узундун маңдай жагындагы узун бойлуу ак саргыл келин тура калып бостери көлдөлөңдү отко жакын тартып Көкөтөйгө жаңсагандай болду. Көкөтөй жалт карап коюп Узун ууру оозун бүлк эттирип гана алик алгандай болуп «жогору чык» дегенсип ишарат кылып коюп отура берди. Көкөтөй амандашпастан гана Узундун жогору жагына барып камчы сапты таянып, сыңар тизелеп, бат эле чыгып кетчү кишидей коомайыраак отурду.

Узун ууру амандык, эсендикке жакшы келише албай сөөлөттөнгөнсүп ой деп маңдай жагында турган келинди карап оттун жээгиндеги кырка турган кашкар чайдоосторду көздөй кабагын серпип ишаарат кылгансып калды. Келин жукараак кара аякты ала коюп жогорку четки калпакчан келген чоң кызыл чайдоостон бозо куюп Көкөтөйгө сунду. Көкөтөй аяк колуна тиери менен токтолбой бозону тартып жиберип, келин кайра тарта бергиче аякты кайра берип калды. Келин аякты ала коюп, бозодон куюп дагы сунду. Баштагыдан бетер колуна тиер менен өчөшкөндөй жутуп жиберип тездик менен аякты дагы кайра узатып Көкөтөй келинди шаштырып калгандай болду. Келин «бул кандай укмуштуу киши» дегенсип аякты алып, Узунду бир

карап, Көкөтөйдү бир карап баякы чайдоосту жайыраак кармап «берсемби, койсомбу» дегендей кош көңүлдүк менен бозодон куюп дагы сунду. Көкөтөй аякты алып жерге койбостон дагы жутуп, жартысын кармап отурат эле, Узун ууру дагы «жутуп жибереби?» дегенсип, бир аз мойнун буруп, көзүнүн кырын салып карап:

– Ээ, баатыр жол болсун, таанышпадык? – деди. Көкөтөй колундагы бозону жутуп жиберип, мурутун сылап, үнүн жасап коюп:

– Ээ, немине дейсиң? – деп Узунду карады.

– Ээ, таанышпадык дейм, кайдан келаткан, кайда баруучу кишисиз? – деп сурап жатам. Көкөтөй тебетейин өөдө ыргап коюп көзүн алайта карап катуу ачуусу келген кишидей болуп:

– Ээ, сен кайдан таанийсың. Жасалгалуу ак үйдүн ичинде эки бирдей кара көз келиндин маңдайында жаңы кийик тонду жамынып салып, асамусанын чогун үйүп таштап, өзүң комузду колго алып, кудайсып отурган атаңдын көрөгөчайын уңкуйган ууру, сен кайдан кишини таанымак элең. «Үч аяк бозону удаа тартып жиберген ачарчылыктан чыккандай болгон кандай ңеме?» – деп отургандырсың. Уңкуйган атаңдын оозунчайын, жер куруткан ууру. Сен таанир элең, эки бутуң салаңдап, эки көзүң алаңдап ачкадан жыгылмак болуп, көзүңдөн чаар чымын учуп турганыңда, күлүк карагер ат минип, семиз күрөң бээни коштоп кыпкызыл чаначка ууз кымызды чайкалта байланып алып, Жаргылчактын кашатынан улуу шашке маалда учурап калсам, чайкалган кымызды дем албастан жутуп, маңдайыңдан мончок-мончок тер кетип, эсиң оой түшүп, үшкүрүп далдайып отуруп калып, эс алгандан кийин көзүңөн чолок жаш чыгарып жалынганыңда Каркер атты токуп берип узатсам, кызыл чаначты байланып алып, буура көкүл Каракер ат менен шартылдатып жүрүп кетсең мени таанып жатаар элең, ант урган, арбак урган уңкуйган ууру. «Аксак сарыңды ал» деп ордунан туруп Көкөтөй жөнөй турган болуп обдулганда тонду кайрасынан серпип ыргытып жиберип: «Айланайын досум!» – деп Узун ууру тура калып Көкөтөйдү кучактап бети-башынан өөп, жыттап:

– Оо, садагаң кетейин досум, мени кудай урганда таанибай калган экемин, деги атыңды айтып койчу, айланайын, атыңды унутуп калыпмын. Көкбай белең? Көкүй белең, садагаң кетейин досум? – деп керегеге сөөнтө кучактап алып мойну-башынан жыттап ыйлап жиберип,

Узун ууру Көкөтөйдү коё бербей алышып жатып калды. Жүктүн бурчундагы кара көз келин Көкөтөй сүйлөп жатканда эле «Бу кандай киши, Узунду эч бир киши мындай, бетине жаман айтып, сөгүп, тилдечү эмес эле» чочулагансып жүгүрүп келип, буларга арачы болчудай элеңдеп кармалап жүргөн. Аны менен эч кимдин иши жок. Көкөтөй менен Узун кучакташкан бойдон бакылдашып «урушуп жүргөнү» – ойноп жүргөнү деп билиңиз. Алпурушуп жатып бир маалда туруп келип орундарына отурушту. Узун ууру жалынып-жалбарып:

– Ой, айланайын досум, эми тааныдым. Атыңды гана унутуп калыпмын. Мен үчүн болбосо дагы антың үчүн атыңды айтып кой? – деп жалбарып турат. Көкөтөй ачуусу абдан чыкпаган кишидей болуп:

– О, атаңдын көрү, уңкуйган ууру, сен өңдөнгөн уурунун эси болобу. Карылардын сөзү бар эмеспи «Уста менен дос болсоң, наркескенди аласың, ууру менен дос болсоң бир балээге каласың» – деген кыяматтуу күндө дос болушкан менин атымды унутуп олтурасың, антка турбас уурулугуң эмеспи. Болбосо менин атымды унутуп, өзүмдү тааныбай калар эбиң бар беле? Кайыр эми, сендей уурунун кадыры болбосо да мынабу аяштарымдын кадыры үчүн айтайын атымды, угуп калып айтып жүрүшсүн. Аяштарым мынабу уурунун өчкөн отун тамызып, өлгөн жанын тиргизип талаа, эрме чөлдө аягына жыгач улап айкын, даңгыр жолго салып дос оозанышып калган Көкөтөй деген мен болом, – деп сөзүнүн аягына чыга электе Узун бакырып жиберип кайра кучактап, Көкөтөйдү басып жыгылып калды.

– Ии, айланайын, баягы ээн талаада, атым баспай калганда, бир жигит учурап, атын мингизип, кымызын канжыгама байлап берип узатты эле деп эки келин эки жактан жарыша сүйлөп, Көкөтөйгө тегерене чуркап, карбаластап калышты.

– Ээй, аяштарым, «эр сыйлаган эшикке жатпайт, ат сыйлаган жөө баспайт» дегендей, өзү эр өлтүрүп качып баратса, аты Узун ууру болсо мен ушуга ат тургай, кымызымды жуткурбай кетет элем, «эр кадырын эр билет, дыйкан кадырын жер билет» дегендей жалпы кыргыздын эр-азаматтарынын кар болбосу үчүн ушуга дос оозанышкамын, – деп Узун менен Көкөтөй кайра баштан учурашып, алы-жайын сурашып олтурушту. Узун айыл-апа, жар-жоросун чакырып алып «Бул киши Көкөтөй деген менин жан аябай турган досум» деп барлык баштан өткөн тарыхтарын айтып тааныштырды. «Эми бул

кишини беш түнөтүп узатабыз» деп эки өркөчү баладай болгон ак ингендин бир жагына чара, бир жагына табак жүктөп, кара жыгачтан жаңы кырган чара, табакты сылай жүктөп кашына жезден чыбык салган найман ээринен эки-үчтү бастырып, төөгө сылай жүк кылып, борго байланган сары тору бээни төөгө чиркеп берип, «Көкөтөйдү Жумгалдан өткөрүп кел» – деп бир киши кошуп берип «Кош досум!» – деп узатты.

– Ээ досум, «сүрдүкпөй күлүк жыгылбайт, сүрүлбөй жигит оңолбойт» – дегендей эми мындан ары сабырлуу болуп элге жак, салмагың болсун алтындай, дыйкандык кылып кетмен чап, эмгектен качып тартынбай. «Жаман деген бир ат бар – жууса кетпейт, жакшы деген бир ат бар кууса жетпейт» деген экен, досум, эми шайтаныңды коюп ууру атыңды жоюп оокат кыл» – деп Көкөтөй жүрүп кетти.

## 5. КӨКӨТӨЙ ӨЗБЕК БАЙ ӨЛГӨНДӨ ЖАПЫЙ МЕНЕН БАРГАНЫ

Көкөтөй тынымсейиттин мыктылары менен таарынышы көчүп келип, Кочкорго кыштап калган. Жапай болуштукуна Бишкектен бир киши келди. Ал кишинин алып келген каты бар экен. Ал катты окуп алып эле «Көкөтөйдү чакырып кел!» – деп «мени сизге жиберди» – деп бир жигит шашып Көкөтөйгө келди.

– Маакул, маакул, барайын, – деп карбаластап атганып Көкөтөй Жапайдыкына келди. «Бишкектен келдим эле» бир жигит отурат. Ал жигиттен олтурган эл ар кайсы сөздөрдү сурап отурушат эле, аңгыча Жапай эшикген кирип:

– Ээ, Көкө? келдиңизби? Жакшы келипсиз. Мынабу жигит Бишкектен келиптир «Өзүбек бай өлдү» дейт. Ошол байга топурак салсын деп бул жигит бизге чабаганга келиптир. Атыңыз тың беле? Азыр тамак ичип алып, түн катып жөнөсөк, эртең коногунда барабыз, – деп, Жапай камынып жатканын айтты. Чабаганга барган жигитке бир семиз карагер ат берди.

– Ой тууганым, сен бул атыңды коштоп алып, жайыраак жүрүп шашпай кел, биз менен жүрсөң бул ат кызылмай болуп калат, – деп

чабаганга барган жигитти таштай Жапай, Көкөтөй бир жолдош алып түн катып жүрүп олтуруп, эртеси кечке жүрүп күүгүмдө Өзүбектин айылына келип өкүрүп түшүп калышты. Казак, кыргыз казандап жаткан экен. Өзүбек байдын өлгөнүнө кызмат кылып, конок алып узатабыз деп эки жүздөн ашык үй тигиптир.

Эки түнөтүп Өзүбекти коюп койгон экен. Алыстан келген жана келүүчү сөөк тамырларын күтүп, элди тарата элек экен. Элге мүчө берип, ат, кунан чаап, эртең элди таратабыз деп жатканда Жапай, Көкөтөйлөр келип калган, Өзүбектин кичи үйүнө түшүп, эшиктин алдына килем салып койгон жасалгалуу ак үйгө киргизип, үйдөгү узата койгон үстөлгө дасторкон жаап он-он беш бөтөлкө аракты тизип коюп жигиттер, келиндер жана чоң кыздар жездеси Жапайга келип-кетип турганда Көкөтөй кубанып:

– Атаңдын көрү эл деп, журт деп ушул элди айтса болот, атаңдын көрү. Алып келгиле, кудачалар аракты тескейдеги ийиндин оозуна чыккан ышкындай кылып кызыл баш бопурамскейди тизип салыңар, байдыкы той эмеспи. Биздин жерде болсо мындай өлүк өлгөн жерде арак бермек тургай катуу ачыган ачкыл жарма дагы ичирбейт, эмне десе «өлүк өлгөн жерде даарат алып, келме айтып отурса болот. Мен да ушинтип өлөм го деп кайгыланып отурса сооп болот. Күлүп, ойноп олтурса өлүккө чоң убал болот» дешип ар кайсы үйгө бирден молдо эки кез дакени башына чалып алып, капкайдагы калптын баарын айтып мындай адамдарды токтоосуз бейишке чыгарып жиберүүгө дооранды көп байлап кожо, молдого малды көп берип, куран окута берсе ал өлүк буйдалбай эле жаннатка барып отуруп калат. Дооранга аз байлаган кедей кишилер далай кысталып жатып бейишке барбаса көп бара албайт деп оозуна келген калп сөздөрүн айта берет. Мына өлүктүн кызматы келген элдин ыйлаганы ыйлап, күлгөнү күлүп, эрки менен жүрүп кеткени жакшы эле эмей, ал колго түшкөн уурудай болуп өзүнөн өзү жүдөп олтуруп байлоодон бошонгондой болуп турган кантип жакшы болсун. Баракелде, туугандар силердин жол-жосунуңар жакшы экен, бизге окшош алыстан чарчап келген киши мындай жандуу тамактан ичип түнөсө эч бир жери оорубай, алыстан келгендей болбой калат эмеспи. Анан күндөп-түндөп жол жүрүп келип мен да ушундай болуп өлөм деп коркуп отуруп түнөсө таза киши дагы эртеси

ооруп калаар, – деп булардын кызматын жана эл жосунун жактырып отурду.

Өзүбек байдын жамаатындагы карыялардан он чактысы келип Жапайга учурашып жана Көкөтөйдүн эски, жаңы сөздөрүн угуп отурушкан. Көкөтөй солтонун ичиндеки бөлөкбай-талкандын баатырларын айтып бул элдин Жангарач баатыр, Чыңгыш баатыр, Канат баатыр, Абайылда баатыр жана Күрпүк, Самак, Жаманкара баатырлардын эрдигин жана ар бир окуяларын айтып, кыйла убакытка чейин сөз салып берип тарашкан.

Эртең менен баякы аксакалдар жана Жапай, Көкөтөйлөр болуп он чакты киши айылдын жанындагы дөбөчө жерде отурушат эле, күн тегиз тийген маалда ар бир айылдан элдин баары топ-топ болуп дүрбөгөнсүп ат токунуп топтошкон кишилер аттанып жаткандары да бар. Бул учурда элүү, алтымыш чамалы киши менен катар бастырып келатышат. Алдыраак жагында чоң тору кашка ат минген, ак тебетей, кызыл чепкенчен, нооча кызыл жигит баштап келип тартып тура калып, түшчүдөй болуп ыңтайлаганда эки-үч жигит аттан алып түшүп, бири чылбырдан алса, бири колтуктап түшүрүп, бир жигит камчысын ала коюп, эң эле кастарлап калышты. Муну көрүп олтуруп Көкөтөй жанында отурган ак сакалдардан сурады: «Бул ким деген киши?» – деп. Ак сакалдар жооп беришпейт: – Бул киши Бошкой уулу Алымбек деген киши. Азыркы мыктыбыз ушул киши. Өзүбек байдын зыйнатын ушул Алымбек башкарып узатып жатат дешти. Бул отурган Жапай, Көкөтөйлөр менен Алымбектердин арасы бир аркан боюдан гана алысыраак жер эле. Бирок келгендердин баары Алымбектин үстүнө келип түшүп жатып үч жүз чамалуу киши болду. Бир аздан кийин бул көп элдин арасынан катуу каруу сезилип сөз айтып жаткан кишинин үнү угулат. Жапай кырынан жатат. Көкөтөй кулагын салып, наркы топтун сүйлөп жаткан сөздөрүн тыңшап отурат. Жанындагы аксакалдар бир нерсе деп кожулдашса колун ышаарат кылып «Токтой туруңуз, бай?» деп Көкөтөй аларды унчуктурбай коюп наркы элдин сөзүнө кыйын түшүнүп жаткандай болуп отурат. Ал сүйлөгөндөрдүн бардык сөзү эле илгерки үй чапкан, жылкы тийген баатырлардын сөзү болуп жатат. Бирак бул сөз салгандар бугудан башка эч кимди чаппай эле Сары-Жаздан, Каркырадан, жана көлдүн күңгөй, тескейинен эле бугуну чаап жатышат. Башка, казак, кыргызга барып үй чаап, жылкы

алганын эч ким сүйлөбөдү. «Бул бугунун тамтыгын койбой чаап жаткан ким болду экен? – деп Көкөтөй улай албайт.

– Ой, аксакалдар, Манабу бери карап сүйлөп жаткан маңдайкы тиши түшүп калган, мурду кырдач, көзү үңүрөйгөн, жаагы узун, сары киши ким деген киши, таанийсыңарбы? – деп сурады. Аксакалдар:

– Кана-кана, кайсы киши, тетиги бери карап сүйлөп жаткан кишиби?

– Ооба.

– Ал киши сарбагыш боло турган эле, – дешти.

– Мынабу, бери жактан ары карап сүйлөп жаткан чай туткуч тебетейленген томолок киши ким деген киши? – деп дагы сурап калды.

– Ээ, ал киши биздин солто Жангарач баатырдын туугандары болот. Ал өзү баатыр киши. Илгери жортуулга көп барган киши болсо керек, – деп жооп беришти. Аңгыча болбой баякы сыгылып отурган көп элдин арт жагында аягы менен туруп турган чолок сары тону бар, кызыл көрпө тебетейи бар, сыртынан кисе курчанган, кончу кенен өтүк кийген бир картаңыраак казак:

– Биз дагы бугу деген элди шааул эдик, – деп кеп салып калды. Бул отурган элдин бугуну чапкандан башка сөзү болбой эле улам бири «Бугуну чаптык эле» деген үндөн басылбаганда ичи күйүп токтоно албай:

– Ээ, Жапай болуш, уруксат барбы, мен мынабу чогууга барып келейинби? – деп Көкөтөй сурап калды. Жапай күлүп:

– Ээ, Көкө, ал элдин кебин мен дагы угуп жатамын, кудай эле өзү кечирсин, баарысы эле жалган сөздөрдү айтып, мактанып жатат. «Үйү жакын иттин куйругу узун» дегендей бул эки көзү жок эле бугуну чаап жатпайбы. Көкө, сарбагыш, бугу көп эле үй чабышып, жылкы алышып эр өлтүрүшкөн экен, анан солто менен казак барып бугуну чапты деп мен укканым жок эле, – деди.

– Жоок, Жапай болуш, мен хан Ормондун уулу Жапай менен бир жүрүп, эл көрүп, жер көрүп келем деп ойлодум эле, ошон үчүн береги элге барып келейин? – деп Көкөтөй кайра сурады.

– Ээ, Көкө, элдин сөзүн угуп, ичегиң кызып жатат окшойт, тим эле отурсаңыз жакшы болор эле, – деп Жапай жооп берди.

– Ээ, Жапай болуш, мен сени менен жүрүп түрлүү сонундарды көрүп эркимче жүрүп келем десем, өз башыма ээ болбой эле айдалып

жүргөн киши өңдүү турбаймынбы, – деп Кекөтөй таарынгансып калды.

– Жок. Жок. Көкө, барыңыз. Мен тим эле чоочун элге барып сөзмөз айтса дагы каны кызып кетип баягыдай, оозунан жаман сөздөр чыгып кетеби деп эле сизди коюңузчу дедим эле. Бул элди көрдүңүз го, сыпаа эл болот турбайбы. Биздин сырттыктай жаман-жакшы сөздү эрөөн албай калбайт. Ошол үчүн баягыдай бокооз жаман сөздөн айтпай эле сыясат менен сөз айтып келиңиз. Кокустан жаман сөз айтып жиберип баягы Ормон уулу Жапайдын жолдошу ушундай экен деп жаманатты болуп калбайбы, Көкө. Барыңыз, – деп Жапай жооп берди.

– Эй, Жапай, Жапай, андай бокооз сүйлөгөндөрдү жаман көрсөң казак менен өзбекти сүйлөтпөй койбойсуңбу? Анан мен өзүм эле оозумду бек таңып алайын деп, ордунан тура калып, чөнтөгүндөгү бөтөлкөнү ала коюп бурапкесин жулуп алып, тайтайып тура калып, чалкалай түшүп, аптыктыра эки жутуп алып, калың жыйын болуп аткан элге барып Алымбекке учурашсам экен деп шыгырай отурган элден жол таап баралбай, элди тегерете басып, Алымбектин маңдай жагына барып, эки колун бооруна алып, катуу үнү менен Алымбекти карап туруп:

– Ассалоом алейкум!– деп Көкөтөй добуш салды. Отурган эл жалпы карай калды:

– Ботом бул бакырып-өкүрүп салам айткан ким? – деп калышты.

– Бакырып салам айткан менмин. Сөөгүм бугу, уругум тынымсейит. Көкөтөй деген мен болом. Кан Ормондун уулу Жапай болуш менен келдим. Алымбек канга учурашайын деп турамын, – деди, Көкөтөй.

– Ой, ой! Жол бергилечи, чоочун киши экен, жол ача бергиле!– деп, Алымбек шашкансып калганда эл арасын ача беришти. Элдин арасы ачыла түшүп, эки жакка кыйшая бергенде Көкөтөй аттап-буттап, кайсы бирлеринин тизесин басып кеткендей болуп өткөндө: «Бул кандай көзү-башын аландаткан жинди өңдөнгөн неме, бугу туугандар ушундай копол эл болот дечү» деп кобурагансып калышты. Көкөтөй барып:

– Ээ, Алымбек жан, кандай аман, эсен жүрөсүңбү? Көрбөсөк да, атыңды уктук эле, эли-журтуң жалпы аманбы?. Солто туугандардын

башы-көзү, жалпы жайык саламат турабы? – деп Алымбектин колун бекемирээк кыса-кыса кармап, андан өтүп катар олтурган аксакалдарга кыдырата учурашып, колдорун катуу кармап өтүп барып Алымбектин маңдайына отурду. Аксакал болуп калган картаң кишилер колдорун кармалап «бу кандай алаңдаган неме, дүлөй киши менен учурашкансып бакылдашып учурашат? Анан кишинин колун сый-сый кармап кетет да, – дешип күбүрөшүп карап калышты.

– Ээ, иним, кандай, өзүңүздөрдүн эл-журтуңар аман-эсен жатабы? – Качан келдиңер эле? Жапай болуш дагы келди беле? – деп, Алымбек сурап калды.

– Эл, журт болсо жалпы аман-эсен жатат. Биз Кочкордон чыкканыбызга эки күн болду. Мурдагы күнү эле бугу тууганыңыздын туурдугу сыйрылбай аман жатат эле, бүгүн эртең менен эле ушул жерден угуп отурамын: наркы четки Сары-Жазы, Каркырадан, берки чети Ысык-Көлдүн күңгөй, тескейиндеки бугудан неме койбой эле солто, сарбагыш, казак-мазагыңар менен чаап алып жатасыңар, көлдүн баш-аягы төрт күндүк. Чүйдүн баш-аягы төрт күндүк жол эле, бул сегиз күндүк жолдон бул отурган кишилер кечинде аттанып деле эртең менен чаап алып жетип келет, эртең менен , аттанып деле күн баткыча чаап келип жатышат; алмак-салмак чаап алып отуруп солто, сарбагыш, казак-мазагы менен бугунун тамтыгын кетиргенсип салышты, ошонун жайын, чын, төгүнүн сизден сурайынчы деп келдим эле баатыр, – деди. Алымбек катуу күлүп, санын чаап: «Ырас айтат. О, ырас айтат, и-и-и, тууганым, баса, солто, сарбагыш, казак туугандар, баарыңар эле бугуну чаап алып жатканда бул гууганымдын жаны кашайып келген турбайбы. Силер дагы кудайды карабай эле «бугуну чаптык эле, бугуну чаптык эле» деп баарың бирдей алмак-салмак кеп салганда чыдай албай келген турбайбы!» – деп күлүп калды. Көкөтөй:

– О, Алымбек баатыр, дагы бир-эки ооз сөзүм бар эле.

– Айт, айт, баатыр сөзүңдү калтырбай айт, кана, айтып көрчү! – деп, Алымбек Көкөтөйдү карады.

– Айтып көрсөм, баатыр, «күбөлүү сөз, никелүү катын» деген экен, мен күбө, далилдер бар сөздөн айтып берейин; бул отурган эл сындап турсун, абал мурда таанышып алайын, баатыр, мынабу маңдайкы тиши түшүп калган, ыңырчактын коңулу ооздонгон сары киши сарбагыш тууганбы?

– И-и, сарбагыш! Сарбагыш!

– Эмесе сен, сарбагыш тууганым болсоң «бугуну чаптым, бугуну чаптым эле» дейсиң, кайсы бугуну чаптың? Немине олжо алып келдиң? Ким менен согуштуң? Бир далилиңди айтчы? Кечээ Чагалдактын байталынын чырында саяк Абылбек баатыр, бугу Балбай баатыр кан Ормонду түшүрүп алып, өлтүрүп, ичегисин итке сүйрөтүп жатканда сен кайда жүрдүң эле?

Анда го башка бир жакка жортуулга кеткен экенсиң. Ормон баатырдын кунун кууйм деп эр Төрөгелдиң Кокондон берки кул чакырып солто, сарбагыш, кушчу, мундуз, саруу, саяктан бери жыйнап алып баргандагы кара баткактын урушунда сен кайда кетип калдың эле? Андан кийин бугу үркүп Каркырага барып, Ысык-Көлдүн күңгөй тескейлеп калганда «бугунун тукумун койбой кырамын, малы менен кыз-келинин такыр олжо кыламын» – деп күңгөй-тескей менен калың колду жүргүзүп, көл өрөөнүндөгү эгин, чөпкө жайпай, конуп, Тондун тор-ала буудайы богок болуп турганда, бээ байлатып, эгинин талкалап, салыгын талап, Каркырага калың колду таштап Төрөкелдиң барганда кызыл жүгүрүк болуп жүрүп, башын канжыга менен таңдырып, тутамга ченеп табылгыны кырктырып кежигесинен толготуп алып жүз киши менен Балбай баатыр Сары-Иймектин адырына бекинип жатып бугуну жалпы көчүрүп, эр бүлөсүнүн баарын көч арасына калтырбай келаткан жоонун аркасындагы кайра тартып келүүчү жолундагы коолорго бекитип салганда ала көөдөн Төрөкелдиң «Жер чардатып, жол арытып өтпөй үрккөн эл беттеше алабы» деп Ажыга кирип барып, ээн калган көчтө кыз-келинди, жабык салган жүктүү төөсүн, жайнаган жылкы, койду талап алып Төрөгелдиңдин алып барган калың кошунунун баары олжого аласкап кайсы бири мал айдап, кайсы бири жүктүү төөсү менен кыз-келиндерди коштоп алып бугунун баатырлары менен иши жок «бугуну чаап алдык» деп жайбаракат келатканда Сары-Иймектин адырынан жүз баатыр менен «Балбай! Балбай! Балбай!» – деп качырып чыгып олжого колу байланып келе жаткан көп колду Балбай баатыр алдынан утуру кайра сайып, Төрөгелдиңди колго түшүрүп, кара элечек кылып жоодон алда канча ат түшүрүп, эр байлап алып Каркырадагы бугуну кең Ысык-Көлгө кайра көчүрүп, азоо көк букага эки үзүктү артып коюп, үстүнө Төрөкелдинди мингизип коюп, буканы куру дүрмөт менен көтөңгө атып,

бука мөңкүп көтөрүп уруп сүйрөп жүрүп, Төрөкелдиңдин бутун сындырып үзүккө жаба чычырып Балбай баатыр эрмектеп жүргөндө сен кайда жүргөнсүң? «Бугуну чапканда, бугуну чапканда» эле дейсиң, кайсы урушта кандай жерден чапканыңдан бир далил айтып чабасыңбы же кудайды карабай эле оюң менен чаба бересиңби? Кана, алдакы урушта дагы алыс жерге жортуп кеткен окшойсуң. Желдең, Жанек баатыр Эртиштен жылкы тийип элдин баарын каарып «Жанек келгиче жалаңгыч келди» десеңчи дедирип турган кезинде жол тосуп карактап аламын деп келип берки Чаар-Арча килемчечтен жолоочулап бараткан Адылыңдын катынын кармап алпарып бугу жайы, кышы алып жүрүп берген экен, сен жол тосуп жүрүп кайсы бугунун катынын алып келе койдуң? Байгамбар жашына келипсиң, ыңырчактын коңулу ооздонуп калп айтканча, чын кептен бирди айтсаң болбойбу, – деп Көкөтөй дагы имериле карап, «береки чай туткуч кебетеленген солто тууган беле?» – деди.

– И-и, солто тууганың, солто тууганың, – дешти.

– Кана, баатыр, сен качан барып бугуну чаап келдиң эле? Бу киши болсо го бугу, сарбагыштар Кылжырдын уулу экен, кана, арка бериш айлы жакын эл экен. Ууру аткарышып, ушак айтышып жүрүп, эртели-кеч чырдаша кетип үй чабышып, жылкы алышып жүргөндүр.

Бирде бугу чаап алса, бирде сарбагыш чаап алып Балбайдын кулагын Ормон кесип алса, Ормондун башын Балбай кесип дегендей өчтүү-кектүү болушуп калгандыгынан кармашып, кан төгүшүп жүргөн экен. Алар илгерки элге ылакап да болуп жүрүшкөн. «Солто журттун тогу, саяк журттун шогу. Сарбагыш менен бугудан көрө барынан жогу» деп карыялар айтчу эле. Жаш кезибизде эл айтканын угуучу элек дешип, ошондой бирин-бири өлтүрүп жүрүшкөнүн айткан. Кана, сен качан барып, канча олжо алып келгениңди айтчы?

Жайлата аштыктын четинде, арыктын кулагында канжыгасынан темир күрөк, кетмен өксүбөй Чүйдүн ысыгында алты-жети ай чымын менен кармашып көзүнүн чылпагы муштумдай болуп, жалысынын үстүнөн меке чыгып кызыл-ала болуп, көкүрөгүн арабанын камыты согуп салган жал-куйругу союл болуп, уйгак баскан, алдынан киши чыгып «салоомалейкум» дегенде куйругун көтөрүп чычып тура калган чолок боз атың менен кайсы жайлоодо жаткан бугуну басып-чаап жетип келе койдуң? «Эрдин кебин эл айтсын, эженин кебин сиңди

айтсын» дегендей, силердин баатырлыгыңарбы эл айтпай эле калп сөздү өзүңөр айта бересиңерби? Жортормон киши жердин элдин жана беттешкен эрдин түрүн айтса угумдуу болбойбу. Анан ооз менен эле «эр сайдым, мал алдым» деш далилсиз болот, – деп баягы элдин арт жагында сүйлөп жаткан казак турган жакты карады.

Ал казак болсо ордунда жок. Жок да болсо ошякты карап алып Көкөтөй сүйлөп жатат: – Кана, казак тууган, сен «шаубедик, шаубедик» эле дейсиң, сен бугуну чапканда кайсы жол менен барып чаптың? Үч капкак көңүз ашып бардыңбы? Же Жылдыз өрдөп бардыңбы? Же Көк-Ойрок ашып түшө калып Көлдүн кап ортосунан түшүп чаап алып желип кете койдуңбу?

Сен келегей уюган айраныңды чылгый карынга куюп алып, оозунан жер дүлөй түшпөй желки болуп эки кочууш тарууңду кесеңе салып алып, бугуну чаптым дейсиң, сен бугу турмак эликти да чаап келгениң жок. Сен киши чаап алганды коюп береги Мыкандын кара суусунда кыргыздын баатырлары каптап кирип Ержан, Кененсары, Норузбайыңды баш кылып Узун агачка чейин казакты кырганда сен кайда жүрдүң эле? Казак, кыргызга эл бололу деп алдап чыгарып алып Жамангара баатырды өлтүрүп коюп, чапырашты Шоорук баатырың го Иленин Көк булагында кыргыздын найзасынын даамын татып көрдү эле. Мына, баатыр деп кимди айтасың? Жамангаранын кунун кууп барып Шооруктун башын байланып келген Күрпүк, Самак, Ачал, Жаңкел, Алыгай, Тотой, Үчкашка малай, Чертики, Буга, Аксакбөрү, Абайылда – мына ушуларды баатыр дебейсиңби. Дагы кыргызды туурап биз дагы шаубедик деп коёсуң мадыйган атаңдын көрүнө чайын, – деп сүйлөп жатканда элдин баары караса баягы казак жок. Бая эле кетип калыптыр. Бирок Көкөтөй казактын мурунку айткан сөзүнө карап эле, турган жерин карап алып сүйлөп жаткан экен. Көкөтөйдүн бул сөздөрүн уккандан кийин Алымбек чөнтөгүнө колун салып:

– Баракелде, тууганым, ме муну ала тур, – деп чөнтөгүнөн он сегиз сом алып ыргытып жиберди.

– Ой, сен барып Өзүбек байдын үйүнөн ушул инимдин жолдугун алып келчи бул тууганым калп айтса, чын айтса дагы туура сөздөрдү айтты, – деп бир жигитин жумшады. Ал жигит Өзүбектин үйүн көздөй кеткенден кийин олтурган ак сакалдар: – Ээ, иним, сен жаш

да болсоң көптү көруп, көп сөздөрдү угупсуң, биз го бул Чүй өзөнү – Өзүбек байды бай дечү элек, бугу тууганда Солтонкул бай бар деди эле. Жылкысы көп дейт, аны билесиңби? – деп сурап калышты. Көкөтөй:

– Ээ, аксакалдар, «уккан улама, көргөн чын» деген, бирок көргөнүм жок, укканымды айтып берейин. Солтонкул бай өлгөндө казак, кыргыз, капыр, бусурманды чакырып уулу Сарыбай Солтонкулга аш берген. Анда жыйырма беш атка байге сайган. Биринчи аттын байгеси миң жылкы болгон. Жыйырма бешинчи аттын байгеси Аалыбай уулу деген гана бир атаның балдарынан жыйырма беш үйү бир-бир аттын бейгесин сайган. Анда куда-сөөк, тамыр-тааныштан келген малдарды жалаң гана эр сайыш, балбан күрөш, жамбы атыш, эр эңиштер өңдөнгөн тамашаларга байге кылган. Ошондо биринчи аттын байгесин Сарыбайдын гана өз энчисинен чыгарып, кунан, тай, кызырак байтал, бышты, асыйлардан өөндөп гана коого киргизип турганда жүзгө жакын жылкы келип турат деп жылкычысы барганда Сарыбай: «бир айгыр үйрү жылкы кошсоң бүтөбү?» – деген. – Чоң айгыр үйрү жылкы болсо бүтөр, деген. «Эмесе Аккашканын үйүрүн айдап келип кого киргизип жибер» – деген. «Бугунун аты чыкса байдын үйүндө көгөн түпкө калар, башка элдин аты чыкса кете берер» дегенде Аткашканын үйрүн коого айдап келгенде санаса бир жүз отуз экен. «Мунун ашыгын бөлүп калбайлыбы» – дешсе. «Жок жөн эле кой аты чыккан кишиге санап чыгарып беребиз, ашыгы болсо коода калар» – деп айдап киргизип жиберген экен. Ал ашта Чыныбайдын аргымагы чыгып, Аткашканын үйрүн Көгөн түп деп Сарыбайга таштап кеткен экен. Ошол ашта Солтонкулдун жылкысынын аркы чети ээн жатат дейт ашка алаксып жатканда жылкы уурдап алалык деп чычкылуулук кылып сарыбагыш туугандан он бир киши ууруга барган экен, жылкы лоолоп удургуганда качып беришип, аты тыңынан төртөө качып кутулуп, жетөөн жылкы тепсеп өлтүргөн экен, – деп Көкөтөй сөзүн бүтүрдү.

Бирок «ушул кишини жылкы тепсеп өлтүрдү деп ашык айтып жибердим го» дегенсип турса, отурган аксакалдардын ичинен бир-экөө «ырас-ырас, балам, ал жылкы соо жылкы эмес да. Анын бир багуучусу бар эмеспи. Анча көп малдын бир касиети жок болмок беле, кудай өзү баккан мал да» дешип жөнөтө беришсе, дагы бир-эки аксакал

киши «ырас, биз дагы угуучу элек, Солтонкул байдын жылкысынын арасында «жолборс өлүп калат, карышкыр өлүп калат» дечү. Анын жалгыз-жарым уурулар көп өлсө керек. Балам ырас айтат» – дешти. «Менден дагы булар кыйын айтты го» деп Көкөтөй жымыйып калды. Аңгыча баягы Өзүбектикине кеткен жигит көкүлү көзүнөн өтпөгөн, жалы мойнунун энинен артпаган чөйчөгү бар буура көкүл, тайкы жал темгил кара боз атты алып келип калды.

– Ээ, тууганым, бул Өзүбек байдын зыйнатына казак, кыргыздан көп эл келди жана ырчы, комузчу өнөрпоздор да көп келген «Баарынан мурда сенин жолуңду кылайынчы» – деп алдырбадыкпы, мынабу атты алып кет. Дагы болсо эл катары мүчөңдү аларсың баатыр, – деп Алымбек атты көрсөттү.

Көкөтөй «эми эле Солтонкулдун жылкысын мактап отуруп бир атты көргөндө жабыша кетпейинчи» – деп.

– Көрдүм баатыр, көрдүм. Наркы биздин аттарга кошуп коюңуз, мурзам, – деп ат алып келген жигитке айтып коюп, Алымбек менен коштошуп алып өз жолдошторуна барды. Баякы эле Көкөтөй кеткендеки кырынан жаткан бойдон Жапай жаткан экен.

– О айланайын Көкө, баракелде. Чоочун элге барып бугунун таламын талашып, айтып келген сөздөрүңө кубанбадымбы. Бардык айткан кебиңди угуп жаттым, Көкө. Аман-эсен үйгө барсак, бүтүн Эсенкулдан кыз танда, алып берем. Келе колуңду! – деди.

– Эй, Жапай мурза баштын кесири болот мага, чындап ичиң ысып баратса, кызыңды кое туруп эле минип келген атыңды бере койчу. Мына колум, мына, – деп Көкөтөй колун сунду. Жапай:

– Ал ээ Көкө ал, жөө кетсем дагы, алчы Көкө, – деп минип келген тору кашка жоргосун берди. Бирок андан кийин дагы Алмакан деген кызды Көкөтөйгө Жапай алып берип, Кочкордон Нарынга көчүрүп Көкөтөйдү тынымсейитке кошту.

## 6. КӨКӨТӨЙДҮН КУРМАН АЙТТАГЫСЫ

Жайдын толук мезгилинде курман айт болду. Эртең ай башы болот деп эл камынып жатышты. Боз балдардын бир нечеси бирден-экиден

малдарын алып, бир топ теңтуштарын ээрчитип, кайындарына кетишкен. Алардын максаты барлык кишиге белгилүү эмеспи. Кайсы жигиттер эртеңки курман айт күнү кыз кууп, тамаша сүрүп келүүгө көптөн бери эле камынып, өз жамаатындагы тыңыраак аттардын баарын көрүп «мен колуктумду кууганда ушул ат жарайт го» деп, теңтуштарына кеңешип жүргөнү бар эмеспи.

Үйдө калган боз балдар дагы бекер жатышкан жок, аттарын суутуп, ар кайсы айылга барып эртеңки кыз кууп, улак тарткан тамашаларда атынын тыңдыгын сынап, элдин атынан өзүнүн атын күлүк кылып алып, атагын чыгаруу жана өзүнүн дагы атка чабандес, балбандыгын элге көрсөтүүгө талаптанып жүрүшпөйбү.

Кайсы бирлери «атым болбогон менен айгырым бар эмеспи, бир күнкү айтка сезимдик кылбай эле чапкылаганыма жарайт го» деп ойлонуп, эртең эле аттанарында атасынын тилин албай «канетсе да айгырды эле минип айттабаймынбы» деп ичинен тынып жүрүшөт.

«Кудайдын улуу күнү жакабызды агартпасак болобу» – деп жүктүн алдындагы ак куржунду сууруп алып аңтарып, чапандардын баарын көрүп, жалаңкабат нооту, бейкасам чапандардын кеңирээктеринен тандап туруп сыртынан шөлбүрөтө кийип алып, жаңыдан жасатып алган ак тыштуу тебетейдин төбөсүн шоншойто кийип, баласын өңөрүп, айылды аралай бастырып «намаз, намаз» деп үч-төрт үн салып коюп, эл алды болуп аттангандар да бар.

Ак курун кечээ жуудуруп алгандар селде кылып башына чалып, жакшы ороно албай бир жагын кулагына бастыра чулгап алып, талдан копшоп койгон ак таякты аса-муса кылып колуна кармап алып бастыра түшүп, кайра тартып «Ой, байбиче, ушул айылдын аксакалы мен эмесминби, кымызыңды биз келгиче, кишиге бербей тур. Айттаган эл көп келип калбасын» деп бакылдап жөнөп калгандар да жок эмес.

«Бул курман айтта эрте барып, намазга түшкөн жакшы болот» деп түндөп камынып жаткандар деле антип-минтип жанакыдай сарамжалдарды бүткүчө улуу шашке болуп калды.

Солтонсарынын кептешиндеги чоң өтөктөн топ-топ болуп кетип бараткан элди көрүп маңдайкы керүүдөн катуулап түшүп келип алып алды-артыбызга карабай эки топ элдин артындагы жалгыз бараткан көк кийимчен дүңкүйгөн чоң кишини көздөй бет алып ким экенин

билүүгө шашып барып калдык. Аркасынан топтошуп келаткан элдер дагы ал кишиге жакындашып келатат. Алардан мурда биз жетип.

– Салоом алейкум, Көкө, аман-эсен жүрөсүзбү? – деп кол сунуп көрүшчүдөй оңтойлондук.

– Алекиме салам алейким. Ээ, балдар, шүгүр-шүгүр. Өзүңөр амансыңарбы? Айтыңар маарек болсун, келиңер-келиңер. Баракелде, мурзалар, – деп алая карап Көкөтөй колун сунуп «олдохума салиала» деп колдорубузду кыса кармап көрүшүп «Айтыңар маарак болсун!» деди.

– Андай болсун, Көкө. Өзүңүздүн айтыңыз дагы маарек болсун – деп кийип бараткан кийиминин башкача түрлүү экендигине таңданып келатабыз. Кийимине таңыркап келатканыбызды байкагансып оң жак этегинин учунан кармап алып бизди көздөй сунуп: – Ээ, балдар, көзүңөрдү сүрткүлө, көзүңөрдү сүрткүлө! – деп берилей бастырып этегинин учун сунду. Биз өмүрүбүздө көрбөгөн эң бир сонун кийим болгон соң этектин упчуланып турган жерин кармап алып, көзүбүзгө сүртүп «жарыктык, сонун чапан экен» деп күбүрөшүп калдык. Бирак ал кийимдин атын билбей мукактанып: – Көкө, бул тонуңуз биз көрбөгөн тон экен. М|ну кайдан таап алгансыз? – деп чукулап кийимдин атын угууга зарыл болуп турганыбызды сездирдик. Көкөтөй:

– Ээ, балдар, баракелди, баракелди. Көрбөгөн нерсени сурап, түшүнүп алган жакшы болот. Маакул- маакул, бул тоңдун дайынын айтып берейин, жакшылап угуп алгыла, – деп оңдонуп туруп, үнүн жасап коюп, тебетейин өйдө ыргап кийип, сөзгө кирди.

– Баягы өзүңөр көргөн менин кызымды «токолдукка алайын. Маа берсин» деп хан Ормондун уулу Төлкө деген киши жуучу салып, мага киши жибериптир, «Ээ, кызым эмне дейт экен, абал мурда кызымдын оюн байкап көрөйүн» деп энесинен, жеңелеринен сүйлөштүрүп, чалып көрсөм, хан Ормондун уулу Төлкө баатыр деген атакты жакшы көрүп, ошого барууга көңүлдөнүп, анын жаш, карылыгы менен иши жок, «Хан Ормондун келини, Төлкө баатырдын токолу» деген наамды алсам деп калыптыр. Аа, мейли. «Ташка сал, таалайыңдан көр» деген экен. «Маакул берейин, бирак он беш күндө өзүмдөн жооп болсун, ага чейин тынч жата бергиле» деп келген кишисин кайтарып жибердим.

Ары-бери ойлонуп, «Кана, балам көөндөнүп калды. Өзүм берейин деп койдум. Бул томаяк Төлкөйдүн кайсы малын жейт элем,

мунун айылына өзүм барып бир акылын табайын» деп Ормон уулунун айлына өзүм барып кары-картаң сакалдуулары менен сүйлөшүп, пикирлешип көрдүм. «Кана, туугандар, хан Ормондон немне мүлк калган? Ак калпактуу кыргыздын ханы болуп үйүндө жатып элди коркутуп, кулак угуп, көз көргөн асыл аруунун баарын жыйган экен. Нары чети Кокондун ханына чейин колу жеткен экен, ошондогу жыйган мүлкүнөн Ормон баатырдын тукумунда немне белгилер калды? – деп сөз салдым. Ошондо кайсы бир карыялардын билгендери бар экен: «Ырас, Көкөтөй, Ормон баатыр жыйбаган мүлк жок эмеспи. Бирак Үмөтаалы, Чаргын, Сейилкандардын кимисинде калгандыгын билбей калдык. Анан Кокондун ханынан алган ок өтпөс чопкуту ушул Төлкөнүн колунда болсо керек» деп жооп беришти. Мунун аныгын угуп алгандан кийин өзүм бастырып Төлкөгө бардым. «Кана, Төлкө баатыр, сен кол сунупсуң, мен моюн сундум. Бирак сен экөөбүз теңтуш элек, менин баламды сенин балаң алса туура келет эле. Эми, болуптур, сен мага бала болоюн десең, мен жок дейт белем. «Ормондун уулу Көкөтөйдүн күйөөсү» деген наам маа дагы жаман эмес. Эми Ормон баатыр болсо өлгөн, ал кишиден калган белгини хан Ормондун белгиси деп элге атагын мен чыгарам го. Ошондуктан өлсөм сөөгүмө жаптырам, тирүү турсам элге көрсөтөм, чопкутту сенин колуңда деп уктум, эби келсе, маа кийгиз» – деп Төлкөгө өзүм кеп салдым. Араң турган Төлкө «Жакшы болот, жакшы болот» деп ушул чопкутту алып келип маа жапты да «Эми Көкө, менден канча мал жээриңиз үчүн алтын шилекейиңди чачыратып кет?» – деп сөз салды. «Эми Төлкө мен өзүм келип аздыр-көптүр Ормон баатырдын бир белгисин кармайын деп чопкутту сурап алдым. Эми анын артынан «баландай мал бер» – дешим болбойт. Мага мал таап берем деп кыйналба, эки-үч жолдошуңду ээрчитип алып гана он беш күндө меникине барып, бир ууч сөөгүңдү алып кет. Ырым жырымың, тойторбосун өзүм берем. Бир атымды токуп берип, колдо бар төшөнчү, оокаты менен атказып беремин» дедим.

«Көкөтөй кимдин күлүк жоргосун алып бер деп кыйнаар экен» деп турган Төлкө сүйүнүп кетип «кулдугум бар» деди. Баягы болжолдуу күнүндө келип Төлкө кызымды алып кеткен, балдарым. Ошол чопкут ушул. Эми бул чопкут болсо нечен убактан бери куржунда, сандыкта катылып жаткан немени бүгүн бир жарыкчылык көрсөтөйүн

деп кийип чыктым. Ошон үчүн «көрбөгөн, сонун буюм бар эмеспи, көзүңөрдү сүрткүлө» – деп айтканым ошол эле, балдарым, – деди.

– Жакшы кылыпсыз, Көкө. Жакшы кылыпсыз, Көкө, мал жегенде неме болот эле. Жакшы мүлк алыпсыз, – деп бажылдашып калдык. Бирак, бул чопкуттун немне касиети бар болду экен? Сырт жагы болсо көк жибек экен, дал ортосунда эки жеңинин үстүлөрүндө жакасы көкүрөгүндө айчык-айчык эле саймасы бар экен. Жана бир жак колтугунда, аркасында эки жери чычылып айрыла жаздап чөйчөктөнүп калыптыр. Булары немнеден болгондугун ачык сурай албай, «жарыктыктын мынабу жерлери немне үшүнтүп калды экен?» – деп чопкутту имере карап коёбуз. Көкөтөй:

– Ой, балдарым ай, аны дагы айтып берейин. Ал чычылып калган жерлери болсо баягы илгерки берендердин бөөрү тил найза менен коюшуп жүргөндөкү темирлүү найзалардын тагы да. Болбосо муну кийип алып чычырканак аралап, отун алып жүрүп айрытып алды дейсиңби? – деди.

Дагы тим тура албай: – Ооу, атаңдын көрү, кайсы баатыр сайды экен? – деп биз дагы кужулдашып калдык.

– Ии-и, жиндилер, жиндилер ал эмесе мынабу оң жагындагы так Ормон баатыр бугунун колуна түшөрдөкү – Балбай баатырдын Сары кашка ат менен келип Ормонду сайып түшүргөндөгү так. Мынабу дал ортосундагы так болсо – Ормондун кунун кууп барганда, бугуну чабабыз деп кол жазылып жатканда Төрөкелди элди карап «чопкутту ким кият, ким кият?» дегенде Адыл баатыр кийип барган. Ошондо бугу, сарбагыш калың сайыш болуп Төрөкелдинин колун Балбай баатыр кайра сайып кууп келатканда кара баткакка жетип Адылды сайганда Адыл баатыр асталап келе жаткан экен Аксурга камчы басып өксүтүп кеткенде Балбай мүчүп сайып калган жери эмеспи. Болбосо жакын келип кошколдоп муштаса нары карап бараткан кишини, өзүң көргөн Балбай, оң кылмак киши беле? – деп карс-карс күлүп калды. – Атаңдын көрү ай, атайы чопкутту кийип барып Адылдын качып бериши болбой калды, – дедик. – Жок, балдар, качып берген жок. «Бугунун бир мыктысын ыгы менен кабылтып кан жөткүртсөм» деп аяңдап келаткан. Ошондо Адылдан өзүнүн досу бугунун бир мыктысы Нышанын мурзасы кабыла түшкөндө Адыл мурзаны сайып өлтүрүп, чопкут кийип барганына шаң кылуу үчүн сарбагышка көрсөтөйүн

деп мурзанын башын кесип байланып келген эмеспи Адыл баатыр. Ээ, балдар, айта берсе сөз чыга берет. Бу чопкуттун мынабу саймаларын айчык кыял сайма деп тургандырсың. Жок андай эмес. Бул сайманын баары аят болот. Бул өзү тогуз кабат жибек болот. Мунун жакасынын ич жагын манамындай упчулуу кылган себеби бул упчуларды эки колтукка орой топчулап коет, өпкө, боорду бекитүү үчүн.

Бул барандын огу батпаган,
Каранын огу өтпөгөн,
Кандай баатыр сайса да
Бөөрү тил найза тешпеген,
Он эки топчу кадаган,
Койчагыр огу жадаган.
Айтылуу баатыр, берендер
Алыскы жолго самаган,
Жакасы алтын, жээги жез,
Чын бадана торгой көз,
Атып ийсе ок өтпөс,
Отко салса чок өтпөс – деген илгерки берендер кийип, сан колго жазганбай кирип баруучу чопкут деген ушул, балдарым, – деп сөзүнүн аягына чыккыча Соку-Таштын оозундагы талаанын дөңсө жерине казандап чогулуп жаткан элге жакындап калдык.

Аттарын обочо байлап салып, дөңсөө жерге жайнамаз ак кийиздерин жайып салып өңчөй селдечен кишилердин баары алдыңкы катарда отурушат. Казандаган калың аттардын арасында жана тегерегинде топтошкон балдар жүрөт. Байлалуу чокмороктошкон аттардын арасынан ойдолоп токтоно албай чаңылдаша кеткен айгырлардын үнү чыгып жатат. Туш-туштан топтошкон элдер келип жатышат. Бул учурда каз катардай бастырып жоон топ киши биз дагы барып калдык. Биздин алдыраак жагыбыздан табыштуу үнү менен катуу унчугуп «Салоом алейкум, оо, алдамчылар, амансыңарбы? О айтыңар маарек болсун!» – деп Көкөтөй заңк этип унчугуп калды. «О, алейкиматсалам, Көкө, өзүңүздүн айтыңыз да мубарак болсун! О, Көкө, «алдамчылар» деп калдыңыз, баарыбызды айттыңызбы же бир-эки эле кишини айттыңызбы?» – деп сары селдени чыкыйта оронуп алып Кабыл молдо Көкөтөйдөн сурап калды. Көкөтөй аттан түшүп элдин маңдай жагына барып токтолуп тура калып:

– Токтоп тургула, эмесе Кабыл молдонун сураган сөзүнө жооп берип, анан учурашайын, – деп тура калганда элдин баары жарданып карап калды.

– О, Кабыл молдом, алдамчылар деп ушул турган селдечен кишилердин баарын айтам. Айрыкча Кабыл молдо, Чыңгыш ажы, Таабалды болуш – үчөөнү айтам. «Себеби кандай?» – деп сурап койчу молдом?

– Ии, себеби кандай, Көкө, айтыңызчы? – деп Кабыл молдо сурап калды. Чопкуттун жеңин шымангансып колун элди карата сунуп:

– Бул селде оронгондор селдеси жок элден көрө биз байгамбардын сүннөтүн кылып, селде оронуп алып кудайга жакыныраак болуп калдык дегенсип элдин алдына кырка туруп алыпсыңар. Ал дайым селдечен жүрбөй он эки айда бир гана күнү ак курун жуудуруп алып же болбосо катыны сала коймо кылам деген төрт кез дакени башына чала коюп, кантип кудайга жакындап жетип бара коёт. А, маакул, бөлөк эл го молдонун тилин алып селде ороно койгон экен. Мынабу Чыңгыш ажы Меке, Медийнеге барып кудайдын үйүн көрүп келдим деп ажы атанып алып, Мекеге барып келгенден бери болуштук талашканы күчөдү. Ал болуш дегенгиң адамдын акысын жеп кедей-кембагалдын көзүнүн жашын, көкүрөгүнүн дартын ичип-жеп болуш болот бекен же жарды, жалчы, жетим жесирге ат, тон, аш-тамак берип турат бекен? Качан уксам эле болуштук талашкандын бир жагы Чыңгыш деп угам. Бир күнкү башына сала коймону орой салган менен адамдын акысын кудай кечип жибербесе керек. Берки кара Таабалды болсо ажы менен, молдо менен катар тура калыптыр. Бул ойлосо керек, көзү туюк эл «Табалды болуш дагы кудай деп калган экен десин» деп момунсуп селдечендин катарына тура калыптыр.

Эми Кабыл молдо, сен болсоң го «өлгөндөрдүн пайдасы тиет» деп тирүү кишинин малын-пулун аласың. «Малыңды адалдап берем» деп зекет салып, «даныңды адалдап берем» деп үшүр салып, «өзүңдү адалдап берем» деп бир ай орозо карматып кишинин баарын октой жадатып ачка кылып, анын үстүнө битир, садага деп дагы аласың. «Жадаганда сойгон малыңды минип алып кыл көпүрөдөн чыккан бойдон өтөсүң» деп курман айтка сойгон малдын терисин төрт шыйрагы менен аласың. Анын баарына тойбостон өлгөн кишини көргө койсок «Жок, ал гөрдө тынч эле жата бербейт, андан ары бара турган

дагы алыс жол бар. Өлүктөрдү жөө жибербегиле атын токуп берсеңер эле бара турган жолун тосуп туруп өз колуна бере коёмун, минип алып чу коюп жөнөй берет» деп өлгөндөрдүн ээр, токумдуу атын аласың. Аны менен тим болбостон жолдо азык-түлүк кылып кетпейби деп доорон байлатып, торпок-тана, кой-козу, эчки-улак, арпа, буудайларын акыр аласың. Ага дагы тойбой өлгөн кишилер барып токтогон жеринде соода-сатык кылып эрмектеп оокат кылбайбы деп мата, чепкен, аркан, жип, акча, теңгелерин аласың. Ошол сен алып жаткан мал, пулдун бирин эмгиче алып барып бере элексиң. Аларды качан ээлерине тапшырып берип кутуласың? Ал өлгөн кишилер го көрбөгөн жолдон сени издеп жүрө албай жөө-жалаңдап кете берер. Ошонун баарын тапшырып берем деп жол-жолдун баарын тосуп жүрүп сени кудай урмак болбодубу. Мен ошол үчүн ажы, молдо, болуш - алдамчы деп айтам, – деди. Турган элдердин көпчүлүгү дүңгүрөп күлүп калышты. Бир дидарлары бирин-бири түртүп күбүрөшүп калды. Кабыл молдо:

– Ырас-ырас, Көкө, туура жүрбөгөн ажы, молдо караңгы элден мурда тозокко түшөөрү чын. Бирак шариятты жакшы билбей туруп айта берчүлөрүбүз көп жана алдыбыздагы башка кишиге караганда ажы, молдо, болуштуку чоң экендиги чын, – деди. Аңгыча болбой эле келип түшүп жаткан элдин арасынан жаңы кызыл чепкенди кабытып кийип алып этегин сүйрөңдөтүп, чоң кара тебетейи менен кара көк болуп, үстүңкү ээрдин калбаңдатып ээрдинин кош кабатын чыгарып Эсенкожо келип калды.

– Ой,ботом, Көкөтөй, далбыратып нени кийип алгансың? – деп Көкөтөйдүн маңдай жагынан суроо берип калды. Көкөтөй карай салып:

– Ээ-ээ, атаңдын көрү чириген булгак ооздонгон ит, сен тура тур, манабул аксакал карыяларга учурашып туруп анан немине алгандыгымды саа айтып берейин деп турган элдерге бир катар кол берип көрүшүп болуп, эки жагын каранып – жанакы оозун үч кат кылган неме кайда жүрөт? Анын «далбыраган» деп жек көрүп турган неминесинин дайнын айтып берип кутулайын деп тегеретесин карап Эсенкожону таппай калды. Эсенкожо болсо Көкөтөйгө катылып алып тил угаарын билип, көп элдин катмары менен калың аттардын арасы жакка барып калган экен. «Көкөм Эсенкожодон бир күлкү чыгарат», деп Кабыл

молдонун уулу Тотубай менен Байгана жасоол издеп жүрүп эки колунан Эсенкожону жетелеп келатышат. Жакындап келген кезде көрө коюп Көкөтөй:

– Ээ, атаңдын оозуначайын жаман киши күлө да албайт экен. Ой жапчы оозуңду ичинен жер кашатын чыгарбай. Дагы менин кийимимди сынап коет. Ал сен элдин аты, тонун сынагыча, андай эле кылдат болсоң кеп жыгач сала коюп оозуңдун кош кабатын өөнөп салбайсыңбы, ыя? Атаңдын көрү жазында курсагы такырайган киндигин чочтойткон жаман кара боругуңду айдап барып Нарындын калаасына үч сомго сатып Кашкалдыктын көң жыттанган көк жыттанган дүкөнүнө кирип алып көп соода кылуучу кишиден бетер олтуруп алып, кир болгон куруңду шалайта курчанып «тигини алып келчи, муна алып келчи» деп жаман кызыл чепкенден тандамыш болуп «оруян боёктуу төрт кат шаң чепкен алдым деп канжыгадагы өңүр даамданган бүксүгөн шишик айраныңды ичип алып желки болуп оозуңа жер дүлөй түтпөй ыйлактатып «курман айтта кийейин жакшылап тигип бер» – деп жалган катыныңа бир жак өңүрүн шалак кылдырып алып сүйрөңдөтүп кийип алып, бүгүнкү курман айтка жасанып келдим деп тургансың го, бул немне кийим көрүнөт, сенин көзүңө? Манабу саймаларын «кочкор мүйүз же карга тырмак кылып бир уз катын саймалаган экен» деп тургандырсың. Бул сайманы береки Кабыл молдоңо окутуп көрчү кулкулдабат, ийна-тайна; абалай селдесинин баарын жабалактата саймалап таштаган чылгый аят экенин окутуп көрчү. Муну ким жазган, ким деп турасың? Муну Азирет Аалы, Өмөр, Осмон жана дагы бир балбан Чалыяр – төртөөлөп жатып жасаган чапан, муну оңойлук менен эле табыла калат деп тургандырсың. Мунун өзү эмес, бир топчулугун таап келгилечи манабу Чынгыш ажың Таабалды болушуң молдо-солдоң менен Мекеге жети барсаң да таап келер бекенсиң? Сен оозуңду үч кат кылып беш жүздөй коюм бар деп тургандырсың. Ал койду дагы буюм өңдүү нерсеге жумшап, айыл-апага жүнү, сүтүн берип, кою жокторго тапканыңда оордун кошуп коёрсуң деп бирден койду карыз берип кой күткөн жакшы болот. Кокустан бир козу карыз берсең бир кедейди жай-кышы ^менен жумшап алгың келет. Сен андай байлык жышаанын кылсаң бир эле болгон көк ноотудан өзүң кийип алып, бул кызыл чепкеңди кийгизип, жапалдаш тору атты мингизип жайы-кышы коюңду кайтартып жүрүп

элдин оюн-тамашасын көрбөгөн койчуңду ала келип кудайдын улуу күнү элдин чогулушкан айтын көрсөтпөйсүңбү? Анан ээрдиңди сере кылып байсынып, элдин алдыңкы катарына жетип келесиң. Өңчөй эле малдуу киши алдыга турсун деген шарыятыңар барбы? – деп Көкөтөй Кабыл молдону карады. Көкөтөй Эсенкожонун сөзүнө киришкенден тартып калың элдин күлкүсү басылбай «дуу» деп күлүп калып жатышты. Кабыл молдо:

– Көкөм ырас айтат. Бул айткан сөздөрүнүн баары туура. Кедей-кембагалдарга жана малай-жалчыларга бай адамдар ырайымдуу болуп, жакшы көз салса чоң сооп болот деген китепте бар эмеспи. Ушундай айт-арапаларда малчылардын көңүлүн ачып жүргүлө дегени эң туура, – деди. Бир канча көп эл топ-топ болушуп «Көкөтөй шарыятты дагы кыйын билет экен. Молдо, кожолорду бир сүйлөтпөй салат» дешип бакылдашып жатышат.

Аңгыча элдин баары курман айт намазын окууга сап-сап болуп туруп калышты. Арка жактагы эки-үч саптагы жаш-жалаң уландардын баары эле намаз менен иши жок бөйрөгүн бүлкүлдөтүп күлүп жатышат Көкөтөйдүн Эсенкожонун оозун «жер кашат чыгарып, үч кат кылып» деген кебин эстеп алышып бирине бири айтып күлө беришти. Кайсы бир кишилер «бул кандай намаз болгонун билбей калдык. Молдонун үнүнөн дагы тегерегибиздеги күлүп жаткандардын үнү кулак тундурду» – дешет. Намаздан таркагандан кийин топ-топ болуп кеп салып жаткан элге барсаң эле Көкөтөйдүн сөзүн айтып күлүп жаткан элди көрөсүң. Ал тургай «алдамчылар» деп ажы, молдолорду ырас айтты да» дешип бараткан кишилер жолдуката кеп салып баратышат.

Ушундай сөздөрүнөн эле Көкөтөйдү бай, манаптар жек көрүп жүрбөйбү. Анткен менен Көкөтөй кошомат кылбай, туурасын айтат турбайбы деп түшүндү элдин көпчүлүгү.

## 7. КӨКӨТӨЙДҮН БАЙГЕ АЛГАНЫ

Ат-Башынын сары коосунда кайнаган көп эл ат чабышка чогулуп жатат. Ар бир урук эл топ-топ болуп өйүз-бүйүзгү кашаттарда

жана дөбөлөрдө чокмороктошуп күлүк аттарынын көкүл, куйруктарын түйүп, чубатууга. салууга даярлап жатышат. Өзүнүн күлүк аты болбогондон кийин ар кайсы элдерди көрүп, учурашып жана күлүк аттарын көрүп эрмектөө үчүн Көкөтөй ар жердеги топтошкон элдерге барып, кай бир тааныган кишилерге учурап амандашып өтүп жүрөт эле, элдин төмөнкү четиндеки талаадагы казандаган көп элге барса чоң күрөң аттын көкүл, куйругун түйүп жалаңкабат ак жабууну жаап коюп тегеректей катарлашып турган калың элдин орто ченинде ак калпактын маңдай жагын упчуланта кийип «сен ат менен кошо бар, сен Нооттун төмөн жагына бар, сен байге токтоочу жерге тур!– деп Касымаалы жан алакетке келип элди ар кайсы жерге дайындап, сүрөөнчүнү башкарып жатат.

Катар турган калың элдин бир жак капталынан кирип келип Көкөтөй: – О, Касымаалы баатыр, амансыңбы? Ат байгелүү болсун, – деди. Эки жакты карап сүйлөп, алаксып жаткан Касымаалы байкабай эле элди тескеп сүйлөп жатат. Көкөтөй катуу үнүн чыгарып: – Ой, Касымаалы, мынча не жаныңа күч келип, кулагың бүтүп калган? Салам айткан кишиге алик алууга жарабай калыпсың – деди. Касымаалы карай салып: – Ээ, Көкөтөйсүңбү? Байкабай калган экемин ээңгиресин күлүк чапмак оңой болмок беле? Күлүк ат чаппаган сен ат чабыштын жайын билбейсиң да. «Итке темирдин баркы болбойт» дегендей...

– Ой, Касымаалы, сен сөз айтыштын жөнүн билалбай жинди болуп калгансың го. «Көч айласын билбеген, көчтө көлүк өлтүрөт. Сөз айласын билбеген сөздү өзүнө келтирет» деген. Сен күлүк чапкандын жайын билгениң ушулбу? Кишинин саламын укпай күзгү текедей бакылдап, тегерегиңди карап итче үрүп жатканың. Черик куунун ашындагы байгеден албасаң оокатың өтпөй калабы? – деди.

– Ой, Көкөтөй, оозуңа карап сүйлө. Касымаалы баатырды итке теңеп сүйлөгөнүң өтө катуу болду, кызырлуу кишиге ошондой сөз айтасыңбы? – деп Касымаалынын бийи Чылабай катар турган элдин ичинен сүйлөп калды. Көкөтөй бурула карап:

– О, атаңдын көрүнөчайын кошоматчы жуукур кул, кызырлуу киши деп коёт, өзүңдүн туугандарың отуз үйлүү таштокумду бий болуп турганыңда Арпанын жайлоосун көрсөтө албапсың. (Ошонун баары эле кызыр менен таштай чабышканынан Касымаалы экөөң

Кара-Үңкүргө алып барып жол каздырып койдуңбу? – деп Көкөтөй Чылабай жакка бастырды.

Аңгыча болбой жорго кызыл ат менен кара чоорчу: «Ат чубат! Ат чубат!» деген күүнү зыркырата тартып жолго түшүп өөдө-төмөн жүрүп турат. Кыңыр куйрук тору ат менен ак желектүү баканды колуна алып, кызыл тыштуу тебетейди кыйшайта кийип узун чокту кежигеден чыгарып коюп «Ат чубат!» деп ырдап Солтоной күлүк аттардын алдына түшүп алып баштап жүрөт. Туш-туштан топ-топ болуп Сарыкоонун аягын көздөй сүрөөнчүлөр жөнөп жатышат. Өйүз-бүйүздөн аркардай колун сайылтып көкүлү менен кулагын типтик кылып, жүнү макмалдай болуп, көзүн жалтылдатып, көөдөнү дагдайган, боор эти карчытка жабышкан күлүктөр шымаланып чубатууга келип кошулуп жатышат. Саяпкер сымак кишилер дайындуу күлүк аттарды байкап шектүү аттарды көрсө «ушул ат жакшы сууган экен» дешип элге угуза сүйлөп саяпкерлик билгизип тургансыйт. Ар кайсы жердеки калың топтор тегерек тартып туруп алышып: «Кайсы эле алдыга келген атты сүрөйлү алдыңкысын сүрөбөй өз атыбызга карап калганыбызды кудай арбак урсун» дешип баталашып жатышат. Элдин баары көчө болуп туруп атты чубатканда 70– 80 че ат болду. «Атты ыраак айдап коё бер» деп беш-алты кишиге ат айдатып жиберишти. «Кудай аксарбашыл азыр ушул сапаркы Кутунун ашындагы элүү жамбыны кудай берип салгай эле. Эми айланайындар, сүрөөнчүлөрдү жакшылап аягынан өйдө ирети менен коюп келбесек болбойт» дешип, тебетейин белине кыстарып алып, чепкенин тыкыйта бөктөрүнүп, чылбырын аттын мойнуна түрүп коюп, олоң-куюшканын аңдап, басмайылын бекем тартып, атты жалгыз эле өзү сүрөп келчүдөй болгон кишилерди көрөсүң. Элден обочороок жолдун боюндагы сеңирдин учунда бир топ киши турган. Булар Чоко баатырлар экен деп көрүп келгендер айтышты. Чоко элдин эң аркасынан жалгыз гана чоң кызыл атка өзбоочик (извозчик) арабасын салып алып, сары машкеси менеи араба айдачу баласы экөө гана келген болучу. Анын жанындагы турган Токсовалар эле. Бирок Чоко элдин көп келип тегеректеп турганын жакшы көрбөйт. Анын себеби өзү күлүк ат чаппайт жана элдин көп келип тегерегин чаңдатып турганына жүдөнүп туруучу. Кыргыздын ат чапкан жерине барып гана күлүк аттардын кандай жүгүрүп келгенин жана элдин атты кандай сүрөгөнүн көрөйүнчү деп келген

экен. Болбосо өзү кыргыз болсо дагы ат чабышты жакшы көрбөгөн киши экен. «Ой, ой, ой, биздин кыргыздын ушул адаты кандай бир адат. Аттардын баарын арык кылып жана эки жүз, үч жүз киши бир атты сүрөп, кай бирлери аттан жыгылып, колу, буту сынып калгандары болот экен. Мына, карачы, мынабу элдин чаап бара аткандарын» – деп таңыркап турат.

Бир убакта төмөнтөн калың чаң чыгып, эл дүрбөп, удургуп бирин-серин чуу чыгып калгандай болду. «Аа кудай! Кимдин аты болду экен? Унчукпай тургулачы! Ким деп ураан чакырып келатат! Тыңшагылачы» дешип, ат кудай Каракер ат окшойт, «Чоң багыштап» үн чыгат» – дешет. «Жок, айланайын, Керкашка окшойт «Самансурлап» келатат» деп моңолдор, тынымсейит кужулдашып турат. Ар бир топтошкон эл өзүнүн ураанын айтып, жоромолдоп, тынчы кетип, удургуп турганын көрөсүң, «Тээтиги кашаттагы ак кийимчен, боз атчан кишини жакшы карап тургула ошол биздин белги кылып койгон киши болучу» – деп көрүнгөн эле боз атчанды көрсөтүп жаткандары бар. «Айланайын жаңкы боз атчан алдыгы чаңга чаап кирип аралашты, биздин ат го» – деп атын камчыланып, айласы кетип тургандар ар бир топто жок эмес.

Ошентип элдин кобур-жобуру басылганча эле чаңдын алды буртулдап жакын келип калды. «Кокуй, айланайын, мына-мына аттын алды кирип келди. Токтой турчу, немне деп ураан чакырганын угалы» – дешип, чууну тыңшап калышты. «А, кудай, Самансурлар келатат, чын эле, айланайын, тынымсейит, тынымсейит!» – дегенсийт. «Жок жаманак дейт го, чериктин аты болбосун, коё турчу» деп кулагын салып абыдан байкап, анык ураанын уккуча эле аттар келип калды. Эки ат ыраак узап алып алдыда келатат. Ар биринде жүздөн киши бар. Бирак экөөнүн арасы жакын. Алдыңкысы «Самансурлаганы!» даана угулуп калды. Аңгыча болбой күрөң чаар атты Көкөтөй сүрөп калганы көрүндү. «А кудай, биздин ат экен» деп жалпы чү коюп калды. Аркасындагы ичип-жеп куйрук улаш келаткан баякы чоң багыштын каракер аты турбайбы? Ким билет, аттын баары эле каракер көрүнөт. Боз ала чаң болуп каралжын эле көрүнөт ачык тааный албай эле алдыңкы атты тегеректеп «Самансурлап» кыйкыра бердик. Биз камчыланып, теминип баргыча аркадагы аттардан дагы бир канчасы өтүп, байгеге барып калды окшойт.

Байге токтолуп, желек сайган арал дөбөдө элдин баары жыйналып барып караандаган көпчүлүк кыжы-кыйма чурулдашып жатышат. Ал элдин ичинде «биздин ат чыкты, биздин ат чыкты» дешип, «эки ат» талаш болуп калды деп жакылдашып айтышып жаткандар көп. «Чоң багыштын Каракер аты чыкты» деп ал атка эгедер болуп черик жана сарыбагыш уругуна Базаркул, Касымаалылар айтып, «Жок Керкашка ат чыкты» деп моңолдор, тынымсейиттин мыктылары айтып, кызыл кекиртек болушуп чакчаңдашып уруш чыгып кете жаздап, көпчүлүк далайга дуу кылып жатып, Чокону калыс кылабыз, өзүнүн тушунан өткөндө кайсыл ат чыгып келатканын көргөндүр деп эки тарап тең калыс кылмак болуп Чокону көздөй калың эл сүрүлүп жөнөп калышты. Көпчүлүк эл эки тарап болуп эрегишип бастырганда кандай. Чаңды асманга чыгарып, алды жагы казкатарлап, арка жагы сабоолоп калдайып келип Чокону тегеректеп барып калышты. «Төрт болуштан төрт гана киши барып сурасын, башкаңар ушундай токтогула» деп болуш башына бирден гана киши бармак болуп башка көпчүлүк Чокодон обочороок гана тегеректеп жарданып туруп калышты.

Чоко жоолугун колуна алып, бетине желпип, элдин ызгыган чаңынан жүдөгөнсүп турат. Төрт болуштан төрт мыктысы элден бөлүнө бастырып Чоконун жанына барып салам айтып тура калышты. Аңгыча болбой суналган күрөң чаар ат менен калың элдин арасынан ойкутуп чыгып төрт калыстын артынан барып Көкөтөй: – Ээ, Чоко мурза амансыңбы? – деп учурашып тура калды. Баягы сөзүнө ызаланып калган Касымаалы ачуусу келе түшүп:

– Ой, Көкөтөй, болду эми ал кишиге учурашып болсоң тигил элдин ичине бар, биз бул кишиге сөз айтабыз, – деди. Каны кызый түшүп Көкөтөй: – Касымаалы, сен качан жинди болгонсуң? Сен турган Чоконун жанына мен тура албайт бекемин. Же сен айткан сөздү мен айталбайт бекемин? «Кандын касиети кетсе, калкынын нысабы кетет» дегендей өзүң Эсенкулдун тукуму, сарыбагыштын уругу болуп туруп Эсенкул эли, Шатен эли деген эки болуш элдин аксакалы болуп турган кезиңде «ууруларча жан берем деп же Азирейилче жан алам» деп чоң багыштын атынын байгесин талашып текече бакылдап элди дүрбөтүп, калыс издеп чаап жүргөн өзүңө макулбу? Андан көрө талашы жок байге алсын деп эки атты кайра чаптырып калыс болуп, кашатта чалкалап карап турбайсыңбы? – деди. Касымаалы уяла түшүп:

– Көкөтөй ушу бүгүн сен мени эки сапар жемеледиң, шашпай тур. сен экөөбүз дагы бир жайчылыкта сүйлөшөрбүз, – деди.

– Ой, Касымаалы ай, жайчылык эмей бул жерде атыш, чабыш чыгып жатабы же черик Кутунун ашына талаш келген эки аттын байгеси үчүн ушунча эл кырылышат дейсиңби? Өтө чычалап калсаң менин жемелегендеримди деле калысыңа сала кой, – деп Кекөтөй сүйлөдү.

– Кой эми, бул жинди неменин жаагы ирип кетүүчү, Чоко болуш, бул эл сизден бир ооз сөз сурап келишти Чоңбагыштын Каракер аты көрүнөө эле чыгып келсе, бул моңолдор, тынымсейит туугандар Керкашка атыбыз чыкты деп талаш кылганынан сиздин жаныңыздан өткөндө кайсыл ат чыгып баратат эле? – деп ошол калыстыгыңызды укканы келдик, – деп Касымаалы Чокого сөз салды. Көкөтөй Чокодон мурда озунуп:

– Ой, турган көпчүлүк эл баары эле жинди болгондой калыстарды таап алыпсыңар, калыс деген ар бир иштин ийнесинен жибине чейин көзү жетип, анан калыс болуучу. Талаада чаап бараткан элден бул жерде жөө туруп коркуп, эл байге талашып жүрсө итинен арабанын көлөкөсүн талашып, атчан жүргөн элдин чаңынан башы айланып кутула албай турган Чокону калыс кылганча жолборстой күрөң чаар ат менен бугу чылбырды үзө сүрөп, тебетейди жапыра кийип алып өбөктөй түшүп Самансурлап кыйкырганда өлгөнүнө беш жүз жыл болгон арбактар көрүнөн башын көтөрө койгудай кылып ат сүрөгөн мени калыс кылбайсыңарбы, – деди. Чоко:

– Ээ, Көкөтөй баатыр ырас айтат, мен кайсыл ат чыгып бараткан жакшы байкай албай калдым. Чабылган аттардын баарысы баары эле каралжын көрүнүп өтүп жатты. Жана чуркап бараткан атты көрсөтбөй эле көп адам кыйкырып кошо чабат экен, – деди. Касымаалы:

– Жоок, Чоко болуш, сиздин жаныңыздан өткөндө эң алдыңкы атты немине деп ураан чакырып баратканын гана сурайбыз, ошону эле бир ооз айтып койсоңуз болду, андан аркысын калыстар өзү билет, – деди. Көкөтөй:

– Атаа Касымаалы баатыр ай, күлүк чапкандын жайын билем деп, күрөң аттан демиң сууп, Чокону калыс кылам деп сүйлө сабак кеп угуп Чоң багыштын аты үчүн чолосу жок иш кылдың го. Кана Чоко болуш акысы күйгөн айбандын тери үчүн анык калыс боло койчу? – деди.

– Ии, Касымаалы баатыр, бул куугандай бугу немине дейт? Эки атты кайра чаап эле же болбосо экөөнүн байгесин кошуп жиберип, тең бөлүп албайсыңарбы? Баландай ат чыгып баратат эле деп мен жалган сөздү айталбаймын, – деп Чоко: – Ээ, Көкөтөй баатыр, кандай дейсиз? – деп Көкөтөйдү карады.

– О, Чоко болуш ай, калыс деген көргөн, билген сөзүн туура гана кесип айтуучу. Кашкарлык менен соода кылгандай, салаа кылып калыстык айтканыңызда бул көпчүлүк эл канааттанбайт го, – деп Көкөтөй күлдү. Чоко уяла түшүп: – Касымаалы баатырдын сөзү жерде калбасын деп айттым эле, Көкө – деди.

– Ээ, Касымаалың ачуусу келгенде айлындагы букарасын чечинтип салып кыштын суугунда эшикке коюп, «тим койгула, Чоконун төөсүндөй кылчылдасын» деп сенин кирээ тартып оокат кылган төөлөрүңдү ылакап кылып жүрсө «сөзү жерде калбасын деп коёсуң». Анан Сарыкоонун талаасындагы топуракты асманга чыгара ыргытып, таманынан таш бырпырап, таноосунан кан чыгып, такымында камчынын тагы ширгедей болуп жанын үрөп жүгүрүп келген айбандын акысы тегин кетсе дурус болобу?-– деп Көкөтөй Чокону карай сүйлөп калды.

– Ой, ой, ушул Көкөтөй ырас айтат, деги чынында мен жакшы түшүнбөймүн, кишинин баарысы эле чурулдап чаап баратса. Немине деп ураан чакырып баратканын даана угулбайт экен, – деп Чоко элди карап сүйлөдү. Чоконун бул сөзүн укканда Касымаалы уялып кетип: – Ой, Көкөтөй жинди, эми сен айтчы калыстыгыңды? Кайра чапкыла дейсиңби? Байгесин эки ат тең бөлүп алсын дейсиңби? – деди.

– Ой, Касымаалы, «бир тойдо эки жар жок, бир доодо эки жан жок» деген сөз бар эмеспи. Калыс кылган Чокоң кара жанын ала качып кутула албай калды, мен калыстыгымды айтып Керкашка ат чыгып келди деп күндүн мурду чачырагандан бери эле айтып сени менен какылдашып жүрбөйүмбү, эми талашыңды коюп, соогатыңды алсаңчы, – деди. Турган элдин баары «Кой эми, Касымаалы болуш, бул сапаркы байгени Көкөтөйдөн эч ким талаша албай калды Керкашканы сүрөп чыгарып келгени мындагы Чоконун калыстыгын өзү бийлеп алганы кыйын болбодубу» – деп кайра тартышты.

«Кутунун ашындагы элүү шаңшуур жамбыны алган кандай ат болду экен» деп элдин бир чети Керкашка атты тегеректеп жүрсө,

«Касымаалы Чокону катар менен жыгып байге алган кайсыл киши экен? – дешип Көкөтөйдү элдин бир чети көрүп жүрүшөт. Анда Солтоной келип Көкөтөйдү мактап мындай дейт:

Керкашка чыгып шанданды,
Кепкордун баары таңданды.
Касымаалы, Чокого
Капталдан Көкөң чаң салды.
Калыстык сүйлөп дубанга
Кара тил Көкөм байге алды.
Катмарлай жыгып дөөлөрдү
Кулактуу элүү жамбы алды.
Кара жаак чечен булбулга
Калайык бүгүн таң калды.
Көкөмдөн соогат алайын
Көрүшүүгө жол ачып,
Көпчүлүк кылчы жардамды.
Калысташкан чечендер
Кайрып жооп бере албай
Көкө, канчалары сандалды.

## 8. КӨКӨТӨЙ КАРЫНДАШЫН УЗАТКАНЫ

Кечкурун эле үч эркек, бир аял «Султандын үйү кайсы?» деп келип түшүп калышты. Булар Султандын кудагый, күйөөсү жана анын жолдоштору экен. Жалгыз аксак карагер байталга той жүктөп, бир кунан торпокту чиркеп алып Султандын кызына жыгач түшүрүп келишкен турбайбы.

Маманазар болсо кашаттын алдындагы суунун боюна жалгыз түшүп күйөөлөп олтуруп калган. Кызынын жыгачы түшкөн Султан: – Ой, бул неминеңер ыя? Ой, Сарыбагыштар, бул немине кордугуңар! Мени шылдың кылып келгениңерби, ыя? Султандыкына барабыз деп ушул түрүңөр менен жолдогу борукчу-тынымсейитти аралап кантип уялбай келдиңер? Аттан түшкөнүңөрдү койгула. Түшсөңөр тээтиги төмөнкү Көкөтөй кудаңардын айлына барып түшкүлө!– деп эң жаман

түрүн бузуп, сурданып турат. Жапылдаган карасакал киши: – Ой, айланайын, Султанбай, күйөөңүз Маманазардын колунда бар эле жалгыз байталы ушул эмеспи. Сиз көрбөгөн малы бар беле? Жокчулук курусун бай, деги ачууңузду коё туруңузчу? Эмне кылсаңыз дагы алдыңызга келбедикпи, – деп бажылдап сөз айткан болуп жатып эле ылдамдык менен байталдын үстүндөгү биртике тойду түшүрүп жиберди.

– Ой, сен кандай немесиң, аттангыла! Дегеле силерге кызымды бербеймин. Докурунасыңбы? Атаңдын көрүнөчайын өлөрман Кубат уулу сен ушундай өлөрмандыгыңдан Балбакты өлтүрүп салып Шиберге айдалып баарың тентип кеткен окшойсуң. Чакырчы жаңкы Көкөтөй итти, келип бул кудаларын алып кетсин. Бар, ылдам барып чакырып кел – деп, ачуусу келип, Султан кудагыйын үйгө киргизбей эшигинин алдына жөлөнө олтуруп алып оозуна келген сөзүн айтып капаланып олтурат.

Кудалардын чолок кызыл атын минген бала эки үзөңгүлүгү жыртылган кара тердиктин бурчтарын салпылдата теминип ак шапалак менен курсакка шакылдата чапкылап чу койгон бойдон барып түшө калып: – Көке, сизди Султан акем «бат келсин» деп чакырып жатат. Кудасы той жүктөп келди. Эң эле бат келсин деди, аларды үйүнө киргизбей, Султан акем эшикке олтуруп алып тилдеп жатат, – деп бала энтигип сүйлөп шашып чакырып келди. Бул кабарды уга замат Көкөтөй шашылган түрдө «барайын-барайын» деп карбаластап жөнөп калды. Көкчолок атты минип, баланы учкаштырып «О, жүргүлө! Султандын кызынын тою келиптир, барып той жегиле!» – деп айылдагыларды жалпы чакыра кетип баратат. Султандын айлынын кабагын арык кула тайдын чылбырын кармап жалгыз олтурган Маманазар Көкөтөйдү көрүп уялгансып жерди карап бүжүрөп калды.

– О, байкуш жетим, ишиң оңолсун. Сен дагы эл катары болорсуң – деп Көкөтөй өтүп барып чогулушуп олтурган элге салам айтып:

– Ээ, Султанбай, кудаң кут болсун, тоюң тойго улансын! – деп Көкөтөй кудагыйы менен учурашып калды.

– Ой, жинди, чочко, бул куда, кудагыйыңды алып кет. Илгери бир куда оозанып коюпмун, балаага калыпмын да. Өлөрман Кубат уулуну жабыштырып баарын сен кылдың. Ал манабу той сөрөйүн артып алып аксак байталы менен тетиги торпогун кошуп алып бул кудагыйыңды алып кет! – деди.

– Ээ, Султан аксакал, «ырыстууга жуучу келет, ырысы жокко доочу келет» дептир. Жетим күйөөңдү ээрчитип алып, жесир кудагыйың келип олтурса «буларды аткар!» дегениң жарабайт. Бул ар кайсы айылдан чубуруп келип жаткан улуу-кичүүлөр той ооз тийсин, анан өзүбүз калып кеңешип, бул кудалардын бир жөнүн кыларбыз. Кудагый колго түшпөдүбү. Эми аябай жилигин чагып жатып мал жеп анан кызды берерсиң. Баласынын тою түшүп жатканда дагы киши капа болобу? – деп Көкөтөй ордунан туруп келип, кыздардан беш алтыны жыйнап алып «тиги кабакта олтурган күйөөнү алып келип үйгө киргизгиле» деп жумшап жибирип. – Кана аксакалдар, той жегиле, – деп абышка, кемпирлерди үйгө киргизип, элге той берип узатты.

– Султан аксакал, эми бул байкуштарды көп жаткырып зарыктырбай келинин берип узатып жибер. «Өспөс уул, өнбөс доо доолайт» деген, «чегирткенин алын көрүп, канын сор» дептир. Бат эле узатып жибериңиз! – деп Көкөтөй атганып кетти. Султан кызылдай уятынан бир козу союп, конок кылып, капааттанганы басылбай «бир жакшы ат баштаган беш мал берип, келиниңди ал. Мал таап бере албасаң мага бөөдө келгениңерде кызымды беремин» деп кудагыйынын айласын кетирип, ичкенин аш кылбай, беш мал салып таштады. Кайдан барып мал таап келерин билбей Маманазар арык кула тайды токунуп Көкөтөйгө келип ыйлап жиберип: «бай беш мал таап келбесең кызымды бербеймин» деп жатат – деди.

– Ыйлаба, балам, ыйлачу эмес «малды кайдан издеймин, ушунда эле жүрө беремин – деп эле жата бер. Султандын өз малы да жетишер. Коркпо, балам, колуктуңду ээрчитип берем. Ойноп жүрө бер» – деп Көкөтөй аттанып Султанга келип:

– Ээ, Султан аксакал, «жетимдин жашы – теңиринин огу» дептир, манабу жесир кудагайыңды ыйлатпай узатсаңчы. Мал таап берер алы бар беле? – деди. Султандын ачуусу келип:

– Бая күнү эле тоюн түшүрбөй аткарып жиберет элем, жилигин чагып жатып мал таптырып жейсиң деп элге той берип баары бар ишти кылган сенсиң – деп кабарчыктап олтурат.

– Ээй, Султан ага, кыз дегенди ага-тууганы эле билүүчү. Экөөбүз бир тууган болсок, бир кызыңды маа бийлетип койсоң эч нерсе болбос. Сенин балдарың дагы менин кыздарымдын бирин бийлеп, күйөөгө берер. Алдуу, малдуу кезинде өзүң куда болуп алып, эми жесир

катын, жетим баланы жок жерден мал таап кел деп кыйнаганың болбойт – деп Көкөтөй жатык сөздөрүн айтты. Султандын кулагына сөз угулбай:

– Ой, аны мен жарды кылдымбы? Адамдын ак сарбашылы эле Шамендин Байтерегинин уулу Балбакты өлтүрүп, Шиберге айдалып, Кубат уулу деген митаам немелер өзүлөрү тентип-тербип томаяк болбоду беле, ыя, ал жетим-жесирлигин маа милдет кылат бекен? – деди.

– Ал адамдын ак сарбашылы Балбакты улакча бакыртып мууздаган Кубат уулуна кызыңды бербесең сени төшөгүңө думбалап тумчуктуруп өлтүрүп, кызыңды алып кетпейби? Жалаң кекилик, чил, бөдөнө, кыргоолдон элге алман салып, элдин убалынан коркпой, малы-жанын алып жүрүп дөөтү Мурataалы Байболго мууздатып өлгөн Балбакты адамдын аксарбашылы эле деп кантип айтасың?

– Ал аксарбашыл, ыйык болсо Кубат уулунан өлбөй эле жүзгө чыга жашап алып анан Мекеге барып ажысы кабыл болуп, кудайдын чындап сүйгөн адамы экен дедирбейт беле, – деп Көкөтөй Султанга жооп берди.

– Ой, сен капкайдагы сөздү айтпай кетчи. Мен өзүмдүн ичимден чыккан баламды өзүм билем. Беш-алты мал жебей эле кантип кызымды аткарып жиберем? – деп Султан ачуусун баспайт.

– Алда кокуй ай, Султан, ошол өзүңдүн ичиңден чыккан балаңдын күйөөсүн жок жерден мал таап бер деп кыйнап эмитен кечирин кайрып кууратсаң, ал сенин кызыңды алгандан кийин ага аш-тамак, кийим-кече таап берем деп тентип кетпейби? Тилимди алсаң, бул бечараларды кыйнабай жана конок тартып, өзүң дагы кыйналбай узатып жибер. Тилимди албасаң, өз балдарыңды өзүң кыйнап куурата бер, – деп Көкөтөй атtанып кетти.

Дагы бир-эки, үч күндөн кийин Маманазар ыйлап Көкөтөйдүн алдына дагы келди. «Сен эки жакка бастырып мал таап келип бүлөңдү албай, мага док урунуп жатып аласың» – деп бай бизди тилдеп кууп жатат. Энем эле айласы кеткенде сизге жиберди, – деп Маманазар буркурап ыйлап турат.

– Эмесе, балам, сен бул менин үйүмө жата бер – деп Көкөтөй эрте аттанып алып Султандыкына күн чыга электе келип:

– Ээ, жеңе куй кымыздан? – деп эки аяк кымызды удаа ичип жиберип, бир аяк кымызды кармап олтурганда бээ байлатып жүргөн Султан

беш-алты киши менен келип калып, Көкөтөйдү көргүсү келбей «Келе, менин ээр, токумум кайда! Берки кишилерге кымыз бер!» – деп байбичесин шаштырган болуп ары-бери кайсаңдап турат эле, Көкөтөй:

– Ой, Султан аксакал, олтурчу бери, тууганча бир аз кеңешип алалы, – деди. Султан:

– Ээ, эмине кеңеш таап жетип келдиң, кудая тобо! Ой ушунда бир топ Кубат уулу менен ушул иттин эле дарты өттү. Түн түшүмдөн, күн өңүмдөн кетпей эле «кызыңды качан узатасың? – дешет. Ой, мага бир сан кара мал өткөрүп койгон немече, – деп Султан жүктүн алдына барып олтурду. Көкөтөй:

– Келе жеңе, кымызыңдан куй, бүгүн байдын ачуусу келип эле калыптыр, алда немине кылаар экен? – деп улам-улам сурап ичип жатат.

– Ээ, ачуум келбейт, мында бир томаяк Кубат уулуна болушуп атып сенин дартың өттү го. Андай эле жетим-жесирге бооруң ооруп баратса кыздарыңдын бирин берип сен кудагый, күйөө кылып албайсыңбы? – деди.

– Ой, Султан аксакал ай, «уул үйлөгөн урмат кыз чыгарган кызмат» деген эмеспи. Далай эле жакшы, жаманды көрдүң эле. Жокчулук башыңдан өткөн жок беле? Теңтуш күйөөсүнө аман-эсенинде кызыңды берип, узатканың жакшы эмеспи? – деп колундагы кымызын жутуп жиберип, «Келе, жеңе куй кымыздан?» – деп, аякты дагы сунду. Султан титиреңдеп:

– Чыкчы, ой, эшикке чыкчы. Бир ооз кеп айтып коюп эле бир аяк кымыз ичет. Чыкчы эшикке, көзүмө көрүнбөй. Мага насаат айтып коёт, ай, ушуну, кудая тообо! Астофыралда! – деп ачуусу келип турат. Көкөтөй:

– Ээ, Султан аксакал, «кымызды ичкенге бер, кызды сураганга бер» – деген кеп бар эмеспи? Кызымдан калың жебей эле мен сенден бай болуп келатам го. Менин кымызымдан эле сенин кымызың көпбү? Кызың күйөөсүнө барганда дагы бир оокат кылганы жакшыбы же ушул жерден эле аш ичпес, тон кийбес бериште кылып узатасыңбы? Капырай, баласынын барар жерин кууратып олтурган болобу? – деди. Султан:

– Ой, менин балам менен сенин немине ишиң бар, ыя? Ой ушуну...– деп тиштенип, оттун жанындагы чычаланы ала коюп – чык, дегилечи, ой журт, «чык!» – дегилечи, деди. Атасынын ылайыксыз

ачуусу келип жатканына уялып Султандын кызы бетин басып кереге жакты карап алып ыйлап жаткансыйт. Көкөтөй кымызды ичип жиберип:

– Келе, жеңе, кымыздан куя берсеңчи? – деп аякты сунуп турат. Аякты алып сабаны көздөй басып «ий айланайын кызы да курусунчу. Эзелтеден өөдө карабаган эки бир тууганды капаланыштырып – деп Султандын байбичеси кымыздан куюп келип Көкөтөйгө сунду.

– Эй, байбиче, кыз курубасын, кыздын багын байлап, жүктүн бурчуна камап алып, малга сатам деп жаштардын талабына жеткирбеген ата-энеси курусун. Малыңар аздык кылса менин малымдан алып бүгүндөн калбай балдарды узаткыла! – деп Көкөтөй жеңесин карап сүйлөп жатат.

– Ээ, менин малымдан ал дейт турбайбы, бул Кубат уулу үчүн мал берчү неме, алып кел малыңды. Беш жылкыңды айдап келип анан мени менен сүйлөш. Сен сарыбагыштан коркосуң, мен коркпойм, – деди. Көкөтөй:

– Мен алибетте корком. Чокоюн күлүк аттай таптаган, шыйрагынан жараган Кубат уулу алса эле менин жылкымды албайбы. Сенин кайсы киши кызыккандай жылкың турат? Кубат уулу тургай кудайдан коркпой, жетимди ыйлатып, малын жеп алып кызыңды бербей кайра мал алып жатасың, – деди.

Султан жарылып кете жаздады:

– Ой, айланайындар, бул иттин айтып отурган сөзүн карагылачы! Мени кудайдан коркпойт деп олтурбайбы. Бул ит жинди болуп калган го ыя? Ой, мени таанып олтурасыңбы, ыя? Мен киммин ыя? Деги мен киммин? – деп колундагы чычала менен Көкөтөйдү баштан ары тартып жиберип, – коё берчи, ушул итти коё бер! ? – деп Султан жулунуп жатат. Олтурган элдер тура калышып:

– Коюңуз, Султан аке, коюңуз? Ачууңарды коюп, сабыр кылыңыз, Султан аке? – деп Султанды кармалап жүрүшөт. Көкөтөй күлүп:

– Жок. Бек кармагыла, айланайын арачачылар! Ал албеттүү неме эле кокустан бошонсо башымды жулуп албасын. Келе, жеңе, кымыздан. Кымызын ичип, кызын atказып жиберейин. Андан кийин мени бышырып жесин – деп жердеги аякты алып жеңесинен дагы кымыз сурап калды. Султан:

– Бербе! О, бербе! Атаңдын көрүнөчайын ал жинди мас болуп алып мени кудайдан коркпойсуң деп жатпайбы? Бербе кымыздан! – деп бакырып сүйлөп турат. Көкөтөй:

– Жоок, Султан аксакал, мен кымызга мас болчу белем? Тетиги теңтушуна жете албай каарлуу атанын колунда камоодо олтурган кыздын көзүнүн жашына мас болуп жатпаймынбы, – деди.

– Айланайын ээй, карабайсыңарбы? Мен каарлуу карышкыр турбаймынбы? Бул кудайы момун неменин айтканын көрчү! Коё бергилечи, ушуну жара тартып жиберейин – деп Султан дагы жулунду. Көкөтөй:

– Келе, жеңе, кымыздан. Жара тартмак болду, керээзимди ичип алайын. Чычала менен бир чапканын улуулугунан кечирдим, эми бир чапканын карындашым үчүн кечирем. Анан ачуусу чыгып «карындашыңды өзүң билип узат» дээр. Аа, болбой эле жулуна берсе, «Жамандын кою да өлөт, өзү да өлөт» дегендей кымызың ичип алып, кызын жетелеп алпарып өзүмдүн үйүмдөн аткарып жиберем. Эр болсо Султан мени чаап алсын, – деди. Султан:

– Чык ит! Бул кызымды жетелеп кетет тура! Мени малы-башыма ээ кылбайт турбайбы – деп чычаланы ала коюп дагы бир чапты. Олтургандар «коюңуз?!» – деп арачалап жүрөт. Арачачыга болбой жулунуп:

– Бул мени таанибай калган турбайбы? Боо мен таанылайын! – деп дагы бир тээп жиберип:

– Ой, ит, киммин, мени тааныйсыңбы? – деп жулунуп коёт. Көкөтөй күлүп:

– Мен сени таанып эле турам. Сен баягы эле шибегеңдин учун урайын Султансың. Сен баягы эле кеп жыгачыңды урайын Султансың. Сен баягы эле жулук тиштеп жүрүүчү Султан өтүкчүсүң. Анан сен Зарыпбек Султан болуп калдың беле? Бул эси жок неме Султан, Султан десе эле Зарыпбек Султанмын деп жүргөн го. Сен баягы эле жарыбаган жамакчы Султансың. Сен кызыңды теңтуш күйөөсүнө бербегенде үйүңө карытасыңбы? – деп катуу сөздөрүн айтып, – келе, жетим баланын малдарын бер. Улам-улам өнүктүрбөй жеп олтуруп томаяк кылып саласың дагы, аягында кайра мал салып, кызымды бербеймин деп олтурганың кудайга жагабы? – деп Көкөтөй бакылдаганда, Султандын кызы Көкөтөйдүн ачуусу менен айткан сөздөрүнөн

уялып, эшикке чыгып кетип, үйгө жөлөнүп ыйлап турат эле. Көкөтөй урушкан бойдон эшикке чыгып, ыйлап турган кызды көрүп: – Жүрү, айланайын «буудайдын барар жери тегирмен» дейт, Султанга мал эле керек болсо, өзүм берем, – деп кызды атына мингизип, өзү учкашып алып жөнөп кетти.

Султан бакылдап сүйлөнүп эшикке чыкса, кызын Көкөтөй өңөрүп алып кетип баратат. Султандын күйбөгөн жери күл болуп:

– Ээ, айланайын журт, баягы жинди чочко баламды алып кетип баратпайбы. Бул кордуктан көрө өлөйүн. Тал түштө кызымды ала качып баратканын көрчү!– деп баканды ала коюп мамыдагы атты көздөй жүгүрүп калды.

– Ай, Султан аке, сиз барбай эле коюңуз, балаңызды кайда алып бармак эле, биз эле алып келип берелик, – деп турган элдин ичинен бири аттанып Көкөтөйдүн аркасынан чапкан бойдон барып калды. Көкөтөй карындашын үйгө алып барып түшүрүп коюп «жылкыны бери айдагыла!» – деп жылкысын чогултуп келип беш жылкыны карматып, кошоктоп туруп, баягы аркасынан келген кишиге айдатып жиберди. – Султанга алып барып бер, атасы малдан өлсө, кызынын калыңын жетим баладан алам деп темселебей менден алсын. Бул жылкыда менин доом жок, бул кызда Султандын доосу жок. Мына, мен өзүм билип узатам эми «мындай-андай» дечү болсо чырды менден көрүп алгыла. «Карма ат, айгырдан! Сындуу, сырттуусунан! Бүгүндөн калбай карындашымды, кудагый, күйөөмдү узатамын. Өзүм кошо барып айлына жеткирип келемин. Алып чык келин, кыздардын жакшыраак ээр, токумдарынан!» – деп жасалгалуу ат жабдыктарды чоң-чоң аттарга токуп дүрбөп жатканда Султан көрүп алып кандай кылаар айласын таппай, айылдагыларды чакырып алып:

– Ой, журт, тигил жиндини кудай урду! Кызыл-тазыл кылып эле бир топ атты токуп жатат, бул кордукка кантип чыдаймын! Барып эле жарынышып калсам бейм да, ыя? Кантем ыя! – деп токтоно албай турат.

– Ээ, Султан аке, салган малыңызды бербедиби. Эми биз барган менен Көкөтөй сабап кайра куулт. Эми жайына эле коюңуз. Кызыңызга кийим-кече, төшөнчү-орунду бербей баары өз жаныңызда калбадыбы, – дешип Көкөтөйгө барууга киши чыкпады.

Султан ары-бери чуркап: – Ой, катын, бас бери! Тигил жиндинин кылган кылыгын көрдүңбү? Кызыңды аткарып жатат. Ат,

айгырларынын баарын карматып, токуп жатпайбы, эми эмине кылабыз? Мен барсам чоң уруш чыгып жүрбөсүн, ыя? Же барсамбы? – деп тыбырап турат эле. Көкөтөйдүн сулуу кара кызыл айгырына күмүш ээр, токумду токуп, кызыл башайы жуурканды опойто салып, минип алып, бир бала чаап келип: – Жеңе силердикинде кудагыйдын ээр, токуму бар экен, алып бериңиз? Кеткени жатышат – деди. Султан:

– Ой, бала, алдыңкы айгырды ким мингени жатат, айтчы? Ой, бала, деги канча ат токуп жатат, кайда барат экен, айтчы ыя? – деп Султан баланы көздөй басты. Бала нарылай бастырып: Көкөм жакын барба, кармап албасын. Обочо туруп, ээрди алып кел» деген. Беш-алты ат токушту го деп бала жакындабай гана «Жеңе, ээр барбы, кетем. Бат кел» деген – деди.

– Мен көтөрүп барып берейин, балам, шашсаң кете бер, – деп Султандын байбичеси кудагыйынын ээрин таңып көтөрүп алып жөнөдү: Султан:

– Ой, катын, жаңкы жиндиге айт, мен эми ачуумду койдум. Эми өзү билсин, бүгүн аткарба де. Ошол жинди экөөңөр эле билип узаткыла. Мына мен койдум – деп кырынан түшүп жатып калды.

Жеңеси келип: – Кой, алдыңа кетейин уул, агаң «сени эле билсин, мен ачуумду койдум» деп жатып калды. Эми бүгүн аткарам дебечи, алдыңа кетейин?! Айыпка бергенсип карындашыңды кантип бүгүн эле узатасың? – деп ыйлап-сыктап Көкөтөйгө жалынып, кызын көздөй басты.

Көкөтөй жеңесин кармап алып: «Кана, эми Султандын ачуусу чыкканы ырас болсо, барып бир тайыңарды тойго сойгулачы. Мен күйөө, кыз, кудагыйыңды алып барып үйүңө түшүрөйүн. Болбосо азыр аткарып алып өзүм жеткирип келемин. Малынан баласын жаман көргөн киши ошентип көрбөй калуучу», – деп жеңесин кайра үйүнө жөнөттү.

Султандын байбичеси үйүнө жетип калган кезде Көкөтөй күйөө кыз, кудагый, кудаларын баарын аткарып алып, өзү кошо аттанып түндүк баканды колуна алып, ылдамдай жөнөп, Султандын айлынын өйүз жагы менен Байдуулунун ашуусун бет алып жөнөп калды. Султандын айлы чак-чалакей болуп эле ат-атка тийбей жөө-жалаң катын-бала чубуруп Көкөтөйдүн алдын тозо, аттуу, жөөлүү болуп келатышат. Көкөтөй узун баканды жаркылдатып, тайгандай кызыл бээ

менен жагалдантып, катуу үнүн салып кыйкырып: – Тарткыла ой, кайра тарткыла! Мен болсом колумдан мал берип, ичим ачышып келаткан кишимин. Бул ишти бүтүрбөй, тынбаймын. Эч кандай кеп, сөз укпаймын. Агер келгениңер болсо соогалбайсыңар. Бакан менен кардыңды жара саямын», – деп кызыл бээ менен ойноктотуп, ары-бери ойдолотуп коет. Султан Көкөтөйдүн түрүн көрүп алып жакын бара албай, кашаттан туруп кыйкырат:

– Оо, Көкөгөй, деги эмне кыл дейсиң? Оюндагыңды айтчы? Кандай бол десең, ошондой болоюн. Ой, айланайын Көкөтөй, экөөбүз бир тууган эмес белек, мени эл, журтка шерменде кылба? Оо, тигилерди токтот. Оюңдагыдай болбосом кудай, арбак урсун – деп ыйлап турат. Көкөтөй:

– Оо, Султан, менин оюмдагыдай болсоң кайра чаап барып бир жылкыңды сой, элге той бер. Анан токтоймун. Бул жерде бакырып турганың менен токтоп тура албаймын – деп кыйкырат.

– Оо, маакул-маакул, айланайын! – деп жарданып карап турган балдардан эки-үч баланы ээрчитип алып желесине барып кысыр эмди тору тайды алып келип:

– Мына, о, мына! Келип бата кылып бер? – деп кыйкырды. Суунун боюнда топтошуп турган элден Көкөтөй чаап барып:

«Кана, эмесе, муузда тайыңды, алдооакбар! Мына, менин батам ушул, муузда, – деди. Тушай салып тайды көтөрүп уруп мууздап жиберишти.

– Ырахмат, Султан аксакал. Тойду сен сойсоң, кызды мен ойнотомун деп кайра тартып, элдин баарын айлына алып барып түшүрүп, кыз-күйөөнү конок кылып жана бир кысырак эмди кара тайды тоюңа кошумчам деп Султанга жетелеп барып, Султан менен элдешип, элге той берип Мamаназардын колуктусун кошуп берип узатышты.

## 9. КӨКӨТӨЙ АЛА КӨЗ КАБАЛАРДЫ АШТАН КАЛТЫРГАНЫ

Көкөтөй Коңур-Өлөңдү ашып келип бир калың айылга конуп калды. Ал айылдагы кары, жаш дебей баары келип Көкөтөй менен

учурашып олтурушуп, «Ээ, Көкө кайдан келатасың, кайда баратасың?» – деп Көкөтөйдүн жөнү-жайын сурап олтурушту.

– Бул эле Солтонсарыдан бастырдым. Береги Тоң жакка барып келе турган бир аз жумушум бар эле, – деп Көкөтөй барыш-келиш жумушун айтты.

– Ээ, Көкөтөй аке, силердин тынымсейит туугандан ашка барабыз деп жаткандары барбы? – деп Токбай сурап калды.

– Кайдагы ашты айтасың Токбай мурза? – деп Көкөтөй Токбайдан кайра сурады.

– Ээ, Чүйдөкү ашты айтам. Дүрдүн атасы чоң Сооронбайдын ашына барганы жаткан киши барбы деп сурайм да – деди Токбай.

– Ээ, Токбай мурза, сен ошол Сооронбайдын ашына барсам дедиң беле? Күлүк атың барбы же сайышка түшөм дейсиңби? – деп Көкөтөй Токбайды карады. Токбай уялып кетип, күлүп:

– Жоок, Көкө, күлүк ат деле жок, сайышка түшкүдөй баатыр эмесмин. Элдин баарына кат берип, ашка чакырыптыр деген эле кабарды угуп, силер жакка дагы кат барды беле деп гана айттым, – деди.

– Мен берки эле сырттан келдим. Элге кат келгенин билбедим. Силердин элге «ашка кел!» деп кат келдиби? Ал ашка жөнөп жатышабы? – деп Көкөтөй Токбайдан сурады.

– Биздин алакөз Каба эртең чогулуш болуп, кеңешип алып эки-үч күндө жүрөбүз деп турушат – деп Токбай жооп берди.

– Ашка барганга дагы чогулуш кылабы? Көңүлдүү киши баруучу, баргысы келбеген киши малын багып жата берүүчү. Ашка барарын кеңешип, элди жыйнаганды силерден көрдүм. Жээ үй көчүрүп барып Сооронбайдын ашына конок алышасыңарбы? – деп Көкөтөй олтурган элди карады.

– Ээ, Көкөтөй баатыр, бул эл ашка, тойго барса деле өзүнчө барбай, элди чогулткан болуп аштын чыгымы деп, элге чыгым салып, акча жыйнап алып, анан ар бир ыстарчындан мынчадан киши барсын деп жакшыраак аттын баарын минип барып ат сүрөтөбүз деп кечээ болуштукунда сөз кылып тарашты – дейт турбайбы. «Эртең түтүнгө киши калбай келсин» деп ыстарчыбыз киши жибериптир, – деп аксакал Сатылган сүйлөп калды.

– Ой, атаңдын көрү ай! «Жоболоңдуу жолго чычса, эмгектүүнүн этеги булганат» дегендей аш, тойго барабыз деп эле элге чыгым

салса киши жечү мыкаачы бул силердин ала көз кабадан чыккан турбайбы? Келе, Сатылган насыбайыңды? – деп чакчанын шишин сууруп алып жыттагылап Көкөтөй, – Ээ, дагы немине сөзүңөр бар? – деп олтурду.

– Ээй, айланайын Көкө, ошол ашка минип баруучумун деп жайлата өзүм өгүз минип жүрүп араң эттентип алган жалгыз атымды бересиң деп береги Токбай кыйнап олтурбайбы. Бербей койсом болуштун жасоолун жиберип деле карматып аламын деп олтурат го – деп Токбайды бир карап, Көкөтөйдү бир карап коюп аксакал киши таягынын учу менен жерди сайгылап коюп, үшкүрүп коёт.

– Ээй, аксакал капа болбой олтура бер. Бул ашка ала көз кабадан бир дагы киши жибербеймин, болушуң бокту жептир. Эртең эл чогулуп калса мен дагы барып ошол көпчүлүккө сөз айтып көрөрмүн. Ошондо мени карап тур аксакалым, – деп Көкөтөй күлдү.

– Атаа садагаң кетейин Көкө, ушул сапар элди ашка бардырбай салсаң, сураганыңды берелик, – дешип олтурган эл чурулдап жиберишти.

Эртең менен элдин баары ат токунуп чогулушка барабыз деп топтоп болуп жөнөп жатышат. Конуп жаткан айылдагы бир топ аксакалдар менен аттанып алып Көкөтөйлөр дагы барып калышты.

Алабаштын сазына ала көз кабанын көпчүлүгү чогулуп, жаткан жерге барып улуу-кичүү, кары-жаштын бардыгына учурашып Көкөтөй дагы олтурат эле. Туш-туштан элдердин баары келип калың жыйын тегерек тартып олтургандан кийин аштын кебин салып элдин ар кайсы жеринен сүйлөп жаткандар бар. Булардын ичинен ар бир сөзмөрлөр чыгып «бул ашка казак, кыргыз, капыр, бусурманды чакырыптыр, оң, сол орошондун баары барат экен. Ушул ашка барбай калсак арманда калабыз го. Балбан күрөшкө Акбалбанды, эр сайышка Жаманоозду алып барсак. Күлүк аттан Молдокандын Майда кызылы менен Баатырдын Тору аргымагын алып барсак. Нары чети алты жүз, бери чети беш жүз киши барсак, эки атка жакшы сүрөөнчү болобу. Мыкты аттардан минип алып, жакшы кийимдерден кийип алып ушул сонун ашты көрүп келбесек арманыбыз арылбайт го» дешип, ар бир өтүмдүү азаматтар мыктыларга угуза сүйлөп жатышат. «Ырас эле андай сонун ашка барбаганда болобу. Ыстарчы башына элүүдөн киши барсак, канча чыгым болор дейсиң? Көп болсо түтүнгө бир кой,

серкеден чыгым беришер» – деп ар бир туура чабар бекерпоздор жарбык боло сүйлөп, элди күүлөп коюшат. Булардын сөздөрүнө кулак салып Көкөтөй тыңшап отура берген. Бул элдин мурзасымактары жана тыңсымал айыл башчылары сүйлөшөт: «Чынында бул аш илгерки эле Көкөтөй хандын ашындай аш болот окшойт. Ошону көрүп келбесек болобу? Көп болсо барган кишилер киши башына элүүдөн койго акча көтөрүп аларбыз. Кудай берип калса Майда кызыл менен Тору аргымактын бир байгенин алды жагынан көрүнүп калса, барган зыяндарыбыздын баарын төлөп салбайбы. Төтөн акчалуу кишилер барса Токмоктон арзан төө сатып алар эле» – деп кайра тартпай ашка барып келүүнүн сөзү күчөй баштады.

Ээ, бул ашка кимдер барат? Кимдер барбайт? Кеңеш бергиле, көпчүлүктүн кеңешинин ыңгайын угалык – деп Баатыркан, Маамыткан элди дуулдатып салып, карап олтурушат. Бул учурда элдин сүйлөп жаткан сөздөрүнө ичи кайнап, катуу үнү менен Көкөтөй:

– Ой, журт, кичине токтой тургулачы? Бул Коңур өлөң менен Токмоктун ортосу жүрөрман атка үч күндүк жол эле. Силер бүгүндөн калбай эле Сооронбайдын ашына жете конуп, эртең менен тура калып, эр сайышка Жаманоозду аткара салып, ыргыта койдуруп, төө баштаган бир тогузду андан алып жибердиңер. Бул ууру кылып жүрүп жилиги үзүлгөн немени төмөнкү кушчу, саруу, солто, тынайдан кунан, өгүздөн улак тартып ойноп жүргөн балбандары Жаманоозуңду ичеге, кардын чубай сайып кетеби деп ойлогон бир дагы киши болгон жок. Эми кичине шашпай угуп тургула. Бул аштын жайын мен айтып берейин, – деди.

– Ээ, маакул, маакул. Айтыңыз, Көкө, айтыңыз – деп элдин ар бир жеринен Көкөтөйдү тааныгандар бажылдашып калды.

– Эмесе мен айтып берейин, алагөз каба бул аш сен ойноочу жоо эмес. Бул ашка оң, сол, орошон казак, кыргыз, капыр, бусурманды чакырып жатат деп мен дагы уктум. Сен ошол ашка барып канткенде конок таап жейсиң? Же Жантайдын уулу Шабдан, Сооронбайдын уулу Дүр менен сөөк-тамыр белең? Бул жерде Алабаштын сазына чогулуп олтуруп алып Баатырдын аргымагын алып барсак деп коёсуңар. Баатырканың беш жүз киши менен барып конок таап жей албайт, капа болбой угуп тура тургула. Бул ашка барып конок таап жээчү болсоңор намыз кылбай эле береги көлдүн башындагы

арык тукуму Кыдырды ээрчип баргыла. Калың элдин кашат жагынан бопоросунун түтүнүн кол ыштыктай кылып бурулдатып Кошой баатырдай болуп даңкайып турганда «Бул ким экен? Бул ким экен?» дегенде «Бугу Кыдыр баатыр экен» дегенде «Бери тартыңыз, бери тартыңыз баатыр» деп конокко бөлүп алып, жасалгалуу үйгө түшүрүп, күтүп турар. Же болбосо Ат-Башыны жердеп жаткан Кайдуунун уулу Чокону ээрчип барсаң калың элдин ортосунда көз айнегин жалтылдатып казандаган калың элге учурашып улуу-кичүүгө таанылган муну токтотпой конокко бөлүп алып бакча сарайдан алдырып алып, окуп жаткан кезиттеринин сөздөрүнөн угуп «баракелде Чоко мурзанын сөзү ай!» дешип күтүп узатаар. Анан сен өзүң ашка барганда береги олтурган Баатырканыңды аягы Талас, башы Чүйдүн эли тургай арка бериш жаткан моңолдор, тынымсейит жакшы таанубайт, канткенде ошол Чүйдөн конок тап жей коёсуң? Анан сен элге чыгым саларсың, аты жогуң бирөөнүн атын жыгып алаарсың. Кичине байсымактарың суур колко карала айгырыңды жылкыдан жаңы кармап минип алып, далысынан чыпылдап майы чыккан тонуңду аттын соорусуна жаба кийип алып, күрпөң козунун терисинен кылган саксак тебетейиңдин төбөсүн шоңшойтуп баса кийип алып, барганыңда жаагыңдан тер агызып, мадырайып карап турганыңда сени ким конокко бөлүп ала коёт? Чүй деген ысык жер болот, тер жыттанып, боргулданып тердеп турганыңда жел жагыңа чыккан кишиге сасык тумоо тийбейби. Сен сонун ашты көрөм деп элге чыгым салып, акча жыйнап аларсың. Оң, сол, орошон кайнап жаткан жерине бараарсың. Тааныган киши көрө албай, конок таппай каларсың. Айдан кеткенде чокчорула бастырып Чүйдүн суусун бойлоп барып жатарсың. Кардың ачып, оозуң батташып, көзүң боз-ала болгондо сезгенген коондон сатып алып, жарып жеп жатарсың. Ал ашта жети күнү конок алат деп уктум. Ошол жети күн удаа шишиген коондон жеп жатып калтырама оору болуп, безгекке жолугаарсың. Анык безгек болгонун билбей түнкү жоргок суук тийип калган экен деп наалдуу өтүк менен канча тебелетип жатып бүткөн боюн көк-ала кылып салып, ал байкуштун убалына калаарсың. Жети күнгө чейин конок таап жеп айыл караандабаганыңды билип Чүйдүн суусунун боюндагы жылгын аралаш камышта жатканыңды көрүп алып, булар конок таппай калган суу кечпес сырттык экен деп солто, тынайдын

машыккан ууurulары жоон топ атыңды уурдап кеткенде эртең менен соксоюп далайың жөө каларсың.

Бир кезде «Ат чубат!» Ат чубат!» деп сурнайчы, кернейчилер чыгар, аны укканда ичиң кайнап, мынчалык келгенден кийин аттарыбызды байгеге кошуп калалы деп көчө болуп турган калың элди аралап барып аттарыңды чубатууга салып, көчө болуп тура калганыңда Солто, Тынайдын турна моюн, бото көз чалыштары менен жөөлөтүп шыкала тура калганда боорунан топчулап койгондой болгон мукурайган бүкүр атың менен сүрүлүп отуруп элдин аркасына чыгып калып бири бириңди таппай мойнуңду тосуп, элди тегерете бастырып жолдошуңду издеп жүрөрсүң. Нар жагы казак менен кушчу, саруу, бер жагы солто, тынай күлүктөрүн чубатууга салып турганда Кетмен- Төбө, Талас, Ашмара, Мерки жана Чүйдүн көзү чөйчөктөй болгон аркар шыйрак, жолборс көөдөн аргымактары жалы кулундун жалындай кылып жамбашын каргайтып кынжыңдап чубап өтүп турганда Майда кызылың менен Баатырыңдын Тору аргымагы энесин ээрчиген кулундай болуп чалыштардын арасынан көрүнбөй калар.

Баатырыңдын Тору аргымагы бул жердеки боорунан топчулап койгондой болгон тескейдин мукур аттарынан чыкты дегени менен ал жерге барып Чүйдүн шоошак чөбүнөн жегенден кийин куйругунун учу менен тең атып чычкактап калар. Чоң Кеминдин оозуна байге сайып жолго эки ара кондуруп айдап олтуруп Ашмара Меркиден атты коё бергенде сенин аттарың жүгүрүп келмек тургай шоонадай жарап чычкактап ичин уруп Ысык-Атадан өтпөй чабалактап жатканын көрөрсүң.

Кушчу, саруу, солто, тынайдын боз балдары тойчунак сары тердиги менен куюшкан салбай токунуп, чаполондон төрттү тартынган чалыштары менен жезден чыбык салган найманча ээрине чылбырды ороп о алып «Каратал! Каратал! «Бүргө!», «Бүргө!», «Бөлөкбай! Бөлөкбай!», «Талкан! Талкан!» деп сүрөп келатканда бүкүр атың менен бура тарта бергениңде койдуруп өткөндө ат-матың менен томолонуп барып сулап жатарсың. Атың баса жыгылганда акырегиң сынып, кир болгон бөз куруң менен таңып алып сенделип жүрүп олтуруп баягы үйүр болгон камышыңдын арасына келерсиң. Баш-аягың бүт жыйналбай кужулдашып «атаңдын көрү ай, ашка келип же конок болбой же чапкан атыбыздан дайын жок эми эл тарай электе баякы ууру

алган аттарды бир суроо салып келсекчи» деп араңардан шыйгарып олтуруп тыңсымалыңдан эки-үч кишиңди жибересиң. Ал барган кишилериң Шабдан баатырдын жаткан жерине барып, эки колун боoруна алып, салам айтып нымтырап кирип барар. Шабдан өзү кичипейил келик киши боло турган эле. «Келгиле, келгиле, туугандарым. Ким болосуңар?!» деп жөнүңөрдү сураганда «Баатыр, биз манабул зле Ысык-Көлдүн тескейиндеки ала көз каба деген эл элек, ашка келип аттарыбызды ууруга алдырып жиберип, жөө калдык ошону сизге айтып, кулагыңызга салып сурамжалдайлычы деп келдик эле баатыр», деп бүжүрөп олтуруп жооп бересиң.

Ал Шабдандын жанында өңү чаар, сөзү суук Баяке деген ачуулуу киши бар «атаңдын көрүнөчайын темселеген иттер сенин атыңды Шабдан уурдап алыппы? Ашка келсең атыңды багып албайсыңбы? Атың турмак өзүңдү ууру алса бул көпчүлүктө дайның чыгабы?» – деп жемелегенде, Баякенин суук сөзүнөн кутула албай кайра кетериңе эки көзүң төрт болор.

Шабдан жумшак сөздүү киши эле «Коюңуз, коюңуз, Баяке баатыр, бул бечаралардын айткандарына көз сал» деп айталы деп бир жигитин жиберип Мамбетаалы, Дүрдү чакырып алып «Ой Мамбетаалы, Дүр мурзалар мана булар тескейдеки саяк туугандар экен буларды конокко дагы албапсыңар жана бир топ атын ууру алып кетиптир, болуш-болуштарга кабар салып сүйүнчүсүн көбүрөөк айтып ырчыларга жар салдырып сурап бергилечи?» – дегенде «Жакшы болот, жакшы болот, баатыр, сураштыралы» деп эшикке чыгып-кирип бопоросун тартып экөө эки жакка басып кетер. Кимисин ээрчип баратканыңды биле албай жаагыңдан териңди агызып, башың айланып туруп «Кой эми, мынча болгондон кийин Дүрдөн бир жооп алып кайталы» деп кайраттанып аркасынан барганыңда атынын жалына бутун арта салып, бопоросун тартып турган көк көйнөкчөн орус менен сүйлөшүп туруп Дүр бирустопту (пристав.) көздөй басып кеткенде ээрчип бара албай илеңдеп турганыңда суу ордуна арак ичкен солто, тынайдын жигиттери келеке кылып, сөзүңдү угуп алып «аттарыңды мен таап берем, келе сүйүнчүңдү бер» деп жаныңдагы бирин – серин тыйын тыпырыңды алып, Токмоктун шаарына кирип сени адаштырып салып берген акчаңды аракка салар. Андан айлаң кеткенде жолдошторуңа келип калың чырдын ичинен чыгарсың.

Жолдошторуң арыктын боюндагы талдын көлөкөсүндө эс алып жатып уктап калганда отко койгон аттары дуңгандын күрүчүнө кирип алып, чөнөктөгү баткакка тыгылып кечип жүргөнүн көрүп алып шыгырата таккан томолок сары топчулуу чолок көк күрмөсү менен келип алка жакаңан алып кырдуу башы менен мурдуңду каңтара-каңтара сүзгөндө каңылжаарың талкаланып оозу-мурдуңдан кан кетип ак чүпүрөк кепичтин чочойгон тумшугу менен жүрөккө тепкенде өңүң кубарып чай кайнамга өзөрүп жатып араң эс алып, «садагаң кетейин, акун, күрүчүңдү төлөп берейин» – деп, калган-каткан бардыгер акчаңды кураштырып берип араңдан кутулуп, бул кордукту көргөндө Коңур-Өлөңдүн чым көңүнүн жыты көзүңдөн учар. Уурудан калган аттарга учкашып, чиркешип алып, кыраркаңы жоор кылып, айлаң кеткенде, жөөлөп жалаңдап алып ээр, токумуңду көтөрүп алып Боомдун ичиндеки ар бир соройгон ташка көчүгүң коюп олтурарсың. «Жөөлүктөн дагы акырегимдин ооруганы ай, убалым жетсин Баатыркан, Маамытканга» деп куру каргышыңды айтып жүрүп отуруп, ажалдууң жолдо өлүп, ажалы жогуң шилиң эки ача болуп арыктап жыгыларыңда Ала-Башка араң жетерсиң. Сен жолдуката Баатыркан, Маамытканды каргап келсең сени мында калган чыгым тартып жалгыз атынан айрылып, ичинен кан өтүп олтурган көпчүлүктүн ичиндеки бей-бечара каргаганда аман-эсен үйүңө келгендериң дагы жыл маалына эс алалбай каларсың.

Тилимди алсаң ала көз каба, шерненди жеп чолок чүйлүгүңдү кекиликке салып, ат кунаныңды Коңур-Өлөңдү жээктете чаап, аш, тоюңду берип таң- тамашаны өз айлыңда салып, малыңды багып жата бер. Чүйдөгү ашка дүрбөп, элге чыгым салганча үйдөкү элди бак. Жок, тилимди албасаң, кырылмактан немең калбай кал. Маа немене керегиги бар, Чүйдөкү бир тынайдын чалы өлүптүр деп түтүнгө киши калбай чогулуп алып, чыгым салып, ат жыгып минип жатканыңар маа жакпады, – деп Көкөтөй сөзүн бүтүрдү.

Көкөтөйдүн бул айткан сөздөрүнө кыжыры кайнап, ачуусу келген түрү менен:

– Ой, Көкөтөй, кудай урган жинди, сен бул жерде олтуруп алып эле бүтүн ала көз кабаны бүлдүрүп жибердиң, капкайдагы жок сөздөрдү айтып. Чүйдөкү элди көтөрө чалып, биздин ала көз кабаны эч бир керекке жаратпай салдың го. Ошол солто, тынайдан эле биздин

эл кем бекен? Же малы биздин малдан көп, жакшысы биздин жакшылардан өөдө бекен? Баса! Казак менен саруу, кушчу, солто, тынайдын балбандары, аттары боз балдары, манаптары такыр эле бизден артык бекен? Кудайды карабай сүйлөдүң го, Көкөтөй. Бул сөзүң өзүңө жакпаса, бизге жарабай калды. Чүйдөкү элди мактап, биздин сырттыкты өтө кордоп жибергениң ылайык эмес го, Көкөтөй? – деп Баатыркандын жанжөкөр жигити Жаманак өтө ачуусу келгендей болуп каргылдана сүйлөп калды. Көкөтөй:

– Ээ, олтурган көпчүлүк, калың кара журт, бул Жаманакка кошулуп сүйлөөчүңөр дагы барбы? Же бул Жаманак мурзага эле жооп берейинби? – деп калың элди тегерете карап Көкөтөй оңдонуп-оңдонуп олтурду. Олтурган эл бир аз токтоло түшүп «Жок, жок. Көкөтөй баатыр башкабызда эч кандай сөз жок. Ошол эле Жаманактын сөзүнө жооп бериңиз» – деп туш-туштан бир доор кишилер чурулдашып калышты.

– Маакул-маакул эмесе, Жаманак мурзанын сөзүнө жооп берейин. Андан кийин дагы сөз болсо көрөрбүз, – деп Көкөтөй Жаманакты карай бет алып, имериле түшүп, – Ээ, Жаманак мурза, мен илгерки карылардын сөзүнөн бир-эки ооз айтып берейин, сен чычалабай угуп олтура тур.

Биринчи сөзү: «Ашмачы бууга семирет, акмак дууга семирет» деген. Бул сөздү -өзүң ойлой бер. Экинчи сөзү: «Катындын иши эр менен, жакшынын иши эл менен», «Дыйкандын иши жер менен, Күлүктүн күчү тер менен, Бугунун жаны чер менен, Букара журтту аябай, Бузуктан таап жем жеген» – деп илгерки карылардын айткан сөзү бар эмеспи. Сен ошол дууга семирген жана ушундай болор-болбос иштен жем таап жегендин бирисиң. Сен ойлочу? Беш-алты түз киши менен Баатыркан, Маамыткандын өзүлөрү же балдары ошол ашка барса, аты байгеден калып, бир канча чыгым болуп он-он бештен топтошуп ала көз каба шылкыйып Боомдун капчыгайында жөөлөп-жаландап келатса, өөдө-төмөн чубап өтүп турган жолоочулар «Силер кимсиңер? Кайдан келатасыңар?» – деп сураганда, – Биз ала көз кабабыз. – Атыңар байгеге аралаштыбы? – Жок. – Тээ тетиги киши ким деген киши? – Баатыркан же Маамыткан же ошолордун балдары, – десең, тыяк жагы Чүй өрөөнүнө, быяк жагы Ат-Башы, Нарынга барган жолоочулар барган жеринде кеп салышып: «Боомдун капчыгайынын жолун бууп сенделип келаткан эле

ала көз каба. Аты байгеден калыптыр. Ат сүрөйм деп далайынын колу сынган окшойт арчынданып алыптыр, учкашып, чиркешип эле келаткан немелерди көрөсүң. Анан калса түп көтөрө барган экен» – десе, «Атаа Баатыркан, Маамыткан тынч эле жатуу экен. «Кайдан бардым Чүйгө, кантип жетем үйгө» деп ала көз каба Боомдун ичинде жүргөн турбайбы» – деп уккан элдин баары жерге түкүрбөйбү. Сен өңдөнгөн кошоматчы, жуукурлар бузат элди: «Барбайт деген немине, албайт деген немине?» – деп жүрүп эле калкты тынчытпай же кардың тойбой карбаластап жүрө бересиң. «Анан сен солто, тынайдан мыкты болсоң элди кыйнап чыгым салып көзүнүн жашы, көкүрөгүнүн дарты менен атаң Сооронбайга аш берип жатат дейт. Өзүндүн малың жок жалгыз аттуу манап экенсиң. Ошол үчүн ашыңа барбай калдык» – деп Дүргө кат жазып жиберип жатып калбайсыңбы. «Мына, атаңдын көрү малы-башы өсүп эл баккан жакшы» деп ушуну айтса болот» – деп уккан элдин баары ырахмат айтбайбы. Анан аттуунун атын, тондуунун тонун зордуктап алып сен барып аш көрсөң, жетим-жесирдин баарын түтүнгө эки койдон чыгым тартып ыйлап жатса уккан элдин баары мыкаачы Коңур-Өлөңдөн чыккан турбайбы? – деп наалат айтпаганда «баракелде ала көз кабанын мыктыларына, букарада убал барбы, жакшы кылыптыр» демек беле? – деп Көкөтөй токтолду.

Бул учурда элдин ар кайсы жерлеринен беш-алтыдан болуп башын бириктирип шыбыраша калгандары болду. Бирак мыктылардын оозунан кандай сөз чыгат деп Баатыркан, Маамыткан, Жийдебай, Ыктыбайларды карап элдин баары токтолуп турушат.

– Ээ, баатырлар, эмине дейсиңер? Бир себептен Көкөтөйдүн сөзү туура деп да ойлоймун, сиздер кандай дейсиңер? – деп Булаке сөз салды.

– Ээ, Булаке болуш, сизге Көкөтөйдүн сөзү туура болсо, бизге дагы көп жаман эмес. Бул Көкөтөй жинди өз оюндагы сөзүн ичине сактабай кимге дагы болсо тартынбай айткан кептери кишиге пайда берер жерлери да бар. Бирак көпчүлүгүңөр ойлонуп сөзүңөрдү айтып көргүлөчү? – деп Маамыткан Булакеге жооп берди.

– Күлүк аттуу Маамыткан баатыр, пайда берер жери да бар – деп Көкөтөйдүн сөзүн жактагандан кийин ашка жетелеп алып баргандай күлүк аты жок биз тынч эле жатканыбызды сүйөбүз, – деп Жийдебай сүйлөп калды.

– Эмесе биз эле атыбыз күлүк деп ал ашка жалгыз барат белек? Алыскы жерге барып аты байгеден калып, боз ала болуп келген дагы жакшы болбойт. Журттун көңүлү тартпаса бул ашка барбай эле коёлук. Андай болсо эл таркасын. Сөзү бар киши болсо калып сөзүн бүтүрүп алышар, деп Баатыркан этегин кагынып туруп басып кетти.

Баатыркандын бул сөзүн уккандан кийин араң турган эл «көңүлдүү киши барсын, көңүлсүз кишини ашка бар деп кыйнап немине кереги бар» дешип көпчүлүк «дуу» деп ордунан туруп аттана баштады. Топ-топ болуп кетип бараткан элдин баары – Атаа учуң узарган Көкөтөй ай, желигип жаткан далай шылуундун демин басып өрт өчкөндөй кылды ээ биздин бактыбызга бүгүн ушул жыйынга келип калган экен, – дешип алкыш берип бараткан эле элди көрөсүң. Түндөкү Көкөтөй конгон айылдагы жыйырма чакты киши аттанып алып бастыра түшүп, токтой калышып «Кокуй, айланайын Көкөтөйдү алып кетип кондуруп узаталы» деп күтүп турушат эле.

Элдин көпчүлүгү тарап кеткенден кийин ордунан туруп олтурган эл менен коштошуп – Ээ, Баатыркан баатыр атың күлүк болсо бөксөдөн бөрү чаап, түздөн түлкү чаап ойноп жата бер. Бир аттын бир күндүк тери үчүн элди дүрбөтүп немине кереги бар, кайыр кош!– деп Көкөтөй аттанып жөнөп баратат эле.

– Ээ, Көкө, биз сизди күтүп турдук эле. Маакул десе биздин айылга барып конуп кетиңиз. Ушул бүгүнкү Жаманакка айткан сөзүңүз кээ бир кубангандыгыбыздан бүгүн кондуруп колдо бар сый, ызатыбызды кылып узаталы деп сизге карап турдук эле. Барып бир ат минип кетиңиз – деп ар кимиси сүйгөндүк түрү менен сөз айтып турушат.

– Ээй, туугандар силерди камандардын оозунан куткарып алып кайра барып ат минип кеткеним болбойт эмеспи. Мени барбады деп силер таарынбагыла. Мен сиздердин күтүп турганыңарга ырахмат айтамын. Капа болбоңуздар, дагы көрүшөрбүз. Мындай сөздөр урунт келген жерлерде айтыла берет, кайыр кош! – деп Көкөтөй жүрүп кетти.

Ала көз каба ашка барбай калды. Көкөтөйдүн бул сөзүн унутпай кеп салып жүрүүчү болушту.

## 10. КӨКӨТӨЙДҮН КАСЫМБАЙГА ЖОЛУККАНЫ

Көкөтөй көл башына жолоочулап барып кайткан кезинде Караколго келип түнөп калды. Бул кезде Ысык-Көлдүн күңгөй, тескейиндеги мыктылардын баары Караколго топ кылышып ушунда жүрөт деп угуп «мында болсо Ысагаалыга учураша кетейинчи» деп көчөдөн ары-бери бастырып «Ысагаалынын кошу кайда экенин билесиңби?» деп ар кимден сурап келе жатат эле, аңгыча болбой колдун ичи жеткис суналган чоң кара аргымак кошкон извозчикке түшүп алып Ысагаалы Көкөтөйдүн каршы алдынан чыгып калды. Көрө коюп эле арабаны токтотуп, ыргып түшүп салам айтып:

– Ээ, Көкө, саламат жүрөсүзбү, ботом, кайдан жүрөсүз Караколго качан келдиңиз эле? – деп атчан турган Көкөтөйгө колун сунуп көрүшүп калды.

– Ээ, Ысагаалы мурза, аман-эсен жүрөсүңбү? Мен болсом ушул жогору Көкүрөк жакка бардым эле, Караколго келип сени мында деп угуп, учураша кетейинчи деп, сени издеп жүрдүм эле. Тигил арабада отурган суусар тебетей кийген мурзаң ким? – деп Ысагаалыдан Көкөтөй арабада отурган жигиттин жайын сурады. Көчөдө дүргүгөн атчан элдин бир кыйласы обочорооктон тегерек тартып карап калышты, «ботом, берки кула атчан киши өтө бир кадырлуу киши окшойт. Ысагаалы арабадан түшө калып учурашып жатат» – деп Көкөтөйдү таанышбагандар буларды таңыркап карап турушат. Көкөтөйдүн суроосуна жооп айтып Ысагаалы:

– Ээ, Көкө, ал арабада отурган Касымбай төрө деген үйөздүн тилмечи, өзүңдүн тууганың, арык тукуму кадимки Телтайдын уулу эмеспи: Учурашсаңыз Көкө! Учурашасызбы? – деди. Көкөтөй:

– Ээ, Ысагаалы, бул Караколдо суусур тебетей кийген, арабага түшкөн кишинин баарына түшө калып учурашып отурсам жазга чейин Нарынга кете албайм го? Буту аман-эсен болсо, ал Касымбай төрөң сакалдуу кишиге өзү келип учурашпайбы? Же атасы Телтай жасоолго окшогон кыялы терс киши беле? – деди. Ысагаалы: – Ай-ай, Көкө, кыялы деле терс киши эмес. Бирок улугубуз эмеспи, ызат кылабыз да – деди.

– Ой, Ысагаалы баатыр, келиңиз бастыралы, бул кайдагы дөөрүгөн абышкаң эле өзүнүн дагы дени соо киши эмес го? – деп Касымбай алая карап, Көкөтөйдү жаман көргөнсүп Ысагаалыны чакырды.

– Бар-бар, Ысагаалы мурза, улугуң чакырып жатат, бара гой. Кыялы терс эмес дейсиң, жасоолдун кыялы терс болбосо, байды коюп, кедейдин атын минеби. Тончон кишини көргөндө кекилик көргөн куштай дени соо эмес го, – деп менин канымды көрө коюп жатпайбы, тоюту канган чиркин – деп Көкөтөй атын камчыланып алып бура тартып жөнөп калды. Ысагаалы:

– Ой, Көкө, токтой туруңуз! Токтой туруңуз!– деп Касымбайдын жанына келип: – Ой, бала, арабаңды тетиги бараткан кишинин аркасынан айда! – деп, араба айдаган балага айтып Көкөтөйдүн аркасынан келатышат.

– Ысагаалы баатыр, бул жиндиче сүйлөгөн кишиң ким? Ушундай эле жаман тончон кишиге ынак экенсиң, баатыр. Көчөдө толгон эл карап турса оозуна келгенди айткан бир жинди көрүнөт! – деп Касымбай Ысагаалыга сүйлөп келатат.

– Оо, кокуй, Касымбай төрө, сен тааныбайт турбайсыңбы? Ал кадимки Көкөтөй чечен эмеспи. Ал киши өзүңдөй кишилерге биринчи учурашканда ошондой тийишип, капкайдагы айыбын айтып учурашат. Аны билбеген киши кайра жинине тийип андан катуу сөздөрдү угат. Андан көрө аркасынан барып жатык сөз айтып, өзүн чакырып үйгө ала кетели. Ал Көкөм бу бойдон кетсе мен экинчи жүзүн көрө албай каламын деп Ысагаалы Көкөтөйдүн түрлүү эрчиликтерин айтып, Касымбайга мактады. Касымбайдын уккусу келбей, – Ээ, Ысагаалы баатыр, ал кишиңди сыйласаң өзүң сыйлап аларсың, мен сыйлай албаймын. Ал тургай сен болбосоң жанакы жерде эле айдап барып каматып салат элем, – деди.

– Ой, Касымбай, ал кишини сен камай албайсың. Мына мен ушул жерге эле түшүп калайын, сен барып айдап барып камап көрчү. Сенден коркуп, айдагыңа басып барып камалып калса мен сага жыгылыштуу болоюн. Эгер камай албай калсаң эмне бересиң? – деп Ысагаалы Касымбай менен мелдеш кылып, арабаны токтотуп, бир дүкөндүн эшигинин алдына түшүп калды.

– Ошол кишини камай албай кайра келсем, ушул атты арабасы менен берейин – деп Касымбай Көкөтөйдүн аркасынан түшүп алып

көзөмөлдөп келе жатат. Аңгыча Көкөтөй калың элдин ичинде турган Жоломанга кабылышып, учурашып тура калды. Ал көп элдин арасынан Көкөтөйдү тааныган кишилер жабыла кол берип көрүшүп өтө сагынган түрдө учурашып жатышат. Аркасынан келе жаткан Касымбай элге жакындап калганда «Касымбай экен. Касымбай экен» – дешип эл жардапып карап калышты. Көпчүлүктөн өтүп кете албай арабасын асталап айдатып Көкөтөйдөн көзүн айрыбай келатып Касымбай элге жетип калды.

– Амансыңбы, Касыке, амансызбы? – деп үн алыша сүйлөп элдин баары учурашып калышты. «Шүгүр, шүгүр» дегенсип Касымбай элди карай башын ийкеп, ишаарат кылып:

– Ээ, Жоке, амансызбы? Бул тончон кишини эле тегеректеп жатасыңар, эмне касиети бар киши эле, кожодой эле кол берип калыпсыңар? – деди.

– Ээ, Касымбай мурза, бул кишини тааныбайсызбы? Бул киши Нарындын тынымсейит Көкөтөй деген киши эмеспи. Биз өтө сагынып калган экенбиз, кожодон артык көрүп эле кол беришип учурашып жатабыз. Сиз дагы Көкөмдүн сөзүн угуп, сырын алсаңыз, кандай киши экенин билер элеңиз. Бул кишини биз тургай солто, саяк, сарбагыш сыйлайт эмеспи – деп Жоламан Көкөтөйдү эң бир сүйүп турган ыкыласы менен дайнын айтты.

– Ээ, Касымбай мурза, менин дайнымды жанагы жанында отурган Алматайдын уулу Ысагаалы айткан жокпу? Эмесе, иним, «кайруусу карыш кундуз бөрк – кимдер ыргап кийбеген, калың кара ногойду хан болуп кимдер билбеген» дегендей, кезеги келгенде береги Жоламандын атасы Чыныбайдын да кызматына жарап, сыйын көрдүк эле. Эми жаш балдар, силер, таанубайсыңар да. Бирок тааныр элең элдин жонунан миң койго акча көтөрүп алып «жазында элдин жонуна чачып, төлөтүп коёрбуз, азырынча иче туралы» – деп өзүң менен арабага түшүп алып «Ээ, төрөм, бул акчаны өзүң билип ушата бер» – деп кошомат кылып сүйлөп турсам. Төбөм көрүнгөн жерде арабаңдан ыргып түшүп көрүшө кетээр элең. Ал тургай жанакы жерде «атасы Телтайга окшогон кыялы терс киши болбосун» деп койдум эле, ошого ачууң келип, «каматып салуучу кедей экен» деп ойлогондурсуң, – деп Көкөтөй Касымбайды бет ала сүйлөдү.

– Ээ, дагы эмне сөзүң бар? – деп Касымбай Көкөтөйдү кекээрлей, – дагы сөзүң болсо айтчы, – деди.

– Дагы сөзүм ушул Касымбай мурза, «Жакшы болсоң жатык бол, Улук болсоң кичик бол, Жайытка төрү кең болбой, Жайлоого күрдөөл эл конбойт. Жармачтын көөнүн көтөрбөй Жакшынын иши оңолбойт» – деп Арстанбек айткан. Анын бириндей, Касымбай иним, менин тонум сенин көзүңө өтө түрү суук көрүнүп турат окшойт «Колу тазанын жолу таза, сөзү тазанын өзү таза» дегендей мен колу, жолум бош кишимин, элиңдин түрүн мен бузуп турсам бул Караколуңа түнөбөй деле кете берейин, – деп Көкөтөй, – Кош, Жоламан баатыр, аман тургула. Мен бастырайын – деди. Жоламан:

– Ой, ой, Көкөм бастырса мен кошо бастырып, Көкөмдү кондуруп, узатайын – деп шашылгансып, эки жагын каранып, атынын башын бура тартуучудай, оңтойлонуп калды.

– Ой, Жоке, бул кишиң өтө чечен дейсиң го, дагы бир сөз айтып берип анан кетсин. Кичине аялдай туруңуз? – деп Касымбай Жоламанды карап колун сунуп, катуураак үнү менен сүйлөдү. Аңгыча болбой эле жоон топ киши менен Ысагаалы, Байгазылар келип калышты. Көкөтөйдү көрө коюп – Оо, Көкө, саламат жүрөсүзбү? – деп Байгазы колун сунуп, – атаганат Көкөм менен кучакташып көрүшсөм болот эле, ат үстүнөн учурашып калдым, – деп эң бир сүйгөндүк түр менен кол алышып:

– О, Көкө, качан келдиңиз эле? – деди.

– Ээ, Байгазы мурза, бүгүн келдим эле дидаар канимет, жакшы учураштык. Азыр үй жакка жөнөп бараттым эле, көрүшкөнүбүз жакшы болду – деди.

– Ээ, Көкө, бүгүн эле келип, бүгүн кандай кетет элем дейсиз? Топ тараганча кете албайсыз го. Биз дагы кетире койбойбуз го? – деп Байгазы күлдү.

Көкөтөй:

– Ой, Байгазы жан, Караколуңдун тузу ачуу, турмушу катуу болуп калган турбайбы. Кедейдин жалгыз атын кеги бардай жыгып минген Телтай жасоолдун уулу улугуңар болсо, тончон Көкөтөйдү тооруп турса сенин Караколуңа ким түнөсүн. Жоламан жолдон чыкпаса Көкөтөй колдон чыкканы турбайбы – деди. Элдин баары күлүп калды эле, Ысагаалы:

– Кел, Касымбай төрө, бул атты минип жумушуңузду бүтүрүп алыңыз. Ал араба Көкөмкү болуп калды, – деп атынан түшүп:

– Келиңиз Көкө, мынабу извозчикке олтуруп экөөбүз биздин кошко барабыз, – деди. Касымбай арабасынан түшүп:

– Кана, эмесе Көкөтөй баатыр, атыңызды маа берип, арабага олтуруп алыңыз, биздин Ысагаалы баатыр айтпадыбы, араба сиздики болуп калыптыр, – деп колун сунуп Көкөтөйгө кол берип, чылбырынан кармап, Көкөтөйдү атынан түшүрүп, камчысын алып аттанып: – Ой, бала, бул кишини биздикине алып бар! – деп араба айдаган балага айтып бастырып кетти.

– Атаа Көкөмдү Касымбайга алдырып жибердик ээ. Бүгүн өзүбүз кондуруп алып алтындай сөздөрүн уксак болот эле, кап! – деп Жоламан кайгырып калды.

- Ээ, Жоламан баатыр, аманчылык болсо бирге конушуп, пикирлешип сүйлөшүп кетемин го. Манабул каргаганыбызга кар жаадырып, жалгаганыбызга жамгыр жаадырып жиберебиз деп алдастап сүйлөп ар кимди сыртынан бийлеп жаткан мыктылардын каалаган жерине барып көрөлүчү, – деп Көкөтөй Жоламан менен кош айтышып арабага олтурду.

Ысагаалы Көкөтөйдү Касымбайдыкына алып барып түшөөрү менен Байгазы, Баракандар болуп жыйырма-отуз мыктылар келип күндөкүсүндөй шернесин жеп Касымбайдыкында болууга маакулдашып олтуруп калышты. Ысагаалы менен Касымбай туюк сүйлөшүп, «баягы мелдешти бул элге айталыбы, же айтпай эле бирибиз жыгылышалыбы?» – дешип өздөрүнчө күлүп олтуруштy. «Мен жыгылайын» деп экөөнүн бири мойнуна албагандан кийин «Эмесе силер калыс болуп көргүлөчү?» – деп ачыкка салып сүйлөп көрсө баягы Көкөтөйдү «камаймын» деп Касымбай айтып, «камай албайсың» деп Ысагаалы айтып, арабаны аты менен сайышкан мелдеши экен. Бул сөзгө ар кимиси бирди айтып олтурушуп аягында «бул экөөнүн кимиси жыгылып калгандыгына сиз калыс болуңуз» – деп бардык тарабы Көкөтөйгө сөз беришти.

– Ээ, мурзалар, менин өзүм бул эки мыктынын мелдешкен каралына коюлуп жүрүп калыс болууга ылайыгым болбойт го – деди.

– Жок, жок, Көкө, сиздин бир ооз гана сөзүңүзгө кабылбыз деп чурулдашты.

– Эмесе, карылардын сөзү бар эмеспи: «Малдуу болсоң жутту эсиңе ал, алдуу болсоң журтту эсиңе ал» деген. Жана бир сөзү

– «Жамаатың сөзүң сүйлөбөсө – жакшы болуп не пайда, жардамың көпкө тийбесе – башчы болуп не пайда» деген. Анын бириндей Караколдо жалгыз аттуу, жалаң тондуу өзүнчө бастырып жүргөн Көкөтөйдү эч кылмышы жок камай мын деп күчүнө салса, жеке ал мелдеш эмес Касымбайыңды колдон келсе дагы айыпка жыга турган экенсиңер Абал менин немине күнөөм бардыгынан камаймын дегенин, журт, силер сурап көргүлө – деп Көкөтөй кырынан түшүп жатып калды.

Эмесе, элди калыс кылбай эле айыпты мойнума алайын – деп Касымбай тура калып Көкөтөйдүн мойнунан кучактап «Айып менде, Көкө, айыбымды өзүңүз ойлоп, өзүңүз алыңыз. Мен сиздин мынчалык көпчүлүккө сүйкүмдүү киши экениңизди кийинчирээк түшүнүп калдым. Каталыгымды кечириңиз!– деп ордуна барып олтурду.

– Жакшы болот, жакшы болот, Касымбай мурза, менин сенден алганым жана сураарым ушул болсун, мындан ары өзүңдү эр ойлосоң, кишини шер ойлоп, кичипейил, боорукер болуп, кишинин ички мүнөзүн биле сүйлөп жүр, иним, «Жакшы деген бир ат бар кууса жетпейт, жаман деген бир ат бар жууса кетпейт» деген экен. Менин угушумда сени өтө төрөпейил алды тар деп угамын» таза болсоң суудай бол, баарын жууп кетирген, кенен болсоң жердей бол баарын чыдап көтөргөн» деген экен деп Көкөтөй сөзүн бүтүрдү. Бул олтурган эл: «Ырас-ырас, Көкө, бул сөздөрүңүз баарыбызга сабак болду» – деп Көкөтөйдүн ар бир айткан сөздөрүнө кулак тосуп олтурушту. Ысагаалы, Байгазылар каалаган сөздөрүн кеп салдырып, кызыгына батып олтурушуп бул отурган эл уктабай таң атырышты.

## 11. КӨКӨТӨЙ МАЙМЫЛДЫ УЯТКАРГАНЫ

Бул учурларда дагы бир күнкү чогулушуп олтурган жерде кай бир кишилер «кудай сактап калган экен ээ» – деп сүйлөп жаткандары угулат.

– Ой туугандар ачыгыраак айткылачы, ал неминени кудай сактап калган экен? – деп сүйлөп жаткан кишилерден Көкөтөй сурап калды.

– Ээ, Көкө, биздин Балтабай хандын иниси Маймыл деген бир мурзабыз бар эле, жакында казактагы кайынына баратса жолунан

каракчы казактар учурап калып, карактап алмак болгондо атыш, чабыш менен айдап бараткан аттарын таштап өзүлөрү аман-эсен качып кутулуп келишиптир. Булар төрт киши, каракчылар ондон ашык киши экен, кокустан ал каракчылардын колуна түшүп калса өлтүрүп коёт беле. Бул кезде Албан казагы менен биздин бул көкүрөктөкү эл барымталашып мал алышып турат, – деп Сааданбектин уулу Маймылдын кайнына баратып казакка карактатып келгенин айтышты.

– Ой, атаңдын көрү ошону дагы кудай сактап калыптыр – деп кеп салуучу сөзбү, тал түштө ууру каракчыдан качып келген Маймылды кармап алып ошол каракчылар өлтүрүп кетсе болмок экен. Сен хандын инисин өлтүргөнсүң деп, казактын бир четин чаап албайт белек.

– Ай туугандар, аны коюп башка сөз салып олтургула – деп Көкөтөй уккусу келбей, өзү сөз баштап илгерки баатырлардын жалгыз өзү топтуу каракчыны байлап алганынан кеп салып берип элди кубандырып салды. Бирак бул баатырдын сөзүн бул темага кошуп айтууга өтө узундук кылар. Бул кезде Көкөтөй Караколго он беш күнчө жүргөндөн кийин топ тарап ар бир эл жер-жерине кайтып жатышат. Ысагаалы, Баракандар кырк, элүүчө киши Караколдон чыгып баратып бүгүн Балтабай хандыкына конобуз деп Ырдыкты өрдөп баратса жолдон тосуп туруп Маймыл кондурууга түшүрүп калды. Ысагаалы менен бирге келүүчү Көкөтөй бул коноктордун артынан келип түшүп калды. – Келиңиз Көкө, келиңиз. Мен сизди көпкө күтүп туруп күн кечтеп бараткандан эле бастыра бердик. Көкөмдү таап алып кел деп бир киши таштап келдим эле сизге учурадыбы? Мындай келиңиз Көкө, – деп Ысагаалы жогору жагынан орун бошотуп калды.

– Жок, мен бастырамын. Келе, Шыгай, менин kуржунумду алып бер. Сени алып кетти эле дейт. Мен жалгыз барсам да бир кыргыз кондурар. «Таап кел – деп, киши таштадым эле» деп бастырып кете берген сенин аркаңдан ээрчип келип конот белем, – деп Көкөтөй маалкатып өөдө өтпөй туруп алды. Кай бир Көкөтөйдү таанымбаган кишилер «бул кандай терс аяк киши» дегенсип карап калышты. Тааныгандардын баары ордунан тура калып «Келиңиз, жогору чыгыңыз, Көкө» дешип карап турушат.

– Ой, атаңдын көрү Шыгай кул, бербесең ошол куржунду сен алагой. Анын ичинде мен Нарындан ала келген дүнүйө бар дейсиңби?

Мен өз башыма ээ болбоймунбу? – деп Көкөтөй кайра бурулуп эшик жакка бет алып калды.

– Ой, Шыгай, карма Көкөмдү. Жини кармаса, аттанып кете берет, – деп Ысагаалы өтө шашып калды. Шыгай тура калып алыбеттүүлүк кылып кучактаган бойдон көтөрүп келип Көкөтөйдү Ысагаалынын жогору жагына олтургузду. Ысагаалы:

– О, ии, Көкөм «менден мурда аттанып кетет» деп бизге таарынып калган турбайбы. Мунун алдына түшпөсөм болбойт. Мында бир киши тунжур кармаган экен ошого киши жибердим эле, алып келип калса Көкөмө тартуу кылайын, – деп олтурду. Аңгыча болбой эле көнөктөй ак кушту кондуруп бир киши келип калды.

– Ээ, мына-мына, Көкөмдүн тартуусу келип калды. Мына, баатыр, бүгүнкү мурда аттанып кетип калгандагы айыбым ушул болсун, кечирип коюңуз, – деп Көкөтөйдүн көөнүн жайлай сүйлөп олтурат. Куш келээри менен олтурган мурзалардын ар кимиси «бери алып келчи, бери алып келчи, баатыр!» дешип катары менен кушту колуна ала коюшуп «Тынар экен. Жок, үч ала экен. Жоок, тунжур эле турбайбы» дешип көп сыңарды айтып жатышат эле, Ысагаалы:

– Ээ, Көкө, бул кушту элдин баары эле ат коюп, сынап жатышат, сиз дагы бир колуңузга алып көрбөйсүзбү? Бул дагы бир канаттуунун асылы эмеспи. Бул мурзалар сиз болбосоңуз талаша кеткени турбайбы, – деди.

– Ой, Ысагаалы бул кушуңду жер коруган орустун баласы көздөнтүп колума алганда боо эт берерин, кондуруп жүрүшүн билбесем, мындан көрө маа бир татым насвай өөдө эмеспи. Жыттап койсом чүчкүртөт. Аны «бугунун мурзалары талашканы турат» деп дагы мени чычкылантып коёсуң. Илгерки бугунун мурзалары: «Келе найзаны маа бер, жоону мен саямын, келе атты маа бер жылкыны мен тиемин деп жулунат» – дечү эле. Эмки бугулар бир көпөлөктү талашып калса, чырдашып жатып он чактысы өлүп нее кетпейт, – деп Көкөтөй кушка назарын салбай койду.

– Ээ, Көкөм, эл талашпасын деген сөзү ошол.

Шыгай тигил кушту алып барып бир жакшы жерге кондуруп кой. Көкөм кондуруп барып Нарын, Ат- Башынын бир мыктысын алдырат эмеспи, бул кушка» – деп Ысагаалы айтаары менен Шыгай кушту алып барып бир үйгө кондуруп койду.

– Кана эми Көкө, бул ага-инилериң «Көкөм баягы алтындай сөздөрүнөн айтып берет го» деп олтурушат, – деп Ысагаалы сөз баштаары менен «Ырас, ырас, биз сөз баштап берет го деп эле үмүткөр болуп олтурабыз» – дешип туш-туштан чуулдашып калышты.

– Эмесе, көпчүлүктүн ийрин жандырбай мен бир сөз айтып берейин, – деп Көкөтөй кеп сала баштады эле- Көкө, баягы Жаманкара баатырдын кунун кууп барган баатырлардан кеп салып берсеңиз! – деп Байгазы айтып калды.

– Маакул эмесе, солто Жетикашка, Чыңгыш баатырдын иниси Жаманкара кыргызда жок баатыр чыгып, казак элин кансыктатып айлын чаап, жылкысын тийип, жүрөгүнө майдай тийип турган кезинде казактын мыктысы Чапыраштьы Шоорук баатыр арачы киши жиберип «Жаманкара баатыр келсин, казак, кыргыздын эски доосун алыштырып, мындан ары ынтымактуу тууган болуп тынч жатышалы. Казак, кыргыз бир тууган элбиз, келип биздин дагы азын-көбүн сыйызатыбызды көрүп кетсин» деп алдап чакыртып, алып Жаманкара батырды жолдош-жоросу менен өлтүрүп койгон экен. Жаз Жаманкара күзгө чейин келбей өлүү-тирүүсүнөн эч кабар жок болгондон кийин Чыңгыш баатыр бүтүн кыргызга кабар салып, бир кыйла баатырларын чакырып алып «Кана, баатырлар, Жаманкаранын өлүү болсо сөөгүн, тири болсо бир кабарын кантип алып бересиңер?» – дегенде ары-бери кеңешип олтурушуп жазгы көктөм менен барып Жаманкаранын тирүү болсо өзү, өлүү болсо кунун алып келүүгө жүз баатыр даярланып, ар бири экиден күлүк атты багып, чийдин дүнкөсү менен кара чирик көдөө берип, буудайга жемдеп семиртип арпа менен кайрып, жазгы ала-шалбыртта жөнөшкөн экен.

Бул жүз баатырга башчы болуп Күрпүк, Самак, Ачал, Жаңкел, Атыгой, Тотой, Үчкашка, Матай, Аксак бөрү Абайылда, Чертике, Бука баатырлар жөнөшкөн. Бул баатырлар күндүз бекинип, түндө жүрүп олтуруп бетеге баш алганда Иленин боюна барып бекинип жатышса, Иленин көк булагына миң каралдуу ак жылкы, миң каралдуу кара жылкы айдаган эки топ жылкычы келип конуп калды. Бул жылкычыдан анык кабар алуубуз керек деп төрт жолдош алып Күрпүк, Самак баатырлар тооруп жүрүп, жылкы кайтарган эки казакты кармап келип санына чылбыр салып сөз сурашты. Бул казактар өтө корккондугунан абдан чынын айтып, Жаманкаранын бөйрөгүн оюп

жатый Шоорук өлтүргөнүн жана эртеңки күнү ушул Көк-булакка өзүнүн жамааты менен бир ат жээрде жылкысы, бир ат кула жылкысы менен Шоорук көчүп келет деп баарын айтып беришти. «Шооруктун өз айлында кандай белгиси бар? Аныгын айтып берип сөзүңөр туура чыкса аты, тонуңар менен аман-эсен коё беребиз. Агер сөзүңөрдөн жалганы чыкса бөйрөгүң тургай жүрөгүңдү оюп кескилеп, өз этиңди өзүңө жедиребиз» деп Самак баатыр бышыктап сураса, «Маакул баатыр, бир ооз сөзүбүз жалган чыкса өзүңүз билгендей кылып өлтүрүңүз. Шооруктун өзүнүн көк чатыры бар, Кой тору күлүк аты бар. Өз айлында миңден ашык жээрде жылкысы бар» деп барлык белгисин айтып беришкен. Айтканындай эртеси түшкө жакын Көкбулакты өрдөп жер жайнаган калың жылкы менен көп көч келип чалкайган көк мейкин түзгө конуп жатат. Баатырлар дүрбүсүн салып карап олтурса көч алды болуп келген көк чатырды тигип салып, түтүн булатып калды. Манаттай жээрде жылкы жайнап жатат. Анын төмөн жагына келип калың айыл жер жайнаган эжигейдей кула жылкы менен конуп жатат. Ушул төрт от жылкынын баары Шоорук баатырдын жылкысы деп колго түшкөн эки казак шамырдай какшап айтып турушат. Бул баатырлар кеңешип олтурушуп ыштанын ак куржун кылып салынып, көйнөгүн акчапан кылып сыртынан кийип курларын селде кылып башына чалып алып, найзаларын жерге сүйрөтүп Иленин брюндагы чоң жол менен кожо болуп өтүп барып айылдардын аяк жагынан өөдө карата жылкыны тиймек болушуп, көчтүн алды түндүгүн көтөрүп, уугун сайып, кайсы бири керегесин жайып жаткан кезде кырк кишини оорукка таштап алтымыш баатыр жөнөштү. Үй тигип от суутуп алганда бизге жакында алдырбайт, камынтпай баралык – деп улуу жол менен үчтөн-төрттөн болуп арасы окчун, окчун сенделиңки бастырып, кожо өңдөнүп чубап жүрүп олтуруп, шыкырай конуп жаткан төрт-беш айылдын төмөнкү четине барганда ар бир айылга ондон баатыр бет алып, жылкы тиймек болуп, көздөгөн айылдарын карай чу коюшуп, ар бир айылдын аягынан өйдө карата доолбасты уруп, мылтык атып, түпөктүү найзалардын желегин делбиретип, темирин жылтылдатып качырып сала беришти.

Көккө тоюп, көбөөрүп кызыл түлөө болгон көпкөн жылкы туруучу беле, кызыл-тазыл болуп жаңы конуп аткан Кызыл уук айылдарды кыйрата коюп чакчелекей-будуң чаң түшүрүп, тепсеп өтүп жатат.

Көк чатырды көздөй озунуп качырган Самак баштаган он баатырдын көпчүлүгү жылкы тийип, эки жолдошу менен Самак көк чатырдын жанында байлануу турган Койторуга жеткиче уктап жаткан Шоорук чочуп ойгонгон бойдон зоот, чопкут, чарайна, калканын алууга буямасы келбей, жылаңайлак, жылаңбаш Койторуга минип качып берди да айылдан окчунураак жетим кашаттын алдындагы бүгүлүшкө тура калып тыңшаса, «Чыңгыш-Чыңгыш, кыргыз-кыргыз» деп тегеректин баарынан эле чуу чыгат.

Шоорук кантер айласын таппай талаага түшүп качсам жоо көрүп калып кууйбу дегенсип, чырайдалда бүгүлүштө турганда Койторудан көз айрыбай келе жаткан Самак баатыр Шоорукту көзөмөлдөп карап туруп, жанындагы жолдошторун түшүрүп көк чатырдагы Шооруктун жарак, шайман, кийимдерин жана жагдандагы зоот-чопкутун алдырып алып, жылкынын алдыңкы сүрдөөсү менен жандап келатат. Туш-туштан катуу үркүп логлогон калың жылкы менен аралаш тепселгенден калган уйлар ичи көөп басалбаганда бөлүнүп кала берип олтуруп, булактын кечмелигине жыйналып калган. Дыркырап кара бууга түшүп кетип бараткан жылкылардын арасы менен келип калың уйдун ичине түшө калып, Самак баатыр Шоорукту аңдып карап турат эле. Жылкынын бир жагы туурасында жер кашаттан башбактап карап турган Шоорук жылкынын арт жагы үзүлө түшкөндө айыл жактагы калың уйду бет ала чаап, ак көйнөк менен делбирттеп жакын кирип келген кезде аттана салып, найзаны оңтойлоп мурундун канындай күлүк жээрде ат менен «Качпа, Шоорук эр болсоң!» – деп Самак качырып сала бергенде учунан шыркырап жалын чыгып келаткан темирлүү найзага чыдап тура албай бура тартып Койторуга камчы басып Шоорук качып берди. Туяк курчу менен Койтору бир кыйла жерге өксүтүп баратканына болбой эки айдан бери сууту канган жерде аты кургур бардыга түшкөн Койторуну узатпоочудай арыш уруп жакын кирип барганда, булардын каптал жагынан жаадай чаар ат менен Күрпүк баатыр «Иштей көр, айланайын Самак!» деп созолонтуп келатканын көрүп Шоорук артын карап бура тарта бергиче, ызырынып келе жаткан Самак Шоорукту кош колдой кый сүбөгө муштап өттү. Эки колдун кармаган жери Самакта калып, найзанын көпчүлүгү Шоорук менен учуп барып нар жагынан чыга түшкөн темирдин карыштай жери сайыла калганда, бура тартып Самак Койторуну чылбырдан

илип алып, кайра келгиче Күрпүк келип Шооруктун башын кесип ээрдинен көзөп байланып жатат эле. Бул Самак менен Күрпүлдөктүн айдай талаада Шоорукту өлтүрүп, атын коштоп жөнөгөнүн жылкы тийген баатырлар менен казактын айылынын баары эле көрүп турушкан. Калың жылкы каптап өткөндө тепсөөсүндө калып тамтыгы кетип, эси ооп калган казактардын кайсы бирлери «беш жүзчө киши бар го» десе, кайсы бирлери «жоок, ошончо көп жылкыны көз ачып жумганча тал түштө тийип кеткен, кеминде эки миңче киши болууга керек» дешип жылкынын артынан куумак тургай кайра келип өзүбүздү кырып кетеби деп айласын таппай калышкан экен. Оорукта калган кишилер жылкынын алдынан чаап келип жүз баатырдын баары кошулуп, жылкыны төрт-беш бөлүп айдап, Самак баштаган жыйырма баатыр артыбыздан куугунчу келип калабы деп жылкынын артынан жүрүп олтуруп бир күн, бир түн жол басып, бир өргүп алышып жана эки күн жол басып келип өргүп жаткан жерден «эми куугунчу келбей калды» деп күндүз жүрүп, түн конуп жайбаракат он эки күндүк жолго келгенде Шооруктун башын байлап берип Койторуну миңгизип, бир киши кошуп берип Самакты Чыңгыш баатырга сүйүнчүгө жиберишти, – деп Көкөтөй бул сөздүн аягына чыга электе «Көкө, Көкө, аны коё туруп баягы Байгазы менен урушканыңыздан айтып берсеңиз?» – деп, Ысагаалы суранып кайта-кайта сүйлөп калды. «Ээ жакшы некес, сөзүң өлбөсүн» – деп Байгазы менен урушканын айтып отуруп, сөзүнүн аягында жоомарттыгын айтып, сарбагыш, саяктын мыктыларынын кайсы бирлерин Көкөтөй мактап калды. Анда Ысагаалы:

– Ээ, Көкө, башка элдин манаптары эле биздин бугунун манаптарынан өөдөбү? – деди.

– Ой, Ысагаалы, баатыр ай, бугу тууган, сен семиз ат минсең, этти көп жейсиң. Ак тон кийсең, малды көп урунасың, аныңда кусур жок. Анан сыпаагерчиликти бул төмөнкү солто, саяк, сарбагыштан талашпасаң. Алардын мыктыларына өңдөшкөн эрмектүү адам бир түнөп кетсе да же жолдон озгон жорго, же колдон озгон күлүк, же кырман тайган, алгыр куш берип узатат. Мен сенин жаныңда бир айдан бери какшап жүрүп он сом элүү тыйынды араң албадымбы. Аныңды айтып немине кылайын, карачы, Кайдуунун уулу Чокону, бакча сарайдан китеп, кезит алып окуп жатат. Карачы, береги Сооронбайдын уулу Дүрдү, атаңдын көрү Дуңкана көздөнүп кат жазганда

тескери борошинелеп жиберет. Сен болсоң бир шиштин учун жалап алып кечке чукуп жатасың. Ысагаалы жан, намыз кылганың менен төмөнкү элдин мыктыларына жете албайсың. Жалдуу тору айгырдын соорусуна майлуу кара тонуңду жаап жиберип, айрандан экини удаа ичип алып оозуңа жер дүлөй түшпөй желки болосуң, жанакы мыкты чыккан кишиң Телтайдын уулу Касымбайыңбы? Көчөдө жүрүп киши коркуткандан башканы билбеген, – деп Көкөтөй басылды. Улагараак жакта отурган тик мурут, жыртак сымак ак саргыл жигит бопоросун өксү кылбай удаа-удаа тартып, жаңы амиркен маасынын кончун кычыратып коюп, ногойчо кызыл топуну бир жак чекеге кыйшайта кийип, бул олтурган элдин далайынан өйдөсүнүп олтурат эле:

– Ой, Ысагйалы баатыр, бул жажылдаган кишиң ким деген киши? Солто, саяк, сарбагышты эле мактайт, өзү кайсы уруудан? – деди. Ысагаалы чочуп кетип:

– Ээ, Маке, бул кишини таануучу эмес белең? Бул кадимки оң, солго орошон эр Көкөтөй деген киши эмеспи, – деди.

– Эр Көкөтөй болгондо, теги өзү бугу уругунанбы?

– Ээ, бугу.

– Анан бугудан жалгызды кеп салбай эле башка элди мактайт, кайда жүрүп өскөн киши? – деди. Ысагаалы жооп бергиче озунуп Көкөтөй:

– Ой, Ысагаалы сен мени сатчу төөдөй мактабай тура турчу, мен оозу, тили бар киши, жайымды өзүм эле айтып берейин, – деп баягы жигитти карап алып. – Ээ, мурзам, сен тааныбасаң мен тынымсейит Көкөтөй деген боломун. Карылардан угуп катышып жүрүп көргөн сөздөрдү айтып жатам.

– Ээ, Ысагаалы баатыр, «ат сурамак сүрнөттөн, эр сурамак келбеттен» дейт, бул чокталдын сазанындай балыйган сары жигит өзү ким? – деп Көкөтөй сурап калды.

– Ээ, Көкө, бул мурзаны тааныбайт экенсиз да, бул кадимки Балтабай хандын иниси, Сааданбек ажынын уулу Маймыл мурза деген ушул эмеспи. Булар он эки айры бугудан эмеспи. Биз болсок соёчор эмеспизби Көкө, хандын иниси кадырлуу мурзабыз ушул, Маймыл мурза ушул – деп Ысагаалы Көкөтөйгө жооп берди. Көкөтөй:

– Ээ... Жөн экен, жөн экен, бул мурзанын жайын мен да уктум эле, мунун атын Маймыл деп олуя коюп кеткенби же байгамбар коюп

кеткенби? Ээ, Маймылжан кана сенин кайсы кыял жоругуңду мактаймын. Сен болсоң кайран эр Балтабайдын иниси, Сааданбектин уулу экенсиң! Береги Каркыра казак кайның бар экен, он сегизде бойго жеткен кыз колуктуң бар экен. Кайран Балтабай көлдүн башынан, Чүйдүн аягынан жыйнап жатып илгерки Семетейдин буудандарындай куу далы, төө өркөч, сүйрү туяк, ит төш мээ кайнаган ысыкка, мелтиреген узакка жарай турган он төрт күлүк ат айдатып, жанында төрт чабандес жигит кошуп берип, ийнине кош ооз барденке асып берип жөнөткөн экен, ушул турган Каркырада кайныңа барып анардай албырган, бойго жеткен колуктуңа түз барып учурашып келе албай, береги чалк өөдөнү жайылып жаткан казактын коюнун башын көрүп алып коломтолуу кол экен деп, койчунун минген өгүзүнүн мүйүзү кырда жаркыраса барденке экен деп айдап бараткан аттарыңды таштап, кыройт камыш муруттанып качып келипсиң. Суусаган айрыкуйрук көздөнгөн атаңдын көрүнөчайын сенин неминеңди мактаймын. Дагы такбоктогон ак ителги өңдөнүп барпайып карап каласың, сенин атаңдын башын мактаймынбы? Же жаңкы бир эңгел түтүндү оозуңдан чыгарып жиберип эле түндүктү карап издеп калганыңды шыйбылчагыңды келтирип жатканыңды мактайынбы? Дагы солто, саяк, сарбагыштын баатырларын мактасам намыз кылган болуп коёсуң. Мен сени мактаар элем, ошол, Шоорукту өлтүрүп, тал түштө жылкы тийип Жаманкаранын кунун алып келген баатырлардай болсоң. Же болбосо аттарыңды таштай качып келгенче күнү-түнү алышып жатып ок, даарың түгөнсө кызылдай сабашып жатып башы, көзүң кызыл челек болуп келсең. «Мына атаңдын көрү, уул туусаң Сааданбектин уулу Маймылдай туу, үч төрт жолдошу менен жүздөй казакты сайып алып келиптир» деп бүтүн кыргызда атыңды чыгарбайт белем. Күүгүмдөгү үкүдөй болуп кайыныңа түз барып келе албаган ит сенин кайсы кыйындыгыңды мактаймын. Мен Сааданбек болсом сендей бала күткүчө жалпы бугуну чогултуп алып, «баарың бирдей кудайдан тилеп жатып маа бир тыңыраак уул таап бергиле?» – деп сол колуңдан кармап алып, башымдан үч тегеретип Ысык-Көлгө ыргытып жиберет элем. Дагы ушундай неме урук кууп намысчыл болот экен. Мен эр сайып жылкы тийген кыргыздын баатырларын мактабай анан бир түнөп кетет элем деп сен өңдөнгөн каракчысын деле мактай берейинби? Мен мактап жүрөм бугу Балбай баатыр, Жанек баатырларды. Балбай, Балбак, Бакытай, Чонтой, Өмүр,

Жанек болсо токтотоор элек сан колду деген экен деп. Андан калса береги Алматайдын уулу Ысагаалыны мактап жүрөм «Чыныбай, Шабдан чен алганы менен азыркы кыргызда мындай неме жок» – деп. Анан сенин атаңдын башын мактаймынбы? – деди Көкөтөй. Олтурган элдин көпчүлүгү кыйшайып-кыйшайып мыкылдап күлүп жатышат. Бир кыйласы Маймылдан уялганына кайгыргансып томсоруп калышты. Ысагаалы:

– Койбойсузбу, Көкө, эми коюңузчу, бир ооз эле «бул киши ким?» – деп койсо керээли кечке жемелейсизби? – деди.

– Ээй, койбогондо мен бычакташып жатамбы? Сөздүн жөнүн билип калсын деп айтып жатам, – деп Көкөтөй басылып калды. Күлкүсүнө чыдай албагандардын бир кыйласы эшикке чыгып барып экиүчтөн болуп күбүрөшүп күлүп жатышат. Көкөтөйдү сөз сал деген киши жок, жымжырт болуп бир аз олтургандан кийин эт бышты деп меймандарга суу куюп, эт тартты.

Коноктор эт жеп болгондон кийин, конок каадасы кылып эшикке чыгышты. «Кана эмесе, орун алыңыздар!» – деп үйгө киргизип, меймандар жатып атышат эле, Көкөтөй эшикте ары-бери басып турат. Бир бала Көкөтөйдүн жанына келип корккон кишидей болуп өтө акырындык менен сүйлөп «Аке Көкөтөй деген киши сиз белеңиз?» – деди. – Ээ, мен элем. – Сизди Маймыл акем чакырып кел деди эле, – деди. Көкөтөй баланы колунан жетелеп алып үйгө кирсе коноктордун баары жатып калышкан.

– Ой, Ысагаалы сөөк-саагың аман болсо бери башыңды көтөрчү? – деп Көкөтөй унчукканда – Кокуй, кокуй кудай уруп байкабай эле жатып калган турбайбызбы. Кел Көкө, экөөбүз бир жатабыз» – деп Ысагаалы шашып калды.

– Жок, Ысагаалы мени кайда кетти деп издеп калбасын деп келдим. Маймыл чакырат дейт, мен ошондо барамын – деп Маймылдыкына барса «Кел, кел, Көкө», – деп эң эле кичипейил болуп калыптыр, ордунан тура калып «Олтуруңуз Көкө!» – деди. Көкөтөй олтурары менен «суусасаңыз жутуңузчу!» деп бозо сунуп, астына чай коюп, «Мен сизди тааныбайт экемин «аңдабай сүйлөгөн онтобой ооруга жолугат» дегендей сизди аңдабай сүйлөп уят болуп калбадымбы. Эми, айланайын Көкө, мен сизден бир нерсе үмүт кылсам кудай урсун, өйдө-төмөн өткөндө эле конуп, учурашып менден бир кара алып кетип

жүрүңүз!» – деди Маймыл күлүп. «Эртең төмөн барып Баракандыкында жыйын болот эле, бүгүнкү мени жемелеген сөзүңүздү ошондо айтпасаңыз экен! Ысагаалынын оозун өзүм басайын. Өз оозуңузду өзүңүз басып берсеңиз экен!» – деди.

– Ээ, Маймыл мурза, «аткан жерде ок калат, айткан жерде сөз калат» – дептир. Түшө калган жерде эле жыйынга ырдап жүргөндөй сен Манас, Семетей белең? – деп Көкөтөй күлбөйт.

– Катын бул киши үйдөн куру чыкпасын, бир нерсең барбы? – деп Маймыл көзүн ымдап аялын карады. Аялы барып жүктүн бурчунан бир көк нооту чапанды алып келип Көкөтөйдүн алдына койду. Маймыл чөнтөгүнө колун салып «Көкө жолдо чай ичип кетиңиз. Эртең да жолуңузду кылып узатамын. Үйдөн куру чыкпаңыз» – деп жыйырма беш сом астына койду.

– Ээ, Маймыл мурза, мен чапан кийип чыккандай мал жетелеп келген кудагый белем. Акча алып кеткендей жарамазанчы белем, таанышып алдык, мындан ары ким экенибизди билишип аларбыз – деди.

– Жок, айланайын Көкө, муну азыр эле үйдөн куру чыкпасын деп жолдук кылып жатам. Эртең сизге бир дурус жылкы мингизбей кантип узатайын, – деп Маймыл күлүп, – эми Көкө, жаңылышым болсо, кечириңиз? – деди.

– Болуптур, болуптур, мурзам, агаң Балтабай, атаң Сааданбек болсо чоркок болбой муңайым, жатык болуп өскөнүң жакшы, – деп Көкөтөй жөнөп калды. «Көкөмдү өзүм жаткырып келем» – деп Маймыл кошо келип, жаап жаткырып: «Кайыр кош, Көкө» деп үйүнө кетмек болуп калган кезде Ысагаалы шыбырап: «Көкө, Маймыл бир нерсе бердиби? – деди, «Ээ, бир чапан берди, эртең бир ат миңгизем» – деди деп Көкөтөй жооп берди.

– Алда Көкө ай, өзүн эт бышым тилдеп алып бүгүн бир чапан алып, эртең бир ат минмек болдуң, деги ысап кылсаңчы? – деп Ысагаалы тамашалады. Көкөтөй ачуусу келген кишидей болуп, катуу үнүн чыгарып сүйлөп, Маймыл уксун дегендей кылып:

– Ээ, Ысагаалы, сен «ысап кылсаңчы?» дейсиң, мен барып эле «мага бир жылкы бер?» деп Маймылдын бетинен өөп жалынып жиберипминби? Же карсылдатып сабап жиберипминби? Чакырып барып эртең бир жылкы берем деген өзү. Айнып калса чамгарагын отуна жагып Балтабайга айдап барармын – деп катуу бакылдаганда жалпы

уктап калган коноктор чочуп кетип баарысы ойгонуп башын көтөрүп «Эмне болду, эмне болду?» деп кыкасы менен жыланбаш соксоюп көзүн укалашып карап калышты. Ысагаалы Көкөтөйдүн оозун колу менен басып, төшөгүнө жаткырды. Коноктор эмне бакылдаганын түшүнбөй кужулдаша түшүп кайра жатты. Эртеси суналган чоң жал каракер атты алып келип Маймыл Көкөтөйгө мингизип узатты.

## 12. КӨКӨТӨЙДҮН ЫСАГААЛЫНЫКЫНА ЧАКЫРЫК МЕНЕН БАРГАНЫ

– Мындан мурун үч сапар сизге кат жаздык эле, эми ушу сапар «өзүң барып алып келбесең болбойт» – деп мынабу катты жазып Ысагаалы баатыр мени атайы сизге жиберди, – деп Ысагаалынын бир жигити Көкөтөйгө кат берди. Көкөтөй кагазды алып көрүп, «Мунуңду мен окуганды билбеймин, бул кагазыңда эмне сөз бар эле, кат билбесең оозуң менен айтып бер?» – деп... Каттын сөзү мындай: «Көкөтөй ага, ушул катты алып барган киши бараары менен мында келүүңүздү өтүнөмүн. Мен сизди өтө сагынганымдан чакырдым. Агерде келбесеңиз, мага топурак салганыңыз деп билемин» деп Ысагаалы мөөрүн баскан.

Ошол чакыруу боюнча Көкөтөй Ысагаалыныкына бара жаткан эле, бул учурда мен Коңур-Өлөңдөн келатам деп эки-үч жолдошу менен Шыгай барып конуп олтурду.

– Ээ, Шыгай бий, эл-журт аман жатабы? Айлыңызда эмне сөз бар? – деп Ысагаалы кеп сурап отурду.

– Айлыбызда эч кандай деле сөз жок. Болуп жаткан сөз эле ала көз каба эки тарап болуштук талашып жатабыз, – деди.

– Ии, ким-кимдер бир тарапта болуп жатасыңар?

– Баатыркан, Маамыткан бир тарап, башка мыктылардын баары бир тарап, биздин досой эки жаатында тең жокпуз – деп Шыгай жооп берип олтурду.

– Ал Маамыткан, Баатыркан аксакалдардын өз айылдары тынчпы? Же алардын туугандарынан дагы бузулуп жаткандарынан дагы барбы?

– Жок, алардын өз айылдары дагы тынч эмес, Баатыркандын тууганы Дүйшөмбү бузулуп Баатыркандын шайын кетирип жатат, кайсы бир күнү жакында эле Баатыркан Сары-Белдеги биздин Семетей ажыныкына барып келатса жоро бозо ичип жаткан Дүйшөмбүлөр Сары-Белдин жолун тосуп Баатырканды кармап алып, сакалын жулабыз деп кубалашыптыр. Баатыркан күлүк кызыл аты менен Калкагарды көздөй чыга качып, жеткирбей кетип барып Байсеркеникине конуп келиптир. Бул бойдон кармашып отурса жайлоого чейин биздин ала көз кабадан канча киши өлөр экен, эң жаман кырчылдашып, тарап болуп жатышат деп Шыгай кеп салып олтурду.

– Ай, ушул шайлоодо Баатыркан, Маамыткан – эки аксакал уят болуп калбагай эле! – деп Ысагаалы кайгыргансып сүйлөдү. Кырынан жаткан Көкөтөй өөдө болуп олтуруп:

– Ээ, Ысагаалы, ал болуш болбой эле жана бирөөн болуш кылам деп убара болбой эле, колдо бар малын багып, келди-кеттисин жакшылап күтүп эле жата берсе зыян болор жери барбы? – деди.

– Ээ, Көкө, тынч жатканга не жетсин, бирок ээңкиресин башынан чоң болуп көнүп калган айлымды башка бир киши сурап чоң болуп кетсе болобу? – деп гана мансаптуу болуп элди бийлегиси келип жана абийир тапсам дейт турбайбы, – деп Ысагаалы Көкөтөйгө жооп берди.

– Жок, Ысагаалы мурза, сенин ал жообуңа мен каршымын. Ошол чоң болуп жүргөндөрүңдүн баарынын абийир тапмак тургай, абийири кетип жүргөнүн көрдүм: Алар ким деп сурабайсыңбы?

– Ээ, алар ким Көкө?

– Аларды сен уга элек болсоң Кенембайдын уулу Коргонбай өзү болуш болуп туруп дыйкандын малына зордук кылам деп, бир байтал үчүн өлгөн. Чоро Келдибектин уулу Аалы деген болуштук талашып чоң чарык Турдубайдан өлгөн. Жана ошолорго окшогон менменсип жүрүп өлгөндөр толуп жатат.

Анан Баатыркандын колунда толуп жаткан малы жок экен, өзү картайып калган киши экен, болуш болот элем деп сансаат малга акча көтөрүп алса, аны убагында берип кутула албай жаман сөз угуп бир абийири кетсе, болуш боло албай калып эки абийири кетсе, кокустан ажалы жетип өлүп кетсе, «сан кишинин акысын жеп, чоң болгонсуң» деп көрдө жаткан жеринде карыган немени бериштелер карсылдатып

токмоктоп, үч абийири кетсе – андан көрө тынч гана оокатын кылып жата бергени жакшы эмеспи, ээ Ысагаалы, – деп Көкөтөй жооп берди.

Айткандан эки күндөн кийин эле «Мен жогорку Чычкандан келдим» деп бир киши келип калды. Ал кишинин алып келген каты бар экен, аны Ысагаалыга берди. Катты окуса. «Ысагаалы баатыр, мен болуштук талашып эң жаман кыйналып жатамын. Себеби, баягы, былтыркы жылы өзүң кепил болуп Батырканга алып берген акчанын миң коюн алып бериңиз, агер миң кой таап бере албаса Балтабайдын ашында чыккан Кара кашка атты алып бериңиз! Ошол акча Үкүнүн акчасы эле, «миң коюмду алып бер болбосо, кара кашка ат Баатырдын колунда экен, ошол атты алып бер, болбосо Үсөнгө кошулуп алып сени менен тарап боломун» деп мени Үкү кыйнап жатат» деп Байгазынын жазган каты экен.

Бул каттын сөзүн уккандан кийин, «Ээ, Ысагаалы, абийир тапкандын алды келип калды го?» – деп Көкөтөй Ысагаалыны карап күлдү. Аңгыча болбой эле башы-көзү кызыл-ала болуп бир сакалдуу киши кирип келди.

– Ээ, ботом, эмине болду? Эмине болду? – деп Ысагаалы чочулаңкырап карап калды.

– Ээ, айланайын Ысагаалы, мен сенин жаатыңа кирем деп бир балаага калган экемин да «өкшүү!» деп коёт.

– И-и, айтчы сөзүңдү – деп олтурган элдин баары карап калышты.

– Ай, айланайындар, баягы өзүңөр көргөн жалгыз бээни күздөн бери чөпкө байлап чоң семиз болуп калган. Семиз болуп турса, бир эки туяк болуп калаар бекен деп бечара киши ойлодум эле да. Ошол бээмди сат дегенинен сатпай койсом, өзүмдү кызылдай союп уруп Өмүраалы зордуктап алып кетти – деп ыйламсырап турат. Көкөтөй алая карап:

– Ал Өмүраалы деген ким эле? – деди, Ысагаалы күлүп:

– Ээ, Көкө, ал мени менен тарап болуп жүргөн туугандарым. Өзүбүздүн эле Бердикожо уулу деди.

– Ой, Ысагаалы ай, аттанып бул байкуштун бээсин алып бер. Сени болуш кылам деп жалгыз бээсин байлап, семиртип, союшуңду камдап жатса, сен күлүп олтуруп аласыңбы? – деди.

– Эй, Көкө, ал мени менен тарап болуп жаткан неме, бээни мага бербейт эмеспи – деп Ысагаалы жооп берди.

– Ой, Ысагаалы иним ай, чоң болуп, абийир тапканыңдын дагы жолу болсунчу. Өз иниси Дүйшөмбү тарап болуп сакалыңды жулам деп кубалап жүрсө, «күлүк ат алып бербесең, сенин тарабың Үсөнгө кирип кетемин» деп Үкү деген агасы Байгазыны коркутуп жатса, саа каралап жүргөн бир кедейдин жалгыз бээсин тартып алып, өзүңдүн жакын тууганың Өмүраалынын кылганы бул болсо, жакынынан жат болуп жардынын жалгыз малынан айрып, убалына калып тапкан абийирдин атасынын көрнечайын. Сен Ысагаалы төлөп бер, бул бечаранын бээсин, – деп Көкөтөй ачуусун келтирип сүйлөгөндөй болду.

– Жакшы болот, Көкө, төлөп беришиме туура келип калды. Мен мынчалык тараптыкты жана болуштук талашууну каалабайт элем. «Быйыл кандай да болсо сенин каалаган кишиңди болуш кылып берем», – деп үйөз өз оозу менен айтканынан ушундай тараптын бир жаатынын башы болуп калбадымбы, – деп Ысагаалы жооп кылды.

– Ээй, Ысагаалы жан, «жашы жиндинин бири жинди, карысы жиндинин баары жинди» деген сөз бар эмеспи, сени болуш кылам десе, сен өңдөнгөн дагы бирөөн болуш кылам деп айткандыр. «Хандын адылдыгы кетсе, калганынын тынчы кетет» деген экен. Сен менин тилимди алсаң жетим-жесирдин көзүнүн жашынан корк. Мынабу кедейдин бээсин төлөп бер, -деди.

– Маакул, маакул Көкө! – деп бир бышты жылкы алып келип берип «кийинчирээк бир тай берейин» – деп Ысагаалы баягы кедейди узатты.

Он ашык күн жаткандан кийин Көкөтөй кетүүгө камданды. «Көкөмдү өзүм узата барып, Баатыркандын Каракашка атын алып берем» – деп Байгазынын жигитин ээрчите бармак болуп Ысагаалы Көкөтөйдү узата чыгып Баатыркандын айлына келишти.

Баатыркан үч катынынын үйүн үч жерге окчун-окчун кыркасы менен тигип салып тегеректей конгон калың айылдын ортосунда көп киши менен жыйын кылып олтурат эле, Көкөтөй, Ысагаалылар кечкурун бараары менен эл тарап кетип, баш-аягы жыйырма чакты мейман калды. Бул меймандарды ар кайсы үйгө бөлүп кондуруп, жолдоштору менен гана Ысагаалыны ээрчитип алып, Баатыркан бакачыдан алган аялынын үйүнө алып барып кондурмак болуп, «Ой, биздин үстүбүзгө киши барбасын. бул кишилер менен өзүбүзчө сөзүбүз бар»

– деп киши каттатпай салып Ь1сагаалы менен шайлоо жөнүндөгү тарапчылыктын кебин айтып сүйлөшүп олтурат.

Көкөтөй баштаган коноктордун баары уйкусу келип Ысагаалы менен Баатыркандын өз айылдарына жеңдирип жаткандыгын биринен сала бири сүйлөп олтурганына кулак тундуруп олтура беришкен. Чым көңдү алачыктай калап таштап кычкачты колуна алып Баатыркан туугандарынын тарап болуп шайын кетиргенин айтып сүйлөп жатат. Ашкана жакта аягы менен тик туруп колуна бир көсөөнү алып, учун чыныдагы майга чыркырата малып коюп, казандагы этти аралаштырып сорпону сапырып коюп, сол колун бетине көлөкөлөй салып, улам-улам Көкөтөйдү карап коюп, чекир көзүн чекчейтип сапсары болуп Калпа деген Баатыркандын жигити турат: «Кап, эми Баатыркан менен Ысагаалынын жаагы эрип кетмек болдук го, андан көрө Көкөтөйдүн кызык сөздөрүнөн уксак болот эле» деп аларды токтогула деп айтпай, ичи кайнап, кандай кылып Көкөтөйдү козголоп кеп айттыраарын билбей бери караса жаңдап койсомбу деп бат бат Көкөтөйдү карап коюп турат эле.

Көкөтөй көзүн жумуп бармагын чекесине таяп беркилердин сөзүн угуп олтура берген. Бир убакта Баатыркан менен Ысагаалынын сөзү токтоло калган болуп үндөрү басыла калды. Даяр болуп турган Калпа баягыдай колун бетине калкалай коюп, казандын үстүнөн алыс карап, көзүн мышыктын көзүндөй жылтыратып: – Ой, Ысагаалы баатыр, мынабу киши, сиздикинен келатабы? – деди. Ысагаалы эки жагын каранып: – кайсы киши, кайсы киши? – деп Калпаны карады. Олтурган элдер дагы бирин бири карашып «кимди айтасың?» – дешип Калпаны караштьл. Калпа Көкөтөйдү карап алып:«Мынабу кишини айтам» – деп колун сунуп Көкөтөйдү көрсөтүп, ушу киши былтыр дагы сиздикинде жүрөт эле» – деди. Ысагаалы «Ээ, Көкөмдү айтасыңбы? Бул кишини мен эки-үч жолу кат берип жана киши жиберип жатып чакыртып алдым. Бул Көкөтөйдү бир жылда бир көрбөсөм сагынып калам. Биздикине келгенине он чакты күн болду эле, үйүм сырт кыштады эле, кетем деп болбой койгонунан өзүм узатып келдим» – деди. Көкөтөй казандын үстүнөн алыс карап турган Калпаны көрүп алып:

– Ээ, мен былтыр дагы жүрдүм эле, мурдагы жылы дагы жүрдүм эле, андан мурунку жылы да жүрдүм эле, мени не кыласың? Менин

кайда жүргөнүм менен сенин немине жумушуң бар? Бубактуу ийиндин оозундагы мышык көздөнгөн атаңдын оозуна чайын. Суусаган айры куйрук көздөнүп дагы мени тооруп коёт. «Ушул киши сеникинде жүрөт беле?» – деп мен ырыстуу, кешиктүү болсом, эли-журтума кадырлуу, барктуу киши болсом, иним менен келиним үч ай көрбөй калса сагынып кош ат менен киши чаптырып чакыртып алып аппак май, кыпкызыл чай берип, башыма мамык жаздыктан төрттү катмар коюп берип, калемпир жыттанган жаңы болотнайдан көйнөк, ыштан тигип берип, арак самындап жылуу сууга жуунтуп олтурса инимдикинде жыргап жата бербеймби. Жээ маа арык кызыл айгыр миңгизип алып эле айылчылаган жолумду тозуп, сакал, мурутту жуламын деп тегерете кууп жүрсүнбү? Атаңдын көрүнө чайын чырактын түбүндөгү таргыл мышык көздөнгөн ит. Барктуу киши карыганда калкынан сый көрөт, барксыз киши бала-чакадан качып жүрүп аттан жыгылып өлөт, – деп Көкөтөй Калпаны карап алып оолугуп тилдеп жатат. Баатыркан колундагы кычкачын таштап жиберип алаканы менен тизесин чапкылап, ачуусу келип «Чык эшикке, саргарган ит, Көкөтөйдү эмгиче тааный элек белең өзүңө сөз тиерин билбеген шайтандай болгон ит!» – деп, эшикке кууп чыкты. Калпа тил укканына ыраазы болуп эшикке чыкса дагы күлүп жатат. Ысагаалы бул сөздүн Баатырканга катуу тийип калганын билип «Ай, ай, Көкө, бул сөзүң баатырга тийип калгандай болду го, алыс айтып жибердиң» – деди.

– Ээ атаңдын көрү кара ооз Алматайдын уулу, сен дагы кошоматчы кешиги жок окшойсуң, баатырың кана? – деди.

– Мына, Баатыркан баатыр эмеспи, Көкө? – деп Ысагаалы Баатырканды карады.

– Ээ, атаңдын көрү, Баатырканың немине баатырлык кыла койгон экен? Элүүгө чыкканча Көк ууру атыгып, төөгө теңделип жүргөн экен. Элүүдөн ашкандан кийин баш ачылган катын болсо эле «сени мен алам» деп ала көз кабанын түтүнүнө бир койдон чыгым салып, түн катып чаап жүргөнүбү? Же андан башка дагы бир баатырлыгы барбы? Бугу, саяк, эки аяк бозону удаа жутуп жиберген кишини эле баатыр деп калат экенсиңер, – деди. Ысагаалы:

– Ай, Көкө, кудайды кара, ушул Аалыбек баатырдын уулу Баатыркан баатырды баатыр эмес дейсиң, сөзүңдү айткың келгенде тим эле будамайлап эле жамандап айта берет турбайсыңбы? – деди.

Ой, Ысагаалы ай, Аалыбегиң немине баатырлык кыла койгон экен? Карыган кератын минип алып эле түбү чириген кара мылтыгын кармап алып «сени атам, сени атам» деп чаап жүрчү экен. Анын баатырлыгы эле Ормон, Балбайдын ортосуна кайраш сөз айтып бугу, сарыбагышты чабыштырып жүргөнүбү? Же бир баатыр болгондо азды көпкө теңеп, аттууга жөөнү теңеп, кыргыздын кырааны болуп, кысылган элди багып жүргөн бекен? Баатыр деген кысталганды жоодон куткарып, кыйналганды доодон куткарып көпчүлүккө байдасы тийип, көркоолорго найзасы тийип анан «баатыр – баатыр» деген атакты алат. Баатыркан экөөндүн артыңдан доочу кууп жүрсө, айлыңар бузулушуп, чабышып жатса, эптеп болуш боло албай элдин малын жей албай кетип олтурса бир түнөп кетүү үчүн эле кошомат кылып «баатыр, баатыр» деп таң аткыча жалына берейинби? – деди. Ысагаалы баштагысынан бетер Баатыркандан уялганынан:

– Жоок, Көкө, бизди макта дебеймин. Аалыбек баатырды гана кемитип сүйлөгөнүңдү айтамын – деди.

– Ээ, Аалыбегиң жалгыз кийик уулап барган экен, Кероозду бадалга байлап салган экен. Кара келтени колуна алып, маралды өңүп баратканда Ормондун кунун кууп аңдып жүргөн сарбагыштардын жортуулчусу көрүп алып Аалыбегиндин аркасынан аңдып барып Ботаалы кучактай алып кармап, байлап кетиптир. Ал Аалыбегиң андай эле баатыр болсо аркасынан аңдып келаткан Ботаалыны кара келте менен жазы маңдайга атып салып жүрө бербейби? Аркасындагы келаткан табышты укпай Ботаалыга байлатып жиберген дүлөй абышкаңды матабайсың деп атымды жыгып аласыңарбы? – деди. Баатыркан:

– Аа, Көкөтөй, кудайды карабай жамандадың. Мени кандай айтсаң дагы Аалыбек баатырды көп кордобосоң болот эле – деди.

– Ээ, «Жакшынын шарапаты, жамандык кесепети» деген ошол. Мен Аалыбек менен Баатырканды кордой сүйлөп келейин деп Нарындан келген эмесмин. Жанагы өзүң эшикке кууп чыккан, сакалын аюунун чандыр жүнүндөй кылган сары немең айттырып жатпайбы – деп Көкөтөй күлүп калды. «Бул сөздү кишиге айтпай жүр Көкө» – деп эртеси Баатыркан Көкөтөйгө бир ат берип узатты.

## 13. КӨКӨТӨЙДҮН ТЫНЫБЕК МАНАСЧЫНЫ КУТКАРГАНЫ ЖЕ САДЫР АКЕНИ СӨЗГӨ ЖЫККАНЫ

Бул учурда Көкөтөй басса-турса эле ойлонуп «Мен деле Караколго барып сонун эл, сонун жерди көрүп келгеним жакшы го. Он жашымдан тартып койчу, жылкычы болуп бай, манаптардын малын багып, тоо таштын арасында жүрүп, бул убакка келдим. Эми өз атым, өз тонум бар болгондон кийин барышым керек экен» деп камынып калды. Эти жадоорook, сопол куйрук сары тору аттын кыр аркадагы кызылдарына эски кебезден коюп жумшактап токунуп найманча куу ээрге кара кийиз көпчүктү салып, темир чүлүк үзөңгүнүн боосун бышыктап, ар кайсы жерине ак мата жаматкан көөнө тонун сыртынан баса кийип, узунураак ак шапалакты камчыланып Көкөтөй дагы Караколго бармак болуп жөнөп калды. Бирок Көкөтөй көп шашылбай жайыраак жүрүп конолголуу жерине эрте барып конуп, жай атtanып, Сарытору атка маалдап арпа, сулуну шыкап жемдеп, суутун жакшы кандырып жүрүп олтуруп бирин-серин жоор айыктырып Сары тору атты жакшы оңолтуп кетип бaратат. Нарындан чыгып 8 конуп Жети-Өгүздүн Шалбаа деген жерине барып, бозочу абышканын үйүнө конуп жатып Балбай баатырдын эрдигин кеп салып берсе аксакал бозочу абышканын жан-алы калбай кубанып, «Кайран Балбай баатыр, как ошондой эр эмес беле!» – деп өзүнүн Балбай менен кошо жүргөнүн айтып, баары ачылып, колдо бар сыйын кылып Көкөтөйдү кондуруп эртең менен: «Ана, Каракол тээ-тиги төш тарап көрүнгөн шаар» деп Көкөтөйдү жолго салды. Аксакалдыкынан текеленки сүздүрүп ичип бозого суусуну канган Көкөтөй Караколго бет ала кирип баргандай болду. Жаңы базардагы кайнаган көп элди көрүп таңыркап, ары-бери бастырып, тааныш киши учуратар бекем деп тентиреп жүрүп, бир жерде калың эл топтошуп жатканын көрүп «бул жерде тамаша барбы, же бир чыр-чатак барбы?» – дегендей кылып бастырып байкастап карап турса деле Көкөтөйдү тааныган бир киши жок. Баарысы эле чоочун, булкунган семиз кишилер олтурат. Айрыкча бир семиз кара киши олтурат, курсагы салаңдап эки ийни менен дем алып, энтиккенсип жаны кыйналган кишидей болгон чоң ооз кара

киши элдин жогорку катарын карап алып ачуусу келгенсип сүйлөп: «Кызыталак жомокчу кул, сен Бекболоттун келинин кантип берип жибересиң? Байгубатыңдын мойнуна кесилген миң кой, миң сом алтының жылкыга он эки болуштун бийлери мөөрүн басып турса, сен Байкубатты алдырып, Бекболот менен беттештирип, Бекболоттун берген малына Байгубаттын берген кийитинороштурайын деп айтат дейт. Бул мыктылыкты сен кайдан таптың? Жомокчу кул бир дубандын бийлери мөөр баскан копияга сен кантип баспай коёсуң ыя?» – деп бакылдап жатат. Бул кимди айтып жатат деп Көкөтөй элдин арасын караса манасчы Тыныбекти айтып жаткан экен. Көкөтөй өзүнүн тууганы Тыныбекти ал жерден көрүп «Бул Тыныбек бул элге эмне кылмыш кылып койгон» – деп абыдан байкап карап калды. Анда Тыныбек: «Ой, Садыр аке, сен бүтүн Каракол дубанына калыс кишисиң. Бул жерде көзү жок Байкубаттын мойнуна сансаат мал кесип, бир кызы качып кетти эле деп барлык тынымсейитти сөгүп олтурганың калыстык эмес го. Ырас, көзү жок кишинин сыртынан миң кой, миң сом, алтымыш жылкы айтып салып олтурганыңа мен кантип мөөр басамын? Албетте мен дагы бир болуш элдин увакили болсом сырт бүтүмгө жүрө албаймын» – деди. «Бул увакилмин дейт турбайбы, сакалын думананын асасындай селкилдеткен жомокчу. Башыңа элечек ороп ушул кыздын ордуна сени Ноорусбайга алып берейинби?» – деп көзүн алаңдатып Садырдын ачуусу келип «жөндөп гана чыйрак болсоң, жомокчум. Кордук көрүп туруп мөөрүңдү басып жүрбөйүн» – деди. Көкөтөй бул сөздөрдү уккандан кийин ойлонуп «Ээ бул баягы «Атабектин уулу Байгубаттын бир кызы Чоро элине качып кетиптир» деп калышчу эмес беле, ошол кыздын кайны ушул эл го. Ошого көп мал айып бересиң деп Тыныбекти мөөр бас деп тилдеп жаткан турбайбы. Кой бул жыйынга бир чыр салып жиберейин» – деп кайра тартып элден обочороок барып, тизгинди тыкыйта кармап, үзөңгүнү сугунта тээп, атка кыйшая олтуруп, колго түкүрүп алып, сарытору атты сабап камчылана берди. Көргөн эл «бул жинди немеби, атын эле сабап жатат» дешип карап калышат. Көкөтөй камчыны сол колуна алып тору аттын быяк санын ширгедей кылып ийлеп кирди. Жаныбар Сарытору ат секирип мөңкүп, ыргып түшүп жаны тынбай куйругун булгалап, шыйпанып, жылма тер болуп таноосунан жеңдей көк түтүн бурулдап удаа-удаа бышкырынып, тыбырап жатат. Эми бул

аттын оозун бошотуп койсом киши эмес тамды деле жыга коет го деп Сарытору атты күүлөп алып макалай боз тебетейди жапыра кийип, эски тондун эки этегин такымга бекем басып, сыртынан курчанган бойдон чабышуучудай оңтойлонуп, бажылдашып жаткан калың топко кирип барды. Ыкыс берип согончок менен ныкып койгондо эти ачынып калган сары тору ат аттуу, жөөлүү болуп турган элди аралап жиреп барып токтоно албай тыбырап турат. Көкөтөйдүн тегерегинде турган эл «Ой, сен кандай немесиң? Тарт, кайра, же бул элди тепсетип кетесиңби?» – дешип туш-туштан Көкөтөйдү жектеп турушат. Аңгыча тыбырчылап турган сарытору ат жөө турган бир кишинин бутун басып алгандай болду. «Иий бутум! Бутум! Атаңдын көрүнөчайын кандай жинди немесиң, атыңды туйлатып туруп бутумду кыйратып салбадыңбы?» – деп Көкөтөйдү кара санга бир муштады. Көкөтөйдүн аны менен иши жок, баягы эле маңдайкы семиз кара кишини карап, көзүн айрыбай турат. Аңгыча эле «Кана, жомокчум, мөөрүңдү колуң менен бересиңби же колубуз менен алабызбы?» – деп баягы семиз кара киши сүйлөп калды. «Ай Садыр аке, калыс болуңуз, «зордукчуга мал жокпу» дегендей тартып алсаңыз мен жалгыз киши турбаймынбы, көпкө кан чачат белем. Бирок журтчулук керек го?» – деп Тыныбек жооп берди. «Ай, Кашкороо тура калып бул жомокчунун төшүн жара тээп, мөөрүн алып келчи. Бул өтө чечен неме экен. Бүтүн бугу, саяк мени калыс кылып олтурса бул жакында «мен бий эмесминби» дегенсип мени менен жаакташат» деп Садыр катуу чачылып, бакылдап калды. Араң турган Көкөтөй жанын аябай бакырып абыдан катуу үнү менен:

– «Ой, сен карма, байла» эле дейсиң калыс сендей болобу? Ашууда көмөлдүрүктөгөн кара өгүздөй болгон атаңдын көрүгө... деги өзүң кимсиң? Нарында бир кишинин кызы качып кетсе Караколдо олтуруп жулкунасың. Ошол кыздын күйөөсү сен белең?» – деп Садырды карап көзүн алаңдатып сүйлөп турат. Карап турган элдин баары эле «Карма атаңдын оозуначайыңды, карма! Бул тынымсейит окшойт. Садыр акени тилдейт деген эмине? Муну өлтүрсө болот» деп туш-туштан тегеректеп Көкөтөйдү сабап калышты. Мөндүр жаагандай камчынын үнү кулак тундурат. Көкөтөй тизгин кармаган колун көзүнө калкалап, атка өбөктөп шапалагын уйгу-туйгу булгалап, кулагы чуркурап, мурдуна куйкум жыттанып кудай урган бул көп эл өлтүрүп коёт

го дегенсип тура берген. Тегеректеп алган эл жүн сабагандай кылып колдон, буттан тарткылап дабыратып сабап жаткан кезинде бир кишинин үнү угулат: «Ой болду го эми, койсоңорчу. Бул жинди неме окшойт. Качканды да билбейт. Атынын оозун тартып туруп берет да, кудай урган. Муну уруп жатып өлтүрүп салбагыла. Уга коюп Көкөтөй «Ээ, атаңдын көрү, баса, качууга бир аракег кылсам болбойбу» деп атына камчы басып, бет алды жагын көздөй умтула берди. Баштагыдан бетер көп элден Сарытору ат жан алакетке келип, мөңкүп жүрүп куткарып чыккандай болду. Көкөтөй «кутулдум го» дегендей кылып эки жагын каранса элден обочолоп калган экен, бирак киши чечип алгандай эле үстүндөгү тону жок баратат. Кутулганына сүйүнүп удаа-удаа камчыланып самсаалаган бойдон көчөнү имерилип кетти. Алдынан чыккан кишинин баары «бул жиндиби же маспы? Атка чапканы тың экен, бир жерден катуу кордук көрүп келе жаткан киши го, тонун иттей тыттырган экен» – дешет. Көкөтөйдүн көзү ала-чакмак болуп бурч-бурчтан имериле коюп кетип баратса «Ой Көкө, бери тарт!» деп туура жагынан Тыныбектин үнү чыгат. Көкөтөй жалт карай салып, бура тартып барса сакалынан тер агып демигип, энтелеп сүйлөп «О, айланайын Көкө, жүрү экөөбүз бирге элге барабыз дейт. «Ой, Тыныбек, деги сен эмне кылып жүрөсүң? Караколго келип сыязга олтуруп, мыкты болуп жатат десе, көрүнгөн кишиден тил угуп, көчө-көчөдө качып жүргөнүң, бул не? Деги биздин тынымсейиттер кайда? – деп кылчая-кылчая каранып Көкөтөй шашып турат.

«Эмесе бар, Көкө, барып түшө бер. Биздин эл монобу маңдайкы тунуке жапкан чоң, кызыл үйдө», – деп Тыныбек бир чоң короону көрсөттү. Коркуп калган Көкөтөй чапкан бойдон келип дарбазадан кирсе, чет жакkы үйдүн келедорунда көп кепич жатат. Эшикти ачып энтелеген Көкөтөй дуулдашып олтурган элдин үстүнө кирип барды. Чай ичип олтурган көп эл «Кел-кел, Көкөтөй, чайга кел. Ботом, сен кайдан келдиң? Салам, алик жок эле шашкансып, кайдан жүрөсүң?» дешип туш-туштан сүйлөп калышты. «Ой, атаңдын көрүлөр, чай ичпей чамыран болгула! Быякта калың эл тегеректеп алып жомокчуңарды талап-жеп жатпайбы» – деп Көкөтөй самсаалаган бойдон босогодон өтпөй тура берди. Чаргын: «Ой, Көкөтөй, монобу колуңдагы, төшүңдөгү самсаалагандарың немине?» деп сурап калды. «Ээ, атаңдын көрү жинди Байгазак мен бир чычырканак аралап, отун алып жүрүп айрып алды

дейсиңби, алашадай чырда тондун калышы ушул» – деп Көкөтөй тытылып калган тонун карап коёт. Ичип жаткан чайларын бышкырып жиберип, күлүп калгандары да болду. Көкөтейдүн бул сөздөрүн түшүнө албай көзүн чакчайтып карап калгандары да болду. Аңгыча артынан Тыныбек келип «Жүрү Көкө, жүрү, төргө чык» – деп колунан жетелеп алып келип олтургузуп, терин сүртүп Тыныбек дагы олтурду.

– Ээ, Тыныбек сөзүңдү сен айтып берчи, бул кудай урган Көкөтөй жөн айтып бербей эле «жомокчуңарды талап жатат» дейт. Немине кеп-сөз болду? – деп сурап калышты.

– Ээ, баатырлар, сөз толуп жатат. Мени «балан чакырат, түкүн чакырат» деп бугунун мыктылары улам бири чакырып олтуруп, жаңы базарга алпарышты. Ал жерде бугу, саяктын чоңдорунун баары бар экен. Мен эч нерсени ойлонбой эле барып калыпмын. Баягы Байгубаттын кызынын бүтүмү тууралуу мени алдап чакырып алып, ошол бүтүмгө менин мөөрүмдү тартып алып басмак болушкан экен, саяк Садыр акысы күйүп кеткен немече жаман-жакшы айтып, кыскасы, мөөрүмдү тартып алып бүтүмгө басмак болуп сөзгө келбей кыстап киришкенде, коркконсуп, колум менен алып берүүгө намыз кылып «Зордуктап алганда эле көрөйүн» деп ар кимиси менен кажандашкан болуп жаткан кезимде Садырдын ачуусу чындап келген окшоп, Кашкороону ал мөөрдү деп бакырып калган кезде кайдан-жайдан жеткенин билбейм, маңдай жагымдан эле Көкөтөй бакырып, өкүрүп Садыр акени сөгүп калды. «Тынымсейит окшойт, өлтүргүлө» деп көпчүлүк тегеректеп эле Көкөтөйдү сабап калганда жылт коюп эле мен качып жөнөдүм. Жолдо келатсам тонун тыттырып салып Көкөм да аман келе жатыптыр. Мен да аман келдим, болгон сөз ушул», – деп Тыныбек сөзүн бүтүрдү. Бул сөздөрдү уккандан кийин олтургандардын баары кубанып, «Баракелде, Көкө, баракелде! Журт намызы үчүн далай кордук көрүп келген турбайбы. Бул тытылган кийимдерин төлөйлү дешип акча, теңгелерин чогултуп, бир киши жиберип базардан тебетей, чепкен, кепич, маасы алып келип кийинтип салышты. Көкөтөй бекеринен бир сыйра кийим кийип алып болуштарга батымдуу жигиттердин бири болуп жата берди. Үч-төрт күндөн кийин бийлердин сыяз үйүнө көпчүлүк эл чогулуп Көкөтөйгө жигит жиберип айдатып алып баягы жаңы базардагы Садыр акени сөгүп кеткени үчүн айып салмак болушуп алып келген. Көкөтөйдү ирееге жакка олтургузуп

коюп капшып жаткан Талканбай «Ой, Тыныбек, жанагы Садыр акеге тил тийген монобул олтурган жигитпи?» – деди. «Ошол жигит».

«Ой, сен немине үчүн Садыр акени көчөдө тилдейсиң? Өзүң кимсиң? Уругуң кайсы эл болот?» – деп Көкөтөйдөн Талканбай сөз сурады.

– Менин уругум кыргыз, уруум тынымсейит. Ал Садыр акеңдин уругу ким экен? Анын Тыныбекти сөгүп, мөөрүн тартып алууга кандай акысы бар? Бийди боростой киши урганы жатканда семиз кишини арык киши бир нерсе деп койсо күнөөлүү болуп калабы? Андай болсо көбүрөөк киши өз кишини уруп жанча берет деп айтып койсоңуз, мындан ары жалгыз-жарым жолоочу жүргөндү коёлу» деп Көкөтөй басылаары менен Садыр баштаган бир топ киши келип калышты. «Мына, Садыр аке келди. Садыр аке келди» – дешип элдин баары дүрбөлөңдөгөнсүп калышты. Көкөтөй ирегиден былк этпей бүрүшүңкү тартып олтура берди. Көрсө Садырды чакыртып келгени бийлер Көкөтөйдүн тилдеп кеткени үчүн тынымсейиттерди айыптап берүү үчүн алып келишкен турбайбы. Садыр келип олтурары менен Талканбай «Ээ, Садыр аке, бая күнкү жаңы базарда сизге тил тийгизген монобу олтурган жигит экен. Мен бир ооз сөз сурасам оозуна келгенди айтып, бир канча сөздөрдү айтат», – деп Садырга даттангансып сөз салып калды.

– Ээ, ээ, ушу жигит бекен. Тынымсейиттин бийлери кайда жүрөт мунун жакшы кишилери менен сүйлөшүүбүз керек го, – деп Садыр тебетейди жерге алып коюп, маңдайын сыйпалап энтигип олтурат эле.

– Ээ, Садыр аке ушул сизди «атаңдын көрүгө» деген мен элем. Анын себеби мындай болбодубу. «Билбес кудайды билбейт, көрбөс тоону көрбөйт» деген экен. «Жаманга тийсе бир сөзүң жайы-кышы кеп кылат, жакшыга тийсе бир сөзүң жарашыктуу сөз чыгат» деген экен баатыр. Жана дагы карылардын сөзү бар го «туура бийде тууган жок, туугандуу бийде ыйман жок» деген. Анын сыңарындай, Саке кайсы бир күнү жаңы базардан Нарындан жаңы келип көрбөгөн шаарда тааныш киши таппай элдиреп бастырып жүрсөм, сиздердин калың жыйынга кез келип калып, карап турсам мен тааныган жалгыз эле Тыныбек, аны бүтүн көлдүк тегеректеп алып мөөрүн тартып алып бүтүмгө басабыз деп туш-туштан сөгүнө, тилдеп жатканыңарда

айрыкча «карма, байла, элечек ороп жиберип Норузбайга алып берейин» деп өзүңүз тилин салган бука кара топоздой болуп лөкүлдөп жатканыңызда боор курусун каным кызып кетип атчан туруп кана «ой, ашууда көмөлдүрүктөгөн кара өгүз өңдөнгөн атаңдын көрүгө... сен ким деген кишисиң? – деп койсом бүтүн Караколдогу кишиге сабаттыңыз, тумар кылуучудай жаман тонумду бир бирден үзүп алдыңар эле. Ошондо мен жарылып кеткеним жок, анан бир ооз эле «атаңдын көрүгө» деп койгондо сиз кандай чыдабайсыз? Эми анык калыс болсоңуз айтып көрчү баатыр? Ошол Байгубаттын кызын күйөөгө качырмак тургай өзүн таанибайт элем, баатыр» – деп Көкөтөй сөзүн бүтүп басылды.

– Ээ, ээ бул уулумда сөз бар экен го. Кайрадан бизге сөз оодарып жатат го. Ээ, ээ, дурус-дурус. Ээ, Тыныбек сен эмине дейсиң? – деп Садыр мукактана түшүп. Тыныбекти карады.

– Мен эмине дейин, Саке, өзүнүн таяк жегенин жана сизге тили тийгенин Көкөтөй иниң айтып жатпайбы. Эми бул бийлерге салбай эле сапаркы чырды өзүңүз бир нерсе деп койсоңуз деп турам, – деп Тыныбек Садырга жооп берди.

– Жакшы болот. Жакшы болот. Бул уулум экөөбүздө айып жок болсун. Эл таламы деп бекерге араздашып жүргөнүбүз да болбойт экен. Бекболот менен Байгубаттын жесир доосу бул топко суралбасын. Экөө бет болуп дагы бир топ болгондо сүйлөшүп алышсын. Мен бул инимдин эл таламы үчүн мени бир ооз сөгүп койгонун кечтим. Өзүм ээрчитип кетип тытылган тонун төлөп беремин, маакул дейсиңерби, бийлер? – деп Садыр тегеретесиндеги элди карады. «Маакул, маакул, Саке, ушул чырга сизди калыс бол дебедик беле» дешип бийлер чуулдап калышты.

Садыр Көкөтөйдү ээрчитип алып кошуна алпарып, Көкөтөйдүн жөн-жайын сурап сөз кылса Көкөтөй өзүнүн теги жайын айтып берип, ана кыргыздын ар бир уруктарынын тарык сөздөрүнөн баштап жиберет. Көкөтөйдүн тилдүү, ооздуу, сөзмөрлүгүнө көзү жетип Садыр ар кайсы сөздөрдү баштап койсо Көкөтөй аягын улап, кеп салып, көп жашаган карыядай эски сөздөргө каниктигин көрсөтүп, Садырга эң бир жакшы эрмек болуп калды. Садыр аке дагы Көкөтөйдү жакшы сыйлап «Мына оттуу чиркин, ушундай мээсинде бир нерсе барлыгынан бая күнкү чыр салып жиберип, Тыныбекти аман бошотуп кеткен

турбайбы. Менин жаныма төшөк салып бергиле, Көкөтөйүм менен сүйлөшүп жатып уктайын» деп Көкөтөйдү жанына жаткырып алып, эл уктагыча сүйлөшүп жатып бир убакта

«Ээ, Көкөтөйүм, аркамды тырмап кой эми уктайлы» – деди. Көкөтөй Сакемдин аркасы ооруп калат го дегенсип асталап бир аз тырмаса: «Ээ, катуу тырмай бер уулум» деп Садыр далайга аркасын тырматкысы келет.

– Ээ, Садыр аке, колум талып баратат. Бугу, саякты калыс болдум эле деп ак-караны ылгабай жеп жатып дүүлүгүп калган этиңди тырмап, бир топ төлөтүп алганча, булгаары соотуна кирип алып эле өгүздүн терисин ийлеп бир мал таап кеткеним жакшы го – деп Көкөтөй күлүп калды.

– Ой, ой, жинди, болду-болду. Эл укпасын уктай кой. Бул сөзүңдү элдин көзүнчө айтпай эртең узатайын – деп Садыр уялгансып калды. – Эртең Көкөтөйүм, базардан сүйгөн нерсеңди ал деп бир койго бир сомдон көтөрүп алган акчасынан кырк сом берип Садыр Көкөтөйдү узатты.

## 14. КӨКӨТӨЙ БИШПЕК, КАРАКОЛ ДУБАНДАРЫНЫН БАШ КОШКОН ТОБУНДА

Кызыл-Сазда Бишкек дубаны менен Каракол дубанынан баш кошкон тобу болот. Ал топко сыязга олтуруу үчүн абдан тың бий керек. Эки дубандын акы алышып эрдин куну, эриштин айыбы өңдөнгөн чоң иштерде душманга элдин акысын жибербегендей чыйрак бийлерден жибериш керек. Он-Арча болушунан Байзак барат деп Нарын учаскебайы кагаз берген. Бул Кызыл-Саздын тобуна баруу үчүн камданып Нарындагы Ташкендик Мунарыпбай деген байдан миң койго сегиз жүз сом акчаны көтөрүп алып, жигит-жалаңы менен Байзак кетти. Кызыл-Сазда Каракол, Бишкек үйөздөрү келип шыкыраган калың үйлөр тигилип, эки дубандын эли келип сыяз башталууга жакын болуп калды. Караколдон Чыныбай, Бишкек үйөзүнөн Шабдан – бул топтун аксакалы болуп эки дубандын элин ушул экөө бийлеп турат. Бул эки мыкты беттешип сүйлөшкөндө эки дубандын

тобуна бириздатыл (председатель) болуучу бийди Каракол дубанына берген. Ал Каракол дубанынан бирисдатылдыкка «Мен болом, мен болом» деп Балтабай, Ысабек, Байтеректер талаш чыгарып турушат. Бирок Байтеректин үйөзү Каракол болгону менен уругу сарыбагыш Шапактарга жакын киши болуучу. Бул учурда Каракол дубананын көпчүлүгүн жыйнап алып Чыныбай бирисдатилдикти сөз кылып жатканда Байзак дагы барып калган. Чыныбай Байзакка карата сөз айтып «Ээ, Байзак мурза, сен болсоң жаңы келдиң бул бирисдатилдикти талашып жаткан Балтабай, Ысабек, Байтерек теңтуштарыңдын бирине бирисдатилдикти алып берип, башкаларын ынтымак кылып, душманга колтук ачпай тургула деп теңтуштук сөзүңдү айтып, калыс болуп койбойсуңбу?» – деди. Чыныбай басылаары менен Байзактан мурда озунуп Көкөтөй: «Жакшы айтасыз баатыр. Бирак «жерге түшкөн жетимдики» деген кеп бар эмеспи, «эл четинде жоо бетинде» дегендей сарбагыш, саяк, моңолдор, чериктин ортосунда олтурган бир болуш тынымсейит тууганың барбыз, он эки айры бугу болбосок дагы сойорго бугуданбыз деп жүрөбүз. Ушул талаш болуп жаткан нарысы: бир айлык, бериси жарым айлык мансап экен, ошону бизге берип койбойсузбу, баатыр. Солто, сарбагышты бийлеп эле Шабдан баатыр сиздин дубанга берген экен бугу, саякты билип койсоңуз сөзүңүздү калк жерге таштабайт го. Бир мансапты үч киши талашып жатса баатыр, бизге эле берип коёр деп Байзак иниңиз дагы чоң үмүт менен келди» – деп Көкөтөй сөзүн бүтүрдү. Чыныбай алая карап: «Ээ, бул иним да рас айтат, биз аз күндүк мансап экен бул инимдин сөзүнө бугу тууган көпчүлүгүң жооп айтып көрчү» – деди. «Биз айтып көрсөк баатыр, сизге эп келсе биздин тарап Байзакка бердик» – деп Балтабай сүйлөп калды. «Ээ, Балтабай, бергенде биз бере албайт бекенбиз, Байзак биздин жатыбыз эмес, биз да бердик баатыр» деп Ысабек сүйлөдү. «Ээ, бугу туугандар кол ийрисине чабат деген ушулбу, ат тартып экөөңдөн тең мен сурап жатсам, Байзакка бердик дейсиңер. Мени сарыбагышсынттыңарбы, дагы сүйлөшүп көрөрбүз» – деп Байтерек ордунан туруп, эки-үч кишини чакырып алып окчун барып олтурду. «Эмесе бүгүн бугу Байзакка бердиңер го, мен да албетте бердим. Ушул сөз экинчи козголбосун» – деп Чыныбай «алакан жайып койгула?» – деди. Эрегишип олтурган эки бий элден мурун колдорун көтөрө баштаганда көпчүлүк: «алоо акбар, экинчи сөз кылганды

бугунун арбагы урсун! – деп чуркурап бата кылышты. Көкөтөй тура калып: «Рахмат баатыр! Кулдугубуз бар! Кулдугубуз бар» – деп колун бооруна алып эңкейип кайра олтурду. «Байзак мурза, бул Каракол үйөзүндөгү, Ысык-Көл айланасындагы бугу, саяк туугандарыңдын бийлеринен тааныганың жана тааныбаганың да бардыр, сен бүгүн бийлердин бардыгын чакырып конок кылып, таанышып ал жана сүйлөшүп душманга кандай реже токтотуп аларыңды кеңешип алгыла. Бергелчи, Байзак иним» – деп Чыныбай ордунан туруп Байзакты ээрчитип барып, бир аз сүйлөшүп тараштты.

Байзак кошуна келип эки-үч бээ союп, Каракол үйөзүнүн бийлерин бүт чакырып мейманга күтүндү. Кечкурун «Бергел, Көкөтөй мурза, торуну минип монобул үч жүз сомду алып Шабдан баатырга барып кел. Акчаң аздык кылса Мурзаторуну да берип кел. Сен Шабдан баатырды жакшы тааныйм дечү эмес белең. Бирак, жакшылап сүйлөшүп кел, эртеңки эртең дубан баш кошуп сүйлөшкөндө баатыр, көзүңүздүн кырын салыңыз» – деп бүгүнкү болгон сөздөрдү айтып, Байзак иниң жиберди деп айтарсың»-– деди. «Болду, болду баатыр, Чыныбай баатырга сөз айтканда дагы сен мага үйрөтүп бердиң беле? Сөздүн башын айткандан кийин аягын билбейби?» – деп Көкөтөй аттанып кеч курун күүгүм убакта барып чоң ак үйдүн жанында элүү алтымыш аксакал киши менен олтурган Шабданга жана олтурган элди карап колун бооруна алып, алыстан туруп:

– Салоом алейкум, баатыр! – деп көтөрүңкү үнү менен дооштуу салам берди.

– Алаки салам. Алаки салам. О, сен Көкүшүмсүңбү, кел-кел Көкүш жиндим – деп Шабдан Көкөтөйдүн үнүнөн таанып, зэ жиндим топко келдиң беле? – деп Көкөтөйдүн колун алып көрүштү.

– Амансызбы баатыр? Саламат жүрөсүзбү? Эл-журт тынч, эсенби? Калкыңыз тынчпы? – деп Көкөтөй Шабданга кол берип, кыдырата басып, олтурган элдер менен көрүшүп, элдин катарына барып олтурду. Анда олтургандын ичинен: «Ээ, иним, сен кайсы туугандан болосуң? Баса, караңгыда Шабдан баатыр үнүңдөн тааныгандай болду» – деп сурап калды. Ошондо Көкөтөй «Ээ, аксакал, мен бугу тууганыңыздан боломун. Менин үнүмдү баатыр мындан айсыз караңгыда дагы нечен уккан. Кызматын кылып, көп тузун таткамын. Бир кыраан бүркүттү көзөмөлдөп, кырк-элүү кара жору тарп аңдып

учкандай болгон аксакалдар, өзүңүздөр ким-ким деген агалар болосуңар?» – деп Көкөтөй аксакалдан кайра сөз сурады. Булардын бир кыйласы күлүп, бир кыйласы ачуусу келгенсип «Я, я, эмне дейсиң?» – деп калышты. Шабдан күлүп жиберип:

– Ой, жинди, булар дагы атаке сарбагыштын аксакалдары, азыр үйгө кирип таанышасыңар – деп Көкөтөйгө жооп берип коюп, – бул Көкөтөй жиндинин күлкүлүү кызык сөздөрү бар. Силер да чычалабай тура тургула. Кана эмесе, үйгө кирели» – деп Шабдан эки жагын каранды. Анда Көкөтөй:

– Эмесе баатыр, бул аксакалдарга мен эртең жарыкта келип таанышып алайын. Азыр сизге учурашып гана бир ооз сөзүмдү айтып кайтмак элем, айып көрбөңүз, улук боюңузду кичик кылып туруп койсоңуз!– деп турамын, – деп Көкөтөй ордунан туруп колун бооруна алып Шабданга карап турду.

– Ыя, ыя, сөзүң ашыгыш беле, жиндим, макул – деп Шабдан ордунан туруп Көкөтөйдүн оюндагы алыс турган калың чийдин арасына барып олтурушту. Олтурар менен Көкөтөй сөз баштап:

– Баатыр, Байзак иниңиз жиберди. Бирок «айт деген сөзүмдү баатырга айтпасаң мойнуңа карыз» – деди. Айт деген сөзү ушул баатыр: «Бугу, сарбагыш бир Кылжырдын уулубуз. Мен дагы ар жайда, ар мекемеде кызматына жарачу бир инисимин. Баатыр айдай жарыгын, күндөй ысыгын тийгизсин» – дейт. «Баатыр менен таанышканымдын алды болсун. «Жалы болсо ат, жакасы болсо тон» дегендей акча болсо аз дебей, ат болсо арык дебей баатыр чай ичип турсун деп монобул ат менен ушул тыйынды берип аттай шылгап, атандай комдоп сизге мени жиберди» – деп боз куруна орогон үч жүз сомду алып сунуп калды.

– Ай, ай жиндим, андай эмес. Бул акчаңды кандай себептен берип жатасың? – деп Шабдан Көкөтөйдүн колунан акчаны албай «Жаныңа сал, Жаныңа сал» – деди.

– Бул акчанын эч кандай деле себеби жок, баатыр. Биз болсок топко бүгүн жаңы келдик. Өзүңүз өрүлүк кылганым деп Каракол дубанына бирсидатылдыкты берген экенсиз. Ошо сөзүңүз менен биздин дубан алакан жайып, Чыныбай баатырдын алдында бирсидатылдыкты Байзакка беришти эле ошон үчүн эртеңки күндө аңги намыс кылып дагы бирөө мындай-андай деп туурадан чыкса баатыр

агалык көзүн салсын. Болгон сөздөрдү сизге угузуп кел деп гана Байзак иниңиз жиберген. Мындан ары курчалышып куда болуп, кучакташып дос болуп дегендей бала-чака, ага-иниңиз менен катышып жүрөбүз деген ой бар эле, – деп Көкөтөй колундагы акчаны кайра дагы сунуп калды.

– Жок-жок, Көкү, шум Байзак экөөңөрдүн мал, булуңар көп болсо эртең Бишпек оёзунун колуна бергиле, жалгыз мен алганым болбойт. Журтка дасторкон деп көпчүлүккө көрүнөө берген жакшы болот. Мен болсом бул сапаркы бириздатылдыкты Каракол үйөзүнөн болсун деп Чыныбай баатырга убада бергеним ырас эле. Экинчи башка сөз кылбаймын. Ошол бугу туугандар кимди кааласа мен ошого маакулмун – деп Шабдан акчаны албай койду.

– Баатыр, журттун дасторкону табылбай калмак беле. Муну мен сиз менен учурашууга гана алып келгемин. Бугу шайлабаса Байзакты сиз шайлап бериңиз деп кантип айтамын – деп Көкөтөй сунган акчасын жерге койду.

– Ай, ай жинди жаныңа сал! Жаныңа сал! Мага учурашып бере турган нерсең болсо, топ таралгандан кийин бер, – деп Шабдан күлдү.

– Эмесе баатыр, атым менен акчамды албадыңыз, атайы келип наймүт болуп кайткандай болбой кетейин, айып көрбөсөңүз, мубарек колуңузду берип койсоңуз? – деп Көкөтөй колун сунду.

– Маакул, маакул жиндим, сени Байзак мурза өтө бышык деп жиберген го. Мына-мына колум деп Шабдан Көкөтөй менен кол кармашып ордунан турду. Көкөтөй Шабдан менен бирге басып олтурган элдин жанына келип:

– Кайыр, аксакалдар, саламат туруңуздар. Баатырга эркеп өйдө-төмөн сүйлөп койдум, кечирип коюңуздар! – деп кайра тартып, аттанып жөнөдү. Мурза торунун шыйбырлаган жоргосу менен катуулай жүрүп кошуна келсе Байзак:

– Ии, Көкө, сөзүңдү айтчы? – деди.

– Ээ, баатыр, мен барган сөз чийки калуучу беле, – деп Көкөтөй токтолбой бастырды.

– Жок, айта кетиңиз, айта кетиңиз – деп Байзак ээрчий басты.

– Алда Байзак баатыр ай. Түшүп ат байлап келгиче, жаның чыдабай баратабы? Алышкан көкдөбөт жондонуп өтө шашма экенсиң деп бастырган бойдон барып атын байлады. Көкөтөй кайра басып келип,

сөзүн айтып берейин деп жакын келсе, Байзак сыртын салгансып карамаксан болду.

– Ой Байзак, сен не мурдуңду силкесиң. Мен мингизген атыңды өлтүрүп же берген акчаңды түшүрүп салып келипминби. Мына атыңдын көзү, мына акчаңдын көзү. Каран тууганы хан Жантайдын уулу эр Шабдан менен кол алышып узун сонор тааныштырып, сөзүңдү бүтүрүп келсем, сен кандай мага оң карабай калгансың? – деп Көкөтөй томсоруңку тартып туруп калды.

– Болуптур, болуптур Көкө, үйдө-тышта калың эл жүрсө «карышкырдай болуп» дейсиңби, «көк дөбөттөй болуп» дейсиңби, суук сөздөрдү айтасың. Эл жок жерде кандай айтып ойносоң мейлиң. Эл бар жерде түзүк сүйлөп тамашалап жүрбөйсүңбү. Мындай сөздөрүңдү бирөө укса душманга кишинин баркы кетпейби деп Байзак Көкөтөйдүн таарынгансып калганын кечирип сүйлөдү.

– Ой, Байзак мурза ай, майда-барат сөзгө териккен киши баатыр болуп эсептелбейт. Жакшы кишинин акылы терең, алды кең болушу керек. Сен андай эле бир ооз сөздөн элди күнөөлөсөң «Байзак шайтан», «кара шайтан» деп, жүргөн элди не кырып жибербейсиң? – деп Көкөтөй ачуусу келгенсип жооп берди. Байзак күлүп:

– Болду, болду, Көкө. Бул сөзүңө мен жыгылдым. Эми барган сөзүңдөн кеп салып бер, баатыр – деп колунан жетелеп басып сөз сурады. Көкөтөй чечилип сөзгө кирип, Шабданга барып келгендеги сөздөрүн айтып, мындан ары таанышып жүрүүгө жана бул бириздатылдыкты шайлоодо жардамын көрсөтүүгө кол алышып келдим – деп сөзүн бүтүрдү.

Эртеси Шабдан Чыныбайдын баш кошкон жыйналышында эки дубандын эли бүт чогулуп бириздатыл шайлап ирееге токтотобуз деп жыйын кылып жатышат. Каракол дубанынан Чыныбай сүйлөп, Бишпек дубанынан Шабдан сүйлөп, экөө алмак-салмак илгерки нарк, жосундан кеп салып жатышат. Бул учурда:

– Чыныбай баатыр, менин бир-эки ооз сөзүм бар эле, уруксат бериңиз? – деп Байтерек сүйлөп калды.

– Ээ, Байтерек мурза, айт-айт, сөзүң болсо! – деп Чыныбай жооп берди. Байтерек эргип-эргип өөдө боло түшүп:

– Мен сөзүмдү айтсам: Шабдан, Чыныбай – эки баатыр бир кыйла нарк, жосундан сүйлөп өттүңүздөр. Жана «пара берип эл бузган киши

айыптуу болсун» деп дагы сүйлөп жатасыздар. Мына, мен көрдүм пара берип эл бузуп жүргөн кишини. Мында аян Байзак деген үч жүз сом, бир ат берип Шабдан баатырга киши жиберип арачы салат имиш. Анын жиберген кишиси мында бир Көкөтөй деген куур тон ит бар, ошол имиш. Шабдан баатырга сүйлөшүп, Байзакты эки дубанга бирисдатил шайлаганы жүргөн ошол. Көкөтөй жинди имиш, – деп сүйлөп жатып маңдай жагында олтурган Көкөтөйдү көрө коюп: «Ой атаңдын оозун ачайын куур тон кул, сен жыйын кишиси болуп калган экенсиң ээ? Өзүңдүн мойнуңдагы он сегиз мал айыпты билесиңби? Бул эки дубандын тобу саа окшогон митайым, журт бузарлар үчүн курулуп жатканын билесиңби? Бул эки дубандын тобуна кыдыр даарыган киши бириздатил болот. Анан сен өңдөнүп мойнуңдагы айыбын качып жүргөн митайымдын сөзү менен бириздатил шайланат бекен? Кызырлуу кишилердин алдына бара берем деп чаап жүргөн куур тон кул, Соң-Көлдөгү он сегиз мал айып үчүн мойнуңдан байлап кетейинби?» – деп Көкөтөйдү карап алып, Байтерек Көкөтөйдүн илгерки Байгазы, Ботоканга жылкычы болгондорун, бир кыйла сөздөрдү айтты. Байтерек бакылдап сүйлөп жатканда «куур тон кул» – деп сүйлөсө эле элдин баары Көкөтөйдөн башка тончон киши жок болучу. Көкөтөй элдин баары карап калганда жанында олтурган карасакал кишиден «Бай наспайыңыз барбы» – деп колун сунуп, сол колу менен тебетейинин кайруусун түзөтүп, көзүн алайтып Байтеректи карап олтурат. Кара сакал киши «бар эле, бар» деп кызыл булгаары өтүктүн кончунан мүйүз кара чакчаны алып берди. Көкөтөй оозуна жез салган чагарактуу чоң кара чакчаны колуна алып, шишин сууруп алып шарак-шарак эттирип сол колдун алаканына наспайдан салып оң колу менен орой тартып, чымчым алып, таноосун эдирейте түшүп, жыттап-жыттап, мурдун нукулап коюп «барс» дедире бир чүчкүрүп алып, «кызыр» даарыган киши бириздатил болот деген Байтеректин сөзүнө жооп айтмак болуп ойлоно берген. Күүлөнүп калган Байтерек өзү мыктысынып Көкөтөйдү сөз кайрыбайт дегенсип жемелеп жатып токтой калаары менен Көкөтөй өтө катуу үнүн салып:

– Ой, сөзүң бүттүбү? О, төө койсук кучактаган, үкү көздөнгөн атаңдын көрүгө. Кечке эле сен сүйлөйсүңбү? Же башка кишиге да сөз жетеби? Чычала көздөнгөн, кана-кана атаңдын көрүгө. Сен кыдыр даарыган, кыдыр даарыган эле дейсиң, кимди даарып жатканын

карап турдуң беле сен, же мокочо көздөнгөн сени тегеректеп калыпбы Кыдыр алеки салам? Шашпай тур, саа мен Кыдырдын жүргөн жерин айтып берейин. Жылкынын алды кирип Жыргаландан суу ичип жатса, көт жагы Тасманын белинде жуушап жатса, күндүн чагылышындай күрөң жээрде жылкы башайыдай сарала жылкынын ичинде Кыдыр алекисалам жүрбөгөндө, анан Долондун белинде мамыга сөйкөнүп турган сенин жалгыз кырчаңгы тору атыңды таңыркап карап турган бекен? Кыдыр алеки салам Тасманын белин жөлөнө көчкөндө оң колунда эркек баласы бар, сол колунда төөнүн буйласы бар, жибек элечеги менен шуру чачмончогу менен «уул, төөнү «чу» деп койчу» деп күлүмсүрөп турган бугунун катындарын Кыдыр даарыбай анан береги Бел-Саз булакта жатып саан ичкен улагын жамыратып жиберип тозо албай чапта томолонуп жаткан сенин катындарыңды таңыркап кыдыралекисалам барып калыптырбы? Чоң жал кара боз ат минген, нан баш ээр токунган кара тердик аттын капталын бербеген, буурадай ак тонуна кере карыш кара көрпөнү карматып кийип алып, Караколдун көчөсүндө атка өбөктөп нымыгып экиден сүйлөшүп турган бугуну Кыдыр даарыбаганда, ат таппай Ыспөөчике түштүк эле деп алтымышың биригип алып жыгачка сүйрөлүп алып жүргөн сени Кыдыр даарып калыпбы? Төртөө бириксе бир тайдын этине тойбой эки-экиден сугунуп туруп басып кеткен бугуну Кыдыр даарыбай, жайы-кышы эт таппай жүрүп уурдап алган жалгыз койдун этине камыр кошуп жетимишиң талап ооз тийип кеткен сенин кайсы сорпо-шилендериңди үмүт кылып Кыдыр алейки салам байырлап карап туруппу? Атаңдын оозуначайын чычала көздөнгөн ууру. Шашпай тур, Кыдырдын жүргөн жерин айтып берейин. Суугу кулак үшүтпөгөн, ысыгы бет күйгүзбөгөн, башы жазы, төшү керүү болуп күлүмсүрөп жаткан Ысык-Көлдүн боюнда кош ооз барденкесин атып, кушун салып, тайганын агытып эки-экиден казакча өлөң айтып бастырып жүргөн бугунун уландарын кыдыр даарыбай, ордо атам деп жатып бармагың жарылып тизеңдин жооруган жерлерин багалегиңдин учунан айрып таңып алып, береги Кочкордун сазында чилеңдеп жүгүрүп жүргөн сенин кайсы эрмегиңе Кыдыр алеки салам кубанып карап туруппу? Жылкынын кыгынан желеси көрүнбөгөн, коюнун кыгынан көгөөнү көрүнбөгөн, малынан айлы көрүнбөгөн Тарагай, Балгарыт жайлаган, үлүш берип, кунан чаап аттарын кермеге салып коюп, улак тартып,

эр эңишип жаткан бугунун айлын Кыдыр даарыбай, жайы-кышы бир журтуңдан көчпөй олтуруп үйлөрүңдүн ортосу кара жал болуп, корооң уйпаланбай көк короо болуп сайгактаган уй тийсе үйүңдүн бир жагынан кирип, саканакка урунбай бир жагынан чыгып кеткен үйүңдү урайын, сенин неминеңе байырлап Кыдыралеки салам токтоп турат? Атыңдын чологун билгизбей куйругун түйүп алып, кырчаңгысын билгизбей кабыңды жара тартып жаап алып, тебетейиңдин такырайган жерин түшүрүп кийип алып, бар тилегиңдин баары ууруда калып олтурган сага Кыдырды бирөө байлап коюппу? Ырас айтасың, мен жигит болуп жылкычы, койчу болуп, отун алып далай жерге кызмат кылып жүргөмүн. Ошондо Көкөтөй бекер жүргөн бекен? Койкелди манабыңды кокуйлатып, Медербек байыңды мерт кылып эле жүргөн Көкөң ушул. Мыкты экенсиң мени жутуп не жибербейсиң? – деп Көкөтөй катуу үнүн чыгарып Байтеректи катуу тилдеп салды. Байтеректин ачуусу келгенинен жаны чыгып кете жаздап, сапсары болгон өңү чыйкандай кызарып, кызарган жыртак көзүнөн жаш чыгып, санын сыйпалап бычагын алып: «Карма кулду, карма. Мунун кунун азыр берейин» деп жулунуп жатат. «Кой, кой баатыр, ал өзү баягы Көкөтөй жинди эмеспи? Каадалуу бир киши менен урушкансып, кантесиң?» деп эки жагындагылар кармап жатышат. Муну көрүп сары толтосу бар жаман мачер кестигин кынынан копшатып алып көзүн алаңдатып, тизелеп басып Көкөтөй дагы жулкунгансып калды. «Коё берсеңер, мокочо көздөнгөн итти жүрөктүн толтосун жара сайбаган киши энесин алсын. Ой төө куйрук кучактаган үкү көздөнгөн ууру, жулун, сеникинен менин бычагымдын учу мокок болсо кудайга кой, бери келчи, жыртак көзүңдү жыра саяйын» деп обдулганда жанындагылар Көкөтөйдү дагы кармап калышты. Шабдан ордунан туруп: «Кой, Көкүшүм, кой Көкүш, жиндим ырас айтасың бугу туугандын бай экени чын. Туура сөздү, туура десе болот. Малы жок киши ууру кылары да чын. Бирак, жиндим, сөкпөй сүйлө, сөкпөй сүйлө. Көпчүлүккө уят болот» – деп Көкөтөй жакка басканда «Баатыр, мени кой дейсиз, иним дегенсип, тигил үкү көздөнгөн итти тыйбай коёсузбу?» – деп долуланып ачуу үнүн салып калды. Шабдан кайра басып: «Койчу-койчу, ой Байтерек, ээлигип сүйлөгөнүңдүн жообун Көкөтөй берди го» – деп олтуруп калды. Байтерек менен Көкөтөй дээлигип кез-кез ажылдашып коюп олтурганда «Баатыр, бала-чака кагышып

кетти го, эмки сөздү эки бөлүнүп сүйлөшсөк бейм?» – деп Чыныбай «Жүргүлө, биздин дубан» деп туруп басып калды. «Жанагы Байтеректи тилдеген монобу жигит баатыр, баракелде баатыр, кайсы эл болосуң баатыр?» – деп көп эл тегеректеп алганда «Жаман тон шаңданды белем да» деп кубанып Чыныбайга жакындай басып келип, арка жагына отуруп калды. Чыныбай:

– Кана, жанагы бала, кайда кетти? Чакыргылачы, деген үндү угуп:

– Мына, баатыр, мына – деп Көкөтөй көрүнөө жерге олтурду.

– Баракелде балам, баракелде. Байтерек мурзаны Шабдан агасынын көзүнчө жакшы кылдың го. Шабданды кызыл думана деп тең туугансып калуучу эле. Байтерек мурзанын желин чыгардың го, уулум. Мына окко жарайт деп ушундай азаматты айтат. Кээ бир акмакты окко жарайсың десе өзүн өзү жара тартып салат. Бул уулум бүгүн бугунун арбагын көтөрүп салды го. Мен дагы муну көтөрүп салайын. Таштанбай, сен барып биздин коштогу кечээги Мамыр байдыкынан келген атты алып келчи! – деп Чыныбай Көкөтөйдүн жөнү-жайын сурап олтурду. Көкөтөй жөнү-жайын айтып болгондон кийин Чыныбай:

– Атаа Байзак иним, ушу иниме бир чапан тиктирип берүүң экен. Ушул күндүн ысыгында тончон коюпсуң, – деп Чыныбай Байзакты карап сүйлөгөндө озунуп Көкөтөй:

– Баатыр душманды киши жыкпайбы, чапан жыгат беле? Тон кийишке өзүм көнүп калыпмын – деп жооп берди.

– Эмесе, Көкөтөйүм, Чыныбай деген киши мен болом, биздикине келип-кетип жүр. Монобул атты Чыныбай акем берди деп ат кылып ал – деп Таштанбай алып келген камыш кулак, орок баш кайкыча сары тору атты туура тарта бергенде Көкөтөй боз кур менен ээрдинен чалып алып «кулдугум бар, баатыр» – деп ыргып минип чу койгон бойдон кетти.

Бишкек дубанына беш жүз сом, мурза торуну алып бармак болуп Чыныбай «жанакы тончон балам кайда? Чакыргыла! – деп жатканда «Мына баатыр, тончон балаң» – деп Көкөтөй барып калды.

– Ме, уулум, «найзаны камбылга бер» дегендей, ишке бир эле киши жарачу. Бул беш жүз сом менен атты алып «дасторконуңуз ушул экен» – деп Шабдан баатырга берип, Байтеректин көзүнө эми бир көрүн» – деп Чыныбай акча менен атты Көкөтөйдүн колуна берди. Күрөөн тартып олтурган калың элди аралап талтаңдай басып көөнө

тону менен Көкөтөй атты бир кишиге кармата салып, акчаны алып Шабданга алпарса, Шабдан колун сунуп, «Баяке баатырга алып бар, жиндим» деп айтканда, «Мынаңыз баатыр, «жакшыга тартуу, жаманга сатуу» деген экен, Баатыр. Сиздерге берген Байзак мурзанын дасторкону ушул экен» – деп акчаны Баякенин алдына койду. Баяке:

– Ой, кул мунуң канча акча? Санатын айт? Байсыңбы? – деди. Көкөтөй:

– Алда баатыр ай, бул бир жандын малы дейсиңби? Сыпайынын алдында сөөк жатсын дегендей гана бир беш тыйын, баатыр, – деп кайра басты. Баяке:

– О кул, ме, колуң куру кетпесин, – деп он беш сом бергенде ала коюп:

– Үйүрүң менен үч тогуз жаныбарым – деп колуна «тү!» деп коюп, Байтеректи карай басып «Көп түкүрсө көл болот, көптөн чыккан дел болот» деген экен, – деп Чыныбайдын катарына барып олтурду. Байзак эки дубанга бириздатил болуп, Көкөтөй бириздатылдин жигити болуп эки дубандын тобун өткөзүштү.

## 15. КӨКӨТӨЙДҮН «ОЛУЯ» МЕНЕН КАРМАШКАНЫ

Соң-Көлдүн мелтиреген талаасында, кыштын чыкылдаган чилдесинде Көкөтөй бир жарым миң чамалуу жылкыны багып, алты жолдошу менен жатат. Ууру-бөрүнү таш каптырып жалгыз тайдын такымын тарттырбай жылкыны аман багып, турду. Ары-бери өткөн жол-жолоочуну кондуруп, кымызга шыкап, эки жактагы эл арасынан кеп угуп турушат. Нарын, Атбашыдан Жумгалды көздөй өткөн жолоочулардан баарысы эле «Оттуктун капчыгайындагы кара үңкүрдөн олуя чыгыптыр» деп өтүшчү болду. Кайсы бирлери эң укмуштуу кылып кеп салышат: «Ал жарыктыктын касиети көп экен, төрөбөгөн катындарды төрөтөт экен. Оору-сыркоо кишилерге дем салып койсо эле таптаза болуп айыгып калат имиш. Кыскасы, малы жокко мал, баш сураганга баш берет экен. Жана өзү кийим кийбейт экен. Оттуктун кереге бою карында от жакпай эле карды жылаңач кечип тердеп жүрөт. Ал кишини көргөн жолоочу кишилер дагы

колдо барын берип, батасын алып кетип жатышат. Агер анын каргышына калган киши соо болор эмес» – деп өткөн, барган элдин эки оозунун биринде олуянын кеби болуп калды. Муну укканда жылкычылардын баарысы эле оозун ачып «Ой тобо, ошол Оттуктун карында от жакпай жылаңач жүрсө, олуяң деле оңой болбойт экен го» дешет. Көкөтөй ал элдин кебине ишенбей кайсы бирлеринен сурап да калуучу: «Күзүндө бир айылдан бөлүнүп, жылкыны сыртка чыгарарда эле Нарын, Атбашыда олуя тургай Кара Үңкүрдө арс чыккан жок эле, ал олуя көктөн түшөт бекен же карагайдын арасынан чыга калат бекен?» – дечү, «Кой айланайын, ооздон кулаган жаман болот, андай сөздү айтпа» – деп, кээ бир картаң жолоочулар Көкөтөйдү тыйып коюучу.

Бул учурда жылкычылар журт жаңылап конушуп «бирибиз – Нарынга барып талкан-талап алып келебиз» – деп жүрүшчү. Жаңы журтка конгондон кийин «Нарынга мен барып, баарыңарга бирден шаң матадан көйнөк тиктирип келемин, силер жылкыны сак кайтарып, аман багып тургула» – деп, жылкыны түгөлдөп, алты жылкычыга тапшырып берип «ууруга алдырып, бөрүгө жедирсеңер төлөйсүңөр» – деп коркута сүйлөп Нарынга барууга шыйгарылды.

Сары токумдап суутуп жүргөн чоң жол карала айгырды токунуп, чоң чанач кымызды бөктөрүнүп, түн ченеп аттанып Төлөк менен Долонду ашып жөнөп баратат.

Кара-Үңкүргө жакындап келген кезде «олуя качан чыга түшөр экен» деп келаткан эле. Бир кезде Кара-Үңкүрдөн аттын колоңсосунан келген сонун кардан секирип-секирип Көкөтөй баратып жалгыз чыйырды бербей «үү-үү» деп ары-бери чуркап турду.

«Ээ, олуя ушул экен го, кайрылбай эле өтүп кетейин деп карала айгырды камчыланып чыйыр менен бастырып жакын келди. Жылаңач кишини көргөндө айгыр үркүп, кошкуруп, кайра качып баспай койду. Ансайын ачуусу келип айгырды такымга басып-басып алып чыйырга салса, ого төтөн кошкуруп айгыр жолдон чыга качат да калың карга малтап айгыр баса албайт. Ого бетер олуя жалгыз жолду тосуп алып «уу-уу» деп арбаңдап турат. «Туруңуз олуям, туруңуз, мен сиз менен кайра өткөндө учурашам. Азыр жылкыдан келатам, сизге бергендей эч нерсем жок» – деп Көкөтөй кайталап-кайталап айтса «олуянын» ал сөз менен иши жок «уу-уу» деп эле алаканын жайып секирип тура

берди. «Ой, олуям, мен жылкычымын, күз кеткен бойдон эми келатам. Төрт-беш айдан бери кир жуудуруп албастан көйнөк кара баркуттай болуп келатат. Таксыр сизге кайра келатып бир нерсе бере кетем» – деп улам-улам айтса да олуянын кулагына кирбеди. «Бул олуя тил билбеген киши экен го» кайра тартып барып айгырды арчага байлап коюп, жөө басып келип жакын жерден айтайын ээ»~ деп жөө басып келип жанакы сөздөрүн айтса, баштагыдан бетер укпай арбаңдады.

«Бул олуя эмес эле докчу экен го, муну сабап кетирбесем жолду мага берер эмес» – деп кайра басып айгырдын жанына тон-чапанын чечип, жеңилденип, шымдакчан болуп камчысын жеңине катып алып басып келип баягы сөздөрдү айтып «Жолду бошотуп бериңиз» деп күлсө, ого бетер «үү – үү» дегенден башканы билбей карды кечип секирип-секирип коюп тура берди.

Көкөтөйдүн жини абыдан келди окшойт: «бай-бай-бай! Ой-ой--ой!» деп жакындап басып келип, оңуна келе түшкөндө чоң камчы менен жазы капталга тартып туруп калды. Капталынан кан жая берген бойдон камчынын уусу менен секирип-секирип барып, олуя кайра тартып Көкөтөйдү качырып сала берди. Бирак, олуянын сүрүнөн коркуп адам беттеше алуучу киши эмес эле. Көкөтөй коркпой эле беттеше түшүп, кармаша кетти. Олуя Көкөтөйдү бүйрүп-чүйрүп кармап, ары-бери булкуп жүрөт. Көкөтөй олуянын чымырканып кармаганын билип «бул жыкса оң кылбайт го. Ээн жерде айбан неме өлтүрүп коёбу» деп колдон, баштан кармаласа колго урунаар кийими жок. Муну өөдө-төмөн сүрүп, жылаңайлак олуяны тайгалантып жыкпасам болбойт деп сонун карга салып дыргаяктатып жүрөт. Буту, колу көгөрүп үшүп калган олуя сокмогуна салып балтыры ката элек Көкөтөйгө моюн бербей эски чапан, тери шымын айрып кармашып жүрүп чай кайнамча кармашкандан кийин олуянын мурдунан кан кетти. Буту токтоно албай тайгаланып жүргөн олуяны моюндан орой кармап, жамбашка салып, Көкөтөй торой чалып көтөрүп уруп, эки колдоп карды шилеп олуянын бетине үйгүлөп жатканда жерге жабышып муздап калган жукараак жалпак таш көрүндү. Ташты бир муштап бошотуп ала коюп, олуяны эки колдун карысына таштын кыры менен эки чаап, катуу күйүгүп калган Көкөтөй кыйшайып кырынан түшүп жатып калды. Короо ордундай жер чакчелекей сүрүндү болуп, кардын үстү кызыл-ала кан болуп, кардын арасында узунунан сулаган

эки киши жатат. Бири жылаңач, биринин кийими тытылган. Төш жагында чанач бөктөрүлгөн чоң жал кара айгыр бутуна чедер салып арчага байланып турат.

Буларды көрүп келаткан эки жолоочу айран таң калып, жаткан эки кишини көздөй бастырса аттары кошкуруп үркүп, жолотподу.

- Ой, жаткан кишилер, тирүүсүңөрбү? – деп жолоочулар үн салышты. Көкөтөй башын көтөрө коюп «Тирүү элебиз, келип жылкычы менен олуянын тамашасын көргүлө, туугандар!» – деп өөдө турду.

Жолоочулар аттарын байлаштырып коюп келсе, башы-көзүнүн баарысы кан болуп жаткан олуя буркурап ыйлап жиберди.

– Ой, айланайын туугандар, жанымды алып калсаңар экен. Манабу угру өлтүрөмүн деп келтегилеп жатат. Эки колумду чагып салды, – деп тыталанып айрылган кандуу колун көрсөтүп жашы талаа-талаа кетип, ыйлап турду. Муну көрүп кара сакал семиз кызыл кишинин ачуусу келип «Ой, сен кимсиң? Кайдан келаткан немесиң? Бул кишини немне үчүн өлтүрмөк болдуң? Сен бир көпкөн кудаанын каары беймсиң!» – деп Көкөтөйдү тилдеп коюп «Ой, жылаңач киши, сен кайдан келатып урушуп жүрөсүң?» – деди. «Ой, садаң кетей, мен ушул жерде жатып жан багып жүргөн адам элем. Эл-журттан кайырсакабат алып, эптеп күн өткөрүп турчуумун. Ушул угру келип карнымды жара чапып, өлтүраман деп, келтегилеп йокып салды» – деди.

«Бул киши, баягы, биз уккан олуя турбайбы, сен олуяны өлтүрүп оокатынын баарын алайын деп жүргөн немесиң го, кызыталак, сенин колуңан аркаңа байлап айдап кетейин» деп, Көкөтөйдү сөктү. Көкөтөй алая карап «Кана, баатыр, силер кимсиңер? Бул олуя менен кандай тааныштыгыңар бар? Ачууңду коё туруп, өзүңдүн жөнүңдү айтчы? Менин колумду байлап, кандай себептен айдап кетесиң?» – деди. «Бул өзүңдүн жөнүңдү айтчы дейт турбайбы! «Ит кутурса ээсин кабат» дегендей бул мени эмгиче тааный элек турбайбы, кызыталак чочко. Мен сага таанылаармын. Касиеттүү кишини уруп, кызыл-ала кыласың ээ?» – Карасакал киши урганы турат. «Ой, баатыр, касиеттүү киши Кара-Үңкүргө жатып алып, ат үркүтүп жүрмөк беле?» – Көкөтөй ордунан туруп «олуянын» үңкүрүн көздөй басты. Эки жолоочу да олуяны ээрчитип алып үңкүргө барышты. Ал үңкүрдө чөккөн төөдөй чегедектин чогу жатат. Чоюн кашыкта сызгырган май турат. Бышкан эт менен жапкан нанды үйүп таштаптыр. Чуңкур

кара табакта кара сорполоп нанды чылап салыптыр. Көлдөлөң менен териден тизе бою кылып төшөктү салып койгон. Майда кийиз, эски кийимдерди томолоктоп таңып салган. Байпак, тонду үйүп койгон – олуянын оокаттарын көрүштү. Бул оокаттарды камтып, кумтуп Көкөтөй таңа баштады.

– Ой, сен кандай немесиң аларды немине кыласың? – кара сакал киши алая карап калды.

– Буларды таңып, артынып алып олуяны элдин арасына алып барам. Элди колдосо, айылда жүрүп колдосун. Талаада жалгыз жатып алып каракчылык кылып, жылаңач кар кечимиш болуп «уу – уу» деп ат үркүтүп жүрүп кокустан жалгыз-жарым кишинин жүрөгү түшүп өлтүрүп койсо эле кыргыздыкы болбойбу? Сарттын неминеси кетет эле? – деп чогултуп таңа берди.

– Ой, жылкычы, сен кандай сөз укпаган немесиң, олтурчу мындай!– деди.

– Ээ, мына олтурайын.

– Сен кимдин жылкычысысың?

– Ботокандын.

– Кайдан келе жатасың?

– Соң-Көлдөн жылкы баккан жеримден келе жатам.

– Бул кишини немине үчүн урдуң?

– Бул киши жол менен өткөрбөй эле айгырымды үркүтүп, жолду бербей, арбаң-тарбаң этип «үй – иү» деп туруп алды. «Жолду бериңиз, олуям, мен жылкыдан келатам, эч нерсем жок, кайра келатып бир нерсе бере кетейин» деп атчан туруп алты сыйра, жөө туруп жети сыйра айтсам дагы бир ооз жооп бербей же жолду бербей туруп алганынан ачуум келип бир чапсам эле кармаша кетип турат. Анан жанталпасасы кылып жүрүп жыгып алдым. Агер мени жыкса, тирүү койбойт эле. Айгырымды союп алып, өзүмдү суга салып жиберет эле же болбосо өзүмдү өлтүрүп салып, оокаттарын жүктөп алып карала айгыр менен баш ооган жакка кете берет эле. Кудай сактап менден жыгылып калып, аман турамын» – деди Көкөтөй.

– Сен Ботокандын жылкычысы болгондо эле олуяны таанычбай каласыңбы?

– Бул олуя болсо «кереметин көрөйүн» деп катылдым.

– Кереметин көрбөй турасыңбы?

– Кыштын кыраан чилдесинде жыланач кар кечип жүрсө, бул манабу чөккөн төөдөй үйүп салып, манабу майларды ичип ысылаганынан деле карга секирип ойнобойбу? Кыштын алты ай ууру, бөрүдөн малды аман сактап алакайыр бороондо кой караган, кырларда жүргөн мен олуя эмес, күнү-түнү элди алдап, «бала берем, мал берем» деп жок ишти айтып кудайга күнөкөр болуп жүргөн ушул олуя болобу? – Көкөтөй тилин тартпады.

– Бул атаңдын көрү кулдун айтканын көрчү «Мен олуя эмей» деп коёт, ушул олуяны урганың үчүн сага далайды көрсөтөрмүн! – кара сакал киши ээрдин тиштенип койду.

– Мурзам ай, адилет эле окшойсуң. Олуяга жетинипсиң! – деди Көкөтөй.

Кара сакал кишинин ачуусу келип, өңү кумсарып: «Ой, ушуну немине кылсам, «адилет эле окшойсуң» дейт турбайбы? Астахпуралда! – деп Көкөтөйдү карап калды. Көкөтөй күлүп:

– Ээ, баатыр, сенин эмине мынча мага итиркейиң келип калды? Сенин колдоочу олуяң болсо, айлыңа алып барып колдотуп албайсыңбы? Буга мынча не болуштуң? – деди.

– Карма, атаңдын оозуна.., колун аркасына байлап айда! Мунун манабынын ажыратып калганын көрөйүн. Камчы менен Көкөтөйдү чокуга тартып-тартып жиберип, жолдошуна «карма!», «карма итти!» деп, көзүн акырањдатып калганда жолдошу: «Ой, сен баатырдан тилиңди тартпаган кандай эр немесиң? Бул кишини таанavailableбайсыңбы? Сен тургай бүтүн эл сөз кайрыбайт, сен кандай эрегишип калдың? Келе колуңду бери, байлаймын», – деп Көкөтөйдүн колун кармады. Көкөтөй колдорун булкуп-булкуп алып, «Ой, олуя мен кайра өткүчө бул жерден жогол, эгер ушул жерден көрсөм таарынба?» – деп бастырып калды.

– Ой, оой, жылкычы, бери тура тур, келе кымызыңдан берип кет? – дешти. Көкөтөй шак камчыланып алып, оңдонуп-ондонуп олтуруп.

– Ээ, кымыз берейинби? Алдыгы олуянын тамагынан ичип, олуя болуп келерсиңер. Жылкычынын эски чаначынын кымызы кереметтүү кишилерге жакпайт! – деп ылдамдай бастырып жөнөп кетти.

Баягы эки жолоочу олуянын жанында бир аз олтуруп олуянын жөнү-жайын сурап көрсө эч кандай кереметинин дайыны жок. «Кесан деген шаардан келдим. Жеримден чыкканыма токкус ай болду. Ушинтип оокат кылып туруп, жаз болгондо жериме кетмек элем, «уулум

бул жерге ушундай олуялык кылып тура» деп Бекбоо бакшы деген бир досум ушул акылды таап берген. Менин чын сырым ушул. Эми бул жерден кетпесем болбойт. Бекбоонун колунда төрт кой, үч улагым бар эле, ошол Бекбоо акеме учурап калсаңар мен жакка жиберсеңиз жакшы болот эле, болуш! Кана, сизге бир жакшылап батамды берип коёюн!» – деп, алаканын жайып, оозун кыбыратып көзүн жумуп чөк түшүп алып алкымын бүлкүлдөтүп жакшылап жатып батасын бергендей болду. «А, болуш, алиги мени уруп кеткен каапырдын же өзүнүн же атынын мойну үзүлүп өлөт. Илайым аман калбасын!» – деп ыйлагансып турат.

Жолоочу олуянын батасын алып «Мына, олуям, оокаттарыңызды жанакы каапырдан аман алып калбадымбы. Мен болбосом андай акмак неме сизге ырайым кылбайт эле» деп тыйын-тыпырын берип, аттанып кетти.

«Жүрү, бүгүн Ботокан баатырдыкына жете конуп, жанакы жинди жылкычысын Ботокан баатырга чагып урдуруп кетели» – деп ылдамдай жүрүп олтурушуп, күүгүмдө Ботоңандын айлына келишсе баягы чоң жал кара-ала айгыр ошол айылда турат. Каржалган аттары менен араң келген Маңгелди келип эле түшүп калды. Ботокандын бир жигити алып барып мейманканага киргизип коюп чыгып кетип Ботокандын үйүнө барып коноктордун дайнын айтты.

Бир убакта Ботокан келип Маңгелдиге учурашып олтуруп:

– «Ээ, Маңгелди мурза, кайдан келатасың, кайда баратасың?» – деп жөнү-жайын сурады. Маңгелди баатыр:

– Чүй жакка бардым эле, эми Атбашыга – үй жакка баратамын. Эң сонун-сорпо сөз деле уга албадым. Бүгүн гана жолдо келатып бир жаман иш көрдүк, өзүбүз дагы көп ыза болуп калдык, – деди.

– Ээ, кана-кана, айтчы, ал эмне жаман иш экен? – Ботокан оңдонуп койду.

– Баатыр, Кара-Үңкүрдөгү олуяны өзүңүз деле билерсиз?

– Ээ, ээ, билем.

– Ошол олуяны аябай жанчып уруп башы-көзүн кызыл-ала кылып, колун сый чаап өлтүргөнү жатыптыр. Сиздин жылкычыңыз экен. Кара ала айгыр минген жигит. «Бул эмне кылганың?» десем оң жооп бербей аттанып алып, мени дагы иттей сөгүп, оозуна келгенин айтып боктоп кетти. Агер сизден ыйбаа кылбасам, кармап алып

кызылдай соёт элем. Атайы ошол арзымды сизге айта кетейин деп келип калдым. Айлыңызда жүргөн кишинии ошондой бейбаштыгын койдуруп койбосоңуз болбойт го, баатыр! – деди.

– Чакырчы Көкөтөйдү, ошол кудай урган го. Чакыргылачы!– деди Ботокан. Көкөтөй үйгө салам айтып кирип келип:

– Ии, олуянын калпалары, мына, байлатып убара кылбай эле, силерден мурда келдим. «Манабыңа байлап барып далайды көрсөтөйүн, манабың менден ажыратып алганын көрөйүн» деп жулунасың, айтчы мурза, сөзүңдү? – деди. Маңгелди Ботоканды карап:

– Көрбөйсүңбү, баатыр, сиздин алдыңызда омуроолоп турат, анан ээн жерде кымыз ичип, тайдын этине мас болуп көпкөн жылкычыңыз эминелерди кылбаганы турат?

– Кана, кана, Маңгелди мурза, жанакы сөзүңдү бул Көкөтөйдүн көзүнчө кайталап бир айтчы? – деп Ботокан кайрадан айттырып угуп олтурду. Маңгелди Көкөтөйдү бурамайлап сүйлөй албай олуяны мактай баштады. Бирок «Кесан деген шаардан келдим, чыкканыма тогуз ай болду» деген сөзүн, мени ушул жерге олуялык кылып тур деп Бекбоо бакшы айткан экен, ошол үчүн Кара-Үңкүрдө турдум эле» – деп айтып өттү.

– Ээ, Көкөтөй, кана, сен айтчы сөзүңдү? – деди Ботокан.

– Мен олуяны урганым жок, бир жылаңач сартты урдум – деп Көкөтөй күлдү.

– Кудай урган, ошол олуя болучу, сарт жылаңач жүрмөк беле. Олуяга катылыпсың эми жаман болосуң – деп олтурган эл күлүп калышты.

– Ал кишиден жыгылып жүрген неме кимди колдой алат? – деп Көкөтөй дагы күлдү. Ботокан төмөн карап күлүп:

– Өй, кудай урган Көкөтөй, деги ал киши менен эмне чырың болду? Анан Маңгелди мурзаны эмне сөктүң? – деп сурады.

– Эмесе, Ботокан баатыр, көңүлүңүзгө албаңыз, «Манап алжыса төө дейт» деген сөз ырас экен. Маңгелди мурзаң кең Чүйгө барып Токмок, Бишпектен таап келген сонун-сорпо сөзү – Кара-Үңкүрдөгү жылаңач сарт менен жылкычы Көкөтөйдүн мушташканы болсо ушундан сөз сурап олтурганча айдын караңгысында күндүн бүркөгүндө, кыштын чилдесинде бир жарым миң жылкыны аман багып, ууру-бөрүгө таш каптырып, жол тоскон олуяны, жолоочу жүргөн Маңгелдини

кансыктатып Соң-Көлдүн кымызынан ооз тийгизбей өзүңүзгө аман алып келип берген менден кеп сурасаңыз болбойбу? – Көкөтөй дагы күлүп калды. Ботокан менен Маңгелдини карап отурган эл дагы катуу күлүп калышты. Маңгелди уялып кетип, башын төмөн салып калп эле какырынып калды.

– Ээ, Маңгелди мурза, үнүңдү жасап калдың, олуянын жанында калдың эле, тамагынан ичип, казалынан үйрөнө келдиң беле? – деди Көкөтөй. Ботокан Маңгелдинин катуу уялганын билип:

– Болду. Болду. Кудай урган жинди. Бар, наркы үйгө барып эт бышырып ошондо олтур. Жаман кишинин сөзү дагы сөксөөлдүн чогундай болот экен, бар тигил үйгө! – деди.

– Маакул, маакул, барайын, баатыр, ким жаман, ким жакшы экенин эл байкап олтургандыр. «Жаман манап жарга ойногон улак» дегендей, Маңгелдинин эле эби жок ээр чаап, эптей албай эси кеткенин айтам да, – деп эшикке чыгып кетти.

Ботокандын байбичеси Айым:

– Жинди, сен олуяны немине урдуң? Каргышына калып өлүп жүрбө. Ал киши эң эле касиеттүү киши экен деп жүрүшпөйбү. Биз жактагы төрөбөй жүргөн катындардын бир кыйласы «ошол олуяга барып тайынып келгенибизден бери түшү-жөнүбүз оңолуп калды, кай бирлерибиздин боюбузда бар» деп жүрүшөт го. Жинди арам, бекер урупсуң, – деди.

– Ээй, Айым байбиче, мен олуядан көп немени көрбөдүм. Эл чогулган жыйынга барсам бирин жыргатып, бирин куурата сүйлөп Ботокан олуя, үйгө келсем – Ботоканды коркутуп Айым олуя. Жол менен бастырсам жылаңачтанып алган сарт олуя. Алдамчы менен мушташсам аа болушуп «байлап кетем» деп Маңгелди олуя! Ой-тоо дебей эле олуя болуп кетиптир. Эми Ботокандан ошол жылаңач сартты касиеттүү экен деп турасыңбы, байбиче? – деди. Ал үйдөгү олтурган аял-эркек, бала-чакалар күлүп калышты. Айым уялып кетип:

– Кетчи, кудай урган, оозуна келгенди эле айта берет. Дөөрүгөн кудай аткан жинди, бар тигил үйгө барып олтур!– деди.

– Кайда барсам эле олуя экен, олтурар жер калган эмес турбайбы? – Көкөтөй ордунан туруп атасы Өмүрбектин үйүнө барды.

Ботокан мейманканадан келсе Көкөтөй жок.

– Ой, Көкөтөй кайда кетти? Чакырчы, – деди.

Көкөтөй келди.

– Ээ, Көкөтөйүм, кайда кетип калдың? Бүгүн өзүм менен олтуруп, мага эт туурап берчи. Сенин туураган этиңди сагынып калбадымбы, – деди.

– Таң баатыр, барып эт бышыр дегениңизден, мында келсем, байбиче «чык эшикке, сен олуяны урупсуң, биздин элден жазга чейин төрөбөгөн катын калбайт эле» деп кууп чыкканынан эле бир сартты урам деп элдин баарына жек көрүнгөн экемин го деп атамкына бардым эле, – деди. Айым уялып кетип:

– Ой, Көкө, чыныңды айтсаң!– деди.

– Чынымды айтсам, силер биздей жылкычы, койчуларды ит катары көрөсүңөр, анан молдо, кожо, думана, бакшыны көргөндө берерге мал, булуңарды камдап турасыңар. Кайран Арстанбек акем айтты эле:

«Жакшы малай байына
Табылбаган ырыс го.
Жаман катын эрине
Басылбаган уруш го» –

деп. Анын сыңарындай, мени итче эшикке чык деп отурбайсыңбы байбиче – деди Көкөтай.

– О, Көкөм, ырас айтасың, бул ит сени чык дедиби? – деп Ботокан көзүн алайтып Айымды карады.

– Жок, жок. Бир уят кеп айтканынан эле бала-чакадан уялып кетип «Ий, куруп калгыр, кетчи нары» – деп оозумдан чыгып кетти деп Айым коркуп кетти. Маңгелди болсо баягы жылкычы эртең менен дагы шылдыңдап маскара кылат деп түндөп аттанып, качып кетиптир.

Көкөтөй беш-алты түнөп, жолдошторуна көйнөк-кече тиктирип алып, жылкысына баратса Кара-Үңкүрдө «олуянын» өзү тургай изи калбаптыр.

## 16. КӨКӨТӨЙДҮН КАКШААЛГА БАРГАНЫ

Эл жайлоодон кайра тартып, дыйкандардын көпчүлүгү жаканы көздөй бет алып көчүп барып, жаканын жашаңдуу саздарынын кара

сууларын бойлой конуп, ат озгундап эрте бышкан арпаларын шартылдата оруп, чөптөрүн жыйнап там-тамдын көркүн чыгарып мунарлата чөп үйүп, кез-кез жерлерден чаңдатып кырман сапырып жаткан кез эле.

Чекене малдуу кишилерден дагы көчүп келишип, бөксө-бөксөлөргө конуп жаткан убагы. Жаңы журтка жаңыдан конуп, бөксөнүн көз уялткан гүлдүү, бүрлүү чөбүнө жайкай жайылып, Байдоолунун кашкайган тунук суусунан кылт-кылт жутуп алып ылаалап башын ийкеп коюп, үлпүлдөгөн бетеге аралаш тогуз төбөнүн башын учкай-учкай чалып, ыраак жайлардан эрингенсип сонун чөпкө көлбүгүп бышкырынып коюп, желени көздөй баса түшүп энтиккенсип чалкайып турган бээлерин көрүп жана сазды аралап чамбыл-ала болуп моюндан, тизеден тиштешип бирин-бири кубалашып куйругун булактатып чөгөлөшүп ойноп жаткан кунан, тайларынын тунук семизи туйлап эркелешип жүргөн эрмегине маашыр алгандай болуп, боз үйдүн көлөкөсүндө кымыз ичип, көйнөк, ыштанчан жылаңайлак кичинекей кыз баласын эркелетип олтурган Көкөтөйдүн туура жагынан түрсүлдөгөн аттын табышы угулду.

Көкөтөй мойнун буруп, алая карап калса. семизинен жараган чоң кызыл ат минип, эки буту аттын тизесине тийгендей болуп көк чыт чапандын эки этегин делдеңдете бастырып, кытай сур калпакты кыйшайта кийип эки ийнинин мүрүсү эшиктин ийниндей көрүнүп, ак жүздүү салкайган сары чийкил жигит жакын келип калыптыр. «Бул ким болду?» дегенсип Көкөтөй көзүн айрыбай карап калганда, Көкөтөйдү тааный коюп, обочорооктон камчы кармаган колун бооруна ала коюп келаткан жигит алыстан Көкөтөйгө салам айтып калды.

– Ээ, алеки салам, о, сен Аккөзүмсүңбү? Кел-кел, Аккөз жан, аман-эсен жүрөсүңбү? Тур, байбиче, Аккөзүмүн атын алып байла! Аккөз мурза, ырас келбедиңби, айыл-ападагы киши-кара калбай өзүм жалгызсырап турдум эле, келгениң жакшы болбодубу, Аккөз жан, – деп Көкөтөй ордунан обдула түшүп, кол берип Аккөз менен көрүшүп олтурду. Көкөтөйдүн жанында олтурган тууралжын келген бети жайык сары чийкил ак көйнөкчөн аял ыргып тура калып «Ии, айланайын аман жүрөсүңбү?» – деп Аккөздүн атын алып мамыга байлай салып, ылдамдай басып үйгө кирип, сабаны күрпүлдөтө бышып кара көнөккө кымыз алып келди.

– Ээ,, Алмакан байбиче, кымызыңдан удаа-удаа куюп сунчу, Аккөз мурзанын көлөмүнө караганда бул көнөктөгү кымызың аздык кылбасын, – деп Көкөтөй карсылдап күлдү.

– Кымызыңыздан куйсаңыз, куюңуз, жеңе, Көкөмүн кымызын сагынып калдым, – деп Аккөз дагы оңдонуп-оңдонуп коюп олтурду да, сунган кымызды токтотпой жутуп жиберип олтуруп көнөктөгү кымызды Аккөз бат эле бүтүрүп салгандай болду.

– Атаа, Алмакан байбиче, ай, бир кишиге эки кайталап кымыз ташыганың болбоду го, жана эле арбыныраак алып келбейсиңби? Тамакты бир кууш ичет, бир тууш ичет эмеспи. «Кызды сүйгөнүнө бер, кымызды ичкенге бер» деген эмеспи. Тур, эми, байбиче, кымызыңдан дурусураак алып кел, – деди Көкөтөй.

– Ырас, эле, бул кайын иниме өзүм дагы ыраазы болдум. Чоң чыны менен он үч чыны эле кымыз алып келипмин, дагы алып келемин, – деп шаңкылдай күлүп Алмакан үйгө кирип кетти дагы оозу буулуу чоң кызыл чаначты сүйрөп чыкты.

– Ээ, байбиче, мына-мына сөз ушул эмеспи, «Атыңа карап тердик сал, адамына карап сөз сал» дегендей сен каиын иниңе ыраазы болор кызматын дагы-дагы көрөрсүң. Кымыз куюп бергидей бир киши чакырып коюп, сен ысылыкка эт салып жибер, байбиче, Аккөз иним менен бир аз эрмектешейин, – деди Көкөтөй.

Алмакан чыныларга кымыздан куюп-куюп коюп, айылдагы аялдардан бирди чакырып келип от жагып, эт салып коюп кайра келип кымыз куюп берип олтурду. Көкөтөй бир аз сөзгө кирип:

– Ээ, Аккөз мурза, Алмакан жеңең сүйүп берип жаткан кымызын шашпай ич. Илгери Көл башындагы бугудан чыккан чечен Алдаярмоют деген киши айткан экен го: «Катын алсаң, катыш ал, артыңда калса ким албайт? Алганың жаман болгон соң, иниң тургай ит албайт» – деген экен. Анын бириндей бул Алмакан жеңеңди бугу, сарбагыштан тандап жүрүп алган эмесминби. Аккөзжан, эми сөзүң болсо баштай олтур, – деди Көкөтөй. Чоң чыны менен жыйырмадан ашуун удаа ичкен Аккөз токтолуп турабы, Көкөтөйгө эмне үчүн келгендигинен сөз баштап калды.

– Көкө, мени сөз сал десеңиз, мен төрт-беш жылдан бери Какшаал деген жерге барып Үч-Турпан, Аксы деген шаарларын базарлап Какшаалдагы кушчу, черик, каракашка, сайткул деген элдердин чоңдору менен алыш-бериш кылып аяктан күмүш алып келип жүрөмүн.

Эми быйыл дагы барып келе турган жумушум бар эле жана Какшаалдын көкүрөк жагында эки, үч чоң аш болмок эле, ал аштарга Кашкар, Кара жол жактагы чоңбагыш деген эл келет дешкен. Ошого сиз маакул десеңиз мени ээрчитип алып барып кытай элинин кыргыздарынан келген сонун эл жана сонун жерлерди көрүп келсеңиз бекен деп сизге акылдашып, айтып көрөйүнчү – деп келдим эле, Көкө, – деп Аккөз кыскача сөзүн бүтүрдү.

– Ээ, ээ, Аккөз мурза, дагы немине сөзүң бар? – деди Көкөтөй.

– Эми башка деле сөзүм жок, Көкө, ушул сизди ээрчип алып ошо жакка бир барып келүүгө өтө кумар элем, – деп Аккөз уялыңкырап жерди карап олтурду.

– Андай болсо, Аккөзүм, аш, той болсо өзүбүздүн элде деле болуп жатпайбы? Бирак ошо жаккы кыргыз туугандарды көрүп келсекчи дегениңе бир аз көңүлдөнүп да турамын. «Иниң барда жер тааны, желип жүрүп, ашың барда эл тааны берип жүрүп» деген эмеспи. Маакул, маакул, Аккөзүм, качан жүрөйүн дейсиң?

Сиз билиңиз, Көкө деги чукулураак эле жүрүп кетсек жакшы болор эле, – деди Аккөз.

– Эмесе, Аккөз баатыр, беш күнгө чейин токтоп тур, мен камынып ат суутуп алып жана кийим-кечени оңогонсуп, айыл-ападагы коңшуколоңум менен кошпош айтышып кетейин. Сен үч күндө келип мага бир учурап кет, – деп Көкөтөй Аккөз менен күн болжошуп узатты.

– Жакшы болот, Көкө, – деп Аккөздүн дагы оюндагы максаты орундагандай болуп отуз чакты аяк кымыз ичип, ысылыгына эт жеп алып аттанып кетти. Көкөгөй болсо баштакыдай эле адатын кылуу үчүн жакага кеткен жар-жамаасына атайылап киши жиберип чакырып алып, үч күнү удаа жыйнаган кымызын берип, жылкысынан тандап туруп бир бээсин союп, кыдырата кемеге казып эт бышырып, элге тамак берип жатат эле. Болжолдуу күндөн калбайынчы дегенсип эки киши ээрчитип алып Аккөз да келип калды. Олтурган көп элге салам айтып кыдыратасы менен кол берип көрүшүп барып, элдин аяк жагына олтурду да:

– Ээ, Көкө, элге даам берип жатыпсыз, – деп бул олтурган элдин ашка, же тойго чогулгандай олтурганын жакшы түшүнө албай кемеге жакты бир карап, Көкөтөйдү бир карап Аккөз бүдөмүктөп сөз айталбаи олгурган.

– Ээ, Аккөз мурза, сен дагы жакшы келдиң. Мен мына бул олтурган туугандарыңа жыл сайын ушул убакта ушундай бир даам берип койчу адатым бар эле. Ошонун ордун жоктоп калбасын деп тамак берип жатамын. Карылар айткан эмеспи: «Байда жардынын көз акысы бар, чеченде элинин сөз акысы бар» деп. Анын бириндей Какшаалга унчукпай эле аттанып кетсем «Көкөтөй немине болуп калган, мунун дагы пейили бузулуп, берекеси кетип калган экен го» деп айыл-ападагылар комсунуп калбасын деп чогултуп алдым эле, Аккөзүм. «Кийик атып эт бербесе, тоодагысы жакшы, бээ байлап, кымыз бербесе, жоодагысы жакшы» деген экен. Анан ушул аштыкка орок салып жаткан кездеки ага-иниге арнап союп берген семиз жылкынын эти куну деген дары эмеспи, – деп басылды. Олтурган карыялар: «О, Аккөз мурза, кымызды жакшы ичет деп уктук эле, кана, өнөрүңдү бир көрөлүчү» – дешип туш-туштан насыбайын чала түкүрүп сүйлөп жатышат.

Жыйынды кымызга алагүү болгондой сүйлөп жаткан кишилердин сөзү менен кызыңкырап калган балдар турчу беле, оңду-солду жагынан Аккөзгө эки жактан суна башташты. «Аккөз башта эле ушундай ичеби, же бул олтурган элге мактанып жатабы?» – санаганга буяма келтирбөөчүдөй колуна тийген аякты кайра узатып жатып токтолбостон жыйырмадан ашырып жибергендей болду. Аяк сунган балдар «он тогуз болду, жыйырма эки болду» дешип талашып калгандары да болгон. Ал тургай Аккөздүн кымыз ичкенине алаксып жатышып кошо келген эки кишинин ичкен-ичпегенин байкабай калышкан турбайбы дешти. «Кап! Анчалык элге суу куюлуп, эт тартылып кетпесе, Аккөздүн канча кымыз ичкенин анык билип калмак экенбиз» дешип калышты.

– Ой, балдар, эгин оруп, чөп чапкан элдин ушинтип ойноп тамак ичкени дүнүйөнүн байлыгы, малдуулар гөрдө олтуруп, кедейлер тышта калганы заманынын тардыгы – деген экен. Мен ушул Аккөздү ээрчитип алып Какшаалга барып келемин, – деп Көкөтөй сөзүн айтып элди таратты. Көкөтөйдүн бул иштерин көрүп, сөздөрүн уккандан кийин Аккөздүн дагы оюна бир иш түшүп: «Эмесе, Көкөтөй аке, ушул айыл-ападагы жар-жоруңуз менен эртең биздин айылга барып келиңиздер, бирак кымызыбыз начар болор, антсе да чай-чама ооз тийип келерсиңер. Сиздин минтип элден бата алып

коштошконуңузга мен эң бир кубанып жатамын» – деп Аккөз кымыздуу элден кымыз жыйнап, бир бээсин союп эртеси элден бата алып, тамак берип узатты.

– Аккөз жан, мына сен эми адамгерчиликтүү иш кылдың. Эр жигиттин өөмөтү болбой иши оңолбойт эмеспи. Эми эртең менен мен таяр болуп турайын, сен менин үстүмө келерсиң, – деп Көкөтөй аттанып кетип, эртеси айлындагы эркек-аялдын баарын чакырып алып, ар кимисине өз колу менен кымыз берип, беш күндөн бери удаасы менен суутулган сүмбөдөй кара-кызыл атты токуп коюп олтурган кезде, Аккөз да келип калды.

Кымыз ичкени сынаакы болгон Аккөздүн суусунун кандыра кымыз берип алып Көкөтөй менен Аккөз аттанып жөнөп чыгышты. Кыр жолдун жалгыз арчасына барган кезде жакадагы эгин айдоо, чөп чабынды жерлерди жана ар кайсы жерлерден чаңдатып кырман сапырып жаткан элдерди көрүп Көкөтөй:

– Ээ, Аккөз жан, сен бир нерсени байкап келатасыңбы? – деди.

– Кайсыны айтасыз, Көкө? – деп Аккөз кайра сурады.

– Оой, Аккөз жан ай, жолуң болгур, сен кандай жерде жүрсөң дагы ошол жердин түрүн жана ошол жердеги элдин кыймылын,» шартын абыдан байкап жүрсөң сага бир түрдүү сабактар пайда болот. Карачы, береги жака жактын ырайын жана дүмбүл жыттанып турган жытын байкачы. Адамды өз боюна тартып турган өсүмдүктөрдү эми ушундай ак төөнүн карды жарылып эсепсиз киришелер көз алдыңда турса дагы кээ бир кудай урган кербездер баккыдай малы болбосо да беш-он күндүк айран, кымыздын кадыры үчүн байлардын малын багып жайлоодо жатат. Мен ушундай кедейдин кербесин жаман көрөм, Аккөзүм. Карачы, тетиги, томураңдап эгин оруп жаткан же болбосо ушундай ысык күндө тетигиндей бурулдатып түтүн салып шакар өчүрүп жаткан аялдарды көргөндө ыраазы болуп кубанганымдан атайы жанына барып ким экенин билип, бир кыйла сөз айтып берейин күлдүрүп барып көңүлүн ачып коюп кетемин. Береке ушундай терин чубуртуп иштеп жаткан дыйкандарда эмеспи, Аккөзүм.

«Жыгачын арбын кыйбаса, кирпичин арбын койбосо, бышыксынган жигитке салынуу турган там кайда? Арыгын терең казбаса, арпасын тегиз чачпаса, топосун калың чыгарбай токтотуп койсо сугарбай дыйкансынган жигитке бышып турган дан кайда» – деп кайран Арыстанбек

ырдачу эле. Анын бириндей кечээ мен дыйкандарды чогултуп даам берип узатканым ошол дыйкандардын иштеген мээнетине кубангандыктан эмеспи, – деп Көкөтөй Аккөзгө бир аз сөз айтып берди.

Аккөз Көкөтөйдүн бул сөздөрүн угуп эмине деп айтарын билбей: «Ээ, Көкө!» – деп ичинде ойлонуп, «Бул Көкөтөй маа окшогон ат жалынан оокат кылган кишини жактырбайт экен го. Кокустан мени менен какшаалга барбай айнып калбасын дегендей кыльгп «ырас-ырас, Көкө, мен ушундай узак жолдо сиздин алтындай сөздөрүңүздөн сабак алып калар бекемин деп тиленип келатпаймынбы. Ушундай сөздөрүңүз жүрөгүмө сакталып келатат» деп Аккөз күлүп жүрүп олтурду. Ал күнү Көкөтөй менен Аккөз жай бастырып жүрүп олтуруп Атабек баатырдыкына келип конуп олтурушту. Атабек Көкөтөйдөн улам-улам сөз сурап сагынып калгандай көңүлдөгү сөздөрүн угуп кубангансып, олтуруп бир убакта:

– Ээ, Көкөтөйүм, сен Какшаалга баратамын дейсиң, анда эмине жумушуң бар эле? – деди.

– Ээ, Атабек баатыр ай, менин Какшаалда эмне жумушум болсун. Баатырлыгынан Какшаалды Кашкар келпиши менен сенин агаң Алыкенин уулу Табылды көргөн экен. Келесоолугунан өзү жалгыз жолоочулап барып берки менин иним Аккөз көрүп келип жүрөмүн күмүшү көп жер болот экен дейт, анан эригип жатып мен дагы барып Кытай элиндеги кыргыз туугандардын турмушун көрүп келейинчи деп эле баратамын, – деп Көкөтөй Атабекке жооп берди.

– Ой, Көкөтөйүм ай, ошол Какшаалдын эли эле биздин элден артык дейсиңби? Аңтара бүткөн Какшаалда жаткандар чокоюн кийип алып – деп Атабек Көкөтөйдүн Какшаалга баратканын жаратпагансып сүйлөдү.

– Ээ, Атабек баатыр, Какшаалдын элинин биздин элден артык, кем экенин көрүп келейин деп эми баратпаймынбы. Өйдө олтуруп алып элди теңсинбей корсунтуп сүйлөш болбойт эмеспи. Сенин уулуң Такырбаш элди тушарына теңебей жүрүп Шиберге айдалып кетти. «Көпчүлүк кайда болсо, кызыр ошондо» деген экен, Атабек баатыр, «Баатырда кадыр болобу, пайдасы журтка тийбесе, соотто кадыр болобу, жоо бетине кийбесе» деген экен го. Анын бириндей жазы черикти жоодон, доодон сактап атагы чыккан Ажыбек баатырдын эли ошол эмеспи, – деп Көкөтөй сөзүн бүтүрдү.

– Ай-ай-ай Көкөтөйүм, чын-чын. Туура айтасың, сенин тилиңе жараша жүрөгүңдө от бар го, эмесе жатып уйку алалык, – деп этегин кагынып эшикке чыкты.

Эртеси Көкөтөйлөр аттанабыз деп турганда:

– Ой, байбиче, ушул Көкөтөйүм бала кезинде эки дубандын тобунда сенин атаң Чыныбай баатырдын намызын алып берип, бугунун байлыгын, сарбагыштын жардылыгын айтып Шабданды сөзгө жыккан Көкөм эмеспи. Тур, Көкөтөйүмдүн жолу ачылып олжолуу келсин бир чапан кийгизип узат, – деди Атабек. Байбичеси сандыктан бир нооту чепкен алып Көкөтөйгө кийгизип узатты. Бул Көкөтөй менен Аккөз жолго түшүп алып Шаркыратманын белин ашып бараткандa аркасынан чоң карагер ат минген мурду бел баскак, көзү күлүңдөгөн кара сур жигит атын шапкарыта тердетип жете келип салам айтты. Көкөтөй:

– Ээ, тууганым, жол болсун. Кайда баратасың? – деп бул жигиттин аты ким эле дегенсип өзүн таанып турду.

– О, Көкөтөй баатыр, аман-эсен жүрөсүзбү? Сизди Какшаалга жүрүп баратат дегенинен эле мен дагы Какшаалга бара турган элем, сиз менен эрмектешип чогуу барайынчы деп артыңыздан жете келдим. Мени жакшы тааный албай турат белемсиң да Көкө. Мен Мурзаалы эмесминби, – деп жигит өзүнүн жайын айтты.

– Ээ, ээ Мурзаалым, мен таанып эле турдум, бирак атыңды жакшы биле албай калдым. Анын себеби сенин атаңбы, иниңби сенден бучугураак дагы бир жигит бар эмеспи. Ошол экөөңдүн кимиң Ырайымбек, кимиң Мурзаалы экениңерди ажырата албай калыпмын. Анан калса экөөң коёндон окшош бучук экенсиңер, – деди Көкөтөй.

– Алда айланайын, Көкөтөй ай, жаныңа жаңыдан эле жетерим менен жалгыз майыбымды чукуп бучуктугумду айттың ээ? Деги мындан ары Какшаалга барганда чоочун элдин көзүнчө бучуктугумду айтпасаң экен – деп Мурзаалы күлдү.

– Ой, атаңдын көрү, эр-азамат ошондой ызакор болот бекен, сенин баатырлыгың болбосо Мурзаалы бучук деп эле атанат элең го. Кечээ жакында эле чоро Ысырайымдын ашында мурду ороктой болгон Мукан баатырды эки дубандын алдында ыргыта койгонуңдан бери Мурзаалы баатыр атанганыңды билбейсиңби? Андан көрө мен илгерки Атаке баатырдын сөзүнөн айтып берейин, угасыңбы? – деди Көкөтөй.

– Ээ, угайын, угайын, Көкө.

– Уксаң сарбагыш Атаке баатыр сенден дагы бучук, анын үстүңкү ээрди жырык киши экен. Аны Атаке баатыр келсин деп Кокондун ханы чакыртып алган экен. Атаке баатыр Кокондун ханына барганда ызаат-урмат кылып зыйнаттаган, жакшы үйгө киргизип, сонун тамактарды алып келгенде Атаке баатыр көшөгөнүн ичинде олтуруп тамак ичкең экен. Бирак элдин арасында олтурганда бетине парда тартып алып олтурчу экен. Ошондо кокондуктар Атаке баатырдын бул келесоолугуна иренжип, Атакеге арнаган хандын даярлап койгон ат, тон, сарпай, кылыч, мылтык, зоот, чопкуттарын бердирбеске акыл кылышып, кыйла мыктылары хандын алдына барып сөз салышкан экен.

– Хан таксыр, бул Атаке деген кыргызды качан узатасыз? Боо немине берип узатканы жатасыз? Биз сиздин алдыңызга келгендигибиз бул Атаке баатыр, Атаке баатыр – деп даңкы кыйын угулганы менен өзүнүн бешенеси өтө начар киши экен, бул Атаке эмей эле кыргыздын бир маскарапозу болуп жүрбөсүн? Кыргыздар бизди шылдыңдап эле башка бир бучук кишисин жибергенби деп шек санап турабыз. Ошондуктан бул бучук кыргызга анча-мунча эле тон-тобур кийгизип, узатсаңыз кандай болор эле, ханым, – дешип кокондуктардын чогулуп келген мыктылары колун бооруна алып, ордунан тура калып ханга таазим кылып турганда, хан ойлонуп туруп: Андай болсо бүтүн Кокондон чыккан чечениң жана акыл тапчу кылдатың жана шарият билген уламаларың болуп эртең келгиле. Ушул Атаке баатырдан түрлүү кыйбат соболдорду сурагыла. Ошол соболуңарга жооп бере албаса өз билгениңердей узатып жибергиле» – деп хан жооп берди. «Ав, хуп, хуп таксыр» деп бул мыктылар Кокондон чыккан Кара кожо чеченди жана Тайыр кары эшенди алып көп кишилер ханга келишкен экен. Хан колун бооруна алып бүкчүңдөп барып, Тайыр кары эшенге кол берип «Аа, кары эшеним келипсиз, биз кушувакмыз, сиз да куш болуң» – деп сөз сураган катарында эшенге ишаарат кылган экен дагы, аркасы менен кетенчиктеп басып: «Кана, бул жакка чыгып олтуруң!» деп жасалгалуу орунду көрсөткөн экен. Тайыр кары алаканын жайып колун көтөргөндө көпчүлүк элдин баары бата кылып коюп, орундарына олтурушкан экен. Аңгыча хандын саркарларынын бири барып мейманканада жаткан Атаке баатырды чакырып келген экен. Атаке

баатыр келип олтургандан кийин Кокондуктар бирин бири карап олтурушуп калганда Тайыр кары эшен:

Аа, Атаке баатыр, сиз бетиңизге парда тартып алыпсыз, капа болбосоңуз себебин айтыңызчы? – деп сураган экен.

– Аа, аксакал, биз жерибизде угуучу элек «Анжиян, Кокон шаарларында эркекке аялдын, аялга эркектин көзү тийип калбасын деп парда тартып алат» деп, ошон үчүн жери салкын, суусу тунук жерден келдим, бирде бир адамдын көзү тийип калбасын деп жана бир аз үзүрум бардыгынан парда тарттым эле, – деп Атаке баатыр жооп берген экен.

– Аа, аа, Атаке баатыр, кудай таала он сегиз миң ааламга нур чачканда сиз кайда экенсиз? – деп Каракожо чечен сурап калган экен. Атаке баатыр токтолбостон:

– Аа, Каракожо чечен, анда мен бак базарында экемин – деп жооп бергенде, кокондуктар бири бирине башын ийкеп, күбүр-шыбыр болуп калышып, чечен менен эшен кайтара собол сурай албай олтуруп калышкан экен.

Ошону менен кокондун ханы баштакы арнап койгон нерселерине жана дагы жабууланган тулпар, жагоологон шумкар дегендей зоот, чопкут баштаган көп нерселерди берип, Атаке баатырды узаткан экен. Анын бириндей «тилдин тагынан маңдайдын багы өтөт» деген кеп бар эмеспи, Мурзаалы баатыр, адамдын сырты сулуу, ичи бок болгунча, сырты чоюн, ичи алтын болгону керек эмеспи. Жүр эми Мурзаалы Какшаалда көп аш болот дейт, эр сайыш болуп калса намыз алып берерсиң – деп Көкөтөй сөзүн бүттү.

– Бираз-бираз Көкө, мен сизден ушундай сөз чыксын деп гана тамашалап жатпаймбы. Болбосо беттеги майыбың дагы киши жашыра алабы. Анан Какшаалда аш берилип, эр сайыш болуп калса буйруганын көрүшөбүз да, Көкө, – деп Мурзаалы дагы буларга кошулуп Атбашы, Аксайларга аяндай жүрүп олтуруп, үч-төрт күндө Аксайдын наркы өйүзүндөгү Базаркул болуштукуна барып конушту. Базаркул Көкөтөйдүн келгенине жана Мурзаалыны ала жүргөнүнө эң бир кубанып:

– Ай, Көкө, ушул келишиң эч бир санаага келбеген сонун кубанычтуу иш болду да. Тотой Мурзаалы баатырды ала келгениңе өтө кубанып турамын, – деп улам улам айтып олтурду.

– Ээ, Базаркул болуш, сен менин, Мурзаалынын келгенине өтө кубандым деп эле жатасың анын бир себебин айтып көрчү, – деп Көкөтөй сөз баштады. Базаркул күлүп:

– Оо, Көкө, сизди жакшы келдиңер деп кубанычта болуп сүйүнүп жатканым, бизге жакында Какшаалдан кат алып киши келди, жакында Турдуке бийдин ашы болот экен. Ушул айдын он бешинде кемегеси казылат дейт. Ал ашка тыягы Кара-Жол, Кашкар, Сарколдон, быягы Турпан, Аксы, Жергенттен киши келет. Ошон үчүн ошол ашка сизди алып барып, Мурзаалыны эр сайышка салсак намыз алып берет го – деп кубанып жатамын, – деди Базаркул. Анда Көкөтөй кадимки бардаштуу сөздөрүнөн баштап:

– Оой, Базаркул болуш ай, сен үйгө келген бир түндүк конок менен эрмектешип эриккенин жазганы кубанып жатат десем, бир козу союп бергениңди колко кылып үч тынымсейитти айдап алып Какшаалдагы аш, тойду кыдыртып балбан күрөш, эр сайышка салып олжо таап алганы сүйүнүп жаткан турбайсыңбы? Саа намыс алып берет элек деп кытайдын балагына бышып калган эл менен сайышып жалгыз аттуу жолоочулар майып болуп калсак бизди сен багат белең? – деди Көкөтөй.

Базаркул жооп таба албай:

– Алда Көкө ай, сиздин келгениңизге кубанбай дагы киши калабы? Мен тим эле Мурзаалы баатырды көргөндө эр сайып берет деп айтып жатпаймбы, – деп күлдү.

– Ээ, мен дагы сенин бизди көрө коюп пайда табар жерди таба койгонунду айтып жатамын. Бай, манаптар бизге окшогон кедейлерди көрө койгонго эле кандай кылып пайдаларын биле коёт эмессиңерби. Кожойкедей жумшаса пайдасы менен атагы сен өңдөнгөн болушта калат эмеспи. Сен андай эле Мурзаалы өкөбүзгө ичиң ийип турса, береги Мурзаалыга бир сыйра жаңы кийим кийгизип, бир семиз атты мингизип ээрчитип бар. Өзүнүн кой какты болгон жалгыз аты биз кайра келгенче Ак Сайдын шоро аралаш бетегесинен оттоп бир аз сергип калсын, – деди Көкөтөй.

– Маакул, маакул, Көкө. Сиз тапшырган ишиңиздин баарын бүтүрөмүн, – деп Базаркул жооп берди. Булар Базаркулдукунда үч күн жатып Көк Арт ашууну ашып, Какшаалга барууга жөнөштү. Базаркул болсо эки күлүк ат алып, эки жүз чамалуу киши менен баратат. Бирак Көкөтөйдүн бая күнкү сөзү менен Мурзаалыга жаңы кийим

кийгизип, жакшы ат мингизип убадасына жеткен болучу. Аны көргөндө Көкөтөй дагы кубангансып:

– Мына, Базаркул болуш, «Жаман жолдошун жарытпайт, жакшы катын алган эрин карытпайт» – дегендей Мурзаалыны арык ат, эски кийими менен ээрчитип барып Какшаалдагы эр сайышка салсаң абийириң калат беле, – деп кушубактап койгон.

Ашуудакы ашка бараткан элдердин кайсы бирлери Көкөтөй деген кишини көрөбүз дешип биринен бири өтө коюп, аттарын демиктирип өөдө карай чапкылашып келаткандары бар. Карыялар болсо Көкөтөйдүн ат жалынан кеп салып бараткан сөздөрүнө маашыр алып, жөөлөшө коюп баратышат. Ал күнү Көк-Арттын Какшаал жаккы бетине барып кайсы бирлери тууган таап конуп өргүп калышты.

– Ээ, черик туугандар, силер кандай эле топ көтөрө аттанып алган десем, биздин Ат-Башылык чериктин бирдей ою бул Какшаалда турбайбы, – деп Көкөтөй Какшаалдагы жерин, экинчи ар бир уругун ошондо ажарыта билген.

Булар эртең кемеге казылат деген күнү Ак-Чийге барышты. Ак-Чийдин талаасында чоло жер жок өстөн-өстөн чоң арыктарды өзөндөп, абдан чоң сууну бойлой конгон шыкыраган калың айылдар, катары менен тигилген даңкайган чоң ак үйлөр көрүнөт. Ар бир айылдарда казандаган калың эл жатат. Кээ бир кашатча жерлерде үпчүлдөгөн күлүк аттарды мекийтип жетелетип коюп, топтошкон элдер жатышат. Булар болсо бизге окшоп ыраакы жерден келген кишилер экен деп өтүп баратышат эле, Базаркул:

– Ээ, Көкөтөй баатыр, биз өкүрүп барып эле Кончой байдыкына түшпөйбүзбү? – деп токтоло сөз салып калды.

– Э, Базаркул, сен өкүрсөң го, көрүп, билип жүргөн өз тууганыңа өкүрөрсүң. Анан бир түнкү караңгы конок үчүн атам таанымаган Какшаалдыкка өкүрүп жинди болупмунбу? Мен антип өкүрүп, бакырып ыйлап-сыктап барбай эле бооруу бүтүн, башы эсен бир айылга конуп, конок таап жеп жатамын, – деп Көкөтөй Базаркулга алая карап калды.

– Жок, жок, Көкө, бала-чаканы эле өкүртүп коюп эле биз аркасынан барып түшөбүз, – деп Базаркул Көкөтөйдөн уялып кеткенсип шашкансып калды.

– Мына, мына аксакал, биз эле өкүрүп барабыз, – деп жаш-жалаң балдар алдыга бөлүнүп топтошуп жөнөп калышканда, Базаркул

Көкөтөйдү баштап жоон топ аксакалдар менен артынан барып түшүштү. Бирак Базаркул Какшаалдын элине да кадыры чоң киши экен. Базаркул болушка учурашабыз деп көп-көп кишилер келип жатышты. Ошол келип жаткан элдин көпчүлүгү Аккөздү жакшы тааныйт экен, көрө кала эле: «Ээ, Аккөз баатыр, аман-эсен жүрөсүзбү? Ашты маалдап келген экенсиз го,эми ушул ашта дагы баякыдай бир эр сайышты алып өнөрүңүздү көрсөтсөңүз экен» дешип бажылдашып, Аккөз менен сүйлөшүп жаткандары болду. Аккөз болсо мындан мурунку эр сайышка түшүп жүргөнүмдү Көкөтөйгө билгизбесем экен дегенсип, алар менен амандык сурашып кана эр сайышты укмаксан болуп олтурган эле. Муну Көкөтөй абдан байкап олтуруп жана ар кимден чукулап сурап көрүп, Аккөздүн Какшаалдан эки-үч жолу эр сайышканын толук түшүнүп алды. Жана мурунку жылы келгенинде Аккөздү Өмүрбек, Осмон деген Какшаалдын манаптары Ыраң-Татыр деген жерге алпарып, эр сайышка салып, андакы эр сайыштан алган бир жамбы, бир төөсүн Өмүрбек, Осмон жеп алып, Аккөзгө бербей кетирип жиберген – деген сөздөрдү дагы Көкөтөй бышыктап уккан.

Аккөз болсо бул сырларынын бир да бирин Көкөтөйгө айтуудан уялып жана бир мөрттүү жерде ыгы келип калса айтармын деп жүрө берген экен го. Бирак Көкөтөйдү Какшаалга алып келишинде бир себеп бар экендиги билинип турат го. Ошону менен эртеси кемеге казылып, ат, кунан чабылып бүткөндөн кийин алыстан келген коноктурду бөлүп алышып, айыл- айылдарына алып кетип жатышты. Ат-Башы, Нарындан келген орус элинин адамдары бар – деп, эки жүз чамалуу кишини элден башта эле Карагул уулунун мыктылары Суранчы, Өмүр шаңыялар (алып) кетишкен болучу. Бул Карагул уулу Какшаалдыктардын бир кыйла атактуу жана дөөлөттүү айылы болучу. Анын себеби кытай элинин Ак-Суу, Турпандан аш көрөбүз деп келген кытай, сарт жана дуңган улуктарынын баарысы жигит-жалаң, черүүлөрү менен ошол Өмүр шаңыяныкында жаткан экен. Өмүр шаңыя Базаркул менен Көкөтөйлөрдү алпарып көтөргөн үйлөргө түшүрүп, жай берип, бир аз олтуруп эс алгандан кийин эле Өмүр шаңыя келип Базаркулга сөз сала баштады.

– Ээ, Базаркул болуш, сиздерди орус элинен келген азиз меймандар экен учурашып, таанышып бир аз сүйлөшүп олтурсак – деп биздин Аксы, Турпандан келген улуктарыбыз сиздерди көрүүгө куштар болуп жатышат. Базаркул болуш, бир он чакты киши менен басып

барып, биздин улуктарга учурашып келсеңиздер кандай болот?» – деп сүйлөдү. Базаркул үйдөгү олтурган элди тегерете карап:

– Ээ, Көкө, бул Өмүр шаңыянын улуктарына барып учурашып келбейликпи? – деп Көкөтөйдү карады. Көкөтөй камдап тургандай кадимкидей сөздөрүнөн баштап:

– Ээ, Базаркул болуш, бул олтурган Өмүр шаңыяны менин биринчи көрүшүм, ушул сенин болсо бир чети тууганың, бир чети Какшаалдын кыргызына чоң болуп турган киши экен. Улуктан кудайдай үмүт кылбаган киши болобу? Какшаалга алып барып бир чети намыс алып, бир чети эл таанытып келем деп үч тынымсейитти алып келгенсиң. Улук экен деп мен дүнүйө сурап, же болбосо мансап сурап жибербесмин. Атайы улуктун алдына барганда ар ким арзы, муңун айткысы келүүчү. Кокустан улугуңдун жанына олтуруп кичине үйүр алыша түшкөндө кызып кетип мурунку, соңку кол жетпей жүргөн акыбыз болсо сөз салып жиберсем жаман көрбөс бекен? Кытай элинин улуктары алдына барган кишини эле баса калып, санынан балак алып жиберет дечү эле, улугуңа алып барар-коёрду сен бил, Базаркул болуш, – деп Көкөтөй Базаркулга жооп берди.

Бул үйдө олтурган Өмүр шаңыя Базаркулдар болуп Көкөтөйдүн бул кандай чайыткан сөзү экенине жакшы түшүнө албай, бирин бири карап калышып:

– Ээ, Базаркул болуш, бул кишини мен таанбайт экенмин, биздин чериктен эмес го? – деп Өмүр шаңыя Базаркулдан сурап калды.

– Ээ, ээ Шаңыям, бул кишинин уругу тынымсейит деген элден болот. Түпкү урусу бугу деген эл, аны билерсиз.

– Ээ, ээ бугуну билем.

– Ошол бугу деген элден чыккан чечен, сиздердин Суранчы бийге окшогон тарыхчы киши. Аты Көкөтөй, – деп Базаркул Өмүр шаңыяга түшүндүрдү.

– Ээ, дурус, дурус! – деди Өмүр шаңыя – Көкөтөй баатыр, сиздин жанакы сөзүңүздү мен жакшы түшүнбөй калдым, айып көрбөсөңүз кыскача кайра бир айтып койсоңуз болор эле – деди Өмүр шаңыя.

– Ээ, Өмүр шаңыям, кайра айт десеңиз мен башка сөзү жок кишидей болуп жанакы сөздү кайра айтканча бир аз эски сөздөн кеп салып берейин.

– Ээ, ээ, маакул эски сөздөн айтыңыз?

– Ошол калың бугу деген элден чыккан акын Арстанбек деген киши ушул Какшаалга келип, Кулназар босток деген мыктылардын алдында түрлүү ырларын ырдап, комуз чертип олтуруп Анжиян- Арканын элин, жерин ырдап, ар кайсы элдин, жердин түрүн айтып жатканда «Ой, Арстаке, Какшаалды дагы айта кет!» – дешип Кулназар босток айтканда «Маакул» деп Арстанбек ырдаган экен:

Алабата ковректүү
Төө жүрүүчү жер экен.
Ат ташыркап басалбас
Жөө жүрүүчү жер экен.
Ашка, тойго барууга
Төө минүүчү жер экен.
Бетегеси кыракы
Кой жүрүүчү жер экен.
Берерге малы жок киши
Бой жүрүүчү жер экен.
Эгин ташып ичүүгө
Эшек бакчу жер экен.
Элинин баары соодагер
Эсеп тапчу жер экен.
Эмгек кылып эринбей
Кетмен чапчу жер экен.
Жакшылары баракор
Зулумдардын жери экен.
Жардылардын сөзү өтпөс
Булу бардын жери экен.
Эл ичинде шайырдын
Баркын билбес жер экен.
Эзелден берки кыргыздын
Наркын билбес жер экен.
Кыштапсың кашкар токойду
Катының киет чокойду.
Кулназар бийим айт десе
Калыстык сөздү айтуудан
Арстанбек акын мокойбу?» – деп Арыстанбек кызып ырдап бараткандa «Ай, ай, Арыстанбек, эми башка сөздөн

айтыңыз» деп Кулназар тура калып, кийип турган чепкенин Арыстанбекке жаап токтоткон экен. Ошондо арыта келип олтурган бир кедей чалдын акысын алып берип узаткан экен Элчибай деген манаптан Арыстанбек. Анын бириндей силердин элиңерде азын-көбүн акыбыз болсо улугуң акыйкат кылабы же болбосо кайдан келген адамсың деп саныбызга балак уруп жибереби деген сөзүм да, Өмүр шаңыя, – деп Көкөтөй сөзүн бүттү.

– Аа, түшүнүктүү болду, сиз ал кытай, сарт улуктарга айтпай эле бизге айтсаңыз деле бул Какшаал кыргызынын колунан келет, Көкөтөй баатыр. Эмесе тигил күтүп олтурган кишилерге барып учурашып келиңиздер, – деди Өмүр шаңыя.

Маакул, маакул, баралык Көкө, сиздин кандай ишиңиз болсо дагы ушул Өмүр шаңыя бүтүрүп бере алат – деп Базаркул он чакты кишини «сен жүрү, сен жүрү деп ээрчитип алып, улуктар жаткан үйгө кытайча ырасми менен жүгүнүп киришти. Көкөтөй болсо табыштуураак үн менен амандык сураган болуп: «Ээ, улуктар, амансыңарбы?» деп гана кирген болучу.

Булар учурашып олтурары менен дасторкон салып жер-жемиш, түрлүү тамактарды койду. Турпандын амбалы буларды кыдырата карап олтуруп, бир оокумда бул киши кайсы жерлик, кайдан келген? – деп дуңчусу Ашым шаңыядан сурады. Ашым шаңыя өзүнүн сартча тили менен Көкөтөйдүн элин, жерин толук сурап алып, амбалга айтып түшүндүрдү. Амбал: «Аа, аа!» деп Көкөтөйдү карап олтуруп, «Бул кишинин немине өнөрү бар экен, немине мансапта болгон киши экен?» – деп дагы сурады. Менин эч өнөрүм жок жана эч бир мансапта болгон эмесмин, бирак мансапдар улук болгон кишини көп көргөмүн жана кыргыз шарыятын, орусча законду көп уккамын жана улуу кытай элинин тилин, салтын көп уккамын, – деп Көкөтөй Ашым шаңыяга жооп берди. Амбал оозун ачып «Аа – аа!» деп улам-улам Көкөтөйдү карап: «Кытай элинин ырасмиси улуктун алдында киргенде жүгүнүп кирет» – деди.

– Ээ, уккамын. Жана эми эле бул үйгө киргенде менден башка кишилердин баары жүгүнүп киргенин көрүп да турдум, – деп Көкөтөй жооп берди. Амбал күлүмсүрөгөндөй ырайы менен:

– Анан сиз кандай катуураак унчугуп, жүгүнбөй кирдиңиз? – деди.

– Менин катуураак унчугуп киргеним – өзүмдү таанытканым жана жүгүнбөй киргеним кытай калкынын жеңи тар, алды кең болот

– деп карыялар айтуучу эле ошон үчүн ошол сөз чын бекен, билейинчи деп ойлодум деп Көкөтөй жооп берди. «Орус калкынын ырасмиси кандай болот?» – деди амбал.

– Орус улуктарына тебетейди алып кирбесе күнөөлөп коёт, – деди Көкөтөй. Амбал күлүп: «Аа – аа!» деп башын ийкеп, «Эртең тамаша болгондо менин жанымда болуңуз!» деп Көкөтөйдү карап, «маакулбу?» дегенсип ишарат кылды. Көкөтөй дагы башын ийкеди.

Эртеси элдин баары чогулуп аттан түшүп, өйүзбүйүз көз жеткис кырка олтурду. Амбалдын жигиттери менен Өмүр шаңыя элди тескеп олтургузуп, балбан күрөш, эр эңиш, сүйрөтмөй, катын күрөш, көз таңмай тамашаларды өткөрүп, эң артында эки сапар эр сайыш болду. Кашкар жаккы эл менен беттешкенде Аксы, Турпандын баатыры болуп чыгып, Мурзаалы бир качырыш менен Каражолду баатырды ыргыта коюп келди.

Экинчи сайышта кытай эли, орус эли беттешкенде орус элинин баатыры Аккөз барып, ат ойнок көк бөрүдөн келген атактуу Абдымамбетти эки бакан сындырып жатып үчүнчү бакан менен сайып түшүрдү.

Бул Мурзаалы менен Аккөздүн байгесине тогуз сары топоз, тогуз ак топоз алып, Көкөтөй амбалдын алдына айдап келип, менин сизге өтүнүчүм бар – деп жүгүндү. «Өтүнүчүң кандай?» дегенде «Мен дагы сайышка түшсөм экен, ушу сиздин элиңизде Өмүрбек, Осмон деген эки манап бар дейт, экөө тең ушундай сайыштан байге алып кыныккан баатырлар дейт. Ошол экөөнүн бирин мага беттештирип чыгарсаңыз экен. Менин Какшаалга келгендеги максатым ошол эле, – деп Көкөтөй Амбалга дагы жүгүнүп койду. Бул сөздөрдү Ашым шаңыядан кыскача угуп түшүнүп Амбалга айтпастан өзүнчө шашылгансып «Көкөтөй баатыр, бул сөзүңүздү түн боюнча толук бүтүрүп беремин. Азыркы Амбалга айткан өтүнүчүң бекер калбасын» деп бир шаңшуур жамбы берип Көкөтөйдүн көөнүн жайлады.

Амбал түшүнө албай олтуруп аягында Ашым шаңыядан угуп алып, кайта-кайта сурап толук түшүнүп, катуу күлүп Көкөтөйдү жанынан чыгарбай өзүнүн жана эки жолдошунун баатырлыгына кубанып, жүз сээр күмүш берип узатты, Өмүр шаңыя Базаркулдар болсо былтыркы Аккөздүн бир жамбы, бир төөсүн жеп калган Өмүрбек, Осмондон түн боюнча айдатып алып жамбысына жамбы, төөсүнө

төө коштуруп Аккөзгө алып берген. Бирак Өмүрбек, Осмонду Көкөтөй кыйла кордукка учуратат эле Өмүрбек, Осмондун Ашым шаңыя досу экен «ушулардын күнөөсүн сурадым» деп жатып алып, калган ушул окуялардын баары болуп бүткөндөн кийин Аккөз Көкөтөйгө айран-таң калуу менен бирге анан кеп салып берген. Бирак, мурунтан айтпаганы Көкөтөйгө жакыныраак тууганы жана үч-төрт жаш кичүү эле Аккөз.

## 17. КӨКӨТӨЙДҮН ЫРЫСКУЛ БОЛУШ ӨЛГӨНДӨ ӨКҮРБӨЙ КОЙГОНУ

Эртең менен эле элдин баары дүрбөлөңдөп чапкылап жүрүшөт: «Жүрү эле, жүрү! Жылкыны бат айдагыла!» деп төмөнкү айылдын баары ат кармап жатышкансыйт.

Бир топ киши менен турган Көкөтөй байкап карап турса, айылдын төмөн жагынан Торкашка атты тердетип удаа-удаа камчыланып, теминери жыртык кара тердиктин арт жаккы бөлүгүн салпылдата теминип Мамыркан келе жатат.

Дөңдө олтурган топ кишини көздөй бура тартып, обочорооктон эле салам айтып калды.

– Аалейкисалам, – жанындагылардан мурда Көкөтөй көтөрүңкү үнү менен жооп берди. – Ээ, Мамырканым, жол болсун? Түн катып жүргөндөй болуп кайдан келатасың? – деди Көкөтөй.

– Ээ, Көкө, аман жатасызбы? Мен түн катып чыктым эле. Мына бул эле Солтон-Сарыньш күңгөй-тескейиндеги Жаманак туугандарга кабар айтып келатам. Түндө эл орунга отурган кезде Ырыскул болуш ааламдан көчтү эле, ошону элге кабар берип келатканым, Көкө, – деди.

– Ээ, Мамырканым, шашып жүргөн экенсиң. Ырыскул болуштун жаткан жери жай болсун, калган калың кара журт аман болсун.

«Арзанды кымбат баалаган
Сүткордун жайы кара жер.
Айылга бүлүк чыр салган
Анткордун жайы кара жер.

Ак кагаздан маани айткан
Аалымдын жайы кара жер.
Алсызга кайрым кылбаган
Залымдын жайы кара жер» – деген экен!

Мамырканым, түшүп кымыз ичип бастыр. Оой-ой, кымыз алып келгиле! – деп Көкөтөй үй жагын карап унчукту.

– Көкө, атым чаалыккансып калды. Бир ат бериңиз. Мындан наркы элге дагы кабар айта кетейин, – деп, Мамыркан атынан түшүп олтурду.

– Ээ, Мамырканым, биздин жогорку элге өтө чаап кетипсиң? Жолуңда турган мага неге кабар айта өтпөдүң? Эти сууй электе барсам, жан алгыч менен чырдашып жатып кайран болушту алып калбайт белем. Эми атыңды чалдырып алып бастыр, жолуңдагы элге кабар айта кетээрсиң. Биз дагы барып көз көрсөтүп келебиз го. Айыл-ападагылардан ат артпайт – деп, Көкөтөй ордунан туруп басып кетти.

Мамыркан кымыз ичип, бир аз олтуруп атын чалдырып алып жөнөдү.

Көкөтөйлөр жоон топ киши болуп атtанып баратышат эле, Ырыскулбек болуштун айлына жакындаган кезде:

– Ээ, Көкө, баштабайсызбы? – дешти ар кимиси.

– Неминени баштайын? – деди.

– Өкүрбөйсүзбү?

– Ии, өкүргүлө. Өлүк дегенге сай сөөгүнөн түтүн чыгып, каңырыгы түтөгөн киши көзүнүн жашын көл кылып, мурдунун суусун булак кылып өкүрүп-бакырып барат. Өкүргүсү келбеген кишини сабап өкүртөсүңбү? – деп, Көкөтөй жай бастырды.

Айылга өтө жакын келип калгандыктан жанындагылардын баары өкүрүп жөнөп калышты. Көкөтөй болсо элдин арт жагынан гана барып түштү.

Бул учурда келген элдин атын алып, түшүрүп жана көтөргөн үйлөргө киргизип чай берип мейман күтүп тургандар Көкөтөйдүн өкүрбөй келгендигин сөз кылып калышкан.

Эртеси элдин баары казандап чогулуп жаткан кезде Черикбай:

– Ээ, Көкөтөй, сен эмне болушка өкүрүп келгениң жок? Өтө бооруң таш экен го, – деди.

– Ии, менден башкаңардын өкүргөнүңөр аздык кылабы? Кээ бир акмак кишилер болот «ала жат» деп өкүрүп, «кой» десе дагы болбой

бакыра берген. Ал өлүктү «ала жат» деп док урушкандан көрө, чындап эле кошо жаткысы келсе, өзү барып эле жатын албайбы? «Айлаң келсе, тирилип келегөр!» деп өкүрсө болбойбу! Ошол долуланып өкүрчүнүн бири сен элең. Ушу турган элдин баары бир жумага чейин үн баспай өкүрсө, болушуңдан бир шек-шуба болобу? Болуш, бай өлсө кошомат кылып элдин өкүргөнүн текшересиң. Кедейлерден киши өлсө бастырып барып деги куран окуп коёсуңбу? – деп Черикбайдан кайра сурады.

– Ырас, ырас, Көкө, Черикбай акем болушка жаман катуу өкүрдү го – дешип ар кимиси чурулдашты.

– Ээ, балдар, ушундай кээ бир долу кишилер болот. Элдин баары басылып калса деле үнүн баспай «эми айла не болот!» деп бакыра берген. Өлүккө өкүрүк колко болмок беле? Зейни кейиген киши ыйлачу. Куру бекер кыйкырган менен көздөн жаш чыкпаса кошомат кылат элек деп көзүн чукуп ыргытып жибермек беле? Черикбайым, болушуңдун дареги чыккандай болсун, үн баспай өкүрө бер! – деп Көкөтөй сөзүн бүттү.

Бул кезде «Ырыскулбек болушка өкүрбөй коюптур» дегендери болду. «Өкүргөн, өкүрбөгөн ар кимдин өз ыктыяры эмеспи» дегендери да болду. Ошентип, Ырыскулбек болушту коюп тарады.

Мындан төрт ай өткөндөн кийин Карабек деген жерге бир болуш элдин тобу болуп жаткан кезде Көкөтөйгө болуштун жигити барып «сенин топто ишиң бар экен» деп айдап келди.

– Ээ, Көкөтөй, сен Ырыскулбек болушка эмнё үчүн өкүрбөй койгонсуң? – деди Байтик.

– Ии, Байтик бий, бир кишинин өкүрүгү кемип калганынан Ырыскул тирилип келбей калды беле? – деп Көкөтөй Байтик бийден кайра сурады.

Анда олтурган бийлердин кайсы бирөөлөрү күлүп калышты. Кай бирлери сумсайып, ызалангансып калышты.

– Ой, Көкөтөй, сенин Ырыскулбек болушка көзүңдөн жаш чыкпаган кимге жаш чыгат эле? Айт? Сөзүң болсо айт?! Бул тууралуу сенде чоң айып бар! – деп Досмат бий кумсаргансып сүйлөдү.

– Ээ, Досмат бий, бир карышкыр капканга түшсө, кой корросуна тынч жатабы же таң атканчакты эле чуркурап маарап чыгабы? Ырыскул мышык болсо, мен чычкан элем го? Жакшы кызматын көрбөсөм,

жатык сөзүн укпасам, кошомат үчүн кокуйлашым жарайбы? Жаш чыкпаган көздү чукуп салууга болобу? – деди Көкөтөй.

– Койгула, бийлер, бул Көкөтөйгө өөйдө-төмөн сөз айтканыңар менен оңчулуктуу жооп бербейт эмеспи. Андан көрө Көкөтөйгө угузуучу сөзүңөр болсо эле айтып коюп, башка ишиңерге кирише бербейсиңерби – деп, Кулубай санын таянып, сакалын сылап олтурат. Бийлердин көпчүлүгү «Кукем ырас айтат» деп калышты.

– Эмесе, Көкөтөй, сен, биринчи – Ырыскулбек болушка өкүрбөй койгонуң үчүн; экинчи – «Залимдин жайы кара жер» деп табалап ырдапсың; үчүнчү – бир эл, бир журт болуп туруп, чабаганга барган кишиге бир аттын түш жарымдык күчүн бербей коюпсуң; төртүнчү ушул олтурган бийлерге оң жооп бербей олтурасың. Ошондуктан сага тогуз мал айып салдык. Келе, бийлер, мөөрүңөрдү мына бул копияга (көчүрмөгө, кагазга деген мааниде) басып коёлук. Көкөтөй кыйын болсо арызданып кутулуп кетсин! – деп Байтик бий председателдик өкүмүн кылып, Көкөтөйгө тогуз мал айып ойлоп салды.

Көкөтөй күлүп:

– Ээ, Байтик бий, «Жегениңди көп көрбөйм, аралаштырганда аз болуп калбасын» деп бирөө айткан экен. Анын бириндей, өкүрбөгөн кишиге тогуздан мал айып салынып олтурса, мага жолдош көп чыгат го? Мен кайда барып арыздана турган акым бар? Андан көрө Ырыскулга өкүрбөй калган киши болсо, издеп таап алып келе берейин. Силерге олжо көп болсун! – деп, атtanып кетүүгө эшикке чыкты.

Көкөтөйдүн артынан эки-үч бий кошо чыгып: – Ой, Көкө, тура туруңузчу? – деп токтотуп алып, элден обочороок алып чыгып;

– Кой Көкөтөй аке, сиз көпчүлүккө кан чачат белеңиз? Андан көрө бул элге бир-эки мал тартып, же бир-эки асыйдын акчасын таап алып тартуу кылбайсызбы? Сизден ушул тогуз малдын баарын алмак беле? Кичине эле жол-жосун кылып коюп, бир жолу кутулуп кетпейсизби? – дешти.

– Эй, мурзалар ай, «Көтөрүлгөн үйдөн – көпкөн болуш». Бийдин ичинде бир ооз сөз айта албай, ээндетип эшикке алып чыгып мага айткан насиятыңар ушулбу? Андан көрө мөөрүңөрдү жакшылап майлап тургула. Нары чети солто, сарбагышка чейин барып, Ырыскулга өкүрбөгөн элдин баарын жыйнап келип, жыл маалына чейин өкүртүп,

айыбымдан кутулайын – деп, этегин кагынып туруп кетти. Анда бул бийлер күлкү аралаш кобурашып калды.

.– Бул Көкөтөй жинди эме го?

– Ары чети солтого барбаса да, мына бу жакын жердеги саяк, сарбагыш, черик, моңолдорго барып, «жүргүлө, мен чакырып келдим, Ырыскулбек болуштун үйүнө барып куран окуп келгиле» деп, болуштарга барып айтса, «мүчө берет экен го» деп эл келе беришет да?

– Сакалдуу эле Көкөтөй барып айтса келбей коймок беле.

– Муну токтотуп, айып албасак жок, тынчытып койсок белем?

– Ушул чоочун элден киши алып келип уят кылып жүрбөсүн? – дешип, бийлердин съезд үйүнө кирип олтурушуп сөз салып калышты.

Көкөтөй аттанып алып ылдамдай бастырып элдин четине чыгып калган кезде:

– Оой, Көкө, токтой тур, кайда барасың? – деп кызыл чок Боромбай чаап келатат. – Ой, сен кайда барасың? Бийлердин мойнуңа салган тогуз мал айыбын берип кетпейсиңби? – Боромбай Көкөтөйдү чылбардан алды.

– О атаңдын көрүгөчайын ит! «Багыштын богун жеген ит кутурат» дейт. Сага эмне жок! Менден мал алса болуш-бийдин жигиттери албайбы? Же сенин Үчөскөбайың өлгөндө өкүрбөй коюп айып берип жатамбы? Атаңдын оозун ачыйын, «Өчпөс уул өнбөс доолайт» деген ушул! Келе, кое бер, атаңдын көрүнөчайын кутурган ит! – деп чылбырын жулуп алып: – Кана, сен кайда алып барасың? Жүр, сенин алпарган жериңе барып берейин! – деди Көкөгөй.

Аңгыча болуштун жигити келип, Боромбай менен Көкөтөйдү «бийлер чакырып жатат силерди» деп, бийлердин съезд үйүнө алып барды.

Боромбай долуланып:

– Ой, бийлер, бул Көктөй деген кишиңер жиндиби же еообу?! Ботом «токтой туруңуз» десем ата-бабамы сөгүп, «Сенин Үчөскөбайыңды өлтүрдүм беле?» деп оозуна келген сөздү айтып, мени боктоп тилдеди. Муну мен улукка алып барамын! – деди.

Ошол олтурган элден бир да бир киши «кой» дегенге жарабады. Ал тургай «алпар-алпар» деп, бийлердин тобу Боромбайга жарбык болуп, «алып бар, улукка, бизди тоотпой турбайбы!» дешти.

Боромбай Көкөтөйдү айдап алып Нарындын калаасына алып кирип, атынан түшүрүп олтургузуп коюп, өзү улугуна барып ученскебай начальнигине Көкөтөйдү жамандап бир канча жалган сөздөрдү айтып чагып сүйлөп, аягында «Сизди да сөгүп, мен өчүскөбайыңды өлтүрдүм беле?» деди деп, оозуна келген сөздөрдү айтты.

Өзүнө тийген катуу сөздөргө чыдай албай үчөскөбай Иванов кеңсаларына барып бир кызыл чогун жиберип Көкөтөйдү айдатып алып суракка ала баштады. Кызылчоктордун ыстарчысы Дербишалы тилмеч болуп: – Ой, Көкөтөй, еен байды сөгүп, жаман сөздөрдү айтып акаарат кылыпсың. Айтчы көргөн-билгениңди? – деди. – Ой, Дербишалы, сен кудайды карап, түздүк сөзүңдү айтып, менин айткан сөзүмдү тууралап айтып бересиңби? же бул Боромбай өлөрманга болушуп будалай сүйлөп жыгып бересиңби? – деди Көкөтөй жаны кашайып, ачуусу келген түр менен.

– Жок – жок, Көкөтөй аке, мен андай кыянатчыл иш кылбаймын. Оозуңдан чыккан сөзүңдү толук түшүндүрүп айтып беремин. Айта бериңиз сөзүңүздү, – деди Дербишалы.

– Дербишалы жан, менин эң мурунку өтүнүчүм, улук-улуктугун кылса, овол башта бул Боромбай бокчунун мага кандай себеп менен жабышып калгандыгын бир сурап көрсө экен? – деди Көкөтөй.

Үчөскөбай Иванов «Чоба-Чоба» деп Дербишалыдан сурап, ачуусу келгенсип кумсарып турат.

Дербишалы бир аз кулдурашып туруп, Боромбай жакты карап сүйлөп калды. Көкөтөй «Дербишалы туура айткан экен го» деп кымылдагансып турат.

– Кана, Боромбай, сен бул кишиге кандай себеп менен кабылышып чатакташып жүрөсүң? Кыргыз тилинде айтып берчи, орусчасын байга мен айтып берейин – деди Дербишалы.

Боромбай Көкөтөйдүн көзүнчө өтө жалган сөздөрдү айта албай, кетип бараткан Көкөтөйдү чакырып токтотуп алганын жана Ырыскулга өкүрбөй койгонунан бийлер бир тогуз мал айып салганын угуп качып баратыптыр деп токтоттум эле деп сүйлөдү.

– Сени «Көкөтөйдү карма» деп ким жиберди? – деп сурады үчөскөбай Иванов.

– Мен өзүмчө эле чакырдым эле. Бирок, чакырсам эле токтой калып боктоп сөгүп жиберди, – деди Боромбай.

– Кана, Көкөтөй сүйлөсүн көргөн-билгенин, – деди үчөскөбай Иванов.

– Ээ, бай, мен сүйлөсөм, кыргыздын ылакабы болот: «Жашы жиндинин бири жинди, карысы жиндинин баары жинди» деген – деди Көкөтөй.– Анын бириндей, өлгөн кишиге өкүрбөй койдуң» деп тогуз мал айып салган бийлер жинди. Өзүнчө жүрүп тиешеси жок кишини жолунан кармап алып улуктун алдына уялбай алып келген Боромбай жинди! «Адыл болсо, улукка арамынан арыз түшпөйт, алкы бузук залимдин алдына келген иш бүтпөйт» деген экен. Улук эмессиңби, бай, ушул сөздү жакшылап текшерип көрчү? – деди Көкөтөй.

Үчөскөбай Иванов бопоросун тартып ары-бери басып туруп, «өкүрбөй койду» деген сөздү кайта-кайта сурап Дербишалыдан угуп түшүнүп алып:

– Ээ, Дербишалы, өлгөн кишиге өкүрбөй койсо кыргыздын расмисинде кандай деп билет? – деп сурады.

– Эч кандай деп деле билбейт. Бирок, бул киши менен Ырыскулбек болуштун жакындыгы барбы же кусаматы барбы? Ал кишинин өлгөнүнө кейибей, кубанып калды деген иш болсо керек, – деп жооп берди.

– Ээ, Көкөтөй, сен ал Ырыскулбек болуш менен кандай жакындыгың же кусаматың бар эле? – деп Иванов дагы сурап калды.

– Менин жакындыгым жана кусаматым жок эле. Бирок мен ал кишинин өлгөнүнө кайгырганым жок.– деп, Көкөтөй Ивановго жооп берди.

– Сен андай элге кадырлуу жакшы кишиге не үчүн кайгырганың жок? – деп Иванов Көкөтөйдөн кайра сурады.

Калыс жүргөн адамга
Калкынын тиет батасы,
Кара жемсөө залимге
Кайгырбайт өлсө атасы.

Туура жүргөн адамга
Душмандын чыгат мүдөөсү.
Заарлуу, залим кишинин
Зарлантбайт өлсө бүлөсү, – деп кыргыздын карыялары айтчу эле. Ошонун бириндей, мен Ырыскулдун жакшы болуш

болуп жүргөндөгү жардамын көргөн эмесмин жана жатык айткан сөзүн да уккан эмесмин. Ошол үчүн өлгөнүнө кайгырганым жок, – деди.

– Жакшы болуп жүргөн киши кандай жардам кылат! Сага эмнеден жардам кылбай койгон? – деп сурады.

– Калкында кайгы жок болсо,
Хандын тийген жардамы.
Адилетсиз улукка,
Айтылат сөздүн жалганы, – деген кыргыздын ылакабы бар. Көрүп турбайсызбы, «өлгөн кишиге өкүрбөйсүң» деп айып салып жатса, тирүүсүндө тим койду дейсизби? – деп Көкөтөй Ивановко жооп берди.

Бул сөздөрдү Иванов Дербишалыдан угуп толук түшүндү да жаагын таянып бир аз Көкөтөйдү карап олтуруп:

Бул бийлердин барлыгы сага не үчүн каршыгып мал ойлошот? – деди.

– Ээ – эй, Иванов бай, «Мүйүз токмок күчтүү болсо, кийиз казык жерге кирет» деген экен. «Бөрү – кулакташ, ууру – танапташ» эмеспи. Бекер табылып жаткан олжодон ким качсын. «Бөрү жарып берсе – кузгун тоёт» эмеспи. Өлгөн болушубуз Ырыскулдун иниси болсо, бийлер менен болушка кошомат кылып жатпайбы, – деди Көкөтөй.

Бул сөздөрдү Иванов Дербишалыдан толук угуп кагазга жазып алып, ордунан туруп, бопросун тартып ары-бери басып туруп:

– Ээ, Көкөтөй, сен бул Боромбайга не үчүн жаман сөздөрдү айтып боктодуң? – деп сурады.

Көкөтөй Ивановдун сөздү түшүнгөнүн билип, баштагыдай дабыштуу үнү менен:

– Ой, бай, сен бөрк ал десең, бул Боромбай кул баш алганы турбайбы. Бир күндүк жерге жумшасаң, бай, манаптан акча алып, жолунан чыккан кедейден кыя өтпөй, атын жыгып жөө таштап жүрүп олтуруп, бир күндүк жолго отуз-кырк атты кызыл май кылып, топтотуп-коштоп алып, конгон жеринде таң атканча тегерегин чөл түшүрүп ат издетип, семиз мал союп берсе, «мени жебесин деп семизинен сойдуң!» деп эртеси коркутуп акча алат эмеспи. Ал кылыктарын көргөндө көпчүлүк калың кара журт Боромбайды коюп эле сизди каргайт эмеспи! «Жасоолдорун чактабыраак жүр» деп койсо

болбойбу? Улук болгондон кийин улукка элдин кереги жокпу? Улук деген калкына тынч, акка жолдош болот. Доочу эмес беле» деп, бардык ууру-бөрүнүн күчөгөнүн сенден көрөт. Карабайсызбы, жарты тыйын жумушу жок мени сиздин алдыңызга айдап келип олтурат, – деди.

Бул сөздөргө Иванов абыдан түшүнүп, Көкөтөйдүн ишинин ак экенине көзү жетти окшойт, алаяраак карап алып: – Ой, Боромбай, бул кишиде өзүңчө алды-берди чатагың бар беле, же бирөөнүн тили менен барып чатакташып алдыңбы? – деди.

Боромбай өзүнүн далилдүү жумушу болбогондон кийин мукактана түшүп: – Бул киши деги өзү жинди окшойт. Жакын барганда эле кишини сөгөт экен. Жанына барсам эле «Сенин Үчөскөбайыңды өлтүрдүм беле?» деп сөккөндө эле ичим күйүп кетип бийлерге айдап барсам, «улукка алып бар» дешти. Анан сизге айдап келдим. Бул эң эле куу киши экен, бай, – деди.

Боромбайдын мууну кетип калтаарый сүйлөгөнүн көрүп:

– Ой, Иванов бай, өз алдында кызмат кылган, тартип көргөн жигитиңдин айтып турган сөзү ушул! Анан өз алдынча элетте эрки менен элди бийлеп жаткан бийлер букарага немененелерди кылбайт. Анык улук болсоңуз адылдык ишиңизди көрсөтүп, мындан наркы элге өрнөк болгудай иш кылсаңыз экен? Мен ушунча жашка келгенче ушунча болуп сиз өңдөнүп калыстык менен сөз сураган улукту көргөн эмесмин, – деди Көкөтөй.

Дербишалы күлүп: – Ой, Көкө, бул сөзүң баарыбызга тийип калды, го? Бир иниң жаңылып калыптыр, кечирип койбойсузбу? – деди.

– Ээ, Дербишалы мырза, «Адылдыктан зыян тап, акыр пайда көрөрсүң. Акка кара сыйпасаң акыры жооп берерсиң» деген карылардын сөзү эмеспи! Боромбай бокчуга өтө бооруң ооруп турса, менин улукка айткан сөзүмдү будалай сүйлөп, бир кедейди болуш, бийге кем кыларсың. Калыстыгыңдан кажыбай турсаң, калың кара журтка кадырлуу болорсуң, – деди Көкөтөй.

– Жок – жок, Көкөтөй аке, мына, мен сиздин айткан сөздөрүңүздү толук айтып беремин – деп күлүп, Дербишалы Ивановду карап Көкөтөйдүн сөздөрүн баштан-аяк дааналап айтып аяктады.

Ачуусу келиңкиреп келген Иванов Көкөтөйдү далыга чаап «жарайсың, жарайсың!» деп, орусча тил менен бир аз сүйлөдү.

– Бай сизди «жакшы киши экенсиң» деп сүйлөдү. «Боромбайга тийиштүү энчисин беремин, сиз туура сөздүү киши экенсиз» – деди, – деп Дербишалы Көкөтөйдүн колунан кармап-кармап коюп, – тигил орундукка олтуруңуз. Бай «бийлерге карата колуңузга кагаз жазып берем» деди – деп, жылуу сөздөрүн айтты.

Аңгыча болбой эле, эшик кайтарып турган кызыл чок кирип келип оң колун чекесине тийгизип туруп:

– Таксыр, эшикке Казы болуш келди. Үстүңүзгө кирүүгө руксат барбы дейт? – деди.

– Можно, можно – деди Иванов.

Суусар тебетейин колуна алып, күмүш кемерди жаркылдатып, күмүш кындуу кылычты жаркылдатып, башын ийкеп, өзүнчө кыялдангансып, амиркен өтүктүн таманын карчылдата басып Казы болуш кирип келип:

– Бай, ырыдасты? – деди.

– Аа – а, ыдырасты, ыдырасты, Казы болуш! Дабай-дабай – деп, Иванов ордунан тура калып кол берип, Казынын алдында орундук коё коюп, өтө жакшы көргөндүгүн билгизип турат.

Казы көз айнегин жалтылдатып айтаарына сөз таппай:

– Ой, Дербишалы, тетиги олтурган киши ким экен? Бул немине ууру бекен же-е байга арызданып жүргөн неме бекен? – деди.

– Жогуңуз болуш, ууру деле эмес. Ал кишини биздин Боромбай мурза айдап келиптир. Немене десе, «талаада жүрүп мени сөгүп койгон» деп. Өзү тынымсейит экен. Көкөтоймүн дейт, – деди Дербишалы.

Казы көз айнегин колуна ала коюп, бир көзүн жумуп, бир көзүн ачып: – Ээ – э, бул баягы го? Көкөтөй турбайбы! Ой, чал, сен кандай эле эси оогон кишидей болуп олтуруп калгансың? Киши менен учурашканды да билбей калыпсың? – деди.

– Ээ, Казы болуш ай, сага мен тургай Ат-Башы, Нарындын улугу Ийванов деле ордунан тура калып көрүшүп жатпайбы? Же ал кишиге алымсынбай калдыңбы? Мени «баягы куу Көкөтөй турбайбы» деп коёсуң. Сенден дагы мен куу болуп кетипминби? Кыргыздын малы менен орусту алдап, кедейдин малы менен байды алдап бараланып жүрүп болуш болуп алып, асмандан түшө калгансып турбайсыңбы? Тал түштө көзүңө эчтеме көрүнбөй калган экен го? Сен мени таанып

элек белең? Атабектин кызы Калыйпаны алам деп барганыңда берерге малың жок атаң Чоконун суу ташып ичип олтурган жалгыз көк букасын кубалай качып, айланды таппай жүргөнүңдө «Кой, Атабек баатыр, «бир мал бөрүгө, бир мал тирүүгө» деген экен, кыздан мал жейм деп күйөөнү саргарткан болбойт. Бул кыз-күйөөң мал таба албай, жанына күч келгенде ууру кылып жиберип колго түшүп калса, жаш неме бир жолу адамдыктан чыгып калбасын? Берчи нары, бир кызыңды?» деп атаң Чоронун кадырын сыйлап, катының Калыйпаны мен алып бердим эле. Ошондо Чоңбаштын уулу Жакып ырчы кошподу беле:

«Кайнатаң Чоко эр киши,
Казы болуш күйөөңүз
Калың малды таба албай.
Калтырады бир далай,
Бул дагы – жокчулуктун белгиси!» – деп. Сен ошону унутуп калдыңбы «Айланайын, Көкө, атам эле сенсиң» – деп каңырыгың түтөп жалындың эле. Эми «бул ууру бекен же байга арыз-данып жүргөн неме бекен?» деп коёсуң? «Калыстыкка күч койбойт» деген ушул! Менин немине себеп менен келип олтурганымды наркы улугуңдан сурап укпайсыңбы? «Баш баштаса, аяк тиштейт» дегендей, Ийванов экөөң ак-караны айра таанybaсаң, доого семирген Боромбай кимди аясын? – деди Көкөтөй.

– Айып менде, айып менде, Көкө, кечирип коюңуз? – деп Казы ордунан жүгүрүп барып Көктөйгө кол берди.

– Ээ, Казы болуш, «Билеги күчтүү бирди алат, билими күчтүү миңди алат» деген экен. Сен көп болсо үч жылдык болуш болуп калгандырсың. Авол башта мен өңдөнгөн жаман тончонду даана таанып учурашып жүрсөң ишиң узарат. Анан камчы тийбей, карыкпай көзүңдү чылк жумуп алып, нооту чепкендүүдөн башканы таанybaй олтурсаң, «Көп түкүрсө көл болуп, көзүңдүн жашы сел болуп» жүрбөсүн? «Эр жигитке эл керек, эмгекчи эрге жер керек» дегендей кеп бар. Ошону сен унутпай, эсиңден чыгарбай жүргүн! – деп Көкөтөй Казынын колун анан коё берди.

Казы Дербишалыдан сурап Көкөтөйдүн эмне себеп менен келип олтурганын абыдан толук түшүнүп болгондон кийин, Ивановдун кимди күнөөлүү деп жаткандыгын түшүнүп укту дагы: «Ушул ишти мен бүткөрүп коеюн, бай. Ушул Көкөтөй менен Боромбайды менин

колума бериңиз?» деп сурап алып, Дербишалынын үйүнө алып барып Боромбайдын атын тартып, чапанын жаап, жүз сом акча алып берип узатты. Казы өзү дагы «Көкөмө уят болуп калдым» деп, кийим-кече, чай-чамекти мол алып берип, Көкөтөйдүн алдына түшүп жөнөттү.

Бул кабарды уккандан кийин Карабөктө топ кылып жаткан бийлер: «Кудай бизди зор сактап калган экен! Анчалык Көкөтөйгө Боромбай кабылбаса, Көкөтөй жинди эмеспи, чоочун элден далайды алып келип бизди абыдан шерменде кылмак экен. Кой эми, андан көрө эт, кымызды мол камдап туруп, жолду тосуп чакырып алып алдына түшүп узаталы» деп камынып калышты.

Тосуп турган кишисине болбой Көкөтөй өтүп кетээрде Байтик аттана чаап барып камчысын мойнуна салып, атын тартып:

– Ой, айланайын, Көкө, сени биз тамашалап эле эркелетип мал ойломуш болсок, сен таарынып жүрбөйсүңбү? – деп, араңдан зорго алып келди.

– Ой, атаңдын көрүнөчайын бийлер, илгерки кыргыздын жакшылары көп ыйлаган кишини сооротуп, «жашын тыялычы» деп мал берип, жакшы кеп-сөз айтуучу эле. Эми силердин убагыңарда дале «өлүккө ыйласа күнөө болот» деп жанагы элечек оронгон молдолоруңар айтып какшап жүрбөйбү? Анан «сен ыйлабайсың» деп айып алганды силерден көрдүм. Мен закондон кутулуп чыктым. Эми шариятка салам силерди! – деп оолугуп жатып бийлерден жүз сом алып кайткан Көкөтөй.

## ҮРКҮН ЖЕ КӨКӨТӨЙДҮН АКЫРКЫ СӨЗҮ

Он алтынчы жылы Көкөтөй катуу оору болуп жатып Никелей менен элдин урушун, калк удургуп жатканын көрүп, чыдай албай, оорусунун катуулугунан айласы жок төшөктө жатат. Ошондо дагы атын токутуп коюп, кийимин кийип, белин курчанып алып, эшикке чыгып атка мине албаганда таягын таянып, эки жакты карап үшкүрүп-үшкүрүп коюп, үйүнө жөлөнүп олтуруп, ары-бери өткөн элден кеп сурап калат. Бир күнү кечке жуук төмөнтөн бир топ киши ылдамдай бастырып келишип, эшикте олтурган Көкөтөйдүн жанына

келип түшүп «Ээ, Көкө, жакшы болуп калдыңызбы? Сакайып кеттиңизби?» – деп тегеректей олтуруп калышты.

– Ээ, жакшымын, жакшымын, балдар. Кайдан келатасыңар? Калкта эмине кеп бар? Шашылгансып келатыпсыңар? – деп Көкөтөй сөз сурап олтурат. Санаасында элдин тагдыры эле!

– Ээ, Көкө кеп көп. Бүгүн Ак-Мойнокто болдук. Биздин жаманактан үч жүздөй киши барган экенбиз, бекетте жаткан он бир солдат бар экен, биздин баратканыбызды көрүп алып көпүрөнүн кулагындагы арыктын ичинде жатыптыр. Жакын барганыбызда беш атар менен аткылап, бекет жакты тосуп алып, бизди бийик кашатка сыйлыктыра камап алып, кырып сала турган болгондо, көпчүлүк аламан коюп кирип барганда Мурзаалыга ок тийип, аттан кулап кетти. Акмузоонун бутуна ок тийип, ал аттан жыгылбай кайра тартты. Он бир солдат буудай кууругандай кылып, бир жагын чоң суу, бир жагын бийик кашат кылып аткылап жатканда, эрдик кылып Коңкош барып бекеттин үстүндөкү кашаттан атышып жатып, эки солдатты ыргыта атып жибергенде солдаттар качып барып, бекеттин тамдарын пааналап атып элди жолотподу. Ал солдаттарды байкаста! Коңкош баштаган отуз чамалуу киши бекеттин үстү жагында калды, башкаларыбыз бекетчинин сазда жаткан уй, жылкысын тийип алып, кайра тарттык. Эми ошол Мурзаалынын сөөгүн ала алар бекенбиз, эртең барып көрөлүчү деп айыл жакка баратабыз, Көкө – деп, Бектур сөз салып олтурду.

Көкөтөй башын чайкап, ээрдин тиштеп:

– Алда айланайын калың кара журт ай, залимдин заарына чыдай албаганда эле башын канжыгалап, канын көөкөрлөп кол салышып кирген экен ээ? Деги ошол эле барган урушка болуш, бийлерден, баягы мыктылардан баргандары болдубу? Же баягы эле солдатка барасың деп каттап алгандардын ичиндеки кедей-дыйкандар барышыпбы? – деп Көкөтөй кайра дагы сурады.

– Ээ, барды, барды, Көкө. Алай, Нурмамбеттер дагы барышкан экен – деп Бектур жооп берди. Көкөтөй чөк түшө калып:

– Атаа Бектур жан ай, демейде эл башкарып, журт бийдеп силерге биз башчыбыз деп сереңдеп жүргөн немелерди мына акыл таап, журт багып, душманды жапшыраар кезиң ушул деп алдыңарга салып айдап алып кайра тартса, мурдун каңтара, каңтара чаап ошол болуш,

бийлерди окко тозо бербейсиңерби. Атаганат ушул көпчүлүктүн толкунунда таза болбой, ооруп калганымды айтсаңчы! Кайсыны айтайын! – деп ээрдин тиштенип, башын чайкап: – Ээ, Бектур жан, эми эмине дейсиңер? – деп Бектурду карады.

– Эми, таң, Көкө, көпчүлүктүн бирибиз да. Эл көргөндү көрөрбүз. Эртең барып гана Мурзаалынын сөөгүн алсак деп турабыз. Бизге кошулуп канча киши барар экен? – деди.

– Ээ, Бектур жан ай, мындай чоң селде кайраттуу жигит менен кабыргалуу аттын пайдасы тийчү. Башын калкалап, малын аяп бүжүрөгөн киши калкка жаман көрүнүп капшапка кетчү. Баш-аягың жыйналып алып, эртең келип менин жылкымдан бир семиз бээни союшуңарга жетелеп кеткиле. Төрт айгыр, алты атым бар. Жана атка бергис бээлерим бар, аты жогуңарга өз колуң менен бөлүп бер, балам. Күйүк кызыл деген тана бир картаң айгырымды өзүмө таштап башка ээр көтөргүдөй жылкымды кармап минип алып, тобуңарды жазбай жүрүп эрк талашып, залимдерден башыңарды ачып алсаңар эле болду.

Илгери кыргыз, заманында, кайраттуу, баатыр кишилер эле. Элин жоодон аман сактап калуучу, балам. Эр, азамат «жем талашып боктон өлбөй, эл талашып октон өлгөн» жакшы эмеспи – деп Көкөтөй үшкүрүп-үшкүрүп, кырынан жатып калды.

– Өлөбүз го, Көкө, өлбөсөк ушул чыр менен бир караны көрөбүзго. Көзүбүздүн жашын көрүп, үнүбүздүн зарын угуучу бирөө бардыр, маакул-маакул эртең келип сизге учурай кетебиз, Көкө, – деп Бектур сөзүн бүтүрүп олтурган эл Көкөтөй менен коштошуп алып атганып кетишти.

Ал түнү элүү-алтымышча киши жыйнап алып эртең менен Бектур баштаган кырк чамалуу киши келип Көкөтөйдүн үйүнө түшүп:

– Ээ, Көкө, сакайып калдыңызбы? – деп учурашып олтурушту. Көкөтөй төшөгүнөн туруп кийимин кийип, белин курчанып:

– Жакшымын, балдар, жакшымын. Калың кара журттун иши оңолуп кетсе жалгыз менин жакшы болуп кетүүмдө шек жок эмеспи, балдар. Кана, эмине кеп бар? «Акыл тапчу эр барбы, Ашып келчү бел барбы? Аймактуу кыргыз калың эл, Айыл конор жер барбы?» – деп орус жаңыдан түшкөндө эр Балбай айткан экен: Анын бириндей: «Аргымак тандап минбедим, Алдыга баштап кирбедим. Агайын, сенин араңда Аралаш чаап жүрбөдүм. Арамзаада кууларды, Атышып колун сүрбөдүм. Кайсы арманды айтайын! Ээ Мамбет балам,

жылкыңды чогултуп калтырбай баарын желеге айдап кел. Алмакан байбиче, кымыз куй, бул олтурган ага-инини тойгузуп, желеге алпарып, жылкыны алдына салып бер. Жараганын минип, жамааты менен жүрүп, жаман-жакшы иш болсо жарышып жүрүп көрүп келишсин – деи Көкөтөй энтиккенсип олтурат.

Эл кымызды ичип болушуп «Көкөм аман сакайып кетсин!» деп батасын кылып, жалпы эшикке чыгып, желенин жанына барышып ат, айгырдын баарын кармап жана аттай болгон бээлерден төрттү кармап, бардыгы он үч ат, айгырларды алып Көкөтөйдүн жанына келишти.

Көкөтөй:

– Ээ, Бектур жан, Көкөңдүн турна моюн кара боз жылкысынан канча көлүк таап кармап алдың? – деди.

– Ээ, Көкө он үч көлүк таап, кармап алдык. Буларды көрүп, берүүчүсүн өз колуңуз менен берип, калуучусу болсо көрсүн дегенсип өз алдыңызга алып келдик. Бул малдарыңызды көрүңүзчү, Көкө, – деп Бектур сүйлөп калды.

– Ээ, Бектуржан, бул малды мен элдин керегине жарар бекен – деп багып жүргөмүн. Сенин көргөнүң эле менин көргөнүм эмеспи. Бул ат, айгыр жана бээлерди миңген туугандар жоорутпай, оорутпай минип журсө болду. Мен бул оорудан айыгып калсам малга-жанга ээ болгудай заман болсо, үйүрүнө кошуп коюшаар. Анан бул оорудан бир нерсе болуп кетсем, бул малда менин доом жок. Мандайыңар жаркып эле көпчүлүк кедёй-дыйкан тилегине жетсе болду.

«Байда жардынын көз акысы бар, жакшыда букаранын сөз акысы бар» деген экен. Тур, аттан Мамбет балам, жылкына. барып, бир семиз кысырак байтал, кармап келип бул ага-инилерге бер. Булар бүгүн барып Мурзаалынын сөөгүн алып келебиз деп отурбайбы, непаада бүгүн талаада конуп калышса союш кылып жатышсын, - деп баласы Мамбетти Көкөтөй кайра желеге жумшады.

Мамбет барып чөйчөгү бар семиз кара кызыл байталды боолук салып кармап келип, олтурган элге берди. Булар бардыгы он төрт жылкыны Көкөтөйдүн жылкысынан алып, аты жоктор бирден ат токунуп минип алышып, учуна шуушаң аштап алган бирден бакандарын, карылыктап алышып, «Ыракмат Көкө, сиздин. бул адамгерчилигиңизди жана ушул турган аты-жокторго кылган жардамыңызды эч качан унутпайбыз». дешип жөнөп кетишти.

Бул учурларда кыргыз элинин ар бир жерлеринен атыш, чабыш, катуу уруштар чыгып залим падыша Никелейдин кан тиш камандарын, караниет байларын жана солдаттарын көрсө кыя өтпөй кырчылдашып жер-жерлерден көтөрүлүштөр чыгып жатат. Он, он беш күн Чамасында ар бир эл өз жериндеги солдаттар менен атышып турган кезде «Чүй, Ысык-Көл, Кочкор, Жумгалдагы элдер үркүп келатат дейт», «Туш-туштан салдат келип, кыргын салып жиберди дейт» деп угулуп турат эле. Нарын. Ат-Башыдагы эл бул кабарларды угуп кантер айласын таппай турган кез эле. Анжыян тарабынан Көкартты ашып көп салдат келиптир, Касымбек калпа үй тигип союш байлап күтүп жатат, ал тургай Султангазы баштап беш жүз салдатты Нарынга түндө алып кирди деп, кароолчу кишилер айтып келип, Нарындын Көкүрөк жагындагы эл Какшаал, Турпанды карай үркүп көчүп калышты.

Каракаман, Балганттагы Чүй, Ысык Көл, Кочкор, Жумгал, Нарындын элдеринин үркүп бараткан көчүнөн жердин бети көрүнбөдү: Бул учурда Жаман-Эчкини ашып Тарагай жаккы бетинде бараткан элдер «Нарындан миң салдат чыгып, Тарагайдын Кароол-Дөбөсүндө жатат дейт» деп коркуп баратышат.

Түн ортосу маалда элдин баары чакчалекей түшүп көчүп жатышат. Кайсы бир кишилер: «Ой, кайда көчөт экенбиз? Теги немине кеп уктуңар?» деп уйкулуу көзү менен уй, текеге урунуп жыгылып туруп жүргөндөрү да бар. Аңгыча жүлүндөй сары-кызыл ат минип, мынтык асынган жигит айыл-айылга келип: «О, көчө бергиле. Жол аруу экен. Бектур экөбүз Кароол-Дөбөгө барып келдик, салдат тургай эч нерсе жок. Арттагы элге жол бошотуп силер илгерилеп жөнөй бергиле. Ат жаңылап минип алып биз кароолго дагы барабыз, коркпой көчүңөрдү жөнөткүлө!» – деп бакылдап кабар салып, элди көчүрүп жүрөт. «О, айланайын, теги сен кимсиң? Бери келип бир сөз айтып берип кетчи?» – деп сөздү чала угуп калган абышкалар туш-туштан чакырышат. «Оо, мен Кулматмын. Көчө бериңиздер, жол аруу экен. Мен шашылыш баратам» – деп Кулмат ар бир чакырган абышкаларды карай жооп айтып токтолбой жүрүп кетти.

Таң атып, күн чачыраган маалда ар бир топтошуп бараткан эл «Алда айланайын Кулмат, Бектур ай, кечээ эртең менен Кароол-Дөбөгө кеткен бойдон жер чардап жүрүп бизди көчүрбөдүбү. Эми дагы

кароол карап жатып келаткан салдаттар менен атышып бир салдатты атып, беш атарын алып, башкаларын нары кубалап кетти» – деп Мурзакан эми келип айтып өтпөдүбү» дешип кеп салып келатышат.

Өкүргөн көлдө шагыраган калың көчтүн арасында чоң кызыл айгырга өңөртүп алган Көкөтөй тебетейи кабагына түшүп, буттары салактап, кайдан келатып, кайда баратканын билбей «Ээ, Мамбетаалы, балам, кудай кубат берсин. Эки колтугумдан өөдө сүйөп койчу, эки ийиним уюп эле төмөн түшүп баратkансыйт» – деп, мойну шалкылдагансып баратат. Мамбетаалы колтугунан сүйөп өөдө кылып, тебетейин өөдө кылып койсо, «Ээ балам, бул казандаган калың караан имине? – деп өңөрүп бараткан Мамбетаалыдан сурап коёт. «Бул көч эмеспи Көкө. Эл үркүп көчүп баратпайбы» – деп Мамбетаалы жооп берсе: «Ээ, кайран журт, кайран журт!» – деп үшкүрүп коюп баратат.

Аңгыча көчтүн асты жагынан жоон топ киши менен Ысагаалы калың көчтү жаңдай өтүп баратып Көкөтөйдүн жылкысын таанып «Ой, балдар, бул көч кимдин көчү?» – деп жылкы айдагандардан сурады. «Бул көч тынымсейит деген элдин көчү» деп жылкы айдаган балдар жооп беришти. «Ээ, тынымсейит болсо Көкөтөйдүн көчү кайда баратат? Өзү кайда?» – деп сурады. «Ушул жылкы да Көкөтөйдүн жылкысы, дагы бар. Өзү болсо илгери жакка баратат. Оорусу катуураак эле» дешип балдар сүйлөп калышты. «Жүргүлө, Көкөмдү көрүп, учураша кетели» деп Ысагаалы мылтык асынган отуз чамалуу киши менен шыкырай кетип бараткан калың көчтүн арасынан Көкөтөйдү карап, көз чаптырып баратат. Күйүк кызыл деген мойну-башын темгил баскан нар баш кызыл айгырга учкаша минип, арасына жуурkан орогон кара кийиз бөктөрүнчөккө жалпая отуруп Мамбетаалы Көкөтөйдү өңөрүп алып, катарлай жайнаган калың көчтү жандап кетип бараткан. Ак тыштуу кара көрпө тебетейдин кайруусу ылдыйлап кабагына түшүп, тондун сыртынан каптай кийген чоң боз чепкендин эки этеги ээрдин алдыңкы кашын жаап, ак курду орогон мойнун шылкылдаткансып бараткан Көкөтөйдү көрүшүп, көчтү жандай талаа менен шоодурай бастырып кетип бараткан эл бура тартып, аяңдай калып үн алыша салам айтып Көкөтөйдү тегеректей бастырып калышты. Көкөтөйдүн кыйындап баратканын көрүп зээни кейип, көзүнүн жашы мончок-мойчок төгүлүп, «О, Көкө, сакайып калдыңызбы?

Жакшы келе жатасыңбы?» – деп каңырыгы түтөгөн үнү менен Ысагаалы жанаша бастырып Көкөтөйдүн алын сурады. Көкөтөй ээрден козголо түшүп, башын өөдө көтөрүп, «Мамбетаалы жан, тебетейимди өөдө кылчы! Бул Ысагаалынын үнүбү?» – деп кабагын чытып, бурула карап, оң жагына көзүн салды.

– Ээ, Көкө, жакшы болуп калдыңызбы? – деп жоолугун алып көзүн сүрткүлөп, Ысагаалы катуураак үн чыгарып Көкөтөйдөн дагы сурап калды.

– Ээ, жакшы, жакшы. Сен Ысагаалысыңбы? – деп Көкөтөй чарчаган түрдө жоош тартып сүйлөп, алая карап: – О, жолуң болгур, мен жакшы болсом ушул калың кыргыз элимдин кара каамыт, кызыл кыргын ичинен чыгып бараткан оң оңкулдап, сол солкулдап жаткан кезинде бир атка эки киши учкаша минип, өңөртүп жүрөр белем. Жаман болуп баратамын. Калкка пайдам тиймек тургай кара жанымдын убарасын тартып, менин кандай абалда баратканымды көрүп турбайсыңбы, – деди.

Эти арыктап, өңү азып, жаны кейип келатканын көрүп Ысагаалы «Олдо айланайын Көкө ай, кайыр, кудайдын буйругу экен да, эми айланайын Көкө, жаныңды бекем уучтай көр, калктын бир тыңгылыктуу жерине жеткиче убараланып барасыз да» – деп мукактанып сүйлөй албай ыйлап жиберип «Олдо Көкө ай! Олдо Көкө ай!» – деп басылып калды.

– О, Ысагаалы сен быякы эле элдин тынч жаткан кезинде чечен-сип сөз айтчу экенсиң го. Мен жанымды бекем уучтаганымдан Каракаман, Балгартты, катары менен кечип, Жаман-Эчки, Бурканды катмары менен ашып, калың кыргыз эли менен каз катарлай көчүп, картаң кызыл айгырга учкаша минип шашып, кан тырмак, кара ниет, падышадан качып, каруум кетсе дагы бир канча жолду басып, кайран беттин каны кетип азыр калкты караандап келатпай анан жанымды бекем уучтабай алаканымды жазып жиберсем Бел-Тепшини ашпай, бери карай баспай, кыйла белди ашпай, кытайга карай качпай эле Солтонсарынын түзүндө Сокуташтын ичинде жатып калбайт белем, – деди. Ысагаалы:

– Ой, айланайын Көкө ай, эр эле экенсиң да, бардашка салып, баякы сөздөрүнөн айтып баратканын карачы. Кудай кубат берсин. Кайран эр, – деп ээрдин тиштеп Көкөтөйдү карап .калды. Тегеректей бастырып бараткан эл «кайран киши, оо кайран киши! Ушул абалда баратып айткан сөздөрүн карачы!– дешип бирин-бири карашып, – эр

экен да, ой эр эле эмес беле, кайран Көкөм» – дешип тааныган, тааныбагандар ыракмат айтып баратышат. Ысагаалы элди карап: «Атаа кудайдын буйругу ай десеңчи, Алматай ажым менен Көкөмдөр элдин тынч кезинде бир нерсе болуп кетсе казак, кыргыздын ат жетер жерине кабар берип, кызматын кылбайт белек – деди. Көкөтөй өөдө боло түшүп, боюн тушап коюп, кайкалай түшүп, оңдонуп-ондонуп отуруп:

– Ой, Ысагаалы, сен мени не деп кеп салып келатасың элге? – деп алая карап калды. Ысагаалы:

– Ээ, Көкөтөй, Алматай ажым экөөң калктын тынч кезинде бир нерсе болуп кетсеңер казак, кыргыздын ат жетер жерине кабар салып, калың бугу кызматыңарды кылбайт беле, – деп бул кишилерге сиздердин кадырыңыздарды айтып келатам. Эми аман-эсен сакайып кетсе экен деп тилегиңизди тилеп баратабыз, Көкө! – деди.

– Ээ, атаңдын көрү «чечен алжыса төө дейт» деген ушул. Ысагаалы сен жинди болуп калган турбайсыңбы, Алматай ажы экөөбүз тынччылыкта бир нерсе болуп калгыдай саздын четинде сары суу ичип, ичи көөп жатып өлгөн уй белек. Атаңдын көрү азуусун аркайтып ат өлүмү, мурутун сербейтип эр өлүмү ушундай ач бел, куу жолдо калуучу. Сен андай биздин өлбөгөнүбүзгө өкүнүп жүрсөң, мен эртеңден калбай өлүп берейин, береги Тарагай кең жер экен бугу, сарбагыш, моңолдор, черик, солто, саяк жалпы көчүп келатат, шыгырата кондуруп салып кызматыңды кылдырып салып жата бербейсиңби, көп болсо аркандан беш жүз солдат кууп келаткандыр, төрт тарабынан чыгып алып төрт жагынан төрт миң жылкыны каптатып, караңгыда аламан коюп кирсеңер сени атмак тургай таш талкаңын чыгарбайсыңбы. Билеги күчтүү бирди жыгат, билими күчтүү миңди жыгат» – деген эмеспи. Жер-жеринде жатканда кандай жок жердеки акылды таап элге чыгым салып эрмектеп, айып ойлоп жатар элең, мына, атаңдын көрү, мыкты болсоң ушундай көпчүлүк үчүн акыл таап, калкты сактап калбайсыңбы? – деди. Ысагаалы уялып кетип.

– Олдо садагаң кетейин Көкө ай, ушул быйылкы толкунда дениң сак болбодуң; арман көп да ээ, Көкө. Калың кара журттун айласы кандай болоор экен, ушинтип эле көрбөгөн жер, көрбөгөн элге баратат деп чукулап Көкөтай дагы бир сөз айтып берсе дегендей кылып кеп салып калды. Көкөтөй санын таянып, үзөңгүсүн чирене тээп, үшкүрүп коюп эки жагын каранып «Келе, балдар, чалаптан» деп, ээрдин

алдыңкы кашында илинүү бараткан кичирээк кара көкөөрдөн куйдуруп алып бир чай чыныдай чалапты жутуп жиберип:

– Ээ, – Ысагаалы жан, немине жерге баратасыңар? Кайда барып токтолосуңар? – деп сурады.

– Таң эми, Көкө, деги кытай жерине барып тынччыбагандан бери бул көпчүлүк жай алып тура албайт го. Эгин-тегиндүү жер болбосо болбойт го, Көкө, – деди. Көкөтөй көзүн жуумп алып:

– Ээ, – деп башын ийкеп, «качканга кара жер куурулат» деген ушул эмеспи. «Эмгектен качсаң дөңгөккө» дегендей, мен көргөмүн кытай жеринин бир кыйласын. Ошондо ойлодум эле «Ой Куда, сенин чеберлигиң ай, Какшаалды жер кылып, ал жерге кытай, сартты эл кылып, ал элдин урунганына качыр менен эшекти мал кылып, ошолордун башына кытайды хан кылып койгонун» деп ойлогомун. Какшаал деген аңтара бүткөн жер эле, калкы сүткор эл эле, аа барганда айдаган малың ит менен кушка жем болор. Элден, жерден адашып эчендин жүрөгү чер болор. Ээ, баатыр ай, ушунчалык элдин бак-таалайы жок дейсиңби, «түгөнөр уй түгүн жейт, түгүнөн кийин өзүн жейт» дегендей залим бадыша калкты канга боёду, ушунча элдин убалы бадышаны, манапты тынч уктатып коёбу, Көптүн каны, көпкөндөрдүн жаны дык болор оов!– деди.

Тегеректеп бастырып бараткан эл «Көкөм ырас айтат, өлгөнүбүз өлүп, өлбөгөнүбүз кайра келип жай албасак кытай жеринен жай алып тура албайт эмеспизби. «Апийим отоп, там салып беребиз» – деп эле Кашкар, Турпандын жүздөгөн, эки жүздөгөн жумушчулар кыргыздын ар бир айылдарында жан багып жүрүп кетүүчү эле» дешип бажылдашып баратышат. Ысагаалы:

– Көкө, кош эми, саламат болуңуз. Биз эки жакка кароолчу киши жиберип алды-артыбызды байкайлык. Саламат сакайып кетиңиз деп Көкөтөйдүн колунан кармап, мойнун жыттап, көзүнүн жашын төгүп «Кош эми Көкө!» – деп ыйлады.

– Баргыла, балдар, баргыла. «Көп түкүрсө көл болот, көптү баккан эр болот. Көпкө кара санаса, көзү көрбөс көр болот» дептир. Көпчүлүк үчүн кызмат кылгыла? – деп алар менен коштошуп калды. Ал күнү Кара-Сайга барып эл конуп калды. Эртеси Ыштык менен көчүп боз жалпак Май-Төргө барып конгондо маркум Көкөтөй дүнүйөдөн алыскы сапарга аттанды.

## IV. КӨКӨТӨЙ ӨЗҮ КИМ БОЛГОН?
***(Ыр менен)***

***Инв.№517. 1-бет.***

Көкөтөй өзү ким болгон?
Көп элге сөзү дүң болгон.
Көзүнчө манап тил укса,
Көрмөксн болуп жөн койгон.
Далилдеп айткан кебине
Далай адам тим болгон.

Тарыхты билген чеченден
Талашы болбойт оң, солдон.
Уруусу кыргыз – бугудан
Тынымсейит уруктан.
Эл ичинде бир чечен
Эрдиги сонун угуудан.
Жаманак ырыс уругу
Жарды адамдын кулуну.
Атасы кедей - Өмүрбек
Нарында болгон туругу.
Өсүп бирдей чоңойду
Өмүрбектин үч уулу.
Улуусу Султан, Текеатар
Көкөтөй эле кичүүсү.
Атадан булар үч болгон,
Үйүндө кайдан бүт болгон?
Баарысы кеткен малайга,
Байларга ылоо күч болгон.
Көкөтөйдүн акысы –

Үч айлык саан сүт болгон.
Козу байлап, кой кармап,
Короолуу байга туш болгон.
Койчулукта Көкөтөй
Жайы турмак кыш болгон.

2-бет
Малы жок алсыз кедейге
Ар кандай кыйын иш болгон.
Ата-энесин баксам деп,
Айласын таппай Көкөтөй
Арманга ичи жык толгон.

Көкөтөй он бир жашында
Койчу болгон башында.
Тайтуяк кийип, кой багып,
Жүрчү эле тоонун ташында.
Оокаттуу балдар жүрүшөт
Ата-эненин кашында.
Малы жоктон Көкөтөй
Малайга кеткен жашында.

Улуу агасы Султандан
Султаны өтүк ултарган.
Ортончусу Текеатар
Байларга кулдай жумшалган.
Эң кичүүсү Көкөтөй -
Ошол үчөө бир тууган.
Жаш да болсо Көкөтөй
Мал табууга умтулган.
Жашында тентек, шок эле,
Жан аябай булкунган.
Чечен болду түбүндө
Ченемсиз сөзү курчунган.
Көкөтөй атка минген соң
Булар малайлыктан кутулган.

Кедейден чыккан эр эле
Кебинин төрү толгон кан.
Он сегиз жашка чыкканда
Ботокан салды жылкыга.
Ууру, бөрү жолотпойт,
Көз ирмелтпей уйкуга.
Малым аман болсо деп,
Карабаган тынчына.

3-бет
Мал бакканга ыктуу деп,
Жылкыга өтө мыкты деп,
Көкөтөй баккан көп жылкы
Жуттан семиз чыкты деп,
Олуя менен кармашып,
Орой чалып жыкты деп,
Ботоканга кеп салды
Байгазы баатыр сөз айтты.
Малчыңдын жайын уктум деп,
Аңыз кылып Байгазы
Ботокан болуш агасы
Жылкычысын берсин деп
Суратыптыр чамасы.

Байгазынын жигити
Бай, манапка арачы.
Малайды малча кыдырткан
Манаптарды карачы!
Алып кетти Көкөмдү
Атасынын колунан.
Баккан малы көбөймөк
Малчынын болот жолунан.
Байгазы иним сураса,
Барсын деген Ботокан.
Үйүнөн кетти Көкөтөй

Үйүрлүү айыл-тобунан.
Бересенин малындай
Берилген эрки жогунан.
Өлсө да издээр киши жок
Көкөтөйдүн соңунан.
Жетиндим деп малчыга
Байгазы чыкты оңунан.

4-бет
Байгазыга барды эле,
Малга көзүн салды эле.
Жылкыга жайлуу жайытын
Жылдырып Көкөм чалды эле.
Жазында семиз бээ төлдөп,
Кулунун аман алды эле.
Желеге байлап көп кулун,
Жыбырап туруп калды эле.
Көкөтөй саап, ачытып,
Кымызга айыл канды эле.
Он эки айга бир тайды
Акысына алды эле.

Үч жылы багып жылкыны
Үйүнө келди сагынып.
Жылкычы кылды Ботокан
Көкөтөй кайра табылып.
Бакмачысы келиптир
Барганда көрдү кабылып.
Көкөтөй ооруп жатат деп,
Тура албай төшөк салынып.
Байгазы баатыр эртелеп,
Малай таап алыптыр.
«Бара албай калды Көкөтөй
Башканы жылкыга салыңыз!»-
Байгазыга Ботокан
Барба деп айтып жалынып,

Жашырып жылкыга жиберди.
Ботокан байы камынып,
Бошоно албай Көкөтөй
Калгандай торго чалынып.
Алмак-салмак манаптын
Жылкысын багып көп жүрдү.
Уругум бугу экен деп,
Ушуга кетсем деп жүрдү.
«Тентиген кедей!» дегенде
Теги убайым жеп жүрдү.

5-бет
Жыйырма сегиз жашында
Бугуга кетти элим деп.
Сарыбагыштан кутулуп,
Санаам тынды эми деп.
Тентиген жалгыз томаяк
Тегиң бугу деди деп.
Айыл конду ырыска
Ата конуш жери деп.
Торпокчо мени кыдырттың
Токтой тур манап, сени деп.
Сөөгүмө далай жетчи эле
Сөгүп айткан кеби деп.
Байлардан кетпес кедейдин
Башынан көргөн кеги деп.
Акымды толук бербестен
«Айыбың бар.-деп,-жеди»-деп.
«Беттешсең берем жаз алды
Бергелчи манап эми!»-деп.
Көкөтөйдүн жоругу
Көрсөңүз мындай боруму.
Ар мүчөсү тептегиз
Азаматтын толугу.
Айтып берген сөзүнөн
Алтынга баалуу сонуну.

Букта моюн, аркар көз,
Буура булчуң, кулжа төш,
Куюлушуп турчу эле
Кубанткандай кызык сөз.
Келте мурун, дөң кабак,
Кеби сонун миң сабак.
Жаян ооз, жазы жаак
Таш түлөк бүркүт өңдөнүп,
Талыбаган кең тамак.

6-бет
Талаш сөздү чечүүчү
Таамай айтып эбин таап.
Тартынбай сөккөн тилине
Талып калчу не манап.
Орто бойлуу кең далы
От жүрөк кедей балдары
Өзү өткөргөн доорунда
Өзгөнүн тилин албады.
Өнөрү болгон кызыл тил
Өткүрлүк сөзүн сайрады.
Өкүмсүгөн чоңдордон
Өлөмүн деп тайбады.
Кырдаалдуу жерде токтолбой,
Кызыл тилин кайрады.
Кыргыздан чыккан бир чечен
Кыйлага кебин жайганы.
Кыянатчы бий, болуш
Кылычтап нечен айдады.
Кайраты кабат эр неме
Калтаарып эстен тайбады.
Кара сөз менен кубантып,
Кар болбой тапчу айланы.
Кекенген жоосун эритип,
Кебинен көргөн пайданы.
Бардык ишке эби бар,

Балдан таттуу кеби бар.
Башынан берки адаты
Манапка каршы жери бар.

7-бет
Бакырлыкка жабыкпай,
Байдан артык деми бар.
Басмырлаган чоңдорго
Баш ийбеске эби бар.
Адамдан эч бир жалтанбас
Анык баатыр чени бар.
Баатырларга жүрөктөш,
Балбандарга билектеш,
Бай, манапты жек көргөн
Бакырларга тилектеш.
Бадалдан марал жүктөгөн
Барчындарга түлөктөш.
Сүйгөн эмес кожону,
Сүйлөткөн эмес молдону.
Алдамчы бакшы, бүбүгө
Асылбай Көкөм койбоду.
Кекенгенге намысын
Кетирген күнү болбоду.
Манаптар салган чыгымдан
Бакырларды коргоду.
Кедейдин акын талашып,
Кеп менен кууну сомоду.
Көкөтөйдү бий, болуш
Көрө албай нечен торгоду.
Болуш, бий өлсө Көкөтөй
Бозоруп ыйлап койбоду.
Томсоргон кедей сени деп,
Тогузду далай ойлоду.
Ойлогон менен мал бербей,
Орошон Көкөм кармашып,
Ок жыландай сойлоду.

Он алтынчы жылында
Оорудан кетти болжолу.

8-бет
Байгазы менен марашкан,
Байтерек менен кармашкан,
Баатыркан, Маймыл, Садырдан
Эл намысын талашкан.
Солто менен согушкан,
Сарыбагыш менен салышкан.
Уруучулдук заманда
Ураандашып калышкан.
Казактан чечен беттешип,
Канчалык сөзгө барышкан.
Баатырлардан кеп салып,
Байыркы нарктан жарышкан.
Баш кошкон калың жыйында
Бардык чечен кагышкан.
Байгелүү болгон Көкөтөй
Бала кезден даанышман.
Кедей да болсо Көкөңдүн
Кебинин түрүн көргөндө
Келе албай манап каршыккан.
Кайдуунун уулу Чокодон
Канча бир чечен мокогон.
Кабылып калса Көкөтөй
Чоконун жаагы бошогон.
Ысакаалы сагынган,
Сөз угууга камынган.
Көшүлгөн чечен ал дагы
Көөмөйдөн сөзү табылган.
Көрбөгөн адам сүрдөөчү
Кененбай менен Сагындан.
Кеп салыша келгенде
Көкөңдөн баары багынган.
Көпчүлүктү көргөндө

Көрүнөө чечен Көкөтөй
Көк шумкардай чамынган.
Көзү өткүчө коркподу
Көп чогулган топтордо
Купуя кескен жалындан.
Өзү кедей тукуму
Өнөрү тилден табылган.
Өкүмсүнөм деп манаптар
Өлөрчө болуп калчу эле,
Өпкөгө тийген кагындан.
Өнөрү тилде бир чечен
Түп кетпеген илгери
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . .

# V. КЫРГЫЗДЫН УЛУТТУК ОЮНДАРЫ

## 1. КЫРГЫЗ ЭЛИНИН УЛУТТУК ОЮНДАРЫН ЖАЗЫП БЕРҮҮЧҮ АДАМДЫН КЫСКАЧА ТАРЖЫМАЛЫ ЖАНА ЖАЗГАН УБАКТЫСЫ

Мен, Актан Тыныбеков, 1887-жылда Тянь-Шань облусу Нарын районунун Миң-Булак селсебетинин «Өрнөк» колхозунда туулгамын. Атам Тыныбек Жапыев деген киши 18 жашынан Манас баатырды ырдап жүрүп, ошол манасчылыктын аркасы менен бий болуп өткөн киши эле. Ал 1844-жылында туулуп, 1900-жылда, 56 жашында өлгөн.

Мен болсом, ошол, 1900-жылы 13 жашымдан тартып комуз үйрөнүп жүрүп 18 жашымда Көтмалды деген жерде топто Мураталы, Калык, Куйручук, Карамолдолорду көрдүм. Ошондон тартып комузчу болуп келдим. 1923-жылда сабеттик олисбөлком болуп иштедим. 1928-жылдан 1931-жылга чейин волостук табарышыстыба болуп иштедим. 1932-жылы башкарма болуп колхоздо иштеп туруп, 1933-жылдын 1-мартынан Кыргыз театрында иштеп келип, 1936-жылдын октябрь айынан тартып 1946-жылга чейин кыргыз филармониясында иштеп турдум.

1940-жылдан бери кыргыз жазуучуларына мүчө болуп, колдон келишинче, чыгармаларымды берип турамын. Жана кыргыз илим изилдөө бөлүмүндө да «Көкөтөй», «Таша Кудаш» деген эки поэма кол жазмаларым 1941-жылдан бери ужутка ашбай жатат. 1941-жылдагы Ата Мекендик согушка арнап жазган кыскача чыгармаларым болсо бирин-сериндеп филармониянын артисттеринин номурларында эл арасында айтылып жүргөндөрү бар. Көпчүлүгү архивдерде калды. Жана ушул убактарда да жазуучулар союзуна, илим изилдөө бөлүмүнө колдон келген эски, жаңы чыгармаларымды берип турамын. Бирок көрүнөрлүк эмгекти сиңире элекмин. Анын себеби, чоң эмгек кылууга, биринчиден, билимден кабарым аз, окумушум жок. Экинчиден, кемандиրөпкеде көп жүрөмүн. Үчүнчүдөн, жашым 59 да

жана ден соолугум начарыраак. Ушул кыргыз элинин улуттук оюндарын жазып берүүдө да кыйла шарттарды эсимден чыгып калгандыгы сезилди өзүмө. Кыскача тарыгым ушул.

## 2. КЫРГЫЗДЫН УЛУТТУК ОЮНДАРЫ

Кыргыз элинин тойго керек болуучу жана жоокерчилик убактарда алып жүрчү инструменттери: сурнай, керней, чоор болучу. Комуз, кыяк(тарды) болсо ырчылар азыркы убактарда пайдаланып турабыз. Булар эч качан жоголбос орун алды. Себеби музыкалашып жана буластинкеге алынып, нотага жазылып маданият инструменттери болуп калды.

Бизден калып бараткан инструменттер: чоор, сурнай, кернейлер болуп баратат. Кыргыз боюнча Жунушалы деген Талас облусунун Киров атындагы райондо гана бир киши бар. Ушул керней, сурнай, чоор – кыргыз элинин шаңдуу инструменттеринин бири эле. Эми кыл кыякчылар да аз болуп бараткансыйт. Доолбас деген ал жоокерчиликте гана керек болучу. Анын азыр дайны жок нерсе деп ойлоймун. Төмөнкүдөй тамашаларда чоор, сурнай, кыргыз элине көп кызмат берген. Себеби «ат чубат-ат чубат» дегенде чоорчулар аттардын алдына түшүп алып жөнөй баштаган. Сурнай тартып бир жакты бет алса элдин баары ошол жакка бет алып жөнөп калып, сурнай токтогон жерге эл токтолуп калган.

1-түшүнүк. Кыргыз элинин бир миң жыл чамасындагы ойнолуп келе жаткан улуттук оюндары: «Балбан күрөш», «Эр сайыш», «Жамбы атыш», «Ат чабыш».

Бул оюндар Манас баатырдын убагындагы Көкөтөй хандын ашында ойнолуп өткөндүгү бардык элге белгилүү. Себеби, манасчылар илгертеден бери айтып келе жатышат. Жана Манастын уулу Семетейдин убагында улак тартуу дагы болгон экен.

2-түшүнүк. Кыргыз элинин үч жүз жыл чамасынан берки келе жаткан улуттук оюндары: «Балбан күрөш», «Эр оодарыш», «Көз таңмай», «Аркан тартышуу», «Таз сүзүштүрүү», «Тыйын эңмей», «Жылаңач чабышуу», «Өпкө чабышуу», «Жөө чабыш», «Эр сайыш»,

«Жамбы атуу», «Улак тартуу», «Айгыр чабуу», «Аялдардын сайышы», «Аял оодарыш», «Ат чабуу», «Кыз куумай», «Ордо атышуу», «Тогуз коргоол оюну», «Упай атышуу», «Кыз берүүдөгү майда оюндар», «Төшөк талашуу», «Кыз оюну», «Чакмак алышуу», «Оромпой тебүү», «Дүмпүлдөк», «Шабиет оюну», «Элден-элден эл чабар», «Токту сурамай», «Селкинчек», «Ак чөлмөк», «Жөө оодарыш», «Сартча алышуу», «Чикит чапмай», «Көлгө түшмөй», «Жашынмак», «Маңгал уруу», «Жоолук таштамай», «Эшек секиртмей», «Каным, дат!», «Жедирмек – сасымай», «Кан таламай – өкчөмөк», «Уюм тууду», «Төө чечмей».

Кыргыздын улуттук оюндары түрлүү мезгилдерде болот. Чоң аш, чоң тойлор боло турган болсо, абал мурда ошол аш, той берүүчү кишилер өз жамаатындагы эстүү кишилерге кеңешип туруп, ошол бир болуш же бир район элинин ар бир топ башы адамдарына кеңешүү үчүн үй көтөрүп, мал союп камынып туруп, көпчүлүк элди чакырат. Ал бир район элдин ар бир айылдарынын убакилдери келип, бул аш берүүчү кишинин ашты чоң берерине ылайык боло турган кубатын өлчөп көрүшөт. Маселен, канча район же канча дубан элди чакырууга туура келет. Канча үй тигилсе келген конокторго жетишет жана канча күнү конок алынат.

Мисал кылып айтканда кыргыз элин бүт чакырса жана чектеш туугандар: казак, өзбек элдериндеги сөөк-тамырларын дагы чакырууга туура келет. Андыктан казак, кыргыз, каапыр, мусулманды чакырган чоң аш болду делет. Андай чакырылып калган убакта бул аш берүүчү айылдын бир району бүт дээрлик конок алууга болот. Андан кийин ошондой көп элди чакырганда ат чабыштын байгесин долбоорлоп коёт. Маселен, 25 атка байге сайылса биринчи аттын байгеси беш жүз жылкы же миң кой жана башкаларга окшогон... Бул кеңештеги элдин баарына макул болгон убакта ошол элдин кеңеши боюнча жогорку айтылгандай көп элди чакырып бир ай мурда кат жазып кабар берет: «Балан айдын он бешинде балан жерге конуп, балан күнү кемеге казылат» – деп. Ошол каттын сөзүнө карай кабар уккан элдер камына баштайт. Күлүк, жорголорун таптап жана кыйын саяпкерлерге күлүктөрдү таптатып, балбандарга теке жаргак шымдарын жана сайышка кире турган кум салып жасалган кементайларды, ээр токум, жакшы аттарды камдап, жөө балбандарга буудай майлап

берип, узун арканга жаткырып, бир убак күрөш, сайыш, оодарышка окшогон оюндарды эскертип, өздөрүн туушап турушат.

Аш берүүчү элдер болсо айтылган жерине убагынан калбай болжолдуу үйлөрдү алып келип тигип, союштарын белендеп коюшат. Жана аш берүүчүнүн сөөк-тамырлары дагы үй тигип конок алууга камынып турат. Баягы болжолдуу күнгө карап күлүк аттуу элдер ат сүрөй турган эл сүрөөнгө бараарлык тың аттардын этин жеңилдетип жаратып жүрүүчү.

Баякы кабардагы каттын болжолуна карай аш, той берүүчү элдер даярланып турганда алыстан келүүчү элдер дагы келип конокко алынуучу. Эртеси элдин баары атганып тамаша кылуучу жерге жалпы чогулганда сурнайчылар сурнайын, жарчы болуп аталган ырчылар боло турган тамашанын байгесин жана кайсы урук менен кайсы уруктун беттешээрин дааналап жар чакырып, элди жалпы аттан түшүрүп, аттан обочо олтургузат. Аш, той берүүчү элдин башлык кишисин абдан чоң киши кылып көрсөтүп, элге мындай дейт:

Калк чогулган кеп айтат,
Баланча баатыр бек айтат.
Уруулуу элге той кылган
Ушунча журтту кондурган
Түкүнчө баатыр лөк айтат.
Атыңды минип дүрбөсөң
Бириңди бириң жүр десең
Азабыңды көрөсүң
Атыңды түшүп бересиң.
Аиы менен тим болбой
Алты ай набак төлөйсүң.

БАЛБАН КҮРӨШ. а) балбан күрөш аштарда, кыз берген тойлордо, бала олтургузган тойлордо, келин алган тойдо, кээде чоң жоро, чоң шернелерде, айттарда жана советтик чоң майрамдарда болот. б) балбан күрөштүн тартиби: Аттана чаап дурбөп калса ырайымсыз атын жыгып алары чын. Жана боло турган тамашаларды башкарып калыс болуп тура турган ар бир урук элден бирден киши калыс болуп элдин орто жеринде атчан турушат. Эл тынчтанып калган кезде ырчылар дагы жар’ чакыра баштайт:

Багалектен түрүшкөн,
Булчундарын үзүшкөн,
Эл намызын кетирбей
Букаларча сүзүшкөн,
Балбандыгы Кошойдой,
Басмырттыгы ошондой,
Балбаның болсо топко сал,
Жыгып берсе байгеңди ал.» – дейт.

Теке жаргак шымдарын тизеден жогору түрүп багалектин учун көзөп ычкыр кашатка кошо байлап, кең шымдарын балактатып, чапанын жамынып, өзүнүн элин кыдыра басып сыңар тизелеп олтура калып, колун жайып, элден бата алып көпчүлүктүн «үстүн бол!» деп «чур» дей түшкөн алкышына бел байлап күрөшкө чыгат. Атактуу чоң балбандар сүзүшкөндө чоколок жалгызаяк чийлер жыңайлак буттун бармагы менен буурсундун мокок тиши алгандай чийлер жулунуп калат. Чындап кармашканда билекте, моюндан, кый сүбөдөн кармашканда балбандар аябай кармап билеги сыйрылып, моюн кызарып жана сүбөнү жулуп да алышат. Агер чалмачы балбан болсо, таамай чалып алса жыгып же жыгылып тынат. Чалмачы балбандын көпчүлүгү жыкпай койбойт. Байгесине кайсы жыкканы бир тогуз малды алып кетет.

ЭР ООДАРЫШ. Анын артынан оодарышка чыгуучу балбандарды алып чыгарда бир урук элдин жарамдуу аттарын алып келип, эки киши минип алып качырышып’ көрүп жана тартышып көрүп аттардын басымдуусун токуп, ээрдин үстүнөн тарткан басмайылдан башка ээрдин алдыңкы тарабынан дагы бир басмайыл тартып, үчтөрт камчыны арасына салып, көрпөчөнү бөктөрүп боочосун абдан бышыктап, багалегин учунан канжыга менен шыйбылчакка бек байлап, өтүктүн кончусуна салып кийгизип же бугу чылбырдан ычкыр өткөзүп байланат. Башын жоолук менен бууп же болбосо топучан болот. Өтүк, шым, топудан башка кийим болбойт. Бирак эмчектүү үзөңгү теминет. Ал колдон же шымдан алып тартып турганда наркынын атын омуроого же колтукка тээп тартса, наркы аттын эти обруганда качык болуп майышып калсын деген амалы болсо керек. Бул оодарышта түрлүү айлаларды кылат. Кээ бир балбандар тартышкан жагы үзөңгүнү бутунан чыгарып жиберип атынын нар жагына түртүп

жиберет же ошол бутун ээрге басып да алып кетет. Агер өтүгү сууру-луп кетсе алдырбай калат. Албетте аттын жакшысы көп жөлөк болот. Бирак да бир минип түшкөндөн башка ат же кийим которуп жаңыла-байт. Жана кайра оңдобойт.

КӨЗ ТАҢМАЙ. «Көз таңмай» деген оюн ашта, тойдо жана келин алуу, бала олтургузуу, чоң жоро, чоң шернелерде болот. Бала төрө-гөндө көз таңмай деген оюндун тартиби. Ал көз таңмайга ар бир та-лаптуу киши чыгат. Мен чыгам деген кишинин көзүн баягы калыс кишилерден келип бул урук элдин кишисинин көзү башка бир урук-тан чыккан калыс киши өтө тыкыс жоолук менен жылчыксыз бай-лайт. Алардын көзү байлана электе элдин орто жерине узун таяктын учуна жоолук байлап жерге бекем сайып койгонун көрсөтөт. Анын байгесин жарчылар мурда угузган болот. Көзү таңылган кишилер-ди жанагы таякты таап ал деп туш тарабынан баарын тең коё берет. Мында карап олтурган көпчүлүк элге күлкү пайда болот. Анткени баягы кишилер ар бир жакка темселеп кулачын жайып баса берет. Кээ бир кыраакы сымак кишилер таякты бет ала басканда анын эли «Оо, кургурум, эми түз баскай эле» деген сөзгө келет. Бирак киши-нин атын айтып катуу үн чыгарыш элдин коолусунда болбогон үчүн өз ара гана акырын сүйлөп олтурушат. Баягы таякты көздөй бараткан киши өтүп кеттимби деген ой менен кайра тартып же башка жагын көздөй бурулганда эл күлүп калат. Башка бир кишилер ылдам басып олтуруп отурган элди карай келатканы да болот. Кай бирлери элден узай албай эле тегеренип жүрө берет. Бул ортодогу көзү таңылган жыйырма-отуз кишинин ар биринин ар бир жакта жүргөндөгү. бо-румун көрүп эл күлө берет. Кайсы бирлери кулачын жайып баратып бирине бири урунуп алып чочуп кетет. Экөө эки жакка жалт берип кетишет. Анда дагы күлкү. Кай бирлери бирин бири кучактап така-лат. Агер арык же ийиндүү жерлерге дуушар болгондору көмөлөнүп кетет. Анда бир амал болот бир киши таякты көздөй түз баратса анын өзү тарабынан бир үнү белгилүү киши арка жактары күлүк аттарды бастырып турган балдарды чакырган болуп катуу үнү менен бери эле түз бастырып кел деп артын карап кыйкырат. Ошонун үнүн болжоп баягы киши таякты таап алуу мүмкүн. Бирак андай амалдар мурун эле макулдашып алгандыгы белгилүү.

АРКАН ТАРТЫШУУ. Ал тамашанын артынан аркан тартышуу болот. Аркан тартышуу дагы аш, той жана келин алуу, бала отургузуу, чоң шерне, чоң үлүштөрдө, бала төрөгөн тойдо ойнолот. Аркан тартышуунун тартиби. Аркан тартышууга абдан балбан жана салмактуу киши чыгат. Алардын дагы шымдан башка кийими болбойт. Мойнуна гана бир калпак коюп коёт. Аркандын эки учун туюктап түйүп коюп эки кишини мойнуна туюк жагынан илип, боорунан алып барып .эки бутунун ортосунан чыгарып кежигесине калпактын үстүнө арканды илет. Элүү саржан жерди теңеп туруп ортосунан чек кылып туура чийип коёт. Бул эки балбан моюндарын жикирейтип, белин дөмпөйтүп жыңайлак буттарынын бармагын жерге сайылтып, эки колдоп чөптүү жер болсо чөптү мыкчып, чөп жулунуп кетсе жерди тырмап, алынын бардыгынча тырмышып айласы келсе жерге жабышып калучуудай чектен чыгып кетпештин амалын кылат. Агерде тигинин бутун бир тайдырып жерден козгоп алса токтотпой сүйрөп кетүүнүн аракетин кылат. Сүйрөтүп жиберген балбандын жылып бараткан түрү – тумшугун жашырган кашкулактын көрүнүшүндөй болуп, колу-буту биригип бооруна чогулуп түйүнчөктөй болуп баратканын көрөсүң. Ошол учурларда сүйрөп бараткан балбандын тарабы «Тарта көр эми, тарта көр!» деп чуулдашат. Сүйрөткөн балбан өтө көп жерге сүйрөтпөс үчүн боюнун салмагын салса дагы эки колу арканда болот. Чектен алыстап кете электе мойнумдан арканды чыгарып жиберсем деген ой менен... Анын өз жагы жымжырт болуп ызалангансып калат.

ТАЗ СҮЗҮШТҮРҮҮ. Эң чоң аш, эң бир чоң тойлордо таз сүзүштүрүү болот. Башка убактарда таз сүзүштүрүү боло бербейт. Таз сүзүштүрүүнүн тартиби. Бул таз сүзүштүрүүгө эң бир уялбаган шайыр, элге күлкү чыгаруучу кишилерден чыгат. Булар дагы эки урук элден болот. Аларга жаргак шым кийгизип, желеткичен, жылаңбаштап алып эки тазды эки киши коштоп элдин так ортосуна алып келип, аркан бою жерден кое берет. Эгер куудулдугу ашыгыраак таз болсо, буканы туурап колу менен жерди чапчып топуракты алып ыргытып, букача мөөрөп, тиги тазды маскаралап, элди күлдүрүп жүрө берет. Анда берки таздын да жини келип тигини катуу сүзүүгө ызырынып жүрүп, жакындай түшүп, оңуна келе калган кезде качырып барып

күч менен катуу сүзөт. Ал убакта кайсы бир баш териси жукасынын башынан кан жайыла бергенин көрөсүң. Ал башы канаган таз дагы тигинин башын канатууга аянбай сүзөт. Бирак таз кишилердин башы өтө оорукчан болуу керек, анткени бир-эки сүзүшкөндөн кийин эле бири кача баштайт. Элди күлдүрүү үчүн качкан тазды качырган таз тиги тарапка жеткизе кууп барып кайтат.

ТЫЙЫН ЭҢМЕЙ. Тыйын эңмей деген оюн ашта, тойдо жана чоң жоро, чоң шернеде, келин алган, бала үйлөндүргөн тойлордо жана үлүш берүүлөрдө болот. Тыйын эңмей майда оюндардын бири. Тыйын эңүүнүн тартиби. Тыйын эңүүгө баягы элдин ар бир уругунан экиден, үчтөн гана кишини алып чыгат. Алардын баарысын бир жерге топтоп туруп, элдин ортосунан чарчысы бир метр жерди такырайтып коюп, ошол жердин ортосунан он тыйын баткыдай жерди ойгонсуп, он тыйынды ошол жерге коюп, баягы тыйын эңчү кишилерди кезеги менен бирден жумшап турат. Бирак ал тыйын эңгени бараткандарды өз эркинче койбой тыйын таштаган жердин бери жагында атайылап бир киши турат. Ал турган кишинин жумушу эле тыйын эңгени бараткандардын атын сооруга чаап текирең таскак менен барып жердеги тыйынды эңүүнүн шартын бүтүрүп туруусу болуучу. Кээ бир тыйын эңүүгө машыккан жигиттер эңкейгенде майышпай турган жалпак, чың келген жорголордон минип алып ар бир келгенде эңип турат. Тыйын эңүүгө маш болгон аттар да болот. Киши канчалык жерден эңкейип баратса да майышып же мүргүп кетпестен түз гана таскактап кете турган. Бул тыйын эңгендердин байгесин ар бир эңип кеткендери үчүн мынча сомдон деген болжолу болот. Тыйынды эңип алып барары менен баягы эңүүчүлөрдү топтоп турган жерден бир киши айтылган акчаны берип турат. Кай бирлери ат-маты менен же өзү жыгылып калгандары болот.

ЖЫЛАҢАЧ ЧАБЫШУУ. Жылаңач чабышуу чоң аш, чоң тойлордо гана болот. Башка майда аш, майда тойлордо болбойт. Анткени жылаңач чабышуу эр сайыш катарлуу оюндардан болот. Жылаңач чабышуунун тартиби. Жылаңач чабышка эң бир кайраттуу, шамдагай, өжөр кишилерден чыгат, булардын экөө эки урук элдин баатыры деп эсептелет. Аларга жалтанбаган же мүчөлүү жана качса кутулуп,

кууса жете турган курч жана өкүм күлүк сымал аттардан миңгизет. Кадимкидей бөктөрүнчөк бөктөрүп, эки басмайыл тартып теке жаргак шым, калың булгары өтүк кийгизип, башын жоолук менен бек таңып, өзүн жылаңач коёт. Колуна бир камчы алып жана бир камчыны сол жак белине кыстарып алат. Жана эки баатырга эки киши экиден камчыны алып белендеп турат. Алардын алган камчысы өзөгү бек, көгүн майда тилип шыкай өргөн, алакан жагы калың булгарыдан жасалган, сабы ыргай же табылгыдан болот. Бүлдүргөсү жонуккан эски кайыштан болот. Аларды бирден киши жетелеп барып жакындатып коё берет. Булар качырышып келип, кайсы каалаган жерине тартып өтүшөт. Агер жылаңач далыга, же капталга чапса сөзсүз кан жошула берет. Эти ооругандын ачуусу менен баштагыдан бетер сабашат. Карап олтурган элге чапкан жеринен чаң чыккансып көрүнөт. Кай бир кишилер булардын чабышканын көргүсү да келбейт. Бир камчысы үзүлсө жана бир камчысы менен чабышат. Ал үзүлсө жанакы киши кармап турган камчыны алып чабышат. Бирак булардын биринин эти канап, бири аман калбайт. Жылаңач болгон соң камчы тийген жерлер кубара түшүп эле бирпастан кийин кан чыга баштайт. Агер качып кетейин десе аттанарда өзүнүн манабы бата берүү менен бирге «кудай урган кокустан качып берип биздин намызды кетирбе. Баланчанын баатыры качып калды деп жаманатты кылып»,– деп тигил урук элинин манабынан бас түшүп калам деген ой менен баатырга эскертип койгонун эсинен чыгарбай, өлсөм да качпайын деп жанынын кыйналганына карабастан сабашып жүрө берет. Агерде берки баатыр жылаңач чабыштын ыкымын алып мурда машыккан киши болуп же машыккан кишилерден угуп калып, эсинде жүрсө колдун карысына же колдун манжасына, же камчы сап менен көкшилиге, же тизеге, же буттун башына чапса тигини сөзсүз качырат. Анткени бул айтылган жерлер өтө талуу болгондуктан чабышууга жарай албайт.

ӨПКӨ ЧАБЫШУУ. Бул тамаша көрүп отурган элди дүрбөтпөс үчүн өпкө чабышуу деген болот. Өпкө чабышуу чоң аш, чоң тойлордо гана болот. Майда оюндарга кошулбайт. Анткени элдин көп чогулган жерлеринде, намыздашчу жерлерде болот. Өпкө чабышуунун тартиби. Ал өпкө чабышуу дагы таз кишилер аркалуу оюн болот.

Жаңкыдай эле мыкты аттан мингизип, бөктөргүч байлап, баштарын жылаңбаштап, колуна камчы бербей эле ашка союлган жылкылардын өпкөсүн кекиртеги менен алып келип колуна берип, жанакыдай эки киши коштоп келип, эки тазды бет кылат. Ал таздар өпкө жумшак эмеспи деп эки-үч чабыш менен өпкөлөрү үзүлүп жалаң гана кекиртеги кодоюп колунда калат. Бирок бүтүн кекиртек дагы жаман-жуман камчыга бергис катуу болот. Жана жакында үзүлбөйт. Ошол кекиртекке чыдай албай башка беш-алтыны жегенден кийин качып берген таздар дагы болот. Аны дагы шамдагай, өжөр, эр жүрөк таз койбой качырат. Жана аты мыкты болсо тегерене коюп өмгөктөтүп кекиртек менен шыкылдатып сабап жибергенде чыдай албай башын калкалап, жалакай таздар аттан түшө качат. Качпасын дегени менен жукарган башын кекиртек бат эле айра чаап жиберет. Булардын чабышы дагы элди күлдүрөт.

ЖӨӨ ЧАБЫШ. Ошол эле олтурушта элдин жогору-төмөн жагынан жол ачып коюп, ал жолдорго элди дүрбөтпөс үчүн баягы калыс кишилерден туруп жөө чабыш болот. Жөө чабыш оюндары ашта, тойдо элдин көп чогулганында гана болот. Жөө чабыштын тартиби мындай болот. Жөө чабышка ар бир көңүлдүү кишилер өзү чыгат. Алардын тогуз же жети кишиге кадимкидей байге саят. Маселен, чыгып келген кишинин байгеси ат болсо, экинчи кишиге тай, анан кой, анан козу, анан улак дегендей болуп байге саят. Булардын байгесин жана канча кишиге байге бар экенин жарчы угузат. Жөө чабуучу кишилер жыңайлак, көйнөкчөн болуп эки колуна алма же таш алып жөнөшөт. Аларды кадимкидей атчан кишилер айдап, беш же төрт чакырым чамасында жерден коё берет. Алар айдап бараткан-да мата жүктөгөн эшектей агарып, мадыраңдап бир түрлүү көрүнөт. Анан кайра тартып жүгүрүп келе жатканда кадимкидей чаң чыгып кыйла жерге чогуусун жазбай келет. Жол теңинен өткөндөн кийин бириндеп чубала баштап курчтары кийиндей берет. Кадимки күлүк атча аркадан жетип, улам биринен чыгып, бир чуркаганын жазбай салмак менен келаткандары улам элге жакындаган сайын арышын узарта берет. Көкүрөгү таза, күчү бар кызматты көп-көп иштеп, эгин оруп, чөп чаап жумуш менен эти катып сууп жүргөн кароосу бар кишилер эле алдын талаша келет. Анан азыраак иштеп коюп, карчытым

деп кайшактап жатып эс алуучулар жол теңине келгенде эле кийиндей баштайт. Жаңкы алманы эки колуна кармап кеткендер болсо чуркап келе жатканда кайсап жеп алган окшойт, кайра келгенде колунда алмасы жок болуп калат. Берки таш кармап кеткендердин колдорунда таштары жүрөт, ошол таш колду күүлөп кишини жакшы жүгүртөт деп алган амалдары болсо керек.

ЭР САЙЫШ. Өтө чоң аш, өтө чоң тойлордо эр сайыш оюну болот. Эр сайышууда эки дубан эл бет болот, баатырларын чыгарат. Же эки обулус эл беттешкен болот. Дубан деп обулусту айтуучу. Эр сайыштын түрү мындай болот. Эмки келе турган тамашада жарчылар элди кайсы урук эл менен кайсы урук элдин баатырлары сайышаарын айтып кыдырата бастырып жар чакырат:

Ат жакшысын мингизип,
Ак олпок, зоот кийгизип,
Алмамбеттей айбаттуу
Кан Кошойдой кайраттуу.
Бет алган жерден чураткан,
Берт кылып жоону сулаткан,
Көз ирмебей түз сайган,
Көкөтөйдүн ашында
Көкжал Манас баатырдай
Көмөлөтө бир сайган,
Баатырың болсо топко сал.
Эр сайып берсе байгенди ал! –

дейт. Ал учурда төө баштап тогуз жылкыны элдин орто жерине алып келип, эки-үч киши кармап турат. Баягы эр сайыш үчүн тапталып жүргөн баатырлар тиги тараптан балан баатыр чыгат дейт деп, авазалап ат жакшысын тандап, эки атты эки кишиге мингизип, колуна бакан берип «шагыр-шугур» эттирип, сынап көрүп же болбосо мурунтан өзү минип эр сайышка кирип көнүп калган атын токуп даярлап, бир кишиге жетелетип коёт. Ал атты токунууда мындай болот: ичмеги жумшак калың тердикти атка салып туруп жукалык кылбаса, кабыргасы жок же тердиктин үстүнө жука ат жабуу кошуп борбусу бийик, кыргызча нан баш ээрден токуйт, баякыдай төрт-беш камчыны арасына уруп көрпөчөгө кементайды ороп бийик кылып бөктөрөт.

Аттын көкүлүн типтик кылып чырмап түйүп, куйругун белине чейин коёт. Сайышка түшчү баатыр табылса эки жаргак шым киет. Желеткенин сыртынан теминги деген калың булгарыдан жасаган нерсени коюп, бир жагын аркасына коюп, аны жылышып кетпес үчүн ар бир жеринен көзөп туруп канжыга менен чарыйт. Темингини кай бир кишилер шартылдак деп аташат. Анын жетпеген жерлерине катуу жаңы калпакты эки кат же төрт кат кылып коюп табарсыктын тушуна сөзсүз төрт кат калпак коёт. Булардын баарын матаны жазып туруп белден, алаадан, эки ийинден, колтуктан алып чырмап салат. Ал баатырдын кум салып жасаган кементайы болот. Жакасы эки кулакты тиреп турган көкүрөк жагы катталып эки кат болгон колтук, бөйрөк жактарын эки кат кылып шырыган. Эки жеңинин чыканак жана колдун бүгүлүшүн жумшак кийизден салган арткы этегин ээрдин арткы кашынан өткөн жеринен тилип койгон. Жеңинин учун колдун муунунан кыса топчулап койгон кементайды кийип, анын сыртынан чыт чапан кийип, башын кызыл же ак жоолук менен бекем байлап, эки санын мата менен өтө калың эмес чырмап алып камчысын канжыгадан боо кылып асынып, алып, өз тарабын кыдырата же жөө басып жүрүп сыңар тизелеп олтура калып, камчысын мойнуна салып бата алып, колтуктатпай өзү аттанып турат. Баатырлардын колунда бирден найза болот. Он же сегиз найзаны сайыштын ыгын билген эки жактан эки киши он же сегизден найзаны кармап турат. Ал найзалардын баарысы узун-кыска эмес тепетең болот. Аны калыстар атайы теңеп койгон болучу.

Ушул найзаларды колуна алып бирин бири карап, атын камчыланып күүлөп кооп турганда, машыккан аттар дагы тиги найза алган жакты карап кулагын тикчийтип турат. Эки баатыр тең элге тегиз көрүнгөндө жарчылар башка сайышпагыла деген коолуну айтып, элди кырка бастырып жар чакырат.

Аттаныптыр найза алып,
Ак калпак кыргыз баласы.
Эрдигиңер, баатырлар,
Эмдигинин Манасы.
Ушул турган калын эл
Бир атадан болобуз.
Башка сайсаң кокустан

Сени баатыр дебей коёбуз.
Алты ай набак төлөтүп
Атыңды жыгып соёбуз,–

дейт. Бул баатырларды абдан сайыштын ыгын билген баатыр кишилер коштоп беттештирип коё берет.

Коё берер замат эки баатыр эки жактан аттын жүгүрүшү менен катуу камчыланып качырып барып аттын күүнө салып коюшуп калганда, найзалары быркырап жараңкасы асманга чачырап калкандай болуп колдорунда найзанын бир аз жери калганын ыргытып жиберип, баякы кармап турган найзадан чаап жетип бирөөн алып, кайсы мурун жетип алганы колуна түкүрүп алып беркини качырып сала берет. Бирак эки баатырдын найза кармап турган эки кишиси булар сайышканда көзүн айрыбай турган үчүн өз-өз баатырларын көздөй чаап барып ылдамдык менен найза берет. Агерде биринин найзасы сынып калып, биринин найзасы аман калса, найзасы сынган баатыр өтө шашылып барып найза алууга жөнөйт. Найзасы сынбай калган баатыр дагы ылдамдык менен бура тартып, атына камчы басып тигил баатырга найза алдырбай жетип саюу үчүн катуулап жетет. Агер найзасы сынган баатыр тарпаң болуп шашылып калса кылчайып баратып арткы баатырдын найзасын өзүнө катуу уруна электе же урунаары менен кармай алып, найзаны талаша баштайт. Бул талашууда найзаны бир-бирине жулдуруп жибербестен акыры сындырып салып жакалаша баштайт. Анда калыстар ажыратып, эки баатырды жетелеп алып найзаларын колдоруна берип, экөөн алыс жерден коё берет. Булар бир-эки сайышуу менен эле бир-биринин ыкымын алгандай болуп калат. Элдии көзүнө бири катуу качырып, бири аяңдап качыргандай болуп да көрүнөт. Бул найзанын көп сынгандыгы мындай болот: тиги баатыр беркини катуу качырып келип экөө жакындаганда найзачан кишиге жетип тийгенден кийин аттын күчү менен найза бүктөлө түшүп сынып кетүүгө болот. Же баатырлар найзаны бүктөй сайып калса найза сынууга болот. Агер ээрдин коңулуна такап сайган найза аттын күчү менен күчтүү тийгендиктен сынып кетет. Эки баатыр тең келип катуу коюшканда аттар темтеңдей түшүп токтоп калат. Бул баатырлардын аттары токтой калганда туруп алып, найзаны кыска кармап капталга коюша берет. Анда калыстар көпчүлүк тамаша көрсүн деп ажыратып барып, баатырларга чалап берип,

кайрадан беттештирет. Кай бир убактарда баякы кармап турган найзалар да калбай калат. Агер өтө адис болсо көкүрөккө көп сайбайт, тигинин найзасын жакын келгенде кагып жиберип, жандай түшүп капталга катуу муштаса берт кылууга болот. А болбосо тизгин кармаган колдун чыпалагын тиктеп келип көз ирмебей чыпалакка сайса тизгинге тиет найза. Анда аттын оозу кежеңдей түшүп ат чалкасынан кетүүгө болот. Же тизгинди кыя сайса баатырдын тизгин кармаган колунун сүйөнчүсү жок болуп чалкасынан кетүүгө болот. Баатырлардын кайсы бирлери шымынын алаасын көзөтүп туруп басмайылды өткөрүп атка кошо тартып коёт. Андай баатырлар чалкасынан кетип атка салаңдап калса дагы аттан түшө элекмин деп чыр кылат. Бирак калыстар көргөндө басмайыл менен тартылганы билинип калса уят болуп калат. Кээ бир баатырлар бир же эки сайыштан калтырбай эле ыргыта коёт. Анын беттешкен баатыры кополураак же коркок экендигинен болсо керек. Эки баатыр тең адис болгон кишилер болсо анын аты же өзүнүн күчү кылым артык болсо же айласы артык болсо анан жыгат. Болбосо далай жерлерде баатырлардын аттары алкара сууга түшүп тердеп, булактап жакшы жүгүрө албай калганча беш-алты найзаны сындырып алыша албай кеткендери көп болот. Аларга байгесин бөлүп берет. Жана эл кубанып моокумдан чыгып калат. Кайсы бир учурларда эки тараптан экиден төрт кишини алып чыгып сайыштырган. Анда элдин коолусу мындай бул эки баатырдын бири мурун жыгылса калганын тиги эки баатыр экөөлөп сая берсин деген. Ошондо жалгыз калган баатыр тиги экөөн тең сайып жыкканы бар. Мисал үчүн Тоң районунун талаа селсебетинин элинен чыккан уругу алакөз Каракуйруктун уулу Букар өзүнүн жолдошу Маанакенин аты сайышып өтүп, кайра бура тартам дегенде көр чычкандын ийинине бутун салып алып, ат жыгылып калганда наркы тараптын баатыры алка жакадан Маанакени жерге жапшыра сайып туруп алган. Кишини көтөрүп ат тура албай, же Маанаке аттан ажырабай койгондо калыстар келип көрүп «алаасынан басмайыл менен атка кошо тартпаса да бул жакадан сайып турган баатыр тургузбайт» – деп, «Маанакени жыгылдың» – деп алып кеткен. Ошондо тиги эки баатыр Букарды жалгыздап экөө эки жагынан койгулап турганда, өзүнүн Торкашка аты менен Букар кайсы алдына кире түшкөнүн качырып барып жетип жандай түшүп капталга койгондо, аттан эшик-төрдөй алыс барып

түшкөн. Ал Букардын атасы Каракуйрук дагы сайышка көп түшкөн киши экен, энеси дагы үч жолу аялды, бир жолу эркекти жыккан деп карылар айтуучу. Букардын Тайкашка деген агасы Жаманооз деген иниси бар эле. Кай бир ашта эр сайышта Букарга киши чыкпай койгондо агасы Тайкашка чыгып сайышкан. Бирак Тайкашка дагы андан мурун сайышка көп чыгып далайды сайып жыккан киши болгон. Букар менен беттешкенде Тайкашка аябай сайып жүрсө дагы Букар көп аяп жүргөн. Эл тамашабызды көрсүн деп он, он эки жолу беттешип Тайкашка үч бакан сындырган. Экөөнүн аттары чарчаганда ажыратып келип, «Букар баатыр, ушул муштумдай Тайкашканы жыга албай койдуң» – деп элдер сураганда «Аяп жүрбөдүмбү» – деген сөз Тайкашкага угулуп «Ошол көөсүр жоон бок кайра деле чыга койсун» – деп Тайкашка чечинбей олтуруп алганда Букар өзүнүн тарабынан сурап: «Атын сайып жыксам, мага ат төлөтпөй коёсуңарбы?» – дейт. «Маакул, иши кылып жыксаң ат төлөтпөйбүз»– дегенде Букар кайра аттанып алыстан качырып барып, Торкашка атынын күчүнө салып, Тайкашканын атынын алдыңкы эки колун көтөрүп жерге коё электе атты омуроого сайып Тайкашканы ат маты менен көмөлөтө сайып жыккан. Бирок Тайкашканын найзасын кагып жиберип сайган экен. Букардын атасы жарды киши болуп эл кош айдап жаткан кезде элден унаа сураса унаа бербей койгон экен. Ошондо Букар Ызаланып буурсун, нокто чаап жасап алып ага курч тиштен салып алып, «Тайкашка бери кел» – деп моюнтурукту Тайкашка экөөнүн мойнун таңып өзү үч бутча буудайды асынып алып буурсунду Жаманоозго карматып, сугарган жумшак жерди майда кармап, тишти жерге калың сал деп үч күндө бир теше дың жер айдап үрөөнүн өзү ала жүрүп сээп маласын басып, эл менен жүгөн көтөрүп алып байдан саан ичип, жайлоодон келип буудайынын сугатын кандырып жүрүп күзүндө көп буудай алып, Торкашка атын сатып алып, ошол буудай менен саан уй жана кой, эчки алган экен. Ошол Торкашка тай он жети асый болгончо сайышкан аты болду. Кийинки убак – найза алып Жаманооз дагы сайышка түшкөнүн көрдүк. Тиштеке деген баатыр менен беттешип он төрт сапар сайышып, эки бакан сындырып аттары баспай калганда эңише кетип катуу чаап баратып, Тиштеке Жаманоోздун бутунан көтөрүп аттын нар жагына аласалдырып жиберген. Ал Тиштекенин маңдайкы эки тиши жок эле. Ал тиштерин эмне болду десек Жолой

деген баатыр менен эңишип алыша албаганда жаңы булгары өтүктүн кончунан тиле жаргак шым менен кошо тиштеп аттын нар жагын көздөй ыргыггканда эки кашка тиши кошо кеткен экен. Кыргыздын эр сайышы деген оюн ушул түр менен болот. Мындайларды көп көрдүк.

ЖАМБЫ АТУУ. Бул тамашалар бүткөн соң эл жалпы аттанып конок болгон жерлеринен тамактанып алып, көп кечикпей баякы тамаша болгон жерге келип ар бир урук бөлүнүп, топ-топ болуп турат. Ал убакта күлүк аттуу кишилер ат тердетип, жорголордун терин алып калышат. Мергендер мылтыктарын оңоп, ичин майлап ок, дарысын даярлап келишет. Жамбы атууга беленденип турат. Жамбы атуу оюну абдан чоң аш, чоң тойлордо болот. Дайым эле боло бербейт. Элдин көпчүлүгүнө обулустар баш кошкон убактарда жамбы атуу оюну болот. Жамбы атуунун тартиби: Жамбыны мындай түр менен атат. Жамбынын көрүнүшү узун карагайды жерге орнотуп, ага дагы бир шыргыйды улап, ал шыргыйдын башына туура бир кулачтай жыгачты байлап коёт. Ал туура жыгачтын тогуз жерин же он беш жерин көзөп коюп, бир кийизге таш же жылкынын томолок болуп катып калган тезегин кийизге тигип туруп тиги туура жыгачтын көзөөлөрүнө байлап коет. Орноткон жыгачтын узундугу кеминде метрче болот. Анын түрү мындай болот. (Жамбынын асылып турган көрүнүшүнүн сүрөтүн тартып койгон. О. С.) Бул танаптар жылкынын куйругунан беш-алты гана талдан алып байланат. Муну атуу үчүн он беш саржан жерден белгилеп чийип коёт. Ошол он беш саржан алыстыктан чаап баратып атып өтөт. Ал жамбы атуучуларды токтотпой атын камчылап, айдап тозуучу киши коюлат. Жана анын байгесине кымкап жапкан төө, жанында бир чапан жапкан ат байлалуу болот. Ал жамбыны ким атып алса, байге ошол кишиники болот. Бирак тигил танап – кылдарды гана аткыла дейт. Кай бир киши танабын атса, дагы кай бирлери караандуураак эмеспи деп тезекти болжоп ата берет. Жамбы атуучу киши абдан жеңилденип, чечинип алат. Ал да бөктөрүнчөктүү болот. Атка кыйшыгыраак минип, аттын текирең таскагы менен келет. Бирак токтоп калбай атып өтөт. Ал жамбы атуучу жердин бир тарабына киши жолотпой элди айдап турат. Жердин үч тарабын эл алса да бир тарабы абдан ээн болот. Киши тургай мал дагы болбойт. Ар бир мылтык атып өткөндө октун доошу менен

байлалуу нерсе жыгачка чабыла түшүп, кайра келип, кыймылдап турат. Кай бирлерде чачма салып аткандардын кылдар кыя аткандары да болот. Акыры көпчүлүк жыгачын атса дагы октун күчү менен жерге түшүрүүгө болот. Кай бир буйруктуу кишинин аткан убагында бир жеринен үзүлүп жерге түшөт. Ал киши байгени алып жүрө берет. Кайсы бир кездерде жамбысы бар киши жамбынын гана өзүн көзөп туруп кылдарды абдан узун кылып жамбынын туш-тушунан байлап коёт. Бирак жамбынын өзүнө тийсе кылдарды жулуп кетүүгө болот, октун күчү белгилүү эмеспи. Андыктан көпчүлүгү жеңил нерсе байлашат. Бирак дейлден байге саят. Ал жамбыны мергенден ким тараптуу болсо ата берет.

УЛАК ТАРТУУ. Мунун артынан ар бир урук эл бөлөк-бөлөк түшүп отуруп улак тартууга даярданат. Улак тартуу барлык эле тойлордо, шерне, жоролордо, майрамдарда, айттарда ойнолот. Улак тартышуунун тартиби. Улакты алып келип таштай турган белгилүү жер болот. Алып келип таштачуларга бере турган байгесин жарчылар элге угузуп ырдап кетет. Маселен, төрт урук эл болсо ар бир уруктан экиден же үчтөн гана киши чыгып тартышат. Анда аттын күлүгү менен азаматтын балбаны же чабендес, атка чыйрак, коркпой чапкан жана да улакты көп тартып машыккан кишилерден барышат. Ал улак тартуу ыктыяр көпчүлүк элдин каалоосу менен болот. Торпоктон эле тартабы же эркечтен эле тартабы? Каалаганын тартышат. Бирак байге аш, тойдун ээлерине берилет. Улакты кай бир тарткычтар өлөрүнө карабай чабышат. Ал өзү улакчылар үчүн, бир кумар болуу керек. Улакты он, он беш жолу экиден-үчтөн киши чыгып тартып болуп андан кийин беш-алтыдан киши чыгып жайма жай тартуу дегени болот. Анда ушу сапар улакты алып келген кишинин элинин наамына мурдакыдан арбыныраак байге беришет. Кайсы бир убактарда, азыраак эл чогулганда, эң кийинкисин жалпы баарылап жапма деп баш-аламан тарта берет. Анда улакты алып кеткен кишинин олжосу ошол гана алып кеткен улагы болот. Улакты эң бир кадырлап тартышкан кыргыз элинин Түштүк тарабындагы кыргыздар болот. Алар эски убакта улак тартуу үчүн аттын эң жарамдуусун, кымбатына карабай алып, таптап минип жүрүүчү эле. Жана чоң улакчылар, чоң балбандар жалаң булгаарыдан кийим жасатып кийүүчү эле.

Анын бир алып келип таштаганына той, аштын ээлери тобу менен кездемелерди салып коюп ат, арабасы менен берет эле. Кайсы бир элдер улак тартууну «көк бөрү тартабыз» дешет.

ӨРГҮТҮП ТАМАША САЛУУ. Бул тамашалар үч-төрт кондуруп атты коного айдап чабат деген чоң аштарда, чоң тойлордо боло турган оюндар. Өргүтүп тамаша салуунун тартиби. Жогорудагы тамашалардын баарын көрүп бүтүп болгуча күн кечтеп кетүүгө болот. Андыктан мындай арбын, тамашалар болуучу. Аш, тойлордо атты эртең чабууга болжошот. Бу тамашалар кайталанып эки-үч сапардан боло турган болсо, ат чабыш бүрсүгүнгө кетип, эртеси дагы кунан чаап азыраак жерге ат чаап кайталап, жогорку оюндардын элге кызыктуусун кайтадан баштап, эки күн тамаша кылып берди – деген авазаны алууга, кеңеш бүтүп, бир урук эл чыдап туруп берет. Андай чоң аш, тойлордо жалпы эркектер айылдын сыртында тамаша кылып жатса, айылдын арасында аялдар дагы аялдардан балбан күрөш, эр эңиш, сайыштар шекилдүү жанакы түр менен өткөрө беришет. Бирак аларды эркектерден катышып, жабык беришет.

АЯЛДАРДЫН САЙЫШЫ. Аялдар дагы кадимки сайышка түшкөн баатырларча оозуна кыл чайнап, өңү сурданып, өтө кайрат менен элдин намызын кетирбеске бек ойлонуп, жанын аябай сайгандары да болот. Эркектердин сайышынан эч айырмасы жок болот. Оодарышта да ошондой чымырканып оодарышат. Бирок оодарышка түшкөн аялдар жылаңач болуп чечинбейт. Жука чапан же желеткечен гана жаргак шым кийип, башын жоолук менен бек таңып алып, билектен, колдон алып тартыша берет. Күчүнө жараша жүрөгү бар эле аял колдон алып кетүүгө болот. Маселен, эркектердин балбан күрөшүнүн байгеси бир ат, бир чапан болсо, аялдардыкы да бир тайлак, бир чапан, же бир тай, бир чапан болуу керек. Эркектердин эр сайыш төө баштаган тогуз жылкы болсо аялдардын эр сайышы ат баштаган жети мал же үч мал болот. Анткени булар өтө катуу сайышууну каалабайт жана аз гана беттешип бүтүп калышы мүмкүн. Күрөш, оодарышта эркектер катарлуу эле кармашат. Ырчылардын көбү аялдар жакта болот. Мурза кыз, келиндерди мактасак олжону көп алабыз деп бала-чака ырчылар ошоякта болот.

Аялдар күрөшкөндө жылаңачтанып чечинишпейт. Жаргак шымдын багалегин өтүктүн кончуна салып кийип гана күрөшө берет. Чалманы көп аялдар билбейт, булкуп, силкип гана күрөшөт. Жини келсе ийнин тиштеп алып же чачтан алып гана булкулдатып жүрүп жыгып алат. Ошентип, чоң той, чоң аштарда элди тамаша менен канааттандыруу үчүн чоң ат чабыш тамаша жасаган күндө чабылбайт.

КУНАН ЧАБЫШ. Бирак аш күнү кунан чабыш болот. Кунандар жер-жерден бир соогага байгеге келгендер болбостон жакшы тапталып жүргөн кунандардан болот. Балким атка кошуп чапканда да анча-мынча аттардан чыгып койгон, бир күндө эки чапса да чыгып келген, бир уруу элдин күлүк деген кунандарын алдына салбаган өтө ишенчиликтүү кунандарды чабышат. Ушул кунандарга нары чети он чакырым жер алыс болбойт. Адегенде ошол аш, той берген айылдын өтө ишенчиликтүү күлүк кунаны болсо сүрөп алабыз деп он беш же 14 чакырым жерге чейин алып барып коё берет. Аңда ошол элдин кунаны алдынан көрүнүп калса башка кунанды жакында алдына өткөрбөйт. Анткени айыл үстү деген кыйын болот, айкырат, күлүк бээлер менен бир жүз, эки жүздөгөн киши артынан түшүп алып, артындакы кунандын кайсы өтөр жагына жайнай берип олтуруп жол бербейт. Жана да кунан айдаган киши ошол аш, той берген айылдын кишиси болот. Өз элинин кунанын жанына алып жүрүп башка кунандарды союлдай кубалай берет. Ошондуктан ал элдин кунаны болжолдуу жерге жетер-жетпес болгондо эле өз кунанын кайра тарттырып коюп, башка кунандарды анан «Алдоо акбар!» – деп коё берет. Ал көп кунандар оң баштанып жүргөнчө беркинин мурун кайра тартып калган кунаны сүрөөнчүгө жете жаздап калат. Ошону үчүн жаңкыдай болот. Агерде алыстан келген элдин арасынан аш, той берген элдин сөөк же дос кишилеринин кунаны болсо аны дагы өз кунандары менен бирге алып жүрүп бирге коё берет. Алардын кайсы күлүгү сүрөөнгө мурун барса ошонусун сүрөп жана арткысын дагы көп киши тегеректеп, жанакыдай ишти кылат. Кунандар байгеге келгенде балан-түкүн кунандарды аркадан бөлүп коё берди деп чыр кылганы менен аш, той сүрөөнчүнүн ошончолук зордук иши болот. Анда бирине бири тийип, кагылышып, аттан жыгылып колу, буту сынып, же киши майып болуп калышат. Андай чоң аш, тойлордо кунандын

баш байгесине төө баштаган тогуз малдан аз эмес мал сайылат. Тогуздатып мал союу бул байгеге да мүнөздүү нерсе.

АЙГЫР ЧАБУУ. Эки күнү тамаша болсо айгырга аялдардан мингизип, айгыр чабуу деген да болот. Өтө чоң аш, тойлор тамашаны арбытуу үчүн айгыр чабылат. Айгыр чапкандын тартиби мындай болот. Анда айгырды сүрөбөй чабат. Кээ бир айгыр бойдон чаап жүргөн күлүктөрдү чыйрак аялга мингизип, «жакын жер эмеспи» – деп, чаап жиберет. Өткүр жылкы болсо жакын жерге эми семизине карабай, күлүктөрдөн чыгып да келет. Ал күнү ошондой тамашалар менен кечти киргизип жай-жайына келип эл жатып калат. Бирин-серин кийин келип калгандар болсо аларды запас кылып койгон үй өргө кондурат. Агер кабар берилген элден болуп, конокко алынбай калса, той берип жаткан элден мал кармап союп жеп, же аш той, берген айылдын жанына жатып калып эртеси тартуу алып коюуга, элдин коолусу болгон үчүн, конок кылган кишинин милдети бар болот.

АТ ЧАБУУ. Чоң аш, тойлордогу ат чабыштын тартиби мындай болот: Эртең чоң ат чабыш болот деген түнү күлүк аттардын ээлери жана саяпкерлери уктабайт, жеке эле ал түнү эмес, кемеге казылып, эл келип конокко бөлүнгөндөн бери эле күлүк ээлери бирин бири аңдып, кеп тыңшап, атактуу чоң саяпкерлерди аңдып «эмне дээр экен» – деп, байкап калышат. Ал саяпкерлер кайсы аттын канча күлүктүгү бар жана атынын ээси таптап байлаганда кандай кемчилик бар экенин билет. Ошон үчүн ал саяпкер кайсы бир чоң ат чабыштарда айтканы айтканындай келип, чыгат деген ат чыгып, бир эле эмес, бир канча жолу элдин көргөнү же укканы эсинен кетпей эле, ошол саяпкерди аттын ичине кирип чыккандай көрүп, ниеттенип калгандыгы бар болот. Кай бир саяпкерлер чоочун кишинин арасында чечилип сөз айтпайт. Бир чоң ашта Миңкой деген атактуу күлүк атты алып казак элинен көп кишилер келген экен. Анын көзү ачыктай болгон бир саяпкери болгон. Кыргыздын айтылуу саяпкери, тапкөйү Шергазы ошол казак саяпкер конокко алынган үйгө бир кыйын, кыраакы, эстүү баланы от жагып берип, конокко суу куюп берүү үчүн ушул саяпкердин күлүк аттар жөнүндө кеп салганын угар замат мага айтып кел деп тапшырган. Ал бала ошол үйдүн ээсине жана анын аялына

«коноктордун көзүнчө мага сөз айтар болсоң, алыстан айтпай, кийимимден тартып коюп, мен сени карап калганда, колуң менен жандап жумша» – деп Шергазынын тапшырганын айткан.

Коноктор эки түнөгөнчө саяпкер эч кандай сөз айтпаган. Эртең ат чабылат деген күнү Миңкойдун ээси жолдошторунан эки кишини эшикке коюп «үйдүн айланасында киши-кара болбосун жакшы байкап карап тургула» – деп жумшап жиберип «Ээ, саяпкерим, аттардын баарын көрдүң гой, эртең кайсыл ат чыгат, кыргызда кайсыл ат Миңкойго барабар келгендей көрүнөт? – деп сурады. Ал саяпкер от жаккан баланы карап «ой бала, бар эшикке чык!» – деди. Бала укмаксан болуп отура берди. Жана дагы «ой бала, неге укпайсың, кет эшикке бар!» – деп ачуулангандай болуп, катуулап айтса да, бала укмаксан болуп, отту ичкертип коюп, жаман тонунун койнуна колун салып, элди жалдырай карап коюп, тырманып олтура берди. «Ойбай ау айта берсеңчи, ол кудай аткырдын кулагы укпай калган, тиги сакоо окшайды, эки күндөн бери анын үнү чыкканын укпадык» – деп аттын ээси айтканда «Таң, кудай аткыр, кууланып огурган бир шум болбосун» – деп аярлабыраак сөз салды: «Мен кыргыздын атынын баарын көрдүм, мынабу Шергазы деген саяпкер байлаган Керкашка аттын табы абдан жакшы экен жана өзү дагы жылкынын тулпары экен жана жылкынын алды экен... Шонун эки жеринде азыраак айыбы бар экен. Ошол эки айыбын оңдоп жиберсе, андан баш. байгени эч кандай ат талаша албайт. Агер ал эки айыбын билбей калса, байгени биздики болот деген оюм бар. Билбеймин, мен көрбөгөн ат барбы жокпу» – деп жооп берди. «Эмне айыбы бар экен?» – деп аттын ээси жана анын жанындагы аксакалдар сурап калышты. «Ой-бай, анын бир айыбы туякта турат. Ал болсо көрүнөө жер. Анысын оңдоп алууга болот. Жана бир айыбы картасында катып калган тезеги бар окшоп турат, анысын билеби-билбей калабы, ким билет,– деди. «Аларды не кылса оңдолот, «саяпкер-саяпкер» – десе эле маалкатып калат экенсиң?» – деп тамашага шоотуп теңтуштары жаалап калганда, ызалана түшүп: «Туягы таштуу жерге көп минип кош эрин болуп калыптыр, бир аз сайга байлай коюп, туягын ийрилеп, алдыңкы кош эрин болгон жерин алып таштап, туяктын илебин чыгарып койсо. Картасындагы каткан тезекти эртең мененки сугарганда катуу желип барып чукул бура тартып койсо тезеги

ыргып кетет. Ал убакта ат атка жылкы жетпейт» – деди. Бул сөздүн баарын бала угуп алып Шергазыга айтты. «Туягын өзүм дагы билет элем, каткан тезеги бар экен дегени кандай сөз» – деп эртеси сугарганда катуу желип барып, чукул бура тартса, кашкадан томолок тезек ыргып кеткен экен. Керкашканы чубатууга салганда саяпкер казак көрүп алып «ой-бай ау түндө киши барып айтпаса Шергазы менден артык саяпкер экен го» – деди. «Бул атка эч бир жылкы жанашпайт – деп айткан экен. Ал күнү айткандай Керкашка эрөөлдө жок ыраак чыгып келген экен дешет. Кыргыздын эмки саяпкерлери айтып калышат. Анын бириндей күлүк аттуулар абдан сак болуп кай бирлери атын уктатпай таң аткыча жетелеп жүрүп суутат эмеспи. Уктабай жүрүп сууп, маалы менен чөп, жемин жеп кыябына келген чоң күлүктөр ачуусу келип кыялданып, чунаңдап баланын темингенин тоотпой жанындагы атты, кишини тээп, тиштеп жолотпой терин кырдырбай кужурланып калат эмеспи. Бастырса шолуп-шолуп желип, чубатууга салаарда көкүл, куйругун шүйдүрбөй «ат чубат, ат чубат!» – деп тарткан сурнайдын үнүн укканда бир түрлүү өзгөрүлүп, ооздугун чайнап, бир-эки катуу бышкырып алып, тизгини кылт деген жагына имериле коюп, элпек тартып, бүжүрөңдөгөнсүп, балтырын түрүнүп баскан балбандай шымалангансып туш-туштан күлүктөр чубатууга киргенде ат чаппаган кишинин дагы жүрөгү козголгонсуп турат эмеспи. Аттын ээлери, байлаган саяпкерлер улам улам саара кылып, атынан көзүн айрыбай күбүрөп «аа, кудай, ак сары башылың, ай туягың, эр Баабедин колдо, арбак жар бол! Кудай жер казыгынан сактай көр!» – деп оозу тынбай сүрөөнчүнү тексеп: «Ой, айланайындар, эми кудай өзүңөргө дем берсин! Тетиги баталашкан элге атты таанытып, абдан көрсөткүлө, мен ат менен кошо барам:. Курч аттардын баарысын сүрөөнүн учуна жиберели, ат айдалгыча четки сүрөөнчү кете берсин» – деп оозу тынбайт эмеспи. Күлүк аттын жакшы таанышкан курч аттуу кишилер түндөн эле кете беришкен, анын аркасынан күлүк атты жок бир жамаат эл жаны баталашкан элди алып калгандары жөнөшөт. Көчө болуп турган эл кеминде үч-төрт чакырым жерде кырка тартып, ортосун көчө кылып түптүз катар турат. Сурнайчы, ырчылар аттардын алдына түшүп алып, «ат чубат, ат чубат!» – деп сурнайдын күүсүнө келтирип тартып, ырчылар ырдап:

«Арпаны жара чайнаган,
Айнектей көзү жайнаган,
Буудайды жара чайнаган,
Панардай көзү жайнаган.
Тулпары келип сүйүнүп
Түрүлтүп байге айдаган.
«Ушундай тууну жыгат» – деп
Саяпкерлер байлаган.
Калбыр өпкө, жез билек.
Күлүгүң болсо топко сал.
Чыгып келсе байгенди ал.
Жеңил-желпи жылкыңды
Жээликтирбей алып кал» – дейт.

Көкүлү көккө шүйүлүп, куйругу кайра түйүлүп, кулагы шамдай болуп, көзү жалтылдап, көкүрөгү салынып, ичи кындырдай болуп, жүнү бирдей типтик сайылып, чакмак эти аяктай болуп, көкүлдө, көкүрөккө тумар, куйрукта үкү тагылган күлүктөрдү тогуз-он жашар кийине балдар минип чубап турганда саяпкерлер, сынчылар: «тигил ат жакшы сууган экен, бүгүн бардык күчүн аябай, салгылашуучу ат экен» – деп турушат. Андай калк чогулган аш, тойлордо күлүк аттарды каттап, ээринин кашына номур салып коёт. Андай болбосо атты далдаалап туруп, орто жолдон кошуп жиберүүгө да болот. Андыктан аттын ээсинин атын жана атынын өңү, түсүн аныктап каттайт. Ат чабуучу балдарга аш, тойдун ээси ар бир урук элдин атына ар уруу кийим тигип кийгизет. Маселен, түштүк тараптан аттарынын балдарына бүтүндөй сары кийим, түндүк тараптын ат чапкан балдарына бүтүндөй кара кийим жана батыш тараптан чапкан балдарына жалаң кызыл кийим, чыгыш тараптын балдарына жалаң эле ак кийим кийгизет. Жана ошол урук элдердин аттарын бөлүк-бөлүктөп топ кылып айдайт. Ат айдоочулар ошол аш, той берген элдин адамдарынан болот. Байгенин токтолгон жерине баканга желекти байлап, бир эстүү киши кармап турат. «Аттар балан жерден коё берилсин» – деп көпчүлүк коолу кылып коёт. Андан беритен болжолдуу жерге жетпей кайра качып келген атка байге бербейт. Элдин коолусун бузган үчүн кайсы бир убактарда күлүк аттарды түш маалында айдап барып, ат коё берилүүчү жерге кондуруп, эртеси шашке маалда коё

берет. Ал өтө эле алыс чабылгандыгынан болот. Кырк беш, элүү чакырым жерге айдалып бармак болсо, ошондой болот. Анда аттар айдалар күндөр бир-эки күн мурда көпчүлүк маакулдашып алган болот. Ал коного айдалган аттардын жанына бирден кишиси кошо барат. Көбүнчө аттын ээлери же саяпкерлери барат. Ал конгон жерде тердетип, суутуп, өлчөмү менен чөп, жемин берип, атын жууп, тазалап, көкүл, куйругун кайталап түйүп, ат чабуучу балага тамак берип жана жолдо оозуна чаң киргенде ичип, же деп чөнтөгүнө алма салып берип же алмасы жок болсо оозу тар, жалпак кичине көнөчөккө чалап куюп, ээринин алдыңкы кашына байлап берет.

Андай коноолкого ат чапканда алыс жер болгон соң 30-35 чакырым барганда аттар абдан бириндеп калат. Ошондо балдар жаймажай гана кете берет. Бул конолкого чабылганда эч качан ат сүрөлбөйт. Агер жаңы жогоркудай сүрөөнчүлөр жөнөп жаткан убактагы ат чабыш аттарды эрте айдап күнүн эле ат келип, эл тарай тургандын чабышы болот. Конолкого чабабы же күнүн эле чабабы байге сайыш ал аш, той берген адамдын алына жараша болот. Бирак жаңкыдай элди эки же үч кондуруу ошол аш, той берүүчү элдин жардамы менен болот, аны эл көтөрөт. Анан байгесине болсо миң жылкы же миң кой баш байгеге сайган кишилер болгон. Анан ар ким алына жараша жүз жылкы, же жүз кой, тогуз төө, тогуз ат, тогуз жамбы же миң сом окшогон баш байгелер көп болгон. Бирак аш, тойлордо тогуз аттан кем болбойт. Эми, ошентип атты сүрөп чапмай болгондо ал бир атка беш жүз киши сүрөөнчү болот. Бул сүрөөнчүлөр байгенин токтолгон жеринен тартып, атты коё берчү жерге чейин тизилип турат. Тизилгендеги ар бир сүрөөнчүнүн ортосу эки жүз саржан болуп, үчтөн, экиден турат. Ал үч же эки киши бйр канатка карап турган кишилер болот. Ал сүрөөнчүнүн эң чети аттар кайра тарта турган жерден алты чакырым гана бери турат. Андан ары аттардын өзүн гана айдап кетет. Атты коё берер жерге жакындаганда ар бир топ-топ бараткан аттарды токтотуп туруп, балдарды жана аттарды сийдирет. Анан жалпы айдап баратып гана ат айдоочулардын макулдашуусу боюнча «Алдоо акбар!» – деген үн тегиз чыгат. «Алдо акбар!» – деп коюп эле ат айдоочулар жолдун бир четине качып чыга берет. Болбосо көп ат кайра тартканда аларды тепсеп кетүүгө болот. Аттар дагы кайра тартууда кагылышып тийип, бир бирине урунуп жыгылгандары болот. Өтө

кексе балдар чет жагында жүрүп, мурда бура тартып кетет. Ошондой аш, тойлордо бала мингизбей жайдак чабылган аттар да болот. Ал аттар мурунтан көп чабылып көнгөн жана бала мингизбей чабылып жүрүп үйрөнгөн болот. Андай жайдак чабылган аттар көп элдин же көп аттын арасына кирбей жолду жандай гана чет менен жүрөт. Анын сүрөөнчүсү жолдун четинде болуп, ал атты жандап гана айдап алат. Жедеп ат бириндеп калган кезде чылбырын алып сүрөйт, андай жайдак аттын чылбырын үстүндөгү жалгыз каш айрымачына кыстарып коёт. Качан сүрөөнчүнүн аты сүрөй албай, атты жакшы тарта албай баратканда баягы айрымачка түшкөндөй кылып кыстарып коюп, артынан кармалап жүрүп олтурат. Ал жайдак чампалар чоочун кишини тээп же жанаша бараткан атты тээп, өзүнө жолотпойт. Эми ошону менен сүрөгү жакындап барган кезде адамдын көпчүлүгүнөн бир атты үч жүз, беш жүз киши тегеректеп, артындагы атты өткөрбөс үчүн кырка казкатарлап алат. Кай бир сүрөөнчүсү аз аттар арманда калууга болот. Анткени өзү алдыңкы аттан күчтүү болсо дагы сүрөөндүн аздыгынан артына калгандыгына көзү жетет го. Ошондо чыгып барган атты ырчы, сурнайчылар ээрчип мактап жүрүп соогат алышат. Жана кадырлуу кишилер дагы соогат сурап алат. Сөөк-тамырлары келип соогат алат. Андан калганын күлүк атка да чыгарып коюп, бардык сооручу болуп ашка, тойго келгендерге бөлүп берет. Мындай сүрөп чапканда жайдак чыккан ат менен сүрөөсү аз ат арманда калат. Жаңкыдай коного айдап, сүрөбөй чапканда аттын чын күлүктүгү билинет. Бул ыраак чабышта кай бир табынан начар болгон же курсагы ач, бир эти өтө оор аттар жинигип өлүп да калат. Кай бир аттар чалараак жинигип, жаталактап, чабалактап, от жебей, сие албай жатып-туруп беш күндө мал болот. Ошону менен ар бир эл байгелерин бөлүп алып, жер-жерине кайтат. Бирак ат ээси өтө катуу киши болсо жолдошторуна олжону аз берет. Жаңкы күрөш, сайышка окшогондордун байгесин дагы балбандар, баатырлар ,жеке албайт. Себеби күрөшкө, же оодарышка, же сайышка талаптуу болуп барып ал мөөрөйлүүгө түшпөй наймүт болуп калган жолдошторуна соогат берет.

КЫЗ КУУМАЙ. Кыз куумай деген оюн кудалашып жүргөн гана эки кишинин урук-туугандарынын жана жамаат элдеринин айт күндөрүндө боло турган оюну болот. Айт эмес убактарда болбойт. Кыз

куумай оюнунун тартиби. Кыз куумай деген оюн абал эле кызга куда болуп, баласына алып берип, ошол кызды келин ылып алууга кыздын атасы менен уулдун атасы куда болуп жүрүшөт. Уулдун атасы жыл сайын кудасына топтоп, мал берип, кудасына барып каттап жүрөт. Кыздын атасы кудасына ичик, кымкап баштап нooту, бейкасам аралаштырып топтуу чапан кийгизип жүрөт. Уул менен кыз чоңоюп, бойго жеткенден кийин күйөө баланын кайынына каттатып, колуктусуна учураштыра баштайт. Күйөө күлүк ат, жорго жетелеп барып беш-он күнү күйөөлөп жатып балдыз, жеңесине таанышып, үйрөнүшүп кайын ата, кайын энесинин сыйын көрүп, ырахаттанып кайтат. Ошол учурларда айт, арапа күндөрү болот деген элдин кубанычтуу майрамдарын тосуп турган кезде «күйөө келип калат го» деп кыздын ата-энеси жана айыл-апасы эңсеп турат. Кыз болсо дагы теңтуштарын жанына алып топтоп, кыздар шоодурай басып, кырдын ар жагындагы булакка барышып күйөөлөрүнүн өгүнкү келгендеги оюн-тамашанын болгондугун кеп салышып, жүрөгү алеп-желеп болгонсуп, күйөөсү келип жүргөн кыздар айтарга сөз таппай, жуунуп, назданып катуу кубанычтан элес көрүнгөндөй нурлуу жүздөрү өзгөрүлүп, көздөрү аркардын козучасынын көзүндөй болуп, келер жолдон кечкурун мал жетелеген эки-үч киши келаткансып, улам-улам белес жакты карагансып олтурат. Жооптуу кыздар буластап кайра тартып айылды көздөй келатканда майдабарат кыздардан башкачараак катарлай басып, күйөөсү келип жүргөн, бойго жеткен кыздар «кимибиздин күйөөбүз келсе чогуубуз менен келген күйөөнүн жанында бололу ээ» – дешип өз-өз үйлөрүн бет алып кетишип баратат. Эртең айбашы деген күнү жакшы малдардан жетелеп алып, эки жолдошу менен, күн батаарга жакын күйөө келип калат. Күйөөнүн аттарын минип алып, балдар чапкылап, айыл-апага кабар салып, кыз-келиндерди жыйнап келет. Аңгыча «жездем келип калды» деп наркы айылдын балдары чапкылап келип калышат. Ошол айылдардын башлык аксакал кишиси: «Ой, балдар, эки күйөөнү бир эле үйгө киргизип бул айылга конок кылгыла. Эртең тигил айылда болсун» – дегенде, аксакалдын айтканындай болуп, эки күйөөнү бир үйгө күтүп, бардык кыз, келиндер, боз балдар ошол үйдө болуп, оюн-күлкү таң-тамашалар менен таңды атырат. Айбашы болгон күнү ар бир өзөн, ар бир өндүрлөрдөн

түтүн чыгып, май жыттанып, балдар кирип барган үйлөр боорсок салып берип ар кайсы үйгө бирден кой союлуп жатканын көрөсүң. Айт-намазын окуй турган жерди көздөй айыл-айылдан, туш-туштан топ-топ болуп убап-чубап келе жаткан элди көрөсүң. Ал элдин арасында аттарын суутуп, минип баратып кынжыңдатып, элди четтей бастырып келе жаткан боз балдарды көрөсүң. Селдечен молдолор «ымам болом го» деген ой менен келаткандары көрүнөт. Ал элдин арасында чабылуучу ат, кунандар, күрөш, эңиш, улак тартууга даярданып келаткансып көрүнөт. Эл чогулуп айт намазын окуп тарагандан кийин түрлүү тамашалар болуп жигиттер, боз балдар талаа-түздөрдө болот. Аксакалдар жаш балдарын ээрчитип алып айыл-айылга түшүп аттарды казаңдата байлап салып, айттын этин жеп, аттанып жатканын көрөсүз. Кыз-келиндер күмүш топчу аркалыктарый, күмүш чолпу, шуру кыргактарын жаркылдатып кызыл-тазыл, көк-жашыл көйнөк, бешманттар күлкайырдай көрүнүп, ар бир айылдарга шарактап айттап барып жатышат. Тай, кунанчан балдар ары-бери чапкылап курмушудан же тебетейин улак тартып, уйгу-туйгу чаап жүрүшөт. Бул айтташуу менен күн бешимден өтө берер маалда туш-туштагы элдин баары аял, эркек дебей айылдан обочороок талаага чогулуп, күйөөсү келген кыздын атасынын айылында казандап аттан-атты жактырып күйөөнүн атасынын элинен кыз кууганды көрөбүз деп келген элдин аттарынан тандап туруп он чакты жорго, күлүк атын ээри менен жыгып алып, атактуу тың келиндерге мингизип коёт. Ал келиндер элди кез келип кайта айылды көздөй жорголорду айдатып «мына-мына кызды азыр алып келебиз» – деп чапкылай берет. Эки тараптын эң жарамдуу атын кызга токуп берип, үкү таккан кундуз жекей бөркүн кыйшайтараак кийгизип, күмүш кемерди сыртынан курчап салып, күмүштөгөн булгаары тердикти жаркылдатып, күмүш жүгөн, куюшкан, көмөлдүрүк, үзөңгү токуган атты сөөлөткө чөмүлткөнсүп, топтуу кыз-келиндер тегеректей бастырып, жакын жеңеси чукул коштоп алып, айыл жактан чыгып бери карай жөнөгөндөй болду. Күтүп турган элдер жабыла карап калып, жүрөгү элеп-желеп болуп турган күйөө элдин арасынан көзүн кымыңдата карап коюп, кыргоолду көргөн куштай жымыңдап, эркектерин улам-улам такымына басып, атын сылай-сылай камчыланып, тебетейин басараак кийип, атка кыйшаяраак минип

жакын жолдошторунун бирине коштоткон болуп, өзүнө сырдана күлүк атын жанакы ат жыгып алуудан катып алып калгандан кийин, атын токунуп мингени үчүн көңүлү тыныңкы болуп тургандыгын көрөсүң. Келин атка чыйрактыгын көрсөтүп, аттын кулагы менен ойногон кызды чукул коштоп элди аралай коё берип келип ойкутуп турат. «Бери бастыргыла!» -– деп бир жигит келип кызды, күйөөнү көздөй барып, элдин төмөнкү четинен нарыраак алып барып күйөө, кыздын арасынан он беш, жыйырма саржан жерден качырып берүүгө болбойт. «Жеңе, берирээк бастыра түш» – деп күйөө жолдош ыкыстатып турат. Келин дагы сак болуп «Силер дагы нары бастыра түшкүлө» – деп атынын башын качуучу жактан бурбай турат. Бир аз убакытка чейин бири-бирин алдаша албай турган кезде күйөө жолдош кайра тартып кийиндечүүдөй боло түшүп, имериле коюп, качырып сала берет. Саксынып турган келин дагы шашып кетип, атына камчы басып, жөнөп калат. Шакылдата камчы уруп калың элдин ортосундагы көчө менен, кыз-күйөөнүн атты сабап баратканын көрөсүң. «А, кудай, айланайын арбак, колдой көр! Ии, ботом, деги балдарым жыгылып элге уят болбогой эле» дешип аялдар турат. Кай бир белимчи аялдар «Апээй, атаңкөрү, ушинтип эле алып кетеби?» – деп жанындагыларын кулдүрүп турат. Ой, кудай сактай көр, ай, чунак балдардын чапканын айт» – деп абышкалар турат, өзүлөрү андай чаппай койгонсуп, жеткирбей кеткен кызды келиндер, уландар тегеректеп алып үйүнө жеткиче, үйдүн жанында бир улак даяр болот. Кыз бараары менен кемпирлер аякка суу куюп, көмүр салып чыгып, аттан түшө электе баштан айлантып ыргытып жиберип, аттан түшөөрү менен улакты садага чаап жиберет. Бер жакта турган эл дагы бир кызды камдап жанакы- дай түр менен кыз куудура баштайт. «Анын жеңеси буйдалып бура тартып калды же кыз атка жакшы чаба албай койду» дешип кыз жеткирип салса, эл сөз кылып калышат. Эми башка кыздардын күйөөсү келе элек болсо ошол жердеги келиндерди аткарып алып күйөөсүнө куудуруп ойной берип кайсы бир ат чаба албаган келиндерди тамашалап оюн-күлкү менен жылдыз толгуча туруп тарашат. Ар бир айт күндөрдө улак тартуу, кыз куумай болот.

***Жеке оюндардын түрү төмөнкүдөй болот:***

ОРДО АТЫШУУ. Жородо, шернеде, жай учурларда тамаша кылуу үчүн, утушуу үчүн ойнолот. Ордонун тартиби. Эки болуштан же эки селсебеттен же эки колхоздон, эки киши ордо атышалык деп убада кылат. Анда кайсы жерге атышаарын, эмне байге саярын, канчадан киши болорун так сүйлөшөт. Маселен, эки болуш беттешип калса бул болушта үч күн, тигил болушта үч күн конок алышып турмак болот. Байгени ат же согум бээ дешет. Жыйырма бештен элүү киши атышабыз деп, экиден төрт калыс алып, чүкө жыюуга үч киши – бардыгы отуз кишини милдеттүү коноктоп, атына чөп, жем таярлап коёт. Болжолдуу жерге барганда отуз же отуз беш таман болсун деп борбор менен бир жаккы чийиндин арасын болжоп ордонун өйүз-бүйүзү жетимиш таман болот. Төрт калыс бир жерде отурат, оюнду санап жана жыдып калгандарды билүү үчүн. Алардын колуна жыйырма беш кишини үчтөн оюну – жетисин беш ташты берип коёт. Бул тараптан жыдыган оюн үчүн тигил тарапка бир таш берип турат. Бир кишиге беш чүкөнү салып, «үч оюн атасың» – дейт. Эки жүз кырк тогуз чүкөнү борборго кандын тегерегине тийиштирип бөгүсүнөн тизип коёт. Кан деп он тыйындык күмүштү же мүйүз же сөөктөн тыйын барабарында кылып жасап туруп ошого ченеп жерди оюп, салып коёт. Кан эки оюн үчүн жүрүүгө акылуу болот. Канды тооруп албайт. Олтуруп чүкө чертип жаткан бойдон чертпей ордунан туруп, кайра олтуруп, анан кан чертет. Бир тарап канды жалгыз гана чүкө кошпой алса, киши башына бирден оюн атат. Кандын жукалыгы жана көлөмү он тыйындык күмүштөн ашык болбойт. Ордо тизип болгондон кийин калыстар чийден жыгачтан эки сөөм, эки эли кылып кесип ордого таштап коёт. Ал абалак менен же томпой менен чүкөгө салганда жетип калса олтуруп чертүүгө болот. Жетпей калса абалак, томпоюн алып кайра атат. Бул эрежелери бүткөндөн кийин эки тарап эки сол чүкөнү ат калчашат. Кайсы аты конгон тарап мурда ата баштайт. Ордо бузмакчы аткычылдар алды менен атып, чүкөнү ордонун бетине чачыратып жиберет. Балким чүкөлөрдөн наркы чийинден чыгып кетсе кайра дагы бир жак четинен чийинди басып туруп атат. Чүкө чыкпай калса, бир оюну өлгөн болот, эки оюну калат. Чачыраган чүкөлөрдөн чийинге жакын бир метр же

жарым метр же карыш жаткан чүкөнү чертмекчилер кадай баштайт. Чийинди басып туруп калганда чүкөсү чыгып кетип, абалагы чүкөлөрдү аралап барып жатып калса, баягы калыс жыгачты салып көрөт. Жетип калса оң жак тизесин бүгүп, көчүгүнө баскандай болуп, сол жак бутун тамандап, жерди басып туруп абалакты алып черте берет. Агер чертип жатканда же тим турганда оозу-мурдунан суу жерге тамса жыдып калат. Абалкы отурушта бир гана чүкө чертип кайра турат. Кайра олтурушта бир канча чүкөнү чертип турууга эрктүү болот. Чүкө чертүүгө отурганда жерди басып турган бутунун тумшугу жаткан чүкөлөрдүн сырты жагын караш керек. Бүктөп отурган бутунун таман жаккы тумшугу да чачырап жаткан чүкөлөрдүн сыртында болуш керек. Агерде тамандап отурган же бүктөп отурган буттарынын биринин тумшугу жаткан чүкөлөрдү бычактын мизинчелик же андан көбүрөөк аралашкандай болуп көрүнсө жыдып калат. Агер «жыдыганыбыз жок» – деп бул тарап чыр кылса буттун учуна такай бычак сайып коюп, калыстар сындап көрөт. Бычактын мизинчелик эки чүкөнүн шаңына илинсе жыдып калат. Ар бир аткычылдар бирден жаткан чүкөдөн он-он бешти бир ойноо менен атып кетет. Чертмекчилер кырсыктабай чертсе жыйырма, отуз чүкөнү чертип кетет. Бир тарабы чүкөнү көп алып, бир тарабы аз алып калса, аз алган жак бир кишиге үчтөн чүкө салып, эки оюндан атат. Үчтөн дагы жетпесе бир чүкөдөн салып чокон атат. Чокон деп бир гана атканды айтат. Ордодо кадамакчы, тоорумакчы, атмакчы, ордо бузчу дегендер болот. Булар туруп жүрүп ата тургандар. Чертмекчи деген чачылып жаткан чүкөнү сыңар тизелеп отуруп чертип чыккандарды айтат. Чүкөнү каны менен такыр алып бир тарабы куру кол калса баягыдай кылып тизип берет. Алдырган тарап катуу чымырканып, ызалангандай болуп, эң бир кылдаттык менен таамайлап атышат. Ордо жакшы бузулуп, чүкө бир өңчөй чачылып, кадамак, тоорумак жакын барып калса, чертмекчилер ичке көп түшсө, чүкөнү каны менен такыр алып кетсе тиги тарапка байге бербей жандырып кетет. Такыр алдырбаса уттурган болот. Ошентип, бир тарапка үчтөн конуп, алты күнгө чейин эрегишип ордо ата беришет. Бирак тарап кетүү алдырган жактын эркинде болот. Мындай чоң мөөрөйлөрдү шыктуу гана жак бир күндө төрт-беш утуп кетүүгө болот. Өтө кыйын чертмекчи, атмакчыларды жаңылап оюнга ала берүүгө болот. Бир аз түшүнүк:

кадамакчы деген чийинди сол буту менен басып туруп эңкейип алып атып жиберет. Тоорумакчылар сол буту менен чийинди басып туруп, сол колун сыртына карай чабылта оролтуп, оң бутун сол бутунун шыйрагына чалып туруп чүкөнү өзүнүн сол жак сыртын көздөй абалакты же томпойду чимирип жиберип, кайрасынан чийинден чыгарып, абалагын ордонун ичиндеги чүкөнү аралатып жиберет. Баякы калыс жыгач чүкө менен абалакка жетип калса, кадимкидей олтуруп черте берет. Балким ордо бузуп жүргөндө да, ичке калып черте берет. Анан бир сөз, ордочунун жыдыгандары чүкө чыгарып жүргөн киши же анын жолдоштору ордого чүкөнүн борбор жагынан укуп кетип, чүкө чийин жагында калса жыдып калат. Чүкө чыгарып атып же чертип жүргөндө колунан же оозу, мурдунан бир нерсе ордого түшсө жыдыйт. Аткан, черткен чүкөлөр чыгып баратып өз тарабынан тийип кайра ордонун ичине түшсө, жыдып калат. Кыскача ордонун шарты ушулар болуп саналат.

ТОГУЗ КОРГООЛ. Тогуз коргоолду эки гана киши ойнойт. Бирак кай бир учурларда биздин оюнчубуз кыйын деп эки уруу эл же эки колхоз же эки район элдин адамдары эрегиш катарлуу оюнчуларын алып келип, ат сайып ойноткондору да болот. Тогуз коргоолдун ойноо тартиби: Тогуз коргоол деген оюндун түрү мындай болот. Эки дубандан же эки болуштан же эки селсебет же эки колхоздон, мейли бир эле айылдан болсун, эки киши – кыйын оюнчу болуп аталгандар болот. Бул оюнчуларды өзүлөрү тогуз коргоол ойноо үчүн мелдеш коёт. Булардын байгеси ат, төө, же андан көп болот. Тогуз коргоол жыгачтан жасалат. Ал жыгачтын көлөмү болсо узуну эки жарым карыш, туурасы бир жарым карыш болуп, калыңдыгы төрт ээли же сере болот. Ал жыгачтын узунунан эки тарабына тогуздан он сегиз жерин сыйракейинен кашыктай кылып коет. Аны өйүз-бүйүз оюлган жердин ортосунан эки жерди чыныдай кылып оёт. Он сегиз оюлган чуңкурларга тогуздан таш салат. Анын негизги ташы катын жаңак деген чоңдугу койдун коргоолундай жаңгак насилинен болот. Эки оюнчу маңдай-тескей олтурат. Калың эл тегерегинде олтура беришет. «Кана, сен көч, сен көч» – дешип эки оюнчу бири-бирине кезек беришет. Абал бир баштан убада кылып коюшат. «Бир кумалакты же бир топ кумалакты көчкөндөн кийин кайра тартмай жок болсун»

– деп. Жана «мен туз алган жерден сен туз албайсың» – дешип. Бул оюнда жыдып калыш жок болот. Ал он сегиз чуңкурду үй дешет. Ооз үй, көк шили үй, ат өтпөс үй, ак колтук үй, бел үй, жаман үй, эки тиштүү үй, тек үй, куйрук үй дешет. Тиги өйүзү дагы ошондой болот. Ортодоку эки чуңкур эки оюнчунун ташын салып туруучу чарасы болот. Кыйын оюнчулар кайсы үйдөн болсо оюн таап көчө берет. Бир кай жерин күчү кандай оюн болорун тиги киши кайсыны көчөрүн билип турат. Жана бир 162 тыйын эсебин бүт билет. Жана берки киши дагы билет. Булардын туз ашуусу эң кымбат болот. Агерде туз алган болсо, ал туз алган үйгө түшкөн таштын бардыгы туз алган кишиники болот. Оюнчулар өзү жактагы тогуз оюн ташын алдырбаска эң бир кыраакылык, эсепчилик менен сактап, андагы таштарды атам деп эсеп кылат. Анткени өзү жаккы үйдүн таштарын ордуна бирди таштап көчкөндө, үй башына бирден таштап отуруп жеткен жердеки тигинин үйүндөкү таштар элким болсо, алып коёт. Же эки таш болсо туз деп алып коет. Агер так болсо алалбай көчкөн таштарын таштап коёт. Тузду бир гана жолу алат. Оюн бүткөнгө чейин туш болуп түшкөн жумалакты алып турат. Оюнчулар «мен тиги ташыңды көчүп барып алам» – деп эч качан айтпайт. Ичинен гана ойлонуп турат. Кокустан бир үйдөгү кумалакты жаңылып көчүп койсо кайра тарта албайт. Өзү жаңылган болуп чыгат. Үйдөгү таштарды «алым» деп бир, үч, беш, жети жана ошондой бири элким таштарды айтат. Эки, төрт, алты, сегиз ташты «жалгызсың, жедим» дейт. Үч ташты «үчөөңдү, жетөөңдү, тогузуңду, он бириңди,– андан көп болср,– байыңды жедим деп айтат. Бир үйгө толтура ташты «бай» деп айтат. Айласын таап ат курап алып тиги оюнчуну кысталып отуруп, бир байын жеп алса, көп ташын алган болот.

Булар чарасындагы алган таштарын үйлөрүнө тогуздан салганда, бир үйдөн бир таш кемип калса, уттурган болот. Кыскасы, бир таш же андан көп таш алган киши утат. Бул оюнда бир салган оюн менен жарым күн же андан көбүрөөк отуруп ойногондор болот. Кай бирлери жарым саатта да түшүп коёт. Кыйын, чоң оюнчулар кезек менен көчүүдө үч же төрт көчүүгө чейинки оюнду эсептеп билет. Ошол үчүн эки теңгел оюнчу ойносо биринен бири бир ташты эсептеп билет. Ошон үчүн эки теңгел оюнчу ойносо биринен бири бир ташты эсептеп ашепке алып кетиш эң кыйын болот. Тогуз коргоолдун көрүнүшү

мындай: (ушерде үрөтү чийилип коюлган) эки жагын эки киши алып ойнойт.

УПАЙ. Упайды эки киши же төрт, же алты, эң көп болсо, он кишиге чейин эки жаат болуп гана ойнойт. Упайдын байгесин ойногон кишилер өздөрү сайышат. Агерде эки айыл же эки селсебет эл ордо, тогуз коргоол, упай, чакмак – баарын ойноп мелдешели дешсе, байгеси ошолор тарабынан сайылат. Упай деген оюндун түрү мындай болот. Упай дагы эки дубан же эки болуш же эки айыл же эки эле кишиден ойноло берет. Агерде эки дубан болсо үчтөн же экиден киши чыгарып, кыйын упайчылардан алып чыгат. Булардын байгеси дагы ат же андан чоң же аз болсун, айтышууна жараша болот.

Упайда үйдүн ичине катуу, калың жаңы кийизден салат. Көлөмү болсо чарчысы төрт-беш метр болот. Ал кийизди тегеректеп оюнчулар жана эл олтурат. Бир белгилүү чоң чүкө же саканы кан деп коёт. Оюнчулар экиден төрт же үчтөн алты киши болсун. Чүкөнү үчтөн бир басым деп, бардыгы отуз, же кырк, же элүү басым чүкөнү дандуулап санап коёт. Эки тараптан ат калчашат дагы, кайсы аты конгон жак мурда калчайт. Кан башка чүкөлөрдөн обочо тийишпей жатса кан жаткандай бөгү (пөк) болсо бөгү, чиге (чик) болсо чиге, алчы боло алчы, таа болсо таа чүкө менен атат. Аткан чүкөнү андан башка чүкөгө тийбей барып канга тийсе канды алып жалгыз коёт. Канды аткан үч чүкө атмайынча атпайт. Чүкөнү атканда сөөмөйдүн учу менен гана атат. Алганда дагы бармак, сөөмөй менен гана алат. Кокус алып баратканда чүкөсү колунан түшүп кетсе жыдып кадат. Чүкөнү үчтөн гана басат. Андан ашык, кем болсо жыдып калат. Бөгү чүкөнүн үстүндө бир чүкө чигисинен жатса ал экөө атылбайт, аткан чүкө башка чүкөгө тийип калса жыдыйт. Маселен, кырк басым чүкө болсо кырк бир басым атып алса ажырашкан болуп эсептелет. Андан кем атып жыдып калса аткан чүкөнү кайра чүкөгө кошуп коёт. Жана жыдыгандын өнөгүн калчайт. Ал дагы кырк бир басым алалбаса, дагы бирөө калчайт. Ал дагы жыдып калса, тиги тарапка берет. Ал үчөө дагы ажыратып кете албаса, биринен сала бири калчап отуруп, бир киши кырк бир басым алып кетсе, «Ээ, бул ажыратып кетти» деп калышат. Калган чүкөнү дагы кыркасы менен калчап, бир басым, эки басым атып алса дагы чүкөсүнө кошуп ала берет. Чүкөнүн көп

бөлүгүн бир тарап алып кетсе аз алган чүкө тараптын колундагы чүкөгө жараша он басымчы, беш басымчы тушуна ылайык чүкө кошуп, ашык чүкөнү кыйып алдык деп оюнга салбай алып коет. Бул сапар канды алган жак мурун калчайт. Алар, маселен, он басымдан жыйырма басым чүкө калчалып жатса, он бир басымын каны менен алса, ажыратат. Бул үчөө ажырата албай калса, беркы тарапка берет. Булар чүкөнү каны менен такыр алып кетсе, тигилер жаңкы кыйдык алып калган чүкөсүн кайра кошот. Булар канды баштап жыйырма басым алып кетсе, алар дагы колундагы жыйырма басымды бүт кошот. Кан алган, мурда калчап, бул чүкөнүн баарын, көбүн атып алса, калган бир басым же андан көбүрөөк чүкөнү булар алып койсо, баякыдай аз чүкөгө жараша, чүкө кошуп ойной беришет. Үч эле чүкө алган болсо, канынан башка үч гана чүкө кошуп, алты чүкө, бир кан – жетөөн эле калчайт. Бул жети чүкөнү бир киши гана бүт атып алуу керек. Мурункудай эле абал, мурда канды жалгыз татып, жалгыз басып туруп, алты чүкөнү үчтөн эки басып, бир эле киши алат. Чүкөсү көп жак алып кетсе, беркилер куру кол калып, уттурган болот. Бирок кайра салып бермей бар дешип убада кылса, алдыртма деген жак калчап, кырк бир басым алалбаса абдан уттурган болот. Кайра салып бермей жок деп убада кылышса, жандырмагы жок эле уттурган болот. Упайдан жыды боло турган иштери мындай болот. Бөгү менен чигени атса, алчы менен тааны атса, атууга ок кылган чүкөсүнүн жанындакы тийип турган чүкө кыймылдап калса же билер-билбес шек берип солк эткендей болуп калса же огу менен аткан чүкөсү учкашып калса, же тийишип кайтып алар да кыймылдап бираар шек берсе, же огун таанибай «аткан чүкөм» деп жаңылып алса, же бир чүкөнү атайын деп кол сунуп баратып, башка чүкөгө бурулса, атып алган чүкөсүн алам деп колунан түшүрүп жиберсе, жаткан чүкөлөрдү басып алып, же тийип алып, козгоп койсо, же чүкөдөн ашык же кем болсо жана башкача кокустар менен ооз, мурдунан түкүрүк, насбайга окшогондор чүкөгө тамса же жолдошунан ушундай кырсыктар болсо, ушулардын баары жыдыды деп эсептелет.

КЫЗ ОЮНУ. Кыз оюну бир жигит бир кызга куда болуп, күйөөлөп жүрүп, кызды алып, турмушка чыгаарында той берип, көп элди жыйнап ат чаап, кунан чаап, күрөш, оодарыш, аркан тартуу,

көз таңмай, тыйын эңүү, улак тартуулар окшогон оюндардан кийин кайсы бир чоң той болуп калганда, төшөк талашуу болуп өткөндөн кийин кыздын жакын жамаатынан бир кадырлуу киши кыз ойнотом деп, кыз-күйөөнү жигиттер, боз балдар, кыз-келиндерди чогултуусу менен ойнолот. Кыз оюнунун өтүшү мындайча болот. Абал мурда эле кыздын кайын атасы, кайын энеси, күйөөсү төөгө той жүктөп, мал айдап, «жыгач түшүрдүм» деп келип калат. Кыздын атасы кудаларга үй көтөрүп берип, күйөөгө, кызына арнап жасап койгон өргөөсүн тигип, жүгүн жыйып койгон үйгө киргизет. Кудалардын мойнунда салт мал жок болсо күлүк ат же жорго салт кылып алдырып коёт. «Эми тоюңду камдап, ишиңди илгери кыл, кудам» - деп жооп берет. Куда тоюн союп, түндүк көтөрүүгө ат же төө алып барып ишин илгери кылат.

Кыз оюну боло турган мезгил мындай болот. Кыздын кайыны мал айдап, той жүктөп, жыгач түшүрүп келип калат. Кудалар да бир үй көтөрүп, күйөө кызды өргөөгө киргизип, кыздын сарамжалы бүткөнчө багып турат. Кудалар кеңешип олтуруп түндүк көтөрүүгө таярланып, той берилет деген кабарды элге кабарлайт. Кудалардын сөөк-тамырлары кошумчаларын алып келишет. Уул атасы той союп, ишин илгери кылат. Бул учурда жамаат эл келип, тойдун тамашасын кылып, ат, кунан чаап, күрөш, эңиш, аял күрөш, көз таңмай, тыйын эңмей окшогон тамашалар болот. Кыз оюну ошолордон кийин уланат.

ТӨШӨК ТАЛАШУУ. Төшөк талашуу деген оюндун башталышы жана тартиби мындай болот. Бул учурда уул-атасынын ага-ини, жар-жоросу тың аттарын минип чыңданып келип калган болот. Кыз атасынын айыл-апа, тууган-уруктары «төшөк-талаш оюн кылып бересиңби», кудалар?» – деген суроо менен төшөк талаш оюн болот. Кыз атасынын аялдары, жигиттери тереңдиги бир метрге жакын ороо казат. Жаргылчакты эки үч кат буруп койгон аркандын учуна бекитип, оороонун түбүнө таштап көөмп салат. Аркандын бир учу эки-үч кабат болгон бойдон түрүлүп коюлат. Анын тегерегин бардык аялдар сактап жана күйөө тарабына арканды карматпас жана үздүрбөс аракетин кылат. Бул арканды жөө же атчан каптап кирип жулуп алып же үзүп кетпесин үчүн арканга жолотпойбуз деп күл же уйдун суюк тезегин

же кык же ылайга окшогон адамды булгай турган нерсени ошол тегерекке чылап коёт. Уул атасынын эли каптап качырып киргенде баягы чыланган нерселер менен ургулап, арканга жакындатпастын айласын кылып, аялдар эң бир өлөрүн билбей кадимки уруш темпин жүргүзгөндөй көрүнөт. Кыз атасы тараптагы аялдар ороодогу жаргылчакка байланган арканды жулдуруп, же кырктырып же үздүрүп жиберсе, ал элдин аялдары биринчи байге албай, экинчи чоң намызы кеткен болуп эсептелет: «Кызыбыз башта эле келин болуп калган экен» – деп. Ошондуктан аялдар жан аябай киришет экен. Жигиттерди аттан оодара тартып, анын атын суулуктап, суюк чыланган күл, уйдун тезеги, ылайлар менен аёосуз ургулап, ороо менен арканды өтө сактык менен кайтарышат. Ошондой чакчелекей болуп жаткан кезде жигиттер болсо булганганына карабастан, кыйын аттар менен качырып кирип, бардык күчү менен арканга жетип, үзөңгү боолукка салып, көптөп тартып киришет. Андай тополоң болуп жаткан кезде жигиттердин арканды кыркып жибергендери да болот. Ал жерден кырктырууга мүмкүнчүлүк бербесе, булардын камдап койгон кишиси болот. Сакал, муруту жок тың балдардан бир балага аялдын кийимин кийгизип, элечек орор же жоолук салып коюп аялдардын арасына кирип барып, чыланган күл, тезек менен жигиттерди ургулап жүргөн болуп жүрүп, ороонун тегерегине эптеп таанылбай жетсе, сөзсүз арканды кыркып чыгат. Анан кыркылгандан кийин күйөө тарабынан намызы бүтүп, байге бербей калышат. Агерде айла кылып арканды үзүп же жулуп алалбай калса ат, төөлүк тартуу менен аялдардын алдына барып, күйөө тарабынан намызы кеткен болуп эсептелет.

ЭСКЕРТҮҮ: Ар кандай, ар бир кабатынан бир талдан кыркып жүрүп кыркылган жерлерин тарап-тарап коёт. Ал кыркылган жерлердин арасы бир метр же жарым метрден болуу керек, жана учтары таралып калыш керек. Агерде туура кыркканы билинип калса күйөө тарабы айыпка жыгылат. Агер аялдар күчтүүлүк кылып баратса кыздын ага-инилери, туугандары да эркектин намызы кетпесин деп буруу кийимин кийип алып, бети-башын боёп, буруп алып эркектерге болушуп кетет. Бирак, өз айылына таанылбайт.

Андан кийин чүмкөнүп отурган кызды ошол элдин бир кадырлуу кишиси чакырып, конок кылып, кыз оюнун өткөрүүгө камынган

болот. Кыз-күйөө баштап жигит, келин, кыз, боз баладан калбай барат. Айылдын четирээк жагына чоң үйдү жасап коюп үйдүн ичи-тышы дебей жаш өспүрүмдөрдүн оюну боло баштайт.

Жоолукту эшип коюп ортого таштап, аял, эркек маңдай-тескей болуп отурат. Эшкен жоолуктун аты токмок деп аталат. Ал оюнду башкарып туруучу жакшы келиндерден болуп, ал жерде улуу-кичүү, чоң-кичине, жакшы-жаман дебей ойноого акылуу болот. Башкаруучу келиндин уруксаты менен жигиттер ырдап, жар көрүшүү үчүн таярланганда, токмокту аялдар уурдап алган болот. Ырчы жигит «токмогум жоголду» деп суроо салып ырдап жүрүп араңда таап адып, кайталап ырдап, сүйгөн кыз-келинге токмок салып, жар көрүшөт. Токмок салганда кыз-келиндердин туруп бербей кылыктангандары да болот. Бирак башкаруучу келин анын эркине койбой тургузуп берип турат. Жар көрүшүү – деген жигит менен кыздын аркаларын тийиштирйп туруп, жигиттин сол колу кыздын ийининен артылып барып төшү жакка сунулат. Анда кыз дагы оң колун жигиттин ийнинен артылта толгоп имергенде жигиттин колун илинтип тарткандай болуп калат. Экинчи сапар дагы ошондой түрдө болуп, ажырашаар кезде жигит имериле түшүп, өөп кеткени да болот. Көбүнчө теңтушсунуп ойнойлук деп, байынын кызынан төшкө бирди, төбөгө экини муштап, жыга койдуруп жүргөн койчулардын теңдиги ошол оюнда жетет. Теңсинбей, тоотпой жүргөн кыз-келиндер үчүн ызаланып жүргөн жигитти айрыкча ыр үйрөнүп ошол тойдо ырдап чыгууга камынып жүрөт дагы, баякыга токмок салса маалкатып, туруп бербей жатып, араңда ордунан туруп, жар көрүшөт. Кекенип жүргөн жигит аны көпкө чейин туткактап, элди күлдүрүп куудул сөз кыймылы менен алаксытып туруп, көп-көп өбөт. Кыз оюндун негизги максаты – кыз өбүү деген сөз. Бул оюнда менин колуктумду өөп кетти деп күйөөсүнүн дагы ичи тарыбайт. Ичи тарыса да тышка чыгара албайт эмеспи. Мындай оюндар чанда бир гана жерде болот го. Кыз берген сайын гана болуп отурбайт го. Төшөк талаш деген оюн кем-кем болот, дайым эле болуп отурбайт.

ЧАКМАК АЛЫШУУ. Чакмакты эки же төрт же андан арбын кишилер болуп, эки тарап болуп чакмак алышат. Чакмакка киши башына бештен же ондон таш же чүкөдөн алышат. Агер өтө чакмакчылар болсо байге сайып ойношот. Бекерчиликтин жана шооктун оюну

болот. Чакмак деген оюндун түрү мындай болот. Бештен он киши же үчтөн алты киши эки жаат болуп чакмак алууга мелдешип, ар бир оюну сайын бир койдон же андан азыраактан байге сайып беттешет. Бул кишилер эки айылдан же эки топтон же бир эле айылдан болсун бирден эки эле киши чакмак алышууга да болот. Киши башына 10, 15, 20 таштан ээлешет. Таш деп чүкөдөн алганын айтат. Чоң эмес, кичине эмес орто чүкөнүн томологураагын алышат. Абал мурда чегишип көрүшөт. Чегишмей деп колундагы он беш, жыйырма ташты алаканынан өөдө карата экчеп жиберип колунун сырты менен тосуп алат. Таштан баары же көпчүлүгү колунун сыртына токтоп калат. Аны кайра өөдө экчеп жиберип, колун таштын үстүнөн имерилтип барып уучтап калат. Ал таштардан бир да бири уучтатпай ыргып кетсе, колундагы калган ташты гана эсепке алат. Жана бири ошондой чегип көрүп, мунун ташы арбын болуп калса, экөөнүн ташын чогултуп алып бул киши чакмак алмак болот. Эки колун жанаша тосуп туруп, чүкөнүн бардыгын кош уучуна салып туруп жаңкыдай эле чегет. Колунун сыртына жети-беш-төрт чүкө токтоп калат. Аны азыраактан токтотуп калыш чакмакка устачылыгы болот. Себеби жердеги чачыранды жаткан таштарды ошол уучундагы ташка карай тартат эмеспи. Уучунда беш таш болсо жерден дагы беш таш тартып кетиш керек. Маселен, колуна бир ташты огум деп кармап туруп, бир жарым же эки метр жогору ыргытып жиберип, ошол огу кайра келгиче жерден беш таш ар кай жерден жыйнап, уучуна алып, жогортон келаткан огун тозуп, беш таш менен бирге кармап келип беш ташты жерге коюп, баягы огун дагы ыргытып, жанакыдай кылып отуруп, жерде калган чүкө бешке жетпесе, тим гана чогултуп алып, бул сапар бир ташты музоом деп алып коёт. Анын жанында музоо кайтарып отурган кишиси болот. Кайра дагы чегип баякыдай эле жол менен алат. Бирак колдун сыртында канча таш токтоп калса, ошончо чүкөнү жерден алып туруу керек болот. Ыргыткан огун кармап алып калса жыдып калат. Агер төрт таш алмак болсо, бир жерде чогуусу менен чокмороктошуп сегиз-тогуз чүкө жатса, огун үч ыргытыш менен бери томолотуп жатып бешөө болгондо алып келет. Огун үч ыргытканда уучтабай кана алаканы менен кайра кагып жиберип турат. Бирак ок жай келсин деп эки, үч метр алыс кагат. Ал өтө адистик менен какпаса ок башка жакка кетип калуу мүмкүн. Чакмактын чыры боло турган жерлери

– огун кармай албай калса, жерден тартуучу ташты артык же кем тартса, топтуу таштын четинен илип тартуучу таштан башкасына колун тийгизип алса жыдып калат. Жана жердеги чачылып жаткан таштарга тийип калса да жыдыйт. Ар бир чегип алган сайын бирден ташты музоо кылып отуруп, тиги тараптан бир же андан арбын музоо ашык алса эле уткан болот. Чакмакты бири жыдыганда бири алып, кезек менен ойношот. Экиден, үчтөн жаат болуп ойносо бир жаат алып бүткөндө тиги жаат ойнойт.

ОРОМПОЙ ТЕБҮҮ. Оромпойду боз балдар, жигиттер бештен же алтыдан көп киши болуп, эки тарап болуп оромпой тебет. Оромпой тебиш деген оюндун түрү мындай болот. Балдар он, он бештен эки жаат болуп бөлүнүп алат. Бөлүнөрдө эки тараптан аксакал болуп чыгып, бирден баланы кезеги менен тандап, балдардын барынча бөлүшүп алышат. Баягы башлык болгон эки бала чөп жашырышат. Чөп жашырган мындай болот. Элден обочорook туруп чөптү үзүп алып эки алаканына салып, оозуна май сала койгон болуп, эки колунун бирине жабыштыра коюп, колдорун жумуп алат. Берки бала барып өзүнүн эки кулагын чукугансып жүрүп, тигинин бир колун алып көрүп, чөптү таап алат да, тигилерди «баскыла, чөккө киргиле» деп айдайт. Чөк деп чарчысы алты-жети саржан жерге тегерете короо шекилдүү тегерек коюп койгон балдардын кийимин айтат. Оюндун тартиби боюнча тигилер чөктүн ичине кирип бир бутун бүктөп алып, бир буту менен соконддоп оромпой тээп жүрө берет. Тиги тарап качырып кирип буларды жаакка, куйрукка, капталга, кайсы туш келген жерине алакан менен тартып жиберип, качып берет. Аны кубалап, оромпойчондор жетип тээп калса тигилерди чөккө киргизе кууп барып салышат. Жанакыдай алар дагы аксаңдап жүрө берет. Кайсы бир учкаяк күлүк балдар оромпойчондорду «бөйдөй-чайдай деп туш тарабынан качырып кирип алдастатып, көп уруп беришет. Булардын жыдып калмайы эле оромпойчонго тептирип салганы болот. Оромпой тээп жүргөндөр бүктөп жүргөн буту менен гана соконддоп жүрүп тээп, алганда гана уткан болуп эсептелет.

ДҮМПҮЛДӨК. Дүмпүлдөк боз бала, келин, кыздардын оюну болот. Көпчүлүгү түнкү ай жарыкта ойнолот. Күндүз эркек балдар

гана ойнойт. Дүмпүлдөктүн тартиби. Дүмпүлдөк деген оюнда дагы балдар эки бөлүнүп алып чөп жашырмай кылып чөптү табалбай калса ошол тарап жатат. Жатканда балдардын бир тарабы чокмороктоп баштарын катып, көчүгүн томпойтуп тизилип чөгүп жатып берет. Алардын үстүн чапандары менен жаап коюп бир күлүк бала аркандын бир учун жаткан балдарга карматып коюп, бир учун колуна кармап алып жаткан балдарды кайтарып коруп турат. Тигилер туш-туштан «бөйдөй-чайдай» деп качырып кирип кийиз байпак эшкен жоолуктар менен чогулуп жаткан балдарды токмоктоп кетет.

Аркан кармаган бала улам бирин кубалап, тап берип, кайра чуркап жатып ал кара сууга түшүп, жинигип калгандай болуп жүрүп кабылта түшүп тигилердин кашаңыраак баласына жетип тээп калса, чачыла чурулдап тура калып «чөк байтал» деп тигилерди жаткырат. Бул таяк жеп калгандар жанын аябай кашаңдарын токмоктоп кирет. Булардын аркан кармап, коруп жүргөн баласы өтө шамдагай, күлүк бала болсо, жаткан балдарын көп урдурбайт. Бул аркан кармаган баланын бет алып жүрүшү бир тарапта болсо дагы көздөрүнүн кыйыгы эки жагынан жана аркасынан кетпей эң бир сак болуп жүрөт. Камалып турган баланын энөөрөгүн, кашаңыраагын байкап туруп качырып сала берип, байкоосуз турган баланы шамдагайлык менен барып оң буту менен тээп калса, чөктө жаткан балдарын куткарып алат. Агер чөктөн чыгып барып тебишке болбойт. Чөккө жатпаган балдар чөктүн тышында жүрө берет. Тепкенде кийимине тийсе да жарай берет. Жаткан балдар эч кандай аракет кылууга болбойт. Таяк жебей жатканына эле маашыр алып жата берет. Бул эки тарап өчөгүшүп алса же алардын арасынан бир-эки баланын эрегишип жүргөн жери болсо, байпакка таш алып да чабат. Ал чабуучу баланын кайсы жерде жатканын даана билип туруп чабат. Алардын көбүнчө өчмөнтөйлүү болуп калганы бул оюнда кыз эркек дебей аралашып ойнойт эмеспи. Өзүнүн айлындагы кыз тигил айылдын баласынын тарабында болуп, чөктө бирге жатып калса ошонун ич күйдүсү менен аябай чабуулга кыжырланат же мурда урушуп калган балдар болсо баштакы ичинде жүргөн кеги менен чабат. Анын байпакка таш салып чапканы билинип калса ал бала айыптуу болуп, тогуз шап берип кутулат. Шапты таяк жеген бала өзү алат. Шап деген сөз сөөмөй, ортону менен аябай билекке чабат.

ШАБИЕТ ОЮНУ. Шабиет деген оюнду жигиттер жана боз балдар гана ойнойт. Бештен кырк кишиге чейин эки бөлүнүп алып ойношот. Шабиет тебүүнүн тартиби. Шабиет деген оюндун түрү мындай болот. Жигит оюну болот. Жигиттер теңделип алып эки бөлүнөт. Булар дагы чарчысы он саржанга чейин жерге тегерете чөк кылабыз деп кийимдерин таштап коет. Баякыдай чөп жашырышып, чөптү таап алса чөп жашырган тарапты чөккө киргизип салат. Бул чөккө киргендер эки колу, эки буту менен төрт аяктап жүрөт. Оюндун тартиби тигил чөктүн тышындагылар буларды алаканы менен кайсы кез келген жерине чапканы келе жатканда ошол төрт аяктап атырылып барып тизеден төмөн тебет. Эгер тизеден жогору же кийимге тепсе жарабайт. Чөктүн ичинде калган киши болсо, бардыгы төрт аяктап тебүүгө болот. Агер тура калып тепсе же оң буту менен теппей сол буту менен тепсе жарабайт. Мында чөктөгүлөрдү чапканы келаткан жигиттердин шамдагай, жеңилдери оңун таап туруп катуу качырып барып чаап жиберип, бийик түйүлүп алыс түшүп тептирбей кетет. Бул шабиетке өтө ылдамдык менен шамдагайлык жеңилдик керек. Чөктө жаткандардын кайсы бир кыраакы шамдагайлары тигилердин шектүү, кыйындарын астыртан байкап туруп катуу келатканда туурасынан төрт аяктап качырып барып тосо калып тээп салат. Ошондой утур карай капыстан тосуп тепкендерден бут сынып да калат. Бул оюнда дагы маңоо тарпаң кишилер көп тептирип салат. Маселен, тияктагы кишини бир жигит качырып келатса, буякта алыс эле жерден алдын тосуп коюп, төрт аяктап качырып барып туруп, чуркап жүргөндөрдү куткарбай, тепкендер болот. Чөктөгүлөрдүн экөөнүчөөн катар секирип барып жаакка алакандар менен тартып өткөндөр болот. Кайсы жагы болбосун, күлүк, карылуу, жеңил, ыкчыл жигит эле кыйын болот. Туруп жүрүп эле эки буту менен качып баратып жеткирип чалган салпаяктар да болот. Буларда байге болбойт. Бошоң жагы, чыйрак тараптан таяк жегени гана жетишет. Кээ бир маңоо жигиттер байкоосуз олтуруп таякты көп жейт. Капталы, жаагы, башы, далысы, кызарып, төрт аяктап мөңкөңдөп жүрсө карап олтурган элге далай күлкү болот. Бул шабиет ойногондор ыштанчан, шымчан гана болуп, башка кийимдерди бүт чечип коет, будоо болбосун үчүн. Шабиет оюнун эски чөөт болбогон майда чөптүү, жумшак жерге ойногон жакшы болот. Себеби жанакыдай күүлөнүп, катуу чуркап

келаткандарды тосуп тепкенде, катуу жыгылат. Жана төрт аяктап атырылып, катуу кырданып жөнөгөндө колуна темир же жыгач кирип жарадар кылып коёт. Же колу чыгып кеткендер да болот. Чындап кызып ойноп эки жак теңдешип турганда шака-шука, дабырт-дүбүрт болуп чабал жигиттердин алы кетип калат. Шабиетти өз жолу менен ойноп жаткан кезде кол сынса, бут сынса, баш айрылса дагы эч кандай доомат же айып болбойт. «Оюндан от чыгат» деген сөз бар эмеспи дешет.

ЭЛДЕН-ЭЛДЕН ЭЛ ЧАБАР. «Элден-элден эл чабар» деген боз балдар жана он бир, он жашар кыздардын оюну болот. Муну да, канча болсо да, эки бөлүнүп алып ойнойт «Элден-элден эл чабар» деген оюндун түрү мындай болот. Балдар эки бөлүнүп алып чөп жашырышат. Чөптү таппай калса, тиги тарап биринин колун бири кармап, кыркасы менен туруп берет. Бул катар тургандар чымырканып колдорун бекем кармашып туруп тиги тарапты чакырат. «Элден-элден эл чабар, Чалагыз деген бок чабар» деп. Чалагыз эркек бала катуу чуркап барып, күч менен катар турган балдардын кармашып турган колдоруна катуу тийип өтөт. Аны өткөзбөй токтотуп кала албаса ортосунан бөлүп, арыраак жагын айдап кетип, өзүнүн тарабына кошуп алат дагы, кол кармашып туруп, тигил алдырган жакты чакырат. «Элден элден эл чабар, Итибай деген бок чабар» деп. Итибай дагы эң бир кайраттанып катуу барып бузуп өтөм деп, өтө албай калса, колго түштү деп, аны дагы катарына тизип алышат. Кезеги менен тигилер дагы чакырса, дагы барып бузуп кетсе кетти, буза албай калса колго түшүп калат. Кыскасы кезек менен бир тарабы бир тарабын чакырып токтотуп калып, өз тарабына алып, качырып барганда буза коюп, бөлүп кетип жүрүп, бир тарабын калтырбай жеңип алганда эң артта калган баланы сен башчысың деп таардап кетишет дагы, кайрадан башка оюнга киришет.

ТОКТУ СУРАМАЙ. «Токту сурамай» дагы он, он эки жашар эркек, кыз балдардын оюну болот. Канча болсо эки жаат болуп ойношот. «Токту сурамай» деген оюндун түрү мындай болот. Балдар эки тарапка тең бөлүнүп алып, өйүз-бүйүз болуп кырка олтурат. Ар бир балага чакыртып ат коюп алышат. Чөп жашырып, кайсы таппай

калган жагы тынч олтуруп калат. Берки тарабынан бир бала туруп барып, тиги тараптан бир баланын көзүн эки колдоп алаканы менен басып туруп, өз тарабынан бир баланы жаңы коюлган атынан айтып чакырат. Мисалы: «Туткуч, Туткуч?» – деп. Туткуч келип көзү басылып турган баланы чекеге катуу чертип кетет дагы, өз тарабына барып, ордуна отуруп калат. Көздү басып турган бала көзү басылып турган баладан «Күзгүбү, таракпы?» – деп сурайт. Ал бала «күзгү» деп койсо, күүсү деп анын көзүн алаканы менен бек сыдырып кетет. Көзүн сыдырткан бала ордунан туруп басып, тиги Тараптан Туткуч дегең жаңкы чекеге черткен баланы таап алат. Таап алса колунан жетелеп алып келип өз тарабына кошуп алат. Агер таппай калып, бөлөк баланы кармап калса ошол тарапка отургузуп алышат. Андан кийин берки тарантан бир бала туруп барып, тигилердин бир баласынын көзүн басып туруп, өз тарабынан бир баланы «Чымчык, бери кел!» – деп чакырат. Жаңкы аты Чымчык коюлган бала келип, көзү жабылган баланы чекеге катуу чертип кетип, барып ордуна олтуруп калат. Көзүн басып турган бала «Майбы? Көмөчпү?» – деп сурайт. «Май» деп койсо «майы» деп көзүн сыдырып коет. Ал бала барып Чымчыкты таап алат да, өз тарабына алып келип кошуп алат. Таппай калса, ошол жакка отуруп калат. Кыскасы кезек менен ошондой ойноп олтуруп акыры бир тарабы утуп чыгат. Утканы эле бир тарапка бала койбой өзү тарабына жыйнап алуу болот. Уттурган тараптын башчы болгон баласын таардап, бардык бала тебелеп кетишет. Бул оюн ушул түр менен ойнолуп бүтөт.

СЕЛКИНЧЕК. «Селкинчекти» келин, кыз, боз бала, жигит аралаш ойнойт. Мында эки бөлүнбөй эле оюн-шоок үчүн айылдын арасына же чет жагына селкинчек салып коюп, күн-түн дебей бош боло калганда эрмек үчүн ойнолот. «Селкинчек» деген оюндун түрү мындайча болот. Эки, үч айылдын кыз келин, боз балдары чогулуп келет. Ортодогу айылдын жанына орнотуп койгон карагайга жаңы, жакшы аркандарды селкинчек кылып байлап коюп, айдын жарыгында, күндүн ачыгында, жайлоонун түзүндө селкинчек тебе башташат. Бир боз бала, бир кыз болуп же бир жигит, бир келин болуп селкинчек тебишет. Буларды эки жанынан эки бала катуу күүлөп турат. Этектери жорунун канатындай зуулдап, селкинчек тепкендер көккө бир чыгып,

жерге бир түшкөнсүп, ойку-кайкы болуп, тамандары менен тизелерин бүгө коюп, өздөрү да күүлөнүп жүрүшөт. Бул оюн кызып калган кезде жигиттер, келиндер, боз бала менен кыздардан калбай келип, далай убак селкинчек тээп жатышып бүткөндөн кийин, эки-экиден болуп житмей ойнойбуз деп өз-өз сүйгөн теңтуштарын алып туш-тарапка кетишет. Андай убакта кокту жерлер табылганы эң эле зарыл болот. Кай бир кыз-келиндерди энелери сак болуп туруп селкинчек тарагандан кийин житмийге жибербей, үйүнө алып кетип калат.

АК ЧӨЛМӨК. «Ак чөлмөктү» дайыма түнкүсүн ойнойт. Келин менен жигит кем-кем гана жумушу болуп калып барып аралашпаса, боз балдар, кыздардын оюну болот. «Ак чөлмөк» деген оюндун түрү мындай болот: Балдар эки бөлүнүп алып, башчы болгон балдар чөп жашырышат. Чөптү таап алган тарабы ак чөлмөктү колуна алат. Ак чөлмөк деген тутамга ченеп кесип койгон, копшогон жумуру, ак жыгач болот. Муну колуна алган тараптан бир карылуу бала алыска ыргытат. Көзүн айырбай карап турган балдар эки тарап бүт бойдон жүгүрүп калышат, ак чөлмөктүн түшкөн жерин көзөмөлдөп барып, издеп калат. Бул ак чөлмөк дайыма түн ичинде ойнолот. Ай жарыкта тез эле таап алышат. Ай караңгы болсо көпкө издеп жүрүп табат. Таап алган бала эч кимге билгизбей коюунун аракетин кылып, таштаган чөктү көздөй кетүүнүн айласын кылат. Аны аңдып, байкап жүргөн балдар кармап алып, тинтип көрүп, ак чөлмөктү билип калса, талаша башташат. Ал бербеске тырышат. Булардын жулкушуп жатканын көрүп, эки тарап бүт бойдон келип, талашат. Ал бала өзүнүн тарабына бере коюп кутулуунун аракетин кылып үймөктөлгөн көп баланын алдына калып «ой, өлүп кеттим» деп бакырат. Ошондо кээлерди өз тарабы сүйрөп алышып, кармашып жатып баланы бошотот. Ошол эле түр менен улам колуна тийгени алып качып отуруп, эки тараптын бири чөккө алып барат. Алып барган тарабы алып барбай калган тараптан байгеге сайган шаптарын алат. Бул тараптан дагы бир күчтүү бала ыраак ыргытат. Баягысындай эки тарап жалпы чуркап барып ак чөлмөктү издеп, жерде агарган нерсе болсо эле кармай беришет. Бир бала таап алып чололоп туруп жанынын бардыгынча чуркап жөнөйт. Тигил тараптан чөк жакты тосуп калганын көрсө, башка жакка качат. Балдардын баары артынан кууп жөнөйт. Жетип

кармап калса баякыдай балдардын баарысы келип тинтишип жатып калат. Ак чөлмөктү биринен бири алып, бир жагы кармашып, башка бири дагы ала качып чөккө келип калат дагы, байгеге сайган шаптарын алат дагы, бөлөк оюнга киришет.

ЖӨӨ ООДАРЫШ. «Жөө оодарышка» жигиттер, боз балдар катышат. Келин, кыздар, кары кишилер катышпайт. Бирак карап отуруп көрүшөт. Муну дагы эки бөлүнүп алып ойнойт. Жөө оодарыш деген оюндун түрү мындай болот: Баягы эки тарап, эки топ болуп туруп, арасынан бирден баланы ат кылып, атайын бирден тың баланы баатыр кылып атап, эки балбан баланы эки баатыр бала минип алып, оодарышка чыгышат. Бул ат болуп жүргөн балдар төрт аяктап жүрөбү, эки аяктап жүрөбү, эки тараптын убадасы боюнча жүрүшөт. Ат болуп жүргөн балдар балбандыгынан үстүндөгү баатырдын алдырбай өтө омоктуулук менен далайга сактап жүрөт. Минип жүргөн балдар колдон, буттан, моюндан алып аябай жулкушат. Кай бирлери шымдан алышабыз деп шым, ыштандарын айра тартып жулуп-жулуп алат. Шымымды, айрып салды деп ызаланган бала уруша кетет. Калыс балдар «баатырдын шымы айрылганда уруша кетчү беле» – дешип аш, тойдоку оодарышты көргөндөрү ажыратып коёт. Агер ажырашпаса бир аз мушташып басылат. Кайрып башка балдардан ат кылып баатырды аткарып, оодарышат. Оодарыштан алып кеткени байгеге сайган төөматегин алат. Төөматек деген сөз алдырган баланы жыланбаштап туруп, оодарып алган бала колун шымаланып туруп, төбөсүнө чыканагын коюп туруп, катуу тартып, кайра сүртүп муштуму менен бери сүрүп, кайра нары муштап калат. Бул оюн кыскача ушундай түр менен кана ойноло берип бүтөт.

САРТЧА АЛЫШУУ. «Сартча алышууда» жигит менен боз балдар эки бөлүнүп алып ойнойт. Мында оюнчулар күчүн, шамдагайлыгын, маштыгын көрсөтүп тиги тараптын кыйындыгын көрсөтүүгө негиздеп ойнойт. Кары кишилер, келин, кыздар карап отура берет. Сартча алышуунун түрү. Сартча алышууда эки жаат болбой эле чогуу балдар арасынан эки тең баланы белине бышык кур курчап чыгарат. Ал эки бала белиндеги курдан бекем кармашып алып бери кайкалай бергенде, колун кайчылай коюп көтөргөндө кайкалаган баланын эки

буту көтөргөн баланын эки ийни артыла түштү. Ошону менен булар токтоло калбастан чөк кылып койгон он саржан жерге тынбастан шапа-шупа көз илешпей, улам бирин сартча алып жүрүп отурушат. Булар чөккө жетсе «баракелде-баракелде» – деп чурулдап калышат. Жете албай бирин бири түшүрүп жиберсе балдар күлүп, калып түшүрүп жиберген баланы четке тургузуп коёт. Бул оюнду көп ойноп машыккан бала эч бир түшүрбөй алыша берет.

ЧИКИТ ЧАПМАЙ. Чикит бош балдардын гана оюну болот. Көпчүлүгү тогуз, он жаштан төмөнкү жаш балдар ойношот. Чикит деген оюндун түрү мындай болот. Эки бала чыгып чикит чаба турган болсо, абал эле жерди узатасынан жырып коёт. Камчы сабындай болгон бир жыгачты таяк деп белендеп коюп, тутамга ченеп бир жыгачты баякы жырган жерге көпүрө кылып коюп, бир бала колундагы таягы менен жырган жерге салып туруп, көпүрө болуп турган кыска жыгачты көтөрүп иет. Ал кыска жыгач көтөрүлүп жогору чамгарактай түшкөндө катуу чабат. Таамай тийсе жыгач алыс барып түшөт. Берки жыгач чаппаган бала барып ал жыгачты баякы жыдымаңды болжоп, өлчөм менен ыргытат. Жыгач келип жыдыманга жакын түшөт. Жыдыман менен жыгачтын ортосунда таякты салып көрүшөт. Таяк жетип калса жыгачты алып келген бала мурда чапкан бала жыдыманга болжоп ыргытат. Таякты салып өлчөп көрүшөт. Жыдыман менен чикитке таяк жетпей калса, чикитти чапкан бала элеймин деп таягы менен чикит жыгачты элейт. Элегени таяктын учуна раак чикит жыгачты туура коюп алып аста-аста өйдө секиртип астынан өйдө уруп турганды айтат. Чикит деген жаңкы чабылыш жаткан кыска жыгач болот. Эми элегенде нече жолу чикитке тийсе санап туруп чикитти учунан сол колу менен кармап алып оң колу менен таякты алып катуу чабат. Баякы элегенде беш санаса беш жолу чикиттин түшкөн жеринен нары карай чаба берет. Ал убакта чикит менен жыдымаңдын ортосу кыйла алыс болуп калат. Ошол алыс жерден берки бала чикитти колуна алып туруп «Акбай, Токбай карамende, кашка тай, кулу-кулу кула тай, куруп кетсин Мандабай, Акылакей- чакылакей чаар бака темир така, Боронбай бүкүр, бооруна түкүр, чабалакей чам-чум» – деп оозун кымтыган бойдон жыдыманды көздөй катуу жүгүрөт. Жыдыманга чейин чым деген үнү басылбай келип жетсе

кутулат. Агер жетпей калса келатып, үнү басылып калса, берки баланы көтөрүп алып кайта баштан «чым» деп жүгүрүп келип, жыдыманга жетет. Анда дагы үнү басылып калса кайра барып баягы чикитти алган жерден жанакы сөздүн баарын айтып туруп «чым» деп дагы жүгүрөт. Анда дагы келатып үнү басылып калса дагы берки баланы көтөрүп алып «чым» деп келет. Үнүн баспай жыдыманга жетсе кутулду. Агер үнү басылып калса улам-улам кайта бара берет. Чикит абдан алыс жерге чабылып калган болсо, ал бала кыйналат. Жакын жерден «чым» деп келсе, кайра чикитин чабыша берет. Бул чикитин алыс барып, жакын барышы жанакы элегенден болот. Көп элесе көп жерге чабылат. Аз элесе жакын эле жерге «чым» деп кутулуп калып ойной беришет.

КӨЛГӨ ТҮШМӨЙ. «Көлгө түшмөй» боз балдар жана ошолор катарлуу кыз балдардын оюну болот. Эки тарап болуп ойнолот. Көлгө түшмөй деген оюндун түрү мындайча. Балдар эки жаат болуп алып чөп жашырышат. Анда чөптү таба албай калган жагы бир аркандын эки учун туюктап алып, ошол аркандын ичине чогулуп алып турушат. Анда чабал, кашаң, алы жок балдарды ортого коюп, күчтүү, шамдагай, күлүк, тың балдар арканды жыйнап алып туш-туш жагын карап турат. Анда тиги тарап туш-туштан камап келип, тебетей, калпактары менен көлгө гүшмөйдүн ичинде турган балдарды туш келген жерине аябай чаап кетишет. Анда баякы арканды жыйнап турган балдардын бир же экөө бир жакты бет алып, тигил тараптын балдарын чабам деп келатканда кармап калуу үчүн жыйнап алган арканын жазып жиберип, катуу күч менен качырып калганда, кармап токтотуп калса, тиги жаатты көлгө түшүрөт. Агерде токтото албай калса тим тура берет. Ошентип кай бир убакта карылуу балдар арканын жазып жиберип, катуу качырганда өзүнүн көлгө түшмөйдүн ичиндеги балдары, кыйрап жыгылат.

Андан берки тарап буларды тегеректеп алып, кыйла токмоктоп салышат. Ал жыгылып жатып кармап калса беркилерди көлгө түшүрөт. Бирок жыгылган тарапты буттан, колдон сүйрөп, будалап жүрүп жакында карматпайт. Ошентип тигилердин бирин кармап токтотуп алмайынча көлгө түшмөйдүн ичиндеги балдар көп таяк жеп калат. Кармап калганда булар дагы тиги тарапты ошондой сабашат.

ЖАШЫНМАК. «Жашынмак» дагы жаш балдардын, кыздардын оюну болот. Эки бөлүнүп ойнойт. «Жашынмак» деген оюндун түрү мындай болот. Балдар эки бөлүнүп алып чөп жашырышат. Чөптү таап алса берки жагы баштоого камынат. Анда жашынбаган тарап бир жерге топтолуп алып эки жакты карабай тура беришет. Тиги жашынуучулар эң бир байкоосуз жерлерди ойлонуп таап алып жашынышат. Мисалы, жыйган отундун, чөптүн араларына, далдааларына кирип калышат. Же болбосо, жардын түбү, терек, тал, карагайдын бутактарынын арасына чыгып барып, далдаланып отуруп калышат. Же үйдүн ичинде же чыгдандын ичине, тактанын алдына, жүктүн бурчуна жатып калат. Мындай жерлерден таап алууга болот. Андан эң бир кыраакы балдар аялдын, кыздын кийимин кие коюп элдин катарынан орун алып отуруп же жумуш кылып казан, аяк жакта кызмат кылган болуп жүрө берет. Аларды өтө кыраакы балдар болуп таап албаса, жакында таап алууга болбойт. Ошентип жашынган балдарды таап алса, кайра жашынат. Агер таап ала албай калса берки балдар атынан айтып чакырганда «бир тай, бир тай» деп туруп келет. Анда берки тарабы жашынат. Аларды таап алса «бир тай» деген балдар уткан болот. Агер таап алалбаса алар дагы «бир тай, бир тай» деп эч кимиси утпаган болот. Жашынмакта байге болбойт. Кылдат жашынып, таптырбай койгону гана кыйын, кыраакы, эстүү бала экен делип калат.

МАНГЕЛ УРУУ. Маңгел уруу талаалардагы отун алып же мал багып, кой-козу кайтарып жүргөн балдардын мелдешүү оюну болот. Байге сайып коюп ойнойт. Маңгел уруу деген оюндун түрү мындай болот. Бир топ бала куурай же чий оруп, отун алып жүрүп мелдеше кетет дагы бир көтөрүмдөн же бир кучактан отун сайышып коюп бир куурайдын башына бир тезек же бир жампаны сайып коёт. Ошону алыстагы аркан бою жерден маңгел менен урушат. Уруп алганы баякы отундун баарын алат. Ута албаганы сайган отунун бере берет. Канча урса да уттурган жактын эрки болот. Маселен, бир таңык куурайды кичинеден бөлүп сайса, ошол отун түгөнгүчө саям десе өзү билет.

УРМАЙ УРУУ. Урмай урганда кемирчек казып жүргөн балдар он, он бештен кемирчегин байге кылып сайып коюп, катар туруп алышып, колундагы бычактарын аркан бою эле жарым аркан бою

жерге тик сайылма кылып, кырданып ыргытышат. Топтуу бала болсо алардын бычактарынын бири жатып калат, бири жантак болуп сайылат, бири типтигинен сайылат. Ошонун тик сайылган бычагы утат. Бардык байгени ошол бычактын ээси – бала алат. Бул урмай урууну дагы көпкө чейин урат. Агер бир бала бардыгын утуп алса «мен баймын» – деп,– элди тойго чакырдым,– деп уткан кемирчектерин,– боорсогум, этим,– деп туурап туурап балдарга берет. Өтө сараң бала болсо той бербей да коёт.

ЖООЛУК ТАШТАМАЙ. Эркек, кыз, жаш балдардын оюну болот. Кай бир жаш келин, боз балдар дагы катыша алат. Шоок үчүн ойнолгон оюндар болот. Жоолук таштамай деген оюн мындай болот. Балдар канча болсо тегерете отурат. Ал балдардын арасынан кызбы, эркекпи бир бала жоолугун эшип алып отурган балдардын аркасы менен кыдырата басып келатып жоолугун бир баланын аркасына, эч кимге билгизбей, таштап коет. Анын таштаганын билбей калса, дагы айлана басып келип, жоолук ташталган баланы, жоолукту ала коюп сабап кирет. Ал таяк жеген балдарды айлана качып, кайтып келип ордуна отурат. Ал качкан бала – балдардын аркасы менен качат. Анда да кубалап сабай берет. Агер качкан бала, бат жетейин деп, ордун көздөй баратып, балдарды аралай жүгүрсө беш айланта кууп жүрүп сабаш керек болот, айыбы үчүн. Анан биринчи эле жоолукту таштап кетээри менен билип калса, жоолук таштап кеткен баланын аркасынан кууп жүрүп сабай берет. Ал таяк жеген бала качып отуруп сабап жүргөн баланын ордуна отурат. Агерде сабап жүргөн бала өтө куу, шум бала болсо ал дагы кууп бараткан баланы колу менен жете-жетейин менен сабай берип, жоолугун башка бир баланын аркасына таштап кетет. Ал балдар тигилердин кызыгына батып күлүп жатып билбей калса, кайра барып ал баланы сабайт. Балдардын баарын алаксытып, күлдүрүп коюп улам биринин аркасына таштап кетип жүрүп далайын сабайт.

ЭШЕК СЕКИРМЕЙ. «Эшек секирмей» боз балдар жана жигиттерден аралашып ойногон оюн болот. Бул оюн дагы шамдагайлык, күчтүүлүк, маштыкты үйрөтөт. Эки жаат болуп ойнойт. Эшек секирмей деген оюндун түрү мындай болот. Балдар экиге бөлүнөт дагы таяк кармашат. Бир таякты ыргытып жиберип биринчи жааттын баласы туруп

кармап калат. Экинчи жааттын башчы болгон баласы тигинин колунун жогор жагынан кармайт, кайтып 2 баланын өөдө жагынан кармайт. Ошентип, улам бири кармап отуруп учуна чыгат. Таяктын учу жетпей калган бала жеңдирген болуп калат. Жеңдирген тараптын бир кабелтең тооштуу баласы эң алдында казык болуп тикесинен турат. Анан аркасынан бир бала казык болгон баланын белинен кармап эңкейип турат. Анын жамбашынан кармап дагы бир бала турат. Бала канча болсо биринин аркасынан бири чиркешип, эңкейип туруп беришет. Анда берки тарап балдардан бир учкаяк, жеңил бала эң алдында жүгүрүп барып тигилердин аркасынан секирип барып жеткен жердеги эңкейип турган балдардын биринин жонуна минип калат. Анын аркасынан бири секирип барып алдыңкынын артындагы балага минип калат. Калган балдар канча болсо улам бири секирип барып, биринин аркасынан бири учкаша берет. Агерде бул секиргендердин бир да бири минип калалбай оодарылып, жыгылып калса жеңдирген болот. Бул эңкейгендерге туруп берет. Жыгылбай эле бардыгы секирип келип минип калса, эң алдыңкы келип минип турган бала дем албай элүүгө чейин санат санайт. Ошого чейин жыгылбай же буту жерге тийбей минип турса, кайра дагы секирип мине берет. Булар секирип келип минип жатканда эңкейип турган балдардан бирде бири майышып, жыгылып кетсе, булар жыдып калган болуп, жаңкылар дагы кайра секирип мине берет. Секиргендер оодарылып жыгылып калып же буту жерге тийип калса эңгендер секирип минет. Анда дагы жогоркудай тартип менен ойной беришет. Бул учурда эңкейип турган балдардын биринин үстүнө же эки үч бала минип калса жыгылып калууга болот. Секирип минип жаткандарга орун калбай, секирип келип минерге жер таппай калса жыдып калат. Жыдыган деген жеңилди деген сөз болот. Ушундай тартип менен ойноп, бул оюн бүтөт.

ХАНЫМ ДАТ. «Ханым дат!» жигиттер, келиндер, кай бир боз балдар, кыздар жана жигит атасы болуп калган, аял ортону болуп калган адамдар дагы ойнойт. Бул көпчүлүгү, дат уруда, күлкү, шоок үчүн көп ойнолот. «Ханым дат» деген оюндун түрү мындай болот. Эркек, аял, жигит, келин, кыз болуп жоон топ киши бир үйдө олтурса «Ханым дат» ойнойлу дешет. Хандын ою кандай болсо аткарышмай деп убада кылышат. Бардыгы тегерек олтуруп алып бир чүкөнү

өкчөшөт. Кимдин чүкөсү алчы консо ошол киши хан болот. Жана бирөөнүн чүкөсү алчы конуп калса хандыкты ошол алат. Ошентип олтуруп бирөөнүн чүкөсү таа конуп калса ал ханга увазир болот. Ал экөө олтура берип, башкалары өкчөй берет. Бөгү түшүп калса эч нерсе болбойт. Анан чиги түшүп калса, ошол өкчөп чиги түшүргөндү увазир келип кармап «Ханым, дат!»– дейт. «Датың болсо айт!» деп хан жооп берет. Увазир баландай малымды уурдап ушул киши алып баратыптыр деп арызын айтат. Хан туруп ой кылат: Билекке үч чап же ууртунан булчуй ал же, төөмантек ал же кара кашка кой же аңыр этин жедир же түлкү сүйрөт, же чекеге черт же мурунга черт деп. Бул айтылгандардын бирин гана ойлойт. Бөлөктөрү ар ким ууру болгондо ойлонулуучу нерселер. Ошентип, хандын ойлогонун аткарат. Бул арада чүкөнү баякы ууру болгон киши кайра дагы өкчөйт. Алчы түшсө хан болуп калат. Таа түшсө увазир болуп калат. Бөгү түшсө кутулуп кетет. Чиге түшсө дагы ууру болот. Анда дагы увазир ханга барып «Ханым дат!» дейт. Хан: «Датың болсо айт» деп, дагы жооп берет. Жанакыдай балан малымды уурдап баратыптыр дейт. Анда жанакылардын бирин дагы ойлоп салат. Аны дагы аткарат. Ошентип олтургандар ошондой жол менен ойноп олтура берет. Хан кай бир каары келген кишиге көп ойлоп салат. Мйсалы, тогуз саап, тогуз булчуй деген сыяктуу. Аяган кишилерге аз гана ойлойт. Бир шап же чекеге черт дегендей. Кээ бир убактарда келин, кыздардан ууру болуп калса уурунду бетинен өөп кой деп дагы ойлойт. Ал кезде бир кишини өкчөгөн чүкөсү алчы түшүп калса эски хан түшүп, бул киши хан болот. Таа түшүп калса увазир түшүп калып, берки киши увазир болуп калат. Агер оңко түшүп калса ал киши түшпөс хан болот. Анда алчы түшүргөн киши увазир болот. Таа эч нерсеге жарабайт. Ошолордун арасынан бир тили тантык киши же келегей тилдүү киши ууру болуп калса, же бир келиндерден ууру болуп калса, же бир уяттуу жашыраак жигиттерден ууру болуп калса буларга ушундай деп жаңылмач айтып берип кутулсун дейт:

Беш жүз кашка эшек
Бешенеси башка эшек
Баспай калсаң баткактан
Башың тийсин ташка эшек.

Бат-бат айтылат.

Айран куйган аш аппакпы,
Суу ичинде таш аппакпы?
Бир жагыма машак артындым
Бир жагыма таш артындым
Машагым ооп ташыма тиет,
Ташым ооп машагыма тиет.
Машагым ооп ташыма тиет
Ташым ооп машагыма тиет –

деп бат-бат айтат. Анан уурулуктан кутуласың деп кыйнаганда оюндун тартиби боюнча айтпай коюуга болбойт. Бул жаңылмачтардын бирин бат-бат айтпаса эл катары тогуз шап берип кутулат. Шаптан качкандар жаңылса да айтып кутулат. Бирак күлкүнүн көптүгүнөн шаң бергенден ашыгыраак кыйналат. Төтөн тили келегей же чулдур кишилерди кайра-кайра айттырганда күлкү басылбайт. Кара кашка куймай деген – көмүрдү чайнап туруп ууру болгон кишинин маңдайынан мурдунун кыры ылдый куят. Түлкү сүйрөмөй деген бир жалпак идишке күлдү салып алып, күлдүн ортосун жылга кылып коюп, терининин өөнүн сүйрөп, ошону тиштеп ал деп күл менен сүйрөйт. Аңыр этин жедирмек деген – астыңкы, үстүңкү ээрдин кармап алып «аңыр этин жедим» дедирет. Аңыр дегенде эриндерин тийиштире коёт. Көп күлкү чыгат.

ЧҮКӨ ӨКЧӨМӨЙ. Чүкө оюндарынын түрү мындай болот. Балдар чүкө ойногондо өкчөмөк дегенди ойнойт. Бири өкчөгөндө чүкөсү алчы түшсө кийинкинин чүкөсү таа, бөгү, чиге түшүп калса алчы түшкөн чүкөнүн ээси «алып урам» деп эки чүкөнү кошуп туруп калчап жиберет. Анын алчы түшкөнүн же таа түшкөнүн таап ал деп коёт. Берки бала алып калчап, таап же алчы түшүрө албаса тиги бала алып коёт. Кайра өкчөшөт. Алчы чүкө баарын алып урат. Агер бири бөгү, бири чиге гүшүп калса бөгү алып урат. Алып урганда эки чүкө тең калчалып калганда ошонун кайсы кымбат дегенин таап ал деп коёт. Таап ал деген чүкөсүн калчаганда жаңкыдай түшүрүп алса, бул чүкөлөр тапкан баланыкы болот. Таппай калса берки баланыкы болот.

ЖЕДИРМЕК. Балдар же жигиттер чүкө утушууда ойнолот. Эки кишиден тартып канча киши болсо ойной берет. Жедирмектин тартиби. «Жедирмек» деген оюнда бир, эки бала же андан көп бала бирден

чүкөсүн чогултуп туруп, бир бала калчайт. Ал чүкөлөрдүн бири же экиси алчы түшүп калса алчы чигелердин баарын алып алат. Кайра дагы калчайт. Алчы, чиге түшсө аларды дагы алат. Агерде таа түшсө бир чүкө кошот. Эки таа түшсө эки чүкө кошот. Акыры таа түшкөн сайын таа башына бирден чүкө кошуп олтуруп чүкө көбөйөт. Чүкө көп болгондо алчы, таа аралашып түшөт. Анда «сасып калдың» деп убактылуу аны оюндан чыгарып коё туруп башкалары калчайт. Алардыкы дагы алчы, таа аралаш түшө берсе алар дагы сасып калат. Бардыгы сасып калса кайра баштан баарысы калчайт. Алчысы жок эле таа түшө берсе таанын санына карай бирден чүкө кошо берет. Агер таа жок болуп алчы түшсө алчыга бардык чигени кошуп алып алат. Бул оюнду сасымай деп коёт. Эми сасымай эмес эле жедирмек ойносо алчыга кошулуп чиге түшсө канча чиге болсо да алчыга кошуп ала берет. Агер таа түшсө бөгү чүкө канча болсо да аны кошуп алат. Агер тааны алчы жейт. Алчы бөгүнү кана жебейт мунда жедирмек деген оюн ушул болот. Жедирмектин аягы сасымай болуп чыгат. «Жедирмек» өзүнчө ойнолгондо алчы чүкө тааны, чигини жеп коет. Бөгүнү гана жебейт. Жеди деген сөз алчынын ээси утуп жатат деген сөз болот. Кыскасы жедирмек сасымайы ушул теманын гана ичинен түшүнүп алууга болот.

ХАН ТАЛАМАЙ. Эки кишиден тартып канча киши болсо ойной берет. Ханды талап алуу деген адилдигинен жаңылган ханды талап алуу деп ойногондук. Хан таламайдын түрү. Хан таламай деген оюн мындай болот. Бир топ бала чогулуп алып бир чүкөнү же бир саканы хан деп коёт. Ал ханга кошуп көп чүкөнү калчашат. Ал чүкөнү калчаган бала эки бөгү, эки чиге, эки таа, эки алчы болсо бири бирине атып ала берет. Ал бала атып жатып тийгизе албай же башка чүкөлөргө тийгизип койсо жыдып калат. Жана карчаган бала дагы ошондой тартип менен атып ала берет. Баякы атып жаткан балдар канча чүкө атса дагы өзүмдүк кылып ала беришет. Көп атып алганы байып калгандай болуп турат. Кайсы бир бала жалгыз чүкөнү да атып алалбай тура берет. Агерде хан алчы түшсө алчы менен атып алат. Таа түшсө таа менен бөгү түшсө бөгү менен чиги түшсө чиги менен атып ала берет. Ханды кандай учурда атып алса дагы боло берет. Чүкө атып алып олтуруп бардыгы бүткөндөн кийин ар бир бала чүкөлөрүн санап көрүп

эң аз чүкө алып калган баланын чүкөсүнө өлчөп, анда ханды атып алган бала ханды жолдошу менен чүкөнүн санатынан башка кылып салат. Калчашарда анда такыр чүкө албай калган бала оюнга кирбей гана томсоруп олтура берет. Берки чүкө алган балдар калчашып жатканда хан таа түшүп калса ак болуп турган балдар жалпы эле чачылып жаткан чүкөнү талап киришет. Анда кай бирлери көбүн талап алып коёт. Баягы чүкөнү көп атып алгандан дагы көп талап алып байып калат. Кээ бир балдар ошол хан таламакейде дагы жакшы талап алалбай куру калат. Ошентип баягы көп чүкөнүн баарын кайсы бала алса ошол бала уткан болуп эсептелип, берки балдардан кош камчы бөлчөй тооматек окшогон сайган байгесин балдардан алып көтөрүлүп калат. Таа түшүп калганда гана таламакей болуп балдарды тытыштырып салат. Хандын таа түшкөнү хандын жаңылганы деп билинет. Эң акырында үч эле чүкө калса да аны атып алып бүтмөйүн карчаша берет. Агерде бир тарабы үч эле чүкө алып калса берки көп чүкө тарабы хандан башка үч чүкөсүн алып чыгып карчаша берет. Карчаган чүкө хан менен жети эле чүкө болсо хан-саны менен жетөөн тең атып алмайынча карчаша берет. Бир тарабы бир дагы чүкөнү тигил тарапка жибербей алганда чүкөсү жок калган тарап уттурган болот. Байгеге эмне сайса дагы берет. Жандырмак бар болсун деп убада кылса баякы көп чүкөнү хан-саны менен карчайт. Алдырган тарап. Анда баарын алып кетсе ажырайт. Же болбосо ажыратып алгандар эле жансын деген убада болсо ажыратып эле алган жанып калат. Ал убакта байге берилбейт. Упай деген оюндун түрү ошондой болуп ойнолот.

УЮМ ТУУДУ. «Уюм тууду» деген оюн көпчүлүгү койчу, жылкычынын же эриккен балдардын оюну болот. Уюм туудунун түрү. Уюм тууду деген дагы оюн болот. Ал «Уюм туудунун», «Тогуз коргоолдукундай» эки чарасы болот. Эки жагында бештен үйү болот. Мисалы мындай беш үйлөрдө бештен таш болот. Аны көчкөндө үйгө бир таштан таштап көчөт. Ал беш таш жеткен жеринен наркы бир үйдүн ташын көчөт. Ошентип, улам жеткен жеринен наркы үйдөн ташын көчүп олтуруп жеткен жердин нары жагындагы үйдө эч нерсе калбай куру турса, анын нар жагындагы таштарды жаладым деп көчкөн киши алып алат дагы, чарасына салып коёт. Агер таш жеткен жердин нар жагында эки, үч куру турса, анда куру жалак болуп, эч нерсе албай

куру калат. Бул уюм туудуда жыдымай жок болот. Ал уюм туудуну эки киши алмак-салмак эле көчө берет. Кайсы көп таш алган жагы уятыраак мында бир сөз бар, уюм тууду деп айткан себеби мындай болот. Баякы алмак-салмак көчүшүп жаткан кезде кайсы тараптагы кырка беш үйдүн кайсынысында болсо дагы төрт таш болуп калган кезде «менин уюм тууду» деп алып коёт. Бул уюм туудуну көпчүлүгү балдар ойнойт жана эриккен койчулар көп ойношот. Койчулардын жанакыдай жасап алган жыгачы жок жерди гана камчы сап менен эле жерди чукуп жиберип койлорун жуушатып салып ойной беришет.

ТӨӨ ЧЕЧМЕЙ. Эң бир чоң аш, тойдо төө чечмей деген оюн болот. Анда эл абдан көп чогулган болот. Азыркы убакта төө чечмей жок. Төө чечмейдин түрү. Илгери убактарда кыргызда бир төө чечип алам деген оюн болгон экен. Ал төө чечип алыш эң бир жаман, уят оюн экен, Мисалы, бир ашта же тойдо аш, той ээси, бир жараган мыкты төөнүн үстүнө кымкап же ичик жаап коюп төө чечип алгандын байгеси деп чөгөрүп тегерете олтурган элдин так ортосунан бир жерди кары бою казып коюп баягы төөнүн буйласын баякы кары бою казып койгон чуңкурдун түбүнө кагып койгон казыкка байлап коёт. Ал төөнүн жанына чапан жапкан бир атты кошо байлап коет. Төөнү чечип алууга бир аял чыгат. Анда кийимден эч нерсе жок болот. Жазылыгы эки эли же төрт эли келген гана чачбак салынат. Тегерете олтурган көп элдин ортосунан төөнүн буйласын баягы ороодон эңкейип барып чечип алам деп басып барып ороону көздөй эңкейгенде төөнүн жанындагы атты алууга бир жылаңач киши барып ал аялга төөнү чечтирбей айгыр болуп омуроолоп туурамынан аркасынан жөөлөп чечтирбей турат. Аа болбой аял төөнү чечип алуунун аракетин кылат. Эркек чечтирбестин аракетин кылып булар бир топ убакытка маскаралык кылганын көрүп кай бир адамдар көргүсү келбей туруп басып кеткени да болгон. Бул оюндун эң акыры Ормон хандын убагына чейин келип, Ормон хан төө чечмейди бир катар койдурган экен. Андан кийин дагы төө чечмей кызык оюн болот деп эл кайрадан төө чечмейди баштамак болгондо Шабдан, Чыныбай, Байтик, Курманжандардын убагында төө чечмей калтырылган экен деп эл карылары айтышат.

## VI. ТЫНЫБЕКТИН ТАРЫХЫ

Тыныбек 1846-жылда Ысык-Көлдүн Кайнар деген жеринде туулган. Атасы Жапы абдан кедей киши болгон. Тыныбек он терт жашынан тартып мергенчиликти үйрөнүп, дайым, үзгүлтүксүз мергенчилик кылып жүрчү болгон. Тыныбек он сегиз жашында атасы Жапынын жумушу үчүн Каракол судуезинин (сотунун) чакырыгына баратып Ысык-Көлдүн Бир-Булак деген жеринде жайлап калган үч түтүн жатакчыга келип конуп калган. Анда Туяна деген кыздын ырын ырдап, жатакчыларга эрмек болуп олтуруп түн жарымы болгон кезде жатып калышкан.

Тыныбек эшикке атынын жанына жатып уктап калган учурда Бир-Булактын күн батыш жаккы көлдүн кашатындагы дөбөлөргө түрү башкача көрүнгөн чоң-чоң ат минген, кылыч, мылтык, найза алган эң бир сүрдүү, айбаттуу көп адамдардын арасында болуп калганын көрүп, өзүнөн өзү коркуп, калтаарып турган. Ал турган көп адамдардын ичинен түлкүдөй сур ат минген, төө боз таар чепкен кийген, көзүнөн от чыккан, маңдайы жазык, мурду кырдач, жаңыдан чыгып келаткан жээрде муруту бар, ээрди жука, орто бойлуу, сары чийкил жигит: «Ой, Тыныбек, бери бас, мундай кел!– деп жанына чакырып алып,– турган элдин баарын таанытайын, жакшылап байкап таанып ал,– деп алды жагында турган катарлашкан элди карай колун сунуп, бир бирден көрсөтүп ырдап тааныштырат. Тыныбек бою балкыгансып карап турду.

«Биринчи сапта бешөө бар,
Берендер ошол көзүң сал.
Бир бирден айтып берейин
Белгилеп баарын таанып ал.
Оң жагында экөө бар,
Сол жагында экөө бар,
Ойроттун ээси ошондо,
Ортосунда бирөө бар:

Аккула сындуу ат минген,
Ак олпок сындуу тон кийген,
Аккелтени асынган,
Арбагы журттан ашынган,
Сырнайзасы калкылдап,
Кылычы белде жаркылдап,
Калың колду башкарып,
Карап турган баркылдап,
Кабагы бийик, өңү саз,
Жердеген жери кең Талас.
Таанып алгын ушуну
Кабылан баатыр эр Манас.

Мусулмандын агасы,
Кан Жакыптын баласы.
Казат үчүн туулган
Калың журттун Манасы.
Арбагы тирүү баатырды
Абыдан байкап карачы!

Оң жагында залкайган,
Сарала минип заңкайган,
Ай кулагы калкандай,
Алагар көзү чолпондой,
Эки ийнинин арасы
Эки азамат конгондой.
Кара мурут, нур жүздүү
Карасаң көзүң тойгондой,
Качырып чыкса душманды
Кан жуткуруп сойгондой,
Азизкандын Алмамбет
Аныктап байкап таанып ал.
Айтсаң оозуң толгондой
Арбагы тирүү Алакең
Ар качан жардам болгондой.

Алакеңдин жанында
Көкчолок сындуу ат минген,
Көк күбө сындуу тон кийген,
Ак сакалы чүчтөдөй,
Устуканы мистедей
Күлүмсүрөп сүйлөгөн,
Күлдү журтту бийлеген,
Чырымталын жойбогон,
Чырайы кетип оңбогон,
Маңдайында тырыш жок.
Ак жүзүндө бырыш жок.
Сүлөөсүндөй керилген,
Сүйлөсө адам ээриген,
Караңгыда жол тапкан,
Капыяда сөз тапкан;
Карыя Бакай аксакал
Как ошону таанып ал.

Баатырдын сол жак жанында
Көк ала аты алдында
Жарык маңдай, жайык төш,
Жалын жүрөк, кыргый көз,
Кырдач мурун, жаагы узун
Сейрек сакал, кара сур
Кыраан Чубак мына ушул.
Аттанып чыкса ак жолтой,
Атышкан жоого сан колдой,
Сапарга барса ак жолтой,
Сайышкан жоого сан колдой,
Айкөл Манас баатырдын
Адамдан жакын ынагы,
Анык байкап таанып ал –
Акбалтанын Чубагы.

Эр Чубактын жанында:
Көктелки минип камынган,

Ак шумкардай чамынган,
Калың кошун душмандан
Жалтанбаган жалындан,
Кабылан баатыр Манастын
Бактысына табылган,
Ойроттон келип эр Сыргак
Он жашында кабылган.
Бу дүйнөдө жолдошу,
Акыретте колдошу.
Алмамбет, Чубак кабарлуу
Айтылуу Сыргак жолборсу.
Атка жеңил, тайга чак,
Акылман баатыр эр Сыргак.
Аты, тонун белгилеп
Айтып жүргүн аныктап.

Экинчи сапта кырк киши
Эрендердин баары ошол.
Кырк чоро болуп атанып
Кылымды бузган шер ошол.
Арбактуу баары атамдын
Атышкан жоого бели ошол.
Арка жакта калың эл –
Алты сан ногой эл ошол.
Алмамбеттин Күлчоро
Айтып турган мен ошол.
Жанымда турган жайнаган,
Жараган күндө шайлаган,
Кызыл буурул ат минген,
Кыл мурутун имерген,
Кошунсуз жоону колоткон,
Коңурбайды сойлоткон,
Эки чоро ээрчиткен
Энедей багып телчиткен,
Эрегишкен душмандын
Эсебин колго беришкен,

Агыштын уулу Толтойдун
Атын мага мингизген,
Чынкожонун каролпок
Канчорого кийгизген,
Жетим калып жетилген,
Кундактагы кезинде
Он эки жылы тентиген,
Ногойду кайра чогултуп
Калыбына келтирген,
Белин бекем бууган бул,
Бежинден жылкы кууган бул,
Алмамбеттин куну үчүн
Бежиндеги беренден
Бешти өлтүрүп салган бул.
Манастан жалкы тууган бул,
Баатырдын кунун кууган бул.
Коңурбайды өлтүрүп
Колун канга жууган бул.
Канчоронун агасы,
Күлчоронун абасы
Айтылуу баатыр Семетей –
Айкөлүңдүн баласы.
Көңүлүңө жат кылып,
Эс токтотуп карачы!
Кайыптан бизге туш болдуң
Кайталап барын саначы.
Калтырбай жүргүн оозуңдан
Зайыпбуруш Манасты.
Катарга кирип сен дагы
Калар жагың карачы.
Калыкка чыгат атагың
Кабыландын нускасын
Калың кыргыз элине
Калтырууга жарачы!» – деп көлдүн күңгөй жагын
көрсөтүп:

– Тээ тетиги маңдайкы карарган калың эл Коңурбайдын колу, бизди кууп келди. Бирак биз эми тосуп туруп алдынан кайра сайып тымтыракайын чыгарып кетебиз. Андан качкан бойдон кетпейбиз.

Эми Тыныбек, эртең конгон жериңде кара кой союлат, ошону Манас баатырдын арбагына атап койгун. Ошол кой сойгон жердеги элге баатырдан ырдап бер. Агер баатырды айтып жүрбөсөң майып болуп каласың»– деп сөзүн бүтүрө электе Манас баатыр кылчайып карап: – Ой, Тыныбек, биздин ушул жүрүшүбүздү таштабай айтып жүр!– деп караганда көзүнө тик багып карай албай «Маакул, баатыр» – деп Тыныбек жерди карай калганда: «Жүргүлө, тигини тозуучу убак болуп калды» – деп күңгүрөнгөн айбаттуу каңырт угулуп, калың эл дүрбөп калды, жердин бети уюган чаң болуп, кайра кеткени билинбей, жер дүңгүрөгөнсүп калды. Тыныбек чочуп ойгонуп караса атынын жанында, төшөгүнүн үстүндө өзү тердеп, алы куруп, чарчагансып, жүрөгү түрсүлдөп жылаңайлак, жылаңбаш олтуруп калган.

Караса таң жээктенип агара баштап калганын көрүп, атымды отко коёюн деп тери кургабаган, демиккенсип турган атынын жүгөнүн алып кишени менен отко коюп, жүрөгү токтолбой ары-бери басып туруп, те жарык көрүнгөндө баякы дөбөгө барайынчы деп жөнөп калды. Дөбөнүн тегерегинде орто кемегедей, жаки табактын оозундай аттын издерин көрдү. Түндөгү өзү турган жерге барса, жылаңайлак кишинин изи бар. Өтүгүн чечип, бутун ченеп көрсө кадимки өзүнүн изиндей болуп көрүнөт. Олтуруп куран окуп, бата кылып, дөбөнүн тегерегиндеги издерди көрүп айран-таң калып, күн чыгарына жакын кайтып келип атынын терин кырып, сугарып, бир аз чалдырып алып жатакчылар менен коштошуп жөнөп кетип баратып уйкусу келип, бастыра албай, кишенин салып атын коё берип, кызыл суунун боюна жатып уктап калды.

Түш ооган маалда: «Ой, Тыныбек, турбайсыңбы?!»– деген үн чыгып, аттын дүбүртү келгендей болду. Чочуп ойгонуп кетип эки жагын караса эч нерсе жок. Атtanып алып жүрүп олтуруп Шалбадагы жыйырма чакты үйлүү жатакчыга барып түштү. Дөңсөө жерде олтурган бир топ элдин жанына барып олтурары менен он-он бешче кой айдап, кымыз артынган бир топ жигиттер келип, олтурган элдерге кымыз берип: – Баатыр, сен кайдан келдиң? Кайда баратасың?

– Ким болосуң? Кимдин баласысың?– деп жөнү-жайын сурашып, биринен сала бири эрмектеп олтурушат.

Тыныбек жөн-жайын айтып болгондон кийин: – Ээ, мурза, немине өнөрүң бар?– деп кымызга кызыган жигиттер келеке кылып сурай беришти. Тыныбек «Тояна» деген ырым бар» – деп жооп берди. – Ээ, «Тоянаңды» айтып көрчү, угалык?– дешип жан-алын койбой кыстаганда: «Баатырлар, «Тоянаны» таң аткыча айтамын, аны үйгө кирип айтып берейин, чарчап турам, бир аз эс алып алайын» – деди.

– Жоок, кичине айтып көрсөң, жакшы болсо кой союп айттырабыз,– дешип эриккен жигиттер жаалаганда» бир топ абышканын бирөө кара чапанчан узун бойлуу кара киши: – Ой, балдар, бул баламдын «Тояна» деген ыры бар турбайбы. Таң атканча ырдаймын – деп олтурбайбы, бир коюңарды алып келип союп, бир чоңураак үйгө кирип, балдардын баарын чакырып алып койдун этин жеп, бул баламдын ырын угуп, эртең ошол койдун ээсинин жумушун көптөп ашар кылып бүтүрүп бербейсиңерби? – деди. Маакул, маакул, абам ырасын айтат, Токомдун үйүн тазалап кийиз салып, ошондо олтурабыз,– дешип топтошуп турган койдон бир кара койду алып келишти.

Кара койду көргөндө Тыныбектин эсине түшүп Манас баатырдын арбагына атадым деп ичинде арнап олтурат. Токтосун аксакалдын үйүнө шыкала олтуруп «кана-кана, баатыр, өнөрүң болсо сал эми» – дешип карап олтурушту. Тыныбек «Тоянаны» айтайын деп оңтойлонсо «Ой, Тыныбек, Манас баатырды айтмак эмес белең» – деп аркасынан түртөт, чочугансып Тыныбек эки жагын каранып, ырдайын деп «Тоянага» камынса «Ой, баатырды айт»,– деп дагы түрткөнсүп калат. Караса, киши жок. Тыныбектин катуу кыйналып айтайын десе «Манасты» билбейт, билген ырын айтууга арка жагынан бир нерсе уруксат бербейт. Кара терге чөмүлүп «алдагандай бир кысталган ишке калдым»– деп терин шыпырып өзүнөн өзү кыйналып жатканын билбей «Кана, баатыр, кана сен качан ырдайсың? Таң атып кала турган болду же бул элди шылдың кыласыңбы?» – деп ар кимиси капаттап жемелей баштады.

- Ой, сен алды-артыңды каранып эле коёсуң, чымының бар баласыңбы? Айтсаң айтпайсыңбы? Айтпасаң бул койду төлөйсүң – деп ачуулана беришти. Кысталгандан чыдай албай «Манасты» айтып берейинби?– деп Тыныбек эки жагын каранды. – Ой-боой, бул эргул

чоң жомоктон баштамак болду го, жакшы болот. «Манас» айтып бер, кана, эми башта,– дешип баштагыдан бетер «ии-ии» дешип, элдин баары карап калгандан кийин көзүн чылк жумуп алып «аа» деп Манасты баштап калды.

Эмне айтып жатканын өзү билбейт. Эт бышымча шакылдатып ырдап олтуруп бир убакта талып жыгылып калды. Бирак аяк жагында сөзү билинбей эле кулдурагансып калды. Олтургандар: «Ата курган баланы ырдатабыз деп өлтүрүп алмак болдук бейм да? Же бакшысымак балабы?» – дешет. – Койгула, балдар, бул бала жаңыдан оолугуп жүргөн бала турбайбы. Шылдың кылбагыла балдар, этиңерди жеп тарагыла,– деп Токтосун аксакал этти чыгарып, элге берип, Тыныбекти ары-бери тарткылап ойгото албай, үстүн жаап коюп, жатып калышты.

Эртең менен Тыныбек эс алып туруп калган, бирак өңү саргарып, бүткөн бою тырышкансып калган. Токтосун: – Балам, сен немине болдуң, ырдап жатып эле, талып калдың, качантадан бери ушундай болуп жүрөсүң?– деп сураганда – Ээй, аба, менден сөз сурабаңыз,– деп уялгансып, аттанып жөнөп кеткен.

Тыныбек Караколго барып атасы Жапынын чакырылган судуядагы ишинен көп олжолуу болуп эки-үч күнү Караколдо туруп, үйүнө кайтып баратып жолдо «Манасты» ырдай берген.

Төмөн бараткан жолоочулар кошулуп алып жогору бараткан жолоочулар кайра тартып, бир канча жерге ээрчип барып, кайра тартkандары болгон. Бирак анда талыбай эле эки күн бир түн жолдо ырдап барган Тыныбек үйүнө келип кадимкидей эле мергенчилигин кылып жүрө берди, бирак үйүндө ырдабайт, талаада жүргөндө үзбөй ырдап жүрүүчү болот. Бул арада эки жыл өттү. «Тыныбек Манасты ырдайт экен дейт» – деген ар кимдин сөздөрү Жапыга угулду. Алачыгында уктап жатканда ырдаганын ата-энеси, угуп жүрүштү.

Бир күндөрдө элди чогултуп, айыл-апасын жыйып алып Жапый Тыныбекти «Манас» ырдатты. Бир күнү таң аткыча ырдап Тыныбек талып жатып калып, бир күн, бир түнүндө эс алып турду. Тыныбектин манасчы болоруна көзү жетип, Жапы ойлонуп: «Бул баламды чоң манасчыларга жиберип, алардан үлгү алдырып жана чоң ырчыларга сынатып, баламдын көзүн ачып анан элге ырдагыдай кылайын» – деп кийим-кечесин жамап-жаскап аты, тонун

түзөгөнсүп берип, Чоңбаш деген манасчыга жиберди. Чоңбаш кандай ырчы эле дегенде – Чоңбаш кыргыздын эң алдыңкы жомокчусунун бири эле.

«Чоңбаштын айткан жомогу ай», дегенде элдин оозунан көк түтүн буркурайт эле, Тыныбек Чоңбашка барып эки айча жүрүп келбештеген – ондогон кийиктерди атып келип үйүнө берип, кайра дагы Чоңбашка кетет.

Кайта барганда Чоңбашты ээрчип, атын токуп ырдаганда ырын угуп, ырдабаганда Манастын тарыхынан сурап алып үч айча бирге жүрүп, көп түшүнүк алып келди.

Андан кийин Көл башында Акылбек, Келдибек деген жомокчулар бар деп Көл башына барып буларды көрүп, бир айча жүрүп, бул ырчыларды «Чоңбашчалык ырчы эмес» – экен деген сынды берип келди. Тыныбек Балык ырчыга да барган. Андан дагы Манастын тарыхын көп сурап кайсы бир жерлеринен пайдаланган.

Кыскача айтканда, Тыныбек өз тушундагы кыргыз элинин манасчыларынын көпчүлүгүн көрүп кайсы бирлери менен сабакташ болуп, бир биринен үлгү алышкан.

Тыныбек 25 жашында кыргыз элинин дурус манасчысынын бири болуп эсептелген. Бул учурларда Көл башында Назар ырчы «Манасты» жакшы айтат деп көпчүлүгү айтып, «Жоок, Тыныбек жакшы айтат» – деп Чыныбай айтып, мелдеш коюшуп киши чаптырып Тыныбекти Караколго чакыртып алып Назар менен ырдаштырып көрүшкөн. Бирак бул ырчыларга Манастын өлгөнүнөн тартып Манастын күмбөзүнүн салынып бүткөн жерине чейин гана айткыла деп өлчөм кылып беришкен.

Назар бир жарым күн ырдап бүтүргөн. Бул киши күмбөздү Надир деген устага салдырган. Экинчи күнү Тыныбек ырдап дагы бир жарым күндө бүтүргөн. Тыныбек күмбөздү Намангандин үстүндө, Анжияндын астындагы Кызыл Арыстан эшенге салдырган.

«Манастын күмбөзүн же олуя салбаса же ошондой бир эшен салбаса мынча кылымга ал күмбөз турар беле» – деп Чыныбай жеңди болуп жүз сом бир ат мөрөйүн беришкен. Бирак ал кезде көтөрмөгө алганда – бир койго бир сом алуучу. Ошол убакыттардан тартып кыргыздын чоң манаптары, чоң байлары Тыныбекти чакыртып алып бир ай – эки ай ырдатып алып жүрүп кетиргендери болгон.

Мисал үчүн Шабдан, Байтик, Өзбектер Токмокто Сооронбайдын багы деген жерде чоң топ болуп, ошондо чакыртып отуз күн удаа ырдатышкан. Кайсы бир жерлерди: «Тыныбек, бул «Манасты» кандай кылып айтып калдың? Кимден үйрөндүң?» – деген суроолор болгон. «Бул «Манасты» көп кишилерден сурап жана көп улама адамдардан угуу менен толуктап айттым. Бирак ырдаган учурларда өзүм арасында жүргөндөй болуп түрлүү окуяларын элестеп кетем» – деп жооп берген. «Сенден үйрөнүп жүргөн кишилер барбы?» – деген суроолор болгондо: «Менден да үйрөнүп, сурап алып, жазып алып жүргөндөр бар. Алар ким дегенде: Сагымбай, Калыгул, Тоголок Молдо, Касымбай, Байбагыш, Кожоберди, Доңузбай, Жакыптар жана башкалар дагы бар – деп жооп берген. Жана Тыныбек үйүндө бир ай, эки ай туруп калган күндөрүндө, Манасты ырдабай калганда, өз ырын өзү сагынып калгандыктан, айыл-аймагын жыйнап алып өз үйүндө да ырдап берип жүргөн.

1898-жылдарда Нарын участкебайы «Манас», «Семетейден» жазып бер деп буйрук кылганда Тыныбек «Семетейден» жазып берген. «Бирак жаздырып алууда кандай болуп чыгарлыгынан түшүнүк албагандыктан толук жазып бергеним жок» – деп Тыныбек айткандары бар.

Ал жазып берген «Семетейи» «Казан» басмасы болуп арапча тамга менен чыккан. Жана «ушул «Манасты» ырдаштын аркасы менен малдуу болуп жана бий болуп да жүрдүм» – деп Тыныбектин айткандары болгон.

1902-жылда Нарындын Байдуулу Туюк (Байдоолу туюк (?) деген жеринде ооруп жатып баласы Сооронбай менен жээни бай Байбагышты ырдатып көрүп – балам Сооронбай, сен көп арбыта албайсың го, Байбагыш болсо дурус жомокчу болуп калган экен»– деп сын берип олтурганда өзү демигип араң жатып – «Кайран баатыр, кайран Манас баатыр, кош!» – деп ырдаганы:

Ырдасам элим кубанган,
Даңкымды элге чыгарган,
Ырыскы болуп мен үчүн
Дөөлөткө сыймык уланган.
Казандаган калың журт
Кануучу беле кумардан?

Баатырдын атын укканда
Барлык эл сүйүп чакырган
Тарыхы сөзүң угууга,
Талайлар киши чаптырган,
Таштабай айттым сөзүңдү
Өзүмө өзүң тапшырган.
Тагдырга жакын болгон бейм?
Таныып барып акылдан.
Кыргызга нускам калбады,
Кыраан Манас баатырдан.
Арманым ушул, калайык,
Арбактуу эрди таштабай
Айтса экен элим артымдан. –

деп Тыныбек сөзгө келе албай эси оогандай болуп, олтургандар менен кош айтышып кеткен. 1902-жылдын сентябрь айында Тыныбек элүү алты (56) жашында өлгөн. Ушул күнү түнкү саат он болгон чамасында жаркырап тийип турган Ай улам улам кичирейгенден кичирейип барып карайып Ай тутулуп калганда, эл чуркурап азан айтып жиберген.

Бир убактыларда Айдын томдосу чыгып киргил тартып тийип туруп гана Ай батып кеткен. Тыныбек качан өлдү эле деп бири биринен сурашканда баягы Ай тутулганда өлбөдүбү дешип белгилешип жүргөндөрүн укканбыз – деп бул айтылган Тыныбектин тарыхын баласы Сооронбай айтып жүрүчү. Жазган Актан Тыныбеков. 1938-жыл 25-өктабрда.

## VII. КОРГОЛДОЙДУН АЙТЫП БЕРҮҮСҮНДӨГҮ ТЫНЫБЕКТИН ТАРЫХЫНАН

***(О.Сооронoвдун киришме сөзү, түшүндүрмөлөрү кошо)***

«Тыныбектин тарыхы» - азыркы бизче, «Тыныбектин өмүр баяны» деген түшүнүк. Демек, улуу манасчы Тыныбек Жапы уулунун эки өмүр баяны жазылып калган. Биринчиси – Жапынын жакын тууганы Сарыбагыштын уулу Корголдойдун айтуусунда болсо, экинчиси – Тыныбек манасчынын өз уулу Сооронбайдын айтып берүүсүндө болгон. Ал экөөнү тең 1938-жылы Тыныбектин дагы бир уулу Актан Тыныбеков араб тамгасында жазып алган. Бул эки жазуу тең Академиянын Кол жазмалар фондусунда сакталып турат.

Сарабагыш уулу Корголдойдон жазылып алынган Тыныбектин биринчи Өмүр баяны Фондунун 517-инвентар номурлуу папкасында Актан Тыныбековдун көптөгөн араб арибиндеги кол жазмаларынын арасында алиге «белисиз» бойдон жаткан. Аны Актан Тыныбековдун «Кыргыздын улуттук оюндары» (Инв. №134) деген жазмасынын башындагы **«Кыргыз элинин улуттук оюнун жазып берүүчү адамдын кыскача таржымалы жана жазган убактысы»** аттуу кириш сөзүндөгү: «1940-жылдан бери кыргыз жазуучуларына мүчө болуп, колдон келишинче, чыгармаларымды берип турамын. Жана Кыргыз Илим изилдөө бөлүмүндө да «Көкөтөй», «Таша Кудаш» деген эки поэма кол жазмаларым 1941-жылдан бери ужутка ашпай жатат» деген кабарынын изи менен аталган эки поэманы издеп атып, ошол «Жапыев Тыныбектин тарыхы» деген жазманы «таап алып», ал жөнүндө «Жаңы ордо» гезитине (№14, 27.04, №15, 4.05, 2018-ж.) «Житкен окту аткан ок табат же алда качан айтылган акылман сөз тууралында» деген макала жарыяладым. Анда Актан Тыныбеков жазып алган улуу манасчынын эки кишинин айтып берүүсүндөгү Өмүр баянынын кайсынысы алгачкы жана маанилүү экендиги жөнүндө сөз кылгам. Бул «Тарыхта» манасчылыка жетүүнүн кандай жолдору

жана эрежелери болоору жөнүндө өтө реалдуу (ишеничтүү) сөздөр жана айныгыс фактылар бар экенин да көрсөткөм.

Улуу манасчынын өз уулу Сооронбайдан жазылды делген «Тыныбектин тарыхы» (Өмүр баяны) да араб арибинде, Академиянын Кол жазмалар фондусунда 29-инвентар номур менен өзүнчө сакталуу. Бирок бул «Тарыхтын» өмүр баянга тиешелүү жерлери так болгон менен чыгармачылыгына байланыштуу жагына келгенде манасчылык өнөрдүн турмуштагы чыдыгына караганда кыялдагы фантазияга көбүрөөк өөк таштап, келечектеги манасчынын пайда болушундагы, калыптанышындагы аракеттердин баарын эле табияттан сырткаркы кандайдыр кудуреттүү күч жасай тургандай, апыртма жагына ооп жазгандай, Тыныбек манасчы биринчи тарыхта такылдатып айтып аткан – чындыкка негизделген жерлерди көмүскөдө калтырып, даяр сюжеттерди мээсине куюп койгон «манасчынын» тибин көрсөтө турган жактарга басым жасоого ооп кеткени көрүнүп турат. Бул профессионал эмес адамдардын түшүнүктөрүнө байланыштуу чыккан сөздөргө, манасчылыгын көбүртүп-жабыртып көкөлөткүсү келген «манасчылардын» айткандарына ишенип же атайылап ошондой болушун каалап жазылган «тарыхка» окшоп калган. Актан да ошол чактардагы жогоркудай ишенимдерге, каалоолорго оодук болуп, атасы Тыныбекти башкалардан башкача көрсөткүсү келип, улуу манасчы өзү айтып кеткен улуу чындыктан да жогору болот деген ниетте эки «Тарыхты» ашташтырганда илюзияны ээрчип калган окшойт.

Ал учур го атанган манастаануучулар чыга элек, манасчы – жомокчу делип, «Манастын» тексттери элге жете элек, жөө жомок менен эпостун айрымасы көрүнө элек мезгил эле да. Азырчы? «Өрдөк жокто чулдук бий» болуп, отуз жылдай убакыт аралыгындагы анархияга айланган турмуш учурунда, орусча айтканда, хаос мезгилде – адам ишениминин туткасы боло турган илимде да оюна келгенди оттомой, илим жаратуу быякта калып, негизги максат даражаларды (степен) алуу (илимдин кандадаты, илимдин доктору), наамдан (звания)-наамга жетүүнүн (доцент, профессор, корроспондент-мүчө, академик) оңой, жасалма жолдорун таап кетүү негизги мүдөө-максатка айланып калып, «Манастын» негизин, кыргызга кымбат жагын, аалам адамдарынын рухуна татымдуу жагын, б.а., ички ыйык дүйнөсүн изилдөөнүн ордуна, динге тиешелүү, кыялый түшүнүктөргө

тиешелүү, оорулуу психологияга тиешелүү сырткы ойкуп-кайкыган «ыйык» делген түшүнүктөргө жетеленип, же өз зоболосун көтөрүш үчүн, мүмкүн пайда көрүш үчүндүр, айтор, чыгарманын каарманы болгон Манасты атабыз, бабабыз деп, ханыбыз деп, азыр Кудайдын жардамчысы болуп жүрөт деп, эпостун өзүн болсо «Тооратыбыз», «Куранábыз» деп, Мамилекетибизге идеолагия кылабыз деп, асмандатабыз деп, сыртына ар кандай боёкторду сүртө берип, өзүнө турган наркын төмөндөтүп бүтүрө турган болдук. Ошондон улам жээ жан жыргатар сөзү жок, кулакка куюлар үнү жок, же көз кырын бурар кыймылы (жести) жок, сөз деп бадырата сүйлөй берген, өзүн манасчы санап алгандар да жайнап кетти. Ушундайларга сабак болор деген негизде улуу манасчы Тыныбектин эки варианттан турган «Тарыхынын» (Өмүр баянынын) басма бетине жарыялана элек жеринен, улуу манасчынын өз сөзүнөн турган тексттерден үзүндү бере кетүүнү туура көрүп атам (О.Сооронов):

«...Тыныбек бала кезинен тартып эле ырга көңүлдүү, шыктуу болгон. Эл ырынан «Тойана» деген кыздын ырын ырдап жүрүчү. Он төрт жашынан тартып мылтык үйрөнүп, үзгүлтүксүз мергенчилик кылып жүрдү. Бирак кимдер кандай ыр ырдаса, бир ак угуш менен үйрөнүп алучу эле. Жана өзү сөз айтса дагы уйкаштырып сүйлөчү эле.

Айрыкча ырга эң бир шыктуу, ынтаалуу болгондуктан, атасы Жапы, энеси Бопой Тыныбекти аттап, тондоп Чоңбаш деген ырчыга жиберген. «Чоңбаш кандай ырчы?» – дегенде, Чоңбаш кыргыз элинин манасчысынын эң алдыңкысынын бири болгон. Ошол убакта «Чоңбаштын айткан жомогу ай!» деген эң атактуу угулат эле. Тыныбек Чоңбашка барып, ээрчип эки айча жүрүп, кайтып келип, он-он беш (күн) мергенчилик кылып, бештеген, ондогон кийикти атып, үйүнө барып, кайта Чоңбашка кетет. Чоңбаштан «Манасты» үйрөнүп келип, бир түн, эки түндүк (15-бет) жомокту айылына айтып берип жүрдү. Жатса-турса дагы ырдап жүрө берүүчү болду. Кийик уулап жүргөн кезинде да ырдап калат. Кайсы бир убактарда кызып ырдай бергенде, кийиктер качып баратканын көрүп калышкан күндөрү да болгон.

Он сегиз жашында Көл башында Акылбек, Келдибек деген манасчылар бар деп угуп, атайылап ыр үйрөнүүгө аракет кылып барып, бир ай, эки ай жүрүп келген. Бирак булар Чоңбашчалык ырчы эмес

экен деп ойлогон. Солтобай деген жаңы, кыйын ырчы чыкты деп угуп, анда дагы барып Солтобай, Арыстанбектер жамакчы ырчылар экен деп, аларга көп туруктабай кайткан. Кайра барып Чоңбаштан Манастын, Семетейдин тарыхын сурап үйрөнүп, андан кийин Балык деген ырчыдан дагы Манастын тарыхын сурап, керектүү жерлерин үйрөнүп, өзүнүн билишинче ырдап берип, ырын сынатканда, алар ката чыгарышпаган.

Жыйырма эки жашына чейин бул «Манастын» артына түшүп, өзүнүн курбаты жеткен жердеги кыргыздын чоң жомокчу деген кишилеринен далайын көрүп, аларга өзүнчө сын берип, жана алардан «Манастын» ырынан керектүү болгон түшүнүктөрдү сурап алып пайдаланган.

(16-бет). Жыйырма беш жашынан тартып, эл арасына ырдап, «Тыныбек «Манасты» жакшы айтат» деген атакка кире баштаган. Кайсы бир чоң манаптар чакыртып алып ырдатып, бир ай-жарым ай алып жүрүп, кетиришкен (анан жиберишкен). Мисал үчүн Чыныбай, Шабдан, Байтик «Манасты» баштан-аяк ырдатып отуз күн удаа айткан күндөрү болгон. Бирак Манастын жомогунун аягына чыктым деп айткан эмес.

Ошол ырдап жаткан учурда токтотуп алышып, Таластын жана башка бир жерлердин тоо, ташы, көлү, булагы, дөбөсү окшогон белгилүү жерлерин сурашкан: «Тыныбек, сен палан жерге бардың беле? Көрдүң беле?» – дешип... (Тыныбек): «Жок, мен барган эмесмин» дегенде, ал жерди жакшы билген адамдар Тыныбекти «Эң бир кыйын экен, балким олуядай эле айтат турбайбы?» – дешип сөз кылгандар (Суроо бергенде): **«Жоок, агайындар, андай эмес. Бул жерлердин суунун, тоо, ташынын айтылмагы мурунтадан бери эл оозунда болуп келе жаткан сөздөр. Жана, балким, көргөн адамдардан изүүлдөп сураштырып алып жамкарууда ырдын тизмегине бул сөздү кызыктуу жана чындыктуу кылуу үчүн барынан кабардар болуу керек» –** деп, Тыныбек элге жооп берген. Бул учурларда Тыныбектин үнү кардыкпаган жана сөзү угумдуу болуп, үйүнө тургузбай, көп жерлер чакырып (17-бет) кетүүчү болгон. Агер үйүндө бир ай чамалуу туруп калган күндөрдө сагынып, айыл аймагын жыйнап алып, өз үйүндө ырдап берүүчү болгон. Кайсы бир убактарда уйкуда жатып да ырдап калуучу.

Ошол «Манас», «Семетейди» ырдоонун аркасында аш, тойдо жана кыргыздын чоң топ болгон жерлеринде Тыныбектин ырдабаган күнү болгон эмес. Ал учурдагы жыйналыштардагы элдердин көпчүлүгү уккан. «Ошол «Манас», «Семетей» айтуунун аркасы менен байлыкка жана бийликке дуушар болдум» (жетиштим) деген. (Мындагы «Топ», «Жыйналыш» дегендер кыргыздын нагыз сөзү. Азыр тынбай айтылып аткан «Курултай» деген монголдор менен калмактардын сөздөрү).

1899-жылдарда бекен? «Манас», «Семетейди» жазып бересиң!» - деп Нарын учаскебайы буйруганда, «Семетейден» жазып бергендери болгон. Бирак жаздырып алууда кандай болоорун түшүнө албай, толук жазып бергеним жок деп айтты эле деп уктум. Ошол жазып берген «Семетейи» арабча тамга менен Казан басмасы болуп чыккан эле. Жана бир убактарда Караколдо көп манасчылардын баш кошкон жеринде Балтабай, Кыдыр, Сарыбай, Баатыркандар (га) окшогон көп кишилер манасчылардан сөз сурап калышкан: «Бул «Манас», «Семетейди» силер кандай кылып үйрөнүп, (18-бет) айтып калдыңар? Бириңердикинен бириңердики башкачараак болуп чыгат, бул кандай себептен?» – деп сураганда, манасчылардын кайсы бири «Айткан Манасты түшүмдө көрдүм» деп, кайсы бирөөлөрү «Өңүмдө көрдүм, оозума таруу куюп кетти» (деп), жаки «Оозума түкүрүп кетти» (деп), же болбосо «Мага Манас: «Мени айтып жүр!» деп кеткен « дешип жооп беришкен. Ал убакта Тыныбек: «**Жок, мен андай Манас баатыр менен сүйлөшкөнүм жок. Мен кыргыздын эки алдыңкы катардагы манасчысы Чоңбаштан жана Балыктан жана ошолорго окшогон улама тарыхчы адамдардан көп сурап, жана көп тажрыйба алдым. Бул сөздүн ар бир окуяларын өзүнчө бөлүк-бөлүк иреттеп, тизмегин түшүнүктүү кылып башкарып алып кана ырдадым» –** (деген).

**«Экинчиден, жаратылышта менин барлык ыңгайым ушул манасчылыкты кесип кылууга ылайыктансам керек. Себеби, бул «Манасты» айтмайынча өзүмдүн мүнөзүм** (көңүлүм) **жакшы ачылбай тургансып турамын» –** (деген).

**Үчүнчүдөн, Мен ырдаган «Манасымда» бир күнкү айтканым менен экинчи күнкү айтканымдын эч бир** (19-бет) **өзгөрүүлөрү болбойт. Анткени кайсы бир ырды так айтып, дааналап жаттап**

**алса, элиң дагы тынчтуу жана айтуучу кишинин өзүнө дагы оорлук бербейт. Ошон үчүн бул сөзгө мен өзүмдү абдан берилип жана милдеттентип алып ырдап калгамын»** – деп жооп берди. «Жоок, Тыныбек, сен жалган айтасың, ушунча көп сөздү Кудай өзү үйрөтпөсө, кишиден угуп үйрөнүүгө болбос эле» – деп бир даар адамдар талаш чыгарышкан. (Тыныбек): **«Жоок, агайындар, адам баласы чындап ынтаасы менен бир ишке берилсе, жана ошол ишин көңүлүнө бек сактап жүргөн кезде, алибетте, түшүндө ошол иш көрүнөт. Бирак, көп жерден тажрыйба албай, кайыптан баарын билип кетүү - мундай эски сөздөрдүкү туура болуп чыкпайт. Жана мисал үчүн мындан көп «Курандын» сөзүн жаттап алып кары болдук деп** (Кары деп «Куран» китебин баштан-аяк жаттап алган кишини айтат) **молдолор деле жүрөтко. Алибетте, чындап берилген киши кайсы бир ишти болсо да көңүлгө тууралап жаттап албаса, бирде ашык, бирде кем болуп чыгууга тийиш.» –** деп (20-бет) жооп берген. Анда бир канча адамдар маакул көрүп, «Тыныбек туура айтат, жеке түшүндө көрүү менен мынча көп сөздү жамкарып кетүү кыйын болор» дешкен. «Эмесе, Тыныбек, сен го ар кимден угуп үйрөнүпсүң, сенден киши үйрөндүбү?» деген суроо болгон. (Анда Тыныбек): **«Алибетте, кайсы бир талантуу кишилер менден да сурап үйрөнүп жүрүшөт.»** Ким(дер) дегенде:

**Сагынбай ырчы,**
**Калыгул деген,**
**Куудул Калча,**
**Тоголок Молдо,**
**Байбагыш (Багыш),**
**Кожоберди,**
**Касымбай,**
**Доңузбай,**
**Жакып деген,**

**Чоңбаштын уулу Дыйканбай деген. Ушулар жана да башкалар. Бирак булардын кай бири толуктап сөз менен сурап алып, кат билгени жазып алып жүрүшөт. Кат билбегени кайта-кайта** (21-бет) **сурап, негиздүү кылып сөздүн керектүү болгон жерлерин каза сурап алышат. Кайсы бирлери ырдын гана уйкашын**

**сурашат. Бирак тарыхын билбей туруп көп узарта албайт.»** деген (Тыныбек манасчы).

Ушул сөздөрдү Корголдой деген – Тыныбектин атасы Жапы менен бир тууган Сарбагыштын уулу, Куйручуктун тайакеси Корголдой деген айтуучу эле. Бул киши дайым Тыныбек менен бир жүргөн жана жашы теңтуш киши эле.

Тыныбек 1902-жылда, 56 жашында, өлгөн. Менин билишимче ушул. **Тыныбеков Актан. 25-октябрь, 1938-жыл.»**

Мына, манасчы болуу туурасындагы Тыныбектин теңтушу, дайыма бирге жүргөн тууганы Корголдойдун Тыныбектин айткандарын кайталап берген сөзүн уктук, аны кагазга түшүргөн карачечекей уулу Актандын жазгандарын да окудук. Муну таспирлеп (комментариялап) отуруунун таптакыр эле зарылдыгы болбойт. Ал эми жогоруда, Ү1 бөлүмдө, айтылган «Тыныбектин тарыхы» улуу манасчы Тыныбектин өз уулу Сооронбай тарабынан айтылган экен дебедикпи, ал Корголдойдон кийин айтылып, Исламды ыйыктардын ыйыгы катары көрсөтүү үчүн мусулмандардын канчалаган керемет, укмуштанган сөздөрдү кошуп айткандай эле. «Манасты» манасчылар да кыргыздагы бийик сөздөрдүн да бийиктери менен көкөлөтүп отуруп жомокко айландырып, андан да укмуштуу жана сыйкырдуу жомокко жеткиришкен эмеспи. Аны ар дайым угуп, атүгүл манасчы болууга аракеттенип келген Сооронбай атасы Тыныбектин «Манасчы» болуунун, аны айтып калуунун реалдуу тарыхын «Ү11» бөлүмдө тактап айтып жаздырганына карабастан, эл оозундагы Тыныбек жөнүндөгү (андан башка манасылар жөнүндөгү да) легенда сөздөрдү кошумчалап, өзү да «бийиктетип» жаздырууну туура көргөн окшойт. Анан калса өткөн кылымдын отузунчу жылдарында элдик чыгармаларды жазып жарыялоо кызуу жүрүп, айрыкча «Манаска» болгон кызыгуу опегейине жетип турган учур эмес беле, Тыныбек жөнүндөгү «Тарыхтарды» кагазга түшүргөн (1938-жылы 25-октябрда), келечектеги белгилүү семетейчи Актан өзү да ошол учурда реалдуулукка караганда идеалдуулукка көбүрөөк ооп турган учуру болсо керек да? Ал эмес ХХ1 кылымдын биринчи чейреги бүтүп бараткандагы (Кыргызстаныбыз эгемендик алганда) 25 жылдын ичиндеги идеалогиялык

боштуктан (илимдеги хаостон) пайдаланган айрым аттуу-баштуу деп түшүнгөн эле кишишилерибиз «Кыргыз нурдан жаралган», «Манас Кудайдын орун басары» деп жазып чыгышып, «Манастын» өзүн фалсификациялагандар жайнап кетпедиби. Демек, улуу манасчы менен бирге жүргөн тууганы Сарбагыш уулу Корголдой айтып берген Тыныбектин жогоруда келтирилген туура сөздөрүн тумар тутуушубуз керек болот.

## VIII. АЛЫКЕНИН АШЫ

Бир заманда кыргыз эли өзүн өзү билип, өз алдынча жүрүп, өзөндүү сууга конуп, ар кимиси өз эркинче болуп, өрүшкө малы толуп, өчөгүшкөн душмандар жатчу эле соолуп. Арасынан атактуу баатырлар чыгып, алыскы элдер абазасын угуп, алышкан жоосун жыгып, атасы Манас баатырдын адатын кылып, аттанып жоону чалып, алыска жортуул барып, кош-колоң, кош аттары оорукта калып, тоорулга барган эрендери топтонуп жылкы тийип алып, айлына келген душмандын алдынан чыгып, азуусун чагып эр башына эки күлүк, бир тулпарын ээликтирип, этин тартып багып, аз улуттуу аты кыргыз элибиз ар намысын бербегени абалтадан анык, саадак кисесин курчанып, сары жаргакты шымданып, бат атар оттук кутусу белинде, баары даяр, кара боюн чыңданып, асынганы алты сай бараң болуп, доолбас, жаасын туңулөккө илип коюп карылыкта түпөктүү найзасы калкылдап, бөрү тил темири учунда жаркылдап, кылыч, канжары белинде кыңгырап, айбалтасы жанында шыңгырап, азаматтары ат үстүндө топтошуп, айылын коргоп башыры (бастыры) жүз ыңгырап жайы-кышы бозой менен көчмөн болуп, жамаатына кол салганга өчмөн болуп:

Калмак менен кармашып,
Кайра тартып арбашып,
Кытайга тиши кычырап,
Кыйла жоого учурап.
Кыжырланып кыргыз бет алганда,

Калчу эле далайдын сөөгү бычырап.
Уйгурду уйпалап,
Урушкан жерин куйкалап,
Карылары жол баштап,
Баатырлары кол баштап,

– ар бир сууга бирден кишиси бек болуп, бегинин сөзү элине эп болуп, Ала-Тоонун арасын жердеп, ар бир урук, ар бир сууну ээлеп, жогор жагы Ала айгыр Сайкал болуп, туура жагы Алай, Саркол, Какшаал болуп, Чыгыш жагы Текес, Куяш болуп, Батыш жагы Анжиян, Талас болуп, Чүй, Ысык-Көл, Тянь-Шандын арасында көңүлдөнгөн жерлерине жүрүшкөн көчүп барып конуп. Ушул учурда Аликенин уулу Табылдынын жашы жыйырма сегизге чыгып, жалтанбаган эрендерди жанына жыйып, Ат-Башы, Нарын жерден туруп алыскы элдер атагын угуп, эл уулунан бөтөнчө эр атанып, өзү теңдүү өспүрүмдөр шер атанып, мал жыйбай эл жыйып, башка улуттуу эл кылып, Кашкардын ханы менен катышып, Кокондун ханы менен конушуп жатып Аксы, Турпанды аралап, алыска күчүн чамалап, Аликенин уулу Табылды баатыр дейт деп атагы алдакайда сабалап турган кези. Алыска сапар барып, ар уруудан азын, көбүн олжо таап алып, бир жарым ай чамасында Жанбулактын талаасындагы өз айлына келип түштү. Табылды алыскы сапарынан келип айыл аймагынын амандыгын көрүп, азын-көбүн олжолорун үлөштүрүп болуп, үмүттүүлөрдү куру койбой жайлап үйүнө түшүп, мамыкка атын байлап, эл-журт, катын-зайып, кары-жаштардын амандыгын сурап олтурду. Эл эсен, журт аман. Алыке баатырдын гана оорусу салмактуураак болуп эки-үч күндөн бери кыйналгансып турат деп Табылдынын агасы Алымбек сөз салып олтурду. Табылды барып атасы Алыке баатырды көрүп: – «Кандайсыз, баатыр?» – деди. Алыке башын жастыктан көтөрүп барса-барса жөтөлүп Табылдыны жал-жал карап «Табылдысыңбы? Ээ, ээ, мына мен эми айыктым, балам» – деп жатып калды. Табылды бел чечпей карап олтуруп, таң сүрө атасы Аликени кайтпас сапарына узатты да, эл-журтуна жана энеси Кашым байбичеге да сыр билдирбестен эки жакка киши жиберди.

«Кабар жетээри менен жалпы көчүп Куланактын талаасына барып конгула, атам айыгып калды жаңы журтка барып конуп жалпы түлөө кылабыз» деди. Таң ата агасы Алымбектин ак туяк деген атына

өңөрүп алып элден мурда Куланактын талаасына барып көчтү күтүп олтура берди Табылды. Бир оокумда чубуруп көчмөндөр көчө көз кайкыткан малдар келип көпчүлүк күрдөн тартып конуп калың тууган катар тартып өкүрүп туш-тушка кабар берип тууган-урук келип Алыкени ат чаап коюшту. Күр байгесине жыйырма байтал, бир төө сайып, Төлөмүштүн уулу Карасарттын Тайкашка деген аты чыгып келип бул байгени алды.

1811-жылы өлгөн Алыкенин ашын 1813-жылда бермек болуп «атам Алыкенин ашын кыргызда жок санатты кылып беремин» деп камына баштады. Ушул жылы жаздын алды менен эле Тоорук-Сайдын талаасына үч жүз олпок кап буудай айдатып бир олпогу он бут болот. Жан-Булактын талаасындагы Алыке арыкка элүү олпок кап тaруу айдатты. Элүү саан уй, элүү союш кой берип жыйырма түтүн кишиге бул эгиндерди бактырып салды. Эл арасынан отуз чебер, он балбанга сексен саан уй, кырк торпок союш, кырк саан бээ берип Ат-Башынын токоюнан үй жыгачын жасата баштады. Жана жыйырма беш үйлүү кырмачыга теректен табак кырдырды. Бирак кырмачылардын мурдакы кырган табактарын Табылды эки сапар жара тээп кыйратып салган. Себеби бул табактарың кичине болуп калды. Табактын эң аягы жети карыштан болсун деп он төө, кырк өгүзгө кошо жүктөтүп алып келип кырмачылардын жанына үйдүрүп салган. Жана эл арасындагы колунан көөрү төгүлгөн уз катындардын сексен катынга ар бирине үчтөн үйдөн боочу жабыкбаш тегириче түтүгү кылдыроочу төрүн жыл маалына чейин басып бүткүлө деп тапшырган. Жана жүз байкамык чанач тайарлагыла деп салык кылган. Ашка керек болот деп Табылды өзү кетенге (Котон болушу да мүмкүн) барып карабашыл керик койдон тармал жүнүнөн жасалган эки миң ак кийиз алып келген болучу. 1812-жылдын аягына чейин жыгачын тиктирип, үзүгүн үлгүгө салып бычтырып эки жүз элүү үйдү биринен бирин айра таанығыс кылып жаптырып бүтүрдү. Аны менен кошо бир жүз элүү баштуу жыйырма бир көктүү, үч үзүктүү, эки үй жасаткан. Бул эки үйдүн бирин Алыкенин тулуп салган үйү болсун жана бирин кыргыздын ар уругунан келген аксакалдарын жаңа баатырлары кирсин деп арнап коюлган эле. Ал эки чоң үйдүн жанына эки чатыр жасаткан кыдырата олтурганда сексен киши менен батып олтургандай болсун деп. Ал чатырлар көк, кызыл манаттан оюу бастырып жезден түркүк

кылдырган. Мурунку жылы кырдырган эсепсиз көп табактарды жарылып кетпесин деп майга кайнаттырып туруп кийизге оротуп таңып салган эле. Чечтирип көрсө капкара болуп темирдей катып кургап калган экен. Бул сарамжалдарынын баарын тейлеп көрүп болгондон кийин 1813-жылдын жаз айынан баштап кыргыз элинин бардык жерине жана башка кишилерине кабар берип туш тушка киши жиберди. Муну менен катар Кашкардан Сыдыкбек датка, Атамкулбектерге киши жиберген. Анжиян тарабынан Койчу датка, Алымбек даткаларга киши жиберген эле.

Элди чакыргандагы болжолдуу убактысы мындай болду: «Мен Алыкенин уулу Табылды жалпы кыргыз уулун жана айыл башчы аксакалдарын күтөмүн. Атам Алыкенин ашына 1813-жылдын Баш оона айынын он бешинде келип, жыйырмасында таратууну болжолдоп кат жазып кабар берүүчү Табылды Алыкенин баласы, эмдиги элдин Манасы, аш берүүчү жерим кең Нарындын бою, Ак-Марчанын оюу. Көрөрүңөр Алыкенин тою. Кыргыз уулуна кызмат кылсам деген тууганыңар Табылдынын ою» – деп кат жазган. Бирак Анжиян, Кокондун бектерине экиден тулпар жабдуулап экиден шумкар жагоолоп Табылды өзүнүн агасы Алымбекти жиберген. Кыпчак туугандан Мааразык датка, Карабагыш туугандан Койчу датка ушул алдыңарга барган Алымбек байдан калтырбай жүз кыпчакты жүз бычагы менен жибериңиздер» – деп кат менен катуу тапшырган болучу. Алымбек Анжиян, Коконго барып жүз төөгө күрүч он беш төөгө тамеки жүктөтүп узатып жиберип хан тартууларын алып бир катар учурашып Табылдынын жазган каттарын берди. Кокондун катын Малакан Алымбекти эки түнөтүп тогуздап сарпай кийгизип кылыч байлап «Табылды мурзанын болжолдуу күнүндө кошумчабызды алып барабыз» – деп кат жазып берип, жакшы ызат-урмат кылып узатты. Маразык, Койчу даткалар тобурчагын мингизип, торкодон тонун кийгизип жүз кыпчагын Алымбекке кошуп берип узатты. Алымбек жүз кыпчакты ээрчитип алып теке айынын жыйырма бешинде айлына келип түшүп кыпчактарын коноктоп жата берди.

Табылды болсо алыскы элдерге кабар жиберип коюп жакын арадагы коңшулаш туугандарга мал союп чакыра баштап ынтымак сураган. Черик элинен Карымшак бий, Орус бий, Мажур бий, Эшимбек

бийлерди чакырды эле, булар болсо конок киргизгениңе эки жүз элүү үй берели дешип жооп беришкен.

Анын артынан моңолдор туугандардан Балачы Кичине баатыр, Шайылда, Түлкү, Байыш бийлерди чакырганда булар дагы эки жүз элүү үй берели дешип тараган. Андан кийин тынымсейит уругунан Бактыгул, кабак туугандардан Эшим, Сейит бийлерди чакырганда эки жүз элүү үйдү көчүрүп келип беришти. Бул үч урук элден жети жүз элүү үйдү тигип салып өзү жасаткан эки жүз элүү үйдү кошуп бир миң аппак үйдү кыркасы менен катар тигип салып так орто жерине жүз элүү баштуу чоң ак үйдүн бириң эки чоң чатырды кошуп тиктирип салган. Аңгыча Сарык баатырдын кичи катынынын балдары Атабек ат алма Матай түшүп, Нусуптар Тарагайдан көчүп агабыз Алыкенин ашына конок алабыз деп келе жатат деп угуп, Табылды эки ирикти куйкалатып, бир бээни жетелеп эки атка кымыз жүктөтүп атасы Алыке менен аталаш тууган агалары Атабек, Атаке, Матай, Нусуптарды өрлүктөп алдынан тозуп барат. Атбашынын Беш-Белчир деген жерине конгон Атабектин үйүнө түшүп эртең менен күн тие кирип барса, манап кыял Атабек төшөктөн тура элек суналып уктап жатат. Табылды тизе бүгүп олтура калып: – «Келе, жеңе, даам ооз тийгиз, аттанамын»– дейт.

– Жок, айланайын, уул, казан асайын биртике даам ичип кеткиле!– деп жеңеси Таана байбиче жооп бергенде:

– Жок, жеңе, биз жайкын уктап жата турган башы бош киши эмеспиз. Мен башымда ишим бар кишимин деп Табылды тура калып эшикти бет алып баратса, бутун учкаштырып суналып жаткан Атабектин төшөктөн чыгып турган бутунун беш манжасына, колундагы жоон табылгы чыбыгы менен тартып өтөт. Жаткан Атабек дагы бутун солбубай жатып кала берет.

Ушундай сөздөр менен кичи катындын балдары: Атабек, Атаке, Матай, Нусуптар кайра көчүп Тарагайга кетишет. Сарык баатырдын улуу катынынын балдары: Айылчы, Баястандар Каната билдини буйла кылып алышып, агасы Алыкенин ашын берүүгө бел байлап жатышкан болучу. Жана Төлөмүштүн уулу Карасартты чакырып алып Табылды «Бул ашты сиз билип узатыңыз» – деп баш оона айынын биринде эле аштын бийлигин Карасартка берген.

Анжиян, Кашкары менен аты кыргыз ак калпак элдин баарысы ашка келер маалы болду деп Карасарт төрт тарапка төрт кишини бир

күндүк жерге жол тоздуруп койгон. Анткени кайсы тараптан келаткан эл болсо да аш үстүнө түз алып кел жана өкүрүп келсе киши башына бирден чепкен кийип чыгат деп сөз арасында айтып койгула деп. Бул учурда эл алды болуп эле тогуздун айынын он төртүндө жүз ирик кой, он төө, бээ, он уй, он чатыр алып катуу багыт Какшаал жеринен калың черик элинен турган Келгин шаарынан ун, күрүч, мата чепкен, өрүк, мейизин төө, эшек качырларына жүктөтүп алып Ажыбек бий, Турдуке бийлер көчмөндүү көчтөй болуп көңтөрүлө келип калышты. Анын артынан кенен Кашкар жеринен чоң багыш, нойгут элинен жүз ак чатыр, он ак өргөө жүктөтүп жүз кара кашка топозду айдатып алты капка кашкардан мата чепкендүүдөн тубар, үй күрүчүн өрүк, мейизи, жаңгак, жийдесин, үч жүз эшек, эки жүз төө, жүз качырга жүктөтүп алып коңгуроосун каңгырттатып кош убак шаңгырттатып кербен көчкөндөй келин узаткандай болуп Сыдыкбек датка Койчу датка, Абдылдабек миңбашылар дарчыларын алып келип түшүштү. Мунун артынан Ош, Анжиян жеринен Жазы, Көкарт белинен, карабагыш, кыпчак элинен жана адигине, муңгуш көчүнөн он аргымак үртүктөнүп отуз калы килем жүктөтүп, элүү чатыр бүктөтүп он нарга шуру арттырып керней, сурнайын тарттырып Алымбек датка, Койчу даткалар жер союлган калың эл менен шаани шөкөт кылып келип түшүштү. Булар менен удаалаш Кокондон Малакан, Мааразык датка, Атамкул даткалар сексен атка башайы жыйырма атка калы килем артып отуз аргымакты кээжимдерин бир миң беш жүз сар кердеми менен доолбасы, чылмердендерин чалып тагырасын уруп келип түштү.

Булар менен удаалаш Кетмен-Төбөдөн Дыйканбай баатыр, Жумгалдан Медет, Качыке баатырлар, Таластан Садыр, Үрүстөм баатырлар, кең Чүйдөн Жангарач, Чыңгыш, Канат баатырлар, Эки-Кеминден Жантай, Субан баатырлар, көл аягы менен Кочкордон Төрөкелди баатыр, Адыл баатыр, Абайылда, Берик баатырлар, нары жагы Текес бер жагы Ысык-Көлдүн Зарыпбек, Боромбай, Мураталы, Токсаба, Ногой, Жунус, Жанек, Алыбек, Балбай, Өмүр баатырлар ар кимиси ондогон төө, бээ, отуздаган кур ат алып келип түшүп жатышты. Тогуз-Торо, Кабак жеринен чоро, басыз, күрүчбек, тезек элинен наржагы каба тегинен Карбоз, Жанболот, Келдибек, Осмон баатырлар, Калык кара көп киши менен келип калышты. Бирак мурда келген элдер Алике

баатырдын ашына өкүрүп барып киши башына бирден кызыл чепкен кийип чыгыптыр дейт деген кабарды угуп, улам артынан келгендери түп көтөрө өкүрүп келип, канча киши болсо бирден кызыл чепкен кийип чыгып жатышат. Кай бир куу, шум кишилер аты-тонун буруп алып, эки-үч кайра өкүрүп барып, эки-үч кызыл чепкен алгандары да болгон. Бул ашта жүргөн элдин бардыгы эле кызыл чепкенчен болуп жүргөнүн көрөсүң. Ушунчалык көз кайкыган көп элди бир миң үй, үч жүз чатырга киргизип Табылды өзү гана күтүп коноктоп турат.

Конокко арнап тигилген үйлөрдүн биринен бири айра тааныгыс окшош жууркан, төшөк, килем, шырдак, казан, тулга, аяк, табактары бирдей жетишип тургандан кийин ар бир үй башына дайындалып коюлган бир эркек, бир катын тербелтишпей коногун жайлап турат эмесби. Жана керек болсо чегип турсун деп үй сайын керегенин башына бир чанач насбай, бир баштык чылым тамекини илдирип койгон. Нанды болсо кашкарлык жасап, күрүчтү турпандык демдеп жатышат. Дарчылар болсо бийиктигин кырк кез кылып дарын орнотуп тегерете тигилген көп үйдүн так орто жеринде кызыл-тазыл кийинип алып тагырасын чалып, чилмерденин кагып, сурнайын тартып өнөрүн элге көрсөткөнү камданып жатышат. Элдин бардыгы келип бүтүп, ат оргүтүп алгандан кийин кыргыз элинин ар бир суусун ээлеп жаткан жаяндарына учурашып, таанышып келүү үчүн алтымыш куратка алты миң дилдени жаптырып, алты миң жигитке коштотуп алып Табылды, Карасарт келип ашка тигилген калың үйдүн ортосундагы түпөктүү көк найзанын учундагы делбиреген ак желеги үзүгүнөн чыгып турган кызыл-тазыл чоң ак үйгө келип түшүштү.

Бул үйдө кимдер бар эле дегенде черик уругунан: Ажыбек, Турдуке, Карымшак, орус Максут, Эшимбек баатырлар, чоңбагыш, нойгут уругунан: Сыдыкбек, Койчу даткалар жана Абдылдабек миңбашылар, кара багыш, кыпчак, адигине, муңгуш, тейит уруктарынан Алымбек, Койчу, Атамкул даткалар.

Кокондун ханы – Малахан жана Маразык даткалар, жазы саяк уругунан Дыйкамбай баатыр, тункатар, түнтөй, курманкожо, кулжыгач элинен Качыке, Медет баатырлар, кушчу, саруу, кытай, мундуз элинен Садыр, Мааке, Канат баатырлар, айтамак солто элинен Жангарач, Чыңгыш, Канат, Жамансарт баатырлар, Атаке, Сарбагыш, Черикчи баатырлар, бугу уругунан Боромбай, Зарпек, Токсаба,

Муратаалы, Балбай, Жанек, Ногой баатырлар, моңолдор уругунан Балачы Кичине баатыр, Шайылда, Төлөөке бай Кутту баатырлар, тынымсейиттен Чоң Ашыр баатырлар, чоро, басыздан Жанболот, Келдибек, Осмон баатырлар, Кабадан Карбоз бий, тезек Күрүчбектен Карамолдо, Атала баатырлар. Бул үйдөгү олтурган элдин бардыгы кырк сегиз киши эле. Кырк сегизинде бирден кишиси болуп – баары токсон алты киши. Бул үйгө аюу талпак аруу көрпөлөрдүн үстүндө жатып-туруп кенен-кесири гана олтурушат эле. Бул баатырларга Табылды, Карасарт кирип келип, салам айтып, кол берип учурашып, бул баатырларга алып келген Алыкенин ашынан мүчө деп арнаган алтымыш ат, алтымыш дейилденин жөнүн айтышты.

– Ырахмат, Табылды мурза агаларыңдын алдына жол-жосунуң менен жакшы келипсиң?– дешип кайсы бир эл аксакалдары жооп беришти. Талаа жери кең жер, улуу-кичүү тең жер деген экен.

– Агалар, бул сапаркысы болсо жүз көрүшүү жана агаңар жана курдашыңар Алыке баатырдын мүчөсү аш тараганда улуулар улуудай, улуктар улуктай узаарсыңар баатырлар деп Карасарт сөзүн бүттү.

Табылды, Карасарт аттанып кеткенден кийин баатырлардын ар кимиси Табылдынын жүрүш-туруш эрдигинен сөз баштап олтурушту. Анда Чон баатыр мындай деп сөз салды: «Бул Табылды деген баланын жашы так отузда. Бирак мунун кабарын кыргыздын далай жери укту. Бул бала жыйырма жашында эле кырк жигитим деп ар бир элден чыйрак балдарды чогултуп алып, жоо жарагын үйрөтүп, жортуул жайын көрсөтүп ат-тонун аябай, мал көзүнө карабай берешен болду. Андан эле элөөрүп жүрүп Кашкарды чаап аламын деп барып кашкардын Артыш деген кыштагын чаап алып келатканда бул олтурган Сыдыкбек, Койчу баатырлар жолун тозуп туруп Абдылдабек миңбашы менен акыреттик дос кылып кырк качырды жүгү менен Табылдынын олжосуна берип артыштыктарды соогатка сурап алып жерине кайтарышкан. Ошондон бери бул кишилер менен кол үзбөй катташып жүрүшөт. Андан кийин Келгинди чаап мал-жаны менен чогуу айдап келатканда бул олтурган Ажибек баатыр көп кол менен Какшаалдын Чычырканак деген жеринен тозуп туруп бир кыйла уруш болгондон кийин Табылдынын эрдигине кубанып, Ажыбек баатыр кудалашып узаткан экен дегенде Ажыбек баатыр сөз салган ошондо:

«Атып салайын деп Кара бараңды үч сапар бетиме алып маңдайын жара кармай берейин деп туруп, ээ, койчу, кыргыздын бир сереңдеген чыйрак баласы экен, жүрө берсин. Келгиндикти талашып кыргыздын бир эти тирүү баласын майып кылып салсам болбос деп өзүм аягамын. Аны бугулар Ажыбек коркуп кудалашкан деп алышыптыр, ошондо эки келгиндикти он төөнүн жүгү менен Табылдынын олжосуна берип, үч жүз сексен үйлүү келгендикти мал башы менен жерине кайтаргамын» – деди. Чон баатыр кайрадан сөзгө кирип Төрөкелди баатыр менен Табылдынын кудалашканын баштады. Анда да Төрөкелди жүз киши менен кыштын күнү келип Долондун белин ашып, Эки-Оттуктун капчыгайынын карын бузуп жол салып Нарындын кары шилинме болуп жатканда ушул аш берип жаткан Ак Марчадан Табылдынын агалары Жекенусупдун жылкысын тийип алганда Табылды Төкөмдүн артынан жалгыз кууп олтуруп жылкысын аман ажыратып алтымыш кишини колго түшүргөндө деп сөзүнүн аягына чыга электе Төрөгелди баатыр «Ой, Чон баатыр, сен коё турчу, анда мен жаш немени көңүлү өссүнчү деп эле беттешбей жүрө бергемин. Ырас, кийинчерээк сүйлөшүп кудалаштык. Эми ошондон бери бирибирибизди озунганыбыз чаап алып кеткенди коюп кыргыз уулу бир ынтымакта болуп башка элди жоолайлы деп Табылды баарыбызды бир үйгө киргизип атасынын ашында баш коштуруп олтурбайбы» – деди Төрөгелди баатыр.

– Түкөм ырас айтат, биздин кыргыз балдары жана баатырлары жортуулга бараарында бизге кабар кылып, бизден да колго киши алып кеңеш менен барса жакшы болор эле,– деп Алымбек датка айтканда элдин баарысы, «Туура, туура датканын сөзү» деп калышты. Бирак ал жерде балан жердеги элди жоолайлы деп коолу кылышкан жок. Деги андан кийин кыргыз эли бирин бири чаап алышууну койгон соң калды эле деп карылар айтчу эле. Табылдынын бул кандарды, бектерди жана өңчөй баатырларды баш коштуруп, бир үйгө киргизгени ушундай ою бар эле дешет.

Чон баатырдын жогорудагы сөздөрүн угушуп кудалашкан; достошкондорунан Табылдынын анык баатыр экердигин толук түшүнүштү. Аңгыча эле кыналаган боз ат мингизип, кызыл дейилдени кийгизип кадимки атактуу акын Арстанбекти аксакалдарга учураштырып Карасарт, Табылды келип:

– Ээ, Арстаке, кыргыздын кимден тарап келгендигинен жана кыргыз тобу биргелигинен айтып элге саламдашыңызчы!– дешти. Анда Арыстанбек акын кызыл дейилдени коломоштонуп канылыгын боз атка кыя тартып бастырып күмүштөгөн өрүк комузду колуна алып коңгуроодой күү чертип күкүктөй үнүн чыгарып, булбулдай кызыл тилин кайрап, мындай деп баштады:

Ассалому алейкум
Ак калпак кыргыз балдары.
Анжиян, Кокон, Кашкардын
Алтын так минген хандары,
Атабыз Кошой, Манастай
Ааламга кеткен арбагы.
Ар бир суудa жаяндар
Алтындан оор салмагы.
Арыстанбек келди силерге
Амандашып алганы.
Анжиян, Кашкар, Ала-Тоо
Аман-эсен жатабы?
Элимдин айыл-апа, аймагы?
............................................
Өскөнбүз жапан тоолордо
Ошондон тарап келебиз.
Кыргыз деген атакты
Ошондуктан билебиз.
Ак калпак кыргыз атанып,
Атак алып жүрөбүз.
Андан бери келгенде
Атабыз Бакай, Манастан
Казат кылып кытайга
Калк намызын талашкан.
Кыргыздын эли бет алса
Кытайдын элин караткан.
Кыраан Манас кайран эр
Кырчылдашкан душманга
Кыргын салып жадаткан.

Эрдик кылып, кайран эр,
Нечемди чилдей тараткан.
Акырет кетти акыры
Айбалта тийген жарааттан.
Опасы жок дүнүйө
Ошентип өтүп бараткан.
Жалган десең сөзүмдү
Окуп көр, тарых, кагаздан.
Андан бери өтүптүр
Алдаканча атабыз.
Ар урукка бөлүнүп
Ар бир суура жатабыз.
Жазылып кеткен тарыхты
Жашырып кайда катабыз.

Түбүбүз Түрктүн баласы
Түгөл кыргыз далай жан.
Узун кулак Маатты
Уккандырсың кабардан.
Төрөлүптүр Долон бий
Ушул Маат атамдан.
Дөлөн бийден Эгиз дейт:
Ак уул, Кубул – эки атам.
Ушул Акуул, Кубулдан
Оң, сол болуп таралган.

Көчмөн кыргыз балдары
Көпчүлүгүн алардан
Баш кошуп чогуу жүрбөпбүз
Байыркы далай замандан.
Акуулдун тукуму:
Адигине, Тагайдан.
Моңолдор менен Муңгушту
Наал эжеден болгон дейт.
Улама айткан кабардан.

Кубуулдун балдары:
Кушчу, Мундуз, Саруудан
Жазы, саяк тукуму
Келиптир нойгут ханынан.
Уга элек болсоң бул сөздү
Үйрөнүп ал агаңдан.
Ишенбесең сурап көр
Малакан, Койчу ханыңдан.
Черик менен коңурат
Наал эжеге табылган.
Жору деген тууганды
Алыптыр Кокон ханынан.
Адигине атамдын
Мергендиги барынан
Тарыхтын сөзүн таштайын,
Так ушерде олтурган
Баатырлардан баштайын.

Алабарман ырчыдай
Акылымдан шашпайын.
Алыптардан баш кошуп
Келгенинен айтайын.
Азыркы турган бул жерде
Көргөнүмөн айтайын.
Атын атап эрлердин
Жөн-жөнүнөн айтайын.
Баатырлар минген бериктен,
Бар шайманы келишкен,
Турдуке, Максут, Эшимбек
Тулпарын байлап элирткен.
Катуу багыш Какшаалдан
Кан Ажыбек келиптир.
Калың тууган чериктен.
Алыс Капка, Кашкардан
Атагы чыккан баштадан,
Абдылдабек, Сопубек

Алты уруу элди башкарган,
Койчу датка келиптир
Акимдикке такшалган.
Карабагыш, кушчудан
Чоң багыш, нойгут журтунан
Кудайберди, эр Чонтой,
Кең Алайдын бурчунан
Келиптир Койчу чоң датка
Кекенген жоого курчуган.
Кеменгер абам Койчунун
Кеңешин уккан тың чыккан.
Адигине, Муңгуштан,
Анжияндык кыргыздан,
Акылы журтка жаккандан
Акимдикке тургузган
Алымбек датка келиптир.
Кошумчасын жүктөтүп,
Шуру килем кундуздан.
Кең Коконго хан болгон,
Кеңеши элге даң болгон.
Кернейин тартып чыкканда
Кездешкен жоосу маң болгон.
Такалап шайы бүктөнүп,
Катарлап нарга жүктөнүп,
Мааразык датка, Малакан
Келген тура бул ашка.
Калың элди тиктетип
Ак буудай ачкан ородон,
Алышкан жоону торогон,
Келдибек, Карбоз, Жанболот
Кекенген жоосу корогон,
Кээжым деп күлүк жетелеп
Келиптир басыз, чородон.
Кермеге байлап буудандан
Келтирбей жоону куугандан,
Келишимдүү баатырлар

Кетмен-Төбө, Чаткалдан.
Дыйканбай, Медет, Качыке
Келиптир саяк туугандан.
Кушчу менен саруудан
Каратал, Бүргө, Канышай
Ныша, Кудаш чыгыптыр
Наркы солдун наамынан.
Кытай деген уругу
Кыраан деп уктум баарыдан.
Үрүстөм, Садыр баатырлар
Келген тура бул ашка,
Таласта баатыр Манастын
Күмбөзүнүн жанынан.
Кен Чүй ата жеринен,
Кермеде аты элирген,
Аркы атасы Богорстон
Артык болгон теңинен.
Түлөберди баатырдын
Түбүн ичкен семирген.
Кан Жангарач, эр Чыңгыш
Касиет тапкан кебинен,
Келген тура бул ашка
Ай тамга солто элинен.
Агабыз баатыр Ормондон
Алышкан душман кор болгон.
Эрегишем дегендин
Эчени келип сомдолгон.
Акырет кетти агабыз
Ажалы туура болгондон.
Төрөгелди эр Адил
Арбагы журттан чоң болгон.
Жантай, Субан баатырдын
Жалпы элге иши оң болгон.
Агасынын ашына
Алар да келди Кочкордон.
Кероозду минип чураткан

Келтеден түтүн бураткан,
Кетиркейдин Алыбек
Кекенген жоосун сулаткан.
Каба менен чакырдан,
Качырып жоону сапырган,
Багынбай душман калбаган
Бакачы Жунус баатырдан.
Алыбек, Жунуш атанып
Ар качан жоону качырган.
Алыкенин ашына
Алыскы жерден келиптир
Алда канча асыл жан.
Зарпек, Жанек, Боромбай,
Эшкожонун эр Балбай
Нар жагы текес чөлүнөн,
Бер жагы Ысык-Көлүнөн,
Муратаалы, Токсоба
Ашып келген турбайбы.
Чалык уурунун белинен
Булар да келген турбайбы.
Бугу тууган элинен
Акырында айтайын
Аш берүүнүн жөнүнөн.
Алты уруу кыргыз туз таттык
Алыке бийдин төрүнөн.
Акыл сурайт Табылды
Ак калпак кыргыз көбүңдөн.
Ар өзөндү жаяндар
Атактуу баатыр лөгүңөр.
Акылды кандай табасың
Атты кандай чабасың?
Олжоңорду, баатырлар,
Оюң менен аласың.
Бейбашты көрсөң урасың
Эл башкарып турасың.
Талыкканча бул элге

Тамаша кандай кыласың?
Тентектин берген жазасын
Ууруну тыйып басасың.
Кеңеш сурайт Табылды
Кемеге качан казасың?
Уга электер үйрөндү
Кыргыздын түпкү атасын.
Кемчилик болсо сөзүмдүн
Журтум,
Кечирип кой катасын!
Аликенин ашына
Алыстан далай калк келди.
Аш башкарып берсин деп
Алдыңарга ат келди.
Агаларга мүчөдөн
Аш берген иниң апкелди.
Аксакалын сыйлаган
Абалтан берки нарк келди.
Ат үстүнө жабылган
Ак дейилде тон келди.
Кылымдын ишин билүүчү
Кыргыздан нечен чоң келди.
Кызматын элге көрсөтүп
Кыраан бала Табылды
Мунун
Кылган иши оң келди.» –

деп Арыстанбек акын ырын бүтүрдү. Атчан туруп жеңин белине кыстарынып алып, комузун шаңкылдата чертип кулакка жагымдуу күкүктөй үнүн укканда аш үстүндөгү кумурскадай кайнаган калың эл катар болуп курчап тегерете тигилген калың үйдүн ортосун жыкылдатып жиберди. Арыстанбек атынан түшүп, эки колун бооруна алып салам айтып катар олтурган калк аксакалдарына жана атактуу баатырларга кол берип учурашты. «Кыргыздын түбүнүн бир экендигин жана ар бир уругун элестетип азыраак айткандыгы үчүн Арыстанбек акынга бир аргымак алып келип туура тартчы» – деп Алымбек датка жигитине айтканын угуп Малакан, Мааразак датка Койчу, Сыдыкбек

датка, Абдылдабек миңбашылар баштап он беш баатыр он беш ат беришти.

Кырк сегиз баатырдын калгандары бирден дейилде берип бул турган атактуу кишилерден эч бири да куру койгон жок. Аңгыча Карасарт келип: «Арыстанбек Табылдынын ашка камынганынан баштап кемегенин казылаарын жана тамашанын болоорун айтып элге жар чакырып жалпы угузуп коюңуз!» – деди. Шыкыраган калың элди жалпы аттан түшүрүп кыдырата олтургузуп Арыстанбектин жар чакырып атчан туруп күкүктөй үнүн жаңыртып айткан ыры:

Береги
Жар чакыр деп буйруду
Төлөмүштүн Карасарт.
Көпчүлүк элди көргөндө
Көөнүм кызып баратат.
Аңкоолор болсо кеп билбес
Айткан сөздөн адашат.
Арыстанбекти кыргыз эл
«Айта түш» деп каалашат.
Ак калпак элге сайроого
Арыстанбек акун жарашат.
Акундар болсо арада
Алымды байкап карашат.
Айтканым ката көрүнсө
Аныгын билген талашат.
Арыстан күлүк кызыса
Алдыңкы атка жанашат.
Шайыр кыргыз көп элим
Шаңшыган үнүм укканда
Тамашасын бүтүрүп
Шаттанышып тарашат.
Кечээ
Алыке баатыр өлгөндө,
Ага-тууган чогулуп,
Ак сарайын кең казып
Ак кепиндеп көмгөндө.
Атасы өлгөн Табылды

Аш берүүгө камынды.
Абалкы ишин айтайын
Мындай
Алоолоп күйгөн жалындай
Байбиче Кашым жеңебиз
Эки жыл тулда олтуруп
Башына кара салынды.
Жаш Табылды берениң
Ой-тоонун талын кыйдырды.
Отуздап чебер жыйдырды.
Окшоштугу күмбөздөй
Эки жүз элүү боз үйдү
Эмгек менен кылдырды.
Орошон көп элди
Ошол үйгө сыйдырды.
Өңкөндөп эгин айдатты,
Жакага дыйкан жайлатты.
Сугатын жакшы кандырып,
Арыкка кулак байлатты.
Кырман маалы болгондо
Орокчусун шайлатты.
Конокко кылып камылга
Короодон кийин айдатты.
Анжиян менен Кашкардын
Ар уруу булун жайнатты.
Санатым элге угуз деп
Ак калпак кыргыз көп элге
Арстанбекти сайратты.
Котенге киши чаптырды,
Кийизин аппак таптырды,
Үлгүгө салып бычтырып,
Үзүгүн окшош жаптырды,
Көкжалдык кылган бул ишин
Көргөн адам жактырды.
Көркү кооз болсун деп
Көк манат оюп бастырды.

Көз көрүп кулак уккандан
Көп кызматын ашырды.
Кереге, уук сырдатты
Келтирип чийин чырматты.
Төтөгөсүн тордотту
Түндүгүн күмүш чордотту.
Киргили жок болсун деп
Кийизин аппак бордотту.
Жабык башын ойдурду
Тегиричин чойдурду.
Керегенин көгүнө
Жезден чеге койдурду.
Көрүп турган адамдын
Көз кумарын тойдурду.
Кара атка какты такасын,
Кашкардын алды матасын.
Кара кыргыз тааныды
Хан Алыке атасын.
Адалдан бүткөн уул экен
Атанын алган батасын.
Ашка келген калың эл.
Алты күн конуп жатасың.
Ак чатырын кердирди
Алты уруу кыргыз эл кирди.
Жаш Табылды беренди
Жазы кыргыз эл билди.
Атасынын даңкын чыгарган
Азамат экен дедирди.
Теректен кырды табакты,
Турпандан алды манатты.
Эки жыл иштеп бүтүрдү
Элде жок мындай санатты.
Баатырды жыйган ордого
Байыркы
Манастан калган адатты.
Жергеге бүтүн таанытып,

Жетилтти куйрук, канатты.
Кашкарлык жасап дандырды
Калың элге нан кылды.
Карап турсам бул ишти
Калың кыргыз даң кылды.
Ашка келген көп элди.
Аракка суусун кандырды.
Ак күрүчүн түктөттү
Анжияндан жүктөттү.
Кыргызга кызыл кийгизип
Кылымдын элин тиктетти.
Күпсөргө наспай ийлетти.
Канжага чылым түтөттү.
Атасынын наамы үчүн
Аракетин күчөттү.
Турпандык күрүч демдеди,
Туш-туштан келген эл жеди.
Туйгундун берген ашына
Тулпардын баарын жемдеди.
Жаасынын огун белендеп,
Жарандардын баарысы
Дарчылар ойноп сайылды
Талаага булдар жайылды.
Эти семиз күлүктүн
Зайапкер этин кайырды.
Чатырдан саткан шайыны
Жаркыратып айырды.
Кыпчакка этти тууратты
Кыргызды бүтүн жыйнатты.
Атагын элге чыгарып
Атага кылды зыйнатты.
Кызылдан чепкен кийгизип
Кыйла бир элди ыйлатты.
Ойдурду көктөн чатырды,
Борумун журттан ашырды,
Ортого чогуу топтоду

Орошон өңчөй баатырды.
Чоочун жүргөн тууганга
Чогултуп даам тарттырды.
Коноктойм деп силерди,
Коконго кабар жиберди,
Маразык датка, Малакан
Кошумчасын бериптир
Кооздоп жибек килемди.
Конокко беш күн жатат дейт,
Козголбостон бул элди.
Кошумчага арналып,
Короосу менен кой келди.
Кол менен жасап чыгарган
Кооздон шайы бул келди.
Кашкар, Котон, Жаркендин
Калкы көрдү бул жерди.
Катарлап нарга жүктөлүп
Канча бир күрүч, ун келди.
Кара кашка топоздон
Катары менен жүз келди.
Кап-кап шуру жүктөлүп
Калы килем мүлк келди.
Кара кыргыз көп элден
Хандар, бектер бүт келди.
Нечен төө, бээ, тукур ат
Туюктан семиз мал келди.
Тулпарын байлап, жабуулап
Талапкер канча жан келди.
Туйгундун кылган ишине
Турган адам шаң берди.
Дөбөдөй болгон ак үйгө
Дөөлөрдүн баарын киргизди.
Калк туткасын чогултуп
Калыстыгын билдирди.
Кумарлуу чегип турсун деп
Керегенин башына

Насбай, чылым илгирди.
Анжиян, Кашкар, Турпанга
Аралатты күлүктү.
Кирээкечке тарттырды
Кишмиш, жаңгак, өрүктү
Ким кылыптыр калайык,
Кишиде мындай көрктүү?
Жалгыз кошту көп элди
Жамаатка салбай бүлүктү.
Угаарың аштан кеп болсо,
Ушул элге эп болсо ,
Кемеге эртең казылат,
Мал союп, казан асылат.
Үч күнү болуп тамаша
Эл кумары жазылат.
Шаңшуурдан жамбы атылат,
Эркечтен улак тартылат.
Оң, сол болуп беттешип,
Оюндун баары ачылат.
Өпкө чабыш болгондо
Өжөр таздар качырат.
Баатырлар чыгып сайышат,
Бакандын учу кагышат.
Жалтанбаган баатырдан
Жылаңач киши чабышат.
Эр сайыштан жыкканы
Тогуз жылкы, тогуз төө
Байгесине алышат.
Оң, сол болуп беттешип
Оодарышка чыгышат.
Атагы чыккан эрендер
Ат үстүнөн жулушат.
Теке шымдан тартышып,
Тегеренип турушат.
Ат күчүнө салышып,
Алдырбаска тырышат.

Төө баштаган бир тогуз
Жыкканы олжо кылышат.
Күндө үч сапар жөө балбан
Күрөшүүгө барышат.
Ач билектен алышып,
Алптардын колу карышат.
Эчки, теке салчусу
Эптеп шымдан алышат.
Бурай кармап жаргакты
Жулуп, үзүп салышат.
Булчуңга шымды түрүшөт,
Букаларча сүрүшөт.
Байгеси болот бир боз үй
Жыкканы алып киришет.
Анын арка жагынан
Айгыр чабыш, бээ чабыш,
Аял, эркек жөө чабыш,
Ар күн сайын бир сапар
Аркан тартыш, көз таңыш,
Эки жолу төө чечмей,
Аталага ат салыш.
Үч күн болуп тамаша
Ат чабылат акыры.
Бул айтылган убакка
Болжолдоп байла атыңды.
Калк, тарайсың ошо күн
Калышат өңчөй баатыры.
Кеңешип тарайт баатырлар
Кебимдин ушул акыры. –

деп Арыстанбек акын калың элге жар чакырып болор тамашалардын баарын айтып жана аттын чабылаарын, аштын качан тараарын толук айтып түшүндүрдү.

Эртеси кемеге казылып, керней, сурнайлар тартылып Кумтеректин сеңирине эл жыкылдап толуп, кемегенин атын чапты.

Бир жүз жыйырма ат чабылып, Алымбек датканын Керкулак деген аты чыгып келип, бир боз үй, тогуз төө, тогуз ат, тогуз кундуз

байге алды. Ал күнү эр сайыш, оодарыш, балбан күрөш, улак тартыш, жамбы атыш болуп, аягында жөө катын чабыш болуп, Алыкенин коңшусу өзү саяк уругунан келген Жейренченин катыны алтымыш катындан чыгып келип кызыл манаттан үртүк салган, мүйүзүнө үкү таккан он каракашка текеси бар боз кара кашка эчкини байгесине алды.

Эртеси дарчылар ойноп, эр сайыш, эр эңиш, балбан күрөш, жылаңач чабыш, өпкө чабыш, көз таңмай, ит тартыш, жамбы атыш болуп аягында жөө эркек чабыш болуп, сексен эркектен чыгып келип кечээки Жейренченин иниси как манат менен үртүктөгөн, мүйүзүнө үкү таккан он кара кашка букасы бар жүз кара кашка кунаажынды байгесин алды. Анын эртеси кунан чабыш болуп Жангарач баатырдын Телтору деген кунаны чыгып келип он ак чатыр, он ак төө, он ак боз бээ байгесин алды. Ал күнү дагы эр сайыш, оодарыш, балбан күрөш, жамбы атыштар, таз сүзүшүү болуп, аягында катынга мингизип, бээ чабыш болуп, Чон баатырдын кара айгыры чыгып келип беш жүз така атилес байгесине алды. Эки сапар төө чечмей болуп, кара атанга кара дейилде жаап шурудан буйла тагып, күмүштөн казык кагып байлап койгондо, бир катын келип чечип алды. Жана кызыл нарга кызыл дейилде жаап, шуру буйла тагып, күмүш казык кагып алып келгенде моңолдор уругунан төрт уулдуу бир жесир катын келип, эки өрүм чачын жазып бирин аркасына, бирин алдына байлап туруп силкинипсилкинип коюп басканда, бутунун кызыл ашыгынан жогору этинен эч бир жери көрүнбөй барып төөнү чечип алып кайра тартканда, «Баракелде чачыңдын узун жана калыңдыгына!» деп көпчүлүк эл чур дей түшкөн. Ошол катын бир жумага жетпей өлүп калды деп аш тарагандан кийин угулду.

Эртең чоң ат чабылат деген күнү дарчылар ойноп, эл өргүп ашка даярлап жаткан Табылдынын тамак- аштарынын иретин көрсө: кырк кашкарлык күн-түн дебей дандырга нан жаап жатат. Кырк турпандык таш казандарга күрүч демдеп жатышат. Жүз кыпчак он үйдө эт туурап жатышат. Он абышка он үйдүн эшигинин алдында бычак бүлөп олтурушат. Кырк кемегеде эт бышырылып үч күндөн берки бышкан эттер үйлөрдө дөбөлөнүп турганын көрүштү. Жер-жемиштер болсо кап-кап болуп үйүлүп жатат. Булардын баарын кыдырата көрүп ар бир урук элдер ат чабуучу балдарынын кийимдерин алып жатышты.

Кашкар, Турпан элдеринин ат чабуучу балдарына көк шым, көк топу, көк кемсал берди. Анжиян, Кокон, Кетмен-Төбө, Талас элдеринин ат чабуучу балдарына ак топу, ак кемсал, ак шым берди. Чүй, Ысык-Көл, Кочкор, Жумгал, Ат-Башы, Нарын элдеринин балдарына кызыл топу, кызыл кемсал, кызыл шым берип узатты Карасарт, Табылды.

Кийимдерди алып келген элдер ат чабуучу балдарына кийгизип күлүктөрүн жабуулап тердете баштады. Элди тегиз олтургузуп тамак берүүгө эки кишиге бир табак аштын этин тартыларын жана эртең менен эрте аттанып аттын чабыла турган жерине барарын жана байгеге эмне сайыларын айт деп Карасарт Арыстанбекти жиберди. Анда Арыстанбек келип элге айткан сөзү:

Оо, ат байлаган саяпкер,
Ашка келген талапкер,
Алты уруу элди чакырып
Аш берген киши кылмышкер.
Алыстан келген аттанып
Адамдын баары үмүткөр.
Үйдө киши калбасын,
Аттанып алыс барбасын.
Ат тердетип жүрөм деп
Анан жаңжал салбасын.
Аштын этин жеп болуп,
Абама куран арнасын.
Тегиз түзгө, эл, олтур
Тегерете кең олтур.
Эки бара бир табак
Эт, күрүчтөн жеп олтур.
Тасторкон, табак алынбайт
Олжобуз экен деп олтур.
Тасторкон мепен табакты
Олжо кылып аласың.
Эрте туруп аттанып
Төө сайган жерге барасың.
Күндүн мурду тиерде,
Күлүгүңдү жетелеп,
Чубатууга саласың!

Эки жүз элүү ак үйдү
Эр Табылды камдады.
Эрендин кылган кызматын
Элдин баары даңдады.
Кыргызда болгон оюңдан
Кылбаган мөөрөй калбады.
Эки жүз атан, жүз үйдү
Чыккан атка арнады.

Ушул үйдүн ичинде
Казаны менен тулга бар.
Килем, шырдак, жууркан
Канча түрлүү бул да бар.
Артып алып кетүүгө
Ар үйдө төөсү бар
Аты чыгып келүүчү
Арбактуу кандай ээси бар.

Экинчи атка сайылган
Элүү ак үй байге бар.
Жүз атан төө жанында
Мындай байге кайда бар?
Он беш атка сайылган
Эки жүз элүү уй болду,
Беш жүз төөсү дагы бар.
Билсин деп айттым оң, солду.
Аты чыккан азамат
Аликенин ашында
Абалтан ишиң олжолуу –

деп элди тегиз олтургузуп, эки барадан бир табак кылып эт тартып аштын тамагын берип бүтүрүп, түнкүсүн кадимкидей коногун кылып, эртең менен керней, сурнай тартып, Алике баатырдын пулун салган үйдөгү түпөктүү желекти ээрчип калың эл кумурска чубагандай, сел жүргөндөй болуп учу-кыйырына көз жеткис лыкылдап келе жатышат.

Ар урук эл ар бир жерге топ-топ болуп күлүктөрдүн көкүл, куйругун шүйүп чубатууга салып жатышат.

Байгеге чабылган буудандардын алдына түшүп алып Арыстанбектин ырдап өөдө-төмөн ат чубатып тургандагы сөзү:

Ат куйругун шүйүшүп,
Адамдын баары шашылат.
Алдастатып жетелеп
Кээ бир
Ала өпкөлөр ашыгат.
Арада атты кошпоско
Эл ичинде белгилеп
Ээрине тамга басылат.
Төө сайылды береги
Карабүктүн белине.
Жер болжолун айтайын
Кара кыргыз элиме.
Хандар, бектер, калың журт,
Кулак сал айткан кебиме.
Байге токтойт манабу
Кур-Теректин башына.
Атактуу тулпар чабылды
Алыке бийдин ашына.
Аттын баарын санашат
Аккудуктун сазына.
Ар уруктан бир киши
Кошо барат атына.
Акыл, ойдон бүлүндү
Ат чабуучу балдарың
Ар уруудан кимиң бар?
Гүлкайырдай көрүндү.
Ат айдоого баш кылды
Атактуу баатыр Өмүрдү.
Күлүгүңдү чубаткын
Мына,
Күндүн нуру төгүлдү.
Ат келет деп дүрбөсөң,
Бириңди бириң жүр десең,
Кылычтап салат башыңды.

Жыгып алат атыңды.
Кыргыздын кылган коолусу
Кимге айтасың датыңды.
Сыдыкбек, Койчу, Малакан
Хандардын аты чабылды.
Алымбек, Садыр, Мааразык
Сардардын аты чабылды.
Төрөгелди, Ажыбек
Эрлердин аты чабылды.
Кайсаганын соо кылбас
Шерлердин аты чабылды.
Алты уруу кыргыз калың журт
Элдердин аты чабылды.
Ат сүрөгөн кишини
Атамын деди Табылды –

деп ат чубатып Арыстанбек элдин баарына жар чакырып угузуп айтты. Өмүр баатыр баш болуп үч жүз он сегиз атты айдап жөнөп, ат башына бирден киши кошо кетти.

Ат келгенче эл зарыгып калат деп дарчыны ойнотуп, жамбы аттырып Табылды элди аласкыта берди. Эл оюнга аласкап жатып бир убакта караса жети кырга жети нарды жарып салганын көрдү. Бул эмине десе атамдын ашында кудайдын улуу кушу куру кетпесин деп жору, кузгун карга, сагызгандарга Табылдынын жардырып салган нарлары экен.

Күн тие айдап кеткен ат бешим өтүп күн батарга жакын калганда алыстан чаң көрүнүп ураанын айтып чыңылдаган балдардын үнү угулду. Аттардын алды болуп чоро уругунан Осмон баатырдын Көкчө деген аты ыраак чыгып келип бир жүз үй, эки жүз төөнү алды. Бирдин артынан Адил баатырдын Аксуру келип элүү үй, бир жүз төөнү алды.

Аттардын аягы жылдыз чыкканда келди. Байгеге аралашкан он беш аттын эң акыркы он бешинчи атка бир үй, эки атан төө байге сайылган.

Баш-аягы сегиз күн конок болуп күндөп-түндөп эл тарады. Жогорку аш айтылган аксакалдар жана баатырлар кыргыз элин бир ынтымакта болуп жоону бирге жоолайлы, доону бирге доолайлы деп

коолун кылып кыргыз элинен Кокондун хандары малдан зекет, эгинден үзүр гана алмак болуп, олпоң деп эгин алуу, ак үйлүүгө деп киши көчүрүп алуу деген салыктарын калтырып коолу кылып тараштты.

Кырк сегиз аксакал жана баатырларга жорго күлүгү болуп кырк сегиз ат, кырк сегиз кылыч, кырк сегиз төө, бээ берип, андан тышкары Малакан, Койчу датка, Алымбек датка, Сыдыкбек датка, Абдылдабек миң башы, Жангарач баатыр, Төрөкелди баатыр, Качыке баатыр, Боромбай, Ажыбек, Алыбек, Жунус, Жантай баатырларга бирден суусар, сүлөөсүн ичик берип узатты.

Кыргызда Аликенин ашынан чоң аш болбогон деп кетишкен. Ошентип Аликенин ашын Табылды узатты.

## IX. СОЛТОНКУЛДУН АШЫ

Николай заманында кыргыздын бадышадан чен алган кадырлуу кишилеринин бири Тилекматтын уулу Чыныбай болгон. Чыныбай өлгөндө Каракол үйезинин эли бүт бойдон келип, үйез бир топ жана бай, төрөлөр башына туруп эң бир кадырлап көмүшкөн. Бирак Чыныбай ошол доордоку кыргыз элинин маданияттуу кишисинин бири болгон. Анткени кыргыз элинде андан мурда бак тигип тал, терек, өрүк, алма, карагат, шабдоол жана башка өсүмдүктөрдү тигип өстүрүп байдаланган киши жок эле. Жана балчелек орнотуп, бейилге сейилге машинелерди урунган кыргыз киши жок болучу. Жана Кашкардан, Ирбеттен коён алып келип чер-токойлордон бугу, марал, Кырымдан куландарды кармап келип багып өстүргөн Чыныбай гана болгон.

Ал кезде кыргызда мындай бак-шак тигип (же...) төрт түлүктүү малдан башка айбанаттардан багып байдаланган киши эч болбогон. Жалгыз гана Чыныбай эле. Чыныбай өлгөндө улуу катыны Телегей мындай деп кошкон:

Бадышам,
Бал челегин бактырган.
Бадышамды
Бадыша көрүп жактырган.

Эгин, чөптүн баарысын
Машина менен чаптырган.

Кашкардан алып бактырдың
Кара кашка коёнду.
Калың бугу таба албайт
Кан Чыныбай ноёнду.

Ирбиттен алып бактырдың
Кызыл кашка коёнду.
Издесе бугу таба албайт
Эр Чыныбай ноёнду.

Өрүгүң чирип көң болгон,
Алмаңдын кагы дөң болгон.
Тал, терегиң башына
Таңшыган булбул куш конгон.

Бугу менен маралды
Бак ичине кондурдуң.
Курдашың Шабдан келгенде
Сонундукка жесин деп
Куландын тайын сойдурдуң

– деп ушундай элде жок иштерин айткан. Чыныбай өлгөндөн кийин эки ай өткөндө Солтонкул өлгөн. Эл Каркырага жайлап, сентябрь айын аяктап кайра көлгө көчүп келгенде, Солтонкулдун уулу Сарыбай жыйырма-отуздап бээ, жүздөп кой союп, бүтүн Каракол үйөзүнүн элин Ысык-Көлдүн айланасын чакырып калды. «Мынча мал союп, зл чакырган Сарыбай атасы Солтонкулга май аш кылып элге эт берип коёюн деген го?»– деп жакын-арадагы элдер күбүр-шыбыр кылып калышты. Чакырган элдин баары келип бүткөндөн кийин Сарыбай: «Кана, журт, абаңар Солтонкул байдын ашын кандай кылып берели дейсиңер?» – деп көпчүлүк элден кеңеш сурап калды.

Ар болуштан келген болуш, бий жана айыл аксакалдары үч күнү кеңеш кылышып жатып Ысык-Көлдүн он алты болуш эли жалпы конок алмак болуп, Караколдон башка сегиз үйез элди ашка чакырып

киши жиберишти. Жакын жерлердеги болуштар түп көтөрө конок алмак болушту. Алыскы жерлердеги болуштар, үч жүздөн үй көчүрүп барып конок алмак болуп күн болжоп тарашты. Ашка чакырган элди он төртүнчү өктабирда келип жыйырманчы өктабирда тарайсыңар деп жазган. Чакырылган элдер Капал үйези, Жаргент үйези, Лепси үйези, Алматы үйези, Бишкек үйези, Жалал-Абад үйези, Нарын үйези, Кытай элинен Үч-Турпан, Аксы кыргыздары эле.

Алыскы жерлерге киши жиберип коюп, Каракол үйезинин элинен болуш башына бирден кишини жана шаар ичинен улут сайын бирден кишини бардык жыйырма эки мыкчегерлерин жыйнап алып, аштын кандай өткөрүлөрүн, байгенин кандай сайыларын болжолдоп кеңешип алышты. Беш күнү конок алынмак болуп, төрт күнү тамаша кылынмак болуп жыйырма беш атка байге сайылмак болуп долбоорлошту.

Бул беш күнү конок алынганда коноктун аты жоголсо кондурган киши төлөмөк болду. Союлган малдары арык болсо же оорулуу мал союлса же эти чий болсо, канты жок чай берилсе, төшөнчүсү начар болсо ошол үйдүн ээси айыптуу делип журтка бир ат, бир чапанга жыгылмак болду. Агер уруш-жаңжал чыкса, ошол элдин болушу жоопкер болмок болуп, бул иштердин баары кемесиелерге тапшырылды.

Үй тигилип болуп, конок сарамжалын көрүп бүткөндөн кийин канча атка байге сайаарын кеңешели деп бардык кемесиелер Сарыбайдын алдына келишти.

Алыбай уулу деген бир ыстарчын кишибиз. «Бардыгы Солтонкул байдын ага-ини, бала-чакалары жана коңшу-колоңу болот. Байдын ашына жыйырма беш атка байге сайылса жыйырма беш түтүнүбүз гана бирден аттын байгесин чыгарып берелик. Бирак байгеге жылкыдан башка нерсе сайылбайт. Кимди канча жылкы бер десеңер даярбыз» – деп Сарыбай жооп берди. Ошол күнү Солтонкул байдын Сарыбайга калган өз энчилүү жылкысы тогуз миңден ашык жылкы бар эле. Эмесе биринчи аттын байгесине Сарыбай бир миң жылкы бер – бардыгы минилбеген азоо жылкы болсун. Экинчи аттын байгесине алты жүз жылкыны Жунусбай, сен бер!– деп жыйырма беш аттын эң аягына жыйырма беш жылкы сайылмак болуп, ар бир байгеге топтолгон жылкылардын көлөмүнө карата жыйырма беш жерге карагайдан коо жасатып туруп, колуна мылтык берип кайтаруучу киши коюшту.

Биринчи аттын байгеси – миң жылкыны мылтыкчан отуз салдат, отуз кыргызга кайтарткан. Үй тигилип, байге дайындалып, конок сарамжалы шай болуп турган кезде, төрт үйез казак элин баштап кырк казак орусту кошо алып Тезек төрө казак элинен чыккан атактуу күлүк Чай буурул деген атты жетелетип беш жүз чатыр тиктирип келип түштү.

Бүтүн Атаке сарбагышты баштап алып алтымыш казак орус менен Чагатайдын Көк быштысын үпчүндөтүп беш жүз кылкандай сүрөөнчүсү бар Шабдан келип түштү.

Жалал-Абад үйезинен он аргымагын үпчүндөп бир миңче киши менен Жантөрө болуш, Жаныбектер келип түштү.

Кетмен-Төбө, Талас, Кең Чүй боюндагы элдерде эсеп жок келип жатышты. Кытай жеринен Аксы, Турпанга караштуу черик, кушчу, дөгө деген элдерди баштап Осмонбек, Суранчы деген шаңыялары көп кишилери менен келип жатышты.

Кулжадан берки таранчы калмактар да келген. Бул келип жаткан көпчүлүк элге Каракол шаарынын дуңган, сарт, ногой, орустарды да конок алышкан эле. Бирак андагы кыргыздан ашка келген төрт үйез казак эли көптүк кылып турду. Баягы элге берилген кабар боюнча он бешинчи октабрда кемеге казылып кемегенин атын чапты. Баш байгесине тогуз төө, жүз тай сайылган эле. Кыдырдын Тайкашкасы чыгып келип, бул байгени алды.

Эки күнү керээли кечке эр сайыш, жамбы атыш, балбан күрөш, эр оодарыш, катындардын эр сайышы, күрөш, оодарыш, көз таңмай, сүйрөшмөй – бардык тамашалар болуп жатты. Бул мөөрөйлөрдүн бардыгында эле казак, кыргыз болуп беттешилип турду.

Эми бир күнү тамаша кылынат деп турган кезде конок күтүп жаткан элдин бир канча жерлеринен аш башкарган кемесиелерге арыз түшүп калды. Эмне дегенде, далай кишилер ат, төөсүн жетелеп, нан, чай, кант, ун алууга Каракол шаарына киришсе эч нерсе табылбай унааларын куру алып келишкен экен. Кай бирлери Түп, Ак-Суу, Жергез, Байсоорун калааларына барып да куру келгендери болуптур. Ошондуктан мал союлса эле эт табылгандай экен. Нан, чайдан жаман тажап кеттик дешип туш-туштан арыз келип жаткан экен. Бир кишиге аш беребиз деп жатып көпчүлүк элди кыйнаганыбыз болбойт го, Сарыбайга барып, атты эртең эле чаап, элди тарат дебейлиби деп

кемесиалар Сарыбайга барып элдин арызын айтышты. «Аны, журт өзүң бил атамдын ашында элди кыйнай бер деп мен кантип айтамын. Элди таратсаңар тарата бергиле – деп Сарыбай жооп берди. Кемесиалар ырчыларды чакырып жар чакырып алып «ат эртең чабылат» деп туш-тушка жар чакырып келгиле» деп чукулунан шаштырып элге жар чакырышты. Жарчылар учу-кыйрына көз жеткис көп элдин үйез-үйез болуп белгиленип сайылган белгилеринин тегерегиндеги калың элдерге барып эртең ат чабылат деген кабарды айтып ырдап угузду. «Ат эртең чабылат» деген кабарды укканда ар бир күлүк аттуу элдер ат-атын көрүп, ат байлаган саяпкерлеринен сурап «атыңдын канча тери бар эле? Эми жакшылап көзүңдү ачакөр, кудай берип салса Солтонкулу байдын мнң жылкысын дүңгүрөтүп айдасак ээ!» – деп жатышат. Казак, кыргыздын ар бир сынчылары да күлүк аттардын баарын көрүп кыдырата бастырып сынап «балан ат кыябында экен, баландын аты этинен ооп кетиптир бул үкү аяк деген жылкы экен, бул жезбилек деген жылкы экен» дешип аттарга сын берип жүрүшөт. Бул учурда Телегейдин дагы айласы кетип кандай кылар алапайын табалбай, Тору кашка аргымакты улам-улам карап туруп «Кой эми, не да болсо Сарыбайга барып келейин» деп кара салынган элечегин чүмкөй бууп алып баласы сегиз жашар Бараканды ээрчитип бир карасакал кишини жанына алып аттанып, элге таанылбай чабыттай бастырып жүрүп олтуруп Сарыбайдын айылына келип калды. Сарыбайдын үйүнө түшөлү десе кароолчулар түшүрбөй кайтарып турган салдаттар кайра кууп калышат.

Жаш бала Баракан окуп жүрүп үйрөнүп алган орусча чалдыр-булдур тили менен сүйлөшүп «бул киши Тиякматов Чыныбайдын байбичеси Сарыбай байга учурашайын деп келди» – деген сөздү угуп түшүнгөн салдат шашылып барып Сарыбайдын үйүнөн баш багып:

– Ой, бай, Чынбайдыкы катын анда турат, барса керек!» – деп кайта-кайта айтып жатып Сарыбайга түшүндүргөндөн кйийн, Сарыбай шашылып жөнөп эшикке чыга калса, Телегейдин атчан турганын көрдү. Тааный сала ого бетер шашып барып:

– Ээ, жеңеке, аман-эсен жүрөсүзбү?– деп чылбырдан алып.

– Түшүңүз жеңе, түшүңүз!– деди, жан-алы калбай

– Ээ, айланайын, бай, өзүңүз аман-эсен турасызбы? Ишиңиз ийгиликтүү болсун. Мен түшпөй эле байдыкына барып куран окутуп

кетмек элем, ошондо эле барып түшөйүн – деп Телегей түшпөй турду. Аңгыча Шааркан келип Телегейди көрүп көзүнөн бурчак- бурчак жаш төгүлүп:

– Жеңе, аман жүрөсүзбү? Алдыңа кетейин, Бараканым чоңоюп калган гурбайбы – деп атынан алып түшүрүп, бетинен өөп:

– Түшүңүз, жеңе, биз сизге чоң уят болуп жүрөбүз. Баатыр өлгөндө бул киши эл менен барып бир көз көрсөтүп келди эле. Андан кийин өзүбүзчө барып ал- абалыңызды көрүп жай-жүй айтып келе албай калдык. Биздин бай өлүп кетип, башыбызга иш түшүп калды. Жеңе, түшсөңүз!– деп чылбырлап турду.

– Жоок, айланайын, бай, эртең эле ат чабылат деген кабарды угуп, байга эле куран окутайын деп келдим. Агер мен сиздин үйгө түшсөм анда сиз мага чоң колкого жыгылып каласыз. Мен өтө оор иш сурап калсам кыйналып калбаңыз – деди Телегей.

– Түшүңүз, жеңе, Солтонкулу байдын үйү менен биздин үйдүн айырмасы жок эмеспи. Түшүп даам-ооз тийип кетиңиз. Эмне сурасаңыз да берейин, жеңе,– деди Сарыбай. Телегей атынын түшүп, Сарыбайдын үйүндө олтуруп Солтонкулу байга куран окутту. Аш- тамак ичип бир аз олтургандан кийин:

– Ээ, жеңе, чоң колко сурайын дедиңиз эле, айтыңызчы, угалык – деди Сарыбай.

– Айтпай эле кетейинчи, айланайын, ойлоп көрсөм өтө оор жумуш экен, орундабай калса мен үчүн уятыраак болуп калаар бекен? – деп Телегей аттанайын дегенчелик кылды.

– Жок, жеңе, сөзүңүздү айтыңыз, угуп калалы. Берейин деп айтпадымбы,– деп аракка кызып олтурган Сарыбай Телегейди атказбады.

– Эми айтар сөзүм мындай эле, бай: эртең ат чабылса Шабдан баатыр алып келген Баякенин Көк быштысы чыгат же казактын Чай буурулу чыгат. Агер бүрсүгүнү ат чабылса Чыныбайдын Торукашка аргымагы чыгар эле. Аргымактын эки тери бар эле, эртең чапсак аттын кыябы жок болуп кала турган, ошондуктан байдын байгесинен бир тай албайын бүрсүгүнгө токтотуп берер бекенсиз – деп айтсамбы деп келдим эле – деп Телегей жоолугун алып жашын сүрүп олтурду. Бул сөздү уккандан кийин башын төмөн салып, чекесин кармалап көпкө олтуруп:

– Ээ, Шааркан байбиче, жеңемдин сөзү ырас эле оор сөз болуп калды го, кандай кылабыз? – деди Сарыбай.

– Ээ, бай, кудайдын казынасы деген экен, жеңемдин тилеп келген тилегин берсеңиз жоомарттыгыңыз. Бербей койсоңуз казылыгыңыз – деп жооп берди Шааркан. Сарыбай жана чекесин кармалап бир кыйла олтуруп:

– Ээ, жеңе, ошол бүрсүгүнү аргымак чыкпай калса кандай болот? – деп Телегейди карады. Телегейдин жанындакы кошо келген кара сакал киши ордунан тура калып эки колун бооруна ала коюп:

– Ой, Сарыбай бай, өзүм черик уругунанмын, он төрт үйлүү черик барбыз. Кыркча жанбыз. Ошол бүрсүгүнү Чыныбайдын аргымагы чыкпай калса бизди кошуп байдын байгесине сайып жибериңиз – деп колун бооруна алган бойдон тура берди. Сарыбай далайга жерди карап олтуруп, олтуруп:

– Кайыр, жеңе, сурап келген тилегиңизди бердим, көп болсо Солтонкулу байдын дагы бир миң жылкысы зыянга чыгар, каралуу башыңыз менен атайын сурап келгениңизден кийин Чыныбай баатырдын арбагын сыйлашым керек, жеңе, атты бүрсүгүн чаптырууга токтотомун – деди Сарыбай. Телегей ордунан тура калып кулдугум бар, бай, кудайга жана Чыныбай баатырдын арбагына жана сиздин арбак сыйлап, тилегимди бергениңизге ыраазымын! – деп жашы төгүлдү.

– Ээ, Шааркан байбиче, жеңемди куру узатасыңбы?

– Жогуңуз, жеңемди кантип куру узатайын – деп Шааркан даярлап койгон булгун ичикти Телегейге жаап: – Жетим болуп калдың, алдыңа кетейин, куру кетпей боо чай ичип кет» – деп Баракандын койнуна бир шаңшуур жамбыны катып берип:

– Ээ, кудам, жеңемди ээрчип келип калыпсың жана баатырдын аргымагын бул аштан чыгарамын деп да турасың, ак жолтой бол – деп карасакал саяпкерге бир жакалуу кашкар көк чепкен кийгизип чыгарды.

– Шааркан байбиче жол-жосунуңузду оңоп койду, кудай кааласа бул ашта аргымак камтамасы жок чыгат, байгеден үмүт кылбаймын – деп Телегей аттанып баякыдай эч кимге көрүнбөй барып, үйүнө түшүп аксары башыл кой алып келип түлөө кылып аргымакка бир улак садага чапты. Телегейди атказып жиберип Сарыбайдын жүрөгү уйгу-туйгу болуп, ары-бери ойлонуп туруп кемесиаларга киши жиберди. Бир оокумда аш башкарган мыктылардын баарысы келип:

– Ээ, Сарыбай бай, бизди чакырыпсың? – дешти.

– Силерди чакырганым – беш күндөн бери уктабай башым айланып калыптыр, эми ойлонсом беш күнү конок аламын деп коюп бир күнкү коноктон качкандай болуп эртең атты чаап, элди таратышым өзүмө эң бир кыйын намыз болуп турат. Агер эл коноктон жадап кетсе бүгүнкү, эртеңки союшун канча болсо да мен берсем, ат чабышты бүрсүгүнкү күнгө токтотуп бербейсиңерби? – деди Сарыбай.

Кемисиалар бирин бири карап:

– Ээ, Сарыбай байга кандай деп жооп бересиңер? – дешип калышты. Анда элдин орто ченинде Балтабай сөз баштап:

– Ээ, эмине деп жооп берет элек, конок алган элдин баарысы нан, чайдан тажап калыптыр, эртең ат чабылат деп элдин баарына жар чакырып койдук. Эл болсо атынын баарын тердетип алды. Эми эртең ат чабылбай калды деп айтсак кандай болот. Казак эли болсо кыргыздай он эсе келет экен, талап кетип жүрбөсүн? – деди. Кемесиалардын бир даары «Балтабай туура айтат? – деп калышты. Бир оокумга чейин эч бир кишиден сөз чыкпай олтуруп калганда:

– Ой, журт, менин малымды аябай кадырымды аягыла! «Беш күнү конок аламын деп коюп чыдай албай үч кана түнөтүп таратып жиберди» – деп алыскы жердин атын арытып келген эл жамандап кетпесин, ойлогулачы?! – деди Сарыбай. «Сарыбай малын аябаса, биз бир күндүк кызматыбызды аяйт белек Солтонкулу байдан атынын күчүн он беш жыйырма жылдан бери минип жүргөн кишилер бул жерде жок эмессиңер го. Сарыбайдын айтканын кылып берсек эмини болмок эле» – деди Кыдыр. «Эртең ат чабылат дегенди жалпы үйөздөр жана Тезек Төрө, Шабдан баатырлар угуп жана аттарын тердетип алышты го ошол кишилерден чыр чыгып жүрбөсүн» – деди Баатыркан. Сарыбай ордунан туруп Садыр аке, Кыдыр баатыр, Баатыркан, Сиздер бери чыгыңыздарчы!? – деп эшик ачып, көпчүлүктөн бөлүп чыгып Телегейдин келишин, өзүнүн убада беришин айтты.

– Андай болсо бул сөздү Балтабай укпасын. Балтабай болсо Чыныбай менен өлөр өлгүчө кас болуп кармашып жүрдү. Эми Чыныбайдын атынын эки күндүк тери калыптыр дегенди укса ого бетер элди күүлөп чатак салат. Бул сөздү укпасын, андан көрө бизге Сарыбай бай эркелеп калыптыр, ошондуктан элге Сарыбайдын уйкусу канбай калыптыр, жана бир күндүк жумушу бар экен деп гана коёлу.

Тышкы элдер ошону айтып гана кете берет. Агасынын ашында Сарыбайдын уйкусу канбай сандаган элди бугу тууган бир күнү конок кылган деп кийин эл оозунда болуп калсын – деп Кыдыр бул кеңешти айтып үйгө киришти.

Бул сөздү угуп кемесиалар үйездерди кантебиз дешти. Орустун кыргыздын ашы менен эмине иши бар, этин жеп, арагын ичип, бата берет да ар бир үйез башына бир миң сомдон акча, экиден окшош кур ат берели. -Шабдан баатыр менен Тезек төрөгө андан арбыныраак берели. Эл-элиңди токтотуп бер дейли – деп Кыдыр бул акылды чыгарды.

– Маакул баатыр, бул тууралуу эмине болсо да сиз билиңиз – деп бардыгы Кыдырга беришти. Бирак Телегейдин келишин Садыр, Баатыркан, Кыдырлардан башка эч ким билгени жок.

– Шааркан байбиче, чыгданыңдын оозун ачып бул кишилерге канча алса да акча бер! – деди Сарыбай бай. Шааркан туруп миң сомдон кылып боолап койгон акчадан он миң сомду алып берди. Эки боз ат, эки кара ат, эки сары ат, эки тору ат кылып жыйырма кур атты алып келип Сарыбай кемесиалардын колуна берип атты бүрсүгүнү чапмак болуп Сарыбай Телегейге берген убадасына жетти.

Сегиз үйезге сегиз миң сом экиден он алты кур атты берип экиден мыкты кишини жөнөтүп бир миң сом акча эки сары атты берип Тезек төрөгө Садыр акени узатты.

– Эми баарыдан кыйын иш бар Шабдан баатыр эле буга ким барат деп туруп бир миң сом акча эки жээрде ат бир дейилде жапкан ак төөнү жетелетип Сарыбай бай, сен өзүң бар. Башында ишиң бар жана журтка эрке кишисиң, Шабдан баатыр сизди кыйбас, башкабыз барсак Баяке деген ачуулуу кишиси бар, уруудан кайра тартпайт – деп Сарыбайдын өзүн жиберди Кыдыр.

Бул малдарды акчаны алып Шабданга Сарыбай өзү барса:

– Бул эминең, Сарыбай бай? – деди Шабдан.

– Бул сизге алып келген тартуум баатыр, бир күндүк сарамжалым калып калган экен, эртең ат чабылат деп жаңылыш жар чакыртып койгон экенбиз. Ат бүрсүгүнү чабылсын деп сизден сурап келдим. – деди Сарыбай. Көк быштынын терин аксамындатып жуудуруп жаткан Баякени чакыртып алып Шабдан баатыр Сарыбайдын суранып келген сөзүн айтып берди.

– О, атаңдын оозуна чайын атты тердеттирип коюп бокту жеп баландай эле деп келип олтурат. Андай болсо мен ат чаппаймын, Шабдан, сен бугу болом десең мында кал. Солто, Сарыбагыш керек болсо аттан. Бул катын бугунун кылып турган ишин көрчү – деп Көкбыштыны көздөй Баяке басып кетти. Шабдан көпкө чейин унчукпай олтуруп:

– Эми Сарыбай тууганым, бул алып келген акчаң, малдарыңды мен Солтонкулу байдын ашына кошкон кошумчам. Биз ат чаппай эле кетели. Бирак бугу, саяк жолдоку элге зыян кылдырбай кетейин. Бүргүсүнгө токтой албайбыз – деди Шабдан. Сарыбай жаман ыза болуп алып барган малын, акчаны таштаган бойдон аттанып алып кетти. Барса үйездерге, Тезек төрөгө барган элдер жайлашып тартуусун берип бүрсүгүнү ат чабылсын деп убада кылып келишиптир. Сарыбай:

– Ой, журт, мен Баяке кулдан жаман сөз угуп уят болуп келдим, мага жалгыз мал калтырбай керек кылсаңар да ушул уят болгон өчүмдү Шабдандан алып бергиле! – деди.

– Келе, Эсенаман байдын кула кашка атын алып кел мен өзүм барам Шабданга ушунча журт анын бир Баяке кулундай көрүнбөсө мен ал Жантайдын уулу менен кырылышып келейин – деп Эсенамандын кулакашка атын минип алып, бир кишини жолдош кылып Садыр аке жөнөдү. Бирак кулакашка аттан башка ат Садырды көтөрүп чуркай албайт эле.

Садыр аке төтө жолго салып Шабдандар жаткан айылдын чет жагы менен өтө коюп барса, алтымыш казак орусун аткарып алып калың Атаке, Сарбагыш элин дүңгүрөтө аткарып Баяке элдин алдына түшүп жөнөп калыптыр. Шабдан баатыр болсо жайыраак бастырып элдин аркараак жагында баратканын көрдү Садыр. Туурасынан чыгып алдын торой бастырып элден башкача коңур катуу үнүн салып:

– Ой, Жантайдын уулу, бугу, сарбагыш бир тууган элек го. Кылжыр тукуму аш берсе тартуууга саяк кетет экен го. Мына мен башымды тарттым – деп кула кашка аттан кыйшайып түшүүгө оңтойлонду.

– Ой, Садыр аке, ой, айланайын Садыр аке түшпөңүз аттан, түшпөңүз. Аягыңызды жерге тийгизбеңиз! – деп Шабдан баатыр атынан түшө калып ылдамдык менен келип Садырды жерге түшүрбөй колтуктап кайра түзөтүп коюп өз атына минди.

– Э, Шабдан, тогуз үйездин эли баш кошкон жерде бир кулуңдун тили менен аттана качып олтурсаң сен үчүн кандай касиет деп ойлойсуң? Же Жолболдунун тун уулу Садырды тартууга алайын деп аттандыңбы? – деди Садыр.

– Ой, айланайын, Саке, андай деп айтпаңыз, бугу сарбагыштын ортосунда Казы-Курттун тоосундай калың адам элеңиз, сиздин кусуруңузга калбайбызбы, мындай сиздин катышаарыңызды билбей эле Баяке катуу капа болгонунан аттана калып сизге жаман уят болуп калбадымбы,– деп токтоло калган элдин алдында бараткан Баякеге киши чаптырып чакыртып келди.

– ‘Баяке баатыр, мени Садыр акеге уят кылып салдың го. Бугулардан киши келсе тилин албайт элем. Жүрү кайра тарталы, көп болсо ат байгеден артта калар – деп Шабдан кайра тартты.

– Ой, Шабдан, мен барбайт элем атты эртең чаппаса бугу менен соо калышпайм го. – деп Баяке бастырбай бир топ эл менен токтоп калды эле Садыр карай салып:

– Ой, Баяке, көпчүлүктүн ишин көсөөр кул бузат дейт, бери бастыр. Береги Шабдан деген киши кыргыз элине үзүлгөндү улаган, сүзүлгөндү жамаган киши болсо, сендей кулдун сааты менен хан башын кара кылып аттанып олтурат. Атың байгеден чыкпай калса оокатың кечпей калат беле? – деп Баякени жемелеп, Садыр аке буларды жаткан үйлөрүнө алып барып түшүрүп, атты бүрсүгүнү чапмакка макулдашып келип, баякы таргуу малдарды, акчаны берип кайра келди.

Садыр акенин Шабданга кадырлуу экенине жана өтө бардаштуу эрдигине эл көп кубанып:

– Ээ, Саке, жанакы өзүңүз барып келген Тезек төрөнүн элинен чатак чыгып жатат дейт го, биз барсакпы деп сизди күтүп турдук – дешти кемесиалар.

– Ой, жолуң болгурлар, мен өлгөндө мени күтүп оокатыңарда кылбай олтура бересиңерби? Жүрү Тезек төрөсүнө барып бейбаштык кылган казакты көрө коёлу. – деп Садыр аке Кыдыр экөө жылдыз чыга Тезек төрөгө барышты.

– Ээ, Тезек төрө, казак, кыргыз капыр бусурманга калыс, оозунан чыккан сөзү курандын сөзүндөй деп жүрсөк казагыңды тыйып койбой кайрадан чатак салып, мал кармап союп жатат дейт, өзүңдүн кайындарың Төрөтайдын төркүндөрү болсо, Солтонкулу байдын

малына талаан койдурасыңбы? – деп Садыр аке кадимкидей өкүм сөзүн айтып Тезек төрөгө катуу сөздөрдү сүйлөдү.

– Ой, ба бау, Саке, солайбы, эси жок казактардан азаулак шатак шыгып жатыр деп ситип казак орустарымды эртип алып өзүм барып эдим манау биздин кудайаткан кызыл бөрк деген бейбас эл болады бир жүз сексен биени кармап союп жеп берипти. Үш казактың атынын сойнун сыяттырып жиберип барыңды кырып саламын дегенимде кызыл бөрктөрдүн айласы кетип бары да аттан түшүп жылап алдыма келди гой. Бир жүз сексен биени эртен мен күн шыга электе төлөп берейик. Мынан ары шатак шыгарсак түк коймай барымызды кырып сал, төрөм – деп сооласты гой Саке. Ол жумусты сизден бурун ак тындырып отурмун гой. Төрөтай байбише мен төрөнүң көзү тирүү турганда бул казак, бугу тууганга тас аталмайды гой – деп Тезек төрө домбурасын колуна алып «Сакем мен Кыдыр мурзага арак куюңдар» – деп өлөңүн айтып жата берди:

«Баласы Абылайдың Тезек эдим,
Басынан жортту жеген кесеп эдим.
Казактың каны болдум ошу туста
Кудайдың берип турган кезеги эдиң.

Кыргыздың Садыр аке, көзөлү эдиң
Чалкар көл, шоң дайраның өзөгү эдиң.
Атагың Солтонкулдуң журтка жайган
Ак калпак баатыр кыргыз өзү медиң.
Бастым гой кызыл бөрктү дым шыгармай
Баска эмес маңдайымда көзүм эдиң» – деп тууганчылыгын көрсөтүп Садыр менен Кыдырды Тезек төрө аткарып жөнөттү.

Эртеси элди томсортуп коёбузбу деп эр сайыш, эр оодарыш, балбан күрөш, жылаңач чабыш, аркан тартыш, жамбы атыштар болуп кеч киргизип, элди алаксытты. Төө чечмей деген оюнду бул Көл элинен Чыныбай башта эле калтырып койгон эле. «Төө чечмей оюнду кылалыбы, жокпу?» – деп сураганда Тезек төрө менен Шабдандар дагы жаратпай койгон. Кыскартып айтканда Солтонкулдун ашында казак, кыргыз болуп беттешип төрттөн баатыр чыгарып сегиз киши бир сапар сайышкан. Ал мөөрөйдү саяк уругунан Алагөз деген элден Каракуйруктун уулу Букар баатыр алган. Байгеси кырк жээрде бээ

эле. Жана бирден беттешип беш жолу эр сайыш болгон. Сегиз жолу эр оодарыш болгон, он сапар балбан күрөш, үч сапар жамбы атыш болуп башкалары күн сайын боло берген. Үч күнү удаа.

Ошентип эртеси ат чабылат деп коо бузган чоң күлүктөрдүн баарысын устарадай бүлөп Сарыбайдын миң жылкысын алсак деп көзөм күлүк аттуу элдер топ-топ болуп аттарын кырып-жышып кай бир заяпкерлер күлүк атын таң атканча жетелеп жүрүп таң атырды. Таңдын эре-сересинде бардык элдер аттанып каранардын кайкысына жыйылып күн чачыраар чачырабаста аттын алды чубатууга кирди.

Болуш башына бирден киши ат айдамак болуп жана Каракол үйөзүнүн биристабы баштап алты миң беш киши ат айдады.

Казак эли Чай буурулга карата бир чакырым жерге он бештен киши коюп, Шабдан баатыр бир чакырым жерге төрт кыргыз бир салдаттан коюп, бардык кишилеринин сол колуна ак жоолук байлап салдаттарына чоочун киши атка жакындаса атып сал деп тапшырып өзү төө сайган жерден атты коё берүүчү жерге чейин сүрөөнчүлөрүн тескеди. Ысык-Көлдүк он алты болуш эли жалпы баш кошуп күлүк аттарынын баарын сынап көрүп «кайсыл атты сүрөйлү?» – деп картайып калган Жаныбектен сурады. Жаныбек бай камчысынын бүлдүргүмүнө байлап алган түлкүнүн куйругу менен көзүнүн жашын сүртүп алып чубатууда аттардын баарын көрүп келген болучу. Ал чубатуудагы аттардын Шабдан алып келген Көкбыштыны гана «ушунда шек бар» деген.

«Бирак жер алыс болсо кантээр экен үзө сууп калыптыр жаны чыгып кетмейинче чуркаганын жазбас» – деп айткан. «Казактын Чайбуурулу түз жерде үзө чуркап келип жөлөнгүдө ичи көөп кетпесе ушул шектүү ат экен, бирак эртерээк отко коюп шүүдүрүм чөптү көбүрөөк жеп койгон экен» – деп айткан Жаныбек.

Жанакы чубатууда көрүнбөгөн үчүн «Ой, берeги кимдин аты?!» – деп көкүл, куйругу шүйлүлүү сыртына жабуу салып койгон аркар шыйрак нардай болгон Торатты сурап: «Бери тарт!» – дегилечи, балдар? – деди Жаныбек. Ат чапкан баланы чакырып: «Ой, бала, бери, мындай туу тарт!» дешти турган элдер.

– О, бул кимдин аты, балдар? – деди Жаныбек.

– Бул Чыныбай баатырдын Тору аргымагы эмеспи, Жанык е,– дешти.

– О, атаңдын көрү оой, байгенин ээси мында турбайбы.

– О, муну ким байлаган экен?

– Мунун заяпкери бар. Деги Телегей эле байлайт го, Жаныбек.

– Бали-бали! Чыныбай кулдун арбагын бир көтөрөт экен го.

– Ээ, Баатыркан, бул Карач экөөң не Чыныбайдыкындай катын албайсыңар? Карачы ат таптаганын! Баракелде! Муну сүрөбөй эле «Тилекмат! Тилекмат!» деп эле аркасынын кыйкырып берсеңер болот. Бул ашта байгени мындан башка жылкы албайт го. Бугу, жылкың өрүшүндө эле калат экен – деди Жаныбек. «Аргымактан башка атты сүрөбөйлү» деп жалпы бугу элинин баары коолу кылышты.

Каранардын кайкысына байге токтоп Тасма ылдый айдап Жыргаланды кечирип Жети-Өгүздүн сайынан өткөрүп атты коё бермек болуп айдап кетти. Кеч бешимде ат келатканы көрүндү.

Торкашка аргымак келип эс алып калгандан кийин Көкбыштынын жүгөнүн алачаап келип бирден кийинки алты жүз жылкыны алды. Чайбуурул болсо күн батаарга жакын экинин артына болуп желип, бесип тура калып келди.

Байгедеги жыйырма беш аттын эн акыры эл ашын иче келди бейм.

Ал ашта казак, кыргыздан жана башка улуттардан болуп үч жүз элүү беш ат чабылып он жети ат өлдү деп карыялар кеп салат эле.

Солтонкулдун ашы ушундай болгон дешет. Солтонкулдун ашында Жүрүмдүк уулу Карач, Шумбаланын уулу Бекболот, Чиркей, Кенжебай, Кырк Алматай жана көп кишилер олтуруп:

– Ээ, Карач аке, бул кыргызда мындан чоң аш болгон эместир? Мындан ары да боло албайт го? – дегенде

– Ээ, Кенжебайым, кыргызда мындай чоң аш болгон,– деди Карач.

– Кимдин ашы? – деп олтургандар сурашты.

– О, кокуй ой бул Бекболот экөөбүздөй кулдарын 4 кошо сайып эле Солтонкулуңдун ашы теңелбесе тынымсейит Алыкенин ашына жетпейт – деген.

– Ал кандай эле? – дешти.

– Анын бардык иштерин айтып келип бир миң үйгө бир миң чанач насыбай илдирип койгон дегенде,

– Насбай тургай чай таба албай жатса... – деп Бекболот туруп басып кеткен дейт.

## X. МУРЗАКУЛ БЕКТИН ТОЮ

Падыша заманында кыргыз элинин алдыңкы катардагы бай кишилеринин бири болуп эсептелген кыпчак уругунан чыккан Кошу датканын уулу Мурзакул бек деген болгон. Бир убактыларда Мурзакул бек Маргаланга барып калат. Маргалаңдын шаарын аралап жүрсө бир чоң медресенин бузулуп калганын көрөт. Көчөнү аралап бир аз жүрүп Маргалаңдын бектери, байлары жана казыйларынын чайканасына барып чай ичип олтурса, маргалаңдыктар топтолушуп олтуруп соода – сатыктарын айтып кеп салышып олтуруп Мурзакулбекти карап:

– Ээ, кыргызбай, кай жерден келдиңиз? – Айдаган малыңыз да барбы? – деп сурашат.

– Коргон-Төбөдөн келдим. Айдаган малым жок.

Шаар көрөйүн деп гана тамаша кылып келип калдым эле,– деп Мурзакулбек жооп берет.

– Аа, кыргыз дагы тамаша кылып, пул зарп кылышка жарайбы? – дешет.

– Аа, кыргыз деген эл тамашакөй жана жоомарт эл болот дейт.

– Аа, кыргыз эмине жоомартлык кылат?– деп сурашат өзбектер.

– Мен кыргыздын жоомарттыгын бирден айтып турайын, силер жаңылбай санап тургула! – дейт Мурзакулбек.

– Кана, кана айтыңызчы!? – деп Маргалаңдын байларынын бири Алымжан бай колунун бармагын оңтойлоп.

– Кыргыз эли бир киши, эки киши консо дагы бир коюн союп, бардыгын казанга салып айыл-апасын чакырып алып бүт бойдон жеп кетишет. Куда-сөөк, дос-тамыры келип калса он күн, он беш күн жаткырып салып, күнүнө бирден кой жана тай кошуп союп сыйлап, ат, төө, жүздөгөн кой, он-он беш деген байтал берип узатат. Эри үйүндө жок аялдары болсо да мейманды куубайт. Дубанага кой берет. Календерге тон берет. Мусаапыр-карыпка катын алып берет.

Шаарлардан барган соодагерлерге «соодаңдан билип бере бер» деп ат, өгүзүн, кой, эчкисин, ала кийиз, шырдагын бере берет.

Мечит, медресе салып, көпүрө салып, жол оңдоп, кудай үчүн пул зарп кылат. Бай адамдары кедейлерге ат-улоонун күчүн бир жылдан он жылга чейин берет. Кол кайыр-сакабатты көп берип, эл үчүн, найза

үчүн, малын, жанын аябай кызмат кылат. Аш, тойлорду шаар калкынан абзел өткөрүп, көп малдар карабаттайт,– деди Мурзакулбек.

– Аа, аа, элет калкы малдуу жана меймандос болот экен. Бирак тоонун арасында көчүп жүрө берет экен. Мечит, медресени салган менен жамагатка чогулуп келиш кыйын болсо керек? Мен илгерирээк бир барган убактымда беш үй, төрт үйдөн болуп ар бир тавнын түбүдө атларын, кой, сыйырларын саап айран, кымыз кылып ичкенлерин көрганман,– деди бир ак сакал адам.

– Аа, аксакал, силердин көчпөй олтуруп салган медресеңер бузулуп жатканын көрдүм го. Силер алды-саттыны сүйлөшүп бүткөнчө ошол медресени мага берсеңиздер, кудай үчүн мен бүтүрүп коёюн? – деди Мурзакулбек. Маргаландыктар тажикче тил менен сүйлөп ар кимиси өз ойлорун айтып олтуруп -акыры: «Жалгыз кыргыз эмнени бүтүрөр дейсиз, убара болуп бир топ чыгымданып таштап кетет да, «маакул ошол медресени сага бердик» деп коёлу» – дешип:

– Аа, кыргызбай, жоомарт болсоңуз ошол медресени бүтүрүп коюң. Мына сизге бердик – дешти. Тажикче сөздөрүн Мурзакулбек өзү дагы жакшы түшүнүп олтурган эле. Ордунан тура калып олтургандардын алдына бир миң сом акчаны койду да ушул медресени кандай кылып бүтүрсө да Кошу датканын уулу Мурзакулбекке бердик дедирип үжет кат алды.

Кыргыздын намызын кетирип малдуу болгунча канча пул зарып кылып карыштасам да медресени бүтүрөйүн деп күндөп-түндөп Коргон-Төбөгө барып көп союш малдарды айдатып тездик менен Маргаланга келип кырк кой, беш өгүз, бир бээ союп, отуз чейрек күрүчтү палоо жасатып кудайы-аш кылдырып кожо, молдо, эшен, калпаларын бүт чакырып алып миң чамалуу адамга даам берди. Өзү Коргон-Төбөгө кетээрдеги акча өткөрүп кеткен кишилеринин таярлап койгон бышык кирпич жасалган таштарын эшен, кожолорго көрсөтүп «Кана эмесе, таксырлар, медресени түптөңүздөр» – деди. Ошончо көп адамдан медресени түптөшкө бир киши чыккан жок.

– Кана, эшендерим, медресени түптөсөңүздөр экен деп үч сапар айтса да эч бир адам «мен түптөйм» – деп чыкпады.

– Аа, эмесе ушунча адамдын пакыры өзүбүз экен да деп эки этегин белине кыстарынып шымаланып алып Мурзакулбек өзү барып медресени түптөй баштады.

Медресе түптөштө бир иш бар экен го:

Мындайча энеден туулгандан бери адамдын акысын жебеген, жетим-жесирге азар бербеген, жалган сөз айтпаган шарыяттын айтканын кылган, жамандык жолго баспаган абдан таза киши болуу керек экен. Ошондуктан бир адам чыкпаган экен. Ал ишти Мурзакулбек өзү да жакшы түшүнөт экен. Медресени бир сыйра түптөп болуп усталарга өткөрүп берген Мурзакулбек. Сегиз бөлмөлүү, кырк ужрасы менен медресе алты айда бүттү. Алты ай бою усталарга акысынан тышкары он кой, эки чейрек күрүч, күндөлүк азык берип турду. Медресе бүтүп болгондон кийин кыргыз, өзбек дебестен кайдакы ата-энеси жок, багар-көрөрү жок жетимдерден төрт жүз жетим баланы Мурзакулбек өзү чогултуп келип өжүрө башына ондон баланы коюп идиш-аяк, төшөнчү менен жабдып койду. Ар бир өжүрөдөгү балдарга ай сайын эки чейректен күрүч, бирден уй союп азыгын жана чырагынын майын берип турду.

Балдарды окутчу молдолорун жана медресенин түрлүү керек-жарактарын бүтүрүп болгондон кийин Маргалаңдын элин жана Коргонтөбөлүк өзүнүн элин чакырып медресенин тоюн бере баштады.

Миң чейрек унун нан жасатып, миң чейрек күрүч, төрт жүз чейрек жер-жемиш, бир жүз өгүз, эки жүз кой союп тойдун тамагын берип, мусапыр, карыптарга жүз чапан, эки жүз дилде назир кылып берди.

Көпчүлүктүн тамаша көрөбүз деген сүрөөсү менен улак тартылып, эр эңиш, балбан күрөш, ар бир тамашалар болду. Ар бир улак алып келип таштагандарга төрт танап жер, бир кош өгүздөн берип турду. Балбан күрөштө өзбек кыргыз болуп беттешип, күрөшүп, муңгуш Садыр балбан жыкты. Байгесине эки ат, бир кош өгүзү менен алды. Андан кийин Кожент, Фергана, Маргалаңдын балбандары Садыр балбанга чыкпай коюп, күрөш токтолду. Эр оодарышта кыпчак Акбалбан чыгып өзбек Тайыр балбан менен беттешип, Тайыр балбанды аттын жалына коюп алып, элди бир айлантып келип таштады Ак балбан. Байгесине төрт танап жер, жүз дилде алтын алды. Бирак Ак балбанга кыргыз эли өтө ыраазы болгондуктан бир жүз ашык чапан, беш жүзчө сом акча байгеден тышкары беришти. Эки жүз терек, он эки түп өрүгү менен беш жүз танап жерди асылын медресеге жана окуп жаткан жетим балдардын пайдасына уакым кылып берди. Беш жүз танап деген жер – эки жүз гектар болот эле.

Ушул аңгемелер менен Мурзакулбек медресенин тоюн таратып, ушул медресенин чөйрөсүнөн короо- жайларга ээ болуп Маргалаңдан жер-суулуу болуп кайтты.

Жана бир убакта «Мурзакулбек той берет экен» – дейт деп Фергана, Губүрнасинин эли Ош, Анжиян, Жалал-Абад үйөзүнин элдери угуп камына башташты. Мурзакулбектин Коргон-Төбөдөн алган өзбек катынынын баласына той берем деп жогоруда айтылган элдерге кабар бергендери чын болучу. Жана кытай элинен кашкарлык чоң багыш жоон деген элдерге да кабар жетип эсепсиз көп элдер келип жатышты.

Бул тойго Мурзакулбек жети күнү конок аламын деп жар чакыртты. Алыс жерлерден тойго келген аялдарга отуз үй тиктирип сыртынан тегерете жыгачтан коо жасатты. Атчан элдер чаңдатып аралай чаап жүрбөсүн деп жана үйездер, болуштар – бир топторго той берген жерден обочо отуз үй тиктирип, ашмачыларын жанына бөлүп койду. Той берилип жаткан учурда Маргалаң, Кокон, Анжияндардан беш жүз араба менен ун, күрүч, кездеме, чапан, жер-жемиштер тартылып турду.

Дарчылар ойноп, бардык тамашалар күн сайын болуп жатат. Өзбек, кыргыз болуп беттешип, беш сапар чоң күрөш болду.

Той болот экен дегенден бери өзүн өзү таптап буудай майлатып жеп, чалап ичип, арканга жатып, бир убак таш көтөрүп этин жанчып кыяпталып жүргөн муңгуш Жылгелди Садыр балбан эки сапаркы күрөштө балбан жыгып, ар бир күрөштө сайылган байгесине күмүш килем жапкан бир төөдөн алып турду. Жана бир сапаркы күрөштө таздар Тай чабар балбан чыгып дагы ушундай байгени алды.

Эки сапаркы күрөштө өзбек элинен келген Турсуналы наз менен Эргеш балбандар жыгып жанакыдай байгени алышты. Беш сапар эр оодарыш болуп төрт сапаркы оодарышты кыргыз балбандары алып, байгесине бир аттык арабага толтура кездеме салынган күмүш жабдыктуу аргымагы менен алышкан. Бир сапаркы оодарышта өзбек Сабир балбан менен кыргыздан басыз Жыгач балбан алыша албай жөө күрөшүп дагы алыша албаганда байгесин бөлүп беришкен.

Улак тартууда ар бир алып келип таштагандарга бир ат жана кокон теңгеси аралаш бир табактан шуруну каптан сузуп берип турган. Төө чечмейди болсо Төлөбек бото бийдин ашында бул оюн эң бир уят,

маскарачылык оюн экен деп бүткүл түштүк кыргыздан суранып Мурзакулбек өзү койдуруп койгон болучу. Бекбото бийдин ашынан кийин төө чечмей болгон эмес. Беш күн бирдей жамбы атуу, дарчы ойнотуу, көз таңмай, аркан тартыш, тыйын эңиштерге окшогон тамашалар өксүбөй болуп жатты. Алты күнү элди коноктоп жатып беш күнкү тамашасын татыктуу өткөрүп болгондон кийин эртең ат чабылып, эл тарайт деген жар чакырылды. Атты конолгого чапмак болуп бир күнү мурда аттардын ээсин өңү-түсүн каттап ээрине тамга басылды. Бардык байгеге чабылган ат эки жүз жетимиш ат болду. Кырк беш атка байге сайылган.

Аттын баш байгесине үзүк, туурдугун, кундуздаган, босого каалгаларын күмүштөгөн, түндүгүн көр чегелеткен жүз баштуу манат чапкан бир үй, бир жүз ат сайылган. Аягы – кырк бешинчи атка кымкап жапкан бир ат сайган. Жалал-Абаддан келген Сары болуштун Жээрде аты чыгып келип ушул байгени алган.

Бул тойду уккан жана көргөн элдер «кыргызда мындан чоң той болгонун уккан да эмеспиз жана көргөн да эмеспиз» деп тарашкан экен.

Мурзакулбектин уруусу кыпчак болгон. Жыйырма алтынчы жылда Жалал-Абаддан алты жүз ирик койду сатып алып, Кара-Суу базарынан өтүп, талаа менен айдап баратса алдынан отуздан ашуун басмачы чыгып, кой айдаган эки-үч кишини көздөй чаап келишет.

– Ээ, мурзалар, жол болсун! Кайда баратасыңар?:– деп Мурзакулбек басмачылардын алдын тосо бастырып келет.

– Ээ, бай, бул кимдин кою?– дешет басмачылар.

– Кой менин коюм. Мен кыпчак Мурзакулбек деген киши болом.

– Сен Мурзакулбек болсоң биз менен жүрү, койлоруңду жолдошторуң айдап кетсин. Бизге башчы бол. Болбосо өлтүрүп, малыңды алып кетебиз,– дешет.

– Аа, силер эмне иш кылганы топтошуп жүргөн кишилерсиңер? Абал өз ишиңерди айткылачы?– деп Мурзакулбек дагы сурайт.

– Биз мусулман аскерлерибиз, балшебектер менен кармашабыз,– дешет алар.

– Аа, силер кедей өкматына моюн сунбаган, көпчүлүктүн коомунан баш тарткан өмүрү кыскалардан экенсиңер. Бадыша заманында кандай мансапта болгонсуңар? Силерге мусулмандык керек болсо

киши өлтүрүп, мал талап аласыңарбы? Силердин араңарда болмок тургай жакын турбаймын,– деп атын моюнга чаап, бура тартып, коюн таштап, жолдошторун чакырып алып, Мурзакулбек үйүнө кете берет.

Жыйырма экинчи жыл. Өкүмат кызматкерлеринин тийиштүү адамдарынан чакырып алып, өзүнө караштуу короо-жайы, мал-мүлктөрүн, алтын-күмүш, жер-сууларын, бак-дарак, өсүмдүктөрүн, элүү тегирмен, жыйырма беш жубазын, сарай, дүкөндөрүн бүт бойдон өкүмөткө өткөрүп берип, өзү салып алган Азирет-Айыптагы үйүн сурап алган. «Жашап туруугa, ушул Азирет-Айыптагы үйүмдө аз калган өмүрүмдү өткөрөйүн» деп. Кийинки убактарда Жалал-Абадда жүрүп, отуз биринчи жылдарда Азирет-Айыпта, жайында дүйнөдөн кайткан. Мурзакулбек дүйнөдөн өткөнчө өкүмат тарабынан кыйла жардамдар алып турган дешет.

**Жазып бүткөнү 1947-жыл 21-февралда.**

# ТҮШҮНДҮРМӨЛӨР

***Омор СООРОНОВ.* Көп кырдуу талант. Элдик мурастарды жыйнап, ийине жеткире иштегендердин чыгааны** (Кириш сөз).

## БИРИНЧИ БӨЛҮК

***(Эпос)***

## I. МАНАС

**Көкөтөйдүн ашы. Мааникердин окуясы.** Басма бетине биринчи жолу жарыяланып атат. Кыргыз Республикасынын Илимдер Академиясынын Кол жазмалар фондусунан алынды. (Мындан ары «КР. УИА. КФдан алынды» деп беребиз). Инв. №181. Араб арибинде. Көчүрмөсү да бар.

## II. СЕМЕТЕЙ

1. **Семетей жетим калып, Букарга барышы.** Басма бетине биринчи жолу жарыяланып атат. КР.УИА.КФдан алынды. «Манас» бөлүмү, Инв. №182. Араб арибинде.

2. **Семетей баатырдын Таласка келип, Манастан калган мүлктөрүн алып жаткан жери.** Басма бетине биринчи жолу жарыяланып атат. КР.УИА.КФдан алынды. «Манас» бөлүмү, Инв. №183. Араб арибинде.

## ЭКИНЧИ БӨЛҮК

*(Даректүү баяндар)*

## III. КӨКӨТӨЙ ЧЕЧЕН

Актан Тыныбеков жазган **«Көкөтөй чечен»** жөнүндөгү тексттер 18 бөлүмдөн туруп, ар бири өзүнчө аталыштарга ээ. Алардын төртөөнү («Көкөтөйдүн балалык кези», «Көкөтөйдүн жол чапканга барганы», «Көкөтөйдүн Ырыскул болуш өлгөндө өкүрбөй койгону», «Көкөтөйдүн акыркы сөзү») Филалогия илимдеринин кандидаты, доцент Турдубай Абдыракунов «Ала-Тоо» журналынын 1980-жылдагы №7 санына «Көкөтөй чечен» деген баш сөзү менен жарыялаган, бул «Көкөтөй чечендин сөздөрүнүн» биринчи басма көрүшү болуп саналат. Калган 14 бөлүгүн араб арибинен азыркы тамгага көчүрүп, 1991-жылы чыккан Актан Тыныбековдун «Актан» деген китебине жарыялаган элем. Бул китепке КР.ИА.КФдагы №105, №115, №259, №517 папкалардагы тексттерден алынып, араб, латын арибтеринен азркы тамгага көчүрүлүп жарыяланды. Бул Актандын «Көкөтөй чечининин» 2-басылышы болуп саналат. Толук түрүндө алгачкы жолу 1991-жылы «Актан» китебине кирген.

## IV. КӨКӨТӨЙ ӨЗҮ КИМ БОЛГОН?

***(Актан Тыныбековдун «Кыргыздын улуттук оюндары» деген жазмасында эскерген «Көкөтөй» деген поэмасы)***

Бул текст Актан Тыныбековдун кол жазмаларынын ичинен жаңы «табылды». КР УИАнын Кол жазмалар фондусундагы материалдардын ичинен №517- инвентардагысы №1 жана №2 деген эки папкадан турат, экөө бириктирилип, атайын жасалган бир чоң папкага салып коюлган. Тексттер жалаң араб, латын ариптеринде жазылгандыктан, Ж.Таштемировдон башка эч ким ачып да көрбөгөн. Ошондуктан бул папкаларда «Көкөтөй өзү ким болгон?» деген ыр менен жазылган чыгармадан башка да бизге белгисиз чыгармалар болушу сөзсүз

ыктымал. Анткени бул материалдар илимий сыпаттамага алына элек. Тексттер ыраатка салынбай, беттелбестен аралаш-куралаш боюнча. Көпчүлүгү калем менен жазылган, окууга мүмкүн болбой өчүп бараткандары да көп. Жогоруда аталган чыгарманын табылышына автордун: «1940-жлдан бери Кыргыз жазуучуларына мүчө болуп, колдон келишинче, чыгармаларды берип турамын. Жана Кыргыз Илим Изилдөө бөлүмүндө да (Тил жана адабият институтун айтып атат) «Көкөтөй», «Таша Кудаш» деген эки поэма кол жазмаларым 1941-жылдан бери ужутка ашпай жатат» деген, 1946-жылы жазылган өкүнүч аралашкан сүйлөмдөрү мени издөөгө аргасыз кылды. Бул текстти табуу кыйынга турганы – аты белгиленип, поэма деп аталып жүргөн менен түпнускада булар көрсөтүлбөстөн эле: «Көкөтөйдүн кайсы жерлик, кайсы уруктан жана кайсы таптан чыккан, кандай кесип кылган, жана анын өңү-түсү, бой-келбети кандай киши экендигин белгилеп, бир аз сөз – ыр менен» – деген кара сөздөн кийин эле ыр башталып кетет экен. Чыгарманы баштан-аяк окуп чыккан соң гана Көкөтөй жөнүндөгү Актан Тыныбеков эскерип кеткен поэма экенине ынангандан кийин гана бул китепке кийирдим. Поэма жогоруда көрсөтүлгөн 517-инвентердын 1-папкасынан алнып, биринчи жолу бул китепте жарык көргөнү турат.

## V. КЫРГЫЗДЫН УЛУТТУК ОЮНДАРЫ

**1. Кыргыз элинин улуттук оюндарын жазып берүүчү адамдын кыскача таржымалы жана жазган убактысы.** Бул биринчи жолу араб арибинен көчүрүлүп, А. Тыныбековдун «Актан» (Б., «Адабият», 1991-ж.) деген китебине жарыяланган. Бул китепке ошондон алып басылды.

**2. Кыргыздын улуттук оюндары.** Бул да бининчи жолу «Актан» аттуу китепке жарыяланган. Бул китепке ошондон алып басылды.

## VI. ТЫНЫБЕКТИН ТАРЫХЫ

Бул текст да КР УИАнын Кол жазмалар фондусундагы №29 инвентардан алынып, «Актан» аттуу китепке биринчи жолу жарыяланган. Бул китепке ошондон алып басылды.

## VII. КОРГОЛДОЙДУН АЙТЫП БЕРҮҮСҮНДӨГҮ ТЫНЫБЕКТИН ТАРЫХЫНАН

Бул үзүндү (О.Соороновдун киришме сөзү, түшүндүрмөлөрү кошо) да КР УИАсынын Кол жазмалар фондусундагы №517 - инвентардан алынып, азыркы тамгага көчүрүлүп, биринчи жолу басылып атат.

## VIII. АЛЫКЕНИН АШЫ

Бул текст да аталган Фондудан алынып, азыркы тамгага көчүрүлүп, биринчи жолу «Актан» аттуу китепке жарыяланган. Бул китепке ошондон алып басылды.

## IX. СОЛТОНКУЛДУН АШЫ

## X. МЫРЗАКУЛБЕКТИН ТОЮ

Жогорку тексттер да биринчи жолу «Актан» аттуу китепке жарыяланган, бул китепке ошондон алып басылды.

# МАЗМУНУ

***Омор СООРОНОВ.***
КӨП КЫРДУУ ТАЛАНТ. ЭЛДИК МУРАСТАРДЫ ЖЫЙНАП,
ИЙИНЕ ЖЕТКИРЕ ИШТЕГЕНДЕРДИН ЧЫГААНЫ ........................................... 3

**БИРИНЧИ БӨЛҮК**
***(Эпос)***

**I. М А Н А С**
КӨКӨТӨЙДҮН АШЫ. МААНИКЕРДИН ОКУЯСЫ ........................................... 20
АШТЫН ЖАЙЫ ........................................... 24

**II. СЕМЕТЕЙ**
СЕМЕТЕЙ ЖЕТИМ КАЛЫП, БУКАРГА БАРЫШЫ ........................................... 38
СЕМЕТЕЙ БУКАРДАН ТАЛАСКА КЕЛИП,
МАНАСТАН КАЛГАН МҮЛКТӨРДҮ АЛЫП ЖАТКАН ЖЕРИ ........................................... 142

ТҮШҮНДҮРМӨЛӨР ........................................... 211

**ЭКИНЧИ БӨЛҮК**

**III. КӨКӨТӨЙ ЧЕЧЕН**

1. КӨКӨТӨЙДҮН БАЛАЛЫК КЕЗИ ........................................... 225
2. КӨКӨТӨЙДҮН ЖОЛ ЧАПКАНГА БАРГАНЫ ........................................... 235
3. КӨКӨТӨЙДҮН БАЙГАЗЫНЫ СӨЗГӨ ЖЫККАНЫ ........................................... 239
4. КӨКӨТӨЙ УЗУН УУРУ МЕНЕН ДОСТОШКОНУ ........................................... 247
5. КӨКӨТӨЙ ӨЗБЕК БАЙ ӨЛГӨНДӨ ЖАПАЙ МЕНЕН БАРГАНЫ ........................................... 259
6. КӨКӨТӨЙДҮН КУРМАН АЙТТАГЫСЫ ........................................... 269
7. КӨКӨТӨЙДҮН БАЙГЕ АЛГАНЫ ........................................... 278
8. КӨКӨТӨЙ КАРЫНДАШЫН УЗАТКАНЫ ........................................... 285
9. КӨКӨТӨЙ АЛА КӨЗ КАБАЛАРДЫ АШТАН КАЛТЫРГАНЫ ........................................... 294
10. КӨКӨТӨЙДҮН КАСЫМБАЙГА ЖОЛУККАНЫ ........................................... 305
11. КӨКӨТӨЙ МАЙМЫЛДЫ УЯТКАРГАНЫ ........................................... 310
12. КӨКӨТӨЙДҮН ЫСАГААЛЫНЫКЫНА ЧАКЫРЫК МЕНЕН
    БАРГАНЫ ........................................... 321

13. КӨКӨТӨЙДҮН ТЫНЫБЕК МАНАСЧЫНЫ КУТКАРГАНЫ ЖЕ САДЫР АКЕНИ СӨЗГӨ ЖЫККАНЫ....328
14. КӨКӨТӨЙ БИШПЕК, КАРАКОЛ ДУБАНДАРЫНЫН БАШ КОШКОН ТОБУНДА....335
15. КӨКӨТӨЙДҮН «ОЛУЯ» МЕНЕН КАРМАШКАНЫ....345
16. КӨКӨТӨЙДҮН КАКШААЛГА БАРГАНЫ....354
17. КӨКӨТӨЙДҮН ЫРЫСКУЛ БОЛУШ ӨЛГӨНДӨ ӨКҮРБӨЙ КОЙГОНУ....371
ҮРКҮН ЖЕ КӨКӨТӨЙДҮН АКЫРКЫ СӨЗҮ....382

**IV. КӨКӨТӨЙ ӨЗҮ КИМ БОЛГОН?**....391

**V. КЫРГЫЗДЫН УЛУТТУК ОЮНДАРЫ**

1. КЫРГЫЗ ЭЛИНИН УЛУТТУК ОЮНДАРЫН ЖАЗЫП БЕРҮҮЧҮ АДАМДЫН КЫСКАЧА ТАРЖЫМАЛЫ ЖАНА ЖАЗГАН УБАКТЫСЫ....400
2. КЫРГЫЗДЫН УЛУТТУК ОЮНДАРЫ....401

**VI. ТЫНЫБЕКТИН ТАРЫХЫ**....455

**VII. КОРГОЛДОЙДУН АЙТЫП БЕРҮҮСҮНДӨГҮ ТЫНЫБЕКТИН ТАРЫХЫНАН**....466

**VIII. АЛЫКЕНИН АШЫ**....473

**IX. СОЛТОНКУЛДУН АШЫ**....501

**X. МУРЗАКУЛ БЕКТИН ТОЮ**....515

**ТҮШҮНДҮРМӨЛӨР**....521

*Илимий-популярдуу басылма*

**«Классикалык изилдөөлөр жана тексттер»**
**сериясы**

# АКТАН ТЫНЫБЕКОВ

Араб арибинен көчүрүп, китеп кылып жасаган жана
Киришүүсүн, түшүндүрмөлөрүн жазган
*Омор СООРОНОВ*
Тех. редактору *Тилекматова Н.*
Корректору *О.Сооронов*
*Компьютерде терген С.Егембердиева*
Комьпютердик калыпка салган *Б. Өмүров*

Терүүгө 10.09.2018-ж. берилди.
Басууга 30.10.2018-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 70х100. 1/16
Көлөмү 33 б.т. Нускасы 500. Заказ № _____

«Принт-экспресс» басмасында басылды.